КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

УЛУТТУК ИДЕЯ АДАБИЯТТА

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр: А.Акматалиев, Г.Орозова, М.Садыров, М.Көлбаева

Бишкек – 2017

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А. Мусаев С.Ж.
Байгазиев С.О. Садыков Т.
Жайнакова А.Ж. Токтоналиев К.Т.
Маразыков Т. Эркебаев А.Э.

Улуттук идея – адабиятта. 1-том. Түзгөндөр: А.Акматалиев, Г.Орозова, М.Садыров, М.Көлбаева. – Бишкек: – 2017. 480 б

“Улуттук идея – адабиятта” деген 1-китепте “Манас” эпосундагы элдик идеялардын (мамлекеттүүлүк, руханий-адептик, патриоттук, мекенчилдик), идеологиянын көркөм чагылдырылышы, Ч.Айтматовдун чыгармалары менен карым катышы, фольклордук жанрлардагы улуттук идея, Кытай жазма булактары жана “Манас” эпосунун байланыштары, улуттук идеологиянын “Манас” эпосундагы башаттык көрөңгөлөрү жана искусствонун түрлөрүндө чагылышы өндүү бир катар изилдөөлөр киргизилди.

Бегалиев Сапар

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ЖАНА «МАНАС»

Ч Айтматов жана «Манас» аттуу олуттуу, маанилүү маселе өзүнчө кеңири сөзгө татыктуу, атайын илимий иликтөөнүн объектиси боло турган проблема. Биз айрым бир ой- толгоолоруна учкай токтолдук.

Ч Айтматов и «Манас» являются важными вопросами, которые заслуживают и ожидаются в специалъном масштабном исследовании. Мы остановились только на некоторые из них.

Ачкыч сөздөр: дүйнөлүк маданият, тарыхый окуялар, эпос, баатырдык эпос, сюжеттик, окуя.

Ключевые слова: мировая кулътура, исторические события, эпос, героический эпос, сюжетный мотив, событие.

«Манас» эпосу дүйнөлүк маданияттын жана адабияттын тарыхында көлөмү жагынан теңдешсиз монументалдуу улуу көркөм мурас. Кеп анын көлөмүндө гана эмес. Эпос кыргыз элинин тарыхында болгон зор тарыхый окуяларды көркөм баяндаган, мазмуну бай, көркөмдүгү бийик классикалык баатырдык эпос. «Манас» эпосу байыркы доордун олуттуу көрүнүштөрүн, кийинки эле мезгилдеги элдин тагдырын чечкен реалдуу тарыхый окуяларды көркөм баяндаган улуу сөз.

«Манас» эпосун илимий иликтөөнүн тарыхы бир кылымдан ашуун мезгилди камтып, манастаануу илими жаралып, калыптанып, өнүгүп өсүүдө. Манастаануу илиминин башатында Ч. Валиханов, академик В.В. Радлов өңдүү белгилүү окумуштуулар туруп, илимдин жаралышына олуттуу салым кошушкан. Ч. Валиханов «Манас» эпосун жогору баалап, кыргыз элинин турмушун бардык жагынан кеңири терең көркөм баяндаган энциклопедия десе, академик Радлов кыргыздар өзгөчө эле бир эпикалык доордо жашаган, түрк тилдүү элдердин ичинен баатырдык эпостун эң мыкты бийик үлгүсүн жараткан

жалгыз эл экендигин, бөтөнчө суктануу менен баса белгилейт. Калыстык үчүн белгилеп коюуга тийишпиз. Советтик доордо «Манас» эпосу элдин улуу, баалуу, барктуу көркөм эстелиги катары элден жыйналып, басмадан жарык көрүп, илимий изилдөөгө алынган. Академиктер Б. Юнусалнев, Ауэзов, В, М. Жирмунский Х. Карасаев өңдүү окумуштуулар, Т. Байжиев, 3. Бектенов ж.б. белгилүү окумуштуулар эпосту иликтөөгө олуттуу салым кошушкан.

«Манас» эпосунун тагдыры өтө татаал шартка кабылып, ага элдик эпос эмес, динди, баскынчылык идеяны даңктаган элге жат чыгарма деген түшкө кирбес шумдуктуу күнөөлөрдү койгон учурлар болгон. Бөтөнчө улуу манасчы С. Орозбаковдун вариантын бетке кармап кыйкырык сүрөөн чыгарып, «Манас» эпосун кыргыз элинин тарыхынан өчүрүүгө аракеттенишкен илимпоздордун ысымдарын эскербей эле коелу. Өткөн кылымдын 60-жылдары доорубуздун улуу жазуучусу Ч. Айтматов «Манас» редколлегиясынын башкы редактору катары «Манас» эпосунун мыкты варианттарын жаратышкан алп таланттар С. Орозбаков менен С.Каралаевдин айтуусундагы «Манас» эпосун жарыкка чыгарууда илимий изилдөөнү кескин жандандырууга өзгөчө салым кошкондугун атайын белгилеп коюуга татыктуу. Баарынан мурда буга чейин толук түрдө жарык көрө элек улуу манасчы С. Орозбаковдун «Манасын» басмадан чыгарганы татаал, чатактын чордону болуп келген. Сагымбайды актаганы, мактаганы, даңктаганы Чыңгыздын коркпой үркпөй иш бүтүргөнү баатырдык иш десек аша чапкандыкка жатпайт. Бирок Чыңгыздын бул баалуу, өтө олуттуу ишин туура, адилет кабыл албагандар да болгон.

Алыкеңди чоң таланттуу акын катары калың журт сыйлайт, урматтайт. Бирок «Манас» эпосуна карата айткан терс пикири чоң акындын оозунан чыга турган калыс адилет пикир эмес. Ч. Айтматов «Манас» эпосунун баш редактору катары кылган иштери пайдалуу, баалуу, унутулбайт. Ошону менен бирге эле Чыңгыз манастаануучу, окумуштуу катарында көп иш бүтүрүп, манастаануу илимине кошкон салымы да чоң сөз боло турган маанилүү, олуттуу маселе. Ч. Айтматовдун «Манас» эпосунун олуттуу, актуалдуу

маселелерине, улуу манасчылар С. Орозбаков менен С. Каралаевдин чыгармачышык өзгөчөлүктөрүн илимий анализге алган бөтөнчө мазмундуу, кызыктуу илимий макалалары бар. Ошол С. Орозбаковдун варианты боюнча жарык көргөн «Манастын» биринчи томуна жазган «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу» аттуу баш сөзүндө эпостун бир топ олуттуу маселелери, өзгөчүлүктөрү, манасчылык өнөрдүн сыры өңдүү илимий проблемалар козголгон. Илимий макалада Ч.Айтматов такшалган окумуштуу, манастаануучу катары өтө баалуу, далилдүү, илимий жагынан негиздүү ой толгоолорун билдирет.

Ч.Айтматов «Манас» эпосун Кыргыз фольклорунда алган ордун өтө жогору баалап өзүнүн терең мазмундуу оюн баса көрсөтүп: «...Кыргыз элинин мына ошол байыркы ата мурастарынын эң туу чокусу - улуу «Манас» эпосу дейт». «Манас» эпосунун тарыхый мааниси элдин тарыхы менен болгон байланышы, элдин башынан өткөргөн олуттуу тарыхы эпосто көркөм сүрөттөлүшү боюнча ар түрдүү пикирлер айтылууда. Айрым эпосту иликтегендер сүрөттөлгөн окуялардын изин, каармандардын жашаган доорун, деги эле чыгармада орун алган бардык көрүнүштөрдү тарыхый окуялар, тарыхый фактылар менен байланыштырып, реалдуу турмушта болгон окуя катары көрсөтүшөт.

«Манас» эпосу жазылып калган тарыхтын көчүрмөсү, жыл намэ эмес экендигин эске алышпайт. Баарынан мурда көркөм чыгарма экендигин, болгондо да баатырдык элдик эпос экендигин эске алгысы келишпейт. «Манас» эпосун тарых менен болгон байланышы жөнүндө Ч.Айтматовдун өзүнүн негиздүү, адилеттүү илимий жагынан туура пикири бар. Ал минтип жазат: «Сөз жок, «Манас» эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар, кыргыз элинин тагдырына байланыштуу чагылганы талашсыз. Ал турмак, эпостун келип чыгышы да белгилүү бир тарыхый кырдаалга байланыштуу болушу мүмкүн. Бирок, «Манас» тарыхый санжыра эмес. Бул баарынан мурда ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам такталып, тазарып, артыкбаш жүктөрүнөн бошонуп, керектүү

зарыл, жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма. Албетте, эпос деген - эпос». Тилекке каршы, «Манас» эпосунан бир көрүнүштү алып, бул болгон, чындык, баланча кылымда, жылда жашаган деп, Американы жаңы ачкансып, төшүн койгулагандар аз эмес. Эмне дейбиз, белгилүү окумуштуу, таланттуу сынчы Кеңешбек Асаналиев айткандай, «Манастын туулган жылын тактаган кээ бир кемчонтойлор да бар».

«Манас» эпосунун негизги сюжетин согуштук окуялар, эл-жери үчүн, эркиндик, көз карандысыздык үчүн жүргүзүлгөн элдик күрөш түзөт. Радлов белгилегендей, эпосто калмак, кытайларга каршы жек көрүү сезими, алар башка динди туткандыгы, башка эл болгондугу үчүн айтылбайт. Алар кыргыздарга тынымсыз кол салып, тынчын алып, коркунуч келтирип турушкан дейт.

Кыргыз эли эң байыркы элдердин бири экендигин окумуштуулар бир ооздон адилеттүү баса белгилеп келүүдө. Кыргыздар өзүлөрүнүн көп доорду камтыган узун, татаал тарыхында «Манас» өңдүү дүйнөлүк адабияттын жана маданияттын тарыхында сейрек учураган улуу көркөм эстеликти жаратышкан. Өнүккөн жазма адабияты болбосо да, оозеки адабияттын өзгөчө бай, уникалдуу, терең мазмундуу зор маанидеги мыкты үлгүлөрүн жараткан. Ал көркөм рухий байлыктын маани-маңызы, улуттук өзгөчөлүгү, дүйнөлүк көркөм эстетикалык баалуулугу өтө зор. Ч.Айтматов ошол улуу мурас жөнүндө өзүнүн пикирин мындай билдирет: «Адамзаттын агып турган тиричилигинде дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы - анын түпкү күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчиленген мурасы. Мунсуз коомдук жана маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес. Бул аныктама эң оболу сөз табиятына таандык. «Өнөрдүн алды кызыл тил» деп илгеркилер бекер айтпаса керек».

«Манас» эпосу кыргыз элинин байыркы доордогу көз карашын, коомго болгон мамилесин көркөм баяндаган, архаикалык эпостун белгилерин,

элементтерин камтыган өзгөчө поэтикалык көркөм эстелик. Анда жомоктук, мифтик, фантастикалык окуялар, образдар арбын. Ч.Айтматов улуттун мына ушундай өзгөчө касиетин сергек баамдап: «...чыгармада кадимки кадыресе жашоо тиричилик менен катар, акыл жеткис укмуштуу фантастика, тарыхый окуялардын алыскы чагылышы менен катар, шумдуктуу миф табийгы түрдө бирге, жанаша жашайт. Алардын биринен бирин ажыратууга, бөлүп алууга болбойт» - деп өтө туура пикирин билдирет. «Манас» эпосунун жаралган доору, анда кеңири орун алган ар кандай идеялар, сюжеттик мотивдер өзгөчө мамилени, көз карашты талап этет. Бул маселе боюнча да Ч.Айтматов эпоско конкреттүү тарыхый мамиле жасоо зарыл экендигине да токтолгон. «Тарыхый көз караш менен караганда, «Манас» эпосу башка эстетикалык өлчөмдүн негизинде, башка талап, башка тарыхый турмуштук шартта жаралган. Ага бүгүнкү күндүн адабиятынын законченемдери менен мамиле жасоого болбойт».

«Манас» эпосу бир кылымдын же бир эле доордун көркөм эстелиги эмес. Элдин көп кылымдык тарыхын, адат-салтын, дүйнөгө болгон көз карашын кеңири көркөм сүрөттөгөн энциклопедиялык мазмундагы классикалык чыгарма. Эпостун ушул олуттуу жагдайын да Чыкең өтө таамай, так, жеткилең түшүндүрөт. «Манас» жомогу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, имандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору боюнча, элдин тагдырын ар тараптан: жашоо-тиричилик, ар түрдүү салт-санаа, социалдык, коомдук турмушту кеңири жана толук камтышы боюнча дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин үлгүлөрүнө жатат».

«Манас» эпосу көп катмарлуу, көп идеялуу, көп варианттуу өзгөчө жаралган уникалдуу көркөм эпос. Кийинки эле доордо эпоско кирген диний катмардын таасири да бар. Катмарлануу эпоско мүнөздүү көрүнүш, экендигин Ч.Алтматов да ырастап, өз баасын берет. «Эпос деген - эпос. Ар түрдүү тарыхый катмарларга ылайык эпостун көркөмдүк турпатына, кала берсе, идеялык

түзүлүшүнө ар түрдүү катмарлануулар болбой коюшу мүмкүн эмес. Катмарлануунун өзү да эпостук касиет».

Ошентип эпос өзүнүн нукура идеясын сактап келгенин да баса көрсөтөт.

«Манас» эпосу дүйнөдө сейрек учураган өзгөчө көркөм чыгарма экендигин таң калуу менен белгилеп, Чыкең эпос кандай татаал, узак тарыхый жолду басып келгендигин да илимпоз катары мыкты сезген. Ал минтип жазат: «...элдин генийинен жаралган көркөм сөз өнөрүнүн не бир асылдыктары байыркы туңгуюктан бери карай оор, узак сапар тартып өзүнүн наристе нукуралык сапатын жоготпой, биздин күнгө жетип, бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүшү катарында кабыл алынат. Кыргыз элинин улуу мурасы -эпикалык традициясы мына ушундай баа жеткис руханий байлыкка жатат». «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн олуттуу окуялардын басымдуу бөлүгүн согуш, ар кандай мазмундагы, мүнөздөгү казаттар түзөт. Манас баатыр бүт өмүрүн элдин эркиндиги үчүн татаал, оор кармаштарда өткөрүп, курман болот. Ал Ч.Айтматов болсо, «Манас» эпосу - бийик гуманизмге сугарылган эпос», — деп өтө жогору баа берип жатпайбы.

Акылман Бакай да кыргыз баатырларына кайрылып «Бүлүнгөндөн бүчү албагыла» - дегени да улуу гуманизм эмеспи.

«Манас» эпосу уруулук-патриархалдык доордун көркөм жемиши, улуу сөзү. Бирок ошого карабастан, эпосто Каныкейдин классикалык образы жаралган. Элде «Манасты Манас кылган Каныкей» - деген акылман сөз бар. Эпостун «Семетей» бөлүгүндө «Каныкейдин жомогу» аттуу узун баяндын тарыхы өтө баалуу, маанилүү.

Анда Каныкей уулуна «Ала көөдөн атаңдын үзүлгөнүн удадым, чачылганын жыйнадым», — деп какшап айтып жатпайбы. Манасөлгөндөн кийин «Ага элсө, ини алуучу» — деп Жакып Көбөшкө Каныкейди алгын дейт. Каныкей боздоп-ыйлап, “Иттерге төрөмдүн төшөгүн кантип бастырам, төшүмдү кантип ачтырам» - дегени эмне деген улуу сөз. Токсонго чыккан энеси Чыйырды мени Манастын аягына эле таштап кет, кайда тентип барам дегенине, Каныкей

«Айланайын карыям, Манасты тапкан олуям, ушул иттерге сени кантип таштайм деп, Семетейди бооруна кысып, энесин далысына көтөрүп, жөө-жалаңдап Букарга качып барганы, кимдин болбосун жүрөгүн титиретпей койбойт. Манас баатыр Кичи Бээжинди алдым, алтын так минип олтурам деп, бир чоросун Таласка чаптырат. Канык ей сүйүнмөк турсун, боздоп ыйлап «Бээжинди билди дегиче, мээнетти билди десеңчи, алтын так минди дегиче, ажалды минди десеңчи» - деп жеңиш трагедия менен бүтөрүн көрөгөчтүк кылып айтып жатпайбы.

Ч.Айтматов эпосто аялдын алган образын өтө жогору баалап, «Эпостун бийик гуманизм, имандык сабагы андагы таасын тартылган **Аялдын** сонун образынан эле сезилет» - деп, **Аялды** чоң тамга менен жазып атпайбы.

«Манас» эпосунун сюжетке макал, ылакаптар, учкул сөздөр, көркөм образдуу, так, таамай, элестүү сүрөтөлгөн эпизоддор өтө арбын. Эпостун көркөм дүйнөсү өтө бай, ар кыл мүнөзгө ээ болуп, адамга бийик эстетикалык ыракат берерин да Ч.Айтматов сергек баамдап баса көрсөтөт. «Манас» эпосу сөз өнөрүнүн эң бийик, эң туура үлгүлөрүнө жатарын айтпай кое албайм» - деп тамшанып, таң калып өзгөчө баса белгилейт. Ч.Айтматов манасчылык өнөрдүн өзгөчө бийик сырына, чеберчилигине да токтолуп улуу манасчы С.Орозбаковдун акындык талантын, манасчылык өнөрүнүн бийиктигин өтө жогору баалап, өзүнүн адилет оюн, манасчыга карата болгон урмат-сыйын толкунануу менен билдирет.

Ч. Айтматов өзүнүн илимий макаласын төмөнкүдөй сөздөр менен жыйынтык чыгарат. «Замандан заман өтүп, жер үстүнө кыргыз тили жашап тургуча, «Манас» биздин улуттук туу чокубуз катарында тура берет.

Ч. Айтматов «20-кылымдын - Гомери» аталган, улуу талант, алп манасчы С. Каралаевди өзгөчө урматтап, сыйлап, туу көтөргөнү жалпы журтка белгилүү. С. Каралаев жөнүндө эскерүүлөр, жазган илимий макалалары арбын. Ч. Айтматов С. Каралаевдин сөөгүн коюу зыйнатында сүйлөгөн чакан сөзү да журтчулукту терең ойлонтуп, жан дүйнөсүнө бүлүк салган. Ошол сөзүнөн бир мисал

келтирип коелу. «Сакендин көзү тирүүсүндө биз аны гениалдуу акын-жомокчу, байыркы замандан калган казынабыз деп, улуттук сыймыктын даражасында даңазалап, мактаар элек, урматтаар элек, таңданаар элек», - деп андан ары оюн улантып, «Манас» эпосунун өлбөс, өчпөс, көөнөрбөс, өлбөс касиетин, дүйнөлүк маанисин мындай жогору баалаган жайы бар: «Ала-Тоо койнунда кылымдан кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, бирден бир жообубуз - «Манасты» берди дейбиз».

Ч. Айтматов С. Каралаев жөнүндө «Ал океан сындуу «Манастын миллион сабын жат билет» аттуу макаласы СССРдин даңазалуу журналы «Советский союзда» жарык көрүп дүйнө элин таң калтырган. Бул макаласында да Ч.Айтматов «Манастын» көркөм дүйнөсүнө таңданып, суктанып, улуу мурастын өзгөчө касиетине, теңдешсиз көлөмүнө жогору баа берген жайы бар. «Бардык кыргыз эпосторунун барып турган үлкөнү, - дейт Чынгыз - көрсө көз тойбос, укса кулак тойбос укмушу, бул албетте, «Манас». Ал адамдын акылын тагдырлар көрөсөн бүткөн көркөм дүйнө. «Манас» - океан дүйнө». Дээрлик миллион сап ырды жаңылбастан, жаттабай жатка айткан мындай адам бу ойроттон оңойлук менен табыла койбос. Ч. Айтматов улуу инсан С. Каралаев менен Бишкектин Т. Молдо паркына жакын бир үйдө жашаган Сакеңди Чынгыз эртели кеч көрүп, көп маектеше турган. Бир ирет Чүй өрөөнүндөгү бир чарбага алпарып «Манас» айттырганын өтө толкунданып, таң берип эскерген жайы бар. С.Каралаев «Манас» айтып жатканда «Бир оокумда төбөдөн кара булут сөгүлүп, алты сай жамгыр төгүлүп жиберди» - дейт Чыңгыз. Ачык аянтта толгон элден бир жан козголбой манасчыны угуп, жаанда аябай суу болгонуна кайыл болуп, Сакең менен бирге улуу сөздү аягына чейин угушканына таң калып эскерген. «Эгер менден өз элиңдин кандай улуу адамдарын билесиң деп сурашса, айрине, алды менен оозунуп ушул С. Каралаевди айтат элем» - дейт Ч. Айтматов.

Сагымбайдын толук вариаитын басмадан чыгарууда чоң эмгек кылган

Чыңгыз Айтматовго өзгөчө ыраазычылыгыбызды билдирип, Сагымбай менен Саякбайдын энциклопедиясын, башка толгон токой китептерди чыгарган. Чыңгызга урмат-сый көрсөтүп, ак эмгек өтөп келген, чарчабаган дулдул, академик Мелис Акматалиевдин эмгеги да зор. Дагы бир белгилүү инсан Ыбырайым Абдрахманов молдокенин Сагымбайдын «Манасын» кандай оор шартта кагазга түшүргөнүн айтпай кое адбайбыз. Моддоке болбосо, Сагымбайдын «Манасы» бизге жетет беле, жетсе да, кандай сапатта жетерин бир кудай билсин. Тилекке каршы, молдокени такыр унутуп койдук.

Чыңгыз Айтматовдун Сагымбайдын улуттук улуу идеяларга сугарылган зор талантына, акындык чеберчилигине берген өзгөчө баасы өз наркын эч качан жоготпойт.

«Манасты» көп эле жомокчулар айтып келген. Алардын устаттыгына эч кандай күмөн койбой, Сагымбай Орозбаковдун өнөрүн айырмаланта бөлүп кароого толук эби бар. Сагымбайдан жазылып калган тексттерди кунт коюп окуп чыккаи ар бир адам Сагымбайдын сөз байлыгына, акындык чеберчилигине, сүрөткер кудуретине баш ийбей койбойт. Бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант. Балким, эч убакытта кайталанбай турган руханий көрүнүштөр. «Манас» - «Манас» болгондон берки эпостун тамчыга тамчы кошулуп, сөзгө сөз, ойго ой кыналып, байыркы кыргыз журтунун бүткүл чыгармачылык кубатын Сагымбай бир өзү дилине сыйгызып тургандай сезилет».

АДАБИЯТТАР:

1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. //Ч.Айтматов. - Ф.: Кыргызстан, 1988, 397 б.
2. Айтматов. Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. // Китепте: «Манас». Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. -Ф.: Кыргызстан, 1978, 430 б.

Байгазиев Советбек

АЙКӨЛ МАНАСТЫН РУХАНИЙ, АДЕПТИК - ЫЙМАНДЫК ЖАНА ПАТРИОТТУК УЛУУ ӨРНӨКТӨРҮ - АТА ЖУРТУБУЗДУН АСЫЛ КЕНЧИ ЖАНА ТИРЕГИ

Тарыхчы Белек Солтоноев өзүнүн “Кызыл кыргыз тарыхы” деген китебинде: “Кыргыз кандайды баатыр деген? Кыргызда баатыр алты даражага айрылат” - деп жазат. Ошол алты даражага бөлүнгөн баатырдыктын биринчи жана экинчи даражасын Б.Солтоноев мындайча мүнөздөйт:

“Биринчи. Октон-чоктон кайтпастан, алды-арты, аз-көбүнө карабастан, жоо миң киши болсо да жалтанбастан тоодон кулаган таштай чимирилип жалгыз качырып, күндүз, мейли түн болсун, тоо, аң-кемерди көзгө илбестен жоого тийип, жоону кайта-кайта аралап салышып, быт-чытын чыгарып качырат. Же өзү талкаланат. Мындай баатырларды “Адам шери” деп атаган. Мындай баатырлар кыргызда боло келген, биринчи баатыр ушул.

Экинчи. Жоодо жаралуу болуп калса да, маселен, колу сынса мойнуна тагып асып коюп, буту сынса канжыгасына байлап коюп урушкан. Жарага өтө чыдамдуу болуп көтөргөн, башынан аккан кан көзүн көрсөтпөй каптаса, шыпырып коюп, согуша берген. Суусап кетсе атынын терин жалап жүргөн. Мындай баатырды “Кара көк жал” деген.

Байкасак, Манас баатырдын тула-боюнда “Адам шери” - биринчи баатырдын жана “Кара көк жал” эрдин сапаттары биригип кеткен. Дубанда жок “тентек” чыгып, Манас өзүнүн жалтанбас көйкашкалыгын бала күнүндө эле далилдеген. Ал бала кезинде эле “адамда мындай жок болуп, күйүп турган чок болуп” чыккан. Булчуңдарындагы табият берген тубаса күч-кубаты “көбүрүп - жабырып”, кан тамырларында шакардай кайнаган, жан түпкүрүнөн удургуп буулуккан энергия чабалактатып, ээликтирип, бала Манас көп учурда өзүнө өзү ээ боло албай, “күр-шар” этип жарга урунуп, кайра артка окторулган жапайы толкунга окшойт.

Бапа Манасты туткундоо үчүн “төбө чачы сүксөйгөн, жеп ийчүдөй үксөйгөн, жан казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар” кыргыздын жоосу алп Жолой, дөө-шаалары менен Алтайдагы кыргызга күтпөгөн жерден каптаган селдей кирип келет. Ошондо коркконунан сакал, чачы биринделп, тула-бою дирилдеп, Жакып чал Манаска: «айтканына көнөлү, Алтайдан күткөн сан кара, баарын тартуу кылып берели» - дейт. Ошондо 12 жашка келип, өрт болуп күйүп турган жаш Манас атасы Жакыпка карап: “Кокуй, ата, не дейсиң, неге мынча маанай бас? жоого, намыс бергенче, ажалым жетсе өлөйүн, малым менен жанымды, олжого кантип берейин! Катүгүн, ата, не дейсиң, Айманбоз берчи минейин, капкайдан келген балбанды, мен кайра Бак- Бурчун айдап кирейин!”-деп кабыландай күркүрөп, заматта жоо - жарагын шайланып, каптап келген каардуу жоону ылаачын калың таанга тийгендей качырып, өлөр-тирилерине карабай, Белек Солтоноев жазгандай, “тоодон кулаган таштай чимирилип” тийип, Жолойдун колунун таш талканын чыгарып, өзүнүн “кара көк жал шер” экенин заматта далилдеп таштайт. Ал андан ары өмүр бою ушул шердигинен жазбайт.

Айтылуу “Чоң Казатта” Манастын жоо менен беттешкен учуруна дагы бир жолу көз салыңыз. Ажомун деп четте турбай, майданга жоокер катары кирип, учун ууга сугарган, бөрү тил мизин чыгарган, шамалга тийсе ырдаган, тийген жери ырбаган сыр найзасын сундуруп, шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен ач албарс кылычын кындан сууруп, касиеттүү Аккелтесин «күр-р» эткизип атып, Манас кыргыздын калың колун баштап, ачайкырыкты салып, каптап келген каңгайдын колун тике качырып, жоого кызыл жалын болуп бүркүлөт. Ажонун арстандыгына шыктанып, Манастын артынан «Манастап» ураан чакырып, “жаачылары жаа чоюп, аламандап ат коюп, мылтыктын үнү тарсылдап, доолдун үнү карсылдап, саадактын огу шаркылдап, кылычтын баары жаркылдап, асаба желек жалпылдап”, кыргыздын колу жер солкулдаткан чуу менен согушка кирет. Манастын өлөр - тирилерине карабай, айкырып салган алааматына чыдабай жоонун колу кайра артына

жапырылат. Бир учурда амалданып, алдап жарашалы деп жатып, Коңурбай айбалта менен Манасты башка шилтеп жиберет. Манас башын бура бергенде айбалта мойнуна тийип, бир шилисин таарып кетет. Айкөл шер ээрге өбөкгөп жыгылып, Аккуланын жалына кызыл ала кан чачырайт... Согуштун өртү кайрадан алоолонуп жанат. Уруш шамал үйлөгөн оттой дуулдап күч алат. Жогоруда тарыхчы Б.Солтоноев: “жоодо жаралуу болуп калса да, колу сынса мойнуна тагып асып коюп, буту сынса канжыгасына байлап коюп, башынан аккан кан көзүн көрсөтпөй каптаса, шыпырып коюп, согуша берген”- деп дааңазалагандай, Манас шилисинен жаракат алып, Ак куланы окко учуруп, кыйын абалда турганына карабай, “көкүлүнө тумар тагылган, ок өтпөс жабуу жабылган” Тайбуурулду булкунтуп минип, асты жагынан ач арстандай сүрдөнүп, арт жагынан ажыдаардай түрдөнүп, айкырып чабуулга кайрадан кирет. Артынан Бакай баштаган кол «Манастап» ураан чакырып, ат коюп жөнөйт. Акырында шер Манас калмак, кытайды Бээжинге чейин сүрүп, өчөгүшкөн жоону уюгунда дагы талкалап, Эсен хан менен Коңурбайдын аскерлеринин белин мертинтип, далайга чейин оңоло алгыс кылат.

Манас өзүнүн ушундай көк жал шердиги жана арстан чоролорунун эрдиги менен “Чоң Казатта” жана башка боштондук согуштарда чоң жеңиштерге ээ болгон. Манастын шердиги кыргыз элинин тагдырында, анын эркиндикке чыгышында чоң роль ойногон.

Манастын сыйынган улуу идеясы.

Өзүнчө суроо туулат. Манастын ошол тубаса шердигин, кара көк жал баатырдыгын ич жактан азыктандырып, шыктандырып, ого бетер оттой жалбырттатып, алоолонтуп турган бир көмүскө күч барбы? Эрдик, шердик ким үчүн? Кайсыл ыйык нерсе үчүн? Манас не үчүн “тоодон кулаган таштай чимирилип”, өмүрүн тобокелге салат? Шердик шердик үчүнбү же шердиктин түпкүрүнө түйүлгөн сыр барбы?

Түз айталы, ооба, сыр бар, күч бар. Бирок жоопту тикелей айтуудан мурда мына мобуга көңүл буралы. Кытайлык Алооке хандын аскеринин

күтүүсүз агрессиясына кабылып, тымтыракайы чыгып, туш-тушка чилче тараган, ар кай жерде андаалап кор турмуш өткөрүп, эл катары жок болуп кетүү коркунучу алдында турган бир боор кыргыз калкынын кайгылуу тарыхынын мисалында, тентиген бурут атыгып, душмандын көзүн карап, кейип-кепчип күн көргөн алтайлык кыргыздардын күнкор тагдырынын мисалында, ошол Алтайдагы ак элечек байбичелердин, ак калпак карыялардын тууган жер деп, “Кара өзөн кайда, бел кайда? Аталаш кыргыз эл кайда?” деп буркурап ыйлаган муң-зарынын мисалында, өзүнүн алтайдагы балалык ачуу тажырыйбасынын (“Тентип келген бурут, бул буруттун балдарын, чуркуратып курут” деген жергиликтүү калмак-манжуулардын кордогон сөздөрүн далай ирет уккан) мисалында, жаш Манас мына момундай жыйынтыкка келген: Ата конушуң, эли-журтуң жоонун, үстөмчүл кара күчтүн колунда болсо, булуттуу көктүн астындагы, муундуу чөптүн үстүндөгү өмүрүң кор, ичкениң ирим, жегениң желим. Этек-жеңиңди жайылтпай, канат-куйругуңду кыркып турушат. Дүмүрүң түбүнөн казылат, түркүгүң суурулат. Таманга басып жүн кылат, ачык күнүң түн кылат, койдой айдап кул кылат. Өз Ата журтуңда бутту кенен сунуп, атуул катары алчактап жашай албайсың. Эркин жериң болсо, эркин элиң болсо гана, өз тагдырыңа өзүң кожоюн болсоң гана сен бактылуу кишисиң, Ата конушуңдун эркесисиң.

Манас турмушту талдап келип, мына ушундай ынанымга, ишенимге бекиген. Анан мына ушундай ички терең ишенимден чыгып, ар жерде чачылып калган кыргыз калкынын башын кошуу, бириктирүү, душманга каршы аёосуз күрөш ачуу, Ата журтту боштондукка чыгаруу, элдин башын азат кылуу, кыргыз мамлекетин түзүү сыяктуу опол тоодой максаттарды, башкача айтканда, чачылганды жыйноону, үзүлгөндү улоону, жоголгон жокту табууну, «Кулаалы жыйып куш кылууну, куранды жыйнап журт кылууну» - кечиктирилгис практикалык милдет катары өз алдына айкүрүнөн койгон. Бул милдеттер анын атуулдук, адамдык ар намысынын, абийиринин иши болуп калган. Демек, Манастын шердигинин, эрдигинин түп жактан жандуу мүрөк

суусундай азыктандырып турган күч - бул Манастын ичтен карманып, туу тутуп, сыйынган ыйык идеясы, бардыгынан жогору койгон эң бийик дөөлөтү. Ал ыйык идея - ак калпак калктын азаттыгынын, эркиндигинин, көз каранды эместигинин идеясы, ата журттун бөштондугунун, эгемендүүлүгүнүн, журт биримдигинин улуу идеясы. Манас ушундай улуу мекенчил идеяны өзөгүндө сары майдай сактап, жүрөгүнүн толтосунда алдейлеп, көк асабадай желбиретип төбөгө көтөрүп, ушундай улут идеясы үчүн каруусун казык, башын токмок кылып, кыйын кырдаалдарда жарадар жанын аябай, “тоодон кулаган таштай чимирилип”, өрт кечип күрөшкөн улуу патриот. “Калкым кыргыз, сен үчүн, курман болуп кетейин, найзалашып топ бузам, тагдыр жетсе окко учам” [1, 182-бет.] - дейт Манас. Манастын кара көк жал шердиги Ала-Тоо мекендин, ак калпак журттун азаттыгы үчүн. Мындай бийик мүдөө үчүн ал кара башын курман чалууга даяр. Мына ошентип, шер Манастын эч нерседен кайра тартпаган, жалтанбаган ченде жок баатырдык жүрүм - турумун ич жактан мотор сындуу айлантып, түпкүрдөн күч-кубат берин турган нерсе - бул улуу патриоттун өйдөкүдөй АТА ЖУРТ бөштондугунун философиясы. Манастын шердигин, эрдигин ичтен жөлөгөн, ысымын кылымдардан кылымдарга даңазалаган, баатырды бийик деңгээлдеги руханий чокуга көтөрүн чыккан кудуреттүү күч - анын дал ушул мекенчил улуу философиясы болуп саналат.

Манас кантип тарбияланган?

Жаш Манастын патриоттук идеяларга, ишенимдерге, мекенчил философияга, атуулдук адеп-ахлакка кандай жолдор менен өсүп келгендиги, ага кандай тарбия факторлору таасирин тийгизгендиги, кандай чөйрөдө, кандай социалдык-руханий кыртышта көгөрүп көктөгөндүгү жөнүндө мисалдатып, кененирээк кеп салуунун зарылдыгы бар.

Жакыптын “Алиппеси”. Эстутум, тагыраак айтканда, тарыхый эстутум дегеле жарык дүйнөдө адамды айбандан айырмалап турган, адамдын адам экенин таанытып турган эн тамга. Эстутумсуз - адам жок, адам коому да жок. Адам өзү социалдык тарыхтын туундусу. Тарых менен тагдырлаш, ата-

бабалары менен киндиги туташ экендигин киши эстутум аркылуу тааныйт. Эстутум аркылуу тарыхтын кербен көчүнүн жолунда, муундар аралык өтмө-катыштыктын тутумунда өзүнүн ордун, ким экендигин, милдети кайсы экендигин аңдап билет, бүгүнкүсүнө жана келечегине баам салат. Эстутум даанасын айтканда, адам баласынын жашоосунун формасы жана өзүн-өзү сактоосунун органы. Эстутум коомдогу уламалуулуктун ар дайым тынымсыз иштеген жана күн-түн чыңалууда турган механизми. Манас доорундагы кыргыз социуму тарыхый эстутумдун ушундай түрдөгү улуу маңызын көкүрөк - көөдөнү менен туйбай, даанышман акылы менен аңдабай койбогон. Көчмөндөр цивилизациясында кишинин эстутуму анын адам жана атуул экендигинин критерийи катары каралган. Кишинин жети атасын билгендиги анын жамааттын мүчөсү болууга татыктуулугунун көрсөткүчү болгон. Ал эми жети атасын билбеген пенде кыргызда “Түбүн тааныбаган түпсүз кул” аталып, башы кара, буту айры макулук катары саналган, шылдыңдоонун жана келекелөөнүн объектисине айланган. Өтүмүш тарых кийинки замандардагыдай летопистерде, китептерде сакталбагандыктан, кыргыз көчмөн коомунда тукумдардын тарыхый акыл-эсин оозеки сөз менен түптөө озуйпасынын өтө актуалдашып, алдыңкы планга чыгып келишин шарттаган. Мындай жагдайдын өзү тарбия иши жаатында чүрпөгө, “туякка” биринчи иретте, урук-тукумун, тегин таанытуу, тарыхты, өтүмүштү таалимдөө усулунун активдүү аракетте турушуна алып келген. Мына ошондуктан “Манас” дастанында бала Манастын социалдашуу процессинде тарыхты таанытуу усулунун биринчилерден болуп кызматка чегилишин мыйзамченемдүү нерсе катары кабылдайбыз.

Бай Жакып зарлап жүрүп тапкан чүрпөсү Манасты маңдайына отургузуп алып, моминтип саймедиреп турат: “Чоң атаң аты Ногой деп, каратып турду Кашкарды, Кара-Шаарга жеткенче, хан атаң Ногой башкарды, балам, бабаң Ногой тушунда, согушкандар сойлогон, Лоп жакасыш жердеген, ойротко намыс бербеген”... Андан ары карай “түпкү атабыз Каракан, Каракандан Огузкан”... деп узун сабак сөзгө түшөт. Жакып баланын адам болушу түбүн тааныудан

башталат деген терең ишенимде. Ошондуктан Жакыптын бул сөзү чүрпөсүн алаксытуу үчүн айтылган жөн гана жайынча кооз кеп эмес, Манастын кишилик келечегин түптөө үчүн чын дилден күйүп-бышып сүйлөгөн атанын тарбия камкордугу. Азыркы тил менен айтканда, тарыхый эстутумду каймактатуу Жакып ата үчүн бала тарбиясынын биринчи алиппеси, Бала Манас ушинтип адегенде Жакып атасынын “оозеки мектебинен” окуп, анын жети ата жөнүндөгү “алиппеси” менен таанышат.

Александр Македонскийдин тарбиячысы Аристотель болсо, бала Манастын башкы таалимчиси ким болгон?

Манастын таалим-тарбиясында жана аны уюштурууда Акбалта зор роль ойнойт. Акбалта деген ким? Акбалтанын башчы, жетекчи, хан деген расмий статусу жок. Бирок, азыркыча айтканда, ал Алтайдагы кыргыздардын формалдуу эмес лидери. Алтайдагы кыргыздар Акбалтанын айланасына баш кошкон. Ошон үчүн ал эпосто “Абакең Балта ак жолтой, сүйлөгөнү - жарыя, калың кыргыз ичинде, кадыры бийик карыя” деп мүнөздөлөт. Акбалта туш-тушка таруудай чачылган Ала-Тоолук ак калпак элдин кайрадан Ата Мекенин табар күнү, кайрадан жыйналып биригер кези, кулчулуктан кутулар учуру жөнүндө көзүнөн жаш кылгыратып кыялданат, толгонот, ою оңго, санаасы санга бөлүнүп, күйүт чегет. Ошондуктан ал Чыйырды алп бала төрөгөндө өзүнүн кыраакы, сынаакы көзү жана көрөгөч туюму менен перзенттин “мал багар уул эмес, эл багар уул” болоорун, алды жакта жалпы журтка бир жакшылык келерин сезип, “арстан тууган шер келди, кабылан султан эр келди, киндик кесип, кир жууган, жерди табат экенбиз, паана берип жараткан, элди табат экенбиз” деп, терисине батпай барбаландап кубанат. Акбалта жалпы улуттук масштабда ойлонгон патриот-лидер, саясатчы, Алтайдагы кыргыздардын идеологу. Ал туулгандан тарта эле Манасты өзү баш болуп, өзгөчө көзөмөлгө, камкордукка алат. Акбалта Жакыпка тууганчасынан моминтип жашыруун кеңешин айтып турат: «Бир адамга туйгузбай, издегенге билгизбей, ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого

туйбаганды туйгузуп, туура жолго салалы». Демек, бала кезинен тартып Манастын руханий тарбиячысы айыл аксакалы акылман Акбалта болгон дешке толук негиз бар. Өйдөкүдөй тарбия мүдөөсү жана милдети чындыгында ошол туштагы кор болгон кыргыз журтунун оор социалдык абалынан туулган социалдык заказ эле. Мына ушундай таалим-тарбия, стратегиясынан чыгып, Акбалта Манастын тарбиясын эне-атасы менен кошо активдүү түрдө колго алып, бул иште Жакыпка бирден бир кеңешчи болуп, биринчи кезекте элдин баатырдык жана трагедиялуу тарыхынын мисалдарында баланын ар намысын, патриоттук аң-сезимин ойготууга, алдында турган жалпы улуттук милдетти акырындап туюнтууга, анын мекенчил философиясын түптөөгө күч үрөбөй койбогон. «Туйбаганды туйгузуп, туура жолго салалы» деген Акбалта көкүрөгүн өрттөп, көкөйүнөн чыкпаган кечээки Алоокенин кандуу чапкынын Манаска кантип кан-какшап айтпай коё алат. Бул тарыхты балага айтканда, анын сакалы ылдый жаш куюлуп турганын көз алдыңа элестете бер. Акбалта «Манаста» «жазы жаак, жалпак тил, жаңылбаган чоң чечен» деп сыпатталат. Демек, ал ар кандай тарыхты кызыл тилин сайратып, көркүнө чыгарып, жугумдуу кылып айта билген. Акбалта өзүнүн ташка тамга баскандай сүйлөгөн чечендиги менен кытайлардын Ала-Тоого кантип карантүн салганын, каардуу жоого каршы өзү баш болгон кыргыздардын акыркы күчүн жыйнап, кантип көтөрүлгөндүгүн, адилетсиз душмандын кыргызды кантип канга боёгондугун, олжолоп беш көкүлдүү кыз алганын, тамдын баарын кулатканын, талдын баарын сулатканын, кайгы-касиреттин күчүнөн карагай ыйлап, тал ыйлаганын, каргылданып чал ыйлаганын, калайык-журттун баары ыйлаганын, жайнап жаткан кыргыздын жаккан отун өчүргөнүн, жалпы баарын көчүргөнүн жаш Манастын алдына жайып таштаган.

Мына ошентип, калайык-журттун баштан кечирген мүшкүлдүү тарыхы жөнүндөгү Акбалта чечендин «Жүлүнгө жетер кеп айткан, жүрөгүн өрттөп бек айткан» аңгемелери Манастын алдыда баштала турган Ата Мекен үчүн күрөшүнүн мотиваңиясын алдын ала даярдайт. Ошондой эле, жаш Манастын

күрөшчүл жүрүм-турумунун ички мотивациясынын түптөлүшүнө атасы Жакыптын «Балам, чачылган сенин тууганың, менин чамам кетип турганым, эл журтумдун жогунан, дүнүйө мага болду тар» - деп, басса-турса санааркап кейип турганы, энеси Чыйырдынын калмак- кытайдын кыргыздын башына салган алааматы тууралуу:

“Кыздарын тартып алгандай,
Кыргызыңа кас болгон.
Айрыкча сени туулат деп,
Кылбаганы аз болгон.
Түлкүдөй жортуп жүгүргөн,
Тирүүлөй катын сойдурган.
Как жарышып киндиктен,
Карындан бала суурушкан.
Кара жерди кызартып,
Кан менен чопо жуурулткан.
Кыргызды чилдей таратып,
Бүт чыгышка кондурган.
Айдап эчен эренди,

Ар кайсы жакка кул кылган” - деп, бир айтып бир койбой, эки айтып эки койбой, отурса-турса баласына жомоктоп күйүп-бышканы да өбөлгө-түрткү болгондугун айта өтөлү. Сегиз жашынан баштап айтылуу Ошпурга койчулукка берилиши да, бала Манастын атуулдук жактан тотукугушуна себепчи болгондугун эске түйүшүбүз керек. Ошпурдун колунда жүргөн кездеги эмгек тарбиясынан чыккан натыйжа эпосто бир-эки сап менен жалпыланып: “Ошпурга барып эр болду, эр уулу менен тең болду” деп жыйынтыкталган.

Акбалтанын оозеки “окуу китептери”.

Манасты Алтайда эл хан көгөргөндө да, жаш баатырды “Ак кийизге” Акбалта өзү жетелеп келет. Жакыптын уулу хан болуп, «ак калпакты кийип, алчайып атка минип» чоң атасы Ороздунун көк туусун көкөлөтүп көтөргөндө

да, Акбалта даанышман «бала каздай баркылдап, ак сакалы жаркылдап, абалкыдан кеп баштап, акырын сүйлөп бек таштап», тарых сабактарын таалимдөөсүн уланта берет. Бул кайгы-муңу каарман рухун жомоктоп айтып, кыргыз үчүн кан-жанын берген чыгаан эрлерди даңазалап, жаш баатырдын аң сезимине жана жан дүйнөсүнө бекем рухий-патриоттук таяныч табуунун камында болот. Ушул жерден бир ойду кыстарып айтып өтүүгө туура келет. Биздин оюубузча тарыхты окуп-үйрөнүүдө ар кандай фактылардын, цифралардын тизмегин, окуялардын хронологиясын жаттоого караганда, ошол тарыхый окуялардын чордонунда туруп, башкы ролдорду ойногон үлкөн инсандардын өмүр-тагдырына, жан дүйнөсүнө сүңгүп кирүү тарыхтын мазмунун түшүнүүдө көбүрөөк пайдалуу болоор. Анткени тарыхый мезгилдин тенденцияларын, алга карай умтулган пафосун, духун, психологиясын, элдин эркиндик, жакшылык, келечек үчүн болгон күрөшүнүн маңызын тарых «сахнасынын» дал ошондой борбордук каармандары өздөрүндө көтөрүп алып жүрүшөт. Тарых инсандар аркылуу бизге чыныгы жүзүн ачып берет. Ошон үчүн «тарыхты терең үйрөнүп билүү үчүн Адам - эң сонун объект. Акылгөйлүк менен айтылган, жазылган биография - бул өзүнчө эле бир окуу китеби. Ал «окуу китебинен» биз кандай мораль менен жашоо туура болорлугун аңдап түшүнөбүз. Тарых өзүнүн тарбиялык кызматын дал ушул жерден эң жакшы өтөй алат» - деп, окумуштуу А.В. Гулыга абдан туура жазат. Бул кыстырма сөз Акбалта насыятчынын өтүмүш - тарыхты таалимдөөдө кеп объектисин тандай билген көсөмдүгүн байкоодон улам чыгып отурат. Акбалта тарбиячы кыргыз эли үчүн каруусун казык, башын токмок кылып, кызмат өтөгөн мурунку - кийинки көк жал баатырлар жөнүндө Манаска, образдуу айтканда, бир нече оозеки «окуу китебин» тартуу кылат. Гулыга жазгандай, акылгөйлүк менен айтылган Кошой баатыр тууралуу оозеки «окуу китепти» өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болор эле. «Кара тилин кайраган кара жаак» аталган Акбалта Кошойдун тагдыр-таржымалы, каарман өмүр өрнөгү жөнүндөгү санжыра-санатын Манастын кулагына кумдай куюп насыяттайт.

Ак калпак кыргыздын алп Кошою - жаш Манастын идеалы.

Акбалтанын ал насыяты бул:

Катагандын кан Кошой

Белгилүү болгон эр ошол,

Белге таңуу шер ошол.

Кененче керчөө тон кийген,

Кер кабылан ат минген,

Азар түмөн кол чыкса,

Айгай салып бир тийген,

Байланып калган базардын,

Багын ачкан эр Кошой,

Туруп калган Турпандын,

Тушун ачкан эр Кошой.

Чокморунан чок чыккан,

Чок жарылып от чыккан,

Кармаганда кан чыккан,

Тиктегенде жан чыккан.

Тоодой болгон күрсү алган,

Тоону Кошой бир салган.

Тоону Кошой бир салса,

Тоону кылган таш-талкан,

Абаң Кошой эр ошол,

Арбагы бийик жан ошол.

Жети өзөндөй кайран жер,

Эби менен жер кылып,

Азган-тозгон кыргызды

Эптеп жүрүп эл кылып,

Теликуш таптап куш кылып,

Тентиген жыйнап журт кылып,

Коргонду таштан салды, дейт.
Азган-тозгон кыргызга
Абам Кошой карыя
Башчы болуп капды, дейт.
Алагар көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Бендеден артык шер ошол.
Балам, Манас, угуп ал,
Акбалта айткан кеп ошол.

Алоокенин кызыл кыргынында кызыл өрт болуп күйүп, жоо менен кашык каны калганча салгылашып, жетимиш жеринен жараланса да, урушун улантып, кийин кыргын басылганда да баскынчыларга өжөрлөнө моюн толгоп, өз жеринде кала берген, калып гана жөн болбой, Ат-Башыга коргон салып, бирин - серин кыргызды жыйнап, аларга арка-тирек болуп, кытай-калмак бийлиги менен айтышса айтыша, салышса салыша кетип, кыргыз элинин бар экенин билгизип, Ала-Тоону жетимсиретпей, калкынын көрөңгөсүн сактап жашап турган Кошойдун каарман жүрүм-туруму адамды айран калтырбай койбойт. Эмне деген патриотизм, эмне деген мекенчилдик! Өзүнүн өмүрү менен өзөктөш, тагдыры менен тамырлаш ушундай көкжал патриоттору бар болгону үчүн кыргыз эли «бороон-чапкында» өлбөй-житпей, жоюлуп-жоголбой тирүү сакталып калган тура. «Эрди эл таптайт, элди эр сактайт» деген макал - бул улуу чындык.

Анан калса, мобу алдыга тартылып өткөн Кошой жөнүндөгү эпикалык саптардын адабий жагына да назар бура өтөлүчү. Бул эмне деген укмуш сүрөт. Караңыздарчы, Кошой кандай гана образдуу сөз боектору, кооз метафоралар жана фразеологизмдер, эпитеттер жана көркөм салыштыруулар менен шөкөттөлгөн. Ташка тамга баскандай, кыска жана нуска курулган биртике эле ыр саптарына элдик инсандын бүтүндөй бир бейнеси, баатырдык баяны сыйдырылган. Үңүлүп тиктесек, саптардын арасынан жана подтекстинен эмне

деген дүйнө, не деген келбет, не деген кулк - мүнөз, не деген күч-кубат, не деген сүр жана каарман рух көөлгүп жатат. Муну миниатюрадагы роман десек да болор эле. Мындай классикалык көркөм портрет дүйнөлүк адабиятта сейрек кездешчү көрүнүш десек болот.

Албетте, Акбалта турмушта бул бейнени кеңейтип, Манаска деталдаштырып, мисалдаштырып, кең-кесири далилдеп, узун-сабак салып, чын пейли менен төгүлүп, бирде Кошойго сыймыктанып, бирде ага суктанып айткан тарыхы Манас үчүн чынында эле өзүнчө бир ачылыш болуп, кайталангыс бир «окуу китебинин» ролун ойноп, анын акыл-эсине жана жан дүйнөсүнө терең из калтыргандыгы байкалат. Муну эмне менен далилдөөгө болот? Муну кыйыр жол менен ырастап берсек болот. Маселен, Алтайдан Ала-Тоого биринчи жолу келген жаш Манас менен Ат-Башыдагы Кошой дөөнүн алгач ирет жүздөшкөн учуруна байкоо салып көрөлү. Буга чейин көзү көрө элек адамдын алдында ийилип, бүгүлүп көрбөгөн жаш баатыр Манас Кошойго бет келгенде үзөнгүнү теппей атынан ыргып түшүп, эки колун бооруна алып басып келип, ат үстүндөгү аксакалды кучактап, жетине албай момингип барбаландап турат: «Абам Кошой карыям, айла тапкыч олуям, өйдө турсам өбөгүм, ылдый тартсам жөлөгүм, астыга салсам ак жолум, аркамда жүрсө сан колум». Бул эң кымбат, эң асыл сөздөр Акбалтанын Кошой туурасындагы жанагы аңгемелери учурунда Манастын жан дүйнөсүн сыйкырлап, арбап алгандыгын, Кошойдун элеси анын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун алгандыгын, Кошойдун өрнөгүнөн улам Манастын өз ичинен нечен ойлонуп, нечен толгонгондугун, Кошойго ичинен ыйыгындай ишенип калгандыгын, Алтайда жүргөндө эле бул улуу инсан жаш баатырдын пир туткан идеалына айлангандыгын өзүнөн өзү көрсөтүп турбайбы. Кошойдун баатырдык тарыхы аркылуу Манас кыргыз элинин душманга багынбас, кулчулук менен келише албас өжөр, каарман рухун тааныган.

Кыскасы, жыйынтыктап айтканда, Жакыптын, Чыйырдынын, Акбалтанын жети атаны жеткизе айтып, тарыхты таасын таржымалдап сүйлөп,

калкына калка болгон улуу эрендер тууралуу саймедиреп таалим бергени, Манастын патриоттук нукта социалдашуусунда жана атуулдук - граждандык аң сезиминин түптөлүшүндө зор роль ойногондугун туюуга болот. Баатыр ата-бабаларынын жана кыргыздын эл-жерди коргогон көк жал эрлеринин өрнөктөрү жан дүйнөсүнө терең из калтыргандыгы Манастын чын жүрөгүнөн айткан төмөнкү сөздөрүнөн көрүнөт:

Каптаган жоого алдырбас,
Баатырын көрдүм кыргыздын.
Ашуудан бутун тайдырбас,
Арстанын көрдүм кыргыздын.
Бороондуу күндө буюкпас,
Дөөлөрүн көрдүм кыргыздын.
Аз болсо, көптөй көрүнгөн,
Өнөрүн көрдүм кыргыздын.

“Элдик мектептин” таалими.

Жаш Манастын тарбиясына, Жакып, Ошпур, Чыйырды, Акбалта сындуу элдик педагогдордун максат көздөп жүргүзгөн таалими гана эмес, элдик турмуштун өзүнүн уклады, элдик менталитет, элдик моралдын атмосферасынын өзү астыртан таасирин тийгизгендигин да айтпай коюуга болбойт. Тээ илгертен кыргыз социумунун жашоо образы өзүнүн коллективисттик мүнөзү менен өзгөчөлөнүп келген. Бул чөйрөдө “Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт”, “Эл ичи алтын бешик”, “Элинен безген, эр оңбос, көлүнөн безген каз оңбос”, “Элден безген - эр эмес”, “Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол”, “Жаман киши өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт”, “Эр жигит эл четинде, жоо бетинде” деген сыяктуу макалдар абдан популярдуу. Бала Манас кенедейинен дал ушундай ойлонуу ыгы үстөмдүк кылган социалдык кыртыштын абасы менен дем алып чоңойду. Манас баатырдын корпоративдик-коллективисттик, элчил, көпчүлүкчүл, коомчул моралынын түптөлүшүнүн социологиялык - маданий

тамыры, мына ушинтип, бир жагынан Алтайдагы ак калпак журтгун этникалык жашоо образында жана рух менталитетинде жатат.

“Жети Атанын” өрнөгү.

Манастын мекенчилдик тарбиясына келгенде мына бул факторду да байкабай коюуга мүмкүн эмес. Кайрадан каарманыбыздын ата - тек гениалогиясына кайрылалы. Манастын түп атасы Каракан, Каракандан Огузкан, Огузкандан Аланча кан, Аланчадан Байгур менен Уйгур, Байгурдан Бабыр, Бабырдан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, Көгөйдөн Ногой, Ногойдон Орозду чоң атасы.

Ушул ата-бабаларынын бардыгы кезегинде Азиянын мейкиндерин чаңдаткан, азуусун айга жанган баатыр, падыша, хан, ажо болушкан. Элин “тумшуктууга чокутпай, туяктууга тептирбей” калкалап, журтунун таянган тоосу болуп, атак-даңктары ай-ааламга угулуп, дүйнөдөн дүңгүрөп өтүшкөн. Чоң аталары жөнүндөгү атасы Жакыптын аңгемелери, эл ичиндеги даңаза сөздөр бала Манастын жан дүйнөсүнө ата-тегине сыймыктануу сезимин астыртан жаратпай койгон эмес. Акылдуу бала ата-бабаларынын даңкына татыктуу тукум болуу тууралуу ичинен кыялданбай койбогон. Бекеринен он эки жашар Манас илгерки Ажо, Хан, Бек болгон бабаларына, Орозду чоң атасына кыялында окшошкусу келип: “Төрөм деп айт мени”, “Баатыр деп айткын мени” деп, жанындагы балдарга тамашалап кайрылбаса керек. Бир сөз менен айтканда азуусун айга бүлөгөн данктуу баатыр чоң аталарынын өрнөгү бала-барчын небереге дем-шык берип, ар намысын ичтен козгоп ойготуп, анын маңдайында маяк болуп күйгөн. Баатыр ата - бабаларыньш таржымалынын мисалында тарыхый эстутумга тарбиялганган Манас: “Биздин элди сурасаң, баатырлар менен жүрөктөш, балбандар менен билектеш, эрендер менен маңдайлаш, чечендер менен таңдайлаш, бөрү жалдуу кабылан, бөтөнчө эл-журт олуя, беттеп адам барбаган” – деп, бекеринен сыймыктанып айтып турган жок.

Жаш Манастын жоокердик – аскердик өнөрдү үйрөнүшү.

Манастын ата-бабалардын салтындагы аскердик, согуштук өнөрдү

үйрөнүп, өздөштүрүшүндө да Акбалтанын ролу зор болгонун аңдап билсек болот. Ырас, эпосто Акбалтанын Манасты уруш өнөрүнө көнүктүргөнү жөнүндө көрүнөө турган фактыларды табуу кыйын. Бирок дастандын эпикалык саптарынын ары жагында талдоо салып, көмүскөгө жашынган логиканы ээрчип ой чуркатсак, биз издеген нерсенин башы айкындалып, ачыкка чыга келет. Акбалтанын жогорудагы “ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы” деген сөзүн кайрадан эске түшүрүп көрөлүчү. Кытай-калмакка окшогон күчтүү жоо менен “азуулашууга” даярдоодо Манаска аскердик-согуштук өнөрдүн сырларын үйрөтпөй коюу мүмкүнбү? Бул жерде “ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип” деген сөздөрдү буквалдуу түшүнбөө керек. Каймана айтылган бул фразеологизмде Манасты аскердик искусствого көнүктүрүү, машыктыруу идеясы бугуп жатат. Ал кандай искусство? Кыргыздардын өзүнүн аскердик өнөрү бар беле деген суроо туулбай койбойт. Мындай суроого “Манастагы” төмөндөгү фактыны негиз кылып, ой жүгүртүү аркылуу жооп табууга болор эле. Эл мугалими Бектур Исаков “Көкөтөйдүн ашындагы” бир сейрек кездешкен кызыктуу жана таңгаларлык окуя тууралуу минтип чечмелеп жазат: “Көкөтөйдүн ашындагы элге жоокер оюну тартууланат. Манас доолду карс урганда, чоролор эки жак болуп бөлүнөт. Кайра доол дүп эткенде, мылтык атылып, чоролор аттан кулайт. Кайра дагы доол урулар менен, жерде сулап жаткан чоролор “тирилип”, үзөңгүгө бут салбай, көз ирмемде атка ыргып минишет. Дагы доол! Кыргыл тебетейин көккө ыргытат. Бакай атканда, ылдыйлап келаткан тебетей кайра көккө көтөрүлөт. Улам ылдыйлаганда, чоролордун бири атып, ошентип, эт бышымча тебетей түшпөйт. Дагы доол урулганда, чоролор 21ден төрт топко бөлүнөт. Улам доолдун кагылышы менен бир топ найза менен сайып түшүрүлсө, экинчи топ көзгө илешпеген тездик менен чоролорду кайра атына мингизип өтүшөт. Дагы доол кагылып, эки тарап бетме-бет алеңгир жаа менен атышат, ошондо чоролордун башындагы туулганын чачыктарын гана жебелер кыркып түшөт. Мына, чеберчилик деп, көзгө атар мерген деп ушуну айт! Чачыктын боосу

кылдай ичке, ошону үзө атыш, болгондо да бири эмес, барынын тең ушундай өнөр сапаттуу болгонунан кабар берип турат. Анан дагы доол кагылат. Чоролордун арасында кылычташуу, айбалта чабышуу. Бирок чапчаңдык менен кыймылдаган чоролор денесине кылыч да, найза да, айбалта да тийгизишпейт. Мына ушундай жоокер оюнун өткөрүү Көкөтөйдүн ашына “кыргызды тыптыйпыл чаап алам” деп, адегенде казандагы этти талап жештен баштаган душманды сестентет” [2, 40-б.]. Мындан улам эмнени айтууга болот? Көкөтөйдүн ашында бул адамдын оозун ачырган аскердик өнөрдү демонстрациялап көрсөтүүнүн башында Манас баатыр өзү турат. Доолду дүңгүрөтө кагып, белги берип, көрсөтүүнү жөнгө салып турган өзү. Демек, бул өнөрлөрдү чоролорго үйрөтүү ишинин башында да Манас өзү турган деп айтууга негиз бар. Өзү да мындай согуштук өнөрлөргө: жаа атууга, кылыч чабууга, найза саюуга жана башка аскердик ыкма-амалдарга машыктырылгандыгы терең баам салган кишиге байкалып турат. Эгерде бул өңдүү жоокердин искусствого бала кезинен үйрөтүлбөгөн болсо, анда жаш баатыр Манас Алтайда калмак- кытайдын түркүн баскынчылык согуштарда “алчы-таасын жеп” такшалган Кочку, Жолой, Нескара сыяктуу шааларын жана алардын машыккан жоокерлерин жеңе албас эле. Жолой, Кочку сыяктуу күчтүү, балбан баатырлар менен Алтайда беттешкен учурда жаш Манас аларга жебедей атылып барып, “андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча” найза сайып, өзүнүн сайышка ашкере ыкчылдыгын көрсөтөт. Каман алп деген калмактын баатыры менен беттешкенде анын төбөсүндөгү чачын көз ирмемде уучтай салып, Айманбоздун үзөнгүсүнүн боолутуна үч ирет орой чалууга үлгүрүп, атка сүйрөтүп кетет. Манас жамбы атканга дагы жаш кезинен машыкканы байкалат. “Көкөтөйдүн ашында” ат үстүндө чаап баратып, ак келтеси менен жамбыны үзө атып, жамбы жерге түшкөнчө кыргыйча аны илип кетет. Анын Алтайдагы бала чоролору дагы найзага ыкчыл. Илгери элибизде өспүрүмдөр, жигиттер ойной турган эр сайыш, ордо, шабиет, теке чабыш, укурук салмай, кыз куумай, жөө жарыш, ат үстүндө ойноо, оромпой тебүү, жаа

атмай, найза ыргытмай, жөө оодарыш, кылыч чабышуу, оодарыш, төө басмай, кара казак ж.б. спорттук, жоокердик өнөрдүн сырларын, амал-айлаларын, ыкмаларын үйрөтүүчү оюндар болгон. Өспүрүм Манас Ошпурда койчулукта жүргөн 4 жыл ичинде ушул оюндарды ойноп, машыкпай койгон эмес.

Ошпурга Манас барганда,
Кырк бала жыйнап талаага,
Койду союп той кылды,
Торпок минип топоңдоп,
Толгон бала чогулду.
Айталаага кырк таман,
Кадимки ордо чийдирип...
Этке тойгон кырк бала,
Жөө кунан чаап бакырат.
Астыга чыгып келгени,
“Манастап” ураан чакырат.

Эпостогу бул саптар Манастын козу-кой гана кайтарбай, жогорудагы саналып өткөн оюндардын мектебинен өтүп жаткандыгынан кабар-элес бербей койбойт.

Жогорудагыдай аскердик-жоокердик өнөрлөргө Алтайда Манасты жана анын “бала чоролорун” үйрөтүүнү, машыктырууну уюштуруу ишинин башында “Ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы” деп баланын тарбиясы үчүн күйүп-бышкан Акбалта турган десек жаңылышпас элек. Мындай аскердик өнөрлөрдү кытай баскынчыларына каршы Ала-Тоодо элдик көтөрүлүштү жетектеген мурдагы жоокер Акбалта билбеген деп айтышка негиз жок. Манастын баатырдык келечегине терең ишенген Акбалта баланы төрт жыл бою Ошпурдун колуна берип коюп, жөн жата берчү жан эмес эле. Акбалта көк жал балага тез-тез каттап, Ошпур менен бирге насаатчылыкка активдүү катышып, керектүү адис адамдарды таап, Манасты аскердик-согуштук өнөргө таптоону колго алган дешке. Бул саптар

бала Манастын жоокердик - аскердик өнөрдү үйрөнүп, эр деп айтарлык болуп, тапталгандыгын астыртан каңкуулап, ишаралап турбайбы. Чындыгында, акылман баатыр Акбалта Алтайда бала Манастын бардык жагынан мугалими болгон дешке негиз бар.

Тарбия таптаган Манастын атуулдук толгонуулары жана санаркоолору.

Мына ошентип, Манас психологиялык жактан караганда, өзүнүн жеке ата-тегинин жаркын өрнөктөрүн жолдобой коюуга акым жок деп туюнган жана ата-бабаларынын патриоттук, мекенчилдик салты, руху менен жашоо жаш баатырдын мүдөөсүнө жана ар - намысына айланган. Манастын ички толгонууларына жана санаркоолоруна көңүл буралы. Намысы тынчтык бербей: «Атым өчүп калбайбы, атамдан калган Ала-Тоо, Алтайдан калбай албасам» - деп, жаш баатыр дайыма ичинен толгонуп, азаптанат. Өз ата конушунун бирөөлөрдүн бийлиги алдында калганына катуу чычалап, ичи өрттөнүп: «Жердеп турат жеримди, ээлеп турат элимди, Текес менен Алооке, кетирип турат кебимди» - деп, дамамат бармагын тиштеп, түтөп турат. Ала-Тоонун, Анжиян менен Кашкардын душмандын таман алдында жатышын өзүнүн жеке инсандык ар намысынын тепселип жатышы катары туюнуп, эч бир жаны жай албайт. Анжиянды басып жаткан Алоокеден улам: «Атамдан калган жеримди, алдырып коюп Кытайга, аңкайып кантип турамын», «Кызыктуу жерди алдырып, кыргыз уулу болгончо, кырылып жатып калалык, кайтарып жерди албасак, кан жөткүрүп калалы» - дейт ал муштумун таштай түйүп. Мына, караңызчы, күчтүү эмоция менен коштолгон бул сөздөр атуулдук- жарандык-патриоттук терең толгонуулардын жана санаркоолордун бийик көрсөткүчү эмей эмне?

Жаш баатырдын Анты - тарбиянын ажайып “АЛТЫН ТААЖЫСЫ”.

Манастын эл алдында берген төмөнкү Анты анын намыскөй, патриоттук рухунун, жарандык аң-сезиминин эң бийик чокусун мүнөздөйт:

«Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!»

Мынакей, таалим-тарбия деген нерсенин улуу күчү жана керемет натыйжасы. Тарбиянын колунан бардыгы келет деген кеп чын экен го. Элдик педагогиканын тарбия мектеби кандай жалындаган мекенчил патриотту жаратып таштаган. Манастын бул Антын - тарбиянын ажайып “алтын таажысы” десек жаңылышпас элек.

Манас ушул Антына бекем туруп, кара башын курман чалбадыбы. Ата журтту баскынчы жоодон куткарып, элин боштондукка чыгарып, «Кулаалы таптап куш кылып, куранды жыйып журт кылып», эгемендүү кыргыз мамлекетин түзгөндүгү, уулдук ар - намыстын жана мекенчилдиктин туусун бийик көтөргөндүгү үчүн калайык-калкыбыз, жарандарыбыз Манаска ыйык АТА катары карап, ага сыйынып калышкан. Манастын эл-журтуна кылган кызматынан улам улуу Ф.Достоевскийдин: “Өзүнүн жеке пайдасын түк ойлобой, өз ыктыяры, жан дүйнөсүнүн, жүрөгүнүн чакырыгы менен көпчүлүктүн жыргалы үчүн өзүн курмандыкка чалып жаткан адамдан жогору турган асыл керемет барбы, бу дүйнөдө”-деген сөзүн эске түшүрүүгө аргасызбыз. Манастын өрнөгү - түбөлүктүү рух кенчибиз, патриоттук өчпөс маягыбыз!

Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы.

Акырында, эми мобу маселеге токтололу. Жаш адамга берилип жаткаи тарбиянын жакшысы, албетте, тагдырдын ачкычы. Бирок тарбияны канткенде жакшы дейбиз? Педагогиканын тили менен айтканда, бала тарбиянын объектиси гана болбой, анын субъектиси да боло алганда тарбияны жакшы десек болот. Башкача айтканда, өзгөлөрдүн берген тарбиясына тарбияланууучунун өзүнүн акыл түйшүгү, ой мээнети, аң-сезимдүүлүгү, өзүн-өзү тарбиялоо боюнча жекече күч-аракети жуурулушушу керек. Тарбияланууучунун акыл-эс жигердүүлүгү, субъективдүү активдүүлүгү, демилгелүүлүгү, аң сезимдүү умтулушу болмоюн жалаң тыштан көрсөтүлгөн таасирлердин күчү менен баланын тарбиясы көгөрүп-көктөп кете албайт. Тарбия өспүрүмдүн өзүн өзү тарбиялоосу менен коштолгондо гана көркүнө чыгып, жогоруда айтылгандай, тагдырдын ачкычы болун бере алат. Ушул көз караш менен караганда, Манастын тарбияланыш таржымалынын дагы бир кеп боло элек кыры, аспектиси жөнүндө кыска, нуска сөз салып өтүүнүн зарылдыгы бар.

Немистин улуу ойчулу Гётенин “Ойлонуу, ой жүгүртүү - бул эң татаал эмгек” деген сөзү бар. Ал эми В.А.Сухомлинскийдин “Айрым тарбиячылардын эмгекке, эмгек тарбиясына примитивдүү карашкандыгы таңгалдырат. Кээ бирөөлөр адам колуна күрөк- кетменди же шыпыргыны алган жерден эмгек башталат деп ойлошот. Эмгек деген - бул күрөк же соко гана эмес, ал - ойлонуу- толгонуу, акыл жүгүртүү дагы [3, 97-б.] - деген сөзүн да эске түшүргөнүбүз ылайык. Ушул ойлорду ээрчий айтсак, жаш Манас күчтүн гана баатыры эмес, акыл эмгегинин да баатыры болгон деп айтууга туура келет.

Эпостун сюжеттинен жана көркөм тексттеринен Манастын акыл-эси бала күнүнөн тартып өмүрүнүн акырына чейин тынымсыз изденүүдө, ар дайым бийик чыңалуу абалында болгондугу айкын туюлуп турат. Кыргызды бир кезде кыргынга учураткан, азыр болсо Анжиянда тактыда отурган кытайлык Алоокеге каршы аттанардын алдында Манастын абал-жагдайы бул: “Жаны калбай аянып, жатпай чыкты үч күнү, жалаң кылыч таянып, чыканак жерге

салбады, чырм этип уйку албады”. Мына ушинтип, Манас кылычын таянып, үч күн, үч түн уктабай тирмийип ойлонуп, башын катырып, саргарып санаа чегип, тогуз толгонуп, өзүн өзү кыйноого салган. Бала Манас эпосто “Пендеден артык туулган”, “баш териси, турпаты башка” делип мүнөздөлөт. Ошол табиятынан өзгөчө артык жаралган, “турпаты башка”, оргуштаган акыл жөндөмү менен Манас кулунчак кезинен эле алдыга суроо коюп, собол таштап, жооп издөөгө, жашоо-турмуш маселелерин талдап-талкуулоого ык алып, тарбиячылардын берген багытын чап кармап, зарыл коомдук-турмуштук түшүнүктөрдү бат кабылдап, тез түшүнүп, тереңдеги себептерди, тамырларды аңтарганга, алысты чапчып акыл тегереткенге адат алган. Бекеринен “Хан Жакып айтып болгону, кайышып бала толгонду” делип эпосто айтылып жаткан жок. “Ай, атаке, деп айтат, абалыңда кол салып, сизди келип камалап, урган калмак турбайбы”. Кулунчак Манастын оозунан чыккан ушул сөздөр, койгон суроосу, атасынын айткан тарых сабактарын анын жөн гана пассивдүү кабылдап отурбагандыгын, тескерисинче, ынтаалуу, активдүү кабылдагандыгын, жаш Манастын баш мээси кыймылдап, ичинде ойлонуу, толгонуу түйшүгү жүрүп, тарбияланууучуда субъективдүүлүктүн өсүш алып жаткандыгын астыртан күбөлөп берет. Бала Манас калмак-кытайды “зордукчу” деп аныктайт. Мунун өзү Манастын акылында талдоо, баа берүү, этикалык ой толгоо процесстеринин жүрүп жаткандыгынын айгинеси. “Калмактан коркуп калтырап, кытайдан коркуп кылтылдап, жүрсөм кудай урбайбы” деген сөздөрүнөн Манастын жигиттик, патриоттук ар-намыс сыяктуу чоң түшүнүктөрдүн айланасында талыкпай ой чуркатып отуруп, баскынчы душманга каршы жалтанбай күрөшүү жөнүндөгү чечимге бекигендиги ачыкка чыгып турат. Ал эми “куу дүйнөнүн түбүнө, куусаң кантип жетесиң” деген сөздөр акылгөй жаш баатырдын күн тартибинде турган патриоттук маселелер жөнүндө гана эмес, бу тирүүлүктүн дайымкы, түбөлүктүү көйгөйлөрү тууралуу да далай жолу ойго чөмүлүп, акыл азабын тарткандыгын байкатып жатат. Бул дүйнөнү “куу дүйнө” деп атаганы Манастын философчосунан да ойлонуп - толгонгондугуна айгак болот.

Тарбия ишинде тарбияланууучунун, тарбиячынын айтканын айткандай, дегенин дегендей шектенбей кабыл алып, автомат сыяктуу эске сактап, кайра аны кандай үйрөтсө, ошондой кылып кайталоосу маанилүү эмес, тескерисннче, дагы айталы, тарбияланууучунун өзүнүн мээси менен ойлонуп, башын катырып, өз акыл мээнети менен аракетгенгени эң маанилүү, эң баалуу. Улуу педагог Лев Толстой минтип сүйлөп турат: “Знания только тогда знания, когда они добываются усилиями собственной мысли, а не памятью”. Тарбиячынын насааттап үйрөтүп жаткан нерселерин тарбияланууучу өз ой «тегирменине» салып, акыл «жаргылчагына» тартып, жүрөгүнөн өткөрүп түшүнүп-туюнганы аба менен суудай зарыл. Инсан -личность ушундай жол менен түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, Манастын аң-сезиминде жана рухунда тынчтык, магдыроо деген болгон эмес. “Энеден сүт ич, акылмандан акыл ич” деген макалды эске түшүрөлү. Бул жерде акылдуунун айтканын жөн эле үйрөнбөй, ич деп жатат. “Ич” деген каймана сөздүн мааниси акылмандын насыятын өз тажрыйбаң менен текшерип, жүрөгүңдөн өткөрүп, өз акыл “тегирмениңе” салып, менчик мүлкүңө айландыр, ошондо осуят сүт ичкендей болуп рухуңа сиңет, жүрөк-жүлүнүңө жетет деген логиканы билдирет. Манас өзүнүн Жакып, Чыйырды, Акбалта, Ошпур сыяктуу алгачкы тарбиячыларынын ойготкон, багыттаган, жол көрсөткөн кеп-сөздөрүн, өрнөктөрүн, мисалдарын өз акыл “жаргылчагына” тартып, “ичип”, рухуна, аң сезимине сиңирген. Кошой, Бакай өңдүү устаттарынын берген акыл “дандарын” өз “тиши” менен “чайнап” аш кылып отурган. Манас ушундай жол менен Манас болгон. Манас өзүнүн акыл мээнети менен өзүн өзү тарбиялап, өз инсанын өзү түзгөн, өз тагдырын өзү жараткан десек жаңылышпайбыз.

Азыркы күндөгү интернеттен алынган даяр маалыматтарды эске түйгөнүнө компойгон “билерман” жаштарга, калыкулятордун чыгарып берген эсебине таянган, өз ой жүгүртүүсү жок, белен шаблондор, моделдер, стандарттар менен жашаган “компьютер баштуу” (Мухтар Шаханов) тукумдарга, өз пикири жок ээрчиме Эшмат, Ташматтарга Манас атанын өзүнүн

күндүр-түндүр тынбаган жекече акыл-ой мээнети менен өзүн инсан кылып жараткан өрнөгү табылгыс таалим дээр элек. Дене-бойдогу алп күч- кубаттын гана ээси эмес, акыл мээнетинин да баатыры - Манастын образын бүгүнкү тарбиянын таянычы катары таанышыбыз абзел. Тыштан көрсөтүлгөн педагогикалык таасирлерди айтпаган күндө да, адам баласы биринчи иретте, өзүн өзү тарбиялоосу, өзүнүн индивидуалдуу ойломун иштеп чыгуусу аркылуу гана адам болот, личность катары түзүлө, жарала алат. Буга улуу Манастын мисалы күбө.

Манастын адеп-ахлагынын асылдыгы – сөзү менен ишинин биримдигинде.

Манас патриоттук гана маягыбыз эмес, нравалык идеалыбыз дагы. “Адамды сөзүнөн эмес, ишинен тааны” дейт кыргыз макалы. Кишинин сүйлөгөн сөзү, берген убадасы, шерти, анты кургак сөз, куру чечендик бойдон калса, сөзү иши менен бекемделбесе, анда мындай оозу менен орок оргон пенденин кыргыз коомунда кадыр - баркы болбогон. “Үстүңкү эрди менен көктү шыпырып, астыңкы эрди менен жерди шыпырып”, кулакты тундурган ураан көтөрүп, төшүн кагып, тили “буудай кууруп”, бирок тырмактын агындай иш кылбаган, “куурай башын сындырбаган” адамдын опосуз тайкылыгына элдик нравалык аң-сезим ар дайым тескери мамиле жасаган жана мындай кунарсыздыкка каршы “Сөзүң өлгөнчө, өзүң өл”, “Ооздун жели опаа болбойт”, “Сөзгө - баатыр, ишке - бакыр”, “Сөзүң менен орок орбо, көзүң менен машак тербе”, “Сөзү калса талаада, өзү калат балаага”, “Куру сөздүү куу чечен, учуп жүргөн камгактай” деген сыяктуу макалдардын ачуу жебесин багыттап келген. Манас заманында, жоокердик, рыцардык ар намыстын арааны жүрүп турган доордо айтылган убада сөзгө, антка, шертке биринчи маани берилген. Элдик этика сөзү өлгөн кишини өзү өлдү катары эсептеген - “Эр жигиттин убададан тайганы - өлгөнү”.

Сөз менен иштин биримдиги кечээки ата-бабаларыбыздын моралында адамды баалоонун негизги чен-өлчөмү болуп келген, бүгүнкү күндүн

этикасында да, бул нерсе инсандын адеп- ахлактуулугунун башкы критерийлеринин бири. Буга байланыпптуу “Сөзүң менен ишиң айкалышсын”, “Сөз - үрөн, иш - мөмө”, “Жакшы адамдын сөзү менен иши бир” деген сыяктуу кишиге алдын ала багыт берип, талап койгон макалдар жашап келет. Дегеле, сөз менен иштин биримдиги жөнүндөгү адеп критерийи дүйнөдөгү бардык элдерге тиешелүү жалпы адамзаттык нравалык норма го. Ошон үчүн марксизм акылмандарынын төмөнкү: “Реалдуу кишилердин реалдуу - ой-пикирлери менен сезимдерин кандай белгилер аркылуу билүү керек? Мындай белги бирөө гана болушу мүмкүн экендиги түшүнүктүү, ал белги: ушул кишилердин иш-аракеттери, ал эми сөз коомдук ой-пикирлер менен сезимдер жөнүндө болуп отургандыктан, буга дагы: “кишилердин коомдук иш-аракеттери дегенди кошумчалоо керек” деген сөздөрү таамай аныктама катары жер үстүндөгү бардык калайык-калктар үчүн кечээ да, бүгүн да керектүү, актуалдуу, адамды баалоодо ар дайым жетекке алчу чен-өлчөм деп ойлойбуз.

Марксизм көсөмдөрү айткандай, Манас биринчи иретте, өзүнүн реалдуу коомдук иш-аракеттери, эл-журт алдында көрүнөө кылган көрөсөндүү жумушу аркылуу көрүнгөн инсан. Манас Алтайда өспүрүм бала кезинде эле “калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин” деген күйүп-бышкан патриоттук сөзүн жарыя кылган. Жаш баатырдын бул сөзү чынында эле бекер эмес экен. Манас жогорудагы антын аткаруу максатында күн-түн тикесинен тик туруп, ырасында эле, акыры көптүн кызыкчылыгы үчүн дүйнөгө бир келген өмүрүн курмандыкка чалды. Элим-жерим деп күрөшүп жүрүп, аягында душмандан алган жаракатынан каза таппадыбы. Жогорудагы “Сөз - үрөн, иш - мөмө” деген макалды эске түшүрөлү. Макалдын маанисин улап мобуну айталы. Манастын алды жакта келтирилген Анты — бул кыртышка таштalган үрөн. Ал эми ошол үрөндөн өсүп чыккан МӨМӨ - бул антын аткаруу үчүн Манастын кара башын канжыгага байлап жүргүзгөн аскердик күрөшүнүн, каарман коомдук иш-аракеттеринин, кайталангыс эрдиктеринин натыйжасында кыргыз элинин ээ болгон эркиндиги, чачылган калктын кайрадан Ала-Тоого чогулуп, эгемендүү,

бирдиктүү журт болгону. Манастын боюндагы сөз менен иштин биримдиги аттуу улуу адеп-ахлактан жаралган улуу МӨМӨ, улуу ЖЕҢИШ, укмуштуу натыйжа ушул.

Манастан мындай натыйжаны күтүүгө ишенич бар эле. Себеби, тил учунда жашаган жалган ураан эмес эле. Бул ишеним бала кезинен Манастын аң-сезимине тамырлаган, жүрөк-жүлүнүн уялаган, кан- жанына таралган, өзү менен өзөктөш ишеним болучу. Мына ошондуктан жогорудагы Ата журт жөнүндөгү Ант Манастын тилинин учунан эмес, жан түпкүрүнөн кайнап чыккан, жүрөгүнүн толтосунан атылып чыккан чындык эле. Мындай жүрөккө тамырлаган ички ишенимдин чындыгынан, Анттан баш тартуу кыйын. Анткени бул үчүн өзүңдүн жүрөгүңдү айырышың керек. Бул өзүңдү өзүң “айрыганга” тете. Бул Манас үчүн мүмкүн эмес. Демек, баатырдын анты эч качан эки ача чыкмак эмес. Ишенимдин тереңдиги - ишмердиктин булагы.

Кыскасы, бир сөз менен айтканда, эл алдындагы антын аткарган, сөз менен иштин, ишеним менен жүрүм-турумдун биримдигин алып жүргөн Манас өзүнчө бир гармониялуу, натурасы бүтүн, жоопкерчиликтин жана атуулдук абийирдин жогорку үлгүсүн көкөлөтүп көтөрүп жүргөн улуу патриот. Сөз менен иштин айкалышы жөнүндөгү жалпы адамзаттык моралдык норманы алып жүргөн каарман катары Манастын образы дүйнөлүк универсалдык өрнөктүн даражасына көтөрүлүп турат десек жаңылышпайбыз.

Бүгүнкү күндө адамдардын адеп-ахлагында сөз менен иштин ажырымдыгы күчөп, жоопкерчилик деген нерсе дефицит болуп, эки жүздүүлүк, жүрүм-турумдун кош стандарттулуугу активдешип турганда, кооз сөздөрдөн, кургак убада-ураандардан маска кийген шылуундар жаандан кийинки козу карындай көбөйүп жатканда, айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарган, сөзү менен иши айкалышып турган Манас Атанын атуулдук адеп-ахлагы биз үчүн маңдайда жаркырап күйгөн нравалык маяк экени чындык.

Манастын чакырыгы.

Манас өзүнүн алдында күн тартибинде турган бийик патриотгук

милдеттердин сересинен туруп, айланасына көз чаптырат, кыргыз журтунун ичиндеги камырабастыкты, алысты көрбөгөн кыска ойлуулукту, күнүмдүк менен чектелүүчүлүктү сынга алып, өз мекендештерин “арканды узун таштап”, кенен ойлонууга, журт башына келчү коркунучтун алдында көздү чоң ачып, күнүмдүк тапкан мүлккө корстон болбоого, алдыда турган атуулдук чоң милдеттерди сезе билүүгө чакырат:

Корстон болбо дүйнөгө,
Короодо жатат коюм деп,
Кор болбоймун оюм деп,
Комсоо кепти сүйлөбө.
Өрүштө жалкы малым деп,
Өзгөчө кыйын алым деп,
Өкүнүчтүү болор айткан кеп.
Жайытта жатыр уюм деп,
Сандыкта дүйнө-пулум деп,
Санаага салсаң жаман кеп.
Жүк артсам арбын төөм деп,
Дөөрүгөнүң - жүдөө кеп.
Конокко сой бир койду,
Корооңо кой миң койду.
Бир карышкыр кириптир,
Миң койду кайдан тим койду.
Корооңо канды толтурду.
Кырып баарын болтурду.
Аны кылды бөрүңүз,
Артын байкап көрүңүз.

Манастын бул сөзү адамды терең ойлонтот.

Дүнүйө - мүлкүң түбөлүктүү түркүгүң эмес, деген Манас атанын бул акыл-насааты бүгүнкү кыргыз тукумдары үчүн да абадай керек. Бул терең

маанини камтыган, жарандарды масштабдуу ойлонууга, көрөгөч болууга үндөгөн, сары алтындай уюган накыл кепти бүгүн да ар бирибиз жадыбалдай жаттап, көңүлүбүздүн түпкүрүндө сактоого милдеттүүбүз деп ойлойм. Кечээ эле демократия жаңыдан башталганда, биз Кыргызстандын жайыт толо ую бар, короо толо он эки миллион кою бар, өрүш толо жылкысы бар, кор болбойбуз деп компоё тартчу эмес белек. Бүгүн ошол короо толо коюң кайда, өрүш толгон жылкың кайда?

Бүгүн да дүнүйө жыйсам деп дүмүрөңдөгөндөр, пулум болсо дүйнөм түгөл болор деп күнүмдүккө корстон болгондор, экономика болсо элим да бар, жерим да бар деп камырабай ой жүгүрткөндөр арбын. Туура, экономика зарыл. Бирок кыргызды түбөлүктүү кыла турган нерсе пул-дүнүйө эмес. Кыргызды уюткулуу, ордолуу дух сактайт, рух сактайт, алды-артын ойлонгон, жер тыңшаар Маамыттай жүз жылдык келечекти алдын-ала болжогон акылман акыл-эс, алысты көргөн айлакер саясат сактайт. Кыргыз элин 40 миң жылкылуу Жакыптын дүнүйөсү, Көкөтөй байдын сан жеткис малы, алтын-күмүшү сактаган эмес, ак калпак элди Манастын, Кошойдун, Бакайдын, Чубак, Сыргактын, Каныкейдин, Акбалтанын патриотизми, кыргыз элинин мекенчилдиги сактаган.

Манастын айкөлдүгү.

Манас түздүгү, актыгы, адал кызматы, эрдиги үчүн өзүнүн үзөнгүлөш, тагдырлаш досторуна ушунчалык берилген, аларды өз бир тууганынан да артык көрөт. Ошон үчүн Чоң Казатта туйгундарынан, кыраандарынан ажыраганда “Алмамбет, Чубак, Сыргагым, бардыгында өлбөдүм” деп өңгүрөп ыйлап, арман кылат. Ал досторунун, чоролорунун, сүйгөн жары Каныкейдин эл-журтка, мекенге карата жасаган эмгек-мээнеттерин, баатырлыктарын ар дайым калыстык менен баалай билип, аларга өзүнүн сый-урматын көрсөтүп турат. Маселен, алиги арам ойлуу чыккынчы Көзкамандардын уу берген өлүм торунан өзүн аман-эсен куткарып калган кырк чоронун жакшылыгына жана Каныкейдин эрдигине кубанып, Манас мына минтип аларга ыраазычылыгын

билдирип турат:

Өчкөн бир отту тамыздың, Шуутум,

Өлгөн бир жанды тиргиздиң, Шуутум,

Ошо кайран жеңең Канықей,

Сарып кылды малымды,

Алып калды арамга кеткен жанымды!

Өзүңдөй эрлер, уялаш,

Пейили сүттөй берендер,

Менин белиме медер кылганым.

Туйгундар сенин үлүшүң,

Менин ташыганым, жыйганым

-Ак жолтой чоро кырк кырааn

- Абийирим менен ыйманым!

Достору, чоролору өзүнө абийир, ыйман менен кызмат кылгандыгы үчүн Манас ушиитип агынан жарылып, алкышын айтып, аларга агыл-төгүл мамиле жасайт. Мисалы, Бакайды «Караңгы түндө көз тапкан, капилеттен сөз тапкан олуям», Чубакты «Эгизим Чубак көсөлүм, эсимден кетпес эсерим», Сыргакты «Асылым менин Сыргагым, алышкан жоодо шумкарым» деп эркелетет. Ал эми Кошой бабасын көргөндө ар дайым «Абам Кошой карыям, айла тапкыч олуям, өйдө турсам өбөгүм, ылдый тартсам жөлөгүм, астыга салсам ак жолум, аркамда жүрсө сан колум» -деп жетине албай турат. Манас Канықейдин түн ичинде уйку албай, күндүзүндө тынч албай өзүнө жана кырк чоро үчүн керемет аскердик кийим-кече, курал-жабдыктарды жасаган узчулук мээнетин да жогору баалап, “Жан курдашым Канықей- кагып турган жүрөгүм!” деп, сүйгөн жарына мээримин төгөт. “Он эки кыздын кенжеси, кудайдын сүйгөн пендеси”, деп Канықейди көкөлөткөн да Манас.

Манастын кырк чорого кандайча аталык камкордук көргөндүгүн, кандайча жакшылык жасагандыгын кырктын башы Кыргыл чал мындайча моюнга алат:

Атсыз келдик бир чоро;
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек
Атты Манас мингизди.
Тонсуз келген чорого
Тон мыктысын кийгизди.
Катынсыз келген чорого
Оймок ооз, бото көз,
Кылактаган сулууну
Алып берди зор Манас.
Үйсүз келдик бир чоро;
Үйсүз келген чорого
Керегенин кашаты
Темир менен тээктүү,
Жабык башы саймалуу,
Алты эли кундуз жээктүү,
Боо-чуусунун баарысын
Чылк жибектен чалдырган,
Борумдап ордо салдырган
Ордо берди шер Манас.
Малсыз келдик бир чоро;
Адырда жылкы ала баш,
Аргымык, буудан аралаш,
Бөлүп берди шер Манас.
Үзүлгөндү улады,
Чачылганды жыйнады.
Өчкөн отту тамызды,
Өлгөндөрдү тиргизди.
Берен Манас- көкжалдын

Этегин кармап эр болдук,

Эр уулу менен тең болдук .

Кыргыл чалдын бул чын жүрөктөн чыккан сөздөрүнөн Манастын чынында эле жолдоштору үчүн эч нерсе аябаган, чоролорум дегенде ичкен ашын жерге койгон, камкорчул, күйүмдүү, берешен экендиги айкындалып турат. Эпосто ал бекеринен “Телегейи тең эле, ичин карап отурса, жер жүзүнөн кең эле, сайып буруш эр эле, кеңдиги чалкар көл эле” деп мүнөздөлгөн эмес. Биринчи көргөн, өзү тааныбаган кытайлык Алмамбетке Манас айланасындагылардын оозун ачырып, өзүнүн Аккуласы менен Аккелтесин, Аккүбө тонун жана Ачалбарс кылычын тартуулап, ченде жок жоомарттыгын көрсөтөт. “Жоругун адам билбеген, жоомарт эрдин бири ушул” деп Ажыбай чечен бекер айткан эмес экен.

Ушуга удаа мына мобуну да айта өтөлү. Айдоого тукум сээп жатканда Баба дыйкан бизде мындай дейт: «Жылуу жерден конуш тап. Мунусу - жетим-жесирге, мунусу - алсыз карыпка, мунусу - курт-кумурскага, мунусу - сурамчы-тилемчиге, саламчыга, сизге, бизге, мага». Мына, жалпынын кызыкчылыгын көздөгөн кыргыздын жоомарт, жамаатчыл, гуманисттик, адамгерчиликтүү улуу этикасы. Мындай бийик нарк Манас баатырдын рухунда да жашайт. “Манастагы” айтылуу Бос талаада аксакал дыйкан адам менен өнөктөшүп дыйканчылык кылып, кырманга кызылды үйгөн баатыр Манас мындай деп сүйлөп турат: “Ушул тоодой буудайды, бакыр менен мискинге, баарын төгүп беремин!” Баба дыйкандай башкаларга жарыгын чачып, жакшылык кылуу салты Маната да ушинтип уланып отурат. Адамгерчиликтүү нарк илгертен бери карай келе жаткан кыргыздын жан дүйнө касиети.

Ал эми жан дүйнөнүн жоомартыгы бүгүн биздин улуттук кыртышыбызда өчпөй жашоосун улантып жатат. Бул касиет биздин стихиябыз жана “каныбызда” жашайт. Жалпысынан азыркы дүйнөдө жоголуп бараткан Баба дыйкандын, Манас атабыздын жоомарттык айкөл улуу руханий касиетин сактап калуу жана өзүбүз менен кошо ала жүрүү кыргыз менталитетинин

саламатчылыгын аныктаган көрсөткүчтөрдөн болмок.

Кыскасын айгканда, эпосто сүрөттөлгөндөй, Манас "көзү тоонун буткулдай, көрүнгөндү жуткудай, ажыдаар болсо туткудай, мурду тоонун сеңирдей, айбаты албарс темирдей" балбан, баатыр, дөө-шаа гана эмес, ички жан дүйнөсү да аруу, сулуу, сергек, түшүнүк-көз караштары алысты чапчыган, океандай чалкыган ажайып инсан-каарман. Ошон үчүн ал эпосто:

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүң,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай-күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй – деп, мүнөздөлүп жатат. Бул керемет классикалык саптарда Манас баатырдын ички руханий сулуулугу каймана түрдө келиштире сыпатталган. Ырасында эле, караңызчы, бул жерде айкөл Манастын рухий сын-сыпаты, мүнөзү, сапат- касиети кандай гана кылдат боёктор, кандай укмуштуу чебер сөз аспаптары жана ой гүлдөрү менен берилген.

Манастын көкөлөтүп көтөргөн туусу - достук!

Дүйнөлүк акыл-эс тирмийип тиктеп, саргара ойлонуп отуруп тапкан универсал идеялардын бири - бул жарык дүйнөдөгү бардык нерселердин өз ара чырмалышкан байланышы, өз ара шартташкандыгы жана өз ара бири-бирине багынычтуулугу, дүйнөнүн бир дене сыяктуу бүтүндүгү, бирдиктүүлүгү жөнүндөгү философия. Биздин «Манасыбыздын» түпкүрүндө да ушундай фундаменталдык идея чөгүп жатат, ал идея эпосто активдүү аракетте турат.

Элибизде тээ байыртадан: «Тиричиликтин күчү- бирдикте», «Тирилик түбү-бирдик», «Бирдик болбой тирдик болбойт» деген өңдүү акылман философиянын жашап келе жаткандыгы бекеринен эмес. “Эки эрдин достугу бир белди ашырат, эки элдин достуту миң белди ашырат” - деген ой да ушул даанышмандыктын уландысы. «Манас» эпосунун түндүгүн көтөрүп турган үлкөн идеялардын бири интернационализм, достук, биримдик идеясы дал ушундай концептуалдык дүйнө таанымдан агып чыгат. Манас баатырдын кыргызды гана эмес, түркүн уруулардын жана этносторду бириктирген “Кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган” ишмердиги дал ушундай философияга негизделет.

Манас дүйнөдөгү эң айкөл интернационалист каарман. Дегеле, «Маната» адам тегине, улутуна, расасына карап эч качан бааланбайт. Манастын жандай көргөн кырк чоросунун ичинде ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү: казак да, кыпчак да, монгол да, калмак да, кытай да бар. “Кырк жерден келген кырк кашка, кыркынын жөнү кырк башка”- делет “Маната”. Эпостогу эр - азаматтардын достугу жана биримдиги биринчи иретте, чындык, калыстык, адилеттүүлүк, адамгерчилик, эл алдындагы ак кызмат, адал мээнет деген сыяктуу улуу адеп-ахлак дөөлөттөрүнө негизденип турат. «Манастагы» Алмамбет менен Манастын достугу жөнүндө да дал ушуну айтууга болот. Маселен, Алмамбет баатыр Кытай мамлекетинин атуулу, ал чыгыштагы феодалдык деспотиянын шарттарында чындыкты, акыйкатты, адилеттүүлүктү издөөнүн ачуу драмасын жана трагедиясын баштан кечирген каарман. «Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошо жерде болормун» - дейт Алманбет. Чындык, адилеттүүлүк кай жерде болсо, ал ошол жерде. «Башымды жөлөр паана жок, баркымды билер даана жок» - деп арман кылган Алманбет, акыры издеген идеалын Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Өз кезегинде «издеп тапсам канаке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди» - деп, ичинен тымызын Аккан досту көксөп жүргөн Манас, Алмамбеттен өзүнүн руханий эгизин көрүп, «алыскы ишти кабыл алып, «кызыл найза желегим,

кытайдан келген белегим» - деп аны менен ажырагыс дос болот.

Манас менен Алманбет көр тириликтин майда-баратынан, бытовизмден, этникалык, улуттук тосмолордон өйдө көтөрүлүп, акыл-ой маданиятынын өтө бийик чокуларына көкөлөп чыккан каармандар. Ошол рух чокусунан бири-бири менен жуурулушкан даанышман баатырлар. Манас менен Алманбеттин достугу дүйнө элдеринин өз ара диалогу, чындыкка, акыйкатка, алысты ойлогон акылман калыстыкка негизделген эл аралык ынтымагы жана достугу, биримдиги үчүн өзүнчө бир символ.

Ушул жерден «Манастагы» «Көкөтөйдүн ашынын» эл аралык философиясы жөнүндө да айтпай кетүүгө болбойт. Эпостун көрүнөө жаткан идеяларын гана эмес, көмүскө жаткан подтексттерин, тереңге катылган маанилик сырын, тымызын ишара кылынып, кыйытып айтылган нускаларын да окуп, чечмелей билүү зарыл.

«Көкөтөйдүн ашы» жер үстүндөгү калктардын эл аралык форумуна окшойт. Эпостун бул маанилүү бөлүгүн 1856-жылы Ысык-Көлдө биринчи болуп белгисиз жомокчунун оозунан жазып алган чыгыштын чыгаан уулу Чокан Валихановду урмат менен эскербей коё албайбыз. Ч.Валиханов “Көкөтөйдүн ашынын” калк аралык маанисин баамдаган сыяктуу.

Айтылуу бул ашка Бүткүл Орто Азиянын, Сибир, Алтай аймагынын түркүн калктары гана эмес, алыскы Орхондон, Монголиядан, Жапандын Сыймун аралынан, Кангайдан, Кытайдан, бер жагы Чыгыш Түркстандан, тиги жагы Индостандан, Оогандан, ары жагы Крым менен Урумдан эл чакырылат. Ашка «Ар жумушка дилгирген, алтымыш түрдүү тил билген», жайма көкүл жаш Айдар «булуттуу көктүн астынан, муундуу чөптүн үстүнөн» куштай учкан Мааникер күлүктү минип, чабармандык кылат. Каркырага «кара курттай кайнаган, кумурскадай жайнаган» түмөндөгөн түркүн калк чогулат. «Кытай журту бир түркүн, кыргыз журту бир түркүн, орус журту бир түркүн, ооган журту бир түркүн, калмак журту бир түркүн, казак журту бир түркүн» делет Маната. Ашка үч жүз миң боз үй тигилет. Чыныгы эпикалык масштаб деп

ушуну айтыш керек.

«Көкөтөйдүн ашында» «Жамбы атуу», «Ат чабыш», «Балбан күрөш», «Эр сайыш» сыяктуу спорт оюндары ойнолот. Жамбы атууга жыйырмага жакын калктын көзгө атар мергендери катышат.

Ат чабышта түркүн журттардын эки миң күлүгү жарышка салынат. Кыскасын айтканда, «Манастагы» «Көкөтөйдүн ашы» бүгүнкү замандагы дүйнөлүк олимпиаданы элестетип кетет, тагыраак айтканда, азыркы спорт оюндарынын эл аралык олимпиадасынын алгачкы прообразы өңдүү. Дүйнөлүк олимпиаданын туңгуч өрнөгү эзелки кыргыз эпосунда берилген десек жаңылышпас элек.

Бирок, «Көкөтөйдүн ашынын» маани-маңызы жалгыз гана ушунда эмес. Иштин тереңдеги маниси, тынымсыз кагылыш - кармаштар, кандуу уруштар өкүм сүргөн жоокердик доордо өз жерине түркүн тилдерде сүйлөгөн алыскы-жакынкы калайык-калктарды чогултуп, а түгүл жоолашып турган душманын да (калмак-кытай) мейманга чакырып, ак дасторкондун үстүндө мамилелешүүгө, баарлашууга реалдуу түрдө кадам таштаган, түпкүлүгүндө журттар ынтымагын көздөгөн ак калпак кыргыз элинин айкөл пейлинде жана гуманисттик умтулушунда жатат. Дагы айталы, азыркы эл аралык тынчтык жыйындарынын жана Ассамблеялардын башаты илгери эле кыргыз жергесинде түптөлгөн экен. «Көкөтөйдүн ашын» уюштурган кеңешчилердин акылман тобу «ала-тоодой эт болгон, ала көлдөй чык болгон» бул аш «акыр заман журтуна» чейин адамзат балдарына «санат-нуска» болуп калсын деген улуу мүдөөнү көздөшкөн. Чындыгында эле, «Манас» дастаны «Көкөтөйдүн ашы» аркылуу (анын айрым койнунда котур ташы бар меймандардын айынан чыр менен аяктаганына карабастан) жер үстүндөгү элдердин биригүүсүн, тынччылыктын кырдаалында алака-мамилеге өтүү глобалдык идеясын тереңден каңкуулап тургандыгы менен жалпы адамзат балдары үчүн табылгыс сабак жана баалуу нуска. “Манастын” мазмундук тереңдиги жана анын нарк-дөөлөттөрүнүн жалпы адамзаттык мааниси мына ушунда.

Достук жөнүндө дагы бир сөздү айтып өтөлү. Достук деген бул кандайдыр бир расчетко негизделген жүрүм-турум, же болбосо тартууланган кымбат белектер, формалдуу келишим, салтанаттуу сырткы убадалар эмес. Достук - бул жүрөктөн төгүлгөн сүйүү сезими. Кыргыз поэзиясында жогорудагы Манастын досу Алманбетке арналган өзүнчө бир ыр саптары бар. Ал ырда Алманбет минтип ички жан сырын ачыкка чыгарат:

Ак калпакчан улуу кыргыз жеринин,
Уулу болуп кызмат кылдым дилимден.
Аңызына үрөн болуп көмүлүп,
Көктөп чыгып, мөмө болуп ийилгем...
Кыргыз деп да, кытай деп да жүгүргөм.
Эки калкка эркиндик деп бүлүнгөм.
Өлбөгөм мен Чоң Казатта найзадан,
Мен өлгөмүн эки эл деген сүйүүмдөн!.

Бул монологдон улам айтарыбыз, достук ширелишүүнүн негизинде дал ушул Алманбеттикиндей айкөл сүйүүнүн жатышы абзел. Ал эми достук сүйүү сезими элдин, адамдын тилин, дилин, маданиятын, жан дүйнөсүн түшүнүүдөн улам жаралат. Алманбет кыргыз элин, Манасты ич жагынан түшүнүп, өз элиндей, өз бир тууганындай көрүп, ак калпакчан калкка агынан жарылып кызмат кылган. Өз кезегинде кыргыз калкы да, Алманбетке жүрөгүнөн балкылдап ийип, аны өз бир боор уулундай санап калган. “Чоң Казатта” Алманбет каза таап, жан досунан ажыраганда Манас: “Кызыл болот желегим, Алманбет - каңгайдан келген белегим! Кысталыш жерде керегим! Өөде чыкса - өбөгүм, өлбөй кантип турамын, кайраны Алмам-жөлөгүм! Алтын айдар, чок белбоо, арыстаным Алмам, ала жат! Көл кармашып кеткенге, кокуй күн, Алмам, ала жат! деп жаш баладай өңгүрөп ыйлаган. Манастын көз жашы өзөктөн өрттөнүп чыккан чыныгы күйүттүн көз жашы болучу. Достукту айтам десең, дал ушул кыргыз менен кытайдын кулундары — Манас менен Алманбеттин достугун айт дээр элек.

Дагы бир жолу айталы, индивидуалдуу деңгээлде дагы, этностор аралык деңгээлде дагы, эл аралык деңгээлде дагы Манас менен Алманбеттин достугу-дүйнөгө балбылдап күйгөн ШАМЧЫРАК!

Ата журт кызыкчылыгын кайтарган Ажо.

Айтылуу тарыхчы бабабыз Осмонаалы Сыдык уулу өзүнүн «Кыргыз Шабдан тарыхы» эмгегинде Кокон хандыгынын үстөмдүк доорун эскерип, минтип жазат: «Эми айтпай кетсек болбос. Сарт улуктарынын жамандыгына, зулумдугуна тундук. Кой деп бересиңер» деген. Мал санаганда ат баккан адамдары чыгып санаар эле. Элүү кой санаса, бир чыны чай колунда турат эле. Көк шалыдан өтүгү бар такасы бийик, ошол өтүгү менен салынган көрпө, жаздыкты тепсеп булгаган». Биз ошол тепселген, булганган жаздыктарга символдук маани бергибиз келип турат. Албетте, ал жаздыктар айрым кишилердин жаздыктарыдыр. Бирок, Ата журттун да өзүнүн ыйык жалпы жаздыгы болот. Ал ыйык жаздыкты эч убакта чоочун буттар тепсөөгө тийиш эмес. Ата журттун ак жаздыгы кол тийгис. Аны улуттун алтын башы жазданып жатат. Айкөл Манастын баскынчы Алооке ханга арстандай күркүрөп айтып турган төмөнкү сөздөрү ар дайым кулагыбызда жаңырып турса дейбиз:

Кытайды Манас тим койду,
Кыргыздын жерин жердөөнү
Алооке сага ким койду?
Калмакты Манас тим койду,
Атамдын жерин ээлөөнү,
Ант ургур сага ким койду?
Көмкөрүп салам калааңды,
Көп чукуба жарамды,
Көчүп алып тез жогол,
Көргөзбөгүн карааңды.

Манастын арстандай айбатынан корккон Алооке хан Анжияндагы ордосун таштап, түнү менен Кытайга качып жоголот. Улуттун алтын жаздыгын

чоочун буттарга тепсетпөө ар бир атуулдун эң биринчи патриоттук милдети, атуулдук парзы. Ата Мекендин ак жаздыгын булганыч буттарга кордотпоо жагынан улуу Манас атабыздын өрнөгү бизге кашкайган үлгү.

Манас атабыздын саясий жана патриоттук акыл-эси ар дайым сергек. Ал күнү-түнү көзүн жумбай, ак калпак элди, Ала-Тоону сак- сактап кайтарып, журт кызыкчылыгына шек кеткен жерде арстандай күркүрөп, кара күчтүн алдын тороп чыга келет. “Алуучу калмак сен эмес, алдырчу кыргыз мен эмес, чабуучу кытай сен эмес, чаптырчу кыргыз мен эмес” деп, ал эл-жеринин чегинде ар дайым бекем турат.

Ал эми бүгүнкү күндүн реалдуулугуна карасак, дал ошол Алооке хандын тукумдары Ала-Тообузга тынымсыз койдой чубуруп кирип, барган сайын сан жагынан төбөдөгү кара булуттай көбөйүүдө.

“Кең көйнөктүн тазазы, зайыпзаттын пашаасы”

Каныкей менен Манастын алгачкы арзуулары.

Адам баласына ар дайым булактай тереңден оргуп чыгып, ашып-ташкан кубат-дем, чаалыкпаган кайрат берип, шыктандырып, өргө айдап турган бир күч болот. Эгер андай ичтен тирек болуп турган күч болбосо, адамдын дайым эле оттой жанып, «жалбырттап күйүп» турушу кыйын.

Каныкейдин жан дүйнөсүндө дал ошондой түпкүрдөн булак болуп оргуган, от болуп жалбырттап күйгөн, ич жактан түгөнгүс дем, шык, тоодой кубат тартуулап турган улуу нерсе бар. Ал күч Каныкейдин айкөл Манаска болгон жалындаган махабаты дээр элек. Каныкейдин күчү анын махабатында. Бирок ал махабат кандайча башталган, кантип тутанган?

Башат жакка кайрылалы. Каныкейдин Темиркан падышанын кызы экендигин, теги мыкты ак сөөк, тукумунан жаралган жан экендигин эске түшүрөлү. Төрөлгөнүнөн хан ордодо тарбияланган, бир жагынан кат тааныган билимдүү, назик, сулуу бийкеч, экинчи жагынан кичинесинен эмгекке бышыккан, аялзаты жасай турган түркүн тиричилик өнөрлөрүнө үйрөнгөн, а түгүл жоокердик өнөргө да машыккан кайраттуу, намыскөй баатыр кыз

(«Темиркан кызы Каныкей, баатыр бейбак болучу»). Буга мисал катары анын Букарда Эр Чубак менен тайманбай беттешкен эрөөлүн келтирсек болот. Каныкей эпосто айтылгандай, «улама бар илимдүү, улуктары билимдүү» Букар шаарында өскөн, кругозору, акыл-эси кең, өзүнчө бир рух аристократкасы десек болот.

Каныкейдин кыз чагындагы келбет-көрүнүшү манасчы тарабынан мындайча сүрөтгөлөт:

Көлөңдөй чачы төгүлүп,
Короздой мойну көрүнүп,
Санирабига кыз экен,
Сап сулуунун өзү экен.
Жыла сүйлөп, шыңк этип,
Акыл толгон кез экен.
Он Алты жарым жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар,
Сары алтындан түймөдөй.
Келишкен кара кашы бар.
Жөнөкөй кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип,
Чийдей кашы чийилип,
Жазы маңдай, кара көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз.
Аркасы кайкы, аркар төш,
Ай чырайлуу, бото көз,
Кызыл жүзү нурданган,
Кымча бели буралган...

Кандай керемет чеберчилик менен тартылган ажайып бейне. Не деген поэтикалуулук! Саптардан кадимкидей тирүү адамдын жандуу элеси көз алдыга тартылып турат. Бул ажайып көркөм сүрөттөгү гүлдөй буралган

бийкечке күйөө болчу баатыр кандай бактылуу деп суктанбай коё албайсың.

Канықейдин махабат идеалы да башка. Падыша атасынын төрүндө эркелеп бактылуу өсүп жаткан Санирабига кыз (Канықей кийинки аты) ар бир бойго жеткен бийкеч сыяктуу эле, келечектеги өзүнүн өмүрлүк жары жөнүндө ичинен тымызын кыялданат. Санирабига өз баркын билген кыз. Ошондуктан болочоктогу күйөөсү да, өзүнө теңдеш, өзгөчө жан болушун каалайт. Чубак менен беттешкен окуяда Манасты обочодон сынай карап көрүп: «Күйөө кылсам төрөнү, күптүүнү жазар шер экен» дегенинен улам Канықейдин мурдатан эле өзүнүн баркына жетээр, нарк-насили бийик эр-азаматты ичинен ойлоп, өзүнүн руханий ич күптүүсүн, сагынычын жазууга жөндөмдүү күйөөнүн идеалын тымызын издеп, өмүрлүк жолдош жөнүндө бийик чен-өлчөмдөр менен жашап жүргөндүгү билинет.

А түгүл, Канықей, өзүнүн боштондук согуштары менен бүткүл Түркстан, Орто Азия аймагына дүңгүрөп аты угулган ак калпак кыргыздын арстан уулу Манастын даңкын алыстан угуп, ошондой баатырга жар болсом деп кыялданып да келген экен. Буга анын ошол

Манасты биринчи көргөндөгү ичинен айткан монологу күбө:

«Манастын Манас экенин,
Мен баштатан угуп билгемин.
Манастыгы чын болсо,
Атайын издеп келер - деп,
Жараткандын өзүнөн,
Мен кургур, ошону тилеп жүргөмүн».

Ошентип, Чубак менен беттешкен окуяда, алгач көргөндө, Манас сынына толуп, тилегени ордунан чыгып, Канықей «жогун тапкан эмедей» «жоодурап күлүп», баатырга суктана карайт да, «жолумдан тосуп келди деп, байкаса уят болор деп», баатыр жериме келди, эми Темиркандын ордосуна кайрылбай койбос деген үмүттө каракашка аргымагына камчы уруп, артына кайтып кетет (Саякбайдын варианты).

Жусуп Мамайдын вариантында Маңгыттарга жортуул жасаган Манасты Канықей капыстан эшигинин алдынан кезиктирип калат. Ушул күтүүсүз жолугушуу жөнүндө кытайлык Манас изилдөөчү Лиуфажун минтип жазат:

«Каныкейдин келишкен келбети Манастын жүрөгүнүн түпкүрүндө туу болуп орнойт. Ал эми кабылан Манастын кызыл чырай нур бети, өзүнө куп жарашкан баатырдык салабаты Каныкейде элестенет. Алар бир жолугушуп эле сүйүшүп калат. Канықей кабылан Манаска кусадар болуп сагынат. Ал бир кол жоолукту кылдаттык менен тордоп, ага өзүнүн белеги катары берет. Кырк жылы сууга салбаса, кир жукпас кылып болжогон кол жоолук анын кырк жыл болсо да кирдебей турган махабаты менен тордолгон» [4, 32-б.]. Канықей менен Манастын бири-бирине болгон арзуусу мына ушинтип башталган.

Күйөөлөп Букарага барган Манастын күтүүсүздөн ачууланып, шаарга жасаган чабуулун жана колукту менен жолугушуу учурундагы капыс кагылышууну кечиргендиги жана өмүрлүк жар болууга макулдугун бергени, хандын кызынын өз элин баатырдын каарынан сактап калуу амалынан улам жасаган аргасыз кадамы эмес. Терең үңүлүп карай келгенде, Каныкейдин бул чечими анын Манаска болгон жүрөк түпкүрүндөгү эч жан билбеген арзуусунан, ашыктыгынан чыгып отурганы туюлуп турат. Кенен ойлоно билген адамга оттой жанган тоолук баатырдын алоолонгон күч-кубатынын чектен чыгып, көбүрүп-жабырышы катары көзүн жумуп койду.

А чындыгында, Канықей Манастын өзөгү тунук экендигин ичинде терең туюнат. Манастын Орто Азиядан Алооке баш болгон калмак-кытай баскынчыларын кубалап, өз Ата-Журтун жоодон бошотуп, элин эркиндикке чыгарып, «кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган» патриоттук эрдигин, атуулдук айкөлдүгүн, чыныгы уулдук касиетин алыстан туруп жогору баалап, көйкашка баатырдын даңазасына суктанып келген. «Чарпышкандын баарына, чаркы жетер эр экен» деп, Канықей түпкүлүгүндө Манастын Букарга да калка болоруна көзү жетип турат. Мына ошондуктан күйөөлөп келгенине карабай, тоолук баатырдын ачууга жеңдирип, Букарга

калайман түшүргөнүнө убактылуу басынып турса да, тереңиндеги, жан-жүрөгүндөгү арзуусуна баш ийип, Канықей Манаска карап: «Бактыма төрөм табылдың, кара башым чын тартуу, баатырым сенин жолуңа» - деп, агынан жарылып берди.

Манастын өзүнө келсек, өз кезегинде мунун да болочокто ак никелүү зайыбы болчу ургаачыга койгон талап-ченеми, каалоо - тилеги жогору. Манастын колукту жөнүндөгү ою эпосто баатырдын өз сөзү менен мындайча берилет:

Мен биле турган кеп болсо,
Оймоктуудан узду алам,
Оюмда жүргөн кызды алам.
Керемети кеңди алам,
Акыл-эси ошонун,
Мени менен теңди алам.
Алты жылдык зыянды,
Биле турган кызды алам.
Акыл кошуп жанымда,
Жүрө турган кызды алам.
Жан жолдошко жаман сөз,
Айтпай турган кызды алам.
Жаман жерге жамбаштап,
Жатпай турган кызды алам.
Кирбей турган кызды алам.
Бейжайлык менен кесирди,
Билбей турган кызды алам.

Бул саптарды окуп гана эмес, анын ары тереңинде жаткан подтекстке үңүлүп, көмүскөгө буккан мааниге баам салсак, Манас үчүн аял деген жайынча гана зайып, балдардын энеси, очоктун ээси, үйдүн куту эмес, эр азаматтын теңтайлаш шериги, акылгөй кеңешчиси, үйдүн гана эмес, эл-жердин да куту,

эри менен кошо калкы менен тагдырлаш жан.

Манастын бул оюнан биз көчмөн замандагы баатырдын, эл башкарган ажонун зайыпзатына койгон бийик чен-өлчөмдөрүн жана жоокердин моралдык максимализмин көрүп турабыз.

Баатырдын ушундай жогорку чен-өлчөмүнө Каныкейдин туура келерин Манас өзү моюнга алат. Ал эл-журтунун алдында минтип сырын ачыкка чыгарат:

Ачыгын сөздүн сүйлөйүн,
О, журтум, тайсалдатып не кылам.
Чыны мен Каныкей алсам деп турам.
Тээтиги чоң Букардын Темиркан
Анын ылакап аты Каракан.
Каракандын кызы ошол,
Манасыңа жараган!

Көпчүлүк кеңеш курган жыйында Каныкейдин Манаска жарарын жана жарашарын көрөгөч, көсөм Бакай: «ургаачынын төрөсү, алып калсаң Каныкей, кырк чоронун энеси, ургаачынын ыктуусу, ак жоолуктун мыктысы, ал Каныкей турганда, санжыргалуу башыңды, жер жүзүнө кан кылаар» - деп, тастыктап чыгат.

Жакып Темиркандын алдына кулдук уруп барып Каныкейге сөйкө салып кайтат. Андан соң бай Жакып Бакайды баштатып, байбичеси Чыйырдыны боз жоргого мингизип, кызмат кылчу кыз-келин, жигиттерин, дос-тамырын, чоорчу-кыякчыларын алып, Букарга аттанат. Манастын кылкылдаган колу да дүңгүрөп кошо жөнөйт. Манастын Каныкейдин калыңы деп, “жердин бетин чаң кылып, көргөндүн башын маң кылып” Букарга чуркуратып айдап бараткан төрт түлүк калың малы көргөн адамды айраң калтырбай койбойт. Окуйлу:

Айдаган жылкы чуркурап,
Чаңы асманга буркурап,
Доолбас үнү тарсылдап,

Адырды көздөй сел кетти,
Аябай калың эл кетти.
Мөөрөгөн бойдон уй кетти,
Төөнүн баарын боздотуп,
Тулпардын баарын коштотуп,
Айгырлар барат алышып,
Бууралар барат жөөлөшүп,
Букалар барат мөөрөшүп,
Кочкорлор карс-карс сүзүшүп,
Асманга чаңы созулуп,
Качарына жер таппай
Аркарлар малга кошулуп,
Пилдер келет томпоңдоп
Буурулар келет бышкырып,
Белден баскан жыландар
Баш көтөрүп ышкырып,
Токойдун баары жоюлуп,
Жердин бети оюлуп
Күндүн көзү көрүнбөй,
Көктөн туман бөлүнбөй,
Баскан жери тозулуп,
Токойдогу доңуздар
Кошо келет корсулдап,
Айдаган малга кошулуп.
Кирпи чечен, кашкулак
Келе жатат килеңдеп,
Токойдогу коёндор
Кошо жүрөт сереңдеп.

Ушул жерден айта кете турган нерсе, “Манас” эпосунун тексттери

жөнөкөй тексттерден эмес. Ага жакшылап баам салып, шашылбай отуруп, көрүнөө турган маанисинен да, арыта көмүскөгө катылган сырын аңдоого аракет кылып, кээде текст аркылуу берилип жаткан ишараны, кыйытылып жаткан символиканы, метафоралык ойду, подтекстти түшүнүп, кеңири ой чабыт менен окуш абзел. Биз мына бул Букарга бараткан жолдогу кудалардын ойротто жок салтанат-шаңынан, Манасчы тарабынан таңгаларлыктай көркөм сүрөттөлгөн сан жеткис калың төрт түлүктүн жерге батпай дүңгүрөп бараткан укмуштуу жүрүшүнөн - кыргыздардын демейки салтын, “калың” деп аталган жөрөлгөсүн гана көрүп отурган жокпус. Биз бул көрүнүштөн Бакай айткандай, ургаачынын төрөсү-кандын кызы Каныкейдин Манас баатырдын алдындагы көкөлөгөн бийик кадыр-баркын, аброюн, ошону менен бирге, Каныкей дегенде, эч нерсени аябай, бардык мүлкүн чачууга даяр турган Манастын ашып-ашкан арзуусунун күчүн да баамдап турабыз. Көптүгүнөн ичине жапайы айбанаттардын баары кошулуп кеткен, жер бетин чаңга, уу-чууга толтуруп жанагынтип дүңгүрөп кетип бараткан ааламда жок калың малдын жүрүшү, шер Манастын Таластын суусундай шаркырап, Букарды карай агып бараткан “сүйүү дайрасынын” көркөм метафорасы сыяктуу.

Мына ошентип, кудалар: Темиркан менен Жакып Букарда кездешип, айтуякка бээ союп, ат-кунанды чаптырып, асемге мылтык аттырып, көкбөрүсүн тарттырып, отуз күнү той кылып, Каныкей менен Манастын никеси кыйылат. Манас менен Каныкейдин тою андан кийин Таласта чоң салтанат, даңаза менен кырк күн бою уланат. Чынында эле, Азия мейкининдеги ашкан акылман сулуу Каныкейге жана Ала-Тоодогу азуусун айга жанган Манаска жарашкан керемет той.

Мына ушинтип, эпостун сюжетинде баш кошордон мурда, үйлөнүшкөнгө чейин Манас менен Каныкейдин бири-бирине болгон өзүнчө арзуу, ашыктык таржымалы бар болуп чыгат.

Каныкейдим Манастын тагдырында ойногон ролу же узчулук онөрдүн генийи.

Кыскасын айтканда, хандын кызы Канықей өзүнүн романтикалык жаш кыялында тымызын бапестеп багып келген өмүрлүк жардын элесин, идеалын реалдуу турмушта «адамзаттын тунугу, ак калпактын улугу» айкөл Манастан табат. Букар калаасында «бактыма төрөм табылдың» деген анын сөзү жан - жүрөгүнүн түпкүрүнөн атылып чыккан сөз экенин кийин Канықей өз жашоосунда далай жолу далилдейт.

Канықейдин Манаска болгон махабатын көрүп-туйган кезибизде дүйнөлүк улуу эпостордун бири Индиянын «Махабхаратасы» эске түшпөй койбойт. Дүйнөлүк көркөм сөз өнөрүндө «Махабхаратанын» идеялык - философиялык мартабасын жогору көтөрүп турган дөөлөттөрдүн бири - бул түбөлүк өлбөс-өчпөс махабат темасы. Сүйүүнүн жогорку көркөмдүк чеберчилик менен сүрөттөлүшү жана махабаттын жеңилбес күчүнүн, таңгаларлыктай жаратмандык кудуретинин көкөлөтө даңазаланышы жагынан «Манас» менен «Махабахарата» бири-бири менен үндөш.

«Махабхаратада» бир өлкөнүн падышасынын сулуу кызы Савитри аттуу каарман бар. Савитри деп атасы кызынын атын Савитри аттуу кудайдын урматына койгон. Анткени кызын падыша зарлап жүрүп Савитри кудайдан тилеп алган эле. Эмесе, «Махабхаратаны» бир аз окуп көрөлү:

«Күндөрдүн биринде Савитри бараткан жолдон капысынан чытырман токойдон Сатьяван деген бир жаш жигитти жолуктурат да, ага абдан ашык болуп калат. Сатьявандын атасы качандыр бир заманда кайраттуу башкаруучу болгон экен. Бирок күтүлбөгөн кырсыктан азиз болуп калыптыр. Душмандары ушундан пайдаланып, анын падышалык тактысын тартып алып, өзүн айдап жиберишкен. Ал өзү, аялы, уулун караан кылып бел байлап, токойдо баш калкалап, жашырынып жүргөн кези экен. Сатьяван сымбаттуу да, алибеттүү да, айкөл да жигит экен. Анын бир жыл гана жашаар өмүрү калыптыр. Ал жөнүндө Савитринин атасы бир көзү ачык акылмандан билген экен. Аны кызына айтат. Бирок Савитри атасынын сөзүнө ынабай: анын кыска өмүрү жөнүндө ойлонбойм. Жүрөгүм каалады, өзүм тандадым. Бул чечимимден кайта албайм.

Бир гана Сатьяван менин күйөөм болот дейт.

Көп убакыт өткөрбөй падыша кызын токойдогу азып-тозуп жүргөндөргө берип, бардык расмий ырым-жырымын жасап, кызын узатат. “Календердин” колуктусу болгон Савитри атасы берген бардык жасалгаларын чечип, токойдогу чөптөрдөн атайын токулган көйнөк жасап кийет. Өзүнүн аттуу-баштуу жерден чыккан тегин, хан сарайындагы жашоосун унутуп, аларга дайыма сылык-сыпаа, сүймөнчүлүк мамиле жасап, дайыма чыдамкай, жароокер жана сүйүү менен жашады» (К.Жусуповдун котормосу). “Махабхаратаны окууну ушул жерден токтото туралы. Окуянын уландысына кийинчерээк кайрылабыз. Айтмакчы, окурман «Махабхаратанын» бул сюжетинин «Манаска» кандай тиешеси, эмне окшоштугу бар деп сурашы мүмкүн. Кеп сырткы окшоштукта эмес экендигин эскертип, окурмандын сабыр кылып туруусун өтүнүп, биз азырынча индиялык эпостун бул үзүндүсүнүн мына бул жерине басым коюп, төмөнкүнү айтмакпыс.

Савитринин «өзүнүн аттуу-баштуу жерден чыккан тегин, хан сарайындагы жашоосун унутуп», атасы берген жасалгалуу, кооз кийимдерин чечип ыргытып, токойдогу чөптөрдөн токуп, көйнөк жасап кийип, үй-жайсыз качкын, бечара-карып болуп күн кечирип жүргөн үй-бүлө кандай жашаса, ошондой жашоого өткөнү таңгалдырбай койбойт жана акылдуу кызга урматтоо сезимин пайда кылат. Эң негизгиси, Сабитринин ушинткени, анын Сатьяванга болгон махабатынын укмуштуу күчүн көрсөтүп турат.

«Махабхаратадагы» Савитринин чукулунан жасаган бул бурулуш кадамы, терең карай келсек, кандайдыр бир даражада «Манастагы» Каныкейдин ички турмушунда болуп өткөн бурулуш менен ассоциация жаратып турат. Албетте, Каныкейди каалап тийгеи сүйгөнүнүн социалдык абалы башка. Бирок бул жерде Каныкейдин өзүнө, мындайча айтканда, “социологиянын көзү” менен карап көрүү, көмүскөдө жаткан нерсенин көрүнөөгө чыгышына өбөлгө болмокчу дейбиз.

Социологдорчо карап көрсөк, сөз башында эскертилгендей, Каныкейдин

туулгандан тарта өскөн чөйрөсү бөлөк. Ал отурукташкан шаар турмушунун кулуну. Болгондо да падыша атасынын хан сарайында өсүп чоңойгон кыз. Инсан катары башкача, айырмалуу социалдык шарттарда калыптанган, бөлөгүрөөк этикетке, адат-салтка жана социалдык нормаларга ык алган. Мына ушундай жагдайда чукулунан турмушка чыккан шаардык Каныкейдин алдында көчмөн цивилизациянын турмуш образына, кайберендер, күтүрөгөн төрт түлүк, ат жалында чоңойгон адамдар мекендеген асман тиреген тоолордун арасындагы элет чөйрөсүнө адаптацияланууу, психологиялык жактан кайра курулуу сыяктуу оңой эмес проблема «айкүрүнөн» туруп калган. Бул Букардык хандын кызы үчүн чындыгында оор сыноо эле.

Бирок Таласка келин болуп келгенден кийинки турмушуна терең байкоо жүргүзүү, Каныкей өзүнүн дүйнөсүндө өзүнчө бир бурулуш жасоого үлгүргөндүгүн туйгузбай койбойт.

«Махабхаратадагы» Савитри кыздын чөптөн кийим жасан кийип, токойдогу бакырчылык турмушка көчкөнү сыяктуу, Каныкейдин да Манастын мекенинде тоолуктардын турмуш образына бүткүл дитин берип, агынан аңтарылып, бардык жан дили менен көчмөн аялга айланып кеткендиги айкын-ачык сезилип турат. Эпостун сюжетиндеги фактылардан улам Каныкейдин натурасынын өзгөрүүгө ушунчалык ийкемдүүлүгүн, кечөөкү шаардык хандын кызынын, образдуу айтканда, элет менен элет болуп, тоо менен тоо болуп, тоолуктардын ичине сиңип, эл менен эл болуп, Талас менен Талас болуп, Манас менен Манас болуп, акырында жүрүп отуруп, жалпы кыргыз журтунун сүймөнчүлүгүнө айланып кеткендигине таң калбай коё албайбыз.

Дагы баса белгилейли, дал ушул керемет өзгөрүүнү тереңден шарттап, түпкүрдөн азыктандырып, мүрөктүн суусундай түгөнгүс күч-кубат берип, жан дүйнөсүнө канат бүтүрүп турган бир сыйкырдуу улуу күч бар. Бул күч - Каныкейдин шер Манаска болгон жалындаган сүйүүсү, аруу махабаты, дээр элек.

Адамдын ичинде эмне бар экени көзгө көрүнбөйт. Бирок жан дүйнөдөгү,

жүрөктөгү нерсе кишинин сырткы кыймыл-аракетинен, иштеген ишинен, жасаган жорук-жосунунан, баскан-турганынан көрүнүп турат. Каныкейдин өмүрлүк жары Манаска карата болгон ичтеги мамилеси алгач жолу анын «Көзкамандар окуясы» учурундагы жүрүм-турумунан айрыкча даана көрүнөт. Сергек туюму, көрөгөч көзү менен Бээжинден келген «жаңы тууган» көзкамандардын баскан-турганынан, көз карашынан, ниетинен бир жаман нерсенин шарпасын туюп, бир балээнин жышаанын көрүп, Каныкей ичинен санааркап, кээде түшүнөн чочуп, ою онго бөлүнүп, өзүн оңой менен токтото албай, жүрөгү дүкүлдөп, өзүнчө тымызын убайым жеп жүрөт.

Бир күнү Каныкейдин шек кылып, алдын ала болжогону чын болуп чыгат. Оюнда кири жок Манас, мейманга жалгыз барып, каңгайлык «жаңы туугандар» тарабынан ууландырылып, чыккынчы көзкамандардын куралдуу курчоосунда калат. Бул шумдуктуу окуяны капыстан укkан Каныкейдин ички абалын манасчы төмөнкүчө сүрөттөгөн:

Көзү жанып от болуп,
Ичи өртгөнүп чок болуп,
Карагаттай көзүнөн,
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнө сындуу көзүнөн
Бөлөк, бөлөк жаш кетип,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп...

Бул саптардан Каныкейдин бүткөн - боюн өрт алып, ичинен «кыян жүрүп» кеткени даана көрүнүп турат. Манасчы «от болуп», «чок болуп», деген күчтүү метафоралар, «камчы бою жаш кетип», «кабырга сөөгү сөгүлүп» деген таамай айтылган образдуу туюнтмалар менен Каныкейдин жан дүйнөсүнүн аңтар-теңтер болуп кеткенин көз алдыга кашкайта элестетип таштаган.

Бирок Каныкей ичинен «кан өткөн» бойдон отуруп калбай, чечкиндүү аракетке өтөт. Дароо «олоңдой болгон кайран чачты төбөгө түйүп», жоо

жарагын шайланып, Аккулага ыргып минип, көз ачып жумганча көзкамандардын айылына учуп кирип келип, өлөр-тирилерине карабай, чыккынчылар менен салгылашып, «башы челек кан болуп, бүткөн бойдун баарысы, кадимкидей нан болуп, көзкамандар огуна, эмчек этин жулдуруп, бой-башынын баарысы, бучкактап аккан суу болуп», күйөөсүн ажалдан талашып, акыры Акаяр балбандын жардамы менен Манасты кызыл чоктун ичинен куткарып чыгып кетет.

Андан соң түркүн айла-амалдар менен күн-түн дарылап жатып, айкөлүн өлүмдөн аман алып калганын айтып отурса, ал өзүнчө бир сабак. Канықейдин Манасты өлүмдөн куткарышы - бул жалаң эле өзүнүн сүйгөнүн сактаганы эмес, кенен алганда, ак калпак калктын улуу уулун, элдин коргоочусун жана кулдуктан куткаруучусун, катуу күндө калка болор чеп-коргонун сактаганы эле. Канықейдин кыргызга кылган мындай жакшылыгы жана эрдиги калайык - калктын жүрөгүнө уюп, кылымдардан кылымга даңазаланып ырдалып калган. Көзкамандар окуясындагы көзүнөн, көлдөп аккан жашы жана «өлөмүн деп санабай» чыккынчылар менен канга баткан кармашы Канықейдин Манас менен чын-чынында жаны бирге экендигин, Манассыз жашай албастыгын, Манас үчүн ажалга тике кароого, кара башын курман чалууга даяр тургандыгын, бир сөз менен айтканда «кара сурдун сулуусунун» Манас үчүн махабат мажнуну экендигин айкындап таштады.

Эпосто атактуу Кошой баатыр «Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды», деп Манастын кыргыздын бактысына жаралгандыгына кубанат. Ал эми Акбалта карыя болсо, «маңдайда баргек тынарым, балбылдап күйгөн чырагым» - деп, Манасты урматтаса, Жакып атасы көңүлү оң келип турганда, уулун «адамзаттын тунугу, ак калпактын улугу» - деп баалайт. Алманбет баатыр «ашкере чыккан март экен, арстан экен сүйлөшү» - деп, Манаска калыс баасын берсе, Ажыбай «жоругун адам билбеген, жоомарт эрдин бири ушул» - деп, мүнөздөмө берет. Кырктын башы Кыргыл чал болсо, «үзүлгөндү улады, чачылганды жыйнады, берен Манас көкжалдын, этегин

кармап эр болдук, эр уулу менен тең болдук» - деп, ыраазы болуп сүйлөп турат.

Канықей бийкеч Букарда кыз кезинде, Манас баатырдын көбүнчө романтикалык образын кыялында алдейлеп жүргөн болсо, кийин Таласка келин болуп келгенде, Манас менен реалдуу түрдө үй-бүлө болуп жашап көрүп, жогоруда баатырлар берген баалар чынында эле тегин эмес экендигине, кээ бир кемчиликтери болсо да, өзөгүндө Манастын айкөл экендигине көзү жетип, ырасында эле баатырдын жан дүйнөсүнүн, рухунун «асмандагы ай-күндүн жаркынынан бүткөндөй, абадагы булуттун салкынынан бүткөндөй» экендигине терең ишенип, өзүнүн бактысын жаңылбай тапканына дагы бир жолу ынанып, сүйүүсү ичинен ого бетер алоолонуп жанат. Ушундай абалда ал жаңы эрдиктерге жана улуу иштерге шыктанат.

Өз кезегинде Манас да алган жарынын ак дилден кылган кызматына, жасаган жакшылыгына ичинен терең ыраазы болуп, ага агынан жарылып турат. Көзкамандар окуясынан кийин Манас «өчкөн отум тамызды, өлгөн жаным тиргизди, алып калды жанымды» - деп, Эр Шуутунун алдында келинчегин алкайт. «Канықей менен Манастын ортосундагы мамиле бири - бирин чын ыклас менен кадиксиз сүйгөн жарлардын мамилеси» деген академик Б.Юнусалиевдин ою талашсыз чындык.

Андан ары карай Канықей Манас деп гана жашап калат. Айкөл Манас менен каны-жаны жуурулушуп өмүр сүрүүнүн өзү Канықей үчүн Манасча мекенчил болуп жашоо, Манасча эл-жердин камын көрүү, арканды узун таштап, Манасча кенен акыл чуркатуу, журттун коопсуздугу, анын жакынкы-алыскы иштери жөнүндө Манасча ойлонуу, толгонуу, санаркоо дегенди туюндуруп калганы байкалып турат. Канықейдин ой-санаасы Манастын ой-санаасы менен бир аркандын жибиндей өрүлүшүп калат. «Акыл-эси ошонун мени менен теңди алам, акыл кошуп жанымда жүрө турган кызды алам» деген Манастын тилеги көрүнөө жүзөгө ашат. Мамлекеттик ишмер, падыша Темиркан атасынын тарбиясында чоңойгон, хан ордодо өскөн, маданий деңгээли бийик, сабаттуу, акылгөй Канықей Манаска теңтайлаш ойлонуп, үй

түйшүгү менен гана эмес, биринчи иретте, кыргыз элинин түйшүгү, калктын мүдөө-таламдары, көкөй кести көйгөйлөрү менен жашоого өтөт. Канықейдин «Семетей» эпосунда өзүнүн балалык күндөрүн эскерип, «Өзүм бала секелек, жашым он экиден өтө элек, ургаачыдан уз кезде, ойноо бала кыз кезде, тулпар оозун бурганда, туйлап ойноп турганда, падышалык Букарга, өзүм буйрук кылгамын, Букардын кызын жыйгамын» деп, кайненеси Чыйырдыга аңгеме курганы бар. Демек, кан атасы Темиркандын таалиминде Канықей коомдук иштерге бала күнүнөн аралашып, активдүү болууга көнгөн. Ошол көнүмүшү, ошол жөндөмү Таласка келгенде ташкындап өнүктү.

Эпопеядагы Канықейдин образынын күчү - дагы бир жолу айталы, анын Ала-Тоодогу ак калпак калктын тагдыры менен тагдырлаш болуп калгандыгында дээр элек. Анын образынын адеп-ахлактык жана патриоттук маани-маңызы дал ушунда экендигин, Канықейди көркө бөлөп, көкөлөтүп көтөрүп турган нерсени изилдөөчүлөр, манастаануучулар белгилешет: «Канықейдин образы андан бетер кенен, андан бетер терең. Ал дайыма эл менен, эл үчүн, тууган жер үчүн өзүн курман кылууга даяр» (Б.Юнусалиев). «Анын бүткүл өмүрүндөгү иш-аракети эл-жердин ар-намысын, эркиндигин, жыргалчылыгын коргоого арналган» (Айнек Жайнакова). «Ал өзүнүн тагдырын Манастын баатырдык иштери менен бекем айкаштырат. Манасчылар Канықейдин тагдыры менен кыргыздардын өлүмү менен көрүмүн, жашоосу менен жоюлушун, атагы менен кордугун, жеңиши менен жеңилишин эриш-аркак чиелештирип жиберген. Манас курган уруулар биримдигинин ири иши, улуттун жана элдин эркиндик, жыргалчылыгы үчүн турмуштун түрдүү азап-кайгысын жана сынагын баштан өткөрүп, күйөөсүнүн көңүлүнө жараган жана элдин урмат-сыйына татыган алп аялга айланышы, ага коюу улуттук жана доордук түс берет. Бул «Манас» эпосунун негизги ийгиликтеринин бири экендиги сөзсүз» [5, 37-б.].

Уруш-согушу, талаш-тартышы бүтпөгөн, жоосу күтпөгөн жерден кайдан, качан келээри билинбей кооптондурган коогалуу заманда кыргыз

элинин башынан карлуу бороон, катуу күн өтпөй койбосун болжоп, Канықей калайык-журттун күч-кубатын көтөрүү, Манастын бири миңге татыган кырк чоросунун аскердик кудурет-күчүн, камылга-даярдыгын чыңдоо жөнүндө тымызын ойлонот. Ушул багытта ичинен бир чечимге бекип, өзүнчө ар тарабынан ойлонулган план түзүп, ошол долбоорун жүзөгө ашыруу үчүн өз алдынча астыртан чечкиндүү кадамдарды жасай баштайт. Ал журттун ичиндеги колунан көөр төгүлгөн устарларды, жез оймок уздарды, көзгө атар мергендерди, балбандарды жана башка түркүн өнөрлүүлөрдү чогултуп, алардын күчүн уюштуруп, эл үчүн маңдайдан тер агызган мээнетке чегет. Өзү да белин оорутуп, колун жоорутуп, көз майын коротуп, күн-түн түйшүккө белчесинен батып, узак эмгектенип, акырында «кара калмак, манжууну, каршы- терши турушуп, карсылдашып урушуп» калса деп, кырк чоро үчүн жоо кийимдерин, аспап-шаймандарын, гүлазыгын, дары-дармегин, мине турган күлүктөрүн, а түгүл урушта жарадар болуп калса, колдонула турган тинтүүрдөн өйдө шайма-шай камдап таштайт.

Бир эле урушка кие турган аскердик шымды жасоого канчалык мээнет жумшагандыгы жөнүндө Канықей уздун өз оозунан төмөнкүнү угалы: «Кырк чорого ылайык, кымбат баа шымым бар, кербендерден кеп угуп, көргөндөрдөн көп угуп, даң-дуңбаштын текесин, териси калың деп угуп, Абыкени баш кылып, алтымыш мерген аткарып, көзгө атууну маш кылып, адистерге аттырып, кургатканда терисин, күндүн көзүн чалдырбас, ак сандыкка каттырып, ашаткысын мен бейбак, алты ай жайлай эринбей, жез челекке жаткырып, алма кабык алдырып, алты ай малма салдырып, Анжыяндай шаардан, боёкчуну алдырып, катын бычып, кыз тигип, оймоктуудан уз тигип, перизаада Аруuке, токсон кызга баш болуп, тогуз ай бүтүн тиштеген, келиштирип баарысын, буулум менен ичтеген, багалегин кайыган, байкаган менен токтолбой, адамдын көзү тайыган, каттоо менен бүктөгөн, марал башы көчкөндө, башка көлүк тарта албай, нар буурага жүктөгөн, жыбырата тиктирип, жылан боор бүктүрүп, болот өгөп ширетип, арасына төктүрүп, ийи чала калат

деп, алтымыш беш балбанды, алым-салым ийлеткем, боёгуң жеңең бийледим, сынамакка баарына, сыр бараң атсаң ок батпай, табылгы жаксаң чок өтпөй, мактанчылык болбосун, баарын кылган каркы бар, жеке башы бир шымдын, жети нардык баркы бар». Бул саптарды окуган адам таңгалбай да, суктанып баа бербей да коё албайт. Караңызчы, жоого кийчү не деген керемет шым жаралган. Кандай гана айла - амал менен бүткөн. Эмне деген мээнет, эмне деген чеберчилик, не деген укмуш ыкмалар, не деген сапат!? Каныкейдин айлакерлигине, уздугуна жана тапкыч акылына тамшанбай коюшка мүмкүн эмес.

Ал эми албарс болот өгөтүп, ортосуна төгүп, чапса кылыч кеспей, сайса найза тешпей турган кылып, атайы Манаска арнап жасаган Ак олпокту көрсөк, бул да өзүнчө бир оозду ачырган искусство. Каныкейдин колунан бүткөн бул ажайып буюм эпостун өзүндө «жылан боор кайыган, көргөн пенде таңгалып, эки көзү тайыган» деп даңазаланат. Колдонгон технологиясы, көркөм жасаты жана сапаты ушунчалык бөтөнчө деңиз, эгерде бүтүнкү күн болсо, Каныкейдин Ак олпогу бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө биринчи байгени жеңип албай койбойт эле деген ой кетет. Каныкей Ак олпокту кандай мээнет менен жасагандыгын «Түн ичинде уйку албай, күндүзүндө тынч албай, эчен жылы тиштедим, ичин кымбат иштедим, күрөктөй тишим жоюлдум, кара көзүм оюлдум», деп Манаска өзү айтып берет.

Каныкей ушундай эле мээнет, чеберчилик, узчулук керемет өнөр менен кырк чорого кырк калпак, кырк туулга, кырк өтүк, ок өтпөс кырк тон, кырк кемер кур, чапса кылыч кескисиз, сайса найза тешкисиз кырк чопкут, токулга-жасалгасы менен кырк тулпар даярдап, ушунун баарын Чоң казаттын алдында Манастын кыраан кырк баатырына тартуулайт. Кырк чоронун күтпөгөн тартууга ооздору ачылып, айран таң болушуп, Каныкейди алкоого сөз табышпайт. Ошондо Манас зайыбынын кырк чорого тымызын көргөн камкордугуна, астыртан иштеген керемет сарамжалына ичинен терең ыраазы болуп, жолдошторунун алдында: «атаң-энең дебеске, артылта камчы салбаска,

артынан күнү албаска, ак келтенин огу урсун, көк милтенин чогу урсун!» - деп, мындан ары Каныкейди ыйык тутарына шерт берет.

Мына ушинтип, Манастын кошуунунун аскердик күчүн арттыруу үчүн көргөн Каныкейдин сарамжалы Чоң Казатта чоң роль ойнойт. Кыргыз баатырларынын салгылаштагы ийгиликтерине зор өбөлгө болот. Алманбет жарадар болгондо, Каныкейдин камдап берген дарысын ичип, оңолуп, кайрадан урушка кирет. Ошол эле Каныкейдин адам таппаган амалы менен жасалган Коңурбайдын Алгара күлүгүнүн кебин Сарала тулпарына кийгизип, Алманбет душмандын чегинен байкалбай өтөт. Каныкей камдаган гүлазык жоокерлерге түгөнгүс дем болот. Чоң Казат учурунда Аккуладан ажырап калган Манаска алыскы ооруктан Тайбуурул тулпарды шашылыш майданга жөнөтүп, Каныкей өмүрлүк жарын дагы бир жолу өлүмдөн сактап калат.

Кыскасын айтканда, кырк чорого алдын ала тымызын камдаган согуштук кийим-кечеси, тулпарлары, азык-түлүгү, дары-дармеги бир жагынан Каныкейдин жанын таштап иштеген мээнеткечтигин, укмуштуудай узчулук өнөрүн, чебер айлакерлигин айгинелеп берсе, экинчи жагынан канышанын элдин башына түшчү жамандык-жакшылыктар жөнүндө күн мурун ойлонгон, өз өлкөсүнүн, улутунун чоң кызыкчылыктарынын багытында акыл чуркаткан, Манастын мамлекетин күчтөндүрүү үчүн күн-түн күйүп-жанган, чыныгы элдик аял лидердин сапатына эгедер, нагыз Акыл Карачач экендигин тастыктап койду.

«Көкөтөйдүн ашында» Каныкейдин иштин алдын күн мурун ойлонгон айлакерлиги дагы бир жолу көпчүлүккө даңаза болот. Бул Кандагай шымга байланыштуу. Аштын жүрүшүндө балбан күрөшкө кезек келип, казганактаган калың элдин ортосуна калмак - кытайдын, «жаткан иттей кашы бар, жан казандай башы бар, алты батман буудай жеп, дан жыттанган, алтымыш алпты бир союп, кан жыттанган» Жолой дөөсү чыгат. Жолой дөө менен күрөшүүгө кыргыз ичинен, а түгүл бүткүл түрк дүйнөсүнөн бир дагы балбан даабайт. Эгерде кара таандай жайнаган калмак-кытай көпчүлүгүнүн ашта кыргызга кыр

көрсөтүп, басынта карап, жөөлөп турганын эске алсак, Жолойду беттеп бир да балбандын чыкпагандыгы Ажо Манастын да, анын журтунун да намысына тийип турат. Кыргыздын ар-намысына шек кетип турат.

Ушундай шартта элдин намысын колдон кетирбөө үчүн ары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп, 80 жаштагы Кошой күрөшкө чыгууну чечип отурса, ал кие турган ылайыктуу кандагай шым жок. Бир да балбандын күрөшкө кийчү шымы Кошой дөөгө батпайт. Канықей тиккен Манастын кандагайы да баатырга батпай коет. Айла түгөнөт. Ашта ала-тоолуктардын аброю үчүн кыйынчылык туулат, бир маалда күтүүсүздөн чечилбей жаткан түйүн чечилет. Көрсө, Манастын кандагайын непада Кошой абам кийип калса деп, Канықей оюнда Кошойго да атап, кенен жасап, бирок шымдын кашатынан багалегине чейин алты сөөмдөн ашкан бир бүктөмүн ичинен жымыйта капшырып тигип койгон экен. Канықейдин көрсөтмөсү менен ошол бүктөмдү жазып жибергенде, кандагай Кошойго куюп койгондой чак келип, толкуп турган көпчүлүк канышанын бул акылгөй айлакерлигине ого бетер уу-дуу болуп, Манас менен Кошой тебетейлерин көккө ыргытып сүйүнүшөт. Кошой жетине албай кубанганынан «Ай, Канықей, телегейиң тең экен, он эки мүчө кең экен, сөөмөйү алтын уз экен, ургаачыда болбойт ко, өзү олуя киши экен, касиеттүү кабыланга, кадыр түндүн өзү экен» деп алкап, алдына келип жүгүнүп турган канышага «балалуу бол» деп ак батасын берип жиберет.

Мына ошентип, Кошой дөө Канықейдин кандагайын кийип күрөшкө түшүп, акырында кара күчтүн ээси, каардуу Жолойду жеңип, кылымга даңаза болгон, ырга айланып, бүгүнкү күнгө чейин жеткен ар намыстын улуу мөөрөйүнө ээ болот.

Калмактын тоодой болгон балбаны түктүү таман Түкүбайга да киши чыкпай койгондо, Манас Канықейдин астыртан айткан кеңеши менен «бүткөн бою тарамыш, чыканактай Эр Агышты» алыстан ат чаптырып алдырып келип, күрөшкө салып, кыргыз тарап жеңишке ээ болот. Көрсө, Канықей кимдин ким экенине тымызын көз салып, чыканактай Эр Агыштын боюнда тоону томкорчу

күч бугуп жаткандыгын сыртынан баамдап, башка кыйын күн түшкөн учурда анын намыска жарап берерине ичинен ишенич кылып жүргөн экен.

«Көкөтөйдүн ашында» эр сайышта Манастын Коңурбайдын үстүнөн болгон жеңишинде да, Канықейдин жанагы «чапса кылыч кеспеген, сайса найза тешпеген» Ак олпогу чоң роль ойнойт.

Канықей алсаң баатырым, арбыйт экен дөөлөтүң, түгөнөт экен мээнетиң, аябай жыргап жаныңыз, ачылат экен багыңыз» - деп Манаска айтканы эске түшөт. Чындыгында эле, Канықейге үйлөнгөнү Манастын багы ачылат. Дөөлөтү барган сайын артып, мамлекетинин коргонуу күч-кубаты чыңдалып, баатырдын кадыр - баркы көтөрүлөт. Канықей ага арка-жөлөк болуп, ал билбегенди билип, ал туйбаганды туюп, анын табылгыс кеңешчисине өсүп чыгат.

Баса, айтмакчы, бул жерде Канықейдин дагы бир касиетин белгилебей өтүүгө мүмкүн эмес. Бул анын инсан аралык өз ара мамилелердеги ийкемдүүлүгү, ийилчээктиги, адамкерчилиги жана ак, караны ажыратып, жогоруда айтылгандай, кимдин кимдигин таразалап турган көсөмдүгү. Асылды асыл баалайт, жөн билги жакшыдан айланса болот дегендей, Канықей Манастын тегерегиндеги Бакай, Кошой, Ажыбай, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу элдик баатырларды «абаке», «олуя», «берендер», «асылдар» деп жогору баалап, алардын алдында башын ийип, булар дегенде ичкен ашын жерге коюп, ар дайым жапакеч мамиле жасап турат. Ал эми кайненеси Чыйырдыга жасаган мамилеси мына мындай: «Ак байбиче карыям, тоодой болгон төрөмдүн, өзүн тапкан олуям, карап турсам кардым ток, көрүп турсам көөнүм ток». Канықей мына ушундай дипломатиясы менен баатырларды, балбандарды, уруу хандарын, кыркы кырк жактан келген кырк чорону Манастын айланасына бириктирген күчкө айланат.

Ушул жерден жанагы, өйдө жактагы Манастын алаар колуктусунун образы жөнүндөгү кыялдуу ойлорун кайрадан эске түшүрүүгө туура келет. “Оймоктуудан узду алам” дебеди беле. Бул жагынан Манастын тилеги

оюндагыдай орундалып отурат. Канықейдин ошол жанагы узчулук керемет иштерин унчукпастан, мактанып ураан көтөрбөстөн, астыртан жасап бүтүргөндүгү, бул үчүн эч кимге милдет кылбагандыгы, улуулардын алдында ыйбалуу, назик жүгүнүп турганы, Манасынын кадыр-баркын үндөбөй кылган ак кызматы менен көтөргөнү таңгалдырат. Манас “алты жылдык зыянды, биле турган кызды алам, акыл кошуп жанымда, жүрө турган кызды алам” деп, кыял ойнотту эле. Бул ою да ордунан чыкты. Канықей эч убакта акылдуусунуп, Манаска бака-шака түшүп насаат айтпайт. Манас менен айтышпайт, жаакташпайт (“Бейжайлык менен кесирди, билбей турган кызды алам”). Тескерисинче, “Төрөм” деп, Манастан өзүн төмөн тутуп, кеп-кеңешин “Тоту куштай үндөнүп, алда нече түрдөнүп”, күйөөсүнүн алдында назик гүлдөй буралып туруп айтат. Канықей ашык кеп сүйлөбөйт, кээде өзүнүн турмушка жасаган олуттуу мамилеси менен өрнөк көрсөтүп, Манастын акылына акыл кошот. Кай бирде көргөн түшүн айтып, көз жашын төгүп жазган каты аркылуу сүйүктүү жарына таасир кылып, аны зыяндуу кесепеттерден сактайт (Канықейдин “Чоң Казат” мезгилинде Манасты Бээжиндеги “алтын тактан” айнытып,Таласка чакырган катын эске түшүрөлү). Анан дагы, Манас “жан жолдошко жаман сөз, айтпай турган кызды алам, жаман жерге жамбаштап, жатпай турган кызды алам” деди эле, жанагы кыялында. Канықейдин Манастын жолдошторун кандайча урматтаарын өйдөтө көрдүк. Бирок кайран жеңең Канықей тегерегиндегилерге мээримдүү мамиле жасап, ошону менен бирге, аларга ар кайсыны жобурап, ачыла бербей, аралыкты (дистандияны) тутунуп, сыр сактап, сылык-сыпаа түрүнөн жазбайт. Жаман жерге жамбаштатып жаткыргысы келгендерге Канықей ачылбас кулпу (кийинчерээк катын кылып алгысы келген Абыке, Көбөшкө Канықейдин берген катаал жообун эстейли). Ал өзүнүн айкөл Манасына гана жүрөгүнүн түпкүрүнөн нур чачып, гүлдөй жайнап ачылып берет. Бул жерден Канықейдин айкөлү менен “адырдагы булактай, жошулушуп турганда, аркар менен кулжадай кошулушуп турганда”, деген сөзүн эске түшүрбөй коюуга мүмкүн эмес. Канықей Манастан

башкага азгырылбаган, эч качан эч нерсеге сатылбаган зайып. Анан кантип Канықей “Манаста” “Кең көйнөктүн тазасы, зайыпзаттын паашасы” деп ырдалбасын.

Дегеле, Канықейдин Манастын тагдырындагы ойногон кайталангыс ролун эпос бизге төмөнкү саптар менен туйгузат:

Береги Манас көк жалдын
Чачылганын жыйнаган,
Үзүлгөнүн улаган,
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган.
Санжыргалуу Манасты,
Аалам журтка кан кылган.
Намыс кылбайт, Канықей
Калдайган башын туу кылган,
Катын башын эр кылган.
Тон жасаган адаты,
Качан болсо Канықей -
Бул Манастын канаты.

Демек, Манасты Манас кылган Канықей деген сөз бекеринен эмес. Мына ушундай эмгек-мээнетинин аркасында Манастын ордосунда Канықейдин популярдуулугу өсүп, ал өмүрлүк жарынын гана урматына ээ болбостон, бүтүндөй эл-журтка алынып, көпчүлүктүн сүймөнчүлүгү болуп калат. «Жоо бетинде жүргөн баатырлар эл - жердин кабарын алганда, «калк энеси Канықей, кайгысын тарткан эл-журттун, жеңебиз аман жатабы» - деп, атайын эскерип, ал-абалын сурап билишет» («Манас энциклопедиясы»). Кырк чоро үчүн, кыргыз үчүн Канықейдин чынында эле ким экендигин Ырамандын ырчы уулунун төмөнкү сөзү да күбө өтүп турат:

«Биз Манаска келгени,
Асыл жеңең Канықей,

Эне ордуна кармаган.
Алтынга чайкап эт берди,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана,торгой көз,
Ок өтпөс тонду кийгизди.
Искендер изин салбаган,
Чалыяр чаркы келбеген.
Согушуп эч ким жеңбеген,
Каканчынын Бээжинге
Чамаңарды тийгизди».

Мына ушинтип, Канықей Манасты Манас кылганы үчүн, анын үзүлгөнүн улагандыгы, чачылганын жыйнагандыгы, кырк чорого мээримин төгүп, асылдыгын көрсөтүп, алардын аскердик күч - кубатын чыңдагандыгы, «Көкөтөйдүн ашындагы» жана “Чоң казаттагы” кызматы, кара жанын карч уруп, эл-журттун кайгысын тарткандыгы үчүн «калк энеси» деген улуу сыйга арзып отурат.

Адабияттар:

1. Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы,Бишкек,-1993,Учкун,
2. Б.Исаков. Манас таалими.-Бишкек, 2008, 40-бет.
3. В.А.Сухомлинский. Как воспитать настоящего человека - Москва, Наука, 1990,
4. Лиуфажун. Канықей-таалайы татаал аялдын образы. - Китепте: «Манас» эпосу жөнүндө.- Бишкек, 1994,
5. Лиуфажун. Канықей-таалайы татаал аялдын образы. - Китепте: «Манас» эпосу жөнүндө.- Бишкек, 1994.

Байгазиев Советбек

БАКАЙ – БОРБОРДУК АЗИЯНЫН АКЫЛМАНЫ, КЫРГЫЗДАРДЫН РУХАНИЙ ЖОЛ БАШЧЫСЫ ЖАНА УЛУУ ПАТРИОТУ

(Ак калпак журтка жана адамзатка жарыгын чачкан «Манас» ааламынын өчпөс жылдызы)

“Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан” акылман Бакай, образдуу айтканда, “Манас” ааламындагы өзүнчө бир “планета”. Биз бул макалабызда окурмандарга ошол “чоң жылдыздын” жалпыланган бейнесин тартып берүүнү чечтик.

1.Эпостон ачык-айкын көрүнгөн Бакайдын эң башкы сапаттарынын бири-**акылмандык.** Бакайдын акылмандыгы анын жалпы улуттук масштабда алысты мелжеп ойлонуп, элдин өткөнү, бүгүнкүсү, келечеги жөнүндө толгонуп, Манас экөөлөп түзгөн мамлекеттин ичинде жана тышында эмне болуп жаткандыгына көз салып, улуттун стратегиялык кызыкчылыктарын, жакынкы, алыскы мүдөөлөрүн ар дайым көз алдыда тутуп тургандыгында. Манаска жана кыраан кырк чорого жол көрсөтүп, манас ордодо тең салмактуулукту жана тынчтыкты сактап тургандыгында. Бакайды саясатчы, мамлекеттик ишмер деп атаса болот. Бирок мамлекеттин ордосунда Манастын кеңешчиси катары биринчи ролду ойноп турса да, ал байлык чогултуу, көр дүнүйө жыйноо жөнүндө эч ойлонбойт. Бакай алдым-жуттуму жок, таза, ыймандуу мамлекеттик ишмер. Бакайдын кеменгерлиги кыргыз элинин чачылганын жыйноо, үзүлгөнүн улоо, жоголгон жогун табуу боюнча алдыда жыйнаган милдеттер тургандыгын көрө билип, андыктан «Таласка салган тамың жок, талтайып жатар чагын жок, Кең-Колго сайган багың жок, керилип жатар чагын жок», деп чоролорго дайыма эскертип, андан ары аларга оо балдар, «өпкө жарып, баш кесер, өт жарышып кан төгөр, өлчөсөң далай душман бар, кыр жагында Кытай бар», деп арышты кең таштап, алысты ойлонууга үндөп тургандыгында. Ошону менен бирге Бакайдын даанышмандыгы күнүмдүк

майда-чүйдө нерселерден, бийлик-байлык азгырыктарынан жогору тура билип, жашоонун маңызы жөнүндө философчосунан терең ойлонгондугунда, өмүр кечирүүнүн тузу мансаптуулукта эмес, кишичилик кеңдикти, адамдык нарк-насилди сактоодо деп түшүнгөндүгүндө (Бакайдын “Чоң Казат” алдында хандыктан баш тартышын эске түшүрөлү). Мына ушундай касиетинен улам Бакай «Манаста» «Туйгун Бакай олуя», «Акылы терең кеменгер», «Айла тапкыч акылман», «Капилет жерден сөз тапкан, караңгы түндө көз тапкан», «Бакай баатыр көк жалдын, акылы кенен дарыя”, деп мүнөздөлгөн.

Саякбай Каралаевдин вариантында Бакай жалындаган жаштык кезинде далайлаган жерлерди кыдырып, нечендеген өлкөлөргө сапарлап, “узун элдин учун, кыска элдин кыйырын” көрөт. Эл-жер кыдырып жүргөн чагында, Бакайдын те жердин түбүндөгү Мисир жана Багдат шаарларында болуп, Кытайдын Чоң Бээжинине жети жолу сапарлап барып келет. “Төгөрөктүн төрт бурчун” кыдырып, далайды көргөндүгү жөнүндө Бакай өзү минтип маалымдайт: “Медияңдын беш бурчун, беш айланта чалгамын, кургагы жок көл көрдүм, бир тамчы суу табылбас, кырк күнчүлүк чөл көрдүм. Ай-ааламдын баарысын, он эки жылы кыдырдым, мен көрбөгөн элим жок, мен тийбеген жерим жок”. Кыскасын айтканда, байкасак, “Манас” эпосундагы кыска жана нуска кабарланган бул биографиялык таржымал Бакайдын акылман болуп асмандан дапдаяр түшө калбагандыгын, анын көрөңгөлүү акыл-эси көптөгөн турмуш мектептеринен өтүп, курчугандыгын кыйыткан сюжеттик мотивировка сыяктанат.

2. Дагы бир улуу сапаты - Бакайдын **мекенчилдиги**. Буга анын Ата журттун бөштондугу, ак калпак элдин эркиндиги үчүн Манас менен кошо каруусун казык, башын токмок кылып, каарман күрөштүн жана согуштун өртүн кечкендиги, Манас ордонун, эгемендүү кыргыз мамлекетинин сакталышы үчүн карыган кезинде кайраттанып тикесинен тик турганы (“Семетей” эпосунда), чыккынчылардын таманы астында калган мекендин кайгысын тартып, 90 жашка чейин Семетейдин Сейтегин күтүп (“Сейтек”

эпосунда), Ата журттун жакшылыгынан үмүт кылып, күрөшүп жашагандыгы далил болот. Өмүр – жашоосунун максатын жана маңызын бир боор элин бөштондукка чыгаруудан көргөн Бакай, Абыке-Көбөш алты арам тарабынан Манас ордонун кайрытылгандыгына күбө болгондо, кыйраган ордо менен өзү да кошо кыйрап, көз жашын төгүп, ыйлап турат. “Каныкейди Букарга качырып жатканда, Бакайдын каралуу Канышага эгерде Семетейди аман-эсен чоңойтуп Таласка кайра алып келбесең, менин өлгөнүм ошол деген сөзүн эстейли. Бул жерден Бакайдын бул дүйнөдө тирүү жашап жүргөндүгүнүн маңызы- Манас экөө кан, тер менен курган кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгүн сактоо, коргоо

философиясында экендигин да ачык туюндук. Эгерде бул улуу дөөлөт «Абыке-Көбөш алты арамдын» колунда калып, жок боло турган болсо, анда бул Бакайдын граждандык трагедиясынын жана өлүмүнүн өзү болмок. «**Жетим аман келбесе, байкушуң Бакай өлгөнү**» дегени кара башынын физикалык өлүмү жөнүндөгү кеби эмес, биринчи иретте, акылмандын өзүнүн моралдык өлүмү жөнүндөгү түтөгөн күйүтү. Семетей чоңоюп, кайтып келип, кыйраган Манас мамлекетин кайра тирилтсе, Бакайдын да өлгөн жаны кайра тирилмек. Ушундайча ойлонуу Бакайдын граждандык-патриоттук, мекенчилдик акыл эсинин, туюм-сезиминин көкөлөгөн бийиктигин күбөлөйт. 12 жыл зарыгып күтүп жүрүп, акыры Каныкейдин, Семетейдин жардамы менен Манас курган эгемендүү кыргыз мамлекетинин Туусун кайра желбиретиши, Манас ордону тебелеп-тепсеген Абыке-Көбөш алты арамды бийликтен кулатып, Манастын уулу Семетейди такка отургузушу – Бакайдын уулу эрдиги. Көз карандасыз эркин Ата журт дегенде, башын канжыгага байлап, өлүп берүүгө даяр турган Бакайдын мекенчилдиги – биз үчүн, кийинки муундар үчүн баа жеткис үлгү.

3.Үчүнчү өзгөчөлүгү – бүгүнкү тил менен айтканда, Бакайдын тубаса **дипломат** экендиги. Бакайдын инсандар аралык, жамааттар аралык, калктар аралык алака-катыштардын дүйнөсүндө мамилелешүүнүн ачкычын таба билген кылдат айлакерлиги анын акылмандыгынан агып чыгат. Бакай ар бир адамдын

өзгөчөлүгүн көрүп турат. Ал Букар шаарынын ханынын кызы Каныкейдин билимдүүлүгүн, баатырлыгын, акылдуулугун байкап: “**Теңдик менен албасак, зордукка көнөр жан эмес, олжо болуп бизге эле, оңой менен Каныкей, колго тийчү ал эмес”,** деп Манаска кеңешин айтып, ага өзгөчө мамиле кылуунун керекчилигин эскертет. Каныкейдин жеке өзгөчөлүгүн эсепке алып мамиле жасоонун зарылдыгын айтып отурушу Бакайдын психологиялык кылдаттыгын айгинелейт. Бакай өзүнүн карама-каршылыктуу татаал турмуштук түйүндөрдү, чыр-чатактуу жагдайларды, конфликттерди амалын, “тилин” таап, жайгаштыра, жөнгө сала билген (мисалы, сүйлөшүү жолу менен айтылуу алты хандын чатагынын басылышына аралжы болгондугун, Бээжинде өзгөргөн кырдаалдын “тамырын” кармап, Манаска туура кеңешин берип, “Чоң Казат” – урушун узартпай токтотқондугун, Букардагы чырдын өртүн убагында өчүргөндүгүн Алманбет менен Чубактын чатагында ортого түшкөндүгүн ж.б эстейли) искусствосу менен бийик. Ошон үчүн ал “Маната” “караңгыда жол тапкан, көргөндүгү бар эле, камалганда сөз тапкан, чечендиги бар эле, үзүлгөндү улаган, жыгылганды жөлөгөн, эпчилдиги бар эле, ажыраганды эптеген, айтышканды септеген” делип даңазаланат.

4.Жогоруда калк аралык алака - катыш дедик. Эмесе бул аспктиде да карап, Бакайдын артыкчылыгына баам сала өтөлү. Анжиянга ордосун куруп, Бүткүл Орто Азияны жана чыгыш Түркстанды эзип турган кытайлык колонизатор Алооке ханды жеңгенден кийин Манастын атак-даңкы, кадыр-баркы көкөлөп өсөт. Баскынчы жоолорго каршы жеңиштүү боштондук согуштары менен аты айлана-тегерекке дүңгүрөп турган Манасты бүткүл түрк-мусулман калктарынын таянар тоосу, коргонор чеби катары эсептеген көз караш да пайда болуп, «сахнага» чыгып келет. Түркстан аймагынын он эки хандыгынын башчылары, өкүлдөрү Кум-Арык деген жерде ак боз бээни жара тартышып, колдорун карысына чейин канга малышып, шерт беришип, Манасты алтын гүлдүү килемге салып, жалпы Орто Азия жана чыгыш Түркстан чөлкөмүнүн хандыктарынын жогорку бийлөөчүсү, өкүмдары катары

калдайтып хан көтөрүп ташташат. (С.Каралаевдин варианты). «**Жалпы хандар чогулуп, арстан Манас баатырга, эки тизгин, бир чылбыр, берип салды деп уктум**» делип, бул окуянын кабары «төгөрөктүн төрт бурчуна» чейин тарайт. Илгерки кылымдардын биринде кыргыздар Азияда өздөрүнүн улуу державасын түзгөн деген тарыхый маалыматтын бекер жерден чыкпагандыгына «Манастагы» ушул факт да күбө өтүп тургандай. Дал ушул зор мамлекеттик бийлик ордосунда ички жана тышкы саясатты тейлеп жөнгө салып турган бир көсөм увазир бар. Ал – Бакай. Калк аралык мамилелердеги кысталыш учурларда дайыма ордодо: «**Ажыбай, Бакай экөөнү, арачыга салалы**», деп турушат. Алдыда болчу азапты алты ай мурда болжогон олуязаада Бакайды Манас ар качан мамлекеттин тышкы мамилелеринин кыйын-кезеңине салат. «**Олуят чалдын эр Бакай, өзүң билип жол башта**», деп Манас качан болсо Бакайга ишенич жүктөп турат. Жалпы Түркстан аймагында тыягы Кашкар, алты шаар, быягы Кокон, Самарканд, Сары Аркага чейин он эки хандык менен болгон өз ара мамилелерде далай, далай түйүндүү маселелерди, конфликтүү кырдаалдарды адилет чечип, өзүнүн калыстыгын жана аярлыгын көрсөтүп, Бакайдын чоң эл аралык атак-аброй күткөнү аңдалып турат. Бакайдын эл аралык үлкөн аброю мына бул окуядан улам даана көрүнөт. «Чоң Казат» согушунун алдында Таласта Манастын чоролору жана алты хан катышкан чоң чогулушта Бээжинге карай жүрүштө кол баштаган жалпы ханыбыз Бакай болсо деген сунуш ортого коюлат. Ошол учурда жалпы Түрк-мусулман көпчүлүгү чурулдап: «**касиеттүү Бакайды, канга ылайык көрөбүз**» - дешип, сунушка бир добуштан макул болот. Бул окуянын өзү Бакайдын кадыр-баркы кыргыздар үчүн гана эмес, жалпы түрк боордош журттардын өкүлдөрү үчүн да бийик экендигин ырастайт жана Бакай эл аралык маанидеги лидерлердин бири экендигин айгинелейт. Демек, биз «Манастагы» Бакайдын образына дайыма кеңири карашыбыз керек. Бул образ тар өлчөмдөр менен ченен-быча турган жөнөкөй образдардан эмес. Анын масштабы абдан кенен. Бакай Манас менен бирге кыргыз элинин гана эркиндиги үчүн эмес,

канатташ, коңшулаш, тектеш калктардын да бөштондугу үчүн күрөшкөн, алардын жалпы ынтымагына, аскердик конфедеративдик биримдигине кызмат кылган каарман. Ал кыргыз улутунун да, жалпы түркстандын да акылман, баатыр, лидер уулдарынын бири. Анын образынын калк аралык масштабын ар убак баалай жүрүүгө тийишпис.

Бакайдын ортого “көпүрө”, данакер боло билүү өнөрү бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын элчилерине, саясатчыларына жана мамлекеттик ишмерлерине табылгыс таалим-сабак. Кээде мамлекеттик атка минерлерден “Манас” эпосу боюнча экзамен алуу керек деген газеталарга жарыяланган сунуштарда логика бар.

5.Бакайдын мүнөзүндөгү асыл **касиеттер-адилеттүүлүк, чынчылдык, адамгерчилик, сабырдуулук, туруктуулук.** Бакай үчүн чындык бардыгынан жогору турат. Платон менин устатым, бирок чындык андан жогору турат деп Сократ айткандай сөздү, Бакай да айта алат. Бакай жандай көргөн досу жана Ажо экенине карабай, Манаска кетирген кемчилигин бетине түз айтып, дайыма чындыкты туу катары карманат: “Элчилерге жана жуучуларга өлүм жок” деген эл аралык эреженин Манастын ордосунда бузулганын көрүп, абакка жабылган алты хандын элчилерин камактан чыгартып, аларга сый-урмат көрсөттүрүшү-Бакайдын адилеттүүлүгүнүн, калыстыгынын көрсөткүчү. Ал эми Ажо Манастын кеңешчисимин, хан Бакай аталган каадалуу жанмын деп манчыркап көтөрүлбөй, атынан түшүп, чечинип таштап, согуш талаасындагы жарадар жоокерлерди өз колу менен дарылап жатышы Бакайдын жөнөкөйлүгүн, асыл адамгерчилигин, кишичилик касиетин мүнөздөйт. Семетейди 12 жыл, Сейтекти 14 жыл зарыгып-саргайып күткөн сабырдуулугу, сүйгөн кызы Көрпаянга жетпеген көп жылдык ички арман-күйүтүнө түткөн чыдамкайлуулугу, Көрпаяндын сүйүүсүн барктаган улуулугу жана ага болгон өзүнүн махабатына ак бойдон калган адамдык туруктуулугу Бакайга болгон кадыр-сыйыбызды, урматтообузду ого бетер күчөтөт.

6. Бакайдын адам тирлигинин негизи болуп эсептелген **эмгек деген улуу**

нерсеге да өзүнүн көз карашы, философиясы бар. “Манастагы” кайталангыс керемет уста Бөлөкбайдын “ата журт үчүн тердеген” эмгек-мээнети жөнүндөгү Бакайдын терең мазмундуу, курч монологу эмгекке арналган өзүнчө бир гимн сыяктуу. Ошону менен бул монолог манастын аскер куралдарын жасаган тендешсиз чебер уста Бөлөкбайга сөз менен тургузулган эстелик өңдүү. Монологдун терең логикасын аңдасак, бул жерде эмгектин өзүнчө бир концепциясы жатат. Бакайдын философиясы боюнча, эмгек – бакыттын, береке-байлыктын булагы, кара жанды да, калайык-калкты багуунун да, өзүндү жана өзгөнү сактоонун да амалы, өзүнүн кара жемсөө кызыкчылыктарын гана канааттандыруунун чегинен чыкпаган эмгектин кадыр-баркы болбостугу, башкалардын бакыбатына, жамааттын жакшылыгына багышталган “ата журт үчүн тердеген” эмгектин маңыздуулугу, кундуулугу, социалдык-баалуулугу, эмгектин, адамдын адеп-ахлактуулугунун көрсөткүчү, чен-өлчөмү жана кишинин өзүнүн ички жөндөм-мүмкүнчүлүктөрүн, адамдык патенциалын ачуунун, өзүн өлбөс кылуунун жолу.

Бакайдын кеменгер акылынан чыккан бул насыят кыргыздын дайыма көңүлүндө алдейлеп алып жүрө турган руханий мүлкү, ата мурасы.

7. “Манас” эпосунда Бакай улуттук ички **биримдик, ынтымак** идеясынын жарчысы катары көрүнөт. Ал “серпишкенге бой бербес, сепил болуп калгыла”, деп калкты бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарууга үндөп, көсөм акылы менен көпчүлүккө жол көрсөтүп турат. Бакай эл-журттун ички ынтымагын жана биримдигин жеңиштердин, ийгиликтердин ачкычы, тышкы карсанатай күчтөрдүн кысымы алдында сепил сыяктуу кебелбес, ноюбас болуунун кепилдиги, турмуштун бороон-бурганактуу жолдорунда калктын аман-эсен сакталышынынын куралы катары туюнат. Мына ошон үчүн ал 90 жашка чыкканча, өмүрүнүн акыр-аягына чейин ак калпак журттун ички ынтымак-биримдигине доо кетирген Абыке-Көбөш алты арамга жана чыккынчы Канчоро-Кыяздарга каршы турган. Кеменгердин логикасы боюнча калдайган калың журтмун, сан жагынан сансызмын деп мактануу да эп мес.

Эгерде ички ширелишкендиги жок болсо, калктын сан жагынан көптүгү капсаланduу кыйын-кезеңде ынанымдуу тирек болуп бербес. Мына ушундан улам Бакай ынтымагың жок болсо “пил да болсоң жыгыласың, миң да болсон кырыласың” “Ынтымактан качкандар, ыгы жок өзү кор болот” деген орошон осуятты айтып отурат. Ырасында эле, ичтен ыдырап, бөлүнүп-жарылуунун айынан далайлаган империялар, калдайган калың журттар тарых сахнасынан орду-түбү менен жок болуп кеткендигин турмуш көп жолу далилдеп бербеди беле.

Өзүнүн тарыхый тагдырында калкыбыз ички бытырандылыктан, бөлүндүүлүктөн, өз ара уруу чабыштардан далай азап чеккен, бүгүн да трайбализм, жер-жерлерге бөлүнүүчүлүк илдетинен жабыр тартып отурат. Бирок ошондой болсо да, дагы айталы **“Бөлүнсөн бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет”, “өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу”** (Бакай) деген патриоттук даамышмандык кыргыз социумунун ички өзөгүн тепчип өткөн дайымкы улут идеясы болуп келген жана бул идея элибизди, улутубузду сактаган. Бакайдын улуттук биримдик идеясын бүгүн республиканын ички монолиттүүлүгүн чыңдоонун идеологиялык фактору катары таалим-тарбияда активдүү жашатышыбыз зарыл.

8. Бакайдын баса белгилеп, атайын айта турган дагы бир сапаты-**баатырдыгы.** Ал көп кырдуу инсан. Бакай эпосто акылмандыгы, “караңгыда карсактын изинен жаңылбас” айлакерлиги жагынан гана эмес, кашкөй жоокердик, көкжал баатырдык сапаттары жагынан да ачылып көрүнөт. Бакайды боштондук үчүн болгон ар кандай майдандарда согуш өртүнүн эң алдыңкы чектеринен көрөбүз. Ал жеке жана массалык салгылашууларда өзүнүн “арстандыгын” далай жолу далилдеп көрсөтөт (Бакайдын бир эле Араник согушунда Кытайдын үч баатыры менен салгылашкан фактысын көз алдыбызга туталы). Ошон үчүн Манас өзү “Бакай аты болбосо, эрдиги менден кем эмес, артта жүрсө сан колдой, алдыда жүрсө ак жолтой” деп даңазалап, абакесин жогору баалаган. Бакай Манастын кошуунунда аскердик согуштук

өнөргө атайын машыгуудан өткөн профессионал жоокер (“Көкөтөйдүн ашында” Бакайдын кырк чоро менен бирге көпчүлүккө оюн түрүндө тартуулаган аскердик-согуштук өнөрүн эске түшүрөлү). Бакайдын майдан салгылашууларындагы жеңиштеринин, ийгиликтеринин сыры бир чети ушунда.

9.Бакайдын Манас баатыр менен болгон **достукка актыгы, түздүгү, бекемдиги жана бирилгендиги** өзгөчө баага жана сыйга татыктуу. Манас менен Бакайдын достугу– чыныгы достуктун үлгүсү. Экөөнүн биримдиги **Улут кызыкчылыгы** деген улуу «материядан» агып чыгат. Бул жагдайды академик Болот Юнусалиев “өскөн жерди, туулган элди сүйүү мотиви каармандардын кылган аракеттерине, кулк-мүнөзүнө ар дайым жетекчилик кылат”, деп туура белгилеген (Юнусалиев Б. Кириш сөз. –Китепте: Манас, Фрунзе, 1958, 30-б). Экөөнүн достугу, дагы айталы, бийик идеялык чекиттен кездешкен философиялык достук. Ата журт эркиндиги философиясы эки шер үчүн эч нерсе менен алмаштырылгыс эң жогорку дөөлөт. Ушул жогорку дөөлөткө кызмат кылууну экөө өмүрдүн маңызы катары санашат. («...калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» - Манас. “Үзүлгөндү улап жүр, чачылган журтту жыйнап жүр”- Бакай). Экөө ички ой-тилек, мүдөө-максат жагынан эгиздер. Эки шердин ичтен ширелишкендигинин, жуурулуушкандыгынын себеби ушул жерде. Кулаалы жайын куш кылган, курама жыйып журт кылган кайран арстан Манастын көзү жумула турган болгондо, калайык-калк өкүлдөрү, журт башкарган жакшылар коштошкону чогулуп келишет. Токсондогу карт Кошой: «кантейин Манас кабылан, кара жаак айбалта, кайкалатпай ким аштайт? Каңгайдан болсо чоң мүшкүл, алакандай журтумду, мунун акылын таап ким баштайт?» - деп кыргыздын мындан аркы тагдырын ойлоп, тилден калган Манастын башында каргылданып ыйлап турду. Ал эми Бакайдын ичинен кан өтүп, өрттөнүп ыйлап турганын көрүп туруу өтө кыйын. Бакай катуу буркурап, «көзүнөн аккан кандуу жаш, акырек ылдый куюлуп» турат. Бакайдын бул ыйын көрүп туруп ой кетет.

Минтип «асылым Манас өлбө» деп, көзүнөн кандуу жаш агызып, арманын какшап айтып, айкөлүнүн артынан кошо кетчүдөй болуп, чын жүрөгүнөн кайгыруу Бакайдай чыныгы Ак кан достун гана колунан келиши мүмкүн. Бул буркураган ыйды улуу ый деп айтаар элек. Анткени, бул ый ак калпак калктын эки улуу уулунун достугу акыл-эстин гана достугу эмес, жүрөктүн да, жан-дүйнөнүн да достугу экендигин айгинелеп берип отурат. Акылдаш да, жүрөктөш да достордун жуурулушкан биримдигин күбөлөгөн ый. XXI кылымдагы кыргыздын бүгүнкү эгемендүү мамлекети элдик улуу мүдөөлөр менен бириккен Манастай, Бакайдай руханий жол башчыларга жана көсөм лидерлерге муктаж.

10.Ошону менен бирге мобу нерсеге да көңүл буруп коюу керек. Фольклордук чыгармалардын каармандарына илимпоздор тарабынан жандуу личность эмес, шарттуу фигура», тигил же бул адамдык сапаттын «көркөм символу», аксанатай же карасанатай күчтүн «жалпыланган элеси» персонификациясы, «схема-маска» сыяктуу мүнөздөмөлөр берилген учурлар аз эмес. «Манастагы» Бакайдын образына мындай аныктама берүүгө болбос эле. Бакайдын образы, ырас, кыргыз элинин акылмандыгын жана башка жаркын сапаттарын алып жүрөт, ошону менен бирге бул каарман өзүнүн кайталангыс тагдыры, ой жүгүртүүсү, эмоционалдык толгонуулары менен жашаган, жекелиги бар инсан, реалдуу турмуштук кыртыштан өсүп чыккан жандуу образ десек жаңылбас элек.

11.Бакайдын образы өзүнүн өзөгүндө улуттук жана жалпы адамзаттык маанидеги универсалдык руханий, моралдык-этикалык, гуманисттик нарктарды алып жүргөндүгү менен “Манас” эпосунун мазмунун байытып, дастандын деңгээлин дүйнөлүк бийиктикке көтөрүп турган залкар образ. Образдуу айтканда, Бакай руху Манас ааламынын Ала-Тоого жана адамзатка жарыгын чачкан өчпөс жылдызы.

Сөз акырында белгилей кете турган нерсе, социогуманитардык илимдердин өкүлдөрү адам коомундагы социалдык-тарыхый прогресстин

башкы критерийи өндүргүч күчтөрдүн өсүшү эмес, адамдын моралдык өнүгүш даражасы болууга тийиш деп эсептешет. Эгер ушул чен-өлчөмдүн ыңгайынан “Манас” эпосуна карасак, анда Манас, Канықей, Кошой, Бакай өңдүү каармандардын моралдык облиги, рухий маданияты кыргыз коомунун социалдык прогресс жагынан кыйла эле өйдөкү деңгээлге көтөрүлгөндүгүн күбөлөйт. Маселен, Бакайдын кыргыз элинин көз карандысыз өз алдынчалыгы, улуттук биримдиги (уруулук эмес) жөнүндөгү саясий-философиялык ойлому, калк аралык, инсандар аралык ынтымактын жарчысы катары чыгып, ошол ынтымактын аспабы катары диолог усулун карманып, ортого данакер боло билиши, чындыкты, акыйкатты туугандан, достон жогору коюшу, бийик адеп-ахлактык категориялар менен акыл чуркатышы, эл-журттун, мамлекеттин жогорку кызыкчылыктары тууралуу ой-жүгүртүүсү, айлана-тегерекке сын көз менен карашы, көртирликтин майда-баратынан, бийлик, байлык азгырыгынан жана кумарынан жогору тура билген рухий аристократтыгы – дал ушул менталитет кыргыз коомунун социалдык-тарыхый прогресс жагынан бир топ эле цивилицазиялуу даражага өсүп келгендигин айкындайт. Кыргыз социумунун мыкты сапаттарын өзүндө алып жүргөн Бакайдын мындай менталитети бүгүнкү XXI кылымда да адамзат үчүн актуалдуу. Демек, “Манас” эпосу мындайча айтканда, кыргыздын руханий цивилизациясынын, “байыркы кыргыз рухунун туу чокусунун” (Ч.Айтматов) өлбөс дөөлөттөрүн көркөм образдар аркылуу чагылдырып, даңазалап тургандыгы менен дүйнөлүк мааниге эгедер. Бакайдын образы – фольклордук улуу дастан аркылуу чагылдырылган чыгыш даанышманынын улуттук жана жалпы адамзаттык маанидеги көркөм бейнеси.

Макалабыздын соңунда Бакайдын “Манастагы” жети осуяты менен окурмандарды тааныштырып коелу:

Бакайдын жети осуяты

(«Манас» эпосунда Бакай айткан насаат сөздөрдөн)

1. Кара кылды как жарган, калыс болгун калкыңа.
2. Үзүлгөндү улап жүр, чачылган журтту жыйнап жүр.
3. Ынтымагың жок болсо, пил да болсоң жыгыласың, миң да болсоң кырыласың.
4. Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет.
5. Элчиликке өлүм жок, жуучулукка кордук жок.
6. Серпишкенге бой бербес, сепил болуп калгыла.
7. Ата-журт үчүн тердесең, зоболоң сенин зор болот.

Байгазиев Советбек

“МАНАС” ЭПОСУ, КАНЫКЕЙДИН ТРИУМФУ ЖАНА ТРАГЕДИЯСЫ

I

Адам баласына ар дайым булактай тереңден оргуп чыгып, ашып-ташкан кубат-дем, чаалыкпаган кайрат берип, шыктандырып, өргө айдап турган бир күч болот. Эгер андай ичтен тирек болуп турган күч болбосо, адамдын дайым эле оттой жанып, «жалбырттап күйүп» турушу кыйын.

Каныкейдин жан дүйнөсүндө дал ошондой түпкүрдөн булак болуп оргуган, от болуп жалбырттап күйгөн, ич жактан түгөнгүс дем, шык, тоодой кубат тартуулап турган улуу нерсе бар. Ал күч Каныкейдин айкөл Манаска болгон жалындаган махабаты дээр элек. Каныкейдин күчү анын махабатында.

Манастын Орто Азиядан Алооке баш болгон калмак-кытай баскынчыларын кубалап, өз ата-журтун жоодон бошотуп, элин эркиндикке чыгарып, «кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган» патриоттук эрдигин, атуулдук айкөлдүгүн, чыныгы уулдук касиетин Каныкей алыстан туруп жогору баалап, көйкашка баатырдын даңазасына суктанып келген:

- «Манастын Манас экенин,
Мен баштатан угуп билгемин.
Манастыгы чын болсо,
Атайын издеп келер - деп,
Жараткандын өзүнөн,
Мен кургур, ошону тилеп жүргөмүн».

Кыскасын айтканда, хандын кызы Каныкей өзүнүн романтикалык жаш кыялында тымызын бапестеп багып келген өмүрлүк жардын элесин, идеалын реалдуу турмушта **«адамзаттын тунугу, ак калпактын улугу»** айкөл Манастан табат. Букар калаасында «бактыма төрөм табылдың» деген анын сөзү

жан-жүрөгүнүн түпкүрүнөн атылып чыккан сөз экенин кийин Канықей өз жашоосунда далай жолу далилдейт.

II

Социологдорчо карап көрсөк, Канықейдин туулгандан тарта өскөн чөйрөсү бөлөк. Ал отурукташкан шаар турмушунун кулуну. Болгондо да падыша атасынын хан сарайында өсүп чоңойгон кыз. Инсан катары башкача, айырмалуу социалдык шарттарда калыптанган, бөлөгүрөөк этикетке, адат-салтка жана социалдык нормаларга ык алган. Мына ушундай жагдайда чукулунан турмушка чыккан шаардык Канықейдин алдында көчмөн цивилизациянын турмуш образына, кайберендер, күтүрөгөн төрт түлүк, ат жалында чоңойгон адамдар мекендеген асман тиреген тоолордун арасындагы элет чөйрөсүнө адаптацияланууу, психологиялык жактан кайра курулуу сыяктуу оңой эмес проблема «айкүрүнөн» туруп калган. Бул Букардык хандын кызы үчүн чындыгында оор сыноо эле.

Бирок Таласка келин болуп келгенден кийинки турмушуна терең байкоо жүргүзүү, Канықей өзүнүн дүйнөсүндө өзүнчө бир бурулуш жасоого үлгүргөндүгүн туйгузбай койбойт. Индия эпосу «Махабхаратадагы» падышанын кызы Савитринин чөптөн кийим жасап кийип, кщйёёсщнщн токойдогу бакырчылык турмушуна көчкөнү сыяктуу, Канықейдин да Манастын мекенинде тоолуктардын турмуш образына бүткүл дитин берип, агынан аңтарылып, бардык жан дили менен көчмөн аялга айланып кеткендиги айкын-ачык сезилип турат. Эпостун сюжетиндеги фактылардан улам Канықейдин натурасынын өзгөрүүгө ушунчалык ийкемдүүлүгүн, кечөөкү шаардык хандын кызынын, образдуу айтканда, элет менен элет болуп, тоо менен тоо болуп, тоолуктардын ичине сиңип, эл менен эл болуп, Талас менен Талас болуп, Манас менен Манас болуп, акырында жүрүп отуруп, жалпы кыргыз журтунун сүймөнчүлүгүнө айланып кеткендигине таң калбай коё албайбыз.

Дагы баса белгилейли, дал ушул керемет өзгөрүүнү тереңден шарттап,

түпкүрдөн азыктандырып, мүрөктүн суусундай түгөнгүс күч-кубат берип, жан дүйнөсүнө канат бүтүрүп турган бир сыйкырдуу улуу күч бар. Бул күч - Каныкейдин шер Манаска болгон жалындаган сүйүүсү, аруу махабаты,дээр элек.

III

Күндөрдүн биринде Каныкейдин ууланган Манасты өлүмдөн куткарышы - Көзкамандар окуясындагы көзүнөн , көлдөп аккан жашы жана «өлөмүн деп санабай» чыккынчылар менен канга баткан кармашы Каныкейдин Манас менен чын-чынында жаны бирге экендигин, Манассыз жашай албастыгын, Манас үчүн ажалга тике кароого, кара башын курман чалууга даяр тургандыгын, бир сөз менен айтканда «кара сурдун сулуусунун» Манас үчүн махабат мажнуну экендигин айкындап таштады.

IV

Андан ары карай Каныкей Манас деп гана жашап калат. Айкөл Манас менен каны-жаны жуурулушуп өмүр сүрүүнүн өзү Каныкей үчүн Манасча мекенчил болуп жашоо, Манасча эл-жердин камын көрүү, арканды узун таштап, Манасча кенен акыл чуркатуу, журттун коопсуздугу, анын жакынкы-алыскы иштери жөнүндө Манасча ойлонуу, толгонуу, санаркоо дегенди туюндуруп калганы байкалып турат. Каныкейдин ой-санаасы Манастын ой-санаасы менен бир аркандын жибиндей өрүлүшүп калат. «Акыл-эси ошонун мени менен теңди алам, акыл кошуп жанымда жүрө турган кызды алам» деген Манастын тилеги көрүнөө жүзөгө ашат. Мамлекеттик ишмер, падыша Темиркан атасынын тарбиясында чоңойгон, хан ордодо өскөн, маданий деңгээли бийик, сабаттуу, акылгөй Каныкей Манаска теңтайлаш ойлонуп, үй түйшүгү менен гана эмес, биринчи иретте, кыргыз элинин түйшүгү, калктын мүдөө-таламдары, көкөй кести көйгөйлөрү менен жашоого өтөт.

V

Уруш-согушу, талаш-тартышы бүтпөгөн,жоосу күтпөгөн жерден кайдан, качан келээри билинбей кооптондурган коогалуу заманда кыргыз элинин

башынан карлуу бороон,катуу күн өтпөй койбосун болжоп, Канықей калайык-журттун күч-кубатын көтөрүү, Манастын бири миңге татыган кырк чоросунун аскердик кудурет-күчүн, камылга-даярдыгын чыңдоо жөнүндө тымызын ойлонот. Ушул багытта ичинен бир чечимге бекип, өзүнчө ар тарабынан ойлонулган план түзүп, ошол долбоорун жүзөгө ашыруу үчүн өз алдынча астыртан чечкиндүү кадамдарды жасай баштайт. Ал журттун ичиндеги колунан көөр төгүлгөн устарларды, жез оймок уздарды, көзгө атар мергендерди, балбандарды жана башка түркүн өнөрлүүлөрдү чогултуп, алардын күчүн уюштуруп, эл үчүн маңдайдан тер агызган мээнетке чегет. Өзү да белин оорутуп, колун жоорутуп, көз майын коротуп, күн-түн түйшүккө белчесинен батып, узак эмгектенип, акырында «кара калмак, манжууну, каршы-терши турушуп, карсылдашып урушуп» калса деп, кырк чоро үчүн жоо кийимдерин, аспап-шаймандарын, гүлазыгын, дары-дармегин, мине турган күлүктөрүн, а түгүл урушта жарадар болуп калса, колдонула турган тинтүүрдөн өйдө шайма-шай камдап таштайт.

Ал эми албарс болот өгөтүп, ортосуна төгүп, чапса кылыч кеспей, сайса найза тешпей турган кылып, атайы Манаска арнап жасаган Ак олпокту көрсөк, бул да өзүнчө бир оозду ачырган искусство. Канықейдин колунан бүткөн бул ажайып буюм эпостун өзүндө **«жылан боор кайыган, көргөн пенде таңгалып, эки көзү тайыган»** деп даңазаланат. Колдонгон технологиясы, көркөм жасаты жана сапаты ушунчалык бөтөнчө деңиз, эгерде бүгүнкү күн болсо, Канықейдин Ак олпогу бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө биринчи байгени жеңип албай койбойт эле деген ой кетет. Канықей Ак олпокту кандай мээнет менен жасагандыгын **«Түн ичинде уйку албай, күндүзүндө тынч албай, эчен жылы тиштедим, ичин кымбат иштедим, күрөктөй тишим жоюлдум, кара көзүм оюлдум»,** деп Манаска өзү айтып берет.

Мына ушинтип, Манастын кошуунунун аскердик күчүн арттыруу үчүн көргөн Канықейдин сарамжалы Чоң Казатта чоң роль ойнойт. Кыргыз баатырларынын салгылаштагы ийгиликтерине зор өбөлгө болот. Алманбет

жарадар болгондо, Каныкейдин камдап берген дарысын ичип, оңолуп, кайрадан урушка кирет. Ошол эле Каныкейдин адам таппаган амалы менен жасалган Коңурбайдын Алгара күлүгүнүн кебин Сарала тулпарына кийгизип, Алманбет душмандын чегинен байкалбай өтөт. Каныкей камдаган гүлазык жоокерлерге түгөнгүс дем болот. Чоң Казат учурунда Аккуладан ажырап калган Манаска алыскы ооруктан Тайбуурул тулпарды шашылыш майданга жөнөтүп, Каныкей өмүрлүк жарын дагы бир жолу өлүмдөн сактап калат.

VI

«Көкөтөйдүн ашында» Каныкейдин иштин алдын күн мурун ойлонгон айлакерлиги дагы бир жолу көпчүлүккө даңаза болот. Көрсө, Манастын кандагайын непада Кошой абам кийип калса деп, Каныкей оюнда Кошойго да атап, кенен жасап, бирок шымдын кашатынан багалегине чейин алты сөөмдөн ашкан бир бүктөмүн ичинен жымыйта капшырып тигип койгон экен. Каныкейдин көрсөтмөсү менен ошол бүктөмдү жазып жибергенде, кандагай Кошойго куюп койгондой чак келип, толкуп турган көпчүлүк канышанын бул акылгөй айлакерлигине ого бетер уу-дуу болуп, Манас менен Кошой тебетейлерин көккө ыргытып сүйүнүшөт. Кошой жетине албай кубанганынан **«Ай, Каныкей, телегейиң тең экен, он эки мүчө кең экен, сөөмөйү алтын уз экен, ургаачыда болбойт ко, өзү олуя киши экен, касиеттүү кабыланга, кадыр түндүн өзү экен»** деп алкап, алдына келип жүгүнүп турган канышага «балалуу бол» деп ак батасын берип жиберет.

Мына ошентип, 80ден ашкан Кошой карыя Каныкейдин кандагайын кийип күрөшкө түшүп, акырында кара күчтүн ээси, калмактын каардуу Жолой балбанын жеңип, кыргыз мамалекетинин ар-намысын сактап калат.

VII

Баса, айтмакчы, бул жерде Каныкейдин дагы бир касиетин белгилебей өтүүгө мүмкүн эмес. Бул анын инсан аралык өз ара мамилелердеги ийкемдүүлүгү, ийилчээктиги, адамкерчилиги жана ак, караны ажыратып,

жогоруда айтылгандай, кимдин кимдигин таразалап турган көсөмдүгү. Асылды асыл баалайт, жөн билги жакшыдан айланса болот дегендей, Канықей Манастын тегерегиндеги Бакай, Кошой, Ажыбай, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу элдик баатырларды «абаке», «олуя», «берендер», «асылдар» деп жогору баалап, алардын алдында башын ийип, булар дегенде ичкен ашын жерге коюп, ар дайым жапакеч мамиле жасап турат. Ал эми кайненеси Чыйырдыга жасаган мамилеси мына мындай: **«Ак байбиче карыям, тоодой болгон төрөмдүн, өзүн тапкан олуям, карап турсам кардым ток, көрүп турсам көөнүм ток».** Канықей мына ушундай дипломатиясы менен баатырларды, балбандарды, уруу хандарын, кыркы кырк жактан келген кырк чорону Манастын айланасына бириктирген күчкө айланат.

VIII

Канықей түпкүлүгүндө бүт жан дүйнөсү менен согушка каршы. Адамдын канын төгүп, жанын сууруган согуштун акыр түбү жеңген тарапка да кайгы экенин тереңинде жакшы түшүнөт. Канықейдин өзү каалабаган нерсеге даярдык көрүшү (кырк чоронун согуштук кийими, калың колдун курал-жарактары) – бул , дагы айталы, ошол жоокердик доордун адамга тартуулаган чечилгис карама-каршылыгынан туулган мажбурлук. Бул көйгөйдү да кайран жеңең Канықей акылы менен аңдабай койбогон. Ошол түпкүлүгүндө согуштун адам пендесине каршы жамандык экенин түшүнгөн Канықей кыргызга күн көрсөтпөгөн жоого каршы аттанган Манастын ишинин түпкүлүгү ак экендигине көзү жетсе да **(«Калмактар айлым Таласа, кандайча кайрат кылбаймын»** - Манас.), баары бир жан тереңиндеЧоң Казатты кабыл албайт. Бээжинге барып, **«алакандай кайран эл, бекер кыргын болбосун»** деп Чоң Казаттын барып-барып, акыры кыргызга алып келээр кесепетин алдын ала сезип, ичинен катуу санааркап, Канықей Алманбеттин алдында буркурап жашын төгөт. “Таянар жалгыз төрөмдү, жаман жолго жөнөлдү, жанын тирүү көрөмбү, айрылып алып арстандан, арманда бойдон өлөмбү ?” !- деп катуу толгонот.

Манастын Бээжинди каратып, ал жакта кандык такка отурганда оорукта жаткан Канықей мындан бир жаман нерсенин жышаанын туюп: **«Бээжинди билди дегиче, мейнетти билди десеңчи, алтын так минди дегиче, ажалды минди десеңчи»** - деп, катуу бейпайга түшүп, тез артка кайтышын өтүнүп, баатырына кат жөнөтөт. «Казып койгон ору бар, кайнатылуу шору бар, кара таандай жайнаган, кара курттай кайнаган» калмак-кытайдын эл-жерине күч менен падыша болуунун акыры кайгы менен бүтөөрүн, жеңгендердин бийлиги жеңилгендердин жең ичинен өч алуу кыймылын жаратаарын, жаңы согуштун оту кайрадан тутанарын, анын кыргыз үчүн да, кытай үчүн да түгөнгүс азаптын очогуна айланарын кайран жеңең Канықей аңдап турат.

IX

Каңгайда Коңурбайдын айбалтасы, найзасы тийген арка-моюну кабылдап, Манас кыйнала баштайт. Канықей Таластын түзүндөгү ысыктан качырып, Манасты желмаянга мингизип, Муз-Жайлоо деген салкын төргө алып барып багып, Эр Шуутуга алыстан алдыртып келген «кайнатма кара дарыны» жарааткa тышынан жаап, ичинен «кырма кызыл дарыны» ичирип, «ар чириктин баарысын,кузгундатып тептирип», тышка чыгарып отуруп, кабыланынын «ооруган жерин басууга, умачтай көзүн ачууга» жетишет. Манас Муз-Жайлоодон Төрт-Күлдөгү ордосуна кайра түшүп келип, “кубаттанып тирденип, курган жаны ирденип” калат.

Бирок Манастын кенебей Канықейге айтпай койгон дагы бир оорусу бар эле. Ал жараат - Чоң Казат учурунда аркадан аңдып келип сайган Коңурбайдын найзасынын учунун чорт сынып, баатырдын белинде калып калган болот калдыгы болучу.

Белиндеги жарааты билинбей,астыртан кабылдай берип, бир күнү Манас төбөсү менен тик түшүп жыгылат. Жашырып айтпаган жарааттын жайын эси ооп турган Манастын өз оозунан биринчи уккандагы Канықейдин абалын манасчы мындайча сүрөттөйт: **«Ошондо жеңең Канықей, ыйлап ийди буркурап, байкушуң боздоп ийди чыркырап».** Манасчынын бул таасын

саптарынан Каныкейдин ички психологиялык абалы көз алдыга таамай келе түшөт. Каныкей « кокуй төрөм, не дейсиң, сенин белиңде жараң көрбөгөн, менин амалымдын кеткени, сенин ажалыңдын жеткени!» деп, айласы кетип, тегеренип кетет. Бул жерде белгилейли дегенибиз, баатырынын жанды алып тынар жараатынын жайын укканда, отко түшүп кеткен немедей, чыркырап жибергени, буркурап жашын төгүп ийгени «кокуй төрөм, не дейсиң», деп чыдабай тегеренип кеткени Каныкейдин Манасты бүткүл дити менен агынан жарылып, чын жүрөгүнөн сүйгөндүгүн , ага баш оту, кан-жаны менен берилгендигин, ал үчүн отко, сууга түшүүгө даяр экендигин дагы бир жолу ырастайт. Ушул жерден XX кылымдагы индиялык гуманист Раджинин **“настоящая любовь- это утверждение другого как уникального, неповторимого, единственного существа”** деген сөзүн эске түшүрбөй коё албайбыз. Каныкейдин Манас үчүн күйүп-жанганы ушунчалык, ал үчүн Манас чынында эле Раджи айткандай, жападан жалгыз, кайталангыс, бу дүйнөдө бирөө гана. Лейланын сулуулугун көрүү үчүн аны мажнундун көздөрү менен кароо керек деген даанышман сөз бар. Каныкейдин Манаска болгон ысык махабатын көрүп туруп, ушул сөздү эстебей коё албайбыз. Манасты сүйүш үчүн аны Каныкейдин көзү менен кароо керек.

Манас баатыр өз кезегинде Каныкейдин өзүнө болжолсуз берилгендигин көрүп турат. Сүйгөн жар жагынан өзүнүн армансыз экенин сезет. **«Жан курдашым Каныкей – согуп турган жүрөгүм!”** – деп Манас жубайын чексиз сүйгөндүгүн билгизип, канышасына жалбарат. Манас өзүнүн ага достору Бакай менен Кошойго өз бир тууганына ишенгендей ишенет. Ал эми Каныкейге болсо, андан да ашып, кудайына ишенгендей ишенип турат. Ошон үчүн оорусу күчөп, о дүйнө саларына көзү жетип калганда, ички жан сырын, көөдөнүнө сары майдай сактап келген керээзин эч кимге айтпай, биринчи Каныкейге айтып, бешиктеги уулу Семетейдин тагдырын, кенен айтканда, ата журтунун тагдырын сүйгөн жарына тапшырат (Манастын өлүм алдында жатып, туягы – бешиктеги Семетейди Букарга алып барып, чоңойтуп өстүрүп, кайра Таласка

алып келип, элине кошуу жөнүндөгү керээзин эстейли.).

X

Манастын өлүм алдында жаткан учурдагы жана көзү жумулгандан кийин баатырдын сөөгүн коюуга байланышкан кайгылуу кырдаалдарда Каныкейдин инсандык сапаттарынын жаңы кырлары ачылып көрүнөт.

Манастан ажырап, көргөн күнүм курусун, айкөлүм менен кошо жатайын деп ичинен өрттөнүп турса да, Каныкей баары бир кеменгерлигине салып, акыл токтотуп, Манастын керээзин ойлоп, ымыркайы Семетейдин келечегин, эл-жерди ойлоп, сабыр күтүп, эрдин бекем тиштеп, өзүн колуна алат.

«Кан төгүшчү жоолор бар, өлүктөн өчүн алчуудай, көрүмдү ачып албасын, жол үстүнө сүйрөтүп, даңгыттарга жарбасын, бир адамга билгизбей, билинбес жерге коё көр» - деген Манастын керээзи боюнча Каныкей айкёлщнщн сёёгщн жашыруу щчщн Таластагы эчкиликтин Кара тоосунан жашыруун жай камдатат:

Зоонун бетин ачтырып
Манастын жайын каздырып,
Аябай кооз сомдотуп,
Алтындан түркүк орнотуп,
Эптүүлүгүн билгизип,
Устүнөн аккан кара суу
Ичи менен жүргүзүп,
Алтындан жаткыч салдырып,
Асты чирип кетет деп,
Арчанын күлүн төктүрүп…(биз кичинекей щзщндщнщ гана бердик)

Мына ушул керемет жайды түнкүсүн жашыруун барып көргөндө, айтылуу Кошой баатыр оозу ачылып, айран калып: **«балам, сени катын деген оңбосун, сени ургаачы дегендин, эгерде иши эки болбосун !** - деп Каныкейге

жалынып жиберет. Кошой аксакалдын ушинтип алкап жалынганы – бул Каныкейдин айлакер өнөрүнө жана акылына, кишичилигине берилген эң жогорку баа. Кошойдун баасынан аялга берилген бааны эмес, аялдагы керемет адамга , аялдагы адамдык бийиктикке, ургаачы, эркек деген биологиядан өйдө көкөлөп көккө чыккан руханий асылдыкка ыроолонгон бааны көрүп турабыз. Чынында эле, Каныкей өзүнүн Манаска болгон улуу махабатына татыктуу ишти жасаган жана элин кулчулуктан бошотуп, ата журтуна боштондук алып келген Ала-Тоонун улуу баатырына арзырлык укмуштуу жайдын архитектору болуп, сүйгөнүнүн элине сиңирген опол тоодой эмгегин урматтоонун ченемсиз өрнөгүн көрсөткөн.

Ал эми Каныкейдин Манаска тургузган күмбөзүнүн санжыргасын айтып отурса, ал өзүнчө түнөнгүс аңгеме.Каныша чебер усталарды жыйып, Анжиян тараптан күл бото топуракты атан төөлөргө жүктөтүп алдырып келип, челектерге чылап, уйдун жүнүн кошуп, малдын кылын себелеп, балбандарга ийине жеткире тебелетип, алты миң эркечтин майына бышырып туруп, заңкайган күмбөздү салтырып таштайт. Күмбөздүн ичине Чоң Казат алаамат согушун тарттырып, босогодон киргенде оң жагына Ак куланы минип, Ак олпокту кийип, душманды качырып турган Манасты баш кылып, кыргыз баатырларынын, сол тарабына беттешкен жоонун эрлеринин сүрөттөрүн түшүртүп, Бакайга туу карматып, дагы не бир түркүн кыял-оюуларды кооздоп чийдирип, көз жоосун алган көркөмдүктү жаратат. Каныкей ушинтип болбогонду болтурат. Күмбөз кең Таластын оюна, чоң Кең-Колдун боюна, чоң Ак-Чийдин четине, кара жолдун үстүнө түбөлүк турсун деп тургузулат. Каныкей Бакай менен бирге дал ушул күмбөздүн коргонуна Манастын өзүнө окшотуп жасалып, супага оролгон, чарайна менен чапталган, булгаары менен капталган жыгач кепти билгизбей көпчүлүктүн көзүнчө коюуну жана айкөлдүн өзүнүн сөөгүн Эчкиликтин кара тоосуна көмүскө жашырууну камырдан кыл сууругандай кылып уюштурат.

Канықей алдын ала көргөн ушундай укмуштуу сарамжалы, кам-кашеги, камкордугу, сөөк коюу учурундагы ак кызматы менен өмүрлүк жарынын алдындагы өзүнүн аялдык жана адамдык милдетин өтөөнүн эң жогорку үлгүсүн көрсөтөт. Эпостун өзүндө анын дал ушул эрдигине, адамгерчилик парасатына, ат көтөргүс, төө көтөргүс мээнетине таң галган жана ыраазы болгон төмөнкү саптар бизге сабак катары тартууланган:

“Узун чачтуу уздардан,
Бул өңдүүнү ким көрдү.
Өлүүчү Манас баатырда,
Кенедей арман калган жок...
Канықейдин кызматын,
Анда катындын бирөө кылган жок»…

XI

Кыргызга ата болгон Ажосунан ажырап, калктын түндүгү түшүп турган чакта, айкөлүнөн айрылып, кара кийип, Канықей кан жутуп турган кезде, өлгөндүн үстүнө көмгөн дегендей, Жакыптын калмак зайыбы Бакдөөлөттөн туулган Көбөш баштаган «алты арам» Канықейдин да, калктын да чекесине чыккан чыйкан болот. «Ит кутурса ээсин кабат» деген кептин чын экендигине Канықей мурда эле, Чоң Казат учурунда «алты арамдын» чыккынчылыгынан улам терең ынанып калган. Баатырлар Бээжинде майданда салгылашып жаткан кезде, оорукта калган Абыке-Көбөш «Манас өлдү, элге өзүбүз хан болобуз» деп, Ажонун ордосуна кол салганда, Канықей жоо кийимин кийип, чачын төбөсүнө түйүп, буларды беттеп чыгып, ордого жолоткон эмес. Ошондо эле, бул ини сөрөйлөрдүн Манас агасынын ийгиликтерин көрө албай, ичтеринде ийри жылан сойлоп тургандыгын Канықей даана көргөн.

. Көрсө, “алты арамдын” башчысы Кёбёштщн ойлогону, болгон максаты **мансап, байлык, анан Канықейди катын кылып алуу** экен.

Манастын арбагын жана өзүнүн аялдык ар намысын бийик койгон Канықей Абыке, Көбөштүн мындай ниет-мүдөөлөрүн чечкиндүү түрдө четке кагып, жуучуларды канжар менен кууп чыгат.

Манастын жарынын көөдөнүн намыс тепкен жалтанбастыгына жана «хандын» эркине баш ийбеген багынбас нравасына кылыч менен найзаны каршы коюудан башка Көбөштүн айласы калбайт. Экөөнүн ортосунда кандуу кагылыш болуп өтөт. Канықей далысына Көбөштүн кара жаак айбалтасы тийип, эмчеги жара чабылып, канга боёлуп, бүк түшөт. Көбөштүн көпкөн дөбөттөрү ымыркай Семетейдин бешигин ичинде бала бар деп ойлоп, көкбөрү тартып кетишет. Манастын ордосу таланат жана кыйратылат. Чыйырды чоъ эне Семетей перзентти араъ дегенде сактап калат.

XII

Кёбёш тарабынан Манастын ордосунун талкалангандыгын көргөн жарадар Канықейдин ичинде карама-каршылыктуу эки сезим күрөшөт: Бу кордукту көргөнчө, Манастын артынан кетейин, тирүү жүрүп нетейин деп, бир жагынан жанын кыюуга ниеттенет. Экинчи жагынан энелик сезими туйлап, «ыңаалаган» Семетейин кыйбайт. Анын үстүнө көзү өтөөрүндө Манастын «уулумду аман-эсен чоңойт» деген керээзи көкүрөгүндө турат. Канықей өмүр-өлүм жөнүндөгү ички психологиялык драмадан азап чегип, кыйналат. Акыры анда Семетей үчүн, келечек үчүн тирүүлүктү улантуу жөнүндөгү ой жеңип чыгат.

Бирок да ой жүгүртүү образы, жан дүйнө түзүлүшү бөлөк, руху бийик намыскөй Канықейдин «бытовизмдин» сазына тыгылган Көбөш көрпенденин чөйрөсүнө ылайыкташып күн көрүүсү мүмкүн эмес эле. «Качырлардын арасында тулпар карып, каргалардын арасында шумкар карып» дегендей, «алты арамдын» арасында Канықей эч убакта өзүн адам катары сезе алмак эмес. Кара кийип, кансыраган жесир Семетей жалгызын алып Букарга качууну чечет.

Терең ойлонуп, Канықей менен кан Көбөштүн ортосундагы конфликтиге

дагы бир жолу кайрылып, жалпылай айтсак, бул конфликт адам коомунун турмушун алмустактан бери карай коштоп келе жаткан демейки, түбөлүктүү карама-каршылыктын кезектеги көрүнүшү катары кабыл алынат. Бул - адамдык **руханий бийиктик** менен **кишилик пастыктын** ортосундагы карама-каршылык. Социалдык турмуштагы мындай антиномия дүйнө калктарынын адабияттарында асмандан учкан **шумкар** менен жерде боортоктоп сойлогон **жыландын** ортосундагы кагылыш-кармаш түрүндө аллегориялык формада чагылдырылып келе жатат. «Манастагы» Канықей менен Көбөштүн ортосундагы конфликт адам моралынын диалектикасындагы ошо баягы эки полюстун дайымкы күрөшүнүн дагы бир вариативдик кубулушу эмей эмне? Парадокс ушунда, социалдык тарыхта бирде шумкар ийгиликке жетишсе, бирде жылан жеңишти салтанаттап, бул эки антипод ит жыгылыш болуп келет. «Манастагы» кармашта бул жолу шумкардын канаты кайрылып отурат.

XIII

Балтыр бешик Семетейди бооруна көтөрүп, буттарында кийген өтүгү жок, жөө-жалаңдап Букарга качып бараткан жолдо «**басайын десе ал кетип, балтырдан кара кан кетип, жиликтин башы зыркырап, таманы ташка былчырап**», ачка, ымыркайын эмизейин десе, эмчегинен сүт чыкпай, азап чеккен Канықей менен карыган Чыйырдыны көргөндө, калк энелерин карып кылып, тентитип мүңкүрөткөн, Манастын элдик ыйык жеңиштерин тебелеп-тепсеген Көбөштөй айбанга карата тишиң кычырап, муштумуң таштай түйүлбөй койбойт. Ал эми Канықейдин «кең Таласты кыя албай, көзүнүн жашын тыя албай», эл-жер менен коштошуп турганын угуп-көрүп туруп, кошо ыйлабай коё албайсың, (щзщндщ):

- Атпай элдин ардагы,
Айланайын Манасым!
Алтын бешик – тууган жер.
Кагылайын Таласым!
Өөдө бассам, өбөгүм,

Мүдүрүлсөм, жөлөгүм,
Төбөмдөгү жылдызым,
Баарыңардан айрылдым,
Кырк уруу кайран кыргызым!
Кош, аман бол!...

Бул коштошуу арманы Каныкейдин жан дүйнө тереңинде кандай сыр, кандай кымбат нерселер катылып жаткандыгын аңтарып тышка чыгаргандыгы менен да уникалдуу. Караңызчы, Каныкей элин, кыргыз жерин кандай сүйгөн! Манасты кандай сүйсө, ак калпак калайык-журтун, калдайган Ала-Тоону, касиеттүү кең Таласты дал ошондой кан-жаны менен берилип сүйүптүр. Кыргыз эл-жери Каныкей үчүн кандай гана кымбат. Караңызчы, мекенинен ажырап жатып, Каныкейдин ичинин сыйрылып турганын. Жан дүйнөнүн эмне деген марттыгы, эмне деген улуулугу! Тууган эл-жер үчүн кара жанын садага чабууга даяр. Не деген атуулдук күйүмдүүлүк, эмне деген патриотизм чөгүп жатат, бул керемет көркөм саптарда.

Көз жашын тыя албай айтып турган Каныкейдин ушул монологун дагы тыңшап туруп, дагы бир жолу айталы, Манасын, кыргызын, тууган жерин ушучалык берилип сүйгөн жагынан Каныкейдей аялзатын төгөрөктүн төрт бурчун, төрт айлансак да таппаспыс.

Айкөлдүн өмүрлүк жарынын бул монологунда коштошуунун гана кайгысы эмес, жакшылап үңүлө карасак, кайра кайтып келүүнүн да философиясы уюп жатат. Минтип бир боор эл-жерине «как жүрөгү жарылып, кара көзү тешилип, кабыргасы эзилип» турган пенде тирүү болсо, кайра кайтып келбей коюшу мүмкүн эмес. Анан калса, «үзбөймүн үмүт өзүндөн, жетимим келип элине, унчугар бекен төшүндөн» деп жатпайбы. Демек, «**кош, аман бол**! – деген сөз ошону менен бирге эле, тереңинде «**КЕЛЕМ**» деп кан-какшаган доошту угузуп отурат.

Каныкейдин кайра кайтып келүү философиясы өзүнүн перзенти Семетейге,

анын келечегине болгон үмүтүнөн, ишеничинен агып чыгат. Философия деп жатканыбыздын себеби, Канықей бул жерде эне катарында гана ойлонбостон, элдин кызы, элдин руханий лидери, калк энеси, бүгүнкүнүн тили менен айтканда, коомдук ишмер катары да ойлонуп, Семетейдин болочогун мекенинин эртеңи менен байланыштырып, чоң патриоттук – саясий деңгээлде толгонуп, акыл чуркатып турат. Анын баласына болгон энелик сүйүүсү эл-жерине, Манастын ата журтуна болгон сүйүүсү менен жуурулушуп кеткен.

Канықейдин акылман туюмунда артында калган ботосу барда Манас тирүү. Туягы бар, демек, Манас өлгөн жок. Семетейдин тирүүлүгү – Манастын тирүүлүгү. Канықей ушул ойду эш тутту, ушул туюмдан канимет, шүгүрчүлүк алды. Анын туңгуюкка кулап бараткан жанын ушул ой тирөөч болуп сактап калды. Ушул ой аң сезиминин түпкүрүнөн чырак болуп күйүп, канышанын жанын аман алып калды. Семетей ботом барда өлбөй тирүү жашоомдун маанисн бар деп туюнду. Анан да, кеменгер Канықей Манастын өлбөстүгүн анын өз мекенинин бак-таалайы үчүн жасаган уулдук даңктуу иштеринен, «кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган» эрдигинен, элинин «ысык-сууктан тосуучу, орнотулуу чынары» болуп берген мээнетинен көрүп турат. Ушундай ишениминен улам, аза күтүү учурунда **«ата болгон жан элең, баатырым, ак калпактуу кыргызга, ободо чолпон жылдызым, ордуңду жоктоор кыргызың, асманда чолпон жылдызым, артыңдан жоктоор кыргызың»** деп шолоктоп ыйлап, даңктап – даңазалап кошогун кошту да. Канықей тереңинде Манастын тирүүлүгүн ошол даңазалуу иштеринин, жеңиштеринин сакталышынан, улантылышынан, көбөйтүлүшүнөн көрөт. Түптөп, орнотуп кеткен иштери өлбөсө – айкөлүнүн өлбөгөнү ошол.Манастын кыргызга жагып кеткен чолпону өлбөй – өчпөй жаркырап күйүп турушу керек. «Атам өлсө тайлак бар, комун жерге таштабайт» деген элдик даанышмандыктын нугунда ой толгоп, Канықей ошол Манастын өрнөктүү иштеринин улантышынын, жандырып кеткен чолпонунун өчпөстүгүнүн кепилдиги – Семетей деп билет. Ошон үчүн Букарга качып

бараткан жолдо артынан издеп келип жолуккан Бакайга «**капа болсок кан аба, кайратың жетим бар аба, Манастан калган белек бар, баш көтөрөр жөлөк бар**» деп айтып отурат. Мына ошентип, мындан ары карай Канықей эненин бүткүл үмүтү, бардык ой-тилеги, бардык санаасы кулуну Семетейдин тегерегинде жетим көпөлөк чыракты айлангандай айланып калды. Анан дагы өйдөкү өзөктү өрттөгөн «алты арам» Манастын ордосун талкалап, туусун жыгып, туягынын бешигин көкбөрү тарткандан кийин, Канықей Семетейди сактоонун зарылдыгына дагы жүз эсе, миң эсе ынанды.

Букарга качып бараткан Канықей үчүн боорундагы көтөргөн баласы – өзүнүн гана үмүтү эмес, «алты арамдын» үстөмдүгүнүн алдында калган бүт кыргыз элинин үмүтү, кыйраган Манас мамлекетинин үлпүлдөп жанган чырагы эле.

XIV

Бакайдын, Канықейдин, Чыйырдынын Букарга качып бараткан жолдогу жолугушуусун биз **УЛУУ ЖОЛУГУШУУ**деп атаар элек. Чындыгында эле бул улуу патриоттордун жана даанышмандардын **УЛУУ ЖОЛУГУШУУСУ** болгон. Кыскасын айтканда, айкөл Манас курган кыргыздын эгемен мамлекетинин кыйрап турган устунун Семетей аркылуу кайра тургузуу, ыйык ордону калыбына келтирүү боюнча Канықей Бакай, Чыйырды үчөөнүн жашыруун кездешүүсүн жана макулдашуусун баяндаган окуя, «Манас» эпопеясынын идеялык-көркөмдүк, патриоттук-философиялык, моралдык мазмунун бийикке көкөлөтүп, көтөрүп турган сюжеттик «атланттардын» бири экендигин баса белгилегибиз келет.

XV

Канықей Букарда жашап жүргөндө, Таласты, элди-жерди сагынып, ичи туз куйгандай ачышат. Ала-Тоо дегенде жүрөгү элеп-желеп. «**Касиеттүү кыргызды, кайрылып көрөр күн болсо, баштагыдай болтурса, Таласка кудай кондурса**», деп дайыма ак эткенден так этет. «Кең-Колдон чапкан көчүмдү, келберсинген Көбөштөн, кетирбей алсам өчүмдү» деп, алты арамдын

үстөмдүгүн жоготуп, айкөлүмдүн ордосун ордуна койсом дегенде эки көзү төрт. “Кең-Колум өңдүү жер кайда, султаным Манастан калган журт эле, кыргызды гана көрөр күн кайда”,-деп муңканат. Теңирим кыргызыма Семетейим менен жеткирер бекен деген тилекте, өзүнчө төлгө кылып, Букардагы чоң тойдо, Тайтору тулпарды байгеге чабат.

Жылдар учуп, мезгилдер ётёт. Учарга канат, конорго куйрук болот деген Семетей бала, Бакай, Чыйырды үмүттөнгөндөй, таятасы Темиркандын, таякеси Ысмайылдын таптоосу, тарбиясы, Канықейдин айланчыктаган мээрими астында ойротто жок берен болуп, алоолоп турган өрт болуп чыгат. Жети жашынан мылтык атып, жаа тартканга үйрөнгөн, он эки жашка келгенде ит агытып, куш салган, жоонун жолун кайгуулдаган, урунарга Тоо, урушарга жоо таппаган эр болот. «Манастай болгон чунактын, караанына жалынып», Канықей буга жетине албайт.

Канықейдин букарда жашаган 12 жылдык улуу мезгили аяктайт. Чынында эле, УЛУУ МЕЗГИЛ деп аталууга акылуу жылдар… Анткени бул жылдар жөнөкөй гана баш калкалоо үчүн эмес, улуу максат үчүн, кыргыз мамлекетин кайра жаратуу үчүн келечектеги баатырды аман-эсен чоңойтуунун, өстүрүүнүн, даярдоонун улуу жылдары эле. Мына ошон үчүн Канықейдин Букарда жашаган мезгилин **улуу мүдөө үчүн улуу жашоо, улуу күтүү, улуу сабыр жана улуу сагыныч** десек жарашат.

XVI

Акыры «**айланайын элимден, адашып калган мен экем**», «**аман бол Букар эми**» деп, Семетей өскөн жери менен коштошуп, туулган мекени Ала-Тоого аттанат. Таятасы Темиркан буркурап боздоп, бүт Букар эли чуркурап, Семетейди, Канықейди, Чыйырдыны узатат.

Касиеттүү Таласка карчыга куштай кайра айланып келип конуп, Канықейдин «өчкөн оту кайра жанып, өлгөн жаны кайра тирилет». Манастын өлөр алдындагы «**атаң Темирканга барганда, мойнуна тумар тага көр,**

чунагың Семетейди бага көр, жашы он экиге келгенде, ичинен ок өтпөс тонду кийгизгин, ошондо эне-ата жайын билгизгин, колуна мылтык бергизгин, кайра Талас көргөзгүн» деген керээзи мына ушинтип, Канықей тарабынан чыдамкайлык, өжөрлүк жана каармандык менен аткарылат.

Чоң атам деп издеп келген небересине уу сунган Жакып, жаңы көчүп келген Канықейдин конушуна бетпактык менен чабуул койгон, эсирген Көбөш кан («Алты арам абийирди билбейт семирсе» деп Манас өлөрүндө көрөгөчтүк менен айткан экен.) Семетейдин күчүнө туруштук бере албай, салгылашта жеңилет. «Абыке-Көбөш алты арамдын» бийлиги кулап, калайык-калк өздөн чыккан жаттын кулчулугунан бошотулат. Чыккынчылар, журт бузарлар эл тарабынан жазаланат. Бул процесске Бакай активдүү катышат.

Мына ошентип, Канықейдин стратегиясы менен Манастын ордосу кайрадан калыбына келтирилип, эгемендүү кыргыз мамлекетинин устуну кайрадан тургузулуп, айкөлдүн туусу Таласта кайрадан желбирейт. Канықей менен Бакай көздөгөн мүдөөлөрүн ишке ашырышып, «оңдоду кудай ишимди, келтирди кудай түшүмдү» дешип, улуу жеңишти тойлошуп, чечекейлери чеч болуп турат.

Атасы айкөл манасча, энеси Канықейче улуттун стратегиясын ойлонгон Семетей «**кыргыз минтип чырдашса, араң турган Коңурбай, олжо кылып кетпейби, бириндебей бек болуп, беттешкен жоону кектейли»**деп, тышкы жоонун алдында бир муштумдай болуп биригүүгө эл-журтун чакырып, акыл бийиктигинен бүркүтчө шаңшып турса, Бакай карыя Семетейди колдоп, «**Серпишкенге бой бербес, сепил болуп калгыла**» деп, калкты бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарууга үндөп, көсөм акылы менен көңкү журтка жол көрсөтөт. Айкөлдүн туягы-эр Семетейди арка-бел тутуп, санаасы тынган ак калпак журт Манастын кайрадан көкөлөп көтөрүлгөн туусу астында, өзүнүн жаңыча тирлигин баштайт.

Буга чейинки изилдөөлөрдө өмүрлүк жары айкөл Манастын керээзин аткаруу үчүн тикесинен тик туруп, Букардан Семетейди аман-эсен чоңойтуп

келип, уулунун күчү жана Бакайдын көмөгү менен кыйраган Манас ордосунун, манас мамлекетинин дубалын кайра тургузган Каныкейдин улуу патриоттук эрдиги анчейин сөз кылынбай келгендигин белгилегибиз келет. Биз бул эмгегибизде көөдөнүнөн күйүттүн көк түтүнүн буркуратып жүрүп, акыры кыргызга жаркыраган жакшылыкты алып келген Каныкей энебиздин бул даңазалуу эрдигин ачып берүүгө аракет кылдык. Бул каарман мээнет, граждандык улуу жүрүм-турум жана рухий баатырдык эпосто Каныкейдин образын чоң масштабга көтөрүп, анын идеялык-философиялык арымын кеңейтип, өлбөс-өчпөс классиканын даражасына калдайтып калкытып чыгарган түйүндүү окуялардын бири.

XVII

Каныкейдин кыйын кезеңдүү татаал тагдырына жана «тар жол, тайгак кечүүдөгү» кайратман күрөшүнө күбө болуп туруп, тарыхтын булуң-буйткалуу, бурганактуу жолдорунда, башка күн түшүп, өлөйүн десең жан татуу, кирейин десең жер катуу болуп турган мезгилдерде, дал ушул Каныкейдей каарман уул-кыздар кыргыздын чырагына май тамызып, кайра күйгүзүп, өйдөтө өбөк, ылдыйда жөлөк, конорго куйрук, учарга канат болуп, капилеттен сөз таап, караңгыда көз таап, улутту сактап келгендигине дагы бир жолу ынанып, элдин келечеги үчүн арыбас мээнетти, нечендеген драмаларды жана трагедияларды (Каныкейдин Канчоронун чыккынчылыгынан кийин Семетейден ажырап, кайрадан тозокко кабылып, торпок кайтарып калганын, Манастын арбагын эш тутуп, небереси Сейтектен үмүтүн үзбөй саргайганын эстейли.) баштан кечирген Каныкейдей кечээки чоң энелерибизге кийинки урпактар милдеттүү экенибизди сезбей - туйбай коё албайбыз.

XVIII

Сөз соңунда айтып өтөрүбүз, Каныкейдин образын талдап жатып,анын көркөмдүк-поэтикалык тарабына учкай да болсо, бир эки ооз сөз арнабай өтүүгө болбос. Албетте, бул чоң маселе болуп эсептелет. Буга атайы өзүнчө бир изилдөө багышталууга тийиш. Биз азырынча, мына муну гана

белгилемекчибиз.Каныкейдин образы чоң чеберчилик менен шөкөттөлгөн.Анын образынын ачылышында эпосто Манасчынын ташка тамга баскандай таамай мүнөздөөлөрү, монолог, ички монолог,диалог,эпитеттер жана таасын салыштыруулар, метафора, каармандын кыймыл-аракетин, тигил же бул кырдаалдагы жүрүм-турумун, иштеген ишин,тигил же бул окуяга жасаган мамилесин,эмоционалдык реакциясын көрсөтүү, адабий апыртуу, эпикалык фантазия жана идеалдаштыруу, ассонанс, рефрен, аллитерация, фразиологизмдер, учкул сөздөр ж.б.толгон-токой көркөм ыкма-амалдар, каражат-куралдар активдүү кыймылга келген.Мына ушундай ыкма-каражаттардын көркөмдүк күчүнөн улам образдын эмоционалдык-эстетикалык таасири артып,анын поэтикалык кооздугу ажарланып,көркүнө чыгып отурат.

Корутунду

Биринчи. Эң оболу, белгилей турган нерсе, Каныкей биринчи иретте, энелик улуу сезими жана мээрими менен бийик (ымыркай Семетейин “алты аркар жылдыз батканча, алты айланып эмизип”, боорuна басып, балапандай бакканын , Букарда Семетейди туяктууга тептирбей, тумшуктууга чокутпай, жалгызын чарк көпөлөк айланып, чоңойтконун эске түшүрөлү) Анын баласына болгон энелик сүйүүсү эл-жерине, Манастын ата-журтуна болгон сүйүүсү менен жуурулушуп кеткен. Чыныгы эненин баркы-үйдүн гана куту эмес, эл-жердин да куту боло билгендигинде. Ошон үчүн Манастын жары “калк энеси Каныкей” деген ардак наамга арзып отурат.

Экинчи. Аял-эркек учууга эки канаттай. “Эрди-катын бир үйдүн айы менен күнү” деген учкул кеп жашайт. Эри менен аялы бир куштун канатындай, бир үйдүн айы менен күнү болуш үчүн, ал экөөнүн ортосунда гармония өкүм сүрүп туруш керек. Ал эми ошол гармонияны жарата турган бир сыйкырдуу нерсе бар. Ал –аруу махабат. Манас менен Каныкейдин жуурулушкан биримдигин түбүнөн мүрөк болуп азыктандырып турган нерсе, экөөнүн бири-бирине болгон ысык сүйүүсү, улуу махабаты. Кыскасы, «бир тамчысын калтырбай» бүткүл жан дүйнөсүн арнап, Манасты сүйгөндүгү, антка-шертке аягына чейин бекем туруп,

күйөөсүнүн керээзин аткарып, сүйгөнүнө акыркы чычаладай күйүп бүткөнчө кызмат кылган Канымкей таңгалуунун, тамшануунун жана суктануунун предмети десек жаңылышпайбыз. Канымкей махабат мажнуну, сүйүүнүн улуу туткуну.

Үчүнчү. Канымкейдин инсандык бийиктиги – Манас баатыр менен кошо калк тагдырын тең бөлүшкөндүгүндө, өзүнүн сүйгөнү менен кошо ак калпак калктын түйшүгүн, кайгы-муңун, азап-тозогун тең көтөргөндүгүндө, журт менен жуурулушуп тургандыгында.

Төртүнчү. Канымкей ансыз да, тыш келбети келишкен сулуу аялзаты. Бирок биз үчүн анын ички руханий сулуулугу кымбат. Канымкейдин ички сулуулугу- анын эмгекчилдигинде, мээнеткечтигинде, дубанда жок узчулук өнөрүндө.Анын ички сулуулугу- айлана-тегерегиндегилерге жасаган адамгерчиликтүү мамилесинде .

Бешинчи. Калк энеси- Канымкей өзүнүн моралдык жүрүм-турумунда, эң оболу сөз менен иштин биримдигин алып жүргөн, айткан кеби менен кылган иши бир жерден чыккан, сөзүн эзели эки кылбаган жоопкерчилиги бийик каарман. Бүгүнкү күндө адамдардын адеп ахлагында сөз менен иштин ажырымдыгы күчөп, жоопкерчилик деген нерсе дефицит болуп турганда, айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарган, сөзү менен иши айкалышып турган Канымкейдин аруу моралы-маңдайыбызда жаркырап күйгөн маяк сыяктуу.

Алтынчы. Канымкейдин адеп-ахлагынын дагы бир өзгөчөлүгү- жекече инсандык ар-намыс, өздүк кадыр-барк сезиминин жогорулугу (чувство собственного достоинства). Канымкей башына кылыч кармап турса да, өзүнүн адамдык беделин төмөн түшүрбөйт, өзүнө ыңгайлуулук, комфорт издеп бирөөлөргө көшөкөрлөнбөйт, жанына тынч жайлуу жерди көздөп, бирөөлөрдүн жылуу колтугуна кирүүгө умтулбайт. Кандай гана кыйынчылык, коркунуч болбосун көрпендечиликтен (бытовизмден) бийик туруп, аброюн, абийирин бирөөлөргө тепсетпей, инсандык ар- намысын коргоп чыгат (Канымкейдин “ Абыке- Көбөш алты арам” менен болгон кандуу кагылышы).

Кыскасын айтканда, Канықей жамандыкка, адилетсиздикке, жерде боортоктоп сойлогон рухий бечелдикке каршы козголоңчул багынбас духка эгедер жана жеңип чыгуунун философиясын көтөрүп жүргөн каарман. Улуу ойлорду жана улуу моралдык дөөлөттөрдү аркалаган Канықейдин образынан улам Кыргыз Республикасынын эл мугалими Бектур Исаковдун: «**Манас» - Улуу Нарк, Улуу Педагогика, Улуу Эрдик, Улуу Сулуулук, Улуу Ыйман-Ызаат, Улуу Сүйүү, Улуу Намыс. «Манас» - Улуу Жол, Улуу Мектеп, Улуу Сыймык, Улуу Ыр, Улуу Толгоо жана Улуу Санаа**» - деген терең, даанышман сөзүнүн чындыгына ынанбай коё албайбыз. Ырасында эле, Канықейдин образы улуттук, ошону менен бирге жалпы адамзаттык маанидеги универсалдык улуу рухий-адепттик кенчтердин алып жүрүүчүсү экенин биз жогоруда көрдүк.Канықейдин образы ушундай касиети менен “Манас” эпосунун идеялык деңгээлин бийикке көтөрүп, анын дүйнөлүк классиканын даражасына чыгарып турган жаркын өбөлгөлөрдүн бири.

Кайсы бир Европалык акылмандын **“Чоң аталардын жана чоң энелердин моралы күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багытталган”,** деген терең оюнунун ырастыгын Канықей энебиздин адеп-ахлагы далилдеп турат. Мына ушундай көөнөрбөс моралдык дөөлөттөрдү көтөрүп жүргөндүгү үчүн **«Кең көйнөктүн тазасы, зайыпзаттын паашасы»** Канықейдин образы бүгүнкү муундарыбыз үчүн таалим-тарбиянын өрнөгү демекпис. Азыркы улан-кыздарыбыздын рухуна, жан дүйнөсүнө сиңген Канықейдин менталитети Кыргызстанды сактайт жана гүлдөтүп, өнүктүрөт. Ал – рухий улуулуктун эгеси жана да, мандайыбызда жылдыздай балбылдап жанып турган адептик-ыймандык, патриоттук идеалыбыз.

Байгазиев Советбек

«МАНАС» ЭПОСУ, КОШОЙ БААТЫР – ДААНЫШМАНДЫКТЫН, УЛУТМАНДЫКТЫН ЖАНА МЕКЕНЧИЛДИКТИН ӨЛБӨС-ӨЧПӨС ӨРНӨГҮ

«Манас» эпосунун негизи - миф» эмес, калктын улуу тарыхы. Залкар тарыхчы- окумуштуу Александр Натанович Бернштам **«Манас» эпосу көркөм чыгармачылыктын туу чокусу, эстелиги катары гана саналбастан, ошондой эле, ал кыргыз урууларынын көз карандысыздык үчүн күрөшүн баяндаган кайталангыс тарыхый повесть да болуп эсептелет»** деп бекеринен жазган эмес.

Биздин колдо турган элдик санжыра, топонимикалык, архитектуралык,археологиялык ж.б. фактылар Кошойдун образынын тарыхый негизги бар экенин баамдатып турат. Ат-Башы аймагында 26 чакырымга созулуп жаткан кырка тоо “Кошойдун кара тоосу”, Таластагы 36 чакырымга созулган Ала- Тоо кыркасы “Кошой Тоо”, деп Кошойдун ысымы менен аталышы бекеринен чыкпаган.

Ошол эле Ат- Башыда Кара- Коюн суусунун сол жээгиндеги тектирде “Кошойдун күмбөзү” деп аталган бышкан кыштан тургузулган, бирок азыр бийиктиги бир метрдей чалдыбары калган, археологдордун пикири боюнча 6-10 кылымдарга таандык күмбөз бар.Бул да Кошой бабанын сө өгү жаткан жай болушу этимал. Болбосо, элдин тарыхый эси бул күмбөздү “Кошойдун күмбөзү” деп жөн жерден атабайт эле.

Ошондой эле, Ат-Башы өрөөнүндө жайгашкан “Кошой Коргон” чебинин чалдыбары да эпостогу Кошой баатырдын ысымы менен байланыштырылат. “Манас”эпосунун өзүндө Кошойдун Чеч-Дөбөгө чеп коргон салгандыгы, ошол коргондун ичинде Алтайдан келген жаш баатыр Манасты кабыл алып, аны менен сырдашкандыгы баяндалат.Эпосто маалымдалган Кошойдун ошол

эпикалык чеп-коргону Ат-Башыдагы азыркы Кошой коргондун тарыхый “прототиби” эмес деп азырынча бир да тарыхчы-окумуштуу кескин айта элек.

Атактуу Мухтар Ауэзов менен тарыхчы Н.Бернштам тарыхый даректерге таянып, Манас баатырдын доору биздин замандын IX кылымы деп эсептешкен. Археологдор да азыркы “Кошой Коргон” чалдыбарын 9-10-кылымдарда курулган деп санашат.Демек, “Кошой Коргон”чалдыбарынын курулган мезгили М.Ауэзов менен Н.Бернштам Манас менен Кошой доору деп болжогон IX кылымга тушташ чыгып жатат.Бул фактылар бизди терең ойлондурат.

Кыскасын айтканда, бул байыркы архитектуралык курулуштун чалдыбары эл ичинде “Манастагы” Кошой бабадан калган тарыхый эстелик катары кабылданып келет.Бул факты да Кошойдун турмушта реалдуу жашап өткөн адам болгондугу жөнүндөгү ойдун пайдасына сүйлөп турат.Бүгүнкү атактуу бизнесмен,көрүнүктүү коомдук ишмер Аскар Салымбеков “Кошой коргондун” жанына “Кошой Ата” музейин куруп, ал музей эл үчүн иштеп жатат. Кошойдун турмушта жашаган тарыхый инсан болгондугуна, анын арбагы тирүү экендигине эл- журт эч шектенбейт.Ал эми Кошой атанын укум-тукуму тууралуу “Теңирим сүйгөн теңир Тоо” аттуу китепте мындайча жазылат: **“Катагандын Кан Кошоюнун урпактарынан болгон Омакан деген эл башында жүргөн адам Ат-Башы, Нарынды тээ илгерки замандарда жердеп жашап өткөн экен. Анын Ормонкан, Эрменкан деген эки уулу баатыр чыгып, Катаган элин тышкы душмандардан сактап, катылгандын катыгын берип турушуптур. Ормонкандан тукум калбай дүйнөдөн өтүптүр. Эрменкан Табылды аттуу уулдуу жана Карлыгач аттуу кыздуу болот. Табылды он төрт жашка чыкканда жоо-жарагын камданып, кырк жигит күтүп Элдияр, Эрмек деген эки жан досу менен эл-журтун кайтаруу үчүн жол чалып, душмандарды жолотпой, атасы Эрменкандан да мыкты чыгып, Эр Табылды атанат. Ал жөнүндө Кыргыз ССРинин эл артисти Актан Тыныбеков «Эр Табылды» аттуу кенже эпос түрүндө китеп чыгарган.**

Кошой бабабыз кулачын, тамырын кеңири жайып, бүгүн да кыргыз элинин эркиндиги, көз каранды эместиги, өз алдынчалыгы үчүн күрөшүп, арадан канча кылым өтсө да, Каратоосундай касиети менен кадимкидей арабызда жүргөндүгүн баса белгилейли» (“Теңирим сүйгөн теңир Тоо”. Б:, 2016-ж. -15-16-б.)

Кыскасын айтканда,кеп болгон архитектуралык тарыхый эстеликтер,географиялык, гениалогиялык фактылар,элдик санжыра “Манас”эпосундагы Кошойдун образынын реалдуу тарыхый инсандын ишмердигинен бүчүрлөп өсүп чыккандыгын ишаралап турат. Эл мугалими Бектур Исаков бир кезде жер үстүндө жашап өткөн тарыхый инсан Манастан “Манас” эпосу өсүп чыккан деп айткандай, тарыхый Кошойдон учугу уланып, эпикалык Кошой жаралганы сезилет. “Манас”эпосу кыргыз элинин ыр менен жазылган өмүр баяны болсо,анда эпос ак калпак калктын улуу уулдарынын бири-Кошойдун да өмүр баяны.

Адам жамаатынын ичинде эки архив болот.Биринчиси-казыналык расмий архив. Экинчиси –элдин архиви, калайык-калктын эсиндеги, көкүрөгүндөгү,жүрөгүндөгү, “архив”.Элдин жүрөгүндөгү архив эң кымбат мүлктөрдүн бири.Элдин жүрөгү Кошой абакенин турмуштагы тирүү адам болгондугун туюп турат.

I. Байыркы гундардын падышасы Атилланын баалоо чен-өлчөмү жана Кошой

Байыркы гундардын падышасы Атилла улуу адамды баалоонункритерийи жөнүндө төмөнкүдөй оюн мураска калтырган: «Гун адамынын улуулугун ушундан билиш керек. Анын улуулугу өз эли үчүн кандай курмандыкка бара ала тургандыгы менен өлчөнүүгө тийиш» («Ала-Тоо» журналы, №5, 2016-жыл, 118-бет). Ушул чен-өлчөм менен карасак, Кошой баатыр өз элин кулдуктан куткаруу үчүн башын канжыгага байлап, өмүрүн тобокелге салып, өлөр-тирилерин ойлобой өрт кечип, баскынчылар менен

кармашып, жетимиш жеринен жарадар болуп, багынбай, акыры жанын оозуна тиштеп күрөшүп жүрүп, Манас менен бирге чачылганды жыйнады, үзүлгөндү улады, «кулаалы жыйып куш кылды, курама жыйып журт кылды». Кошой улуттун алдында улуу эмгек сиңирген улуу гражданин. Жанынан кечип, «казып койгон ору бар, кайнатылуу шору бар» капкалуу Бээжинге кашкөйлүк менен кирип барып, Жарманас менен Билерикти туткундан бошотуп, ушуга эле удаа «кара курттай кайнаган» калмак-кытайдын аскерин жарып кирип барып, курчоодо калган Манасты кызыл чоктун ичинен куткарып чыккан. Кыйын-кезең кырдаалдарда Кошой бир боор калкы үчүн тагдырын кылдын кырына, өмүрүн бычак мизине коюп жашады. Мындай жашоого бир тууган элине, Ата журтуна уулдук сүйүүсү ашып-ташкан адам гана жөндөмдүү келет. Кошой элине өтөгөн улуу кызматы үчүн «эл агасы», «эл атасы» деген улуу наамга арзыган. Кошой улутмандыктын жана мекенчилдиктин бийик өрнөгү.

Кошой: “Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды” же Ата-журт философиясы менен бириккен баатырлар

Кошойдун **«Манас эр үчүн курман кылам жанымды**» деген сөзүн эске түшүрөлү. Мындай сөз Кошойдон эмнеликтен, кандай ички мотивден чыгып жатат? Анан калса, Кошой ар дайым, качан, кай жерде болбосун: **«о кудурет, уккун кебимди, сындыра көрбө белимди, жараткан өзүң колдой көр, кабылан Манас шеримди»,-** деп кудайга жалынып турат. Эмне үчүн? Манас Кошойдун өзүнүн кара чечекей баласы беле? Жок, окурманым, мунун тереңинде өзүнчө сыр жатат. Кошойдун Манас дегенде ичкен ашын жерге койгондугунун, Манас дегенде керек болсо, өлүп бере тургандыгынын, Манаска болгон абакелик, аталык сүйүүсүнүн мотивациясына дагы бир жолу үңүлүп көрөлүчү. Мотивация деген нерсе, терең байкасак, анын чын жүрөгүнөн от болуп жанып чыккан сөздөрүнөн, чырактай жанып турган ойлорунан, Манаска болгон ак жаркын мамилесинен көрүнүп турат. Манастын өрт болуп күйүп турган көзүн, ойротто жок ченебегендей кайратын, кандан, бектен,

оттон-суудан кайра тартпаган, өлөр-тирилерине карабай, душманга кызыл өрт болуп бүркүлгөн шердигин, эл-жеринин эркиндиги үчүн башын канжыгага байлап, “кыл чайнап” турган атуулдук жалындуу жигерин, ташкындаган рух күчүн, “кулаалы жайып, куш кылууга куранды жыйып журт кылууга” болгон чечкиндүүлүгүн, тумшуктууга чокутпай, туяктууга тептирбей, журтунун чегин кайтара турган кабыландыгын сезип турат.Улуттун мүдөө-таламдарынын, келечегинин стратегиялык багыттарында акыл тегереткен гениалдуулугун, айкөл адамгерчилигин, сөзү менен ишинин төптүгүн, анын ак калпак кыргыздын бактысына жаралгандыгын, анын жарык-шарапаты менен кыргыздын жок болуудан аман калуу мүмкүнчүлүгүн, Манастын кор болгон эл үчүн **КУТКАРУУЧУ** экендигин, кыргызга дал ушундай көк жал башчынын керектигин жана да Манас аркылуу кыргыздын айы менен күнүнүн тууп тургандыгын Кошой өзүнүн көрөгөч баамы, акылмандык- олуялык туюму менен сезип да, көрүп да турат. Мына ошон үчүн Кошой карыя ар качан «ак сакалы жаркылдап, келгин каздай баркылдап» Манас тууралуу: **“Бузулуп кеткен аз журтка, берен да ошол, мээ ошол, мээнеттеги кыргызды, бек кайтарчу ээ ошол”,** - деп айлана -тегерегине жарыялап турат. Белгилеп өтө турган нерсе, Кошой Манастын кеменгерлигине басым жасап, мобу сөзүндө айкөл баатырды, **кыргыздын ойлоно турган мээси** деп адаттан тыш баалап, көкөлөтүп отурат. Мынакей, Кошойдун Манас дегенде элеп-желеп болуп, түн уйкусун үч бөлгөн бөтөнчө мамилесинин түпкү мотивациясы кайда жатат? Манастын куткаруучу миссиясы, чынында Кошойдун да мисиясы, улутту сактоо Кошойдун да өмүр бою көксөгөн мүдөөсү, эңсеген тилеги. Ушул максат деп ал Жети өзөндө жетимиш жеринен жарадар болуп, баскынчы желмогуздар менен кармашып жашап келбедиби. Акбалтанын алиги: “Абаң Кошой эр ошол, арбагы бийик жан ошол, жети өзөндөй кайран жер, эби менен жер кылып, азган-тозгон кыргызды, эптеп жүрүп эл кылып,» - деген сөздөрүн эстейличи. Демек, образдуу айтканда, Манас Кошойдун эгизи, болгондо да идеялаш, рухташ, максатташ эгизи. Экөө **Ата журт философиясы** менен тамырларынан

биригишкен. Ошон үчүн өйдөтөгү «Манас үчүн курман кылам жанымды» деген сөздү Кошойдун тилинин учунан эмес, жүлүнүнөн чыгып жаткан сөз катары түшүнөбүз. Чынында эле, Кошой Манас үчүн жанын бермек.

Кошой ички жан дүйнөсүнүн кенендиги, ич тарлыктан, көрө албастыктан, майда кыжың-кужуң көрпендечиликтен жогору турган, өзүнүн жеке амбициясын ойлоп күйпөлөктөбөгөн, сокур намыска алдырбаган касиети менен өзгөчөлөнөт. Өзү Ала-Тоодо калган азган-тозгон кыргызды бириктирип, жер ээси, эл эгеси болуп, катагандын хан Кошой атыгып турса да, Алтайдан Манастай азамат чыкканына энеси эркек төрөгөндөй сүйүнүп, ага атаандашпай, кожоюн менмин дебей, тескерисинче, **«Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды»**, деп эки тизгин, бир чылбырды жаш баатырга бериши «калк атасынын» айкөлдүгүн айгинелейт.

Кошой «о кудурет, жан деп бизди жаратсаң, калмак-кытай манжуунун дегеле көзүн каратпа» деп теңирге жалбарат. Ал кыргыз элинин көз карандысыздыгын туу кылган патриоттук идея менен дем алып жашайт. Ушундан улам ал бир боор журттун көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө аттанган арстан Манасты пириндей көрүп, өз кызыкчылыгы үчүн эмес, Ата журттун кызыкчылыгы үчүн **«сындыра көрбө белимди, жараткан өзүң колдой көр, кабылан Манас шеримди, душманды кудай астын кыл, Манасты кудай үстүн кыл»**, деп ар дайым тиленип турат. Мындай жан дүйнө кеңдиги Кошойдун акылынын деңиздей тереңдигинен чыгып жаткандыгын эске түйүп коюшубуз керек.

Ал эми мобу окуяны да эске түшүрөлүчү. Айкөл Манас Чоң Казаттан кийин майданда алган жараатынан каза болгондо, Кошой моминтип көзүнөн жашын он талаа кылып, коңгурап ыйлап турат:

Өзөнгө бойлоп кондумбу,
Манасым өрт өчкөндөй болдумбу?!
Кантейин, Манас кабылан,
Сенден мурун өлбөдүм,

“Карт Кошойдун ашы!”-деп,
Манасым, карыяңды көмбөдүң!
Манасым, кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт?
Каңгайдан болсо чоң мүшкүл,
Алакандай журтумду
Мунун акылын таап ким баштайт?!
Долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким саптайт?
Береги толуп жаткан журтунду,
Тозок бир келсе манжуудан
Мунун топ- тобун бузбай ким баштайт?

Карачы, кайран карт Кошой эл тагдырын ойлоп, Кудайга үнү жетип, кандай өңгүрөп, жашын төгүп турат. Мына ушул күйүттүү ыйдан жана өйдөтө сүйлөнгөндөрдөн улам мындай дейбиз. Мынакей, Кошойдун жарандык-атуулдук, патриоттук-улутмандык акыл ойломунун керемет масштабы. Мынакей, абакебиздин ой жүгүртүүсүнүн кенендиги жана тереңдиги, мынакей, интелектисинин бийиктиги. Мынакей, улуттун көйгөйү менен санааркаган улуу мекенчилдик, калк кызыкчылыгын кайтарган стратегиялык акыл-эс. Мынакей, Кошойдун инсандык кең кулачтуулугу жана Ата журт тагдыры үчүн жоопкерчиликти мойнуна көтөргөн рухий асылдыгы! Ырасында эле, Кошой эпосто айтылгандай, «эл атасы» деген наамга татыктуу инсан. Ал кыргыз калкына өз үй-бүлөсүнө кам көргөн ата сыяктуу күйүп-бышып кам көрөт. Кошой-ак калпак кыргыз эли деген «үй- бүлөнүн» аксакал атасы.«Манас» энциклопедиясында Кошойго төмөнкүдөй деп туура мүнөздөмө берилген: **«Кошой Манаска чейин эле ата журтту баскынчы душмандан бошотууга өз алдынча кыйла ийгиликтүү аракет кылган баатыр. Ал Кашкарга жасаган жортуулунда Манаска кошулганга чейин эле жоонун көптөгөн баатырларын, аярларын, кандарын айла-амал, баатырдык менен жеңип,**

кыйла жерди душмандан бошотот. Кошой «калк атасы», «эл агасы», «элдин уюткусу», «олуя», «даанышман», «акылман», «журт атасы» деген эпитеттер менен сыпатталат. Кыргыз журтчулугунун ичиндеги эң улуусу, ары акылман, калыс, алп турпанына төп келген кайрат-күчү мол адам. Кошойду Манас баштаган бардык кыргыз баатырлары кадырлап, зор урмат менен «Абам Кошой карыя» деп кайрылышат. Эл ичинде зор кадыр-баркка ээ болгон Кошой бардык кыргыз уруулары баш кошкон чоң жыйындарды башкарат (мисалы, Көкөтөйдүн ашын башкаруу ага ыйгарылат), орчундуу маселени чечүүдө эл ага кайрылат, анын кеңешин угуп, жардамын алышат» («Манас» энциклопедиясынан).

III.«Коргонду көздөй баралы, конуп кепке каналы, карааң калган кыргыздын, бир айласын кылалы» же Кошойдун жаш Манаска берген кеңештери

Өз кезегинде, Манас баатыр да, Кошой дегенде ичкен ашын жерге коёт. Ат-Башыдагы Чеч-Төбөдө Кошой менен биринчи жолугушуусу Жаш Манастын тагдырында чоң роль ойнойт. Манас менен Кошойдун Ат-Башыдагы жолугушуусу стратегиялык жолугушуу болгон (С.Каралаевдин варианты). Эки баатырдын «Кошой коргондун» ичиндеги сырдашуусу учурунда, Ата журтту баскынчы душмандардан бошотуунун, чачылган кыргыз калкын чогултуп бириктирип, эгемендүү журт кылуунун, азыркы тил менен айтканда, генералдык планы түзүлгөндүгүн байкоого болот. «Коргонду көздөй баралы, конуп кепке каналы, карааң калган кыргыздын, бир айласын кылалы», деп Кошой бекер айтпаптыр. Кошой даанышман өзүнүн алыста ойлогон акылы менен жаш Манаска өтө терең мазмундуу, ак калпак калктын тагдыры үчүн стратегиялык маанидеги кеңештерин берип, “**Таалайга бүткөн жан болсоң, таап ал Талас жериңди, күтүп алгын кулунум, күрдөөлдүү кыргыз элиңди”**, -деп алдыда турган албан милдеттерге багыттайт. Жаш Манас баатырга жалгыз баштын күчүнө эмес, кыялга таянып эмес, элдин биргелешкен

күчүнө, эзилген боордош калктардын тилектештик жардамына, бардыгын таразалап, жети өлчөп бир кескен олуттуу даярдыкка таянып, күрөшкө чыгууга кеңешин берет. Кошой Манаска айтып турат: **“Үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгон жокту табалы, журт айласын кылалы, аскан-тоскон аз элге, о балам, караан болуп туралы”.**Кошойдун бул атуулдук акылман сөздөрү жаш Манас баатыр үчүн өзүнчө бир идеологиялык-патроиттук программа катары болгон. Кошойдун бул осуят-чакырыгы бүгүнкү эгемендүү кыргызстандын жарандары үчүн да багыт-маяк болуп саналат. Биздин идеологиябыз “Маната” жатат деген сөз бекеринен айтылбайт.

IV.«Кармаганда кан чыккан, тиктегенде жан чыккан, чокморунан чок чыккан, чок жарылып от чыккан”

Хан Кошойду Манастын жакындан таанышы

Учурашуу үчүн атайын Алтайдан келген Манас атын алыстан угуп, кыялында идеал кылып жүргөн каарманынын кадимки турмуштагы жүзүн, турмушун, жүрүм-турумун өз көзү менен көрүп, сөздөрүн өз кулагы менен укту. Ырасында эле, Кошой, Алтайдагы Акбалта аксакалдын аңгемесиндегидей, «кармаганда кан чыккан, тиктегенде жан чыккан, чокморунан чок чыккан, чок жарылып от чыккан, ай кулагы калкандай, бендеден артык шер» экенине, журттун санаасын тартып саргайган, Ала-Тоо асыл жер үчүн, ак калпак кыргыз эли үчүн кызыл чокко түшүп, өрт кече турган, өрттү кечип да келген, кечип да жаткан, эл-жер деп жетимиш жеринен жараланып жапа тарткан чыныгы калк чыгааны экенин Манас билди. Баскынчыга багынбас, күнкорлукка чыдабас, куралын маштап, тулпарым таптап, көтөрүлүшкө даяр турган, адеп-ахлагы бийик, акылы алысты чапчыган даанышман, тажырыйбага карк улуттун көчүн баштаар жол башчы, таяна турган тоо экенине чындап ынанды.“Мейли, кызыл бороон жоо келсин, кулунум, кыйкырып чыгып турармын, токсонго жашым барса да, түз кирип, найза сунармын, түгөнүшөр жоо чыкса, туу түбүндө былк этпей, о балам,

тууңду кармап турармын» - деген Кошойдун сөзүнөн улам карыя баатырдын кайратына, күжүлдөгөн дем-күчүнө таң калып, Ала-Тоодо таянаар тоосу бар экенине ичинен кубанып, жаңы ойлор, идеялар менен байып, Манас Ат-Башыдан Алтайды карай жигерденип аттанат.

V. “Кошой коргон” – Манастын Ала-Тоодогу боштондук төңкөрүшүнүн баштапкы планынын «киндик энеси».

Ат-Башынын Чеч-Төбөсүндөгү Кошойдун коргон чебинин ичинде Манас менен Кошой тарабынан күчтөрдү бириктирүүнүн жана кыргыз элинин эркиндиги үчүн улуу көтөрүлүштүн долбоору түзүлүп, өз ара макулдашылган. Албетте, эркиндик идеясы менен Манас мурдатан эле жашап келген. Бирок Ата журтту боштондукка чыгаруунун, баскынчыларга каршы улуттук улуу козголоңдун амалдары Кошой менен бирдикте Кошой коргондо долбоорлонгон. Кошой коргон – Манастын жоокердик боштондук төңкөрүшүнүн баштапкы планынын «киндик энеси». Кошой Ат-Башыдагы жолугушууда эркиндик үчүн чечкиндүү күрөшкө чыгууга Алтайдан келген Манасты шыктандырган.

VI. “Алдымда жүрсө ак жолум,
артымда жүрсө сан колум”,

Кошойдун “ээ кулунум эр Манас, сөз тыңдагын, сен Манас”,-деп айткан далай, далай насыяттары өйдөтө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон, турмуштун бороон – чапкындарында, салгылаштардын кыйын – кезеңдеринде айкөл шерге багыт берип, жолуна чырак болуп жагылган. Кошойдун устаттыгы жөнүндө “Билбегенин билгизип, минтип жолго киргизип, туйбаганын туйгузуп, туура жолго киргизип”, делип “Маната” бекер айтылган эмес. Жалпы түркстанга бел болуп,тышкы жоолорго сүр болуп турган Манас Ажонун ролун унутушуп, ич күйдүлүккө, каралбастыкка,жеке амбицияларга алдырышып,ага каршы козголоңго чыгышкан алты ханга кошулбай, ортодогу ак мамилеге Кошойдун

туруктуу,түз бойдон калгандыгы да Манастын оюнда турат.Манастын ишенген адамы катары Алтайга барып,андагы кыргыздарды Ала-Тоого көчүрүп келген да Кошой. Ошон үчүн Манас өмүр бою “алдымда жүрсө ак жолум, артымда жүрсө сан колум”, “Пайгамбар чалыш жан эле, пир туткан пирим ал эле”, деп абасын ыйык көрүп, даңаза кылган.

VII.Кошойдун күчтүү кыргыз мамлектин түзүү идеясы

Манас эл журту менен Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенде, Сары Өзөн Чүйдүн түзүндө туруп, Кошой Манаска төмөндөгүдөй эң орчундуу, стратегиялык маанидеги насыят кеңешин берет:

“Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң,
Калың бороон, катуу күн,
Кулунум, канчалык өтөөр башыңан,
Кыр-кырда кыргыз элиңе,
Кызыккан жандар дагы бар,
Кылчайбай канды агызар,
Кызыталактын баары бар.
Элиңди түгөл башкарып,
Өз алдыңча болгондо,
Сени таштап койбос жеп-жеке.
Суроодон угар дайыңды,
Күтүнбөстөн сен жатсан
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Ок жетпеген ат камда”.

Мынакей, ак калпак кыргыздын улуу гражданинин сөзү. Бир боор

журтунун стратегиялык кызыкчылыктарын сак-сактап кайтарып, мекенинин, мамлекетинин, жамаатынын тагдырын, коопсуздугун, келечегин ойлоп, ар дайым санааркап, ой толгоп турчу демейки Кошойду бул насыят сөздөрдөн дагы бир жолу көрүп отурабыз.Бул осуят кыргыз үчүн эскирбес,түбөлүктүү дөөлөт дегибиз бар. Кошойдун бул даанышман сөздөрүнөн кебелбес казынасы, ок өтпөгөн тону, ок жетпеген аты бар, калың бороон, катуу күндө эл журтуна калка болоор күчтүү кыргыз мамлекетин түзүү идеясы бугуп жатат. Бул насаат кудум бүгүнкү бизге айтылып жаткандай. Ойлойлучу, Кошой олуя ушул сөзүндө айткандай, бүгүнкү эгемендүү мамлекетебиз “калың бороон, катуу күнгө кабылып” отурган жокпу? Эгемендүүлүгүң менен жыргап жата бер, деп дүйнөлүк империялар бизди жайыбызга коюп койдубу? Жок. Тескерисинче, “кыр-кырда кыргыз элине кысталактардын баары” кызыгып ,жутунуп турбайбы. Бир эле Алайдын ары жагындагы талибандарды эстейличи. Күтүнбөстөн жатсак, айлыбызды бир күнү чабар күчтөр толтура экендиги кимге маалым эмес. Баткен согушун кантип эстен чыгарабыз. Ошол Катагандын кан Кошоюнун убагында Таласта хандыкка жаңыдан отурган Манасты кайра Алтайга кубалоого кытайлык Алооке далбастабады беле. Кыргыздарга капыстан кол салган Шоорук ханды, “Көкөтөйдүн ашынын” аягында кыргыздардын жылкысын тийип, Каңгайга айдап кеткен калмак-кытайларды эске түшүрөлүчү. Манастын мамлекетин Кошой атйкандай, “кысталактар жепжеке таштап” койгон эмес. Тарых азыр кайра кайталанып жатат.

Баамдасак, Кошойдун жогорудагы кыргыз мамлекетин ар кандай ниети кара күчтөрдөн сак- сактап кайтаруу, “ошого моюн бербеске”, казынаны калыңдоо, “ок өтпөгөн тон камдоо,ок жетпеген ат кымдоо” жөнүндөгү осуяты биз үчүн бүгүн актуалдашып, алдыбызга “айкүргөн” туруп жатат. Демек, азыркы кыргыз коомуна биринчи иретте, Кошой сыяктуу элинин эгемендүүлүгүнүн,мамлекетинин бүлүнүп, таланып,-тонолуп жок болушун өзүнүн жарандык өлүмү, улутунун өлүмү катары кабыл алган, бирөөлөргө

күнкор болуп жашаган тири өлүк тагдырды түк көтөрө албаган, өз улутунун, өз мамлекетинин эркиндигин сактоо жана коргоо үчүн жанын курман чала турган, атуулдук ар намыстын туусун бийик кармаган мекенчил патриоттор керек.

Глобалдашуунун аз сандагы улуттарды оп тартып жутуп коюу опурталдуулугунун шартында кебелбес казынасы, ок өтпөгөн тону, ок жетпеген аты бар, ар намыстуу заты бар мамлекет биздин таянар тообуз. Капчыктуу, бирок интеллектиси төмөн, өзүмчүл, ээк алдынан башканы көрбөгөн, керек болсо,элин, жерин сатып жибере турган атка минерлерге, Абыке-Көбөштөргө, Көзкамандарга эмес,жанагындай Манас,Бакай,Кошой, Алмамбет,Чубак, Сыргак, Ажыбай, Канықей сыяктуу кабылан башкаруучу-лидерлер командасына эгедер күчтүү кыргыз мамлекети гана улуттун бүгүн жана келечекте сакталышына гарант болуп бермек.

Кыскасы, образдуу айтканда,Кыргыз мамлекетинин өзүнүн “Кошой коргону” болсун. “Манастагы” “Кошой коргонду” символдук мааниде түшүнсөк болот. Дагы айталы,улутубузду бекем, түбөлүктүү салынган “Кошой коргон” калкаламак.Бирок “Кошой коргон” десе, Ала-Тоонун айланасын курчай “кытай дубалын”куруу керек экен деп түшүнбөө керек.Сөз күчтүү илим-билимден, техника-экономикадан, маданияттан жана Кошой менен Манастыкындай күчтүү патриоттук рухтан курулган “Кошой коргон” жөнүндө болуп жатат. Демек, алдыбызда кечиктирилгис опол тоодой милдеттер турат.

“Маната”айтылгандай:

Талаада аккан булак жок,
Дардайып жатар убак жок.
Керүүгө тиккен багың жок
Керсейип жатаар чагың жок”.

VIII. Кошой-түрк элдеринин биримдигинин идеологу

Илгери акын Кетбука: **«Тик аскада кол сунар, таянчың ким, тактай жүр,касиетин достуктун, кебелбестен сактай жүр»,** деп терең маанилүү ойду ырга салыптыр. «Эки эрдин достугу бир белди ашырат, эки элдин достугу миң белди ашырат» дегендей, Кошой да коңшулаш, үзөнгүлөш, канатташ калктар менен достук биримдикте болуу идеясынын байрагын желбиретип көтөргөн каарман. Ал Манаска чейин баскынчылар менен жалгыз салгылашып жүрүп, **«тик аскада кол сунар таянычтын»** зарыл экендигине өзүнүн жон териси менен ынанган. Мына ошондуктан Кошой акыры жүрүп, боордош түрк элдеринин кол кармашкан биримдиги жөнүндөгү ойдун күйөрманы, жактоочусу, бир сөз менен айтканда, идеологу болуп калган. Эпосто ал бул идеяны реалдуу түрдө ишке ашырып, түрк калктарынын ынтымагынын данакери болуп, Манасты жалпы Орто Азиянын жана чыгыш Түркстандын жогорку өкүмдары катары шайланышына жетишкен (Кум-Арык салтанатын эске түшүр). Кошой карыя достук идеясына өмүр бою берилген бойдон калган. Кыскасы, эпостогу Катагандын хан Кошоюнун образы интернационалдык маңызы терең образ. Анын Кум-Арыктагы алиги түрк хандарынын алдында сүйлөгөн жалындуу сөзүн бүгүнкү глобалдашуунун шартында түрк элдеринин тукумдары жадыбалбай жаттап жүрүүсү абзел демекпис. Кум-Арыктагы жыйында Түрк элдеринин өкүлдөрүнүн алдында туруп, үнүн бийик чыгарып, Кошой даанышман төмөнкүдөй жалындуу сөздөрдү сүйлөйт:

«Душманга каршы туулуп,
Дурус келди көрдүңбү,
Бусурман сенин багыңа
Ырыс келди көрдүңбү?!
Көтөргүн Манас шериңди,
Таштагыла, бусурман,
Кыжың-кужуң кебиңди.
Олжосун бөлүп алалы,

Ай-талаада Манасты
Кан көтөрүп салалы.
Кан көтөргөн себебим-
Ичиңде далай душман көп.
Кыр жагында кытай бар,
Кыйрашар душман далай бар.
Оолатып алар конуш бар,
Басташар жооң далай бар.
Дегенине көнөлүк,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Кабылан шердин колуна
Ушу бүгүн берелик.
Дегенине көнүүгө,
Эки тизгин, бир чылбыр
Тартынбай колго берүүгө
Ак буудай унун чайнап бер,
Ак куранды кармап бер!
Башчы кылсаң Манасты,
Бирдикти койсоң бир жерге,
Катылып душман келеби,
Кармашып адам жеңеби,
Бармактуу адам батабы,
Тырмактуу жан тиеби!
Баштык кылсаң Манасты
Күн тийген зоңкок бел ошол,
Карагыла калайык,
Күрдөңдү тапчу эр ушул,
Күтүп алар шер ушул.
Туурдугуңду май кылат,

Туура билгин, калайык,
Туш-туш жерге кан кылат,
Керегеңди май кылат,
Кызыгып кытай кол салса,
Кыйратып берчү уул ошол.
Басташып бараң кол салса,
Басып берчү уул ошол.
Ойлогула, калын журт,
Көк жал Манас кабылан
Ырысың үчүн туулган» (С.Каралаевдин варианты.)

Адамдын оозун ачырган не деген жалындуу сөздөр! Сөздүн төрөсү деген ушул эмеспи. Кошой алп, баатыр гана эмес, оозунан кеби чубурган оратор да экен го. Боордош калайык-калктардын, хандардын алдында Манастын даңкын,кадыр-баркын көкөлөтүп көтөргөн, кызматын кыйкырып баалаган эмне деген укмуш сөздөр! Бул жалындуу кептер эпостогу кайталангыс бир ажайып көркөм кооздук . Бул Манас жөнүндөгү өзүнчө бир бийик ода. Карачы, ойдун не деген масштабы, не деген акылгөйлүк жатат, бул жерде. Бул жалпы Түркстандын жалындуу патриотунун, көрөгөч көсөмүнүн, алысты көргөн кеменгер-саясатчынын алтындай сөздөрү. Туш-туштан жутунуп, ыкыс берип турган жоолордун алдында, ички кыжы-кужуну таштап, түрк тукумдарынын биримдигин туу кылып көтөрүү жана өз ара ширелешүү идеологиясын жарыя кылган не деген улуу сөздөр. Кошой кол кармашып биригип туруп, эки тизгин бир чылбырды жалпысынан бир ажого берүү, муну менен түрк эл-журтун аман-эсен сактоо демилгесин көтөрүп отурат. Биримдиктин аскердик гана мааниге ээ эместигин, Манастын калкалоочу, канатынын алдында тынч жашап, көңүлдү жай, чөмүчтү май кылуунун да шарты экендигин Кошой түшүндүрүп таштады. Бул сөздөрайкөл Манастын тарыхый миссиянын кең кулачтуулугу, кабылан шердин кыргыз элинин бактысына гана эмес, жалпы түрк элдеринин ырысына

жаралгандыгы жөнүндө хандардын алдында сайраган идеолог Кошойдун кайталангыс улуу монологу.

Бул улуу монолог эпостогу Кошойдун образынын ички мазмундук машстабын биздин көз алдыбызды дагы да кеңейтип таштады.Ушуну менен муну айтмакчыбыз: Кошойдун бул кең кулачтуу сөздөрү жана Кум-Арыктагы түрк элдеринин биригүү акциясы “Манас” эпопеясынын дүйнөлүк рухий-идеялык баалулуктарды көтөрүп жүргөн улуу мурас экенин ырастайт.

IX. Кылым таймашы же Кошойдун улутка утуп берген улуу мөөрөйү

Кошой менен Жолойдун күрөшүндөй күрөш жер үстүндө, адамзат коомунда чанда жолугаар. Чынында эле, Кошой менен Жолойдун күрөшү «кылым таймашы», «доордун турнири» деп айтарлык ойротто жок укмуштуу күрөш болгон. Күчү ашып-ташып, урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай турган 40 жаштагы балбан менен 80 ден ашкан аксакал абышканын кылкылдаган көпчүлүктүн көзүнчө айыгышкан таймашы эмне деген уникалдуу окуя. Анан калса бул укмуштуу күрөштүн кылымдарды карыткан, бүгүнкү күнгө чейин жеткен атак-даңкын, таңданткан тарбиялык күчүн, орошон осуятын айт. Мына ушундай оригиналдуу мазмуну, универсалдык касиети, кайталангыс тарых-таржымалы, түгөнгүс санат-санжырасы бар үчүн бул күрөш Ата-тоодогу, Азиядагы чоң окуя катары океандай «Манас» эпосунун курамына кирип, эпикалык сюжеттин өзөгүн тиреген негизги «атланттардын» бирине айланган. Бул күрөш – улуу сабак, урпактарга калтырылган рухий мурас, уңгулуу патриоттук таалим. Бул спорт гана эмес, улуттук ар намыстын жана мекенчилдиктин өлбө-өчпөс өрнөгү. Ата журттун асылзаада жоокеринин бийик рухунун, жарандык каармандыгынын, алп күчүнүн жана эстен чыккыс эрдигинин эстелиги. Ак калпак калктын балбан күрөш тарыхындагы улуу мөөрөй, спорт классикасы. Ушул күрөшкө бир аз токтолуп өтөлү.

«Көкөтөйдүн ашы» башталбай жатып, кең Каркыранын түзүндө кыйын кырдаал түзүлөт. Буга «койнуна котур ташын катып», БЭЭЖИН тараптан Каркырадагы ашка аттанып келген калмак-манжуу, кытайлар себеп болот. Көөнүндө Азия аймагынын кожоюнумун деп сезген калмак-кытайлар империялык кекирейүүчүлүк менен кыргыз калкынын көз карандысыздыкка жетишип, эгемендүү журт болгонун моюнга албай турат. Кечөөкү күңкор калкты тырмагынын астынан чыгарып жибергенине, а түгүл Орто Азия аймагынан куулуп чыкканына (Манастын боштондук согуштарын, баскынчы Алоокенин Анжияндан качышын эске түшүрөлү) тымызын өкүнүп, ичтеринде кек кайнап турган каңгайлыктар ашка кабар барганда «дүр-р» этип көтөрүлүп, кыргыз жерине согушка аттангандай аттанган.

Сыртынан караганда, аштын шаңдуу, салтанаттуу атмосферасында жайынча спорт оюндары өтүп жаткансыйт. Бирок ич жагын үңүлүп карасаң, ошол спорт мелдештери кадимки «согушту» элестетет. Бул негизинен кытай-калмак менен кыргыздын көмүскө «согушу». Ар бир мелдеште каңгайлыктар менен ала-тоолуктардын ортосунда астыртан өлөөрчө атаандашуу, эрегишүү, жыйрылган пружинадай чыңалган психологиялык кырдаал, конфронтация өкүм сүрүп турат. Нескара, Коңурбай баш болгон каңгайдын калдайлары ар бир мелдеште кыргыздарды утууну, артка таштоону, биринчиликти бербөөнү, мөөрөйгө жетишип дүңгүрөгөн жеңиштери менен ар түркүн калктардын көзүнчө Манастын журтун басынтып, үстөмдүк кылууну, кытайдын артыкчылыгын далилдөөнү эңсеп, элеп-желеп болуп турат. Ооматы келип, жылдызы жанып, төгөрөктүн төрт бурчунан мейман чакырып, ала-тоодой эт кылып, ала-көлдөй чык кылып, дүңгүрөтүп аш берип жаткан, өзүнүн түптүү журт экенин, өз алдынча мамлекет экенин туйгузуп отурган кыргыздар да, аштын мелдештеринде алдына киши чыгарбай мөөрөйгө ээ болууга, өздөрүнүн күч-кубаттуулугун далилдеп, бөлөк көздөрдүн көзүнчө мамлекет аброюн бекемдөөгө, кыр көрсөткөн кытай-калмак менен «кыл чайнашууда» намысты алдырбоого өзгөчө таңсык. Каңгайлыктарга, бээжиндиктерге эгемендүү кыргыз

мамлекетинин бели бекем, түбү түптүү, казынасы калың экендигин, кудуреттүү, алышканга алдырбас, жарышканга жеткирбес, эч кимге жемин жедирбес жөндөмдүүлүгүн көпчүлүккө көкөлөтүп көрсөтүүгө, көөдөнүн көтөргөн мурдагы кожоюндарды акылына келтирүүгө ажо Манас куштар. Аштын башталышында “киши-киши дебеймин, тарткан этиң жебеймин”, мааникер күлүктү бербесеңер, буруттар көрүңөрдү казам деп Каңгай калдайларынын өкүм сүйлөгөнүнө каршы Манастын **«алуучу калмак, сен эмес, алдырчу кыргыз мен эмес, чабуучу кытай, сен эмес, чаптырчу кыргыз мен эмес»,** деген сөзү мелдештерде кыргыз тараптын жоопкерчилигин ого бетер күчөтөт. Спорт оюндарындагы, аштын жарыштарындагы кыргыздын ар бир жеңиши Манас үчүн моралдык гана эмес, саясий мааниге да эгедер. Кошойдун ушул Көкөтөйдүн ашында төмөнкү: **«О кудурет, жан деп бизди жаратсаң, калмак-кытай манжуунун, дегеле көзүн каратпа»** - деген теңирине жалбара сүйлөгөн сөзүн эске түшүрөлү. Бул философиялык терең маанилүү сөздөрдөн Кошой үчүн кыргыз элинин эркиндигинен, көз карандысыздыгынан жана ар намысынан өткөн ыйык нерсе жок экени айкындалып турат.

“Көкөтөйдүн ашындагы” Түрк - мусулман калктарынын, анын ичинде кыргыз-казактын балбандары Каңгайдын алп Жолойуна даабай, күрөшкө киши чыкпай абал татаалданып турат.Кошойдун ою боюнча иштин түйүнү мамлекеттин намысында туруп жатат. Кеп бул жерде кандай да болсо, эзелки жоонун көпкөлөң, текебер мамилесинин тизгинин кагып, балбанын көңтөрүп, мизин кайтарып,кыргыз деген андай эмес, мындай деп Каңгайдын акесин таанытып, ордуна коюуда туруп жатат. Мына ушинтип, журт эгелеринин бири, аш башкаруучу акылман Кошой аксакал улут кызыкчылыгынын, ата журт ар намысынын бийиктигинде акыл чабыттатып, кыр көрсөтүп турган каңгайлыктардын алдында кыргыз намысын кантип «алчысынан кондуруунун» айласын издеп, тогуз толгонуп турат.

Жоокердик заманда нагыз баатырдын, рыцардын адеп-ахлагынын, кан-

жанынын тамыры калайык-журттун, тууган жердин кызыкчылыгында, жамааттын муктаждыгында, мамлекеттин мүдөөсүндө. Ал, мындайча айтканда, мамлекеттин эле өзү. Ал – коллективист, анын руханияты корпоративдүү. Кошой дал ушундай баатыр, анын социалдык жаратылышы ушундай. Ал – коомдук милдеттин, парздын кулу. Кыскасын айтсак, «Көкөтөйдүн ашындагы» майданда бүткүл кыргыздын жападан жалгыз үмүтүнө айланып, империянын дөөсү менен «өлүшкөнү» бараткан 80деги карыянын «таңгалычтуу кадамынын» учук-тамыры анын уктабаган уятында, абийиринде, улутмандыгында, мекенчилдик парзын Кудайындай сезгендигинде экен.

Кошой жанын оозуна тиштеп, ажалым же ар намысым деп, өзүнүн бүткүл рухий жана булчуң кубатын жумшап,«алты батман буудай жеп, дан жыттанган, алтымыш алпты бир союп, кан жыттанган» Каңгайлык алп Жолой менен жандимиче кармашып, акыры аны жерге көтөрүп уруп,Каркырадагы «кара курттай кайнаган» көпчүлүктүн көзүнчө триумфалдык жеңишке ээ болот.

Кыйын кырдаалда Кошой жашы эңкейгенине карабай, Манастын туусун, кыргыздын туусун жерге түшүрбөй желбиретип, көкөлөтүп кармап берди. Кошой илгертен кыргыздардын канын төгүп, баскынчылык кылып келген Азиядагы каңгай-бээжиндик империянын агрессивдүү өкүлдөрүнүн алдында кыргыздын эгемендүү жаңы мамлекетинин ар намысын коргоп калды.

Кошой байгеге алган мал-мүлкүн, алтын-күмүшүн бүт жарды-жалчыларга, бей-бечараларга таратып берип, өзүнүн дагы да асылдыгын – берешендигин, жоомарттыгын көрсөттү. Бирок Кошойдун элге таратып берген мал-мүлкүнөн, материалдык байлыктарынан да, кыргыз калкы үчүн «кыл көпүрөдөгү» күрөштө утуп берген рухий мөөрөйү, патриоттук жеңиши кымбат болду. Анын элине «таратып берген» улуттук **АР НАМЫС** деген белеги баарынан бийик туруп, Манас баш болгон ак калпак журттун маанайын жаркытып, көңүлүн куш кылган.

Бүгүнкү күндө ар кандай геосаясий күчтөр, глобалдашуунун жана массалык маданияттын агрессивдүү чабуулдары, демократиянын беткабын

тагынып, өлкөбүздүн ичине кирип алган кой терисин жамынган ар кандай «карышкырлар», диндик экстремизм мамлекетибизди түбүнөн жемирип, улутубуздун тамырын кыркып, түркүгүбүздү сууруп таштоого, эгемендүүлүгүбүздү жок кылууга көмүскө да, көрүнөө да умтулуп жатышат. Эл аралык «киттердин» аз сандагы улуттарды балыкча жутуп коюуга эки көзү төрт болуп турат. Ушундай шартта бүгүнкү Манастын урпактарынын ар бири өз ата журтунун эркиндигин, ар намыстын, мамлекеттүүлүгүн коргоо, бекемдөө жана чыңдоо үчүн Кошой баатырдай тикесинен тик туруп бериши аба менен суудай зарыл. Кыргыздын ар бир атуулундагы Кошойрух – мекенибиздин бекемдигинин гаранты. Ошондуктан бүгүнкү тарбиянын милдети – ар бир жаш муунду, жаранды Кошойдун патриоттук руху менен сугаруу болуп эсептелет. Кошойдун образы аркылуу «Манас» эпосунда патриот, мекенчил жарандын өзүнчө бир модели берилген. Ушул патриоттук моделге түздөнсөк, утуп чыгарыбызда шек жок.

Х.Кошойдун Каныкейди баалаганы

Катагандын кан Кошойдун жогоруда кеп болгон сапаттарынан башка да,анын адам катары өзүнүн башкаларга окшобогон жекече өзгөчөлүү касиеттери бар. Ал адамды бир көргөндө эле сынаакы карап туруп, анын ким экендигин таамай аныктай алган жана кишинин келечек тагдырын көрө билген,билип-туюп турган нерселерин жашырбай ачык айткан,анан кишини ар дайым калыс баалаган сапатка эгедер.Анын Манас баатырды кандайча адилет жана таасын баалаганын, Манастын кыргыз эли үчүн аткарар миссиясын алдын ала туя билген көрөгөчтүгүн жогоруда көрдүк.

Кошой эпостогу «аялзаттын нурдуусу, кара сурдун сулуусу»Каныкейге берген мүнөздөмөсү жагынан да бөтөнчөлүү инсан катары айырмаланып турат.Эпосто Каныкейдин кайталангыс аялзаты экенин көрө билип, аны көкөлөтүп эң бийик, эң оригиналдуу баалаган да, Манастын көзү өткөндөн кийин канышанын таалайынын тайкы болорлугун да күн мурун болжоп айткан ушул Кошой. Көкөтөйдүн ашында»Жолой менен боло турган күрөштүн

алдында колуна тийген кандагай шымдын ажайып жасалгандыгын көрүп,айран калып Кошой: «Ай, Канықей, телегейиң тең экен, он эки мүчө кең экен, сөөмөйү алтын уз экен, ургаачыда болбойт ко, өзү олуя киши экен, касиеттүү кабыланга, кадыр түндүн өзү экен» деп таамай баа берет.

Ушуну менен бирге эле, “Маңдай сөөгү кайкы экен”, деп Канықейдин алыскы келечегин болжоп, көзү ачык жайын туйгузуп коёт.

Ушул жерден айта кетчү нерсе, Кошойдун мындай көрөгөчтүк,көзү ачыктык касиетин жалаң эле эпоско мүнөздүү демейки эпикалык апыртууга такап коюуга болбос эле дейбиз. Кечээ да, бүгүн да реалдуу турмушта алды жакта боло турган нерселерди күн мурун туюп, алдын ала айта билген, адамды көрүп туруп,анын тагдырын болжоп койгон өзгөчөлүү пенделер жашап келгендигин жана жашаарын атайы далилдеп отуруунун кажаты жоктур.Бир гана алардын көзү ачыктыгы кандай сырдуу механизимдер менен ишке аша тургандыгын азырынча илим бизге ачып бере элек.Пенделер муну өздөрү да билбейт. Кыскасын айтканда, Кошой ушундай өзгөчө касиетинен улам эпосто кээде олуя катары да мүнөздөлөт . “Абам Кошой карыя, ак сакалдуу олуя”(Кутунайдын сөзүнөн).

Кошой Канықейдин маркум Манастын сөөгүн коюу үчүн Эчкиликтин кара тоосунун зоосун ойдуруп үнкүр жасатып, ичин ойго келбегендей алтын, жакут менен жасалгалап, кереметтүү жашыруун жайды даярдагандыгын көрүп, айран таң болуп: “балам,сени катын деген оңбосун, сени ургаачы дегендин, эгерде иши эки болбосун!-деп Канықейге жалынып жиберет.Кошой аксакалдын ушинтип алкап жалынганы- бул Канықейдин айлакер өнөрүнө жана акылына, кишичилигине берилген эң жогорку баа.Кошойдун баасынан аялга берилген бааны эмес, аялдагы керемет адамга, аялдагы адамдык бийиктикке, ургаачы, эркек деген биологиядан өйдө көкөлөп көккө чыккан руханий асылдыкка ыроолонгон бааны көрүп турабыз. Чынында эле, Канықей өзүнүн Манаска болгон улуу махабатына татыктуу ишти жасаган жана элин кулчулуктан бошотуп, ата журтуна боштондук алып келген Ала- Тоонун улуу

баатырына арзырлык укмуштуу жайдын архитектору болуп, сүйгөнүнүн элине сиңирген опол тоодой эмгегин урматтоонун ченемсиз өрнөгүн көрсөткөн.

XI. Кошойдун инсандык кенендиги бүгүнкү кыргыз тукумдарынын менталитетинде барбы?

Кошойдун кенендигин карачы. Алыскы Алтайдан келген Манасты биринчи эле көргөндө, ага кандай укмуш сөздөрдү марттык менен арнады. «Кабылан», « Шер», «Туйгунум», «Кудай бериптир», «Кыргыз журттун ырысы», «Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды», деп терисине батпай кубанып, чечекейи чеч болбодубу. Эл ичинен өзүнөн озо чыккан азаматка «туйгунум» деп жалбарып турат. Ушундан улам бүгүнкү замандагы кыргыз тукумдары, азыркы биз жөнүндө аргасыздан ойго түшпөй койбойсуң. Алдыга озо чыккан азаматка, лидерге, ичибизден чыккан кыйынга бүгүн биз Кошой баатырдай ак көрпө жайыл мамиле жасайбызбы? Бирөөнүн ишине, ийгилигине улут келечегин ойлоп, Кошойчылап барбаландап сүйүнөбүзбү? «Күлүктүн» арыш ташташынан рахат алып, аны Кошойчосунан сүрөөгө алган айкөлдүккө эгедербизби?

XII. “Манас” эпосунун рухий деңгээлин бийик чокуга көтөргөн улуу образ жекыргыздын адеп-ахлак конституциясы «Маната»

Кошойдун «тар жол, тайгак кечүүдөгү» кайратман күрөшүнө күбө болуп туруп, тарыхтын булуң-буйткалуу, бурганактуу жолдорунда, башка күн түшүп, өлөйүн десең жан таттуу, кирейин десең жер катуу болуп турган мезгилдерде, дал ушул Кошойдой каарман уулдар кыргыздын чырагына май тамызып, кайра күйгүзүп, өйдөтө өбөк, ылдыйда жөлөк, конорго куйрук, учарга канат болуп, капилеттен сөз таап, караңгыда көз таап, улутту сактап келгендигине дагы бир

жолу ынанабыз. Кошой таш жарган кайраттын, майтарылбас эрктин, алп күч-кубаттын,жалтанбас баатырлыктын, күчтүү рухтун ээси жана жеңе билүүнүн философиясын көтөрүп жүргөн каарман.

Кыскасын айтканда, Катагандын хан Кошоюнун образы «Манас» эпосунун руханий, адеп-ахлак парасатын, акыл-ой кенчин, патриоттук наркын бийик даражага көтөрүп турган улуу образ. «Манас» эпопеясы борбордук каармандар: Манастын, Каныкейдин, Бакайдын, Кошойдун образдары менен күчтүү. Бул классикалык каармандар калың окурманды жана дүйнө элдерин кыргыздын руханий цивилизациясынын жана акыл-эсинин «туу чокулары» менен таанышгырат жана эпостун жалпы адамзаттык моралдык-этикалык маани-мазмунга эгедер экендигин айгинелейт. Кошойдун Ар намыс жана достук кодекси улуттук гана эмес, жалпы адамзаттык өлбөс мүлк. Кыргыздын ар намыс кодекси, патриоттук дөөлөтү, гуманисттик нравасы Манас, Бакай, Каныкей, Кошойдун образдары аркылуу ташка тамга басылгандай, улуу «Манас» дастанынын «гранитине» чегилип жазылган. Эркиндикти туу катары тутунуу, улутун сүйүү, достукка бекемдик, интерноцилонализм, мекени үчүн жанын берүүгө даяр туруу, күн- кордукту, кулчулукту кабыл албоо, патриоттуулук, жарандык күжүрмөндүүлүк, ар-намыстуулук, Ата-Журт алдындагы парзга берилгендик, жоопкерчилик, сөз менен иштин биримдиги, чынчылдык, адилеттүүлүк, боорукерлик, калыстык, улуттун бүгүнкүсү жана эртеңкиси жөнүндө ойлонгон акылмандык, айкөлдүк, журт кызыкчылыгы үчүн отко-сууга түшүүгө даяр тайманбас баатырдык, эмгекчилдик ж.б. – булар Манас эпосунун өзөгүн түзүп турган моралдык, жарандык улуу сапаттар жана мындай менталитет Кошой баатырга да таандык. Кыргыздын адеп-ахлак конституциясы “Манаста”. Кошойдун образынын патриоттук концепциясы бүгүнкү кыргыз жаранынын жашоо принциби катары эгемендүү кыргыз мамлекетинин пайдубалында жата турган улуу кенч.

XIII. Азыркы таалим-тарбиянын милдети

Кошойдун руханияты улуттук асылбаа ресурс катары бүгүнкү тарбия-таалим процессинин негизине алынууга жана ишке чегилүүгө тийиш.Урпактарыбыз Кошой баатырдын калк кызыкчылыгын кайтарган патриотизмине, мекенчилдигине, улутмандыгына терең түшүнүп, эл мүдөөсүн, ата журттун кызыкчылыгын, ар намысын Кошойчо коргой билүү идеясына сугарылып, көздөгөн максатты ишке ашырууда Кошойдой эрктүү, өжөр болууга шыктанып, Кошойдун жарандык-атуулдук бийик руханиятын, жеңе билүү философиясын өздөштүрүп чыгууга тийиш. Мамлекетибиз КОШОЙРУХКА сугарылган уул-кыздары менен күчтүү болмок.

Медетов Аскар

«МАНАС» ЫСЫМЫНЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨ

«Манас» ысымынын маанiси, пайда болушу жөнүндө илимде ар кандай пикирлер айтылып жүрөт. Манастын атын чечмелөөгө алгачкылардан болуп киришкен Мухтар Ауэзов болгон. Ал өзүнүн «Манас» кыргыз элинин баатырдык эпосу» аттуу изилдөөсүндө (1935-жылы бүтүп, кийин толуктап «Ар жылкы ойлор» деген китебине жарыялаган) кыргыздын тарыхында Манас аттуу тарыхий инсан жок болсо да, балким чын эле ошондой баатыр болуп, бирок, анын ысымы жазма булактарда сакталбаса да, кыргыз эли аны таберик катары элдик эпосунда сактап калган деп божомолдоо менен: «Лингвистически имя Манас должо означать либо наименование божества из пантеона шаманства, либо, вернее, оно идет из манихейизма, широко распрастраненного в ту пору в Средней Азии», - деп жазган. М.Ауэзов Манастын атын кыргыз тарыхы менен тыгыз байланышта кароого аракет кылган. М.Ауэзов Манас ысымынын этимологиясына тереңдеп кирбесе да анын кыска айткан ой-пикирлеринде негиз бар экени көрүнүп турат. Анын бул көз карашын А.Н.Бернштам «К происхождению имени Манас» аттуу эмгегинде тереңдетип, конкреттүү материалдар менен бекемдеп, жаңы булактар менен толуктаган.

А.Н.Бернштам тарыхий булактарга таянуу менен Манастын этимологиясын иликтөөгө алат. А.Н.Бернштам тарабынан биринчи жолу 1920-жылы В.Бартольд даярдап басмадан чыгарган белгисиз автордун «Худуд - ал-Алем» кол жазмасына, андан кийин 1937-жылы ушул эле текстин англис тилинде В.Минорский басып даярдаган басылышына таянат. Бернштам кол жазмадагы түштүктөн түндүкө карай, Тибеттен кыргыз Ала-Тоолоруна чейин созулган Маниса тоо кыркалары жөнүндө айтып келип IX кьшымда Маниса тоо кыркаларынын түндүк жагын, Жети-Сууну түрк тилдүү уйгур, ягма, тухси, карлук уруулары жердеген

ал эми кыргыз журту Ысык-Көлдүн түндүк чыгышындагы тоолорду жердеген, ошондой эле кыргыздар Талас менен катар Жети-Сууну да жердегенин белгилеп ага такыбалык менен талдоо жүргүзөт.

А.Н.Бернштамдын манихей дини кеңири жайылган мезгилде пайда болгон географиялык аталыштар Борбор Азияга XI кылымдан тартып ислам динининн киришинен кийин өгөйлөнүп, жоголо баштаган деген пикиринде негиз бар. А.Н.Бренштам маниса сөзүн талдоого алат. Ал Кытай булактарына таянып Манас сөзү манихей дининен келип чыгаарын ишенимдүү далилдөөгө аракет кылган. Манихей динининн таралышына байланыштуу көптөгөн илимий булактарга таянуу менен “термин Манас восходит к Манихейской терминологии и был известен в VIII-1X вв., а к X веку широко распространился», - деп жазат. Мунун далили катары Син-бо деген ылакап аты бар Сю Сун деген кытай авторунун 1832-жылы жазылган «Си юншуй дао ци» аттуу эмгегине таянып Кытайдагы Манас дарыясы Тан династиясынын тушунда Ли-и-дэ-цзянь деп аталгандыгын белгилейт. А.Н.Бернштам башка кытай булактарына таянып Манас деген ат манихейизм гүлдөп турган X кылымдарда кеңири тараган деген жыйынтыкка келип, уйгур тилине которулган манихей текстеринде Саяндагы Көгмөн тоолорунун аталашы, манихейизмдин кыргыздар жашаган бардык жерлерге жетиши, алардын күндөлүк турмушунда манихейизмдин ийкемдүү философиясы башка диндер менен катар эле кыргыздын дүйнө таанымына, маданиятына сиңгенинен кабар берип турат дейт А.Н.Бернштам.

Пайгамбар Манесанын окуусуна, философиясына негизденип зороастризм, буддизм, индуизм, христианчылык идеяларын кыйыштырып, өзүнө сиңирген манихей дини түндүк Африкадан тартып Түштүк чыгыш Сибирге чейин кеңири аймакка тараган. Манихей адабияттары уйгур тилине которулуп, ал тургай уйгур каганатынын расмий дини болгон. Белгилүү фольклор изилдөөчү Р.Кыдырбаева ал

мезгил жөнүндө мындай деп жазат: «Памятники древнетюркской письменности донесли до нас отголоски манихейского религиозного учения, которое было распространено с тюркоязычных племен ещё до проникновения ислама». Ислам дини, Карахандар мамлекетинин расмий дини болгонго чейин Борбор Азия аймагында манихей дини кеңири жайылган. Батыш менен Чыгышка жайылган диндин пайгамбары Манесанын аты социалдык жагынан алганда, ритуалдык жагынан алганда да, харизмалык жагынан алганда да легендарлуу кыргыз баатырынын образына төп келген.

Түрк элдеринде балага азан чакырып ат коюуга өзгөчө маани берип, бул вазийфа ар кимге эле бериле бербей тургандыгы жөнүндө В.М.Жирмунский: «В среднеазиатском эпосе языческого шамана заменил мусульманский странствующий дервиш-каландар, «дивана», по киргизски - «дубана (юродовый)» - деп жазат. «Манас» эпосунда Орозбаковдун вариантында балага атты дубана келип коёт, Радловдун вариантында пайгамбардын төрт халифи, ал эми С.Каралаевдин вариантында кызыр коёт.

Байыркы мезгилдерде Түндүк Сибирь элдеринде адамдын аты менен жаны бир деген түшүнүк жашаган. Ошол үчүн ысымга өзгөчө маани беришип, ысым керемет күчкө ээ болот деп эсептешкен. Ушундай жагдайда кыргыздар өзүнүн улуу баатырынын образына манихей дининдеги пайгамбардын атын бериши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Манихей дининин доорону сүрүп, даңкы таш жарып, турган мезгилде легендага айланган Манеса пайгамбардын атынын ореолу кыргыз ырчысына катуу таасир берип, эрдиги даңкталып ырдалган баатырга атагы алыска кеткен Манеса пайгамбардын атын койгон болуу керек.

«Очерки происхождении киргизского народа» (Ф. 1961) аттуу эмгегинде К.И. Петров «Манас” сөзүнүн этимологиясына кайрылып, аны суунун кудайы менен байланыштырып караган.

Кыргыз изилдөөчүлөрүнөн Манастын атын чечмелөөгө алгач киришкен А.Токомбаев болгон. «Манас» эмне деген сөз?» («Кызыл Кыргызстан» 30.11.55) деген макаласында эпостун пайда болуу мезгилин биздин заманга чейинки мезгилге таандык экендигин белгилөө менен Манас сөзүн байыркы индустардын санскрит тилинде жазылган «Веды» текстерине, «Махабхарата», «Рамаяна» эпосторуна таянып, «Манас» сөзүнүн мааниси «жан», «жүрөк», «акыл» дегенди билдире тургандыгын чечмелеп, Гималайдагы Манас көлүнүн аталышын да аргумент катары көрсөткөн.

«Манас» сөзүнүн этимологиясын санскрит тилине байланыштырып чечмелөөгө болгон аракет кийин манастаануучу Р.Сарыпбеков тарабынан өнүктүрүлдү. Р.Сарыпбеков «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы» (Ф. «Илим», 1987) атгуу монографиясында «Манас» деген атгын чыгышы жөнүндө» («КМ» 14.07.1971), «Манас» эпосундагы адам аттары («КМ» 27.08.1987) илимий макалаларында Манастын ысымынын этимологиясына кеңири токтолгон. «Манас» деген аттын чыгышы жөнүндө» деген макаласында Р.Сарыпбеков бул маселе боюнча Н.Бернштамдын «Манас деген аттын чыгышына карата» аттуу макаласындагы гипотезага токтолуп «А.Н.Бернштамдын: «... Бул титул - ысымдын кыргыздарда болгондугунун фактысын Борбордук Азияда манихейчиликтин кеңири тарашы менен шарттап, өз учурунда, Манастын атын сирия «Мани» - окутуучу» менен түшүндүрүүнү сунуш эткенбиз» - деген пикири өзүн лингвистика жактан актай албайт. Мындагы «Мани» деген сөздүн «Манас» деген формага өтүү себептерин көрсөткөн автордун далили жок» деген көз карашын төгүндөөгө аракет кылат. Р.Сарыпбеков манихей динине дит коюп, тереңирээк караганга умтулган эмес, болбосо манихей динин пайгамбары ысымы «мани» жана «манеса» формасында кезигээрин байкамак. Кабыл алынган «Манеса» сөзүндөгү «е» тыбышы сингармонизм законуна ылайык жоон, созулма

өндүүгө өтүп «Манас» формасына өтүүсү толук мүмкүн.

Бирок Р.Сарыпбеков «Манас» сөзүнүн келип чыгышын манихей дини менен байланыштырууну туура көрбөйт. «Манас» сөзүнүн түпкү маани-маңызын санскриттен издейт. Буддизм менен байланыштырып, ишенимдүү аргументтерди келтиргенге аракет кылат. Сөздүн окшоштуктарына карап чечмелөө этимологияда көп эле жаңылыштыктарга алып келген учурлары болгон. Мисалы, Кенияда Умба дарыясы бар экен, Орусиянын түндүгүндө да Умба дарыясы агат, бирок окумуштуулар бул окшоштуктан эч кандай байланышты, жакындыкты табышкан эмес. Р.Сарыпбеков КочергинаВ.А. Санскритико-русский словарь. М., 1978; Вейсман А.Д. Греческо-русский словарь. - М., 1979; Малин А.М. Латинско-русский словарь. - М., 1952; Барруд Т. Санскрит. - М., 1976 ж.б. булактарга таянып, уңгусу «Ман» менен башталган сөздөрдү мисалга тартып, аны буддизмдин таралышы менен байланыштырып бекемдөөгө аракет кылат. «Махабхаратада» «Манас» деген атты алып жүргөн бир нече каарман бар экенин ортого салат. «Жогорку сөздөр жалаң сырткы формасы жагынан эмес, ички мааниси жагынан да кыргыз элинин эпосунун каарманынын атына шайкеш келип тургансыйт» - деп күмөнсүп жыйынтык чыгарат. Лингвист А.П.Дульзон: «...если на отдаленных территориях две названия совершенно совпадают, значит они не тождественны» деп жазганында жүйө бар. Маани жагынан эч байланышпаган, бирок «ар түрдүү суффикс жалганышы менен жалаң Манас деген сөздүн жыйырмадан ашык формасы кездешет», - деп, Р.Сарыпбеков белгилеген. Формалдуу түрдө сырткы окшоштугуна карап, сөздөрдү санай берүүдөн маселе чечилбейт. Мисалы, журналист Т.Токтогазиев «Айкөл Манас - тарыхий инсан» (2013) аттуу макалалар жыйнагында, Манас атынын келип чыгышына кайрылып, Е.П.Блавятскаянын «Теософиялык сөздүгүндө» санскриттен алынган «Манас» деген аталыштагы сөздөрдүн тизмегин берет. Т.Токтогазиевдин

жолоочулап жүргөндөгү көргөн-билгенин, укканын тизмектеген бул китебин «илимий фундаменталдуу эмгек» деп баалаган философия илимдеринин доктору, профессор К.Исаев журналисттик заметкалар менен фундаменталдык илимий эмгектин айырмасын билбесе, бул анын актан караны, жалгандан чынды ажыратканга дарамети келбей калганын далилдеп турат. К.Исаевдин бул китепке жазган рецензиясы сын көтөрө албайт. Себеби, Т.Токтогазиев китебинде Блаватскаядан келтирген сөздөрдү К.Исаев талдоо жүргүзүп, чечмелебей эле кайра тизмелеп тим болот. Эзотериканын ышкыбоздору Т.Токтогазиев менен К.Исаев «ачылыш» катары көрсөтүп жаткан санскритте «ман» уңгусу менен башталган жүз элүүгө жакын сөз бар жана аларды эпостогу Манастын аты менен эч кандай байланышы жок. Бул тууралуу Кочергина В.А. «Санскритико-русский словарь» (2 изд. М.:Рус.яз. 1987) деген китепти карасаңыз болот.

Манас деп аталган топонимдер, гидронимдер боюнча «Манас» энциклопедиясында (1995) кеңири маалымат берилген. К.Исаев менен Т.Токтогазиев болсо Американы ачкансып, Индияда Манас тоосу бар экен, Кытайда суу бар экен деп таң калгандан тажабайт. Кыргызстандагы, Казакстандагы, Дагестандагы, Россиядагы ал тургай Кытайдагы Манастын атын алып жүргөн жер-суу аттары «Манас» эпосу менен тыгыз байланышта иликтенүүсү шартка ылайык, ал эми Индиядагы тоолор, көлдөр, суулардын аталыштарынын учугу байыркы манихей динининн пайгамбары Мани менен тыгыз баиланышта. Бул маселе тарыхий аспектиден каралууга тийиш.

Колдонулган адабияттар:

1. Ауэзов М. Мысли разных лет. А.А. Каз.гос.изд. 1961. ст.493
2. Бернштам А.Н. К происхождению имени Манас. В кн. «Манас» героический эпос киргизского народа. - Ф., 1968.
3. Кыдырбаева Р.З. Генесиз эпоса «Манас» -Ф.; 1980 ст.19

4. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». - В кн. Героический киргизский эпос «Манас» -М.; 1961 стр.100.

Орозобекова Жылдыз

“МАНАС” УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯНЫН УҢГУСУ
ЭПОС ЖАНА МЕЗГИЛ

Адамзаттын тарыхый басып өткөн жолунда ар бир доор өзүнүн изин тигил же бул формасында (оозеки адабиятта, искусствонун жанрларында, тарыхта, илимде) калтырып, аны улам кийинки муундары окуп же көрүп, андан өмүр бою сабак алып урпактан-урпакка өз ишмердүүлүгүн андан ары улап келгени белгилүү.

Дүйнөдө саналуу гана элдердин летописчилери адамзаттын тарыхын доорлор аралыгында жазып жүрүп олтурушкан (гректер, арабдар, кытайлар ж.б.). Бул кол жазмаларды иликтөө менен тарых чындыгы, кээде ойдон табылган өз заманынын талабына жараша “чындык” менен тарых китептерибизде айрым маалыматтар жазылгандыгын,окумуштуулар деле жок дебейт чыгар. Азыр сөз өңүтү бул жакта эмес. Айтайын деген оюбуз “Манас” тархтын так өзү болбосо да тарыхый учурларды кашкайта баяндаган уникалдуу оозеки маданияттын үлгүсү. Эпосту жазып алуу тарыхы мындан 150 жыл чамасы ары жазылып алынган болсо, эпостун ичинде чагылган тарыхый издер эң абалкы доорлордун изинен бери сактап калган.Илимде аалымдар эпостун тарыхый баскычтарын урунттуу тарыхый окуяларга таяп, болжолдуу түрдө жаралган жана калыптанган доорун белгилешкен. Биз тавтология болбосу үчүн бул тарыхый изилдөөлөргө кайрылбай коюну орундуу көрдүк. Анткени учурда мындай илимий эмгектердин мазмунун жана авторлордун концепциясын окурмандар жадыбалдай жатка билет.

“Манас” сүңгүп түшүнүп окуган адамга бир эле кыргыздын эле эмес, ошол кездерде коңшу жашаган көп улуттардын, этникалык катмарлардын тарыхый издери тууралуу ынандыра турган фактылык даректерди чагылдырып турат. Аттиң, ошол кездерде жазмакерлерибиз болуп, “Гильгамешти” клинописти жазууларда калтыргандай жазып кеткенде тарыхтагы көп нерсе ордуна келет эле го. “Манастагы” Көкөтөй менен Баймырза Айкожого менен

Абунасырга берген суроолорун “катка салып жазабыз”,- деп айтканындай жазып калтырса, “урунттуу тарыхый учурларды таамай чагылдырган сюжеттер”, тарыхый географиялык чөлкөмдөрдү, этникалык катмарларды айтпаган күндө дагы азыркы ишеним жана динге байланыштуу жаралган тенденциялык көз караштардын бир ачкычы табылат эле.

Балким биздин доорго чейинки I-II кылымдарда грек тарыхындагы элладалардын тарыхый издерин алардын варварлар менен согушкан күрөштөрүн, Вавилон, Ассирия, Египет, Скифтердин перстердин падышачылык кылып турган мезгилиндеги тарыхый дооорлорду баяндап жазып кеткен Геродоттун он бөлүктөн турган “Тарых” китебиндей кылып окуйт белек. Жогоруда аталган эмгектин баш сөзүндө Гомердин туулганы, кимдин баласы болгону тууралуу тарых беттеринде так маалымат жок деп айтылып, 1795- жылы Ф. А. Вольф аттуу жазмакер (летописец) “Введение в Гомера” (Prolegomena ad Homerum) аттуу эмгек жазып жатып,“Иллиада” менен “Одиссея” эпосторунун автору Гомер экени аныктап кеткен сыяктуу бизде да так маалыматтар калмак чыгар. [В. Г. Борухович.,Тарых/ котормосу: Г.А Стратановдуку -М: Наука, 1972.8-9., -399] Ушул кезге чейин “Европага адабиятты алып келген Гомер”-, деп таанып калгандары да бекеринен болбосо керек. “Иллиада” менен “Одиссея” жазылып калган үчүн тарыхта өз ордун алып олтурбайбы. Булар эпостун эле каарманы болбостон Приям падышанын тушунда жашаган баатырлар катары тарыхка кирди.Эмесе салыштыра келгенде “Иллиада” менен “Одиссея” эпосторунда чагылган окуялардан алда канча так, далилдүү, деталдуу тарыхый, этнографиялык, географиялык, антропологиялык маалыматтар “Манаста” чагылат эмеспи.

Кайсы элдин тарыхына, элдик фольклоруна көз жүгүртпөйлү, алардын адабий маданияты оозеки чыгармачылыктан так айтканда “оозеки айтуудан”башталып кийин жазуу формасына өткөн. Биз деле ушул жолду басып өттүк, бирок кечирээк. Арийне,көркөм чыгарма иретинде бүтүндөй

басып өткөн тарыхыйжолун эбегейсиз көлөмдө,оозеки ырдап айтып, кылымдар бою ооздон-оозго өткөргөн манасчылардын плеядасындай таланттар өтө сейрек, жокко эсе, ушу кезге чейин жандуу айтууну жоготпой келе жатканы бул кыргыз элинин адамзаттык маданияттагы өзгөчөлүгү.

Тарыхтагы окуялардын негизинде адабий чыгарма жараткан жазуучу акындар бар, алардын бири Фирдоуси.Фирдоуси акын жазган иран, перс жана тажик маданиятындагы “Шахнамеде” кандардын тарыхы “тарыхый доорлор” көркөм баяндалган, Фирдоусиникиндей чыгарманын бири Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”романы, романдын баалуулугу тарыхый чындык кашкайта чагылгандыгында.

Буларга салыштырмалуу алганда “Манастын” жөнү таптакыр башка, ал оозеки айтылып: жомок, эпос деген илимий терминология менен аталып, фольклордук жанр, “кээде зордук менен профессионалдык адабий жанр катары”-“эпопея”делинип, таанылып айтылып жана жазылып келет...

Адамзаттын тарыхы бизге окшогон адамдардын колунан, акыл эсинен жазма түрүндө жазылып тарыхка кирип калган болсо, “Манас” манасчынын оозу менен кыргыздын тарыхтарынын тарыхка катталбаган чындык маалыматтарын баяндаган менен, тарыхта Манастын аты, изи жок, жыл наамеси жок, деген аныктама менен “көркөм чыгарма” делинет.

Айырмасы оозеки тактыкка, чындыкка караганда, кээде калпыс болсо да “жазма тарых”далилдүү экени талашсыз. Эпостун сюжетинде кат, китеп, илим, билим деген сөздөр арбын кездешет. Башкасын атабаганда да башкы каармандары болгон жаш Айдар менен Ажыбай алалы. Булар алтымыш уруу тил билип, тилмеч болгон билимдүүлөр, дипломат элчилер, алыскы-жуук элдердин ар биринин мүнөзүн, салтын, жерин, тарыхын, кайдан келгенин жадыбалдай баяндаган билгичтер. Балким билген көргөндөрүн жазуу жүзүндө ошол учурларды түшүрүп койгондо, Оторкандан берки Каракандын укум-тукумун баш кылып Огойдун тарыхы тарых беттеринде окулуп, тарыхый наамелерге кирип калбайт беле, албетте бул фанатизмге аффектация

болгондуктан айтылган жөн эле сөз эмес, “кыргыздын жазуу-сызуусу” орхон жазууларына чейин болгон эмес дегенге каршы көз караштан улам келип чыккан сөз.

Элдик оозеки чыгармачылыктын ар бир жанрында жанрдык түрлөрүндө тарыхый, турмуштук чындык бар. Ошондуктан биз анын нравалык, моралдык, идеологиялык, социалдык, маданий, философиялык маңызынан: гуманизди, патриоттуулукту, интернационалдык демди келечек муунга, өзүбүзгө сабак кылып насыятын үйрөнүп келебиз. Кыргыздын бир дагы ашыкча айтылган макал-ылакабы, жомогу, легендалары жок, ар биринин маңызында кашкайган турмуш чындыгын аттын кашкасындай чагылдырган идея бар, анын тарбиялык маани зор.

Ал эми “Манасыбызда” ушунун эң чордонун сиңирген уңгу жатат. Манастын тарыхында бир да ойдун кемчили жоктой: турмуштун жыргалы, азабы, адамдык сапаттын бары жогу, абийир, намыс, ак-кара, саткындык, жагалданмай, кошоматчылык, турмуштун төө мойнок кезеңдери, адамдын жан кейиткен тагдыры, кимгедир зарурат дүйнө...айтор баары бар, ушул алкактан чыкканда Манас–жашоонун мугалими, тунук акылдын казынасы.

Кудурет манасчылардын эс тутумуна эбегейсиз тарых издерин көркөм сөздүн, тилдин чеберчилиги, чечендиги аркылуу сыйдырып калтырган. Болбосо тарыхты, маданиятты, улуттун турган турпатын оозеки түрүндө кылымдар бою сактоого кандай күч керек эле. Ааламдагы эң байыркы элдердин бири болгон кыргыздардын өз тарыхын оозеки түрүндө сактап биздин доорго жеткиргени дагы жөн жерден болбосо керек. Адамзатты таң калтырган мындай феномендин касиетин окумуштуулар ар кандай трактовкалап келе жатышат.

Жүз элүү жыл (символикалуу түрдө айттым) аралыгы көп убакыт ченеми. Ушул доор ичинде окумуштуулардын бир канча мууну дал ушул соцреализмдин алкагында ой жүгүртүүгө, коомдун талабына, мамлекеттин идеологиясына жараша калыптанып, билим алып тарбияланып калганын эч ким танбайт. Ошондуктан жүз элүү жыл ичинде Манас тарыхый инсан катарында

эмес, тарыхый эпостун башкы каарманы катары гана жашап, ушундай кабылдаткан дагы мезгил болгон.

Кыргыздын гениалдуу макалдарынын бири “Элиң бөрү болсо бөрү, түлкү болсо түлкү бол ”,- дейт. Ойдун алкагындагы ырааттуулукта алганда бул туура, эгерде мамлекеттик система ошондой болсо, биздин аң сезим Лениндик идеологияга уюп, ата-энебизден да артык деген түшүнүктө чоңойдук да. Ал кезде коммунисттик партиянын идеологиясы укмуштуудай күчкө ээ болгон, башкача айтканда, совет адамынын аң сезиминде “Коммунисттик партия” абсолюттук идеалдуулукка ээ эле. Ал тургай орус тилинде сүйлөй албагандар экинчи сорттогу адамдардай болуп шылдың менен кодулоого учураганынэч ким четке кага албайт.

Идеологиянын күчү, ар улуттун элин карапайым элден баштап интеллигенцияга чейинбашынан катуу мыкчып орус тилинде окутуп, жаздыртып, сүйлөткөн. Дээрлик 80 жыл аралыгында өз тилибизде жазуу кыргызча окуган балдарда эле сакталбаса орус тили эне тил болуп бара жаткан. Бир кездерде француз тили европа ак сөөктөрүнө мода болуп кирген сыяктуу орусча сүйлөө азыр бизде мода. Тилибиз келегей тартып турат.

Идеологиянын күчү, бала бакчадан тартып, мектептерде, жогорку окуу жайларда орус адабиятын, тилин жана тарыхын кыргыздыкынан алда канча көп окутту. Көп жакшы ийгиликтерге жетиштик, өстүк, тарбияландык. Ушул позитивдүү өсүштүн артында улуттук баалуулуктардын көбү көмүскөдө калды.

Буларды санакка алганыбыздын себеби “Манас” эпосубуздун классикалык варианты болгон Сагымбай, Саякбай өңдүү манасчылардын лексикасы кандай укмуш бай. Тилдин бул байлыгын эске алганда, кандай гана илимдин тармагынын терминологиясы болбосун ийне-жибине чейин түшүндүрүп берүүгө кудурети жете турган тил экенине күмөн саноого болбойт. Тек гана ар бир адистикке тийешелүү терминологияларды кыргызча стильге салып колдонууга жетише албай жатабыз. Эгемендүүлүгүбүзгө жыйырма беш жылдан ашык убакыт өтсө дагы, дале болсо негизги иш кагаздары кыргыз

тилине өтө элек.

Жүз элүү жыл аралыгында “Манас” эпосу бир жолу эмес, бир нече жолу кыйчалыш кыйын кезеңдерди башынан кечирди. “Манас” эле эмес союздун карамагына кирген он беш Союздук Республикалардын элдеринин алкагында алганда, тагдырыбыздын кейиштүү кырдаалын бириктирген тарыхыбыз бар. Ачык айтканда элдердин нукура руханий маданияты идеологияга ылайык гана жашоого мүмкүндүк алды, болбосо элдик чыгарма эмес деп, жок кылынып кете жаздады, жок болгону да болду,өзгөчө баатырдык эпостор ушундай алааматты башынан кечиришти. Адамзаттын маданий дүйнөсү өлгөндө ал маңкурт болуп калары бышык. Биз дирижердун таякчасы кандай шилтенсе ошондой ыргакта ойноого, же токтоп турууга үйрөтүлдүк.

Идеологиянын күчтүүлүгү союздун карамагындагы улуттардын чыныгы тарыхын да башкача жазуу, кабылдатуу кудуретине жетти. Ал эми 26 жыл ичинде булардын бардыгын түп тамырынан бери өзгөртүп, же оңдоп жиберүү оңой олтон иш эмес, ошондуктан азыр дагы Манастын басылмаларына кыйгачтап сүйлөгөндөр табылат,ошол совет учурундагы позициясын эч өзгөрткүлөрү да келбейт, бул үчүн улуу муунга эч кине кою мүмкүн эмес, тек гана түшүнүшүбүз, ар бир доордун тарыхын тарыхтай кабылдообуз керек, анткени биз артка кылчайып кароо менен алдыга карай өсүшүбүз зарыл, андыктан илимде ар кыл көз караш жашайт, бул мыйзамченемдүү көрүнүш.

Бизге чейинки мыкты аалымдар укмуштуудай сонун иштерди жасап кетишти, буга талаш жок. Багыттуу иштер кайсы бир деңгээлде манастаануу илиминин ар тараптуу изилденишине кыштарын тизип келе жатышат.

Совет доорунун тушунда “Манас” эпосунун саналуу гана басылмалары болду. Анан калса ал тексттер миң алакеттен өтүп, кыргыз улутунун кан-жанына сиңип келген элдик салттары, түшүнүмдөрү, дини, элдин нукура табиятын чагылдырган улуттук идеологиялык жагдайы бар жерлеринин бардыгы кесилип калды (1952). Ал эми 1978-1982-жылдар аралыгында чыккан Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианты боюнча көркөм

басылмасын кадимки жомок сыяктуу кылып тексттин негизинде акын-жазуучулар жазып чыгышты. Эгерде буга чейинки басылмаларды 1995-жылкы академиялык басылма менен салыштырып карай турган болсок, экөөнүн айырмасы асман менен жердей. Кадыресе улуттук идея биринчи орунга чыкты. Текст колго жазылган түп нуска кандай болсо ошондой жарык көрдү, илимий коментарийлер берилип, текстологиялык анализ жүрдү, улуттук идеологиянын уңгусу болгон асыл ой-мурасын толуккандуу жарыялаганга жетишти, албетте бул чечкиндүү кадам, чоң ийгилик болгон.

Арийне, азыр доор башка, өткөөл доор улуу муун менен кийинки муундун ортосунда коом башка формацияга өттү. Үстүрт айтканда, илимде да бул сезилбей койгон жок, кийинки учурларда “Элүү жылда эл жаңы”, -дегендей эпосубуз тууралуу бир далай тарыхый издер табылып жатат. Бир эле мисал, Макелек Өмүрбай мырзанын беш Бээжин тууралуу жазганы эле буга күбө эмеспи, кантсе да бу киши кытай жазма булактары менен тике иштөө мүмкүндүгүнө ээ болгон окумуштуулардын бири.

Башка өңүтүнөн карасак: “Манас” эпосунун ичиндеги географиялык жер-суу аттары, улуттардын, этникалык катмарлардын, коңшу алыскы-жуук элдер менен болгон карым-катнаш мамилелерибиз, диний түшүнүмдөрүбүз жана коомдук формациялардын издери болгону, (илимге марксизм, ленинизм окуусундагы феодализм, капитализм деген терминология киргенге чейин эле)биз бир топ катмарды басып өткөнүбүз байкалат.

Улуттук каада-салттар, элдик оюн-зооктор, жаратылышка болгон аяр мамиле ушунун баары күзгүдөй чагылып турганда, кантип көркөм чыгарма иретинде гана кабылдоого болот? Же биз адегенде тагдырыбызды тарыхыбызды айтып алып ошого жараша жашадыкпы, же өткөндөгү тарыхты ооздон-оозго айтып калып, кийин муну көркөм чыгарма деп койдукпу? Андай болгон күндө да, ар кандай көркөм чыгарма, жомок, фантазия, легенда, уламыш болобу түпкүрүндө бир тарыхый окуядан өнүп чыгаары, жана аны адамдар көркөмдөп, улам бири билинбей байытып жүрүп олтуруп элдик чыгармага

айланаарын тана алабы, менимче тануу мүмкүн эмес. Кантип анан Манастын туулган күнүн окумуштуулар так айтып берет жана жазат. Жөнөкөй эле бир мисал, тексттен келтирели:

Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө.
Же,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Ай караңгы болгондо.
Же,
Ат кара тил болгондо,
Саратан жай толгондо.
Же,
Күздүн күнү болгондо ,
Былкылдак буудай бышканда,
Мыйзамдын гүлү учканда.
Же,
Күндү санап калыптыр,
Күн санагын алыптыр.
Айды катка салыптыр,
Ай санагын алыптыр
Тогуз айга толуптур,
Тогуз саат болуптур,

Толгоо кирип ушунда- (“Манас” СОВ. 1 том.)Кыргыздын убакыт ченемдерди жыл мезгилдерине, күндүн, айдын процесстерине байланышкан түшүнүмдө берилет.Жогоруда сапта “ат кара тил болгондо”,- дейт, бул жаздан жайга караган мезгил тулаң боло эле убак, майдын аягы Чыйырды да Кула бээ да бир убакта баладан, кулундан бошонуп жатат, мына ушинтип кыргыз илгертен жаратылыштын белгилери менен убакытты ченемдеп келген, күндү катка салган билгилиги болгон.Дүйнөлүк тарых беттериндекыргыздар

тууралуу(гунндардын падышасы Модэнин бизди басып алгандагы тарыхынан сырткары) дээрлик үч кылым бою кытай болобу, перс болобу же дагы башка адамзаттын тарыхын жазган летописте болобу, биринде дагы кыргыздар тууралуу маалымат берилген эмес, так айтканда биздин доордун V кылымына чейин караманча эч нерсе жок.

Биздин оюбузча маселе мында эмес, маселе ошол тарыхты терең казууга жарабай жатканыбыз, текстти билсек, тилдерди илимий деңгээлде (араб, кытай, англис, француз) билбей, тарыхты билсек текстти жакшы өздөштүрө албай, тилсиз же башкы булакка жетүү мүмкүндүгүбүз жок болуп турганына өкүнүүгө болот. Экөөнөн тең так маалыматы билими жоктор, уялбай туруп эле жекече тыянактарды чыгарып алып, оюн бирөөгө эмес илимге таңуулаган кезеңдер болгондо, булардын баардыгы биздин билим дүйнөсүндөгү трагедиябыз экенин көрсөтүп көзгө саят. Ушул тапта ““Манас” кайсы доордо жаралган дегенге эч ким так жооп берген эмес”,- деген стереотиптүү ойду айтуу аксиомага айланып, бардыгын жыйыштырып, жайгарып коюу адатка айланган учур. Менимче Манастын нукура варианттары турса сюжетин баяндап ар кандай деңгээлде жазып жаткандар азыр абдан көбөйдү, анда алар “Манастын темасында дебейби” мындай көрүнүштөргө, эпостун салабаттуу салмагына шек келтирген майдалоо болуп жатканын өздөрү түшүнүшү керек да. Мындай көрүнүштөргө “Манас” эпосун коргоо боюнча мыйзамдын чегинде бөгөт коюу зарыл.

“Маната” “көбү жалган, көбү чын, көпчүлүктүн көөнү үчүн” деген саптарды мисалга тартып алып, көпчүлүк учурда коомчулукта чурулдап жатышпайбы, бул адисттик көз караштан алынуучу, жанрды жанрдык түрлөрдү анализдөө алкагындагы проблемага кирет. Фольклорист динге киришип алып курандын ыйык хадистерин, сүрөөлөрүн талдап жаткан жок, ага киришпейт дагы, ал эми эпикадагы диний сүртүмдөрдү доор ыргагына жараша иликтейт. Эпос оозеки айтылып келгендиктен ал ар бир доордун сүртүмүн да сөзсүз өзүнө сиңирип алган жана чагылдырып жүрүп олтурган.

Карт тарыхта катталган катаал жылдардагы окуялардын бири Таластагы

арабдар менен кытайлардын кандуу кагылышуусу. Бул согуш дүйнөлүк тарыхка да кирген, бул согуштун тарыхый-саясий ролу, бүтүндөй Борбор Азия жана кыргыз эли үчүн өтө чоң мааниге ээ болгон. Биринчиден, кытайлар Талас талаасында арабдардан жеңилгенден кийин ондогон кылымдар аралыгында Борбор Азияга келген эмес. Бул исламды Кытай мамлекетисиз жайылтууга шарт түзгөн. Мамлекеттердин тарыхындагы тарыхый өзгөрүүлөр дайыма жаңылануугa жана жоготууга алып келери бышык.Ошондой жаңылануу болгон күндө да, бабаларыбыз өзүнүн көчмөнчүлүк маданиятындагы негизги багыттарын, каада-салтын, көөдөнүндө ишенимин сактап кала алган. “Манас” эпосунун сюжетине кирип калган ислам темасы болжолу ушундай тарыхый учурларга байланыштуу болушу да ыктымал.

Учурда эпостогу мифтик катмарларды тарыхый из менен аралаштырып айтканда “тарыхый реалдуулугу” деген терминология колдонулуп айтылып келет, арийне фольклористикада “тарыхый эпос” деген терминологиянын өзү туура эмес экендигин адистер жакшы билишет.

Экинчи бир маселе, “Манас” эпосунун азыркы коомубузда кандай орду бар, дегенге келгенде, жогорудагы ойлорго түздөн түз тийешеси бар дейт элек. Мезгил талабына жараша, азыркы учурда “Манас” эпосун илимде комплекстүү изилдөө, эпостун варианттарын басып чыгаруу иштери ошондой эле башка тилдерге которулушун иликтөө; текстология проблемасы алдыда турган чоң иштер ошондой эле “Манастын” темасында: эпостун жазма поэтикалык жана прозалык формаларынын жаралышы тууралуу өзүнчө кенен сөз болууга тийиш.

Башка өңүтүнөн алганда кыргыз элинин дөөлөтүн дүйнө элине жеткирүү, таанытуу жалпы кыргыз элине жеткирүү иштери жандуу жүрүп жаткан кез. Мисалы, исскусствонун түрдүү жанрларынын алкагында караганда: драматургияда, музыканын (симфония, опера), живопись, скульптура өндүү классикалык жанрларында “Манас” темасына кайрылып этнофольклорду өнүктүрөлү деген аракетте эстрада жанрында чыгармалардын жаралышы,

кинемотографияда кинотасмаларды жаратуу, манастын темасындагы скульптуралык комплекстерди, ансамбльдарды, портреттерди айтпай коюу мүмкүн эмес.

Кенен алганда “Манас”-оболу кыргызга эле эмес, жалпы адамзатка таандык аң-сезимди, жашоону, динди жана ишенимди, социалдык жашоонун маңызын, бир канча доорлордун катмарында чагылдырган маданий мурас. Тарыхый изди кашкайта чагылдырып, бирок да тарыхтын жыл наамесин так көргөзө албай турган: аң сезимде, көөдөндө, көркөм тилдин кудурети менен оозеки сакталып келген феномен, эс тутумдун кайталангыс шедеври.

Бул эпостун классикалык варианттарынын басылмаларынан сырткары, кандай гана чыгарманын түрү жаралбасын көпчүлүктүн элегинен өтө турганы турган иш экендигин унутпашыбыз керек. Анткени “Манастын” дүйнөсүнө батынып иш баштоо, ошого даап баруунун өзү чоң талыкпаган изденүүнү талап кылат. Дегеле мындай адам, эпостун жок дегенде бир эки вариантын билүүсү зарыл, а эпосту бир жолу окуп чыгууда элес-булас сюжет калбаса, аягына чыкканча башкы окуяларды унутуп калары бышык. Миң жолу укса да, бир жолу толук окуп чыкса да “Манасты” мен билем деш акылга сыйбайт, анткени аны бир жолку окугандан, миң жолку укандан Манас айткан манасчынын ритмдик ыргагы анан башкы каарман баатырларга байланыштуу сүртүмдөрдөн башка түшүнүк калбайт.

Манасты угуу маданияты болот, ал угуп жатканда окуянын маңызынан сырткары сөздүн маанисин түшүнүүсү керек кыйыны ошол, анткени манастын тили биздин адабий нормадагы тил менен баяндалганы менен көбүнчө туюнтмадан, каймана ойдун (подтекст) жыйындысынан, кыргыздын байыркы кара ырынын өзөгүнөн турат. Аны билиш үчүн “Манас” окуу адатка айланышы керек. Албетте элге тартуулап, жайылтуу чоң жоопкерчиликтүү иш, бирок мындай чыгармалар фольклорист изилдөөчүлөрдүн, искусство таануучулардын, адабиятчылардын ж.б. изилдөө объектисине алынып ар түрдүү ракурста иликтенгенде азыркы учурдагы илимдеги золобосу

көтөрүлмөкчү.

«Манас» жана улуттук аң сезим

«Манас» эпикалык үчилтигибиздин поэтикалык түзүлүшү элдик оозеки чыгармачылыгыбыздын лирикалык жана эпикалык жанрларынан турат. Айрыкча эпостогу санат – насыят, терме, үлгү өңдүү ырларынын, ошондой эле дидактикалык макал – ылакап афоризмдеринин жана да айтымдарынын маани маңызы кулактан кирип бойду алгандыгы менен, эң бир таамай айтылгандыгы менен сөз кудуретинин насилин тереңдетет, көркүнө чыгарат.

Ушул ракурстан алып караганда кыргыздардын дүйнө таанымынын маңызы канчалык терең жана абалкы экендигине тамшанбай, тан бербей коё албайсын.Улуттук менталитетибиздин дүйнө таанымындагы ой туюмдун нагыз булагы жомок, легенда, уламыштары жөн гана жомок болбостон, ал турмуш чындыгынан келип чыгуу менен аны даңазалагандыгын тана албайбыз.

Ошол жомоктордун маниси кадимки биз жашап жаткан көр тиричилигибиздин ак карасын кашкайта чагылдырып, түз, таза жашоого үндөйт. Негизгиси жарыкчылык дүйнөнүн маңызын түшүндүрөт. Белгилүү чоң фольклорист аалым С. Кайыповдун: «Жомок – тарыхтын татаал, кыйын сыноолорун муңайбай өтүп, түбөлүктүү жашай берүүчү, түптүү турпаты асыл, тарыхы терең, тажрыйбасы мол, адамдары нарктуу элдин жүнүнөн сызып чыккан касиеттүү казына,- дегенинде (2009) калет жок.

Ой чабытын ар кандай өңүттө калчап, адамзаттын кабылдоосун көргөзгөн «Манаста» эмне гана жок. Кайсыл жагынан алып карабайлык жооп табууга мүмкүнчүлүк бар. Эпикалык мурастардагы адамдын аң сезиминин жетилип өсүшүнүн философиялык маанисинин тереңдигин көргөзгөн жан дүйнөнүн азыгы да «Манаста». Ал өлүм менен өмүрдүн, ак менен каранын, жаман менен жакшынын, арамзаалык менен ак ниеттүүлүктүн мыйзамын айтып, көргөзүп олтурат. Ушул көрүнүштөрдүн бардыгы жанрдык, тактап айтканда оозеки чыгармачылыктын жанрлары аркылуу берилгендигин дагы бир ирет кайталоого туура келет. Маселен манастагы «акыры башта бир өлүм»

деген сөздүн маанисиэле канчалык. Жарыкчылыкка бир келген адамзат анын утурумдук экендигин билет.

Бүгүн бар да эртең жок,

Ушундай экен дүйнө бок.

Дүйнөгө түркүк боло алган,

Тоголок башта пенде жок.

Акылың бар эсиң жок,

Эч нерсе менен ишиң жок,-деп, Сагынбай чын дүйнө менен жалган дүйнөнүн мыйзам сызыгын көргөзөт. Болбосо Көкөтөйдүн керээзиндеги

Бүгүн бар да эртең жок,

Ушундай болот дүйнө бок

деген сөздөрүндө таамай айтылат. Жашоонун ар бир учуруна ылайыкташкан, ошол кырдаалды чагылдырып, каармандын тагдырындагы ички психологизмди:

Ай караңгы түн болсо,

Түн эмине болучу,

Артта калса Тайтору

Катыгүн күн эмине болуучу, - деп Саякбай Каныкейдин башындагы трагедияны сүрөттөйт.

Андагы драматизацияланган сценкада Каныкей тагдырын тулпардын ат чабышта чыгып, же чыкпай кала турган болсо эмне болорун кабатырланууарман менен билдирип жатат.А чындыгында бул поэтикалык саптардын түпкүрүндө жараткандын караңгы түндү эле эмес, адам тагдырындагы башка түшкөн мүшкүл, бул опасыз дүйнөдө өзү жараткан баласынан мерт болсо, өзү жарык дүйнөгө алып келген баласынан тагдырдын айынан «эне» деген сөздү кулагы эшитпей, чындыктын түпкүрүнө жетпей каламбы деген ички арман, туюм, каймана айтылган ыр сабына чөгөрүлгөн болсо, экинчи жагынан Каныкей эл башында каны жок, башчысы жок калган калайык кыргыз

калкынын келечегинин да камын ойлойт.Сагымбай эл башында турган кан тууралуу:

Өкүм болбой өнүктпөйт,

Өзүнчө бул иш жөнүкпөйт

Башчысы болбой марыбайт,

Баш аламан жарыбайт,

Ханы болсо кар болбойт,

Жарактуу киши зар болбойт,

Жайыт болбой мал болбойт,

Бекери болуп, бек болбойт,

Бекер жатып эл болбойт,

Дене бойсуз жан болбойт,

Тегерегин баары жоо,

Тепсесе душман жан койбойт,-дейт

(С. О. 1к. 1978. 265-б.)

Санат таризиндеги ыр саптарында акыл ой мурасынын терең маңызы, реалдуулук менен айкалышып турмуш чындыгын көргөзөт. Элдин тилеги тегерегиндеги душмандардын суук көзүнөн оолак болуу дагы башчыга байланыштуу экендиги «даана болбой кан болбойт» деген саптагы эл башында турган адам ачык, калыс, акылман, көрөгөч, терең, болмоюн элдин иши оңолбой тургандыгын көргөзөт. Ал эми «бекер жатып эл болбойт», а эгер адам эмгек кылбаса турмуш уланбасы, жашоо процесси өзү кыймылда болуп туруусун аныктайт. Ушул эле саптарды Сагымбайдын таасиринде Тоголок Молдо берет:

Бул иш өзүнчө көнүкпөйт,

Башкысы болбой марыбайт.

Ханы болсо кар болбойт,

Жарактуу киши зар болбойт,

Жабылса кытай жан койбойт,

Белгиси болбой бек болбойт,

Бекер жатып эл болбойт

Жара болбой кан болбойт.

Даана болбой кан болбойт,

Тегерегин баары жоо,

Тепсесе душман соо койбойт.

(Т.М. инв.№567. 448 – б.)

Адатта мыкты манасчы сөз уңгусун тутканда, аны андан ары кенейтип, маанисин тереңдетип, ар тараптуу өнүктүрүп сөз берметтерин кынайт.

Сагынбайдын генийлиги дагы жашоонун маңызын кылдаттык менен чебер көргөзө алгандыгында, мындай жыш редиф (өнүкпөйт, жөнүкпөйт, марыбайт, жарыбайт ж.б.) стереотиптүүлүк оозеки поэзиянын негизги өзгөчөлүгү. Анткени чыгарманын көркөм табити дал ушул кырдаалдардан улам толукталып жүрүп олтуруп, өзүнүн бийиктигине жеткен. Мамлекет башчысы өзүнө тиешелүү жетекчилик сапаттарга ээ болбосо, баш аламандыкка жол берет, баш аламан болсо мамлекет өнүкпөйт; болбосо колунда жок адам кор, ошон үчүн «жаракту киши зар болбойт» деп жатат; «жайыты болбой мал болбойт» балким жөн гана ыр саптарыдыр, а бирок жашоодо жаратылыш, адам ажырымсыз бирдиктүү болсо гана жашоо тиреши уланары көрүнөт.

Эгерде малы болуп туруп жайыты болбосо, жайыты болуп малы болбосо, адам эмгек кылбай бекер жата берсе, же эл башындагы адам эч нерсе кылбаса, же эли жалкоо болсо кандай жашоо уланат. Мына турмуштун философиясы. «Дене бойсуз жан болбойт»–дейт бул жаратылыштын мыйзамы, ар дайым бардыгы эриш – аркак болгондо гана жашоо процесси уланат. Ушул терең ой туюм келип, элдин реалдуу тагдыр, жашоо тиричилигине жуурулушат да:

Тегерегиң баары жоо

Тепсесе душман жан койбойт,- дейт. Элди, жерди коргоо идеясы, жашоого болгон камкордук келип чыгат. Болбосо:

Эмгеги тиер эр болсо,

Эгин салып жер айдайт.
Куур жолу шар болсо,
Куш жайылтып куу кармайт.
Куруган жаман ал болсо,
Айылдан алыс баса албайт.
(Ж.М. Сем. 1к. 35-б.)

Бул жашоо өзү өөдө төмөн, барчылык, жокчулук, мээнет, убакыт, кең, тар дүйнөдөн куралгандыгы адамдын ылайым эле кылган мээнетинин акыбети кайтары белгисиз экендиги, кээде канчалык аракет кылса да иш оңунан чыкпаган кыйчалыштар болорун каймана туюндурган санат ырлары. Эгерде мындай кыйчалыштыкта сабырдуулук, эрктүүлүк жашоодо алсыз болорун эскертип олтурат. Демек, жашоо күрөш, анын ар бир соккусуна да, ийгилигине да чыдай билүү керектигин көргөзөт. Дагы бир мисалга кайрылсак:

Өз элиңди жаман деп,
Жакшы элди кайдан табасын?
Өз жериңди жаман деп,
Жат жерге кайдан барасын?
Өз атаңа таарынып,
Өзгө элге кантип батасың?
(Ж.М. Семетей. 1т. 40-б.)

Синтаксисттик параллелизмдин негизиндеги насыят саптарында адамдын туулган жеринин топурагы экени, Жакыптын небересине кылган мамилеси душмандык ниети болуп турса да, кечиримдүүлүк керек экендигин, атасынын туугандарынын ниети бузук экенин көрүп турса да эр тукуму кайрылып тууруна конорун көргөзгөн ыр саптары жашоого сергектик, тереңдик, алдыга бир канча озуп ойлонуп мамиле кылууга үндөйт. «Манастагы» бул саптарды элдик оозеки чыгармадан да кездештиребиз, маселен Токтогулдун санат – насыяттарында төмөндөгүдөй вариацияланган:

Өз агаңды жаман деп,

Тууганды кайдан табасын?

Жакшысын бирөө береби?

Аргымакты жаман деп,

Бууданды кайдан табасың?

Агайынды жаман деп,

Тууганды кайдан табасың?

Тууганына батпаган

Душманына жалынат.

(Кырг. антологиясы. 1т. 1980. 374-б.)

Бул санат ырларынын вариациясы Ж. Мамайдын вариантында Каныкейдин баласы Семетейге айтып турган жеринде баяндалат. Манасчы элдик фольклордун жанрларын мыкты колдоно билгендиги маселен Бакайдын Каныкейге айтып турган жери:

Кайгырбагын Каныкей,

Кайгыдан кайрат кемилет.

Чынары сынса Манастын,

Чырпыгы кайра жетилет.

(Ж.М. 1. Семетй. 31-б.)

Метафоралык каймана айтылган каратма сөз Каныкейди чыйралтып, айтса, айтпаса төгүнбү деп кайгыга чөкпөй белин бекем бууп, илгери жашоо үмүт менен кароого жетелейт. Албетте элдик философиянын мындай терең ой туюму Каныкейге эле эмес, бүткүл адамзаттык мааниге тегиз таасир тийгизет, анткени тирүү жанга ылайым эртеңки күн келет. Адамдык асыл сапаттарды алып жүрүү дагы

Көрсөтпөйт жакшы ит өлүгүн,

Итчелик жокбу эсебим;

(Ж.М. 1. Семетей. 34-б.)

Түбү бирге кошулат,

Учу бирге жазылат;

(Ж.М. 1. Семетей. 34-б.)

Желке тери тон болбойт,

Жээн деген эл болбойт

(Ж.М. 1. Семетей. 58-б.)

Ар бир поэтикалык ыр сап элдик афоризмдерден турат. «Манас» эпосун окуп жатканда, эмне үчүн башкы каармандар көркөм персонаж катарында кабылданбастан, аны айтып жаткан манасчы да, угарман да, окурман да алар менен кошо кубанат, кейийт, арман кылат, жүрөгү толо кубаттайт, руханий жактан ырахат алат. Анткени көркөм текстте реалдуу жашообуздун маңызы акыл ой мурасынын уңгусу жатат. Жашоонун философиясы чөгөрүлгөн. Бул нагыз жашообуздун түбөлүк көөнөрбөс сабагы. Маселен: «Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйнап журт кылдым» дейт. Бул ыр саптарынын дагы бир кошумча ыр сабы: «Курама темир курч болот». Мааниси жагынан азыркы жашообузда эң популярдуу, актуалдуу ой бүтүмүнө айланды.

Жогорудагы эки сап туруктуу поэтикалык формула Көкөтөйгө, Кошойго, Манаска таандык болуп айтылат. Улам өзгөргөн синонимдик сөздөрдүн сырткы көрүнүшү гана болбосо мааниси эч өзгөрүлбөйт:

Теликуш таптап куш кылып,

Тентиген жыйып журт кылып, мунунун толук ыр саптары төмөндөгүдөй:

Тоодой Кошой бир салган,

Тоону Кошой бир салса,

Тоону кылган таш талкан,

Абаң Кошой эр ошол,

Арбагы бийик жан ошол,

Жети өзөндөй кайран жер,

Эти менен жер кылып,

Азган тозгон кыргызды,

Эптеп жүрүп эл кылып,

Тели куш таптап куш кылып,

Тентиген жыйып журт кылып десе,

(Манас. 1958 – ж. 73 – б.)

Ушул эле саптар Ч. Валиханов жазып алган вариантта башка мотивде колдонулат маселен,

Оо, байдын уулу Баймырза баатыр,

Оо, бери карап кулак сал баатыр,

Тели куш салдым баатыр,

Куш кылдым баатыр,

Тентиген жыйып эл кылдым баатыр,

Кулаалы таптап куш кылдым баатыр,

Курама жыйып эл кылдым баатыр,

Менин бир көзүм өткөн соң баатыр,

Тели куш көзүн каратпай,

Тентектин баарын таратпай,

Жакшы куш деп,

Багып ала көр баатыр, - деп керээз ирээтинде айтылып жатат. Ушул эле формада маани өзгөрүлбөстөн:

Кулаалы таптап куш кылдым,

Курама жыйып эл кылдым,

Кара манжу калмактын,

Канчасын кырып жок кылдым

(Ш.А. Манас. 233-б.).

Кылымдар аралыгындагы кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхый изи эпикалык чыгармадагы Ата журтту сүйүү, коргоо, ар улуттун элдерин баш коштуруп караган идеясын дал ушул поэтикалык паралелдүүлүк менен бири тирадалык формага салса, экинчиси башка стильде колдонуп баяндайт. Манасчылыктагы бирден – бир оозеки айтуучулуктун өзү дагы ушундай учурлардан ачык көрүнүп турат. Бул сөздүн төркүнү каймана айтылган сөздүн

өзү метафоралык саптар, «кулаалы куш», «тели куш» деген көп түрлүү уруктуу этнонимдерди туюндурат. Алардын башын бириктирип бир эл, алгачкы мамлекеттик түзүлүштүн уңгусуна такалып бүтөт.Эпосто мындай саптар Жанадилдин Көкөтөйүнө, Жакыптын Манасына, Катагандын Кошойго карата гана айтылат, анткени ушул үч каарман эл атасы болуп, элди коргоп, элдин камын жеп алардын башын бириктирип, уруусуна, улутуна карабай тең көрүп, ынтымактын негизги рычагын тутуп турган.

Бул ыр саптары кандай гана теманын, мотивдин алкагында айтылбасын түпкү маңызы элдин тагдырын, келечегин, тынчтыгын, биримдигин көздөйт. Арадан чыккан ала бар деген соз бар “Манаста” бул саптын философиялык ой туюму жашоонун түпкүлүгүн жана ал ар дайым күрөштүн жолунда болорун туюндуруп:

“Туюк карын ичинен,

Туюлбай зилдеп чыккан бар”дегендей,

же

Өздөн чыккан өрт жаман,

Өзөктөн чыккан жат жаман- деп, Канчоронун кара ниет иштерин өз тууганга болгон жат мамилеси дагы турмуштагы ак каранын ортосундагы карама – каршылыктарды айкындайт. Болбосо Сагынбайдын вариантында айтылып жаткан Чубактын Ырамандын ырчы уулунун көкүткөн сөзүнөн улам Алмамбет менен Сыргактын аркасынан куба түшкөн Чубакты карап Бакай:

Байкагын Чубак сөзүңдү,

Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,

Бөлүнүп кетти кыргыз деп,

Бөлөк элге кеп кетет.

Жарылсаң ууру алуучу,

Жайылсаң акыл так ушу

(С.О. IVт. 1382. 135-б.)

Бакайдын айтып турган сөзү бир эсе Чубактын ачуусун басууга

багытталса, экинчи жагынан Алмамбеттин да Чубактай эле шер экенин эсине салат. Бирөөгө жакшылык кылсаң милдет кылбай, кадыр колко кылбай жан дилиң менен жаса деген түшүнүктү Чубакка билдирип бөлүнбөгүн дейт. Кыргыздын байыркы макалдарынын бири да «кор көрбөгүн көмүрдү шыркыратат темирди» дейт. Өзүңдү шер ойлосоң, башканы эр ойло дегенди туюндурат. Дегеле Алмамбеттин трагедиялуу тагдыры, эли жеринен ажыраган адамдын оор абалы, ал кандай ченемсиз баатыр болгон күндө да жан кейиткен, көңүл кирдеткен сөзгө калгандыгы кылган кызматы көзгө илимбей анын «кытай кул» аты өчпөгөнү менен чагылган. Ушул эле теманын абдан курч маанайдагы саптарын Шаабайдын вариантынан жолуктурабыз:

Саламды айтса укkан жок Чубак,
Алигин алып турган жок чунак,
«Бээжинден келген айранчы!
Кеп билбеген далдалчы
Кытайдан келген айранчы!
Кымыз жайын билбеген
Арам сийдик алдамчы!»

* * * * *

Энеңден нике тийбеген
Атаңдан нике тийбеген
Арам өлгөн кытай» деп кордоп тургандагы Алмамбеттин жаны ачып
Камты Султан пириңди,
Өзүм кандын уулу элем,
Кан кыл деп айттым киминди.
Каалап кирдим диниңди,
Каның экөөң бирикчи мен,
Кайра кирип Бээжинге,
Калабалуу кан Чубак,

Кагайынбы жиниңди!

Элдүү киши зор экен,

Эли жок мендей кор экен.

Бул ыр саптары ошол кыйын кырдаалдагы эки баатырдын ортосундагы конфликти чагылдыруу менен, канчалык деңгээлде адамдар бир – биринин көкүрөгүнө так салат, ачуудан айтылган кеп адамды өлүмгө алып барары, Алмамбеттин ачуу тагдыры «жалгыздык» түшүнүгүнө келип такалат. Алмамбеттин обочо калгандыгы (изгой) бул эң эле аянычтуу тагдыр. Андан да ары манасчы бул ойду Алмамбет Көкчөдөн чыгып ызгыч кушка жолуктуруп, адам тагдыры менен канаттуу куштун тагдыры, аны курчап турган жаратылыш айлана – чөйрө сүрөттөлөт, маселен мындай паралеллдүүлүк:

Канаттуудан сен жалгыз,

Какшыган чөлгө бүтүпсүң.

Кара баштан мен жалгыз,

Кайырсыз элге бүтүпмүн.

(«Манас» С.О.)

Алмамбеттин ички дүйнөсүндөгү жалгыздык сезими канаттуу куштун образы менен берилет. Болбосо,

Азып чыктым Бээжинден,

Талак кылдым бутумду,

Таштадым калың журтумду.

Алтындай Бээжин жер калып,

Айтылуу кытай эл калып,

Арстан баатыр Чубактын

Айылына келип мен карып,- деген саптардын маңызынын түпкү себеби да адамдын аң сезиминдеги жаңы нерсе менен эскинин ортосундагы кагылыштан келип чыгып олтурат. Башкача айтканда ислам динин кабыл алып аны «ак дин» катары туткан дин жөнүндөгү билими түшүнүгү когнитивдүү фиолософиялык аң сезимди көргөзөт. Себеби Алмамбет өз чөйрөсүнөн

суурулуп чыгып «жаңы» түшүнүктү кабылдады. Ошол сезимди бүткүл жан дүйнөсүнөн өткөрүп ушул тагдырга туш болду.

Манас түшүндө көрүп Алмамбетти жолуктурарын билип түштөгү учу кайкы өзгөчө кылыч таап алып, аны ташты уруп көрсө боордой лып деп түшүп калышындагы символикалык образдар менен берет.

Ал окумуштуу К. Байбосунов белгилегендей: «Человеческое сознание (сон) есть бледное отражение самой природы (яви) которая развивается почти синхронно с мыслю людей» К. Байбосунов. Единое сознание творчество. Духовные параллели физической эволюции Мира. – Бишкек. Турар. 2012 – г. 115 – 116 –бб.дегени дал ушул түштүн Манастын өңүндө Алмамбетке жолугушунда көрүнөт. Мында бирин – бири толуктаган сезим, туюм мамлекет башында турган кагандын эң жакын дос, ишенимдүү жан жолдошун табуусу «жалгыздык», «бөлөк», «бөтөн» түшүнүгүнүн алкагынан өнүп чыгып анын маанисин тереңдетет.

Алмамбеттин Бээжинден чыгышы, Көкчөгө келиши, андан Манас менен Канықейге келиши, ушул үч окуя анын ачуу тагдырын чагылдырат.

Жалгыздык Манас баатырларынан тегиз айрылып, Аккула окко учуп түмөн колунан ажырап, Бээжиндин капкасын айбалта менен уруп турган кезинде, асмандан күнгүрөп добуш угулуп:

Искендер изи баспаган,
Сулайман сурак кылбаган,
Орто Бээжин түп Бээжин,
Баатыр артында калың журт калды,
Кайратың жыйып тарт аман.
(Ы. А. «Манас»)

же Чалыяр тийбес Бээжинге
Чаркың келбейт, кетсеңчи!
Кудайдын жазган буйругу,
Жериңе жетип өлсөңчү

(Б. Ж. «Манас». 213 – б. 2007)

Адамдын башына кайгы түшүп турганда кайрат берип эртеңки күндүн бар экенин жашоо, өмүр үчүн күрөш түбөлүктүүлүгүн көргөзөт. Бакай Манастын алдына Тайторуну тартып:

Башка түшкөн заманбы,

Айкөлүм төрөм аманбы?

Ай караңгы түн болсо,

Эртеңки күнү күн чыгат.

Кара жанга күч келсе,

Эки көздөн жаш чыгат,- деп, кайрат берет.

(Ш. Азизов.«Манас».268–б.)

нун мындай кырдаалы баатырдын образы аркылуу көркөм чагылдырылганы менен, чыныгы адамдар башынан кечирип жаткан кыймылдуу жашоодо кыйчалыш татаал тагдырлардын мыйзам ченемдүүлүгүн ачык көргөзүп буга сабырдуулук менен чыдоо, турмуш сынагынан өтүүгө үндөйт. Турмуш процессинде албетте мындай көрүнүштөр чексиз болуп тагдырлар дайыма кайталанып тураарын, тигил же бул параметрден көрөбүз.

Манас оо дүйнөгө көчкөндө, баатыр жаңы төрөлгөндө жер силкинип, нөшөр төгүп жибергендей эле, ал түбөлүк жайга коюлганда да жети күнү күн чыкпай, нөшөрлөп жамгыр төгүп, карагай калың тал ыйлап калайыктын баары ыйлап, түмөн журттун башына мүшкүл түшүп чет душмандан эмес, өз туугандан көрбөгөндү көрүп, бул опаасыз дүйнөдөн үзүлбөгөн үмүт жетелеп Каныкей Семетейди бооруна басып, энеси Чыйырдыны тирек тутуп Букарга качат.

Эпостун тексттеринде өмүр жана өлүм жөнүндөгү түшүнүктүн философиялык маниси тереңде. Үчилтиктин экинчи бөлүгү болгон «Семетейде» Шаабай Азизовдун варианты боюнча алганда Каныкей Семетейге колукту алып берейин деп Шаатемирдин кызы Чачыкейге куда түшөт. Той жакындаганда төгөрөктүн төрт бурчуна кабар салмакка, Күлчорону жиберет. Ошондо

Күлчоро Элемандын эр Төштүгүнө келсе а кишинин айтып турган жеринде абдан бир таамай чагылгандыгын айтпай коюу мүмкүн эместей: Кагылайын Күлчором,

Баралбаймын деп айтат.
Ээ, кагылайын каралдым,
Карылык жаман жоо экен,
Карсылдашып чабышкан,
Каалагандай сайышкан,
Качырып найза сайышкан,
Кыргыйдай тийип душманга,
Кыргынды бирге салышкан,
Кыябым кетти кылчайбай.
Күүгүмдөп күнүм кечкирип,
Айнектей көзүм тунарып,
Алмадай жүзүм бырышып,
Тизеден муун күч кетти.
Эки кулак дүңүрөп,
Арманай не айтканын биле албай,
Кыбыраган оозун тиктеп жалдырап,
Каруудан булчуң эт кетти.
Кургаган жаргак өңдөнүп,
Терим барат жукарып,
Эриним барат кубарып,
Оозумдан отуз эки тиш кетти,
Бүйлөм барат жукарып,
Тиш тоспой тилим балдырап,
Бүткөн боюм шалдырап,
Оо, кагылайын каралдым,
Мен ушинтип карыдым,- дейт.

(«Семетей» 2-том.18-б, 2013-ж.)

Адамдын өмүрү таңдын атканы, күн киргенге чейинки жарк деп жанган жарык дүйнөдөй көз ирмемде өтүп кетээрин даңазалагандай чындыгы, жашоонун нагыз философиясын чагылырат.

«Сейтектен» алып көрсөк: Канчоро кастык кылып, кыргыздын башына оор мүшкүл алып келет, ошондо Күлчоро боздоп ыйлап, абасын издеп жүргөнү:

Кагылайын кан абам,
Таба албадым дайыңды,
Кең-Колго конгон айылыңды,
Кокуй абам, үлкөн тоом,
Сенин таба албадым дайыныңды,
Ээ, кагылайын кан аба,
Сенин кара жаак айбалтаң,
Муну кайкалатпай ким аштайт!
Мына калың кыргыз көп аргын,
Капалантпай ким баштайт?
Эсилим сенден айрылып,
Ай караңгы түн болор,
Айлыңа чеге ким конор?

Күлчоронун жоктоо ыр саптарындагы каймана маани, тирек болуп турган эл башындагы адамды жоктоо, жеке эле Семетейдин жок болушуна эмес, бүтүндөй эли журтуна түшкөн кайгы, муң «жоготуу» дегендин философиялык маанисинин тереңдигин көргөзүп жатат.

Ооба, жашоо дайым ушундай түбөлүк күрөш менен ак – каранын ортосунда уланат. Жогорудагыдай урунттуу учурларда философиялык ой жорумдардын орун алышы менен «Манас» эпосунун идеалык көркөмдүк маңызы тереңдеп турат.

Колдонулган адабияттар:

1. В. Г. Борухович.,Тарых/ котормосу: Г.А Стратановдуку -М: Наука, 1972.8-9., -399.
2. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктын тарыхынын очерки.-Ф:Илим,1973.
3. Орозбаков . С “Манас”.(Академиялык басылыш).-Б.,1995.
4. Каралаев С. “Манас”/түзгөн:А. Жайнакова. Ф.-Б.2010
5. Каралаев С. “Эр Төштүк”./түзгөн: ж. Таштемиров..-Ф:Мектеп, 1989.
6. Жусуп Мамай. “Манас”,2012.
7. Кайыпов С. Жок жерден жомок жаралбайт.2009
8. Байбосунов К. Единое сознание творчество. Духовные параллели физической эволюции Мира. – Бишкек. Турар. 2012 – г. 115 – 116

Темирова Бактыгүл

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН КӨРКӨМ ДҮЙНӨСҮНДӨ «МАНАС» ЭПОСУ

Макалада Ч.Айтматовдун көркөм дүйнөсүндө «Манас» эпосунун чагылдырылышы каралат.

В статье рассматриваются отражение эпоса «Манас» в художественном мире Ч.Айтматова.

Ачкыч сөздөр: Ч.Айтматов, «Манас» эпосу, философия, баалуулук, мотив.

Ключевые слова: Ч. Айтматов, эпос «Манас», философия, ценность, мотив.

Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы «Манас» эпосу менен карым-катышта болуп, байыркы сөздөгү адамзаттык баалуулуктарды, терең философияны, түбөлүктүү идеяларды сиңирип келет. Улуу сүрөткердин дүйнөлүк адабияттын бийик чектерин багынткан көркөм ой жүгүртүүсүнүн көп кырдуулугу, эң күчтүү жагы анын көркөм дөөлөттөрү менен элдик мурастын тыгыз байланышы, өз ара форма, мазмунда айкалышып турушу, улуттук кыртыштан күлазык алып, «миф жаратуучу» касиетке ээ болуп тургандыгы менен бааланат. Ушул мааниде Айтматовдун көркөм ааламында эпоско карата өзүнүн адабий-эстетикалык терең көз карашы иштелип чыккан.

Ч.Айтматов көркөм дүйнөсүндө улуу мурасты кыйыр жана түз мааниде колдонгон. «Манастын» образы алгач «Жамийла» повестинде мындайча көрүнөт: «Ат жалын бура тартып, жигиттер жабыла аттанганда, жер толкунун, жоо күүсүн чалды. Өрөөнгө батпай, миңдеген үзөнгүлөр кагылышьш, түмөндөгөн миң сан жоокерлер чырактай көздөрүн жайнатып, эл менен журт менен коштошту. Алардын алды жагында туяктан чыккан чаң менен ый аралаша, энелер, жубайлар боздошот: «Кең талаа, колдо! Касиеттүү тууган жер, колдо! Манас, колдо!» [1, 236].

Көрүнүктүү окумуштуу А.Акматалиев: «Согуш мезгилинде Манастын образы элдин, журттун патриоттук сезимин түшүрбөө үчүн, кайраттуулукка,

эрктүүлүккө, жеңишке үндөө үчүн чоң роль ойноп келгендигин жазуучу анын маанисинин чыпчыргасын коротпой таамай көрсөтө алган» [4,236]- дейт. «Жамийла» повестинде автор согуштун трагедиясын ачып көрсөтүүдө жана жоокерлерге Ата журтту коргоодо- аттуулдук сезимин курчутууда эпосту мотив катары көрөсөндүү ары туура колдонгон. Ал эми «Ак кеме» повестинин окуялары менен каармандардын тагдырына жуурулушуп, көркөм түзүлүшкө кыймылдаткыч күч берип турган «Бугу Эне» жомогунда да эпостук мотив кездешет. Бул керемет жомоктун терең маңызында Енисейлик кыргыздардын трагедиясы таасирдүү курч сүрөттөлгөн. Бөтөнчө ата-бабаларыбыздын көкүрөгүндөгү күйүтү менен арманы, жашоодогу ак менен карасы, ооматы менен кеткети болуп катып калган бул элдик ырда тарыхый, философиялык ойлор уюп жатат:

«Энесай, сендей жайкын өзөн барбы,

Энесай, сендей жаркын мекен барбы?

Энесай, сендей кыйын азап барбы?

Энесай, сендей ыйык азат барбы?» [1,63].

Керемет жомоктогу ырда айтылгандай, байыркы дооpлордо кыргыз журту Сибирдеги Энесай деген өзөндүн боюн мекендеп турат. Жазуучу айткандай: «ал дайраны азыр Енисей дешет экен илгери кыргыздар Энесай дешчү». Байыркы тарыхый жер Энесайда жашаган кырк уруу кыргыздын айланасы душмандар менен курчалып, бирок алар менен тизгин талашып өмүр кечиришет. Ошондо! тарыхта жылдызы жанып турган кездерде журт атасы, таланттуу кол башчы Күлчө баатыр дүйнө салат. Ушундай мезгилде элди кектүү жоо кыш чилдесинде түн жамынып капилеттен басат, түшкө киргис кыргындан эч ким тирүү калбайт, капыстан токойдо ойноп жүргөн бир уул, бир кыз аман калып, аларды Мүйүздүү Бугу Эне асырап, кырылган кыргыз тукумун сактап калуу үчүн жер которуп Ала-Тоого келишет да Ысык-Көлдү мекендеп калышат. Экөөнөн таркагандар Бугу уруусу деп аталып калат.

«Бугу Эне» жомогундагы Енисейлик кыргыздардын трагедиясы, «Манас»

эпосу менен Орхон Енисей жазма эстеликтериндеги баяндарга үндөшүп турат. Маселен, балбал таштагы жазмаларда! Енисейлик кыргыздарды Барсбек баатыр башкарып, тегерегиндеги эл менен көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн тынымсыз согушуп келишет. 710-жылдары Чыгыш түрк каганатын жетектеген кол башчылар Тонүкөк менен Күлтегин ызгаардуу кыш айларында түн ичинде Көгмен (Саян) тоосуз ашып, уктап жаткан кыргыздарга кол салат. Бейкапар эл кырылат, Барсбек баатырларча курман болот. Орхон түрктөрү Барсбектин эрдигине таң калышат, кыргыздар айбаттуу кагандын өз журтун, элин коргоодогу каармандыгын таш балбалга чегип түбөлүккө калтырышат.

Ал эми «Бугу Эне» жомогунда кыргыздар Енисейден Ала-Тоого келишип, Ысык-Көлдү мекендеп калышса, «Манас» эпосундагы кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого кайтып келиши негизинен, тарыхый, идеялык жана маани-мазмундук жактан байланышып турат. Демек, жазуучу совет доорунда жабык темага айланган Енисейлик кыргыздардын тагдырына кайрылып, кыргыз тарыхнаамасында актай калган баракtарын толуктоого салым кошкон экен. Маселен, патриарх жазуучу Т. Сыдыкбековдун Енисейлик кыргыздар жөнүндөгү «Көк асаба» романынын кол жазмасы 1971-жылы Кыргызстан жазуучулар кеңешинде талкууланып, жарык көрүүгө тыюу салынат да, натыйжада эгемен жылдары 1989-жылы гана басмадан чыгат. «Ак кеме» повести орус тилинде 1970-жылы кыргызчасы 1978-жылы жарык көрөт. Акыйкатта Енисейлик кыргыздардын тарыхын адабий аренага алып чыккан Ч. Айтматов болуптур.

Жазуучу «Бугу Эне» жомогу аркылуу Енисейлик кыргыздардын трагедиясын ачууда, өтмүш менен азыркы учурдун маанилүү маселелерин козгоодо эпостогу окуяны мотив катары чыгармачылык менен пайдаланган. Окумуштуу Л.Үкүбаева: «Ч. Айтматовдун «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылуусу да табигый ички зарылдыктан улам боло берүүчү, түбөлүктүүлүккө айланып калган көрүнүш. Фольклор жазуучунун чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк мазмунуна жуурулушуп, аларга өзгөчө

түс берди. Жазуучу өз чыгармачылыгында «Манас» рухун чыгармасынын идеялык-эстетикалык маанисине, керкөм образдар системасына байланыштырып, өзүнүн сөзү менен айтканда «өздөштүрүлгөн түрүндө» пайдаланып келет»[913] - дейт. Залкар сүрөткер «Манасты» дүйнөлүк маданияттын үлгүсү катары баалоо деңгээлине кетөргөн жана өзүнө таандык философиялык-эстетикалык көз карашы, сынчыл чыгармачылык мамилеси бар экендиги айкын көрүнөт.

Жазуучунун «Эрте жаздагы турналар» повестинде да «Манастын» образы элестүү тартылган. Согуштун кесепетинен тылда адам күчү жетишпей айласы кеткен башкарма Тыналиев жаш өспүрүмдөрдү Ак-Сайга кош айдоого чакырат. Ошондо «Ак-Сай десантгарынын» көз алдына кудум Айкөл Манастын элеси тартылып, өздөрүн баатырдын чоролору катары элестейт. Автор андан ары Манас баатырдын кырк чоросундай «Ак-Сай десанттары» - Султанмурат, Анатай, Эркинбек, Эргеш, Кубаткулдардын ар биринин жашына, өңү-түсүнө, кулк-мүнөзүнө, кимисинин атасы согушта жүргөнүн же каза тапканын же «жоого минер тулпарларына» чейин мүнөздөмө берип, каармандардын жан дүйнөсүн, катааал мезгилдин чыныгы жүзүн ачууда эпостук мотивди чеберчилик менен пайдаланган. Ошондуктан Манас духтуу согуштун муундары ар кандай кыйынчылыктарга моюн сунбаган чыдамкай, адилетсиздикке каршы күрөшүүгө жөндөмдүү, мезгилинен эрте жетилген, «эрте келген турналардай» эр-азаматтар эле.

Чынгыз Айтматовдун дүйнөлүк көркөм ой жүгүртүүсүнүн эң бийик чектерин багындырган «Кылым карытар бир күн» романы көркөм тажрыйбасы жетилген кезинде жазганын автор эскерет. Чындыгында классикалык чыгарма жарык көргөнүнө чейрек кылым өтсө да, бүгүн да көркөм наркы, дүйнөлүк глобалдуу ой жүгүртүүлөрү, Адамды ачуунун кереметтери боюнча актуалдуулугун жогото элек. Жазуучу ал мезгилде жан кейитип айткан сөздөрүнүн көбү бүтүн турмуш чындыгына айланып калды, ошондуктан мезгилдин курч сынынан майтарылбай өттү. Китепте Х кылымдагы даанышман

армян акыны Григор Нарекацинин «Аза китебиндеги»: «Бул китеп менин денем деп бил, бул сөз менин жаным деп бил» деген эки сап ырын эпиграф кылып алгандай, жазуучунун жүрөк нурунан, көз майынан, залкар талантынан жаралган бул роман элдик чыгармага айланып, көп каармандары турмушта лакап атка конуп, жандуу жашап жатканы менен да сейрек көркөм кубулуш.

«Кылым карытар бир күн» романы мезгил мейкиндик аралыгы боюнча чоң географиялык аймакты, кеңири масштабдагы зор окуяларды камтып, анын мазмунда уюп, көп маанилүү тарыхый-социалдык, коомдук-саясий, идеологиялык, философиялык, адеп-актык, элдик мурас сыяктуу адамзаттык проблемалар жатат. Өзгөчө көркөм дүйнөсүндө «Манас» эпосу жашап, руханий кубат, азык алып турган автор чыгарманын идеялык-эстетикалык, тарыхый-философиялык көркөм концепциясына айланган манкурттун образын автор С.Орозбаковдун вариантынан тапканын айтып келет:

Баланы кармап алалык,

Башына шири салалык,

Үйгө алып барып кыйнайлык,

Алты зубун калмактын,

Аяк-башын жыйнайлык [6, 324].

Эпосто келечектеги эл коргоор баланын айбатынан чочулаган калмактар, анын «башына шири салып», акыл-эсинен ажыраталык деп макулдашканы айтылып жатат. Жазуучу С.Каралаевден «шири жана маңкурт» деген сөздүн түпкү маанисин сураганда, «манасчы чечмелеп айтып бергенин» [1, 120] эскерген жайы бар. Эпосто маңкурт деген сөз жок, бирок анын чексиз руханий ааламынан агыла чыккан тамчыдай үзүндүдөн сууруп, сүрөткер «Найман эне жөнүндөгү» уламышындагы Жоломан маңкурт тууралуу улуу трагедиялуу баянды жараткан. Адамдын жүрөгүн титиреткен кыямат тагдырга туш болгон маңкурт Жоломандын кайгылуу баяны чыгармадагы уламага караганда, Сары-Өзөктө көптөгөн көчмөн уруулар канатташ жашап, бирок жайыттуу, суусу мол жерлерди талашып, тынымсыз согушуп турган. Кандуу согушта атың өчкүр

жужандар колго түшкөн туткундарды ырайымсыздык менен жазалап, акыл-эсинен түбөлүккө ажыратып турушкан экен. Мына ушундай кыямат күнгө жоонун туткунунда калган баатыр жигит Жоломан да туш болот. Найман уруусунан чыккан эне согушка кеткен баласын сурамжылап, акыры жер кезип издеп, Сары-Өзөктүн эрме чөлүндө төө кайтарган акыл-эсинен азган уулун таап, аза кошогун кошкон экен. Акыры армандуу эне маңкурт баласынын колунан каза табат. Мына ошол Найман эненин сөөгү коюлган жер Эне-Бейит деп аталып калат. Ушундай тарых таржымалы бар Эне-Бейит азыркы кезде аалам чексиздигин тутумдаштырган космодром шаарчасына айланып, темир курчоого алынат, Сары-Өзөк чөлүндөгү «Бороонду» деп аталган темир жол бекетинде Казангап, Эдигей, Абуталип сыяктуу дүйнөнүн түркүгүн кармап тургандай ак ниет, мээнеткеч, дили таза жакшы адамдар эмгектенип жашайт. Сары-Өзөк чөлүндөгү Бороонду деп аталган темир жол бекетиндей чоң ааламдын кичинекей бир чекит болуп көрүнгөн уюл аркылуу автор жалпы адамзаттын бүгүнкү турмушуна, келечегине багытталган маанилүү маселелерди көтөрүп чыккан.

Жашаган жери, иши ар түрдүү болгону менен романдагы каармандар негизинен катарынан кеткен эки сызык аркылуу өмүр сүрөт. Эки жакка алып барчу жашоо философиясы, идея-түшүнүктөр менен жашап калган. Бир жагы элдин тарыхын, салт-санаасын, руханий байлыгын, адамдык ыйык парзын ак тутуп, баарына өз эмгеги менен жетип жашап келе жаткандар болсо, экинчи тарабы ата тегин, мекенин, тилин, динин танган жана азыркы бут коюп турчу кыртышынан ажыраган адам аттуу тирүү макулуктар. Алар үчүн дүйнө тескери аласалып кетсе дагы баары бир. Романдагы автор жараткан Жоломан маңкурттуктун классикалык өкүлү. Сабитжан болсо жаңы замандагы анын уландысы, ал өз атасына да күйбөйт, улуттук баалуулуктар жөнүндө түшүнүгү да жок, мээ чарчатып ойлонгусу да келбейт, ички маданияты жарды, дүйнөнү робортчо кабылдайт. Ошондо жакшы адам Эдигей; «Маңкурт экенсиң! Маңкурттун маңкурту экенсиң!» [2, 120] - деп жаны кашаят.

Чыгармадагы «Найман эне жөнүндөгү» уламыштын өзөгүнөн суурулуп чыккан маңкурт концепциясы боюнча «Чыңгыз Айтматовдун элдик уламыштарды көркөм чыгармага айландыруу чеберчилиги» [Б, 2004] аттуу илимий эмгегибизде «Кылым карытаар бир күндүн» контекстиндеги уламыш-мифтерди жаратуудагы жазуучунун чеберчилик маселесине кайрылганбыз. Анда белгиленгендей: «Найман эне жөнүндөгү» уламышындагы маңкурт концепциясы романдын көркөм түзүлүшүндө, идеялык-эстетикалык, философиялык күчтүн бир салаасын баштан аяк алып жүрөт. Ошондуктан душман тарабынан акыл-эсинен ажыраган шордуу Жоломанга катар коюлуп сүрөттөлгөн бүгүнкү күндүн маңкурт Сабитжанын автор: «ажайып искусство образдарында, башкача айтканда, байыркы мифтерде, аңыз-аңгемелерде классикада сакталып калган рухий таржымал менен тарыхын унутуп койгон адам катары баа берет» [10,150].

Жазуучунун эстетикалык-филофиялык терең ой толгоолору фольклор катышкан материалдардын негизинде чыгармаларында улам тереңдеп, идеялык-эстетикалык, философиялык алкагын кеңитип келе жатканы дүйнөлүк окурман журтчулугуна ашкере таанылып калды. Чыгармадагы «Найман эне жөнүндөгү» уламыштагы Жоломан менен Сабитжандын образдарынын катар коюлушу, бири өткөн доордун окуясы аркылуу берилип жатса, экинчиси азыркы мезгилдин адамы экендигине карабастан, негизинен бир эле сызыктан кесилишет, бир өзөккө байланат. Айырмасы мезгил аралыгы менен жазуучу колдонгон көркөм формада, бири окуяга түздөн-түз катышып жатса, экинчиси, өтмө мааниде, кыйыр түрдө берилет. Бирок экөөнүн аткарчу милдети, андан чыкчу тыянак окшош эле. Маңкурчулуктун алгачкы уругун «Манастан» таап чыккан жазуучу кайрадан мазмунун жаңыртып, жаңы философиялык-эстетикалык таасирдүү күч берип, дүйнөлүк маанидеги философиялык түшүнүк катары жашап калды.

Казак акыны М.Шаханов маңкуртчулук биздин доордо барбы деген собол берип, кайра өзү мындайча жооп берет: «А есть ли в нашу эпоху манкуртизм?

По моему разумению, высшая степень манкуртизма достигнута именно сейчас. Современный манкуртизм превратился в коллективный ...» [11, 306]. Ырас, эң коркунучтуу жагдай коомдо маңкуртчулук эң жогорку чекке жетип, тамыры күндөн-күнгө жайылып, улам тереңдеп баратат. Ал эми Айтматов бул трагедия тууралуу мындай деп жазат: «Тотолитарная система в свою эпоху в целом на общество, в том числе на тебя, на меня на наше сознание, ум и мышление наложила всеобщее клише в виде своеобразного идеологического «шире». Это реализовывалось в целях подчинения одному режиму и обуздания всех...» [11,306-307]. Жазуучу совет доорундагы тотолитардык система адамдарды саясий режимдин калыбына салат, акыл-эсине «шири» каптатып таштаганын айтып жатканынан улам, маңкурт концепциясы чыгармада метафоралуу туюнтмага ээ болуп турганы айкын көрүнүп турат.

Улуу сүрөткер бизге таап берген маңкурчулуктун оорусу социалдык-турмуштук, философиялык, психологиялык кубаты күн өткөн сайын артып, чайыттап, жайылып баратышы коркунучтуу көрүнүш. Анын тамырын оңойлук менен жулуп таштоого мүмкүн эмес. Ар бир доордун Жоломаны, Сабитжаны, Тансыкбаеви, өз тилин, дилин чанган «чекир көз» лейтенанты да жашай берет экен. Бүгүнкү ааламдашуу доорунда терроризм, экстремизм, зөөкүрчүлүк, баңгичилик сыяктуу сан жеткис маңкуртчулуктун түрлөрүнөн улам төбө чачың тик турат, үрөйүң учат. Даанышман жазуучу көркөм дөөлөттөрүндө «Канткенде Адам уулу Адам болот» деген жүйөлүү сөзүн байма-бай кайта какшап айтканы тегин жерден эмес экен, көрсө адамзатка кыяматты да дал ушундай маңкурт адамдар жасайт туура.

Демек, улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларында ашынган акыл-эссиздиктин кесепети бүткүл адамзатка трагедия алып келбесе, илим-техниканын дүркүрөп өнүгүшү кайра дүйнөлүк кыйроого кептебесе, адам феномени түбөлүктүү өз наркында калса деген түпкүлүктүү нравалык-философиялык концепция жатат. Ч.Айтматовдун өз сөзүнө кайрылсак: «Мен эпос жөнүндө дайыма ойлоном. Бул-элдик акылмандыктын жараткан көп

кырдуу, көп катмарлуу чыгарма. Бирок мен аны өз чыгармаларымда жөн эле пайдаланбастан, өздөштүрүлгөн түрүндө пайдаланууга аракеттенем» [3,253]-дейт.

Мына ушул жерден кызыктуу бир фактыларга кайрылууга туура келет. Романдагы окуяларды кыймылга келтирип, каармандардын образын бириктирип турган, монументалдуу каарман Эдигейдин ысымынын этимологиясына байланыштуу окумуштуулар арасында турдүү пикирлер бар. Окумуштуу Ө, Караев эмгегинде Манастын калмактар менен бодгон согушунда баатырдын тарапташтары, тарыхый каармандарына токтолуп: «Йамгурчи-ногой эмири, Алтын Ордонун башкаруучусу, Эдигейдин (1352-1419) чөбүрөсү «Маджму ат-таварих-те» Фулад менен бирге Манасия шаарына жортуулга барат» [8,55] - десе, манастаануучу Э.Абдылдаев изилдөөсүндө эпостун монгол доорунда да айтылып, өнүгүүсүн улантуу менен «ал жашаган мезгилде тарыхый адамдардын катарына» Маңгыт уруусунан Эдигени («Манаста»-Эдиге, Эдигей) да кошкон. Булар негизинен XIV к. реалдуу адамдар болгону тарыхтан белгилүү» [8, 67] - деген оюн биддирет.

Ал эми окумуштуу Л.Үкүбаева «Чыңгыз Айтматов жана кыргыз адабияты» аттуу мазмундуу эмгегинде бул маселеге дыкат көңүлүн бөлүп, жогорудагы окумуштуулардын көз карашына пикирин мындайча билдирет: «Жогорудагы фактылар Эдигейдин аты да «Манас» эпосунан алынса керек деп божомолдоого бизге негиз берет жана анын семантикасы «эң мыкты» адам дегенди билдирерин Ч. Айтматов билип, чыгармасынын башкы каарманы кылып алса керек деп ойлойм» [9, 195]. Албетте,мындан залкар жазуучунун терең билимине, чыгармаларына болгон олуттуу мамилесине, каармандардын аттары да көп маанини камтып, жөн эле коюлуп калбаганын байкоого болот.

Көрүнүктүү айтматовтаануучу К. Асаналиев: «Эпос жазуучунун көркөм акыл-эсинде кандайдыр бир айрым үзүндүлөрү, же кээ бир белгилери менен эмес, баарынан мурда синкреттик искусствонун улуу туундусу катары өзүнчө бир өткөн система түрүндө жашайт» [5, 23]-деген сөзүнүн жөнү бар. Анткени

сүрөткер чыгармаларында «Манас» баштаган элдик фольклорду колдонгондо мотив, адабий ыкма же көркөм концепция катары пайдалануу менен бүгүнкү ааламдашуу доорунда адамзаттын көйгөйлүү маселелери менен тыгыз байланыштырып алып чыккан. Сүрөткер чыгармаларында «Манас» баштаган элдик фольклорду колдонгондо «сулп» бойдон эмес, «өздөштүрүлгөн түрүндө пайдалана» тургандыгын, керек болсо өзү «миф жаратканына» күбө болдук.

Ч.Айтматов «Кайрылып куштар келгенче» аттуу аңгемесинде манасчынын образын чагылдырган. Залкар жазуучунун аталган чыгармасынан үзүндү кыргыз тилинде «Кыргызстан маданияты» гезитине (1972, 9, 16-март) жарыяланган. Бирок бир топ мезгил өткөн соң, сүрөткердин үч томдук чыгармалар жыйнагында (М, 1984) «Плач перелетной птицы» деген ат менен орус тилиндеги варианты басылып чыкты. Автор байыркы доордогу кыргыздын тарыхый тагдыры, манасчылык өнөрү боюнча көлөмдүү чыгарма жазууну алдына максат койгон, бирок аңгеме катары окурмандын колуна тийип, эки тилдеги варианты жарык көрдү. Аларды салыштыра изилдеген окумуштуу А.Кадырмамбетова: «Орусча вариант кыргызчасына салыштырмалуу бүткөн чыгарма катары жыйынтыктуу сапатка ээ болуп турат. Анда чыгармага негиз кылып алынган окуянын аяк- башы кайсы бир деңгээлде жыйынтыкталган, Кертолгоо зайыш Теңирге, Көлгө сыйынып бүтүп, батага жөнөп кеткендердин артынан аттангандан кийин автордук баяндоо аркылуу алдын-ала ушул учурду Эламан өмүр бою эстеп жүрөөрү, ал келечекте чоң манасчы болоору, кыргыздар ойроттордун, жунгарлардын эзүүсүндө калган кыйын күндөрдө ага эркиндиктин, эл үмүтүнүн жарчысы болуу энчиси туура келээри, анын башкы душмандар тарабынан тандамал миң жылкыга бааланаары, акыры чыккынчылардын айынан ал душман колуна түшүп, көзү оюлуп, элсиз талаада азап өлүмгө тушуугаары жана ошол акыркы мүнөттөрдө ушул улан Эламан ушул учурду, апасынын сыйынуу сөздөрүн эстээри алдын ала кыскача баяндалат» [6, 97-98] - дейт.

Ал эми чыгарманын орусчасында окуянын соңунда ойрот, жунгарлар менен

кыргыздардын кандуу согушунан кийин келгин куштар учуп бара жатып, берекеси төгүлгөн, бейиштин төрүндөй болгон керемет кооз жер Талчүй өрөөнүндө адам өлүктөрү тоодой болуп, жер канга жуурулуп жатканын көрүп азалуу ыйын төгүшүп, жер которуп кеткени менен окуя жыйынтыкталат. Кыргыз тилинде жарыкка чыккан «Кайрылып куштар келгенче» аңгемесинде окуя кыргыздардын кылымдар бою чет душмандар менен болгон кандуу согушун, элибиздин баатырдык духун, улуу тарыхынан кабар берүү менен кандай гана кандуу замандар болбосун ата-бабаларыбыз каада-салтын, үрп-адатын, маданий баалуулуктарын ыйык сактап, кийинкилерге мурастап өткөргөнү, кыйын күндөрдө бири бирин колдоп, урук-туугандык мамиле күчтүү өнүгүп келгенин даанышман жазуучу сүрөткердик чеберчилик менен жандуу, таамай чагылдырат.

Чыгармадагы окуяда баяндалгандай эзелки кектүү душмандар кыргыздарга каршы кандуу жортуулун баштап, эр-азаматтар баскынчыларга каршы аттанат, бирок жоонун кызыл кыргынынан чочулаган уруу башчылары жер которуп кетүүгө камынып жатканын укkан уста Сеңирбай акыркы нарктуу, духтуу керээз сөзүн айтат. Чыгармадагы Сеңирбей карыянын сөзүнөн байыркы «Манас» духту, акылман, Ата журттун ыйыктыгын, элдин эркиндик, көз карандысыздыгын сактаган ата-бабаларыбыздын айбаттуу үнү жаңырып угулуп турат. Сүрөткер чакан үзүндүгө кыргыз элинин кылым карыткан трагедиялуу тагдырын батырган. Мындай душмандардын эзүүсүндө кайгы касыретке толгон күндөрдү башынан кечирип турса да кандаш элибиз улуу тоолордун койнунда «Манас» угуп дух алганы, кайрадан күчтөнүп жоону жеңип, эркиндикке жеткени «Кайрылып куштар келгенче» аттуу аңгеменин мазмунунун тулку боюна чогөрүлгөн идеялык-эстетикалык уюткунун негизин түзүп, көркөм жалпылоого көтөрүлгөн. Ошондуктан келечекте көптү үмүттөндүргөн манасчы Эламандын образы ушундай идеялык-көркөм оор жүк көтөрүп турат.

Чыгармада Эламан мындай түш көрөт: «Алдынан Ак боз ат минген алп адам

чыгат, Сакалы аппак, көкүрөгүнө түшкөн, колунда найза, белинде кылычы бар. - Ыйлаба балам, дейт алиги аксакал адам. Сен тетигиндей, адамдын дабышы чыккан жерге баргын. Ошол кишиниян айтканын, дегенин кылгын. Ошол эмне айтса сен да ошону айт,- дейт. Өгүзүн минип Эламан көрсөткөн жерине барса, өзүнүн агасы Койчуман отуруп алып «Манас» айтып жаткан экен. Жер силкинип, асман козголо шамал көтөрүлүп, куюн жүрөт. Жаныма отур, - деген Койчуман агасы. - «Манас» айт дейт. Ошол, экөө кошулуп «Манас» айтып, ойгонуп кетсе түшү экен» [1, 506],

Чыгармада катуу ооруп жаткан Сеңирбей керегечиге уулу түшүн айтып, атасы жоруп жатканда, Кушбак карыядан опурталдуу кабарды угары менен жүрөгү кармап, мүрт кетет. Болбосо Эламандын түшүн нарктуу ата минтип жоруп бермек: «Түш чындык эмес, жоруса тегин эмес». Сенин түшүңдү ойлоп көрсөм, буйруса башыңа аябай чоң бак конот, байлык да эмес, дөөлөт да эмес, өнөрлүү болот экенсиң. Өнөрдүн тоодой бийиги буйруса өзүңдүн бийигиң болот экен. «Өнөрдүн алды кызыл тил» [I ,507].

Түш көрүү мотиви дүйнөлүк фольклордо жана профессионал адабиятта кеңири учураган эпикалык салттуу ыкмалар, психологиялык мотивировкаларга жатары белгилүү. «Манас» үчилтигинде да түш көрүү кеңири кездешкен көркөм мотивдердин бири. Дээрлик чоң манасчылардан тарта үйрөнчүк айтуучуларга чейин түш көргөн аяндан соң, эпосту айтып калгандарын бир ооздон эскеришет. Демек, келечектеги өнөр ээсин «тандап алуунун» негизги жышааны, белгиси катары түш көрүү мотиви көрсетүлөт. Манасчылардын түшүнө көбүнесе эпостун башкы каармандары же баатырдын чоролору кирип, алардын ооздоруна актык же дан азыктарын (кымыз, буудай, таруу ж.б.) беришет да, эпосту айтууга шыктандырат. Албетте, болочоктогу өнөр ээлеринин түш көрүшү ыктымал, анткени шыгы бар, таланттуу манасчынын бардык жашоосу эпостун дүйнөсүнө айланып калганда психикасында өзгөрүү болот эмеспи. Мындан башка да манасчылардын чоң-кичинесине карабай дээрлик баарынын түш көрүп, эпосту айтып калышы туруктуу эпикалык салт.

Түрк-монгол элдеринин эпос айтуучулары да өнөрлөрүн керемет түш көрүү салты менен байланыштырьш келгендигин изилдөөчүлөр белгилешет.

Баса, ойрот, жунгарларга каршы согушка аттанган агасы Койчуман да таланттуу манасчы болот, андыктан иииси Эламандын түшүнө кирип, шыктандырып, экөөлөп төгүп «Манас» айтып жатышпайбы. Залкар жазуучу келечектеги өнөр ээсин «тандап алуунун» негизги жышааны, белгиси катары түш көрүү мотивин чеберчиликте интерпретациялайт. Эламандын түшү аркылуу манасчылык өнөргө чапчаң умтулуп келе жаткан баланын келечегинен кабар берүү экендигин илгиртпей баамдоого болот. Автор көркөм форманы табуу менен оргиналдуу ыкманы Эламандын качантан бери канында ойногон талант уюткусун асырап, умтулуп жүргөн бардык идеалы жан дүйнөсүндө кантип ачылууга тийиш экендигин кеңири көрсөтүүгө жол таап алган. Чыгармада атасы Сеңирбайдын баласынын түшүн жоруп, ак баталык бере албай калган кырдаал психологиялык тереңдикте өтө драмалуу берилген.

Жыйынтыктап айтканда, «Кайрылып куштар келгиче» аңгемесинде автор кыргыздын бүтүндөй тарыхын, рухун сактоочу, жаратуучу, өз элинин духтуу сөз ээлери манасчылардын жаркын образын жараткан. Өкүнүчтүүсү залкар жазуучу кыргыздын жаны менен канынан бүткөн дүйнөдө сейрек кездешүүчу уникалдуу манасчылык өнөрдү романдык масштабга чейин көтөргөндө улуттук адабияттын чектерин кеңейтип, дүйнү жүзүнө «өнөр алды кызыл тил» деген адам баласынын акылынын, улуу сөздүн чексиздигин даңазалаган дагы бир көркөм ачылгага ээ болмок. Чындыгында Чынгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүндөгү катаал реализм «Манас» баштаган улуттук кыртыштан башат алып, дүйнөлүк адабияттардын кенчинен азыктануу менен табигый талантынан «Айтматов феномени» жаралган.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 8 том. - Б., 2008.
2. Айтматов. Ч. Кылым карытаар бир күн. - Ф., 1983.

3. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.-Ф, 1988.
4. Акматалиев А.Тандалмалар. 2том. - Б., 1997.
5. Асаналиев К. «Манас» эпосу жана Чыщгыз Айтматов. - Б., 1999.
6. Кадырмамбетова А. Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. - Б., 2009.
7. Манас. С.Орозбаковдун варианты. 2-китеп.- Ф., 1980.
8. Манасчылар кыргыз элинин руханий инсандары. - Б., 1993.
9. Үкүбаева Л.Чынгыз Айтматов жана кыргыз адабияты. - Б., 2012.
10. Темирова Б. Чынгыз Айтматовдун элдик уламыштарды көркөм чыгармага айландыруу чеберчилиги. - Б., 2004.
11. Шаханов М. Правдоформула и восхождение на Эверест любви: Эссе о друге-брате Ч.Айтматове. - Алматы, 2013.

Усеев Нурдин

“МАНАС” ЭПОСУ МЕНЕН ОРХОН-ЭНЕСАЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕГИ ОКШОШ КААРМАНДАР: АЛМАМБЕТ – ТУНЙУКУК, КҮЛЧОРО – КҮЛИ-ЧОР

Ученые, изучавшие эпос “Манас” отмечали сюжетную, идейно-художественную близость с Орхоно-Енисейскими надписями. В данном докладе мы рассмотрели сходства некоторых персонажей эпоса с историческими личностями, которые запечатлены в Орхонских надписях. Например, имя сына Алмамбета Күлчоро произошло от древнетюркского антропонима Күли-Чор который встречается в надписе Ихе-Хушоту. У Күлчоро и Күли Чор естъ несколъко сходств: оба они были самыми близкими соратниками государя; и Күлчоро, и Күли-Чор после кончины государя-богатыря стали аталыками их сыновей; вдобавок Күлчоро сын Алмамбета, а Күли-Чор близкий родственник Тунйукука. В свое очередъ, между Алмамбетом и Тунйукуком тоже естъ много сходств.

Ключевые слова: Алмамбет, Тунйукук, Күлчоро, Күли-Чор, прототип, Орхоно-Енисейские надписи.

“Манас” эпосунун идеялык-көркөмдүк, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, келип чыгышын, тилин, образдар системасын жана андагы этнографиялык-тарыхый маалыматтарды изилдөөгө алган окумуштуулар бул эпос менен байыркы түрк жазма эстеликтеринин ортосундагы окшоштуктарга көңүл бурушкан. Мисалы, П.А.Фалев “Манас” эпосунун башталыш формуласы менен Көл Тигин жазма эстелигинин башталышынын ортосундагы окшоштукка көңүл буруп, “Манас” эпосу менен Орхон жазма эстеликтерин салыштырып изилдөө орундуу деп белгилейт [Фалев. 1968: 50]. М.Ауэзов “Манас” эпосу менен Орхон жазма эстеликтеринин мазмундук окшоштуктарына (согуш сахналары, эпитафиялар менен эпостун ичиндеги кошоктор) токтолуп, бул багытта мындай жыйынтык чыгарат: в результате всего высказанного можно сделать вывод о

необходимости и важности изучения текстов “Манаса” в сопоставлении с древними надписями и существовавшими до недавнего времен бытовыми песнями киргизов [Ауэзов, 1995: 156].

Белгилүү болгондой, жазма эстеликтердеги адамдар - бул тарыхый инсандар. Башкача айтканда, бул дүйнөдө жашап өткөн, өмүрлөрүнүн урунттуу учурлары жазма эстеликтерде - чагылдырылган конкреттүү кишилер. Ал эми, эпостордогу адамдар - бул өзүнө элдин ар кыл идеалдарын камтыган каармандар. Ошентсе да, эпостордогу айрым каармандардын чыныгы турмушта жашап өткөн прототиптеринин болгондугу чындык. Ошол сыңары, “Манас” эпосундагы айрым каармандардын аттарын, өзгөчөлүктөрүн, сапаттарын жазма эстеликтерден тапсак болот. Бул изилдөөлөр эпостогу каармандардын образын ачып берүүдө, прототиптерин табууда кандайдыр бир салым кошот деген ойдобуз. Прототиптерди изилдөө - бул эпос таануунун, фольклористканын эң оор маселелеринин бири. Себеби тарыхый личносттор менен эпос каармандарынын ортосундагы байланыш өтө татаал. Кээде тарыхта жашап өткөн бир адам эпостогу кайсы бир каарманга прототип болуп, жаңы бир каармандын чыгышына шарт түзүп берсе [Ү1И12, 2015: 505], айрым учурларда эпостогу ойдон чыгарылган каарман тарыхта болуп өткөн кишилерге окшоштурулуп, кайрадан түзүлүшү, тарыхый личносттор эпостун мазмунуна ылайык өзгөртүлүшү мүмкүн [Путилов, 1971: 64; Жирмунский, 1995: 111]. Биз дагы прототиптик изилдөөлөрдүн өтө оордугун эске алуу менен бул баяндамада жазма эстеликтердеги айрым тарыхый адамдар менен эпостогу каармандардын ортосундагы окшоштуктарды изилдөөгө алдык. Себеби окумуштуулардын басымдуу бөлүгү “Манас” эпосун VII-X кылымдардагы байыркы доордо пайда болуп, аталган доорду чагылдырган эпос катары сүрөттөйт. Бул багытта А.Бакиров “Орхоно-енисейские памятники, отразившие грандиозные события, которые происходили в Ү1-Х вв. на юге Сибирии, являются ценнейшим источником для изучения характера эпохи породившей новый эпос“ десе [Бакиров, 1997; 68]. П. А. Трояков “Более того орхоно-

енисейские надписи сами себе показывают обусловленность развития историко-героического начала в фольклорной традиции грандиозными событиями, которые происходили в Y1-X вв. на юге Сибирии" дейт [Трояков, 1983: 77]. А.Х.Маргулан "Манас" эпосундагы түпкү хан термини менен Энесай кыргыздарынын ханы берилгенин болжолдоп, "Манас" эпосунун байыркы катмары Түрк кагандыгы доорунда калыптанганын белгилейт [Маргулан, 1964: 40-41]. Чынында эле байыркы түрк жазма эстеликтери "Манас" эпосунда сүрөттөлгөн жашоону, баатырлардын образын, алардын идеалдарын, кыймыл-аракеттерин изилдөөдө өтө баалуу булак болуп бере алат.

1. Алмамбет менен Тунйукук

"Манас" эпосундагы Алмамбет менен Орхон жазма эстеликтериндеги Тунйукуктун ортосунда төмөнкүдөй окшоштуктар бар:

1. Алмамбет да, Тунйукук да Кытайда туулуп, өскөн. Тунйукук өзүнүн жазма эстелигинде "Билге Тунйукук бен өзүм Табгач илиңе кылынтым (Мен, Билге Тунйукук Кытай өлкөсүндө төрөлүп өстүм) [Alyilmaz, 2005: 184]" деп Кытайда төрөлгөнүн, ал жерде чоңойгонун жазат. Алмамбет С.Орозбаковдун вариантында бүтүндөй кытайдын аскер башчысы болгон Соорондүктүн уулу. Тагыраак айтканда, ата-теги кытай.

2. Экөө тең Кытайда жакшы билим алышкан. Тунйукук Кытайда туулуп, өскөн үчүн Кытайдын борборунда жакшы билим алган. Кытай императору Сэ Дэн өзүнүн биографиясында Тунйукук (Юаньчжень) менеи чогу билим алган Лунь Цанлин (тибеттик), Сунь Ваньюн (кидан) сыяктуу чет жердик жаштар императордун сарайында кытай мыйзамдарын, билимин үйрөнгөнүн, кийин өз мекендерине кайтып, Кытайга чоң зыян келтиргенин жазат [Кляшторный, 1964: 27-28]. "Манас" эпосундагы Алмамбет да өтө терең билим алган: С.Орозбаков. VI китеп, 26-бет, 435-441-саптар:

Жашы жетти сегизге,
Эми атасы ойлонду
Окушка аны беришке.

Окуусун билди кытайдын,
Оюна салды бериште.
Алты жыл тамам окуду,
Ариби көп кытайдын...
С.Орозбаков. VI китеп, 37-бет, 27980-27983-саптар:
Билими артык Алмамбет
Мажусуну көп окуп
Илими артык Алмамбет
Минтип жолго салганы.

3. Экөө тең түрк элдерин жазалоо үчүн жолго чыгып, түрктөргө өтүп кеткен. Шаньюево аймагына жоопту кызматка коюлган Тунйукук (Юаньчжень) кытай императору тарабынан Иньшанда көтөрүлүшкө чыккан түрктөрдү бастырыш үчүн жөнөтүлөт. Бирок, ал түрк элдеринин козголоңун бастыруунун ордуна түрктөр тарапка өтүп кетет [Кляшторный, 1964: 27-29; Кляшторный, 1966: 202- 205].

С.Орозбаковдун вариантында Алмамбет кытайдын бир өңүрүн чаап кеткен түрк элдерин жазалаш үчүн жолго чыгат: С Орозбаков. VI китеп, 26-бет, 435-441-саптар:
Угуп алып Адмамбет:
“Ушу эмине кордук? – деп,
Атпай какан көп журту
Алакандай чантууга
Арзан кандай болдук? – деп,
Кетип мындан барбасам,
Кентунга кабар салбасам.
Туңша калаа көп журтун
Туташ жыйып албасам,
Алтайдагы түрүккө
Абыдан салып түлүккө,

Эскимустун күн жагы,
Теңир-Ноор түн жагы.
Амур менен Субайыс
Анда болгон чантууга
Акыр заман салбасам
Алмамбет болбой куруюн.

Күбө болгонубуздай, бул текстте Алмамбет “Кытайдын бир бөлүгүн кыйратып кеткен Алтай түрктөрүнөн өчүмдү албасам. Алмамбет болбой куруюн” - деп атат. Бул жортуул учурунда казакгын баатыры Көкчөгө жолугуп, андан исламды үйрөнүп, кийин түрктөр тарапка өтүп кетет. Демек, тарыхтагы Тунйукук менен эпостогу Алмамбеттин түрктөр тарапка өтүшү да окшош мотивге ээ.

4. Экөө тең өкүмдардын эң жакын жөкөрү. Алмамбет Манастын эң жакын жолдошу, Чоң казатта колду башкарган колбашчысы. Мунун эң чоң далили - Алмамбет келер алдында Манастын түш көрүшү жана бул түштүн Ажыбай тарабынан жорулушу. Алмамбет Манастын түшүнө курч кылыч, жолборс жана ак туйгун түрүндө кирет. Түшүн жоруган Ажыбай Алмамбет Манаска эң жакын жолдош болуп, анын аркасында тактысын кут даарый турганын, башкача айтканда, Алмамбеттин жардамы менен мамлекети өнүгүп, душмандары жер менен жексен боло турганын айтат.

II. Көктүрк кагандыгынын курууучусу болуп эсептелген Илтериш Каганга эң чоң көмөктү Тунйукук көрсөткөн. Муну биз Тунйукук жазма эстеликтеринен окуп билебиз. Мисалы, “Казгантыкун үчүн, уду өзүм казгантукын үчүн ил йеме ил болты, бодун йеме бодун болты ((Каган) аракет кылган үчүн жана өзүм аракет кылган үчүн мамлекет да мамлекет болду, калк да калк болду) (Тунйукук 55-56) [Tekin, 1994: 21-22]” деп, Илтериш Каган экөө биргеликте иштеп, аракет кылышканы үчүн гана мамлекет мамлекет, эл эл болгонун баса белгилесе, “Илтериш Каган казганмасар, йок эрти эрсер, бен өзүм, Билге Тунйукук казганмасар, бен йок эртим эрсер, Капган Каган, түрк-

сир бодун йеринте бод йеме, бодун йеме, киши йеме иди йок эртечи эрти! Илтериш Каган, Билге Тунйукук казгантук үчүн Капган Каган, түрк-сир бодун йорыдукы бу (Илтериш Каган аракет кылбаган болсо, же такыр эле жок болгон болсо, мен өзүм Билге Тунйукук аракет кылбаган болсом, же такыр эле жок болгон болсом, Капган Каган, түрк-кыпчак элинин жеринде уруулар да, эл да, кишилер да жок болмок! Илтериш Каган менен Билге Тунйукук аракет кылып тапкан үчүн Капган Кагандын, түрк-кыпчак элинин өнүккөнү ушу) (Тунйукук 59-61) [Tekin, 1994: 22-23]" сүйлөмүндө Илтериш Каган экөө аракет кылып табышкан үчүн Капган Каган менен түрк-кыпчак элдеринин өнүгүп жатканын айтат. Демек, Тунйукук мамлекетти башкарууда, өлкөнүн өнүгүп өсүшүндө дайыма кагандын жанында болуп, ага эң чоң жардам берген, ал эмес кагандай эле эмгек сиңирген мамлекеттик ишмер.

Алмамбет менен Тунйукуктун ортосундагы бул окшоштуктар эпостогу Алмамбеттин образын түзүүдө тарыхта жашап өткөн Тунйукуктун өзгөчөлүктөрү эске алынганын, колдонулганын айтууга кандайдыр бир деңгээлде негиз боло алат[1].

1. Белгилүү болгондой, Алмамбеттин прототиби боюнча ар түрдүү пикирлер айтылган. Мисалы, Алмамбеттин образын атайын бир монографияда изилдеп чыккан Р. Сарыпбеков, тарыхчы А.Н. Бернштам Алмамбеттин прототиби, анын образына негиз болуп берген тарыхый личность катары уйгур кол башчысы Күлүг Баганы көрүшөт [Бернштам, 1968: 168; Сарыпбеков, 1977: 138-140]

2. Күлчоро менен Күли-Чор

"Манас" эпосундагы Алмамбеттин уулу Күлчоро деген ат менен белгилүү. А.Жайнакова менен А.Боронов **Күлчоро** адам атын кыргыз тилинин материалдары менен чечмелөө мүмкүн эмес экендигин белгилешип, бул антропонимдин байыркы түркчө адам аты экендигинде шек жок дешет. Алар Күлчоро адам атынын байыркы түркчөдөгү атактуу, урматуу деген мааниге келген **күлиг** сөзү менен чор титулунан түзүлгөн **Күлиг Чор** ысмынын

Күличор>Күлчоро түрүндө өзгөрүшүнүн жыйынтыгында пайда болгонун божомолдошот [Жайнакова менен Боронов, 1995: 578-579]. Чынында эле байыркы түрк жазма эстеликтеринен Ихе-Хушоту (Күли Чор) жазма эетелиги **Күли Чор** аттуу белгилүү мамлекеттик ишмердин, кол башчынын урматына тургузулган [Малов, 1959: 25; Gomec, 2000: 66]. А. Гулуев “Манас” эпосундагы адам аттарын изилдөөгө алган макаласында жазма эстеликтердеги Күли Чорду “Манас” эпосундагы Күлчоро деп эсептейт [Guluyev, 1995: 124]. Ихе- Хушоту (Күли Чор) жазма эстелигинде берилген маалыматтарга караганда Күли Чор II Көктүрк кагандыгынын кайра курулушунда, душмандарды жеңүүдө өтө чоң эмгеги сиңген мамлекеттик ишмер, аскер башчы болуп, сексен жашында каза болгон. Бул адамдын аты Билге Каган жазма эстелигинде **Күл Чор (RvclwF)**, Хойту-Тамир I жазма эстелигинде **Күли Чор (RvcilwK)** түрүндө учурайт: Каңым Түрк Билге Каган олуртукынта түрк амты беглер, кисре тардуш беглер Күл Чор башлайу ... (Атам Түрк Билге Каган тактыга отурганда азыркы түрк бектери, батыштагы тардуш бектери Күл Чор баш болуп....) (Билге Каган, түштүк 13); Ин Өз Инанчу, Йылан Өз Инанчу, тардуш Күли Чор Беш-Балыкка барыр биз ((Биз) Ин Өз Инанчу, Йылан Өз Йнанчу, тардуш **Күли Чор** Беш-Балыкка баратабыз) (Хойту-Тамир I) [Tekin, 2008: 68-69; Малов, 1959: 47]. Күбө болгонубуздай, “Манас” эпосундагы Алмамбеттин уулу Күлчоро менен жазма эстеликтердеги Күли Чордун ысымдары өтө окшош. Ал тургай, байыркы түркчө Күли Чор адам аты “Манас” эпосунда. Алмамбеттин уулунун аты катары сакталып калган деп айтканга болот. Бул адам аттарынын бири- бирине мынчалык окшоштугу жөн гана дал келүүбү? Же жазма эстеликтердеги Күли Чор менен эпостогу Күлчоронун ортосунда тарыхый, прототиптик байланыш барбы? Бул багытта Т. А. Гурев мындай дейт: Можно утверждать, что ни одно название не попадает в эпическую номенклатуру случайно; каждое из них может представлять отражение какого-то факта историко-культурного значение [Гуриев, 1983: 107]. Ошондуктан тарыхтагы Күли Чор менен эпостогу Күлчорону салыштырып көрүүнү, ортолорундагы окшоштуктарды изилдөөнү

туура көрдүк.

Төмөндө кеңири токтоло турганыбыздай, “Манас” эпосундагы Күлчоро менен Ихе-Хушоту (Күли Чор) жазма эстелигиндеги Күли Чордун ортосунда бир канча өтө маанилүү окшоштук бар. Биринчиден, экөө тең көп согушка катышып, эр жүрөктүк көрсөткөн баатырлар. Манас каза болгондо анын бир туугандарынан жапа чеккен Канықей уулу Семетейди алып, төркүнүнө, Букарга качат. Семетей чоңоюп, эр жеткенде ата-журтуна, Таласка кайткысы келет. Канықей анын бул чечимин туура көрүп, Семетейге биртоп насаат айтып, Талас, туугандары тууралуу маалымат берет. Канықей сөзүндө Күлчорону баса белгилеп көрсөтөт:

С.Каралаев, “Семетей”, 2010, 267-бет:

Ошол турган Күлчоро
Жолдош болсо өзүңө
Шай колдогон шер болот,
Өзүңдөн өөдө эр болот,
Өзүңө жолдош чын болот.
Добул келсе жел тийбейт,
Кыйкырган жоого мал бербейт.
Жетик белин курчанат,
Жети сан каптап кол чыкса
Желбегей кирип кол салат.
Бел байлаган бел ошол
Аяш атаң Алмамбет
Артыкча берген арнап
Белекке калган шер ошол.
Сен өзүңдөн кулунум,
Найза бою бир кулач
Арта тийчү шер ошол.
Кайран жаның өлгүчө,

А дүйнө жүзүн көргүчө
Адал кызмат бир кылып,
Өзүңө, жолдош болчу шер ошол.
Жайнаган кызыл чок болот
Бет алса сан кол токтолот.

Күбө болгонубуздай, бул текстте Канықей Күлчоронун баатырдыгын айтып, Семетейге бекем жолдош боло турганын белгилейт.

Ихе-Хушоту (Күли Чор) жазма эстелигинде өмүр-баяны сүрөттөлгөн Күли Чор так Күлчоро сыяктуу эр жүрөк баатыр. Ал жазма эстелигинде Беш-Балыкка төрт жолу жортуулга барганын, карлуктар, тажиктер менен согушканын, уйгурларга жети жолу жортуул жасаганын баяндайт. Ал бул согуштарда душман аскерине өзү кол салат, чоң эрдиктерди көрсөткөн. Мисалы, карлуктар менен болгон согушта Идилдин ак атына минип, бука сыяктуу чабуул жасайт, душман аскерлеринин сабын найза менен жарып өтөт; (Бил)ге Күли Чор анта кисре карлукка йеме сүңүшдүкде Идил акын бинип, оплайу тегип, санча ыдып, топулу үнти (Билге Күли Чор андан кийин карлуктар менен кайра согушканда, Идилдин ак атына минип, бука сыяктуу кол салып, найза менен жанчып, (душман саптарын) жарып өттү) (Ихе-Хушоту 19) [Малов, 1959: 28-29; Mert, 2015: 71, 77; Tekin, 2003: 226; Aydin, 2012: 256].

Күлчоро алгач Семетейге, андан кийин Семетейдин уулу Сейтекке кандай даанышмандык кылып, кеңеш берсе, аскерге кол башчылык кылса. Күли Чор да алгач Илтериш Каганга ошондой кызмат кылат. Кийин анын уулу Билге Кагандын кеңешчиси жана аскер башчысы болуп кызмат өтөйт. Мисалы, кидандар, татабылар менен болгон согушка Билге Кагандын кеңешчиси, аскер башчысы жана эр жүрөк баатыры катары катышкан: Кытанй, тат(бы... тапа сү)ледүкде, беш сүңүш сүңүшдүкде **Күли Чор** анча билгеси, чабышы эрти, алпы, бөкеси эрти (Кидан, татабыларга карай жортуул жасалганда, беш жолу согушканда Күли Чор кагандын кеңешчиси, аскер башчысы эле, алпы жана

баатыры эле) (Ихе-Хушоту (Күли Чор) 17) [Малов, 1959: 27, 29; Mert, 2015: 70, 77; Tekin, 2003: 226; Aydin , 2012: 255].

Күли Чордун Беш-Балыкка жасаган жортуулу өзүнүн жазма эстелигинен башка Хойту-Тамир I жазма эстелигинде да белгиленген: Ин Өз Инанчу, Йылак Өз Инанчу, тардуш **Күли Чор** Беш-Балыкка барыр биз ((Биз) Ин Өз Инанчу, Йылан Өз Инанчу, тардуш Күли Чор Беш-Балыкка баратабыз) (Хойту- Тамир 1) [Tekin, 2008: 68-69; Малов, 1959: 47].

Биз үчүн эң маанилүү тарыхый-этнографиялык мотив - бул жазма эстеликтердеги Күли Чор менен эпостогу Күлчоронун мамлекет башкаруудагы жана кагандар менен болгон байланыштарындагы окшоштуктар.

С.Гөмеч Күли Чорлукту бир даража катары кабыл алып, бул титул менен байыркы түрк коомундагы мамлекеттик бир институт, кагандардын балдары болгон шаддарга кеңешчилик кылган “аталык” институтунун берилгенин белгилейт [Gomec, 2003: 35]. “Манас” эпосундагы Күлчоро Алмамбеттин уулу Семетейдин эң жакын жолдошу болуп, аны менен бирге кытайларга, ички душмандарга каршы согушса, Семетейдин уулу Сейтекке, башкача айтканда, өкүмдардын уулуна кеңешчилик кылган, ар турдүү маселеде жардам берген, кыскасы, “аталык” кылган адам [Жайнакова менен Боронов, 1995: 578-579]. Мисалы, Семетейдин жубайы Айчүрөк Күлчорону издеп тапканда анын башына мурдатан даярдалган туулганы, үстүнө тонду кийгизип, уулу Сейтекке жардам беришин суранат.

С.Каралаев. “Сейтек”, 1960, 80-бет:

Жоболоңдуу иниңди

Жолдош кылып алыңыз,

Жоого дүмөк салыңыз!

Айчүрөк муну айтып, Сейтек менен Күлчорону көздөштүрөт. Сейтекти көргөн Күлчоро башынан өткөндөрдү баяндап, Манас, Семетей тууралуу айтып берет. Сейтек экөө биргеликте душмандарды талкалай тургандыктарын кошумчалайт. Муну уккан Сейтек мындай деп жооп берет:

С.Каралаев. “Сейтек”, 1960, 80-бет:

Уктум шекер сүзүңдү,
Шер Күлчоро абакем,
Бүгүн көрдүм көзүңдү,
Арманым жок кудайга,
Ата кылам өзүңдү,
Билбегенди билгизгин.

Күбө болгонубуздай, Сейтек бул текстте Күлчорону атасы катары көрө турганын белгилеп, ага тарбия беришин суранып жатат. Кийин Күлчоро дайыма Сейтектин жанында болуп, ага кеңеш берет, керек болгондо аскерди башкарып, жеңишке жетүүдө, душмандарды талкалоодо чоң роль ойнойт. Башкача айтканда, Сейтекке “аталык” катары кызмат өтөйт. Ушул жагынан алганда Күлчоро байыркы түрк ханзаадаларына “аталык” кылган Күли Чордун дал өзү. Бул окшоштукту байыркы түрктөрдөгү Күли чорлук (аталык) кызматынын эпосто Күлчоронун образында сакталып калышы менен түшүндүрсөк болот. Т.А.Гуриев нарт эпосторундагы антропонимдердин тарыхый негизин изилдөөгө алган макаласында эпостордун ономастикасын эпостордогу айрым мотивдердин, сюжеттердин келип чыгышын аныктоо үчүн да изилдөө керек деп белгилейт [Гуриев, 1983: 107]. Т.Н.Кондратьева орус эпосторундагы энчилүү аттарды изилдөөгө алган эмгегинде эпостордо энчилүү ат катары колдонулган жалпы аттардын өз маанисин эч качан жоготпой турганын белгилеп, мунун себеби катары эпикалык ысымдардын белгилүү бир маанилерди алып жүрүүчү бирдик экендигин көргөзөт [Кондратьева, 1967: 252], Биздин оюбузча, Күлчоронун образында өкүмдардын уулуна “аталык” кылуу мотиви бар. Ошондуктан анын атында байыркы түрктөрдөгү “аталык” институтун билдирген Күли Чор титулу, адам аты сакталып калган.

Белгилүү болгондой, Күлчоро теги кытайдан чыккан, кийин исламды кабыл алып, түрктөргө өткөн, Манаска эң жакын жан-жөкөр болгон Алмамбеттин уулу. С.Гөмеч жазма эстеликтердеги Күли Чорду биз жогоруда

Алмамбет менен окшоштурган Тунйукуктун жакын тууганы деп эсептеп, төмөндөгүлөрдү жазат: Тунйукук кандай Илтериштин аскер башчысы болсо, Ышбара Билге Күли Чор да Илтериштин уулу Билге Кагандын аскер башчылыгын кылган. Муну жазма эстелигинде айткан [Gomec, 2003: 35]. Күлчоро менен салыштырылган Күли Чорду С.Гөмеч Тунйукуктун жакын тууганы деп эсептейт. Демек, салыштырылып жаткан Күлчоро менен Күли Чор аталары, туугандары жагынан да окшош. Ошол эле мезгилде, Күлчоронун атасы (Алмамбет) менен Күли Чордун тууганы (Тунйукук) бири-бирине окшош. Бул жагдай “Манас” эпосундагы Күлчоро менен жазма эстеликтердеги Күли Чордун ортосунда ономастикалык жана функциялык гана эмес, туугандык да жакындыктын бар экендигин көргөзөт. Биздин оюбузча, эпостогу Күлчоронун прототиби - бул жазма эстеликтердеги Күли Чор. Муну жогоруда айтылган окшоштуктар толугу менен далилдеп бере алат. Демек, “Манас” эпосу менен байыркы түрк жазма эстеликтеринин ортосунда өтө тыгыз байланыш бар.

В. М. Жирмунский фольклористикадагы тарыхый мектеп эпос каармандарына дайыма прототип таба берет деп сынга алат [Жирмунский, 1995: 103]. Албетге, эпостогу бардык каармандардын чыныгы турмушта, тарыхта прототиби болгон деп тыянак чыгаруу мүмкүн эмес. Бирок, эпостун өзөгүн түзгөн негизги каармандардын образында тарыхый личносттор турушу ыктымал. Жок эле дегенде, каармандардын образы түзүлүп жатканда жашап өткөн тарыхый личносттордун өзгөчөлүктөрү эске алынса керек. Белгилүү болгондой, “Манас” эпосу аны айтуучулар, үчүн да, угуучулар үчүн да (бардыгы чын болбосо да) кыргыздын тарыхын чагылдырган. Себеби “Манас” эпосу алтай, саха эпосторундай толугу менен мифологиялык доорду эмес, айрым эпизоддору Орто кылымдарды көрсөтүп турат [Reichl, 2014: 53]. Негизи эле “Манас” сюжетин тарых түзгөн эпос [Бернштам, 1995: 177]. Ал эми баатырдык эпостордун негизги максаты элдин тарыхый өтмүшүн чагылдыруу болуп эсептелет [Толстова, 1983: 10]. Ушундан улам “Манасты” уккан

карапайым эл, угуучулар эпосту редакциялап турган. Бул тууралуу С. Мусаев мындай дейт: анын үстүнө адатта, манасчылардын айткан тексттеринии уруннтуу учурлары, көңүл бурууга арзыган кызык жерлери “элдик редакциядан” өтүп, угуучулар тарабынан талкууга да алынган. Андай талкууларда айтуучу аргументтүү, ишенимдүү жооптор таба албаса - айткандарын угуучуларга түшүндүрүп, далилдеп бере албаса калк алдында беделн төмөндөп, кадыры кетүү коркунучу да болгон [Мусаев, 2002: 351]. Ошондуктан манасчылар айткан “Манасын” тарыхын чындыкка негиздегенге, тарыхый личносттор менен аргументтештиргенге аракет кылып, орчундуу сюжеттерди өзүнөн мурунку кадыр-барктуу чоң манасчылардан үйрөнгөнгө далалаттанышкан. Мисалы, С. Орозбаков Алмамбеттин окуясын Ш. Рысмендеев аркылуу легендарлуу улуу манасчы Балыктан уккан экен [Сарыпбеков, 2002: 165]. Ал эми, Балык XIX кылымда жашап, чыгармачылыгынын башталышы жана өнүгүшү ушул кылымдын башына, ортосуна туура келгендиктен, анын эч кандай “ученый” консультанттары болгон эмес. Демек, Алмамбет менен Тунйукуктун ортосундагы окшоштуктар китептен алынган фактыларга эмес, элдин эс-тутумунда, манасчылардын “Манасында” жашаган тарыхый маалыматтарга негизделген. Өзгөчө, Күли Чор менен Күлчоронун ортосуидагы таң каларлык, четке кагууга мүмкүн болбогон окшоштуктар “Манас” эпосундагы айрым тарыхый маалыматтардын, этнографиялык көрүнүштөрдүн жана каармандардын негизинде байыркы түрк жазма эстеликтерииде сүрөттөлгөн байыркы түрк тарыхы, маданияты жана баатырлары турганын далилдейт.

АДАБИЯТТАР:

1. Ауэзов, М. О времени возникновения эпоса “Манас” // Энциклопедический феномен эпоса “Манас”. - Бишкек: Гл.ред.КЭ, 1995, С. 149-174.
2. Бакиров А. Историзм эпоса “Манас”. -Бишкек, 1997.
3. Бернштам А.Н. Эпоха возникыовения киргизского зпоса “Манас” // Энциклопедический феномен эпоса “Манас”. - Бишкек, 1995, С. 174-193.

4. Бернштам А.Н. Эпоха возникновения киргизского эпоса “Манас” // “Манас” - героический эпос киргизского народа. - Фрунзе, 1968, С. 148-176.
5. Гуриев Т. А. Историческая основа некоторых антропонимов в осетинском, нартовском эпосе //Фольклор и историческая этнография, - Москва: Наука, 1983, С. 107-118.
6. Жайнакова А. жана Боронов А. Күлчоро// Манас эндиклопедиясы, I том. — Бишкек, 1995, 576-579-беттер.
7. Жирмунский В.М. Введение в изучение эноса “Манас” // Энциклопедический феномен эпоса “Манас”. - Бишкек, 1995. С, 85-149,
8. Кляшторный С.Г. Тоньюкук - Ашидэ Юаньчжень // Тюркологический сборник. К шестидесятилетию А.Н. Кононова. -Москва: Наука, 1966. С. 202-205.
9. Кляшторный С. Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. - Москва, 1964.
10. Кондратьева Т. Н. Собственные имена в русском эпосе. - Казань, 1967.
11. Манас: баатырдык эпос (С Орозбаков), VII китеп, (даяр: Мусаев Самар ж.б.). - Бишкек: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, 2014.
12 Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии, - Фрунзе, 1959.
13. Маргулан А. Х. Шокан жане Манас. - Алма-Ата, 1964.
14. Мусаев С. “Манас” эпосу /I Кыргыз адабиятынын тарыхы. II том. “Манас” жана манасчылар (бад. редактор: Акматалиев А.). - Бишкек, 2002. 5-65-беттер.
15. Путилов Б.Н. Русский и южнославянский героический эпос. - Москва, 1971.
16. Сарыпбеков, Р. Алманбеттин образынын тарыхый өнүгүшү. - Фрунзе, 1977.
17. Сарыпбеков, Р. Балык (Бекмурат) Кумар уулу // Кыргыз адабиятынын тарыхы. II том. “Манас” жана маяасчылар (баш. Редактор: Акматалаев А,). - Бишкек, 2002, 162-169-беттер.
18. Сейтек: Манас эпосунун үчүнчү белүгү (С.Каралаевдин варианты боюнча). 4

китеп. - Фрунзе, 1960.
19. Семетей, (С.Каралаев). –Бишкек, 2010.
20. Толстова Л. С. Использование фольклора при изучении этногенеза и этнокультурных связей народов (На среднеазиатском материале) // Фольклор и историческая этнография. -Москва: Наука, 1983, С. 6-22.
21. Трояков П. А. Аналогии героическому эпосу тюркоязычных народов в Орхоно-енисейских памятниках // Фольклор и историческая этнография. - Москва: Наука, 1983, С. 74-88,
22. Фалев П. Как строится кара-киргизская былина // “Манас” - героический эпос киргизского народа, - Фрунзе. 1968, С. 49-55.
23. Alyilmaz, Cengiz. Orhun Yazitlarinin Dugunku Durumu/ - Ankara, 2005.
24. Aydin? Erhan/ Kuli Cor Yaziti veYazitla Ilgili Sorunlar Uzerine Notlar // Dil ve Edebiyat Arastirmalari Dergizi. Sayi 5, 2012. s. 251-272.
25. Gomec, Saadettin. Islam Onkesi Turk Tarihinin Kaynaklar Uzerine // Tarih Arastirmal Dergisi? Gilt 20? 20/ Sayi 31, 2000, s. 51-92.
26 Gomec, Saadettin.Turk Tarihinin Kahlamanlari XVI; Isbara Bilge Kol Ic Cor // Orkun, Sayi 66, 2003. S.35. 2003.
27. Guluev, Amanoglu. Manas Destani’nda Kisi Adlari // Manas Destani ve Elkileri Uluslaararasi Bilgi Soleni Bildirileri. – Ankara: Ataturk Kultur Merkezi, 1995, s. 117-122.
28. Mert, Osman. Koli Cor Yaziti ve Anit Mezar Kompleksi. – Erzurum: Ataturk Universitesi yay, 2015.
29. Raichl,Karl. The Concept of Early Kyrgyz History According to the Manaschy Jusup Mamay // Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз каганатынын тузүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган “Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында” аттуу эл аралык илимий жыйындын (2013-жылдын 15-16-ноябры) баяндамалары/ - Бишкек, 2014, 47-53-беттер.
30. Tекin, Ta1at. Tunyukuk Yaziti. – Ankara, 1994, 1994.

31. Текin, Ta1at. Orhon Turkcesi Grameri. – Istanbul, 2003.
32. Текin, Ta1at. Orhon Yazitlari. 3. Baski, - Ankara: TDK yay, 2008.
33. Yildiz, Naciye.Turk Dunyasi Destancilik Gelenegi ve Destanlar. – Ankara, 2015.

Жумаева Гүлгаакы

КЕРЭЭЗ ЫРЛАРЫНДА УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯНЫН КАМТЫЛЫШЫ

Кыргыз фольклору кыргыз жаралганы кошо жаралып, тигил же бул жанрларынын кайсы кылымда жана кайсы автор тарабынан жаралгандыгын тактоого мүмкүн болбогон, аты-жөнү белгисиз акындардын мундан муундарга өткөн, демек, коллективдүүлүккө айланган көркөм мурастардын жыйындысы. Анткени кыргыз фольклорунун мазмунун түзгөн чыгармалар өз мезгилинин угармандарынын сынынан өтүп, мезгилдин идеологиялык талабына ылайыкташтырылып, улам кийинки мезгилдерде алымча-кошумчалар менен толукталып, дайыма өнүгүүдөгү жандуу процесс. Жогоруда айтылган аты белгисиз акындардын чыгармаларынын элдик фольклорго айлануусунда эл сынынын зор таасири тууралуу адабий сынчы К.Даутов: “... мурда жазма-сызма күтпөгөн калк өзүнүн бай рухий турмуш тажрыйбасын, дүйнөтаануу ыгын, даанышман ойлорун, өз тарыхына саресеп салуу аракетин, ошондой эле баардык метериалдык, адеп-актык маданий-көркөм байлыктарга карата сынчыл-эстетикалык мамилесин жападан жалгыз оозеки сөз менен гана туюнтуп, аларды сөздө гана сактап калган”,- [1.12.] деп, эл оозеки чыгармачылыгы менен катар эле элдик сындын жашагандыгын белгилеп, элдик чыгармалардын көркөм баалуулугун өнүктүрүүгө багыт берүү мүмкүнчүлүгүн жараткандыгына токтолот. Эл сынынан жана мезгил сынынан өтүп, кылымдарды карыткан эл оозеки чыгармалары кыргыз элинин руханий байлыгы болуу менен катар мазмунуна улуттук идеологиянын жана улуттук маданияттын табиятын көрсөтүүчү касиеттерге да ээ. Кыргыз фольклорунун мазмунунда байыркы мезгилден берки кыргыз элинин бай тарыхы, саясий-социалдык абалдары, үмүт-тилектери, кыскасы, узак мезгилдик дүйнөтаанымдары камтылган. Улам кийинки адам коомунун идеологиялык багытына карай фольклордук чыгармалар жаралып, өз айтуучусу менен

угуучуларын таап, оозеки жашоосун улантып, адам баласынын пендечилик жашоосуна зарыл болгон улуу философиялык, дидактикалык ойлорго басым коюп, эртеңки күнгө карата туура багыт бере алгандыгы менен баалуу. Кыргыз фольклорунун дагы бир өзгөчөлүгү көп варианттуулукка ээ болушу. Ал эми көп варианттуулуктун келип чыгышына коомдук идеологиянын түздөн-түз таасиринен болушу да ыктымал. Анткени элдик чыгармаларынын алгачкы үлгүсүндөгү айрым эпизоддор, ой-толгоолор, турмуштук көрүнүштөр толук чагылдырылбай, бир учурда көркөмдүгү анчейин болсо, убакыт өтө түпкү мазмун кийинки мезгилдеги коомдун идеологиялык багытына ылайык жаңы эпизоддор, жаңы табылгалар менен коштолуп, көркөмдүгү артылышы да мүмкүн. Ушундан улам варианттардын ортосундагы жалпылыктар менен айырмачылыктардын келип чыгышы айтуучунун дүйнөтаанымына жана табигый талантынын деңгээлине жараша болуп, анын мазмунундагы философиялык жана дидактикалык ойлору кыргыз элине гана эмес, бүткүл дүйнөлүк маанiге ээ чыгармалар жарала берген. Мисалы, алыс барбай эле дүйнөлүк маданиятынын казынасынан орун алып, кыргыз элин дүйнөгө тааныткан “Манас” эпосун айтсак жетиштүү. Бул сөзүбүздү ырастоо үчүн белгилүү тарыхчы, этнограф С.М.Абрамзондун: “... кыргыз эли жалаң “Манас” эпосу менен гана бүткүл прогрессивдүү адамзаттын кадырлоосуна татыктуу болор эле”,- [2.1940.] дегени кошумча сөздү талап кылбаса керек. Ушундай эле маанидеги кыргыз фольклорунун кайсыл жанрларына токтолбойлук, элдин тарыхый, маданий, руханий байлыгы камтылып, эртеңки муундардын, тактап айтканда, улуттун улуттук кыкчылыгын көздөгөн улуу идеяларды мазмунуна сиңиргендигин туюуга болот. Кыргыз фольклорунун бай жанрларынын ичинен кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүн белгилеген жана жашоо-турмушун тескеп, бир калыпка (нормага) салып туруучу мыйзамдык күчкө ээ каада-салттар болуп, каада-салт ырлары түбөлүктүү темалардын бирине кирет. Дүйнөдөгү илимдердин баалуулуктарын классификациялоодо материалдык жана руханий маданият

болуп бөлүнөрүнө токтолуп, кыргыз элинин маданиятынын тарыхын изилдөөгө алган К.Жусупов: “... Материалдык маданиятка адам баласынын кол менен жасаган бүткүл жумушу, эмгек куралы, кийимдери, үй-жайы, мындайча айтканда, архитектура, дизайн жасалгалары, байланыш, техникалык өсүштөрү, жол байланышы жана башкалар камтылат. Ал эми рухий маданиятка болсо: адамдардын аң-сезиминин зээндүлүгү, адеп-ахлагы, дүйнөтаанымы, агартуучулугу, тарбия-таалими, укугу, философиясы, жүрүм-туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, аңызы, диний ишениими жана башка кирет,”- [3.7.] деген аныктамасынан кийин, бир караганда, кыргыз элинин улуттук каада-салттары жогоруда аталган рухий маданиятынын бүтүндөй маанисин өзүнө сиңирип алгандай. Анткени элдик каада-салттар реалдуу турмуштун өнүгүү процессинде жаралып, калыптанып, өзгөрүп, толукталып, элдин жашоо-турмушунда туруктуу көрүнүшкө айланып, тигил же бул улутка мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүчү касиетке ээ. Ошондуктан улуттук каада-салттар тигил же бул элдин жашоо-турмушун бир нукка салып, адам баласы бул жашоого жаралгандан баштап, бул жашоодон өткөнгө чейинки мыйзамдык күчүн жоготпогондугу ырас. Мыйзамдык күчү демекчи, кыргыз элинде “кааданы бузган, салтты бузган” деген жазанын болгондугу жана каада-салтты кадырлап тутуп, башкаларга үлгү көрсөткөн адамдардын кадыр-баркы жогору экендиги да белгиленип келет. Каада-салт ырларынын жаралышы эл турмушу менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, кыргыз фольклорунун мазмунунан кенен орун алышы табигый көрүнүш. Бирок байыркы мезгилдеги адамдардын дүйнөтаанымына мүнөздүү болгон ритуалдык жана магиялык салтка айланган жөрөлгөлөрдүн да болгондугун эске алганыбыз оң. Анткени байыркы адамдар курчап турган жаратылышты жандуу катары карашып, ага карата аяр мамиле жасашып, алар менен эсептешүү түшүнүгү иштелип чыккан. Ушундан улам ууга чыкканда, эгин эккенде, күн күркүрөгөндө, чагылган чартылдаганда, ошондой эле, алоолонгон отко, күркүрөгөн сууга сыйынууда кыймыл-аракеттин коштоосу

менен аткарылып, элдин тилек-мүдөөсү прозалык же поэтикалык сөздөр менен айтылган. Кийинчирээк мындай ритуалдык жөрөлгөлөр бакшылар тарабынан аткарылып, коомдун идеологиялык багытына байланыштуу эл турмушунда туруктуу колдонулушунун зарылдыгы болбой калса, адам турмушу менен тыгыз байланышта өнүгүп, улам жаңы кырдаалдарга карата жаңы мазмун менен толукталып, өнүгүп отуруп, мыйзамдык күчкө ээ каада-салттар туруктуулугу менен өзгөчөлөнөт. Аларга адам жашоосундагы өмүр жана өлүм темасына байланыштуу үйлөнүүдөгү жана аза күтүүдөгү каада-салттар деп аталып, өз ичинде көптөгөн тематикалардан турат. Каада-салт ырларынын ичинен керээз ырларынын мазмунунда эртеңки элдин тагдырына байланыштуу коомдук идеологиянын чагылдырылышы ачык байкалат.

Керээз ырлары адам баласы жакшылыктан үмүт үзбөй, тирүүлүктүн акыркы демине чейин жанталаша, далбастап, акыркы сааттары кагылып жаткандыгын кабыл алгысы келип - келбей, тагдырга таарынып - таарынбай турган ахыбалында айтылат. Ошондуктан керээз айтуу баардык адамдардын колунан келе берген же тагдыр буюрбаган көрүнүш. Тагдыр буюрбаган дегенибизде, капилет келген кырсык, оору болушу мүмкүн. Керээз сөзү - адамдын өлүм алдындагы эл-журтуна, тууган-уругуна, үй-бүлөсүнө айткан акыркы нуска сөзү. Ушул нуска сөзгө бир үй-бүлөнүн жана бүтүндөй элдин эртеңки тагдырынын камын жеген ойлор айтылып, ошол ойлордо жалпы элдин башын бириктирген коомдук идеологиялык көз караштар камтылат. Кыргыз фольклорунда ойчул даанышмандардын, чечендердин, акындардын жана эл башындагы хандардын, бектердин, баатырлардын керээз сөздөрү сакталып, элдин өткөндөгү тарыхынан, саясий-социалдык абалдарынан кабар алууда зор мааниге ээ. Мындай маанидеги керээз сөздөрү элдин эртеңки жашоосуна да өз таасирин тийгизип, эл керээз сөзүн мыйзамдуу кабыл алышып, аткарууга милдеттүүбүз деп эсептешкен. Керээз сөзүнүн мыйзамдык күчү дегенибиз ушул. Ошондуктан керээз сөздөрү каада-салттык

чыгармалардын эң байыркы түрүнө кирип, бүгүнкү күндө кара сөз жана ыр түрүндө жашап келет. Керээз ырлары чакан лирикалык ырлардан тарта эпикалык чыгармаларга чейин кездешет. Айрым жанрларга токтоло кетсек, мисалы, “Манас” эпосундагы Манас баатырдын, Көкөтай хандын, Алманбет баатырдын керээздери эл тагдырына жана өз коомунун туу туткан идеологиясына байланыштуу айтылган. Эпосто сексен төрт жашка келгенде Көкөтай хан айыкпас ооруга жолугуп, адам болбосуна көзү жетип, акыркы сөз - керээзин айтайын десе, уулу Бокмурун Оогандын ханы Түлкүнүн кызы Канышайга күйөөлөп, үч айлык жолго чыккан болот. Айласы кетип, жакшылык-жамандыкта эриш-аркак жүргөн Байдын уулу Баймырзага балама айтып кой деп, керээзин калтырат. Анда:

“...Жаш балдар кылган оюндай,
Кемпирдин ашы кылсын,
Кедейдин башы кылсын.
Өлгөнүм, тирилигим билинбесин,
Өз журтум бүлүнбөсүн.
Эки, үч топ кара союңар, - [4.8-9.]

деп, казынасында 9090 жылкы, 90500 кой, 2300 төө, 6080 уй, 9000 топоз жана эки там толо күмүш, амбарда алтын, алтымыш сарай акталган күрүч, 1000 кахар таш, 90 зумрут, эки там толо лагыл, жакут, мариат, жууда, буулум, бута, кызылдан кымкап менен 80000 дейилде, зери басар бул дагы бар экендигин санак кылып, өтөт. Көкөтай хандын керээзинин максатында мал, байлыгын аягандан эмес, жаш Бокмурун элге түйшүк түшүрүп, оор кыйынчылыктардын натыйжасында эл бейпилдигине бүлүк салып, мага аш берем деп, эзелки душмандарга кабар берип, коогалуу окуялардын жаралышына шыкак болуп кетпесин деген түпөйүл ою камтылган эле. Тилекке каршы, Бокмурун атасынын айткандарын тескери түшүнүп, Көкөтай хандын ашка чакырбасын деген кытай, калмак, манжулардан бери чакырат. Акыры “Көкөтайдын ашы

көп чырдын башы” ылакабынын жаралышына негиз болуп, жети хандын арам ойлору ишке ашып, каргашалуу “Чоң казат” окуясынын башталышына шыкак болот эмеспи. Көкөтай хандын бейпил турмуштагы элинин тагдырын ойлоп, алда кандай болот деп чоочуркагандыгы да ушул эле. Эпосто керээз ырлары өзөктүү окуяларга өз таасирин тийгизип, а түгүл бурулуш этаптарын жараткан. “Чоң казатта” Манас баатыр Алманбет, Сыргак, Чубак жана башка чоролорунан ажырап, өзү оор жарадар болуп, эл-журтунун эртеңки тагдырына ойлоп, кан жутуп, жалгыз уулу Семетейден үмүт кылып, Канықейге:

“Мен өлгөндө сен өлүп,
Сен экөөбүз тең өлүп,
Өзөнгө тартып конбойлу, айым,
Экөөбүз өрт өчкөндой болбойлу!
Эри өлгөндө катынга төркүн жакын болуучу,
Жыйылуу мүлкүң чачып кет,
Төркүнүң Темирканды көздөй качып кет.
Темирканга барганда,
Тентегиң ташта долу күң.
Арка чачың өрө көр,
Алты айлык болгон Семетей
Бир тууганың Ысмайылга бере көр...!”,- [5.980.]

деп, Семетей он экиге толгондо кайра Талас көргөзгүн, арбагым азыр бар болсо, жолунан тосуп алаармын деген керээзин калтырып, көз жумат. Мында Манас баатыр бир гана өз үй – бүлөсүнүн камын жеп кайгырбастан, эртеңки бүтүндөй кыргыз элинин тагдырынын камын жегендиктен, ал эми элдин тагдыры Семетейге байланыштуу чечилерин айткан болот. Канықей Манас баатырдын керээзин эки кылбай аткарып, Темирканды көздөй жол тартып, Семетей он экиге келгенде атасы - Манас, жери - Талас, эли - кыргыз экендигин айтат. Семетей атасындай эр чыгып, талоонго түшкөн эл-журтун

ички душмандардан куткарып, элдин эркиндигин калыбына келтирүүгө жетишет. Эпикалык поэзияда керээз сөздөрүнүн аткарылышы бирде жогорудагыдай жакшылык менен аяктаса, айрым учурларда керээз сөзүнүн турмушта аткарылбагандыгына байланыштуу окуянын аягы чыр-чатак, кан төгүүлөр менен аяктагандыгы да кездешет. Буга турмуштук кенже эпостордун бири “Саринжи - Бөкөй” эпосунан келтирүүгө болот. Эпосто кыргыздын муңдуз уруусунан Жамгырчы деген хан болгон. Ал атасынын улуу аялынан төрөлсө, иниси Бөкөй атасынын кичүү аялынан төрөлөт. Бөкөй турмуштагы бир топ кыйынчылыктарга карабай, Жамгырчынын жардамы менен өзүнчө эл-жерге ээ болуп, хан аталып калат. Ал эми Жамгырчынын аялы көпкө чейин төрөбөй жүрүп, карыган кезде бир балалуу болот. Зарыккан кезде көрдүк деп, атын Саринжи коюшат. Саринжи ондон ашкан кезде Жамгырчы катуу ооруп, төшөккө жатып калат. Ошондо эртеңки Саринжинин тагдырын ойлоп, жатындаш болбосок да, аталаш бир тууганым эмес беле, Бөкөйдү чакыртып, баламды ага тапшырып, керээзимди айтып калайын деп, бала күндөн бирге өскөн досу- Курманды чакыртууга жиберет. Кабарлашпай кеткен Бөкөй кандай кабыл алат деген ой менен тынчсызданып, анын айылынан жолуккан жигиттен Бөкөйдү сураса:

“...Кырк жигитин ээрчитип,

Кырдатып жүрөт Бөкөйүң.

Күндө жыйын, күндө мас,

Ырдатып жүрөт Бөкөйүң.

Айлыбызга хан болгон,

Алдына эч ким бара албайт.

Арак ичип алкынып,

Бала куштай талпынып,

“Баатыр” деген ат конгон...”-

деп жооп кайтарат. Ошондо Курмандын айласы кетип, аттан түшүп барып, аны менен арак ичишпей, ат үстүнөн Жамгырчынын ооруганын, аны чакыртканын айтып, кайра тартат. Курмандан Бөкөйдүн ал-жайын укkан соң, элине кеңеш салып, аны көздөй жол салат. Жамгырчы менен көрүшүп, анын ооруганын мурда укпагандыгына кейиш таратат. Жамгырчы таарынычын ичине катып, кансе да аталаш боорум эмеспи деп:

“...Атаң Жамгыр өткөн деп,

Келбес жайга кеткен деп,

Жетилелек жубарымбек,

Тилимди албай неткен де?,-деп,

Ыйлатпагын жетимди.

Бар элем Жамгыр бирөөчө,

Башымдан бактым кетирди.

Баламды Бөкөй кордосоң,

Акыретке барганда,

Аталаш тууган болсоң да,

Көрбөймүн сенин бетиңди...

Кайнатасы Карача

Жалгыз кызы Акбермет-

Менин перзентимдин жары эле...”,-[6.33.]

деген узун сабак керээзин айтып, аткарылбаган тилегин Бөкөйгө калтырып, көз жумат. Бирок Жамгырчынын керээзи шамалга атылган октой болуп, Бөкөй Саринжинин башына түмөн түйшүктөрдү жаратып, колуктусу Акбермет сулууну өзү алмак болуп, окуянын аягы кан төгүлүп, чыр-чатак менен аяталат. Керээз сөздөрү мисалга тарткан жогорудагы чыгармаларда гана эмес,

көптөгөн эпикалык чыгармаларда кездешип, окуянын бурулуш этаптарына негиз болот. Кыргыз элинде керээз сөздөрү тирүүлөрдүн мойнундагы карызы сыяктуу кабыл алынып, жогорудагы Бөкөйгө окшогон арам адамдар кабыл албаса да, жалпы эл нуска керээз сөздөрүнүн мыйзамдык күчү бар экендигине ишеним артып келишкен.

Өзгөчө тарыхый инсандардын керээзинде керт баштын кызыкчылыгынан жогору койгон коомдук идеологиялык максат жатат. “Тарыхтын акыр-чикир сала турган себети жок” деп айтылгандай, кыргыз элин кан кечирген тарыхый окуялар элдин эс-тутумунда сакталып, алгач эл оозунда айтылып жүрсө, кийинчирээк эл акындары тарабынан кийинки муундарга сабак боло тургандыгына басым коюлуп, алымча-кошумчалар менен толукталган көркөм чыгармаларды жаратышкан. Мындай чыгармалардын катарына элдин тарыхы менен өзөктөш өнүккөн керээз ырлары да кирет. Буга байыркы керээз ырларына кайрылбай, кечээ жакында эле бир мезгилде жашап, тагдыры бири-бирине байланышкан Ормон хандын, Боронбай манаптын, Балбай баатырдын керээзин мисалга тартсак болот. Кыргыз эли Улуу Октябрь революциясына чейин уруучулукта күн кечирип, бирде ынтымакта жашаса, бирде уруу чабыштары күчөп, карапайым эл далай оор күндөргө туш болушкан. Дал ушундай көрүнүштөрдүн бири - кыргыз тарыхындагы 1854-1872-жылдар аралыгын камтып, “Бугу-Сарбагыштын чабышы” деген ат менен белгилүү. Бугу менен Сарбагыш бир атадан (Кылжырдан) тараган болсо да, байыркы ынтымактары бузулуп, ичтен ыдырашып, бири-биринен жылкы чабышып, аягы бугулардын Балбай баатыры колго түшүп, орго салынып, кулагы кесилген болот. Муну менен эле токтоп калбастан, мындай жагдай күчөгөндөн күчөп отуруп, уруу чабыштарынын биринде Ормон бугуларга колго түшүп калат. Бугулардын Боронбай манабы эли менен кеңешип, Ормон кудасына (Ормондун Кулан деген кызын Өмүрзак деген баласына алып берген эле) сый-урмат көргөзүп,

узатып жиберели дешет. Бирок мурдатан ички кеги бар Алыбек менен Балбай ишти тескери аткарышкандыгы: “... Алыбек: “бул тындым деген киши, өлтүрбөсөңөр тынбайт”,- деген. Боронбай айылга алып жүргүлө дегенде, Ормонду атка колтуктап мингизип жатканда, Балбай бычак менен, бир кабарда найза менен такыр колтукка сайган болот. Мырза келип, Боронбайга шыбыраганда, Боронбай: “ай...!” деп, жактырбастан башын буруп кеткенди” [7.20. Кийинки мисалдар ушул китептен алынат.] айтылат. Келтирилген мисалда көрүнүп тургандай, керт баштын кеги үчүн Алыбек менен Балбайдын кылган иши буга чейин эле үзүлөр жиптей араң турган эки уруунун ынтымагынын чарт үзүлгөндүгүн жана эл башына түшкөн коогалуу тагдырды туюп, Боронбай “ай...!” деген сөзүнө аларга карата бүткүл нааразычылыгын сыйдырып тим болот. Ал эми жарадар болгон Ормон адам болбостугуна көзү жетип, кызы Куланга: “...мен киши болбоймун, коркуп ыйлабагыла”, - деп, төмөндөгүдөй керээз калтырат. “Кулан балам! Сени бугуга балдарым кайтадан жибербейбиз десе көнбө, жана да эшиктен көрөгөчкө каратып коюп, Сарбагыш эли бардагыдай болбойт. Үмөталы урушчагын коюп, элди аздырбасын, эл-журттун акылын Куттук уулуна (Шаменге) салсын. Бугу Кылжырдын баласы, зили тууган эле. Өздөрү кайрылбай турган кара мүртөс журт эле. Кокустан элдиктен биротоло кетип калбасын, эгерде журтташабыз десе, Сарбагыш мен үчүн намыс кылбастан, кыя тартып журт болсун. Эгерде журт болбосо, Жантайга ишеним жок. Төрөгелди мен деп жүрүп өлөр. Көлдү үч айлансын. Мырзага Адыл көз салсын”,- деп, башка сөзүн айта албай калган экен. Жогорудагы Ормон хандын керээзинде жеке өзүнүн керт башына, үй-бүлөсүнө карата айтылган ой жокко эсе. Демек, эл-башчылары үчүн эл тагдыры көңүлдүн борборунда болуп, элдин камын көрүп, эртеңки күнү үчүн тынчсызданууу табигый көрүнүшкө айланып, ата-бабадан келе жаткан мыйзамдуу милдетти татыктуу аткарууга аракет кылып өтүшөт. Эл башы катары Ормон хандын ойлогону да эл тагдыры болуп: “... мен үчүн кек кармабай, эл-журт бололу десе, кыя тартып журт болгула,” - деп, дүйнөдөн

өтөт. Тилекке каршы, Ормон хандын “журт болгула” деген керээз сөзү ишке ашпай, “канга кун жок” ынтымакташалы дешип, эл башындагы Солтонкул, Шамен, Калыгул, Жантайлар канчалык толгонуп, журт бололу десе, эки жактан көпчүлүк ынабагандыгы тарыхта [7.27.] белгиленип келет. Ошентип, тынай уруусунан башка бүткүл сарбагыш кеч күздө согушка даярданышып, Ормон хандын керээзиндеги “Көлдү үч айлансын” деген сөзүнүн маанисине камтылган кандуу чабыш башталат. Бир жагынан кытай менен орустар, бир жагынан казак менен кокондуктар курчап турган чакта кыргыз эли үчүн ойдо жок жосун иш болуп, эл түмөн түйшүккө түшөт. Кыргыз эли түрк элдеринин ичинен кылымдарды карытып, тигил же бул чоң уруулардын ичинде майдаланып, сиңип жок болуп кеткен айрым уруулардай болбой, түбөлүктүүлүгүн сактап келишкен. Анткени кырк уруу биригип, кыргыз элин түзүп келишкендиги өзгөчөлөнгөн касиет-күч “ынтымак” экендигин эстеп чыгарышкан эмес. Кыргыз эли үчүн мындай ынтымактын баасын Манас баатыр да белгилеп:

“Бөлүнбө, кыргыз бөлүнбө,
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп кетти кыргыз деп,
Бөтөн элге сөз кетет,”-

деп, бекеринен эл-журтуна кайрылып, келечек муундарга түбөлүктүү осуятын калтырбаса керек. Бирок бул осуят айрым бийлик башындагылардын эсине келбей, карапайым эл башына кан төгүлгөн кырсыктардын келишине түрткү боло берген. Ошентип, бугу менен сарбагыш уруу чабыштарынын аягы орустардын кыргыз жергесине келиши менен аяктайт. Орустар өз бийлигин аста жүргүзө баштагандыгын сезишкен бийлик башындагы Шамен, Байтик, Шабдан жана башкалар акыл калчашып, элди ынтымакка чакырышат. Алар саясий абалды элге түшүндүрүшүп, мындай кырдаалда уруу чабыштарынын эл үчүн зыяндан башка пайдасы жок экендигин айтышып, элди тынчыткан

болот. Керээз сөздөрү бир адамга гана эмес, бүткүл элдин тагдырына таасир берүүчү күчкө, мыйзамдуулукка ээ болуп, Ормон хандын керээзиндей карапайым элге кээде терс жагдайларды жаратса, кээде оң маанисинде чечилген учурлар да болот. Мисалы, Ормон хандын замандашы, бир чети кудасы, бугу уруусунун манабы Боронбайдын керээзине токтолгонубузда, анын керээзинин маанисине философиялык, саясий, дидактикалык ойлор камтыган. Боронбай манап өлөөрүнө үч күн калганда эл-журтуна, алыс-жакынга кенен керээз айтканга үлгүргөндүктөн, эл ичинде “Боронбайдын керээзиндей кеп айтты эле” деген ылакап жашап калган. Анын бул керезинде адабиятта түбөлүктүү темалардын бирине айланган өмүр-өлүм тууралуу ойлор көркөм баяндалган. Боронбай манап керээз сөздөрүн кара сөз түрүндө, кээде куюлушкан ыр саптары аркылуу да айта алган дешет. Буга таң калуунун зарылдыгы жок. Анткени кыргыз эли жөн салды эле сүйлөбөстөн ой кууп, куюлуштуруп, макалдатып, насааттарын уйкаштырып сүйлөө кыргыз элинин улуттук мүнөзүнүн бир көрүнүшү. Буга далил катары академик В.В.Радлов элдик ырларга гана эмес, кыргыздардын кадимки сүйлөгөн сөздөрүнө таң калып: “Жөн салды эле сүйлөгөн сөздөрүндө сүйлөмдөрдүн аягы экинчи сүйлөмү менен ыр түрүндө келе түшүп, ыр саптары айтылып жаткандай элес калтырат,”[8.18.] - деген сөзүн келтире кетсек, артыкбаш болбос. Боронбай манаптын ыр түрүндөгү философиялык маанидеги керээзи:

“...Аргымак жалын беш бөлүп,
Өргөнүң калат жигиттер.
Ар уруудан кошчу алып,
Ал дөбөгө бир чыгып,
Бул дөбөгө бир чыгып,
Айгууланып кум салып,
Адырлуу жерден из салып,
Жүргөнүң калат жигиттер.

Эрмектешип сырдашып,

Күлгөнүң калат жигиттер...”-

деп уланып, бул дүйнөдөн өтпөй турган жан кабастыгын, өмүрдүн баалуулугун көңүлгө алат. Албетте мындай ыр түрүндө көлөмдүү сакталган керээздер эл акындары тарабынан көркөм иштелип, эл башчыларынын, баатырларынын, акылмандарынын элге карата айтылган керээздеринин маанисиндеги тарыхый, саясий, философиялык, дидактикалык ой-толгоолорунун элге таасирдүүлүгүн күчөтүп жеткирүүдө зор мааниге ээ болуп, эл оозунда көркөм формада айтылып жүрүшүн камсыз кылган. Өзгөчө тарыхый инсандарга тиешелүү керээз ырлары эл эсинде таасирдүү сакталган. Буга ошол эле Боромбай манаптын эл-журтунун эртеңки саясий багыты тууралуу түйшөлүп, элдин эртеңки күнү кандай жашоо керектигине багыт берген керээзи эл акындар тарабынан поэтикалык формага салынып, төмөндөгүдөй айтылып калган.

Журтум, Ысык-Көлгө ыктаңар,

Кең Текс көздөй чыкпаңар.

Жерге салгын эгинди,

Тегиз уккун кебимди.

Түп, Жыргалаң кыштаңар,

Четтен келген коңшуну,

Өз туугандай куштаңар.

Эки семиз байлаңар,

Эл жайлоого чыкканда

Серүүндүн жолун жайлаңар.

Аштыкка жайлуу жер эле,

Чычканга эгин салыңар.

Аштыкка жайлуу жер эле,

Ага-ини сыйлашып,

Ынтымак болгун баарыңар... [9.146-149.]

Бул керээздин толук ыр саптарын адабий талдоого алган Б.Кебекова: “Өрөөнүмө бак сайдым, өзүмдөн кийин келгенге, өрнөк болсун деп сайдым”,- дегенине караганда өрнөктүү жашоосу менен калкына үлгү болгон көрүнөт. Ошондой эле журт башчысынын “Журтум, ат чаптырба ашыма, көргөн урба башыма”,- дегени калк кызыкчылыгынан ойлоодон улам чабылып, чачылбасындан келип чыкса керек... [10.44.],- деп, ”Боронбайдын керээзиндей кебим бар эле”,- деген ылакаптын ички маанисин кенен ачып, жогору баасын берет. Ошондой эле бугу менен сарбагыш урууларынын мамилелерине оң-терс таасирин тийгизген, кара күчтүн ээси - Балбай баатырдын керээзи да сөз кылууга арзыйт. Бугу уруусунун Балбай баатыры Ормон хан жана Боронбай манап менен тагдырлаш болуп, өз уруусунун кызыкчылыгы үчүн, эркиндиги үчүн башын канжыга байлагандардын бири. Эл менен жаны бир. Кыргыздардын суудагы балыкты жеп калышындагы окуяга Балбай баатырдын түздөн-түз таасири болгондугу тууралуу эл ичинде аңыз бар. Мисалы, анын жайдын кеч келишинен эл ачарчылыкка учурап, айла кетип калганда, кыргыздарга тамак катарында колдонулбай келген тоо балыгын карматып, калкты аман-эсен эгин дүмбүл болгонго жеткиргендиги айтылат. Ушундай мезгилде кыргыз элинин жоолашып келген калмактардан же казактардан кордук көрбөй, өз эли болгон сарбагыш Ормондун ордосунда алты ай буту кишенделип, “кулак кести кул” аталып чыгат. Кайсы кылмышы үчүн ордого түшүп калды экен? - деген суроонун жаралышы табигый. Ормон хан Балбай баатырдын кулагын кес деп, буйрук деле бербептир. Жылкы тийгендиги үчүн колго түшүп, ордого салынган экен. Ал эми кулагынын кесилгендиги тууралуу: “Жылкы тийип алганы барганда, саяктын колуна түшүп, саяктын кемпири кулагын кесип алганда, солто бүтүргөн”,- [7.65.] деген маалыматты да кездештирүүгө болот. Элге “Кулак кести кул атанып”, жүрөгү муздай тоңуп, өз уруусунун кызыкчылыгын көздөп, Ормон ханга баш ийүүдөн толук баш тартат. Балбай баатырдын буулуккан ызаасын ырга

айланткан Солтобай ырчынын төмөндөгүдөй ырдаганы кошумча сөздү талап кылбай тургансыйт.

...Анжиян жолун каңгыдым,
Көк- Артты көрүп айныдым.
Кашкардын жолун кайгыдым,
Кара суу көрүп айныдым.
Чүйдүн жолун тоскондо,
400 төөдө жүгү бар,
Кырк эки кербен сартты алдым...
Алтымыш үч жашында,
Ормонду сойдум жашымда.
Куу найза учун кан кылдым.
Адамды соргон Чоң Ормон,
Кудургунун дөңүндө,
Курсакка сайып жай кылдым... [7. 66.]

Балбай баатырдын баатырдык иштеринин аягы ушундай маанидеги ыр саптары менен улана берет. Балбай баатырдын казак менен калмактарга каршы чабыштарындагы эрдиктерин эске албаганда, жогорудагы ыр саптарындагы бир тууган урууларына карата жасаган терс иштерин эрдик же баатырдык деп айтууга болбостур. Жигит кезинен кара күчкө ишенген, айтканынан кайтпаган көк жалдыгы өзүнө да, элдин да тагдырындагы трагедиялуу окуяларга негиз болуп берет. Эл башчылары менен бирде тил табышса, бирде тил табышпагандыгы, өз түшүнүгүндөгү “туурасын” эч кимге бербеген Балбай баатыр замандын огуна каршы аттанат. Мезгилдин саясий багытынын жана максатынын оң да, терс да жагдайларын тереңден аңдап түшүнүүгө буямасы да келбей, анын дүйнөтаанымын уруусунун эркиндиги жөнүндөгү маселе гана ээлеп, биригүү, ынтымакка келүү тууралуу ойлор кабылданган эмес. Алгач орустар менен ымалага барып, бирок алар аны

бийлик жолуна кошпогонго таарынып, бийликтерин жүргүзө баштаганда орустарга каршы аттанды, кан төктү. Акыркы колго түшүрүлүп, 1870-жылы Алматынын түрмөсүндө каза болгон. Балбай баатыр өлөрүндө өткөн - кеткенге акыл калчап, арман кылып: “Сөөгүм казактарда калбасын, этимди шылып, сөөгүмдү туулуп-өскөн жерим - Ысык-Көлгө койгула,”- деп керээз калтырат. Балбай баатырдын бул арман-керээзи ырга айланып, эл ичинде :

Билимдүүң чыгып жол башта,
Берендер чыгып эл башта.
Бириндеп жүрүп не таптык,
Бириңе бириң ор казба.
Улуулар куруп ынтымак,
Уютку болгун кыргызга.
Ажалдан кайда качпайын,
Акыркы керээз айтайын.
Алып кеткиле сөөгүмдү,
Ат коштоп келип атайын.
Шарпылдаган Ысык-Көл,
Шоокумун тыңшап жатайын,- [11.17-18.]

деп айтылып калган. Биз мисалга тарткан Ормон хандын, Боронбай манаптын, Балбай баатырдын керээздериндей эл тагдыры үчүн тарыхый мааниге ээ эл башчыларынын, баатырларынын, акылмандарынын кыргыз элине нуска кылган керээздери өтө арбын. Андай керээздер эл оозунда, санжырада, тарыхта өз орду менен айтылып, кырк уруу кыргыз элинин бириндеп, ынтымактан кетип, түбү бир атанын балдары экендигин унутушуп, көр пендечиликке түшүп, бири-бирин душман көрүүсүнө бөгөт болоор деген улуу максатты аркалап турат.

Ошондой эле керээз ырлары эл акындарынын чыгармаларынан да кенен орун алган. Анткени керээз ырларынын кайсы түрүнө токтолсок да, анын

мазмунун кеңейтип, саясий-социалдык, философиялык, дидактикалык маанисин ачып, көркөмдүүлүгүн арттырып, эл оозунда сакталып калышына эл акындарынын эмгеги зор. Эл акындарынын да эл башчылары, эл баатырлары сыяктуу эле эл алдында аткара турган милдеттери бар. Акындар жашоодогу ак менен караны, жакшы менен жаманды, жалган менен чындыкты, азап менен жыргалды, бар менен жоктун маанисин ачып, адам баласынын жан дүйнөсүнө улуу адамдык сапаттардын зарыл экендигин жар салышат. Мисалы, Жеңижок акындын өмүрүнүн акыркы мезгилинде жаралган “Ким айтат менин ырымды” аттуу чыгармасында ырларынын кийинки тагдыры жөнүндө ойлонуп: - Ким улантып, ким элге ырдап жүрөт? – деген ойлору чагылдырылат. Өз мезгилиндеги Ниязалы комузчу, Кыдыралы жомокчу жана Калбото, Мүсүралы, Жуман, Орозматтай ырчыларды санап келип, бирок көңүлүнө толбой, айтылуу тоо булбулу атыккан -Токтогулга токтолуп:

...Кыдырып барып жер көргөн,

Кайтып келип эл көргөн.
Жер тамда жатып ачынган,
Көзүнөн жашы чачылган.
Оо, десем, добушум козголгон,
Кыяматтык дос болгон.
Көп болбосо, азыраак,
Током, сен айтып кой ырымды”,-[9.64.]

деп, ырларынын тагдырын Токтогул акынга керээз кылып тапшырган экен. Эл акындарынын табиятына мүнөздүү болгон ырларынын өмүрүн тилөө жана ырларынын мазмунуна сиңирген нуска ойлордун кийинки муундардын рухий байлыгына айланса деген тилектери акындардын чыгармачылыгындагы жалпы окшоштуктарынын бири. Өзгөчө эл акындарынын устат-шакирт мамилелеринин бир жагы керээз ырларында ачыла түшкөндөй болот. Анткени эл акындарынын керээз ырларында өлүм-өмүр темасы кенен ачылып, бул

дүйнө убактылуу экендиги, кааласаң-каалабасаң да түбөлүктүү тиги дүйнө күтүп турарынан кеп козголуп, аягында мындай философиялык ой учугун шакирттерине тапшыруу менен аяктоо салттуу көрүнүш. Муну Арстанбек ырчынын “Керээз” ырынан көрөбүз. Арстанбек ырчы өмүрүнүн акыркы күндөрүндө шакирти Солтобай ырчыга кайрылып:

“...Жакшы чыктың Солтобай,

Ойлоп тургун ой, тобо ай,

Сен жакшылап ырда онтобой.

Келтирип айткын сөзүмдү,

Кейитпегин өзүмдү.

Менин айткан кебимди,

Көкүрөккө жат алгын”,-

деп, эл үчүн арнаган ырлары өзүнөн кийин да ырдалып жүрүшүн Солтобайга керээз кылып, онтоткон оору акыры жанын алып тынаарын айтып, бирок бул жашоодо акындын бакыты, байлыгы, кадыры анын ырларында экендиги тууралуу ойлору төмөндөгүдөй жыйынтыкталат.

Азапка салган оорум бар,

Арылбаган шорум бар.

Көзүм өтсө Солтобай,

Нуска сөзүм таштаба [12.22.].

Ушундай акындын керээзин кийин, Солтонбай ырчы устатынын чыгармаларын аздектеп, эл-журттун алдында түрдүү темадагы ырларын, нуска сөздөрүн жерге таштабай, өмүрүн акырына чейин ырдап өткөн.

Айрым чурларда айтылган керээз сөздөрү канчалык закондуу күчкө ээ болсо да, эл тарабынан каяша кылган учурлар да кездешкендигин жолуктурууга болот. Сөз башында “Манас” эпосундагы Көкөтөй хандын керээзи уулу Бокмурун аркылуу тескери аткарылса, бугу уруусунун башчысы

Боронбай манаптын “Ашыма ат чаптырбагыла, башыма коргон урбагыла же катыным кара кийип, кара жашка бетин жуудуруп, бетине так салбасын” ж.б.у.сыяктуу керээз сөздөрүн эске сала кетсек болот. Мисалы, Боронбай манаптын мындай керээзине угуп отурган журт башчылар, баатырлар, акылмандар каяша сөз айтууга батынбай отурушкандардын ичинде Арстанбек ырчы да болгондугу тууралуу: “Ошондой кыжаалат учурда Арстанбек коштошуу мүнөзүндөгү муңдуу күүнүн кайрыктарын комузга салып, нечен ирет кайталап, төмөнкүчө ырдаган экен.

Оо, Боронбай атаке,
Журт башчысы сен элең,
Жомогун айткан мен элем.
Ат чаптырбас ашыңа,
Коргон урбас башыңа,
Бетине тырмак салбастан,
Белине аркан чалбастан,
Катыны аза күтпөгөн,
Ханзадага күйбөгөн
Сарбагыш, солто, саяктын,
Кайсынысынан кем элең.
Калыс сөздү айтайын,
Көлдө сүзчү кеме элең.
Калк коргогон эр элең,
Кул өлгөндөй кыл дейсиң...
Эли урмат кылбаган,
Сен кай жериңден кем элең? -

деген сыяктуу сөз учугун улап келип, кыргыз элинин аза күтүүдөгү каада-салттарынын аткарылышы Боронбай манап үчүн зарыл болбосо да, бугу эли үчүн зарыл экендиги баса белгиленип, көкүрөктү күлсүз күйгүзгөн намыс

отун өчүрүүгө эч кимдин акысы жок экендигин, “артында туз көмгөндөй көмдү” деген жаман сөз кала тургандыгын айтып, Арстанбек ырдап жатканда үй ичиндегилер “сөз бүттү го” дегенсип, үн катпай, отуруп калышат. Журт өзүнөн бүтүм күтүп жатканын түшүнгөн кыраакы Боронбай жылуу маанай менен жылмайып, калкына ыраазылыгын билдирет” [12.111.]. Демек, кыргыз элинин байыркы мезгилдеринен бери жашоо-турмушунда туруктуу нукка салынган аза күтүүдөгү каада-салттардын так аткарылышы бүтүндөй бир уруунун намысын сактап, кадырын көтөрүп туруучу даража экендиги жогорудагы Арстанбек ырчынын ырлары кошумча сөздү талап кылбай турат.

Кыргыз эл акындарынын ичинен өлүм, өмүр темасына кайрылбагандары жокко эсе. Акындар адамдарга кубаныч тартуулаган өмүрдү кандай баалашса, көңүлгө көлөкө түшүргөн өлүмгө да өз табиятына ылайык баа беришип, жашоонун тең салмагын сактоодо ажалдын табигый көрүнүш экендигин туура кабыл алышып, арман маанисинде эмес, философиялык маанайда эргүү менен ырдап өтүшкөндөрү менен айырмаланып турат. Ошондой эле эл ырчылары ажалдын адам баласын дайыма коштоп, жаш-кары, жаман-жакшы, кыз-жигит, бай-кедей, падыша-кул ж.б.у.сыяктуу адамдардын социалдык абалдарын ылгабагандыгы, өлүм-өмүр темасынын мазмунун түзүп, адамдарды ойлонтууга, бул дүйнө убактылуу экендигин эстен чыгарбай, дайыма улуу адамдык касиеттерге карата чакырык ташташып, акындык милдетин аткарып келишет. Мындай маанидеги ырларга Барпы акындын “Ажал” деген ыры жогоруда ойлорду толук камтып, көркөм поэзиянын тили менен:

“... Жолдошуң болуп күн-түн.
Жанында жүрөт бул ажал.
Тамырыңа таркаган
Каныңда жүрөт бул ажал.
Парвана болуп айланып,
Башыңда жүрөт бул ажал.

Кабагыңдын ортосу –
Кашыңда жүрөт бул ажал...
Бай - кедейди ылгабай,
Баарына ажал тең экен, - [13.496.]

деп, артында элине арналган нускалуу сөздөрүн калтырат. Ажалдын келишин ар ким ар кандай кабыл алат. Бирде моюн сунгусу келбей, арга издеп, долуланып, арман кылат. Өткөн жашоосуна өкүнүп жатып өтүп кетсе, бирде акыл токтотуп, келген ажалды сезип, элге сыр алдырбай, жашоо берген жаратканга, ата-энеге, эл-журтуна ыраазы болуп, жеке керт башына караганда жалпы эл-журтунун амандыгын тилеген акыркы сөздөрүн айтууга үлгүрүп калышкан учурлар да болот. Ушундай жагдайдагы Жеңижоктун “Акыркы ырында” да ырчылык өнөр ага тагдырдан берилген улуу касиет экендигин, ал касиет эл үчүн кызмат кылууга аралгандыгын белгилеп, бул өнөрдүн бийик сересине жетсе да, бул дүйнөдөн армандуу кетип бараткандыгына токтолуп:

“...Кештелүү жака керме каш,
Келиним ыйлап отурса,
Кейийт белем мен мынча?
Кырмызы көйнөк, кыйгач каш,
Кыздарым ыйлап отурса,
Кыйналат белем мен мынча? - [14.212.]

деп, баарынан да баласыздыгына катуу кейийт. Бирок акын үчүн жети уруу аталган, жети арыктан суу ичкен жери, дегеле жарык дүйнө менен чыгармачылыгы гүлдөп турган учурда кош айтышуу канчалык оор болсо да акыл токтотуп, өзүнүн артында из калтырып, кеткендигине ыраазы болот. Ушул сыяктуу эле ойду Токтогул акындын “Өлүм алдындагы ырынан” да байкоого болот. Ажалдын аңдып отурганын сезген Токтогул акын көз алдына өткөн өмүрүнүн бар-жогун, кайгы-кубанычын таразалап келип:

“...Кара тилим сүйлөсүн,

Кара тил жалгыз өзү гана эмес,
Комузум добуш үндөсүн.
Кайран Токоң көзү өтсө,
Кайрылып келип ким көрөт,
Кара чым баскан мүрзөсүн?
Калкымдан кетсем мейличи,
Калың журтум гүлдөсүн", -[15.203.]

деген акыркы сөздөрүнүн маанисинде өлүмдү да кабыл алуу улук экендигин моюнга алып, негизги тилеги эртеңки элдин, замандын бакыбат жашоосуна батасын берип өткөндөй болот. Кыргыз элинин жашоо-турмушу менен өзөктөш өнүгүп, каада-салт ырларынын ичинен орчундуу орунду ээлеген керээз ырларындагы насаат сөздөр баардык мезгилдерде дидактикалык жана философиялык кызматын аткара берет. Керээз ырлары да фольклордун башка жанрлары сыяктуу эле бир элдин ички ынтымагы, сырткы элдер менен болгон тынчтык мамлелер, ар бир адамга тиешелүү улуу адамдык сапаттар, бакыбат турмушка умтулуу ж.б.у.сыяктуу адам жашоосуна байланыштуу зарыл көрүнүштөрдү мазмунуна камтып, коомдук идеологиянын негизин түзүүдө эл алдында бүгүнкү күнү да өз кызматын аткарууда.

Колдонулган адабияттар:

1. Даутов К. Элдик сынчыл ойдун башатынан // Кыргызстан маданияты, 1982, №32.

2. Абрамзон С.М. Творчество киргизского народа. "Советская этнография", 3-вып. –М-Л., 1940.

3.Жусупов К. Кыргыз маданиятынын тарыхы. –Б., "Бийиктик", 2006.

4.Орозбаков С. "Манас". 3-том, -Ф., "Кыргызстан", 1981.

5.Каралаев С. "Манас". -Б., "Турар", 2010.

6.Үсөнбаев А. “Саринжи-Бөкөй”. –Ф., “Кыргызстан”, 1981.

7. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-том. –Б., “Учкун концерни”, 1993.

8.Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен.Ч. 5.СПб., 1885,С.3.Алынды: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. –Ф., “Илим”, 1973.

9. Эл ырчылары . –Ф., “Кыргызстан”, 1981.

10. Кебекова Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары. –Б., “Шам”, 2001.

11. Казиев А. Балбай баатырдын керээзи. –Б., 2003.

12. Арстанбек. Керээз. КЭ.Башкы ред. –Б., 1994.

13. Алыкулов Б. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. –Ф., “Кыргызстан”, 1980.

14.Жеңижок. –Б., “Бийиктик”, 2006.

15. Токтогул. 2-том, -Ф., “Кыргызстан”, 1968.

Токтонур Аамат

«МАНАСТАП УРААН ЧАКЫРУУ» ЖАНА «ТУУ» СӨЗДӨРҮНӨ ЖОРОМОЛ

Манас, Манас болгону, Манас атка конгону, «Манастап» ураан чакырып, бүткүл элди бир туу астына жыйып, биримдүүлүккө, ынтымактуулукка үндөп, элдин эгемендүүлүгү үчүн орток бир максатты көздөп келди. Орток бир максаттын туулушу ошол элдин ой-санаасын орток максатка, орток ишенимге, орток сыйынууга үндөө эле. Ошондуктан Манас өзүнүн эгемендүү бийлигин куруп чыгуу үчүн, ошонун урабас пайдубалын уйутуп чыгуу үчүн, өз элин жана өз эли айланасындакы он төрт ханды бир максатка, бир ишенимге келтирүү үчүн орток урааанды атайын жараткан. Ал орток ураан болсо бүткүл кыргыз элинин бир максатын, биримдүүлүгүн, орток ишенимин жана сыйынуусун чагылдырып бере алган «Манастап» ураан чакыргандыктан турат. «Манастап ураан чакыруу» окшобогон орундарда, окшобогон мааниде айтылып келет, бирок түпкү максат Манастын атын гана билдирбестен, жумурай журтту, калың колду бир максатка жыйып, бир ишенимге келтирүү эле. Бул урааанды изилдөөнүн өзүнчө бир илмий куну болуп, “Манас” эпосун изилдөөдө зарыл маселе катарында кабыл алынууга тийиш. Анда сөз оролу ошол мезгилдеки орток ураан катарында кабыл алынган «Манастап ураан чакыруу» жөнүндө болмок.

1.«Манастап ураан чакыруу» эпосто эң алгачында ак бата иретинде айтылып, адилет, теңдик маанисинде колдонулуп, Акбалтанын оозунан төмөнкүдөй айтылат:

Атыңды сенин которуп,
«Чоң Жинди» койгон мен-деди.
Теңирим сүйүп саа койгон,
Атың Манас болуучу.

Аттанып чыктың жаңыдан,

Буза турган бор ушул.

Кагылыштан кан агар,

Кайнап турган кор ушул.

“Манас ” деп ураан чакырып,

Бара турган жол ушул.

Ай- ааламга атагың,

Ага турган кез ушул.

Баргын, Манас бар,-деди.

Болсун жолуң шар,- деди.

Элиңе салган бүлүктү,

Душмандан өчүң ал,- деди.

Бата берип дүркүрөп,

Бардыгы туруп калды эми.

(Жүсүп Мамайдын атуусунда 1- бөлүм, 1- китеп, 407- бет).

Бул саптар Манас менен Көңтөй беттешкенде, Акбалтанын айтып турганы. Ушул саптардын жалпы маанисинен караганда, «Манас» деп ураан чакыруу жакшылык, ыгылык, жеңиш, каалоо маанисиндеги ак бата таризинде турат. «Манас» эркиндик, теңдик, адилет үчүн элдин бактына жаралган алп катарында эпосто айтылат.

2. «Манастап ураан чакыруу» жеке Манастын атын гана билдирбестен, элдин биримдиги, ынтымактыгы, жеңишке болгон максатын жана ишенимин билдирет. «Манастап ураан чакырып» жоого кирген баатыр беттешүүдө жеңбей койбойт.

Мисалы: чоң казатта Манас жоонун ортосунда калган кездеки сүрөттөөдө төмөндөкүдөй айтылат:

Алмамбет жетти айкырып,

Чубак жетти бакырып.

Сыргак тийди бир четте,

“Манастап” ураан чакырып.

Үчөөнүн үнүн укканда,

Кыргыл баштап кырк арстан,

Чогула келсе жапырып.

Ортосунда Айкөлүң,

Жүргөн экен кенебей,

Ошончо жоону сапырып.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 4- китеп, 291- бет)

3. «Манастап ураан чакыргандык» элди биримдүүлүккө, ынтымакка, орток максатка үндөгөндүк маанисинде колдонулуп келет.

Бул ураандын бузулгандыгы элдин ыдырап, ынтымагынын кеткендигин, күчтүн бөлүнгөндүгүн, орток бир максаттан тайгандык маанисин билдирет. Атап айтсак, Чоң казатка бара жатканда, Алмамбет менен Чубактын чатагында ордо атышып жаткан кезде, Чубак чыр чыгарып айтыша кеткенинде төмөнкүдөй ураан чакырылат:

Сом темирин артынып,

Көк ала желек жапырып.

Оолугуп Чубак күркүрөп,

Аттанды Нойгут дүркүрөп.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 3- китеп, 520- бет).

Ушул чатактан кийин, Алмамбет менен Чубак кайра бири-бирине карата туура түшүнүккө келгенден соң, дагы «Манастап ураан чакырууга» карай бет алат. Ушуга дагы нени айтабыз: «Манастап ураан чакыруу» биримдүүлүккө, ынтымактуулукка, орток бир максатка, белгилүү, кудуреттүү ишенимге өкүлдүк кылса, анын тескерисинче «Нойгуттап» айтылган ураан элдин ыркын кетирүүгө, ынтымакты бузууга өкүлдүк кылып айтылган ушул эки ураанды бир-бирине салыштырып олтурсак, «Манастап» чакырылган ураандын мааниси ого бетер айкындалып чыга келет.

4. Кээбир учурда «Манастап ураан чакыруу» жогоруда жоруп өткөн

маанилерден башка Манастын өзүн, Манастын сүрүн, алптыгын, айбатын билдирип келе турган учурларда арбын кездешет.

Мисалы:

Алмамбет эми айкырып,
Көөмөйдөн чыкты чакырып.
“Манастап” ураан чакырып,
“Манастын” атын укканда,
Чабалай калды шашылып.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 4- китеп, 59- бет).

5. «Манастап ураан чакыруу» эпосто кандуу кагылыштарда гана айтылып калбастан, андан башка басакеде, мөөрөй алганда да кездешет. Атап айтсак, Көкөтөйдүн ашында Аккула байгеде утуп чыкканда да «Манастап ураан чакырып», Аккулага Медет жана шык берет. Мисалы:

Тизгинди жайдар коё бер,- деп,
Балага катуу айкырат.
“Манастап» салып урааңды,
Бардыгы тегиз бакырат.
Ай талааны бир алды,
Ат туягы дабырттап,
Куйрук - жалы чачылып.
Аккула учуп баратты.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 2- китеп, 353- бет).

Бир элдин эл болуп түптөлүп, орток максат жана орток ишенимге, сыйынууга келип өздөрүнүн эркиндигин, теңдигин өз колуна алып, адилеттиктин актык туусун желбиретип, эгемендүүлүгүнүн өз колуна тийгендигинин түпкү белгиси - ошол элдин орток эгемендүүлүгүнө өкүлдүк кылган тусуунун болуу-болбоосу менен түздөн-түз байланыштуу.

«Манас» эпосунда айтыла турган туулар окшобогон орунда, окшобогон жагдайда, окшош болбогон маанилерде сүрөттөлөт. Эпосто эң башында Манас

эр жетилип, каруу- жарактары жасалып бүткөндөн кийин, алгачкы жоо менен беттешүүгө чыгаарда, эгемендүүлүктүн белгиси катары туу төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Ороздунун кызыл туу,
Жакып байда бар болчу.
Айчыгын алтын тактырды,
Манастын атын жаздырды.
«Көтөрүп жоодо жүргүн» деп,
Кыргыл чалга тапшырды.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 1- китеп, 391- бет).

Эпосто улут символу катары караган туу жөнүндөгү түшүнүк окшош болбогон учурда, окшош болбогон ыкмаларда сүрөттөлөт, ал эми «Туу», «Асаба», «Желек» болуп айтыла берет. Бирок, булардын иштетилүү орду, маанаси окшобой айтылат. Анда сөз оролуна келели.

1.Туу бийликтин түптөлгөндүгүнө, элдин бир туу астына жыйылгандыгына каратылат. Мисалы:

Чындыгында эр “Манас”,
Жалпайа көчүк койгон жер.
Чылк жибектен боосу,
Ороздунун кызыл туу.
Абаң Кошой карыя,
Туу байлатып салган жер.
Делбиретип асманга,
Бийик кадап салган жер.
Үч Кошойду чатырдан,
Узатып туруп калган жер.
Эки күн өргүп кетмекчи,
Эрен “Манас” кеменгер.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 3- китеп, 82- бет).

Бул Манас Таласты конуш тутуп, ордо курганда айтылган сүрөттөмө болуп, туу болсо тынч мезгилдеки бийликтин калыптанышканына жана көз карандысыз эгемендүүлүктүн иш жүзүнө ашкандыгына карата айтылып жатат.

Туу кан кечкен, баш кескен, чокмор менен чокулашкан, кандуу кагылыштарда айтылат. Мисалы: Чинаача менен айкөл Манас беттешип чабуулга өткөн кезде туу төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Айкөлүңдүн алтын туу,
Айланасы чачылуу.
Азаматтар элирип,
Күүлөнүп турган аттарын,
Ого бетер теминип,
Тогошо турган майданга,
Топ болушту жардана.
Тууну кармап турган кез,
Абаң Бакай карыя.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 3- китеп, 231- бет).

Падышалык бийлик менен туу бир өңчөй катарда туруп, падышалык мансаптын символу катарында сүрөттөлөт. Манас хан Бээжинге карай бет алганда Алмамбетти хандык мансапка олтургузат. Чоң Казат башталаар алдында хандык такты жана тууну Алмамбет Бакайга өткөрүп берет. Ошол жердеки сүрөттөмө мындай айтылат:

Абам Бакай карыбыз,
Эп көрсө турган баарыбыз.
Бул канткениң, койчу деп,
Бузбаса Манас залыбыз.
Айчыгы алтын туу кармап,
Уруш акыр болгуча.
Паашалык такты алыңыз.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1- бөлүм, 4- китеп, 210- бет).

«Асаба» жөнүндө.

Асаба негизинен салтанаттуу мааракелерде, сүйүнүчү койнуна батпаган кубанычтуу учурларда, жеңиштен кийинки шаңдуу чогулуштарда айтылат. Буга далил сыңары айта турганыбыз, Манас Алмамбет менен таанышып, түшү өңүндө көрүлүп, кубанычы койнуна батпай турган жерин мындай сүрөттөйт:

Аккуланы баш кылып,
Алып кел тулпар камда,- деп.
Ак күбө тонду жапкыла,
Асабаны аскыла,
Алып келип ат - тонду,
Алмамбетке тарткыла,
Салтыбызга Алмаңа,
Сары улактан тапкыла.
Салтанаттап урматтап,
Садагасын каккыла.

Эпосто асаба жайчылыкта, жыргал учурда, кубанычтуу күндөрдө асылып, элдин тынчтыгын билдирип келет.

«Желек» жөнүндө.

Желек негизинен аскерий жүрүш жана чогулуштарда кандуу кагылышка аттанарда айтылып, туунун жандоочусу сыңары сүрөттөлөт.

Бакай хан болуп шайланып, Бээжинди карай бет алып Чоң Казатка жөнөөрдө төмөнкүдөй айтылат:

Тууга желек байлады,
Турган жерде байкады,
Хандыкка минтип шайлады.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1-бөлүм, 3-китеп, 389- бет).

Бул жерде «тууга желек байлады» деш аркылуу, аскерий жүрүшкө аттанаар мезгилдеги элдин бир туу астына чогулган ынтымагын, биримдигин

символикалык мааниде айтып жатат.

Жогорку оюбузду чогултуп айтканда, «Туу», «Асаба», «Желектердин» эпосто колдонулушу, асылуу орду, иштетилүү мааниси окшобойт. Мындан бөлөк кээ бир учурда «Байрак» сөзүн кездештирүүгө болот. Мисалы: Кароолчу куу түлкүнү табаарда Алмамбеттин айтканы мындай:

Тумандан түлкү шек алып,
Кеткен болсо чокуга,
Доол уруп үн салып,
Байрак булгап келгин- деп,
Чакырамын баргыла.

(Жүсүп Мамай айтымы, 1 –бөлүм, 3-китеп, 416-бет).

«Байрак» сөзү тегинде тил таасиринен улам эпоско кийинки учурларда сиңген болсо керек. Демек, «Манас» эбегейсиз энциклопедия болуп, андан кыргыздардын нечен он кылымдык саясий, коомдук , аскерий жагдайын жана турмушун билип алууга болот. Бул макалада айтылганы, ошолор ичиндеги азыноолак ой жана тамчы болуп, ар бир салаа боюнча үңүлө чымырканып көшөрө изденгенде анан, ата-бабаларыбыздын акыл данегин таап, кенчин көмөктөгөнү болот.

Садырова Замира

“МАНАС” ЭПОСУ ЭТНОМАДАНИЯТ ӨЗӨГҮНҮН МУУНДАР АРАЛЫК ӨТКӨРГҮЧҮ КАТАРЫ

Кыргыздардын кылымдар бою калыптанган улуттук-аң сезими бир катар түпкүлүктүү баалуулуктарга негизделип, көптөгөн уңгулуу башаттардан азык алып турат. Баатырдык “Манас” дастаны өзүндө баяндалган кыргыздын кан-жанына сиңген бийик адеп-ахлактык эрежелер менен этикалык ченемдердин негизинде мезгилдердин байланышынын жана муундардын өтмө катар жакындыгын камсыз кылып, ал касиетти улам урпактарга жеткирүүгө мүмкүндүк берди.

“Манас” эпосу сандаган кылымдар бою оозеки дастан түрүндө өркүндөп-өсүп, жүз миңдеген ыр саптарын эстеп калууга кудурети бар, отурган жеринде ыр саптарын куюлуштура, тынымы жок айтып, эпостун катмарына өз элинин баатырдыгы жөнүндөгү маалыматтарды табигый түрдө кошумчалап киргизип, ошонусу менен кыргыз элинин улуу чыгармасын өнүктүрүп байыткан элибиздин өтө чыгаан таланттары тарабынан муундан-муунга өтүп келет.

"Манас" эпосу кыргыз урууларынын өткөн кылымдардагы этнографиялык турмушунун жана мифологиясынын гана энциклопедиясы эмес, ал – кыргыз коомунун далай кылымдар бою башынан өткөргөн чыныгы тарыхый окуяларын да көркөм чыгарма аркылуу билдирген баян болуп эсептелет. Тарыхта кыргыздар жөнүндөгү маалымат биздин заманга чейинки II кылымдан, башкача айтканда эки миң жылдан мурун башталат. Ошол убактан бери элдин башынан нечен түрдүү оорчулуктар, жабырчылыктар, ар түрдүү кезеңдер өттү, Бир жагынан, эмгекчил эл өздөрүнүн ичиндеги эзүүчүлөрдөн, мисалы эпостогу Көбөш хан сыяктуу мыкаачы хандардан, зулумдардан жабыр тартса, экинчи жагынан, элди талап, чаап кетүүчү баскынчылардан кордук көргөн. Бул жерде биз, асиресе байыркы жана орто кылымдарда Борбордук Азиядагы көчмөн урууларынын байыр алып бир жерде турбастан, биринин

жерине бири өтүп, биринин малын экинчиси талап, чаап алып турганы жоокерчилик доорду эске алышыбыз керек. Бул окуялардын саркындысы, мисалы кыргыздар менен казактардын, кыргыздар менен текестик калмактардын ортосунда, кыргыз урууларынын эле өз арасында жылкы тийип кетүү сыяктуу барымтачылык фактылары, кечээки эле убактарга чейин, Россияга кошулганга чейин орун алып келгендиги белгилүү. Мындай окуяларда оорчулук биринчи иретте калың эмгекчилердин башына түшкөн; бүт эл жабыр тартып, кызыл кыргынга учураган. Андай окуялар тарыхтан, тил жана адабият эстеликтеринен орун албай койгон эмес. VI-VIII кылымдарга тийиштүү Орхон – Енисей эстеликтери мына ошол тарыхый окуялардын четин гана эске салат. Ошол жазуулардын биринде, мисалы Култегиндин эстелигинде “Биз найза бойлобогон кардуу жерден жол салып, Көгмөн тоосун ашып түшүп, түнүчүндө уктап жаткан кыргыздардын таш-талканын чыгардык" деп жазылган [1.32]. Бул – ошол VIII кылымдагы түрктөрдүн байыркы кыргыз урууларына жасаган казаттарынын бири гана. Кыргыз урууларына каршы болгон буга окшогон бзскынчылык казаттар байыркы уйгурлар (VIII-X кылымдар), кидандар (кара кытайлар, X-XII кк.), монголдор (XII-XШ кк.), манжуулар, ойроттор, жунгарлар (калмактар, XVI-XVIII кк.) ж. б. уруулар, элдер тарабынан VIII-XVIII кылымдарда, башкача айтканда миң жылдар бою орун алып келгендиги кытай жана башка азиялык, европалык элдердин тарыхында эчак маалым. Ушунчалык узак убакыттын ичинде улам үстөкө-босток кайталап турган баскынчылык чабуулдардын, кызыл кыргын согуштардын натыйжасында тарыхта белгилүү нечен-нечен урууларлын жана бүт элдердин дайыны чыкпай кетти. Мына ошондой татаал кезеңдерде аты өчүп кетпестен, өзүнчө элдигин сактап калган калктардын бири кыргыздар.

Эң оболу элдик ооз эки чыгармачылык этномаданияттын элементи болуп санала алабы деген суроого жооп издесек. Этникалык маданияттын негизги көрсөткүчү катары этносоциалдык эс тутум эсептелет. Тил, билим, искусство, материалдык маданият, улуттук салт-санаа, үрп-адаттар, этика жана тарбиянын

адаттык системасы, элдик акылмандык, элдин медицина ж.б. этносоциалдык эс-тутумдун негизги элементтери болуп саналат. Ал эми этномаданияттын алып жүрүүчүлөрү болуп негизинен этникалык жалпылык эсептелет [2.45].

Белгилеп кетүүчү жагдай, өткөндүн маданий мурастарын сактоо коомдук бирикмелердин тарыхый өнүгүшү менен байланыштуу. Ооз эки чыгармаларды, уламыштарды муундан муунга өткөрүү өтө оор. Эпосту башынан аягына чейин айтуу үчүн айтуучу артыкча эс-тутумга жана өзгөчө шыкка ээ болуу керек. Мисалы, байыркы индиялык “Махабхарата” эпосун көчүрүү үчүн (кол менен) төрт ай керек, ал эми кытай мезгили “Үч падышачылыкка” (“Троецарствия”) бир жыл керек.

Дагы бир жагдай социалдык жалпылыктагы маалымат байланыштарын карасак. Маалымат байланыштарын А.С.Арутюнов жана Н.Н.Чебоксаров “синхрондук” (горизонталдык) жана “диахрондук”(вертикалдык) кылып экиге бөлүшөт. Синхрондук жагдай б.а. адамдар ортосундагы маалымат байланыштары ооз эки же жазуу түрүндө ишке ашырылат. Ал эми диахрондук жагдайда элдин жалпы маданий үрп-адат, салт-санаасы, анын чыгармачылык мурасы муундан муунга оозеки, адабий-жазма жана материалдык көркөм формасында өтөт [3.23]. Дайыма болуп туруучу диахрондук маалымат байланыштары этностун муундар ортосундагы туруктуулукту шарттап, улантуучулукту камсыз кылат.

Этникалык жалпылыктын бардык категориялары (уруу, элдүүлүк, эл ж.б.у.с) маалымат байланыштарына негизделген. С.А.Арутюнов менен Н.Н.Чебоксаровдун пикиринде, этнос-бул “маалыматтардын уюткусу”. Ал эми социоэстутумдун алып жүрүүчүлөрү катары муундар ортосундагы маданий мурасты камсыз кылган социомаданий каражаттар эсептелет. Ал эми адам же биздин жагдайда манасчы же айтуучу тажрыйбалык жана таанып билүү ишмердүүлүгүндө, социалдык эстутумда борбордук орунду ээлейт. Жалпысынан этномаданиятты муундан муунга көздүн карегиндей сактап өткөрүү маселеси ички этникалык байланыштардын тыгыздыгынан да көз

каранды.

Мезгил талабына ылайык массалык маалымат каражаттары да улуттук маданиятты жайылтууда чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди. Мисалы, “Манас” эпосун мурун ондогон эле адамдар уга алса, азыр манасчылар үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылды. Аларды радио, телевидение аркылуу миллиондогон эл угуп, көрө алышат. Өз кезегинде. Ч.Айтматов “массалык маалымат каражаттары начар фольклорду дагы улуттук руханий баалуулукка алып чыгууда”[4.105] деп белгилеген.

Улуттук (этникалык) үрп-адат муундан муунга өтүп туруучу этникалык жалпылыктын материалдык жана руханий маданиятынын бирдиктүү системасын түзөт. Ар кайсы элдердин тарыхый өнүгүү процессинде бардык эле үрп-адаттар, салт-санаалар сакталып калган эмес. Тигил же бул этникалык жалпылыктын кээ бир жана баалуу гана салттары сакталып калган. Улуттук салттуулуктун бирден бир жогорку көрсөткүчү катары “Манас” эпосу, кыргыз элинин бир нече миң жылдыктарга созулган тарыхында бүгүнкү күнгө чейин сакталып, байып, кеңейип келе жатат. Этникалык үрп-адат азыркы күндө динамикалуу өнүгүүдө. Ошентип, улуттук маданий үрп-адаттарды кайра жаратып, анын өзгөчөлүгүн эске алуу менен, замандын талабына карата өнүктүрүү зарылдыгы бар.

Этномаданияттын негизги элементи катары

- тил;
- элдик билим;
- элдик искусство;
- материалдык маданият (улуттук кийим, турак-жай, эмерек ж.б.)
- улуттук каада-салттар жана үрп адаттар;
- элдик адеп;
- элдик философия жана тарбиянын салттык системасы;
- элдик медицина эсептелет.

Жогоруда айтылган этникалык маданияттын элементтерине азыноолак

токтоло кетсек.

Тил – этникалык таандыктын бирден-бир негизги белгиси. Ар бир элдин тили – кайталангыс феномен, анын бузулушу же жоюлушу орду толгус жоготууларга алып келет. Чындыгында элдин маданиятын жана анын тарыхый мурастарын тил аркылуу гана тааный алабыз. К.В.Чистов белгилегендей, “тил (алгач социалдык функциясын карасак) элдин тарыхын чагылдырат, коңшулар менен болгон байланыштарынын мүнөзүн, анын социалдык дифференциациясын, маданий өнүгүүсүнүн баскычын, демек, тигил же бул этностун өнүгүүсүндө маданияттын этникалык образын ачып көрсөтөт”[5.249].

Сөз атасы кызыл тил демекчи “Манас” эпосу тилдин касиети, күчү менен гана азыркы дүйнөлүк маданияттын туу чокусуна жетип отурат. Тил аркылуу гана эпостун поэтикасы жетик, таамай жана көркөм угулат.

Ал эми элдик билим чөйрөсүнө көңүл бурсак. Этностун бирдиктүү маданиятын таанып билүү үчүн, анын тарыхый - генетикасын изилдеп, функцияларын ачып бергенде гана билимдин ар кайсы тармактарынын өзгөчөлүктөрү натыйжалуу, даана көрүнөт. Элдик билим муундан муунга ички этникалык өз-ара байланыш процессинде гана өтө алат. Элдик медицина, элдик календарь, элдик метеорология, педагогика, психология ж.б. “элдик билим чөйрө” деген түшүнүккө камтылат.

Азыркы мезгилде көптөгөн этникалык жалпылыктардын салттуу элдик билимдери өзгөрүүгө учуроодо, ал эмес элдик билимдин кээ бир элементтери толугу менен жоголуп кетти. Бул кээ бир элдик өндүрүштүн жана кол-өнөрчүлүктүн толук жоголушу менен түшүндүрүлөт.

Ар бир элдин турмушунда салттуу медицинанын орду бар. Элдин ден-соолукту сактоо жана ага болгон мамилесине карата топтолгон билимдери, салттуу медицина маданияты болуп түшүндүрүлөт. Өнүгүү процессинде ар бир эл курчап турган шартка байланыштуу тамактануунун ылайыктуу өлчөмүн, эмгектин жана эс-алуунун тартибин, дарылоонун ыкмаларын жана каражаттарын иштеп чыгышкан. А.А. Воронов өзүнүн иликтөөлөрүндө салттуу

медицинаны: салттуу ооз эки жана салттуу жазма медицина деп бөлөт [6.125]. Биринчиси муундан муунга ооз эки жеке байланыштардын натыйжасында ал эми экинчиси ар кандай жазма чыгармаларда гана сакталган. Салттуу медицина элдин маданиятынын негизги элементи болуп саналат. Маселен, бизге белгилүү тибет, кытай, араб ж.б. салттуу медицина системалары бар. Кыргыз элинде салттуу медицинага: эмдөө, учуктоо, баш теңдөө ж.б.у.с. кирет. Мисалы, “Манас” эпосунда Манастын төрөлүшүнө Умай эненин касиети, кудурети жардам берди деп айтылат.

Элдик искусствонун чыгармалары этностун жашоосунун элементи катары белгилүү. Элдик фольклорго көңүл бурсак. Бул элдин маданий иш аракетинин, тарыхый үрп-адаттардын формасы. Алардын ичинен элдик ырларды, уламыштарды, ылакаптарды билебиз. Ал эми элдин тарыхый басып өткөн жолун сүрөттөө катары эпос эсептелет. Кыргыз элинде мындай эпос “Манас” үчилтиги болуп саналат. Манастын өзөгүн түзгөн тема бул - чачыраган элди бириктирип, сырткы басып алуучуларга болгон кыргыз элинин күрөшү.

Биздин пикирибизде элдик ооз эки чыгармачылыкта эпостор, уламыштар этномаданияттын элементтеринин бири экендигин ишенимдүү белгилесек болот. Жогоруда белгиленген этномаданияттын элементтеринин бардыгы “Манас” эпосунда кеңири орун алган.

Албетте, кыргыздардын элдигин сактап келишинин толгон себептери бар. Ошол көп себептердин ичинде тыштан келип кол салган жоого каршы элдин башын кошуп, баштап чыгуучу ары акылман, ары баатыр, Манас, Бакай, Кошой, Семетей, Каныкей, Айчүрөк, Сейтек, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Күлчоро сыяктуу эл коргогон эрлердин болушу чоң мааниге ээ. Бул аталган баатырлардын ысымдары тарыхка туура келе койбостур, бирок алар – чыныгы турмушта болгон баатырлардын көркөм чыгармада калган элеси. Ошондуктан да "Манас" бул көркөм чыгарма, эпос.

"Манас" эпосу кыргыздардын өткөн доордогу коомдук экономикалык

мамилеси, идеологиясы, кайсы элдер менен мамиле жасагандыгы, кайсы географиялык аймактарда жашагандыгы жөнүндө да толгон маалыматтарды бере алат.

Мына ошондуктан, "Манас" эпосун кыргыз элинин өткөн кылымдардагы турмушу жөнүндөгү монументалдуу эстелиги, анын өмүр баяны жөнүндөгү өзүнчө бир энциклопедиясы деп кароого болот.

“Манас” эпосунун дүйнөдөгү башка белгилүү эпостордон өзгөчө айырмасы анын оозеки мүнөзүндө аталышы. Сыягы, бул Борбордук Азия аймагындагы талаа мейкиндиктеринде жашаган байыркы көчмөн кыргыз уруулары менен уруктарынын турмуш-тиричилигинин өзгөчөлүктөрү, ошондой эле алар чечүүгө туура келген милдеттердин өзгөчө мүнөзү менен байланыштуу болсо керек. Биздин түп бабаларыбыздын жол тандоосу, эки жагдайдан турган: чачкын-бытыранды жашап, өздөрүн көптөгөн ички-тышкы коркунучтар астында кыйрап жоголуу тобокелин же биргелешип өмүр кечирүү жана тышкы коркунучтар менен күрөшүү үчүн ынтымакка келүү.

Кыргыз элинин оозеки адабияты формасы жагынан да, мазмуну жагынан да, көлөмү жагынан да таң каларлык бай, түгөнгүс кенч. Адам баласынын мамилелерине, анын табигатка көз карашына карата таамай айтылган макал-ылакаптар, афоризмдер; жаратылышты, жан-жаныбарларды билүүгө байланыштуу тамсилдер, табышмактар коомдук турмушка байланыштуу акыл-насаат берүүнү көздөгөн санаттар, эмгекке, махабатка арналган лирикалык сонун ырлар; кадимки турмуш менен фантазия аралашкан укмуштуу жөө жомоктор жана да оозеки адабиятты биз атабаган толуп жаткан башка түрлөрү, – мына ушулардын баары эмгекчил элдин чыгармачылык шыгынын натыйжасы жана этномаданияттын көөнөрбөс угуту.

Биринчи кезекте, эпосто этнографиялык фактылардын кең орун алгандыгын эске алуу зарыл. Анда айтылган негизинен мал чарбачылык менен өмүр сүргөн көчмөн уруулар, алардын турмушу, аталышы жана өз ара мамилелери, үй-бүлөнүн бир-бири менен болгон мамилеси, тамак-аштарынын,

кийим-кечектеринин, үй-жайынын, урунган курал-жабдыктарынын аталышы, аш-тойлордогу салт-жөрөлгөлөрү, адамдардан бир-бири менен болгон мамилесиндеги каадалар, каармандардын мүнөздөрү, алардын диний ишенимдери жана да башка толуп жаткан фактылар элдин мурунку замандардагы психологиясын жана турмушун изилдөөдө табылгыс материал болуп саналат.

Улуттук аң-сезим, өзүнүн өткөнү, тарыхый тамырлары, тигил же бул элге таандык болмуштары, уламыштары, эмблемалары жана башка белгилери бар тигил же бул этникалык топко кирген адам аброюн идентификациялоонун механизмин өз ичине камтыйт. Кыргыз элинин жашоо-турмушундагы “Манас” эпосунун мааниси адабий же көркөмдүк алкактан алыс кетет. Бул биздин тарыхыбыздын түздөн-түз чагылышы. Биздин улуттук сыймыгыбыз жана ыйык кенчибиз.

“Манас” эпосу этномаданияттын өзөгү катары кылымдар арасына муундан муунга өтүп келет. Эпосто айтылгандай,

“Уламадан уккан сөз,
Угуттанып чыккан сөз.
Арбын жомок – толгон сөз,
Ат көтөргүс болгон сөз.
Эрендерден алган сөз,
Энчи болуп калган сөз.
Карылардан алган сөз,
Калк ичинде калган сөз.
Белес-белден бороондоп,
Беш удургуп өткөн сөз.
Кылымдардын кыйрынан,
Кыл чайнаган кыргызга
Желдей тарап кеткен сөз...”

1. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности. М-Л., 1951, с. 32

2. В.Бромлей. Очерки теории этноса. М., 1972. с.45

3. Арутюнов С.А., Чебоксаров Н.Н. Передача информации как механизм существование этносоциальных и биоглогических групп человечества // Расы и народы. М., 1972. –Вып. 2. с.23.

4. Айтматов Ч.Т. Национальная культура в век массовой информации // Литературный Киргизстан. Ф., 1989. №3. с.103.

5. Чистов К.В. Этническая общность, этническое сознание и некоторые проблемы духовной культуры. М., 1977.с. 249.

6. Воронов А.А. Традиционная медицинская культура и этническая экология // Этническая экология: теория и практика. М., 1991. с.125.

Амантур Абдырасул

«МАНАСТЫН» ЖҮСҮП МАМАЙ ВАРИАНТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭТНОНИМИ

«Манас» эпосунун Жүсүп Мамай варианты окуя-сюжеттерге бай, маалымат кампасы камтыган мазмуну кең, өзүнчө көлөмдүү да көркөм вариант эсептелет. Аталган вариантта, кыргыздардын келип чыгышы жөнүндө да бир топ маанилүү маалыматтар берилип, тарых-тамырыбызды такташыбызга өбөлгө түзөт.

«Кыргыз» этнонимі жөнүндө, мындайча айтканда «кыргыз» деген улут наамынын келип чыгыш төркүнү (этимологиясы) жөнүндө кытайлык, кыргызстандык жана чет өлкөлүк көптөгөн тарыхчы илимпоздор менен кыргыз таануучулар байыркы кытайча, араб-фарсиче тарыхый жазмаларга таянып жана «Манас» эпосундагы кыргыздардын улуттук уламыштарына сөөнүп бир топ натыйжалуу иликтөөлөрдү жүргүзүп, айтаарлыктай ири ийгиликтерге кол жеткирди. Алардын айрымдары «кыргыз» деген улут наамын байыркы түркү тилинин сөз жасоо ыкымына таянып, андан ар түрдүү маанилерди чыгарса, айрымдары кыргыздар жөнүндөгү байыркы тарыхый жазмаларга жана улуу Манас» эпосуна таянып кээ бир тийимдүү тыянактарды чыгарышты.

Айтор, кыргыздын улут наамынын келип чыгышы жөнүндө илимпоздор жагынан көптөгөн талаш-тартыштар жүргүзүлүп, ар кимиси ар башка жоруп, кээ бир ынанымдуу жүйөлөрдү ортого салган болсо да, азырга чейин пикир бирдиги пайда болбой, орток таанымга жетишилбей, бул иш али туюк бойдон тыянаксыз калууда.

1.Төрт айтым.

Эми, төмөндө «кыргыз» этнонимі тууралуу «Манастын» Жүсүп Мамай вариантындагы 4 түрдүү айтымды ортого салып өтөбүз:

1.«Кыр кез» айтымы.

Уламадан уласак,
Укмуштардан сурасак,
Огузкандан тараган,
Калашкан деген бар экен,
Канча атасы журт бийлеп,
Калк башкарган зал экен.
Ай чырайлуу нур жүздүү,
Адамдан сулуу жан экен,
Элинде чаар балдарды,
Көрүмсүз өскөн жандарды,
“Серт болуп кетер элим ” деп,
“Кылымга кетер кебим ” деп,
Кырып салчу хан экен.
Калаштын эркe катыны,
Бойкат болуп калганы,
Тогуз ай тогуз күн өтүп,
Төрөбөйт деген көрөр көз,
Маминтип эркек төрөп салганы,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Калашкандын баласы,
Жашы төрткө толгону,
Чечек чыгып жүзүнө,
Нурдуу жүзү соолгону,
Муну көрүп Калашкан,
Чоң кайгылуу болгону.
Тили кыска Калашкан,
Айткан кепке көнүптүр,
Айласыздан баласын,

“Өлтүрсөң өлтүр муну” деп,

Вазирине бериптир,

Хандан жарлык болгон соң,

Вазири карап турбаптыр,

Уул-кыздан издетип,

Бир кыйланы жыйнаптыр,

Баштап алып балдарды,

Ээн тоого келиптир,

“Атыңар “кыр кез ” болсун ” деп,

Балдарды таштап кетиптир,

“Кыргыз ” делип жүргөн сөз,

Ошол “кыр кез” аттан келиптир [1].

Демек, жогоруда айтылгандай, жомокто байыркы кыргыздарда Калашкан деген бир кан өткөн экен, Калашкан тегинде Огузкандын уулу экен. Ал кандык такка отурган соң жарлык түшүрүп каганатындагы бети чаар адамдарды бүт кырдырат экен, кийинче анын катыны бир бала төрөп, баласы бешке чыкканда чечек чыгып бети чаар болуп калыптыр. Ал кантээрин биле албай, акыры обозгерлеринин кеңеши менен Чаар баласына бир канча уул-кыздарды кошуп, аларды алыскы тоого алып барып салыптыр. Чаар канзаада ал жерде уул-кыздар менен көктөп-шактап, алдын бала басып, аркасын мал басып, жоон топ эл болуп, суусу мол, чөбү чүйгүн жерлерде оторлоп тиричилик кылып жүрүптүр, чекебелиндеги элдер аларга “кыр кездер”, же болбосо “кыр-кырда кезип жүрчүлөр” деген атты коюшуптур, бул эки сөз биригип кнйинче “тоодогу көчмөндөр” деген маанини туюнтуп Айтууларга караганда, Бөйөнкан, Чаянкан, Каракан, Орозду, Жакыпкан, Манас сыяктуулар ошол канзааданын урпактары экен, «кыр гез» деген сөздүн тыбыштамасы «кыргыз» дегенге өтө жакын болуп, «кыргыз» деген ат ошол «кыр кез» дегенден келип чыккан экен [2].

Аалымдардын анализдешинче да, кыргыздар эзэлтеден тоону бел кылып, тоого калкаланып, кырларда жашаган эл болгондуктан, тоо маанисиндеги

«кыр» деген сөзгө «кезип жүрүү» деген маанидеги «кез» сөзүн жалгап «кыр кез» - «тоо-кырларда кезип жүрчү эл» дегенди туюнтчу «кыр кез» деген сөздү өзүнө улут наамы кылган деп божомолдошот.

2.«Кырк жүз» айтымы.

“Манастын” Жүсүп Мамай айтымындагы «кыргыздардын таралышы»[3] бөлүгүндө:

Энесайдын боюнда,
Кан Мамайдын доорунда,
Кырк уруу биздин эл болду,
Энесай бою кең болду,
Эгин эксек мол болду,
Каптап калың короону,
Кайкалаган кой болду,
Жайылып жылкы төр-төрдө,
Суу бойлоп уйлар топ болду,
Өркөчтөрүн койкойтуп,
Сай-сайга төөлөр жык толду,
Төрт түлүк түтөп өрүштө,
Телегейи тең болду,
Кыдырып жүргөн ар кайда,
Кырк уруу келип топтолду,
Уруктап үрөн-бутактап,
Кырк уруу кырк жүз эл болду,
Кырылбай жооңду кыргын деп,
Кырк урууллуу кырк жүзгө,
Кыргыз деп Мамай ат койду,
Ошол күндөн ушул күн,
Кырк уруу-кырк жүз элине,
Кыргыз деген ат конду» - деп баяндалат.

«Манас» дастанынын окшобогон варианттарында “кырк жүз” айтымы боюнча дагы мындай баяндар бар: илгери өткөн заманда оттуу-суулуу, малга-данга ыңгайлуу бир кеңири өрөөн болуп, жерден Энесай деген бир чоң дарыя агып өтөт экен, дарыянын эки жээгинде көптөгөн эл жашайт экен, ал элдин падышасы акылман, баатыр, адилеттүү падыша болуп, аты кан Мамай экен. Падышанын чар тарабындагы көптөгөн элдер падышага баш уруп, падышанын жарандары арб өлкөсү күчтөнүп, падышага караган эл кырк уруу эл болуптур, ал кезде “жүз” деген уруу дегенди билдирип (бул адат азыркы казактарда калган), “кырк жүз” деген “кырк уруу эл” дегенди туюнтуп “кырк жүз” деген ошондон калган экен.

Улуу орус окумуштуусу В.Радлов: “кыргыз” деген сөз, кыргыз элинин “кырк” жана “жүз” деген уңгу сөзүнөн келип чыккан, мунун маниси тарап-тарапта жашаган кырк уруу эл деген болот» [4] жазат.

3.«Кырк кыз» айтымы.

«Кырк кыз» айтымынын эки түпдүү варианты бар, биринчиси Жүсүп Мамайдын айтымындагы алгачкы «Манас» варианты болсо; экинчиси кытайча байыркы жазмалардагы айтым.

Жүсүп Мамайдын вариантындагы эпизоддор менен элдик айрым уламыштарга негизден: “Кешмир деген шаарда шайык Мансур олуя деген киши жашаган экен, ал кудай жолуна берилген адам болгондуктан, катын алып үйлөнбөй, карындашы Аналды күйөөгө бербей өз кызматына салып жүрүптүр, ошентип “карындашын катындыкка алып алды” деген кабар падышанын кулагына жетип падыша аларды чакыртып келип сураса, ал экөө “бири-бирибизден ажырабайбыз” деп бекем туруп алгандыктан, падыша Аналдын сулуулугуна суктанып, шайык Мансурду жазалап дарга астырып өлтүрүптүр, падыша анын сөөгүн өрттөтүп, күлүн сууга төктүрүп жибериптир, чарбакта ойноп жүргөн падышанын Шаазадасы баштап кырк кыз сонуркап суудан ичип, боозуп калып, падыша аларды ээн тоого сүргүн кылып, алардан төрөлгөн урпактар кырк кыз атыккан экен” деп айтылат. Жүсүп Мамайдын алгачкы вариантынан бул

тууралуу мындай саптарды окуса болот:

Кешмир кенен шаарында,
Шайык Мансур олуя,
Туулган экен ошондо,
Бир атадан эки жан,
Бири ургачы бири эркек,
Уулдун аты “Мансур”деп,
Кыздын аты “Анал” деп,
Атадан жетим калышат,
Бири-бирине карашып,
Бирин-бири багышат.
Кулчулук кылып кудайга,
Олуя болду ал Мансур,
Олуя атка конгондо,
“Шайык Мансур” деп атап,
"Шайык" атка конгон чак,
Кайры диндер көп болгон,
Карашар киши жок болгон,
“Катын албай бул Мансур
Карындашын алды” деп,
Жаман атты кеп болгон.
Жаман атты жалган сөз,
Калк аралап кетиптир,
Падышага жетиптир.
Буйрук кылып падыша:
“Дарды азыр белендеп,
Алып чыгып Мансурду,
Дарга асып келгин” деп,
Даяр кылып дарларын,

Киши өлтүрчү жарагын,
Көрүнө элге билгизип,
Аналды алчу талабын.
Кешмирдин каны Алхандын,
Дарга астырды Мансурду,
Арканды чындап тартканда,
Бутун жерге тийгизбей,
Ат жыгачка асканда,
Кудайдын кулу Мансурдун,
Кулчулугу жалган го,
Айткан сөздөн кайтканда,
Тили келди ошондо,
“Анал да ак, мен да ак”,
Ушул сөздү айтканда,
Жаны чыкты Мансурдун,
Жаа менен октоп атканда,
Өлүгүн алып өрттөшүп,
Сапырып күлүн чачканда,
Алхан көрүп кеп айтат:
“Күлүн чачпа мунун” дейт,
“Чогуу салып чарага,
Апарып сууга куйгун” дейт.
Бакта дуулап бийке кыз,
Жолдошу менен кырк болгон,
Бойго жетип солкулдап,
Оюн-зоокко карк толгон.
Ошол кезде баягы,
Арыкка салып аткан күл,
Бакка кирген чак болгон.

Арыкты бойлоп олтурса,
Агып келет ак көбүк,
Көзүнө жакшы көрүндү,
Аны көрүп ичүүгө,
Кыздардын көөнү бөлүндү,
Көбүктөн сүзүп алышып,
Ууртап алып көбүктү,
Суусаганы канышты,
Тамашасын жыйнашып,
Ордого кетип калышты.
Үч ай ойноп күлүштү,
Эркинче кыздар жүрүштү,
Чоңоюп ичи томпоюп,
Ооруганын көрүштү,
Ойноп жүрүп талаада,
Ак көбүктү ичкенин,
Ойлоп анда билишти.
Жалгыз жанга көрүнбөй,
Караңгылап жүрүштү,
Кудайдан башка ким билет,
Бул өндөнгөн жумушту.
Кабар угуп аяктан,
Ачууланып алханы:
“Аксакалдар кирсин” деп,
“Убазырлерим келсин” деп,
Калыс киши жиберди,
Ал сөздөрү ырас деп,
Айтып кабар бергени,
“Кызың бооз” дегенде,

Алхан катуу тердеди.
Эли-журтун жыйнады,
Жалгыз кызы Шаазада,
Өлтүрүүгө кыйбады.
“Адамсыз жерге жогот” деп,
Айтып өкүм кылганы,
Айтканын кылып желдеттер,
Ага карап турбады,
Шаазаданы баш кылып,
Кыздын баарын жыйнады,
Көргөзүп көзгө булутту,
Өрдөтүп айдап колотту,
Адамы жок адырга,
Айдап барып жоготту.
Тогуз ай күнү бүтүптүр,
Күн болжолу жетиптир,
Эми кыздар кетиптир,
Чын айласы кетиптир,
Жыйырма уул жыйырма кыз,
Бул дүйнөгө келиптир,
Өсүп бойго жеткенде,
Бири-бирине бериптир,
“Кырк кыздын эли-журту” деп,
Дүйнөгө атак кетиптир [5].

Эми, бул айтымдын экинчи варианты боюнча токтоло турган болсок, кытай тилиндеги эски жазма «Юан суладасы тарыхында» ошол кездеги кыргыздардын элдик уламыштарына таянып жана “кыргыз” деген сөздүн фонетикалык маанисине карап “кыргыздар хан элинен болгон 40 кыздын огуздар менен баш кошушунан көктөп-шактаган, ошого “кырк кыз” (кыргыз)

деп аталган» [6] деп жазылган.

Окумуштуу Тенешев да: «“кыргыз” деген сөз “кырк” жана “кыз” деген уңгу сөздөрдүн кошулмасынан келип чыккан» [7] деп жазат.

Мындан башка, Сайпидин Аксыкендинин 1495-жылы парыс тилинде жазылган «Мажму ат таварых» (Тарыхтар жыйнагы) аттуу атактуу эмгегинде 1127-жылы кыргыздардын оң жана сол деп экиге бөлүнгөнү, алардын түпкү атасы Аналхак болгону, Аналхактан ак уулга чейин 20 ата, куу уулга чейин 23 ата өткөнү тууралуу кабар берет. Мындагы “Аналхакты” дал “кырк кыз” айтымындагы "Аналдын ” прототиби десек болот.

Бул динчил феодал таптардын ойдурмасы болуп, кыргыздарды Ирандын дин безер тарыхый инсаны менен караманча байланыштырган. Тарыхый материализмге шай келбеген суу ичип боозуудай мындай обу жок эпизоддор тарыхый чындыкка жатпаган сандырак болуп эсептелсе да, бирок булардан өзүнчө маанилерди таап, көркөм-эстетикалык үзүр алса болот.

4.«Кыр огуз» айтымы.

«Манас» дастанынын Жүсүп Мамай айтымында [8]:

Түп атабыз Огузкан,

Огузкандан уул туулган,

Бузулбай баары кан болгон,

Айрыкчасы аларда,

Калаш деген кан болгон – деп, баяндалат.

Ал эми тарыхта жазылышынча да, огуздар эң илгери жашаган эски элдерден болуп, жалаң кыргыздардын эле ата-бабасы болбостон, жалпы түркү тайпалардын ата-бабалары болгон. Огуздар түркү калктарынын эң байыркы тайпаларынын бири катары 7-9-кылымдардагы Энесай-Орхон таш жазмалары сыяктуу эзэлки эстеликтерде да “тогуз огуздар” деген ат менен кеңири кездешет.

Демек, “кыргыздар” - “кыр огуздар” - “кырда жашаган огуздар” дегенди билдирип, «Манас» эпосунда, элдик аңыздарда жана тарыхый жазмаларда

кыргыздардын огуздардан тараганы жөнүндө көптөгөн маалыматтар бар. Жогорудагы бул айтымдар кыргыздардын келип чыгышы жөнүндө бизди кээ бир кундуу даректер менен камдайт.

Булардын ичинде «кыр огуз» айтымы басымдуу орунду ээлеп, “кыр огуз” айтымы биз үчүн өзгөчө маанилүү, анткени, бул айтым илимий негизи жагынан бир кыйла үстүн орунда турат, мында «Түрк шежереси», «Юан тарыхы» өңдүү тарыхый жазма даректерде жазылган материалдар камтылган, ары өзүбүздүн улуу дастаныбыз «Манаста» жана көрүнүктүү тарыхчыбыз Молдо Осмонаалынын «Муктасар тарых и Кыргызия» аттуу айтылуу эмгегинде, ошондой эле элдик аңыздарда да баяндалган.

Тил тургусунан үңүлүп көрө турган болсок, бул айтым кыргыз тилинин тыбыштык өзгөрүү мыйзамына да туура келет. Буга грамматикалык талдоо жасасак, ал кыргыз тили грамматикасындагы үндүү жана үнсүз тыбыштардын ээрчишүү жана багынуу мыйзамына дал келет. Мындайча айтканда, кыргыз тилинин морфологиялык мыйзамы боюнча “кыргыз” айтымын “кыр-огуз”, “кыр-гуз”, “кыр- гыз” болуп өзгөрүп бизге жетип келген десек болот.

Демек, «кыр огуз» айтымы илимпоздор чөйрөсүндө жогору даражада бирдейликке жетишкен, калың калк арасына кеңири тараган, көпчүлүк бирдей моюндаган айтым катары белгилүү. Ошондуктан, “кыргыз” деген улут төркүнү ошол “кыр огуз” деген сөздөн келип чыккан деп айтууга толук негиз бар,

Бул тууралуу таанымал тарыхчы Абулгазы Баадырхандын «Түрк шежереси» аттуу китебинин «кыргыз, камкамжут элинин баяны» бөлүгүндө: “Огузкандын кыргыз аттуу бир небереси бар эле, алар ошонун тукумунан, бирок ал кезде кыргыз тукумунан адам аз эле, могулдар менен өзгө уруктар аларды отко-сууга итерип, алардын журттарына барып орун-очок алып, өздөрү кийин кыргыз деп аталды...” деп жазылса; «Огузкандын уулдары жана небересринин аттары жөнүндө бөлүгүндө: “Огузкандын аталган алты уулунан башка дагы токолчолорунан болгон төрттөн уулу бар эле. Бирок булардын кайсы уулунан болгону анык эмес, булар: кенекүне, турбатлы, кырейли,

султанлы, оклы, көкли, сужлы, хурасанлы, юрнчы, турумчы, кумы, сурфы (азыр аны соркы курчык, суварчык, карачык, казгурт, кыргыз, текин, лола, мурдашой, сайыр сыяктуулардан турат (9) деп жазылган.

Мындан башка, атактуу татар окумуштуусу Мукаммет Мурат Ремзинин «Талыфкулахбар» эмгегинде “кыргыздар тегинде Огузкандын урпактары болгон түрк тайпаларынын ичиндеги бир чоң тайпа болуп, алар Огузканга жакын жүргөн адамдардан же болбосо анын аскер башчыларынан тараган болсо керек, кыргыздардын наамы болуп келген “гыз” деген сөз “огуз” деген сөздүн (айтылышы болсо керек... Түрк тилдеринин сөздүк маанисинде чөл жайыттарды “кыр” деп аташат, демек “кыргыз” деген сөз “кыр огуздар - (кыргыздар) - кырда жашаган огуздар” деген сөз болсо керек”[10] деп жазылган.

Жыл санактан кийинки 712-жылы белгисиз адам тарабынан жазылган «Китаби Түркия» китепте “Огуздардын бардык тайпалары “тогуз огуз” деген наам менен эске алынат, анын ичинде кыргыздар да баяндалат”[11] деп жазылган.

Кытайдын Миң сулаласы доорунда жашаган Суң Ян (1310-1381 -жылдар) деген адам тарабынан жазылган «Юан тарыхы» аттуу атактуу эмгекте, ошол кезде кыргыздарга тараган уламыштарга негизделип “кыргыз деген сөз “кырк огуз” деген сөздөн келип чыккан, атап айтканда, бир замандарда орто түздүктөн түндүк чөлкөмгө барып калган хан элинин кырк кызы (кырк кытай кызы) ошол жерде жашаган огуз уругундагы жигиттер менен никеленген, кийин булардан тараган урпактар “кырк огуз” деп аталган, “кыргыз” деген сөз как ошол “кырк огуз” деген сөздүн өзгөртүп айтылышы» [12] деп жазылган.

Улуу «Манас» эпосунда жана кыргыздардын эзэлки элдик уламыштарында да Огузкан бабабыз баатыр Манастын түпкү аталарынын бири катары баяндалып, Огузканды дайыма көк бөрү коштоп жүрөт да, аны ар бир жортуулда ар дайым ийгиликке жеткирет. Огузкандын эки аялынын бирөөнөн күн, ай, жылдыз, дагы бир аялынан көк, тоо, деңиз деген балдары болуп, анын

урпактары ошол алты уулдан тараган[13].

Алтурсун, «Манастын» айрым варианттарында Огузкан Манастын 15-атасы катар баяндалат[14].

Кыргыздын атактуу тарыхчысы Осмонаалы Кыдык (Сыдык) уулу өзүнүн 1914-жылы Казан шаарынан басылып чыккан «Муктасар тарых и Кыргызия» аттуу китебинде “болуптур түп атабыз Огузкандан, Огуз кан бири болуп тогуз кандан”[15] деп жазат.

Ал эми, түрк элдеринин эң эски баатырдык дастаны «Огуз каганда» да кыргыздарга байланыштуу маанилүү маалыматтар байкалат. Алсак, «Огуз каганда» («Огузнаамеде») дастандын баш кейипкери Огуз кагандын жанындай жакшы көргөн унаасы, жаңыдан көндүрүлгөн мингич аты - Чаар айгыры муз тоого кире качып жоголуп, Огузкан аябай азаптанат, ошондо Огузкандын эсине ошол айгырды көндүрүп берген Каргыз аттуу мүлүшкөр киши түшөт, ал Каргызды чакыртып келип, качкан атты укуруктап карматат. Демек, илимпоздор мындагы “Каргызды” азыркы кыргыздар менен тикелей байланыштырат.

Мындагы Огузкан кыргыз тилинде «Огузкан» жана «Угузкан» деп эки түрдүү айтылып, экөө тең «уузкан» - алгачкы кан, күчтүү кан, аруу кан дегендерди билдирет.

Атактуу тарыхчы Абулгазы Баадырхан «Огуз каган» дастанын мындан 4000 жыл мурдагы энелик коом доорунда жаралган деп боолголойт. Айтор дастанда тилге алынган ат көндүрчү “Каргыз” сюжети “дүйнө жүзүндө жылкыны алгачкы жолу кыргыз сыяктуу Орто Азиялык көчмөндөр колго үйрөткөн” деген илимий тыянакка да туура келип, айткандай дастанда атап өтүлгөн “Каргыз”чын эле азыркы кыргыздын түп атасы болсо, же болбосо тарых-санжыраларда айтылгандай, кыргыздын атасы чын эле ошол Огузкан болсо, анда кыргыз тарыхын дээрлик 4000 жылга сүргөлү болот.

Демек, бул маалыматтарга негизденсек, кыргыздардын огуздар менен кандаштык байланышы болуп, айтылуу «Огузнаама» дастанынын да кыргыздар

менен түздөн-түз катышы болгон болсо, кыргыздардын «кырдагы огуздар» экенине тарыхый таянч табылган болот.

Айтор, “кыргыз” этниминде “кыр огуз” деген бул тыянакты басырыктуу дешке болот, муну кыргыздардын келип чыгышы боюнча өлчөмдүү макам (стандарддуу статус) кылып алсак, улутубуз үчүн олуттуу утуш болмок.

Акырында айтаарыбыз, океан сындуу «Манас» эпосу кыргыздардын илим жыйнагы (энциклопедиясы) болуп, андан кыргыздардын келип чыгышы боюнча да маанилүү маалыматтарды табууга болот. Кыргыз төркүнү - кыргыз этнонимии тууралуу кытайча эски жазмаларда жана мусулман булактарында бир кыйла кеңири ары кундуу маалыматтар болсо да, «Манас» эпосундагы бул айтымдар өзүнчө мааниге ээ болуп, тарыхый жазмалар менен үндөшүп тургандыктан, аталган айтым кылым карыткан кыргыз элибиздин тарых таржымалын тактап, төркүнүбүздү аныктоого жардам берип, келечекке жол ачышыбызга илимий негиз болот.

Ушул тапта айланадагы көптөгөн элдер өз тарыхы жөнүндө так маалыматтарды табалбай, бир бекимге келе албай алагды болуп аткан учурда, кыргыз элинин мындай ынанымдуу таканчыктарды таап, өзүнүн төркүнүн аныктай алганы, албетте биз үчүн тарыхый жана реалдуу мааниге ээ чоң жетишкендик деп айтмакчыбыз.

Эскертүүлөр:

1.Кыргыздын кыскача тарыхы. - Бейжин, - 2007, 19-20-бб.

2.Жүсүп Мамай. Манас. 1 том. - Шинжаң эл басмасы, 2004, 3-4-бб.

3.Анвар Байтур. Кыргыз тарыхы лекциялары. - Кызыл-Суу Кыргыз басмасы,1986, 30-б.

4.Жүсүп Мамай. Манас. 1-китеп. - Бейжин,1979.

5.Кыргыздын кыскача тарыхы (ханзуча). - Бейжин, 2007, 20-б.

6.Анвар Байтур. Кыргыз тарыхы лекциялары. - Кызыл-Суу кыргыз басмасы, 1986, 31-б.

7.Жүсүп Мамай. Манас. - Шинжаң эл басмасы, 2002, 23-36-бб.

8.Абулгазы Бадырхан “Түрк шежереси”. - Шинжаң эл басмасы, 2002, 23-2б-бб.
9.Анвар Байтур. Кыргыз тарыхы лекциялары. - Кызыл-Суу кыргыз басмасы, 1986, 26-б.
10.Анвар Байтур. Кыргыз тарыхы лекциялары. - Кызыл-Суу кыргыз басмасы, 1986, 27-б.
11.Кыргыздын кыскача тарыхы (хунзуча). - Бейжин улуттар басмасы, 2007, 20-б.
12.Манас энсклопедиясы. - Б., 1995, 307-б.
13.Миңжашар Манас Зулкайнайн. - Б., 2014, 64-б.
14.Осмонаалы Сыдык уулу. Муктасар тарых и Кыргызия. – Шинжаң жаштар басмасы, 1986, 3- б.
15.“Огузнаме”. - Улуттар басмасы, 1980, 34-б.

Жоошбай тегин Маметасан уулу Жоро,

«МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА ШИНЖАҢДАГЫ МАНАС ШААРЫ

Жусуп Мамай айтымындагы «Манас» дастанында, кыргыздардын өз кезиндеги түпкү ата конушу, жердеген жерлери, көчүп-конуп жашап өткөн өңүрлөрү, түп туткан жер-суулары, дайра-өзөндөрү, уулары, жакшы санашкан достору, айыгышкан жоолору жөнүндө көптөгөн маалыматтар берилет. Ал эми бул маалыматтарды кытай, арап жана башка улуттардын жазма тарыхый булактарындагы маалыматтар менен салыштыра келсе, айрым фактылар менен абдан үндөшүп, эпостун айрым изилдөөчүлөрү айткандай, эл оозундагы жөн эле жомок болбостон, оозеки тарых экенине, Манас баатырдын жомокчулардын кыялынан жаралган тип болбостон, тарыхта өткөн чыныгы инсан экенине белгилүү жактан негиз берчү жерлер көп. Айта келсек, Жусуп Мамай айткан «Манас» дастанында кыргыздардын кадимтен тартып Эне-Сайды жерлеген эл экени, кийинче Орозду баатырдын көзү өткөндөн соң ар кайда чачыраганы, Манастын Алтайдын Бурул-Токой деген жеринде төрөлгөнү, Манас доорундагы кыргыздардын Алтайдын Бар-Көл, Бурул-Токой, Көк-Токой өрөөнү, Беш-Балык (Жымсар), Иле, Текес, Күнөс, Самаркан, Кокон сыйактуу жерлерде жашаганы; казак, түркмөн, өзүбек, кара калпак сыйактуу элдер менен чогуу коңшулаш турганы; кара кытай, калмак, манжу, моңгулдар менен бирде достошуп, бирде касташып жашаганы жөнүндөгү баяндар бар. Кытай жазма булактарынынан мисал алсак: «Батыш хан санжырасы», «Таңнама. Түрк санжырасы», «Жаңы щнама. Кыргыздар санжырасы», «Сүйнама. Тэлек санжырасы» «Шинжаң санжырасы» сыйактуу азмалардагы маалыматтар менен айабай төп келет. Айталы «Жаңы Таңнама. Кырыздар санжырасын», «Сүйнама. Тэлек санжырасы», «Шиңжан санжырасы» сыяктуу жазмалардагы маалыматтар менен айабай төп келет. Айталы «Жаңы Таңнама. Кыргыздар санжырасында» [1], 9-кылымдарда Кыргыз каганатынын ээлеген

жери Эне-Сай өзөнүн башкы агымын борбор кылып, чыгышта Байкөл көлү, батышта Талас өрөөнү, түштүктө Тибет жергеси, Теңир-Тоонун түндүк түштүгү, Беш-Балык, Кара-Шаарларга чейин болгону так жазылган. «Сүйнама. Тэлек санжырасында» Эвргулдун (Ар-Түрүк) батышы, Агынын (Кара-Шаар) түндүк жагы, Ак-Тоонун (Теңир-Тоо) жан тарабында (Ала-Тоо өңүрлөрү) кыргыздар бар деп жазылган [2]. Шинжаң тарыхы материалдарындагы маалыматтарда дагы кыргыздардын 16-кылымдан тарта Шинжаңдын түндүгүн мекендегени жөнүндөгү маалыматтар айтылат. Мындан бөлөк 15-кылымдын 20-жылдарынан Эне-Сайдан ойроттор менен кошо келген деген ойлор да кездешет. Дагы бир кезде 1703-жылы Жуңгарлар Эне-Сайдан бир бөлүк кыргыздарды Шинжаңга көчүргөнү жөнүндөгү маалымат учурайт [3]. Бул маалыматтар «Манас» дастанда Манас баатыр төрөлүүнүн алдында Жакып баштаган Ногой кыргыз урууларынын Бар-Көл, Бурул-Токой, Беш-Балык (Жимсар) сыйактуу аймактарды жерлегени менен абдан төп келет.

Мына ушундай тарыхый маалыматтарга төп келген, ошондой эле бүгүнкү чындыкка үндөшүп турган дастандагы баяндардын дагы бири - Манас шаарынын салынышы болсо керек. Дастанда Манас баатыр арам ойлуу Көкчөкөздү кууп барып, Аранықтеги Кытайдын каны Айжаңжүн согушуп, аны кууп салып, анын ордо шаарын жанында жүргөн кошчуларынын бири Кутунайга берип, ал шаардын атын Кутубийге өзгөрткөнү, анан Кутубийдин жанына Айжаңжүндүн шаарын Манас алгандагы эстелик болуп калсын деп, өз аты менен аталган шаар салганы айтылат. Бул мазмундар дастанда мындай байандалат:

Кече урушка келе жатканда,
Элсиз эрме талаада,
Агып жаткан суусу бар,
Учураттым бир жерди.
Айжаңжүн шаарын алганым,
Жалганы жок чын болсо,

Шаар салам мен болсо.

Манастын салган шаары деп,

Кыргыз, казак эл консо.

Деп Айкөлүң айтты эле.

Манастын сөзүн «болбойт» -деп

Жыра турган ким экен.

Айжаңжүндүн аскери,

Алтымыш миңче киши экен.

Айдап барып түшүрдү,

Аз күндө шаарды бүтүрдү.

Бар-Көл, Алтай арадан,

Быягы Текес айлынан.

Ылгап туруп алып барды,

Ошол чактан ушул чак,

Манас деген ат калды[4].

Кытай Республикасындагы азыркы Манас шаары Шинжаң уйгур автономийалуу районуна караштуу Санжи дуңган обулустунун оодан даражалуу шаары. Географиялык орду жактан Теңир-Тоонун түндүк этеги, Жуңгар ойдуңунун түштүк кылаасына жайгашкан. Чыгышында Ташыркай өзөнү, батышында Манас өзөнү агып турат. Этегинде ээнсиреген Курбан-Тунгут чөлү жатат. Эки өзөн (Манас, Ташыркай), бир тоо (Теңир-Тоо), бир ойпоттун (Жуңгар) арасында [5]. Жеринин үч бөлүгү тоо, эки бөлүгү күрдүү талаа, беш бөлүгүн эшилген кум, эрме чөл түзөт. Дастанда кыргыздар мекендеген деп айтылган жерлер менен туташат. «Айжаңжүн жашаган» -деп айткан Беш-Балык Курбан-Тунгут чөлү аркылуу туташып турат. Бүгүнкү Манас шаарынын жергиликтүү санжырасында Манастын кадимтен тартып эле алып түгөткүс аштык кампасы деген татынакай атынын барлыгы, Кытайдын батыш өңүрүндөгү черүүчүлүк иштериндеги эң орчундуу стратегиялуу жер болуп келгени эскертилет [6].

Дастанда баатыр бабабыз салган Манас шаарынын географиялык орду жөнүндө мындай байандар айтылат:

Туз-Көлдүн үстү кара тоо,
Ат бакты Бөкө ошого.
Бөкөнүн тоосу ат калды,
Ушул күнү бар ошо.
Агып жаткан кара суу,
Баары майдан болуучу.
Бүткөнчө шаар ал жерде,
Байматтын болгон конушу.
Май булактуу Баймат деп,
Май-Булак атын койушту.
Турпан жаккы чоң кырда,
Асман-Көл деген бар эле,
Төрт тарабы такыр тоо,
Асманга бүткөн көл эле,
Асман-Көл аны деди эле.
Турпан, Пычан шаарыңдын,
Суулары анын саркынды.
Бул Бакай айткан кеп эле... [7].

Бүгүнкү Манас шаарын карай турган болсок, түштүк жагында Теңир-Тоонун түндүккө карай созулган жондорунун бири Бөкөнүн тоосу, күн батыш жагында Кытайдын батыштагы нефт өнөр-жай шаары Кара-Майдын Май-Булак деген жери бар. Күн чыгыш жагында атактуу Богда көлү жатат. Эпосто айтылгандай эле Богда чокусундагы мөңгүлөрдөн түшкөн суу Турпан, Пычандардын карыз сууларынын башаты экени илимде аныкталган чындык. Тарыхый булактарда жазылгандай географияалык орду да укмуштай орчундуу. Мына ушундай маалыматтар дастандагы баяндар менен яабай эле төп келип турганы кишини таң калтырат.

Манасчы Жусуп Мамай «Манас» айгып жүргөндө бул жерлерди кыдырып көрүп кетбегени, сабаттуу болсо да, географыя илиминен эч кандай сабаты жоктугу белгилүү. Жусуп Мамай албетте алдыңкы манасчылардан үйрөнгөн. Алдынкы манасчылар деле окшош. Алар жашаган дооpлордо илим-техника, учур маалымат деген өнүкпөгөн. Ошондой болгонуна карабай, «Манас» эпосунда бул жердин географиялык белгилери өтө так-таамай берилет. Ушундай фактылардан «Манас» эпосунун жөн гана жомок болбостон, өзүнчө бир тарыхтын, чындыктын байаны экенин сезбей тура албайсың.

Бүгүнкү Манас шаарында дастандагы баяндарды ырастап турган дагы бир нерсе - бул Манас эски шаарынын тоому. Манас шаарындагы көптөгөн эски урандылар, издер ар кандай айтылганы менен, Манас эски шаарынын тоому өз аты менен калып, Манас эски шаар урандысы же эски шаар деп гана айтылат. Манас эски шаарынын тоому, азыркы оодан шаарчасынын үч километир чыгышында, элдер «Эски шаар» деп койушат. Шаар урандысынан караганда топурактан салынган, чарчы формада, чыгыш, батыш эки эшиги маңдайлашып турат. Шаарда бийик от белги мунарасы бар. Төрт тарабындагы шаар сепилинин тоомунан караганда, чыгыштан батышка болжол менен 620 метр, түндүктөн түштүккө 510 метир. Жалпы коргон тамынын узундугу 2260 метр чамасында. Сепилдин батыш түштүк бурчунда беш метир бийик от белги мунарасы бар [8]. Археологдор мунун Кытайдын Таң падышалыгы доорунда салынып, Чиң падышалыгы дооруна келгенде ойрондолгонун айтып, Уйсун кандыгына таан болсо керек деген түкшөмөлүн ортого салышкан. Чиң падышалыгынын акыркы доорунда келген чет элдик чалгынчылар бул эски шаарды казып, көптөгөн маданий эстелик буйумдарды ташып кетишкен. Өткөн кылымдын 60-жылдары, атап айтканда, Кытайдын маданият төңкөрүшү мезгилинде, бул жер жаза майданы болгон. Кийин коммунанын топо ташып, айдоо жасоо толкунунда коммуна мүчөлөрү бул жерден топо ташыганда дагы көптөгөн алтын-күмүш, акак-таш буйумдары сыяктуу эстелик буймдарын таап алышкан. «Жуңгонун атактуу маданий эстеликтер камусу» аттуу китепке, бул

эски шаар жөнүндө жогорудагыдай эле маалыматтар киргизилген. Андан башка бул шаар урандысын бирөөгө таан деп так кесе айткан эч кандай маалымат жок. Шаар жөнүндө «Манас» эпосунда да айтылгандай, так айтылган башка маалыматтарды жолуктурууга болбойт.

Анткен менен азыркы Манас шаары чөлкөмүндөгү ушуга окшош эле Ташыркай эски шаары, Бийиң эски шаары, Дуңгу эски шаары, Кулан (Йема) эски шаары дегендей, дагы көптөгөн эски тоомдор бар. Булардын ар кимисинин кандай кезде, ким тарабынан салынганы жөнүндө маалыматтар так. Булардын арасындагы Ташыркай эски шаарынын урандысын айтып көрөлү. Бул уранды азыркы Манас шаарынын чыгышына 16 километир жерде. Жалпы көлөмү 50 миң чарчы метир келет. Чыгыш-Батыш эки эшиги бар. Чыгыш эшиктен 50 метир аралыкта Ажыдар-Шах тоопканасы бар. Тоопкананын маңдайында алты метир бийиктикте салынган от белги мунарасы бар. Бул шаардын Кытайдын Чиң падышалыгы тушундагы Чанлоңдун 42-жылы (1777-жылы) салынганы, ал эми Чиң падышалыгынын Тоңжи жылдары ойрондолгону жөнүндө маалымат толук [9]. Ташыркай эски шаары жөнүндө Чиң падышалыгынын апийим согушунда чапкынчыларга каршы турганы айынан Шинжаңга сүргүнгө айдалган атактуу патрийот обозгеры Лин зышүнүн жазып калтырган эстэликтеринен да кездешет. Бирок, Манас эски шаары жөнүндө эч кандай маалымат жок. Ушунун өзү да кишини башкача ойго салат.

Кала берсе, Манас шаарынын атын азырга чейин жарыяланган кытайдын түрдүү маалыматтарында, айта кетсек, Шинжандын жер-суу аттары жөнүндөгү жэлэлеш китептерде, «Манас шаарынын жергиликтүү санжырасы», «Манас тарыхый материалдары» сыйактуу булактарда да, ар кандай чечмелеп түшүндүрүүгө көп далалаттар жасалганы менен, «Кыргыздардын баатыры Манастын атынан койулган деген уламыш айтылат» дегенден башка, кишини ынандырган чечмелер байкалбайт. Булардын арасындагы Манас баатырдын атына байлап чечмеленден калса эле эң көп айтылганы, Ханзу окумуштуулардын «Манас - бул моңгулча сөз, суу бойлоо же суу

чалгындоочулар деген мааниде» деген баяны кездешет. Түрүк элдерине жөлөп айтылгандары да бар. Мисалы: «Түркчө Манхас деген сөздүн тыбыштык өзгөрүүсүнөн келгенби?» дегендей. Бирок, казак окумуштуусу Максат Какетай уулу «Шинжаң коомдук илимдер журналынын» 2012-жылдык 2-санында жарыйаланган «Манас шаарынын атынын түпкү маанисн жөнүндө» деген эмгегинде илимий жүйөлөр менен бул караштарды жокко чыгарат, ары коомдук илимдер академиясындагы моңгул окумуштуусу Намжол мырзанын «Манас» деген сөздүн моңгул тилинде жок деп тактаганын далилге тартат [10].

Казак окмуштуусу Максат Какетай уулу жогоруда айтылган эмгегинде Манас шаарынын аты жөнүндөгү көптөгөн чечмелердин баарын жыйнай отуруп, бирден-бирден талдоо жүргүзүп, күчтүү далил, илимий ыспаттар менен Манас сөзү - кыргыздарга таандык, Манас баатырдын аты менен койулганы чындыкка эң жакын деген тыйанагын чыгарат[11].

Эми иш жүзүндө, «Манас» деген сөз Индияда, же дагы бир жерде бар экен» дегендей маалыматтарды көтөрүп чыгып, «бул жердеги Манас шаары ошо сыйактуу бирдеме болуу керек, кыргыздын Манас баатыры менен байланышы бар экени күмөндүү, дастан деген курулай оозеки жомок, кыргыз тарыхы менен катышы жок уламыш» дегенди тутунуп жүргөндөр да барчылык албетте. Манас деген жер аты же бакчанын аты Индияда болсо болгондур. Мындай үндөш сөздөр дүйнөдөгү канча миңдеген улуттардын арасынан чыга берет. Бирок кыргыздын тарыхта изи калган жерлердеги, кыргыз эли өзүнүн тарыхы, өзүнүн санжырасы катары карап келген «Манас» дастанында чыккан фактылар менен аны салыштырганга болбойт. Бүгүнкү Манас эски шаарынын урандысы «Манас» дастаны жомок болгондо да, ошондой бир чындык жөнүндө айтылган жомок экенин далилдеп тургансыйт.

Сөздүн соңунда дагы айтаар сөз, эгер Манас эски шаарын, өз тарыхын ооздон оозго жалгаган кыргызга окшош элдин баатыр Манас салдырбай, башка элдер салдырган болсо, кайсы бир жазма маалыматтарга таштап кетет беле. Анан ал бүгүнкү күндөгү жазма булактарда кездешүүсү керек эле. Эми бул

деле бир ой дечи, бирок чындык ошондой турбайбы, дүйнөдөгү элдердин айрымдары өз тарыхын китептерге жазып, бууп-түйүп сандыктарына сактап кетсе, айрымдары тоо-таш, аскаларга чегип калтырыптыр. Бизчилеп ооздон оозго калтырып, урпактарынын арасындагы эстүү балдарынын мээсине түйүп кеткендер да барчылык. Эми ата-бабалар ооздо айтып ошончо таамай калтырган тарыхты далилдей турган кез да көп алыста болбосо керек.

Пайдаланган адабияттар

1.«Шинжаңдын кыскача тарыхы» - Шинжаң эл басмасы,1982, 413-б.

2. Мамбетасан Токтаалы «Жуңго кыргыздары» - Шинжаң эл басмасы, 2010, үчтүн айы.

3. Кытайча «Кыргыздардын кыскача тарыхы». - Улуттар басмасы, 2008, бугу, Пекин.

4. Жусуп Мамай айтымындагы «Манас» дастаны. - Шинжаң эл басмасы, 2004, айак оона.

5. Кытайча «Манас ооданынын санжырасы», Шинжаң унверсигети басмасы, 1993, 3-б.

6. Кытайча «Манас ооданынын санжырасы». - Шинжаң унверситети басмасы, 1993, 3-б.

7. Жусуп Мамай айтымындагы «Манас» дастаны. - Шинжаң эл басмасы, 2008, баш оона.

8. Кытайча «Манас ооданынын санжырасы». - Шинжаң унверситети басмасы, 1993, 434 -б.

9. Кытайча «Манас ооданыиын санжырасы» - Шинжаң унверситети басмасы, 1993, 434 -б.

Садыров Мурат

«МАНАС» ЖАНА АЙТМАТОВ ЭПОСУНУН ЖАНРДЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргыз эпосу өзүнүн фольклордук жана жазма адабияттагы эпосу аркылуу дүйнөгө кеңири таанылган улуттук жүзү, өзгөчө орду бар адабий - поэтикалык жанр. Атап айтканда, кыргыз эпикалык чыгармачылыгынын дүйнөлүк адабиятта, биринчи кезекте элдик «Манас» жана Ч.Айтматов эпосунун аркасында андан татыктуу өз ордун таба алды. «Айтматовдун феномени – барыдан мурда анын көркөм дүйнөгө көз карашынын системасы элдик салтка, «Манас» баштаган эң бай фольклорго азыктанып таянганында жана ошону менен бирге аны жазуучу бир эле убакта Батыш жана Чыгыш элдеринин көркөм маданиятынын эң тандамалуу жакшы тажрыйбасы менен ширелиштире билгендигинде» - деп, академик А.Акматалиев жазгандай, кыргыз элинин сөз искусствосундагы кыргыз эпосунун дүйнөлүк эпикалык чыгармачылыктан алган ордун белгилөөдө, арийне фольклор таануунун жана адабияттаануунун көптөгөн маселелеринин ичинен, биз өзгөчө басымды негизинен эпостук чыгармачылыктын жанрдык тарыхый эволюциясына бургубуз келет.

«Окурмандын адабий чыгармачылыкты түшүнүүсүнө поэтика көмөктөшөт.

«Поэтика» сөзү эки маанини алып жүрөт. Поэтиканын астында, сөз искусствосу чыгармаларына бөтөнчө мүнөз бере турган каражаттардын, ыкмалардын, методдордун колдонулушунун бүтүндүгүн түшүнүүгө болот. Бул маанисинде Державиндин, Некрасовдун же Маяковскийдин поэтикасынан айырмаланган, Пушкиндин поэтикасы жөнүндө айтууга болот.

Бирок «поэтика» сөзү башка маанини да алып жүрөт. Ал адабияттын көркөм каражаттарынын бүтүндүгүн эмес, ушул каражаттарды изилдөөгө багытталган илимди да түшүндүрөт. Бул мааниде Аристотелдин поэтикасы, Веселовскийдин поэтикасы жөнүндө сөз кылууга болот» - дейт, фольклор

таануучу В.Я.Пропп. Биз өзүбүз сөз кылып жаткан маселеге ылайык, кыргыз эпосунун дүйнөлүк адабияттагы ордун так аныктоо максатында, анын жанрдык поэтикасынын тарыхын илимий негизде карап чыгуу зарылчылыгы пайда болгондугун белгилеп кеткибиз келет.

Байыркы грек ойчулу Аристотель адабий жанрга караганда, фольклордук жанр бай тажрыйбага ээ болуп, мурункусун кийинкиси көбүнесе мүнөздөп турган учурда, өзүнүн устаты Платондун сөз искусствосуна карата болгон идеяларын андан ары тереңдетип, өзүнүн «Поэтика» деген эмгегинде адабий чыгармачылыкка жанрдык жактан алгачкылардан болуп илимий классификация жасаган. Аристотелдик илимий классификациялоо мезгилинде, байыркы гректердин эпостук, драмалык, лирикалык чыгармалардын бардыгы ыр (поэтикалык) түрүндө болуп, аларды көбүнесе жанрдык белгиси (теги) боюнча бөлүштүргөн. Немец философу Гегелдин аныктамасына жараша, бул доордогу адабий чыгармачылыкта формагага караганда мазмун жетектөөчү ролго чыгып, алар бири-биринен көбүнесе формалык жактан айырмачылыкта турушкан, бирок, бул мезгилдеги адабий чыгармалар өздөрүнүн бөтөнчөлүгүнө караганда, жалпылыктарын көбүрөөк алып жүрүшкөн. Ал эми эпостук текти аныктоодо Аристотель алгачкы грек академиясы тарабынан жазылып алынган Гомердин «Иллиадасы» менен «Одиссеясын» жетекчиликке алган деп айтууга болот. Дегеле, адабий чыгармачылыкты тектерге бөлүштүрүүдө, Аристотель грек мифологиясында, сөз искусствосунда орун алып келген үчилтик принцибин жетекчиликке алгандыгын көрөбүз. Ал эми эпостук текке коюлган жанрдык критерийлер, ошол байыркы дооорлордогу элдик эпосторду өзөк тутуу аркылуу түзүлгөн болуу керек. «Байыркы гректерде Аристотелдин берген маалыматына караганда, «үч» - «баардыгын» түшүндүргөн, …тритопаторес (аталардын триадасы) культу: атасы, чоң атасы, чоң чоңатасы». Гомерде болсо кудайлардын триадасы – Зефс, Афина жана Апполон…Гректердин «тритопатористи» сыяктуу «Манас» эпосунда үчилтик культ – «Манас», «Семетей», «Сейтек» - атасы, баласы, небереси даана бөлүнүп турат. Бул – үч

циклге бөлүнгөн эпостун классикалык бөлүштүрүлүшү»-деп, белгилүү манастаануучу Р.З.Кыдырбаева жазгандай, бул кыргыз эпосунун жөнөкөй гана үч циклге бөлүштүрүлүшү эмес, биринчи кезекте, дүйнөлүк адабияттаанууда кеңири орун алып келген үчилтик маселесинин коюлушу. Атап айтканда, ак менен каранын, оң менен терстин күчтүү менен алсыздын, акыл менен түркөйлүктүн ж.б. карама-каршылыктардын ортосундагы күрөштүн ар тараптуу кырдаалдарынан келип, анын көркөм чечилишинен келип, үч циклдүү эпос пайда болот. Бул жагынан алганда, «Манас» - «Семетей» - «Сейтек» элдин сөз искусствосунун эволюциялык өнүгүшүн жанрдык жактан толук иштеп чыккан эпостук үчилтик катары жаралган.

Албетте, «Манас» эпосу анын ичинде үчилтик варианты дароо эле пайда боло калган эмес, жана анын алгачкы этабында, «Манас» (ыр же кара сөз) түрүндө чакан баян катары түптөлгөндүгү анык. Ал эми анын эпостук жанрга айланышы үчүн, нечендеген кылымдардын жанрдык жактан түптөлүү, калыптануу жана өнүгүү процесси талап кылынгандыгы белгилүү. Мындайча айтканда, «Манас» эпикасы адеп чакан баяндоодон түптөлүп, өзүнүн поэтикалык формасында, адеп дастандан эпоско андан үчилтик эпопеяга өтүү процессинде жанрдык жактан бекемделип, классикалык поэтикалык мазмунга ээ болгон.

Бул маселеге келгенде белгилүү орус окумуштуусу В.Гацактын өз пикиринде, эпостук чыгарма элдик фольклордук чыгармачылыктын көп кылымдык тажрыйбасы аркылуу жараларын белгилеген. Мындайча айтканда, эпостун жүз жылдык окуяларды ичине камтышы, биринчи кезекте чыгармачылык процесс аркылуу ишке ашып, көп кылымдык окуялардын тандалып алынышы табигый түрдө ишке ашуу менен, кезегинде бир тарыхый окуя экинчисин шарттап жүрүп отурган эпостук сюжет түзүлүп өнүгүүгө ээ болот. Дегеле, элдик эпостун келип чыгышы, оозеки формада муундан-муунга өтүп жүрүп отуруу менен улам кийинки тарыхый жактан маанилүү окуялардын эпостун катмарына сиңип отурушу, көптөгөн белгилүү жана белгисиз

авторлордун аркасында ишке ашат. Бул маселеге карата Ч.Айтматов: «Кыргыз элинин эпикалык көркөм ойлоо аң-сезимин философиялык, эстетикалык, психологиялык, филологиялык-фольклордук жагынан терең жана комплексттүү изилдөө окумуштуулардын кезектеги милдети деп түшүнөм. Анткени, оозеки чыгармачылыктагы көркөм ойлоо аң-сезиминин жалпы көркөмдүк принциптери, маселен, синкретизм, индивидуалдуу автордун белгисиздиги, же жоктугу, оозеки формада өнүгүү ж.б. «Манас» эпосуна мүнөздүү болсо дагы, менин терең ишенимимде эпос катарында бул көркөм чыгарма дүйнөлүк эпикалык практикада өтө уникалдуу көрүнүштүн катарына жатат»-дейт да, элдик улуу эпоско кайрылып жатып, улуу жазуучу биринчи кезекте С.Орозбаков, С.Каралаев сыяктуу эпос айтуучулукту кесип кылган манасчылардын аркасында дүйнөдөгү теңдеши жок эпостун жаралгандыгын белгилейт.

Ошондуктан, элдик эпопея кылымдан-кылымга өтүп, уланып жүрүп отурган элдин тарыхый генийинен жаралып, анын классикалык үлгүсү катары С.Каралаевдин вариантындагы «Манас» поэтикасынын үчилтик жанрынын тарыхый циклдүүлүгүн поэтикалык жактан шарттады. Албетте «Манас» эпосунун классикалык мезгили катары, тагыраак айтканда, В.Радловдун аныктамасы боюнча «кыргыз фольклорунун алтын доору» катары XIX кылымда өзүнүн поэтикалык денгээлине жетип, XX кылымда анын фольклордук жана жазуу формасында өнүгүүгө ээ болду, бул болсо кезегинде «Манас» эпикасынын жанрдык поэтикасынын өзгөчөлүккө ээ болушун белгилеген болчу. Атап айтканда, «Манас» эпикасынын оозеки салттуулугу өзүнүн жазуу формасына Ы.Абдырахманов, Тоголок Молдо кийинчерээк Жүсүп Мамай тарабынан ишке ашырылып, кезегинде элдик эпостун жазма жанры да калыптана баштаган. «Манас» эпосун айтуу жана жазуу жанрындагы поэтикалык маселелерине жараша, кезегинде анын илимий-теориялык критерийлери да иштелип чыгылууга тийиш, башкача айтканда, «Манас» эпикасынын поэтикасы айтууда жана жазууда жанрдык жактан кандайча

өзгөчөлүктөргө жана жалпылыктарга ээ болорун илимий жактан аныктоого муктаж.

Эпикалык чыгармачылыктын бул сыяктуу жанрдык процессинен көрүнүп тургандай, мисалы үчилтик-эпостун пайда болушу үчүн белгилүү тарыхый шарттар, керек болсо кылымдарды карыткан элдик чыгармачылык тажрыйба талап кылынган. Мындан келип элдик эпос болуш үчүн ал кандайча илимий-теориялык критерийлерге жооп бериши керек эле.

Биринчиден, эпостун мазмуну көп катмардуу сюжеттерди, ар кыл мүнөздөгү жүздөгөн образдарды, курч конфликттүү окуялык кырдаалдарды жана башка эпикалык компоненттерди, эң негизгиси бир кылымдан кем эмес мезгилди ичине камтыган окуялардан туруу менен, кезегинде эпостук чыгарманын жанрдык критерийлерин бардык жагынан толук ачып берүүгө тийиш. Бул жагынан эпос сөз искусствосунун бардык көркөм каражаттарын пайдаланып, өзүнүн жанрдык синкреттүүлүгүн да ишке ашырат, башкача айтканда, адабияттын бардык жанрлары эпостун контексттинде туруп, чыгарманын жанрдык каражаты катары кызмат кылат.

Экинчи жагынан алганда, кыргыз фольклор таануусундагы жанрдык классификацияга кайрылып көрсөк, анын көптөгөн маселелерин адабият таануунун жанрдык контесттине параллель коюп кароо мүмкүнчүлүгү да бар.

«Адабият менен фольклор барыдан мурда кайсы бир жерде өзүнүн поэтикалык тектери жана жанрлары боюнча дал келишет. Чынында, адабиятка гана мүнөздүү жанрлары болуу менен фольклордо мүмкүн болбогон (мисалы, роман) же, тескерисинче фольклорго гана мүнөздүү болгон, адабиятта кездешпеген (мисалы, дуба ыры) жанрлар бар» - деген, белгилүү фольклор таануучу В.Я.Пропптун пикирине таяна турган болсок, элдик эпостор менен адабий эпостордун өз ара жалпылыктары, бөтөнчөлүктөрү сыяктуу маселелерди фольклортаануу жана адабияттаануу илимдеринин бүтүндүгүндө ишке ашырсак болот.

Эгерде бул маселеге кыргыз фольклордук жана адабий эпосторунун

контексттинен туруп карай турган болсок, кыргыз фольклортаануусу менен кыргыз адабияттаанусунда элдик эпостор жана эпостук текке киргизилип жүргөн адабий жанрлардын категориясын карап чыгуу зарылчылыгы туулат. Мындан улам фольклордук прозага (жомок, уламыш, табышмак ж.б.) жана адабий прозага (очерк, аңгеме, новелла, повесть, роман ж.б.) киргизилип жүргөн жанрларга кайрылсак, бири оозеки, экинчиси жазма формада болгондуктарына карабастан, экөө тең прозалык түрдөгү жанрлардан болуп эсептелишет. Фольклордук эпос менен адабий эпостун жанрдык жалпылыктары болгон сыяктуу эле бөтөнчөлүктөрү да жок эмес. Алсак, биз жогоруда айтып өткөндөй, адабий эпостук тектин эссе, очерк, аңгеме, повест жанрларын прозага, ал эми роман, роман-эпопеяны эпостук жанрларга бөлүштүрүп кароого болот. Анткени, аталып өткөн баяндоо формасындагы кичи жана чоң чыгармалардын бирин экинчисинен айырмалап турган жанрдык критерийлери бар. Мисалы, эпостук (баяндоо) чыгармалар катары каралып жүргөн аңгеме менен повесть же болбосо роман бир тектеги жанрлар катары каралып келе жаткандыгы белгилүү. Бирок баяндоо формасында жазылып келген бардык эле жанрларды эпостук чыгарма катары карай берүүгө болбойт, тагыраака айтканда, эпостук чыгарма биринчиден формалык жактан да, мазмундук жактан да чектелүүгө дуушар эмес чыгарма десек болот. Алсак, «Манас» үчилтиги өзүнүн камтыган окуяларынын масштабдуулугу менен эле эмес, адабий жанрдык бардык тектерди (эпос, лирика, драма) өз ичине камтып тургандыгы менен да өзгөчөлүү, бул багытта белгилүү казак окумуштуусу М.О Ауэзов «Манас» эпосу негизинен драмалык мотивдерден тургандыгын баса белгилейт. Мындан келип эпостук чыгарма жеке бир жанрдык чекке сыйбай турган, адабияттын башка жанрларына караганда өзүнүн синкреттүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн чыгармачылык болуп эсептелет. Маселен жазма адабиятта кара сөз (проза), лирика, драма негизинен теги жагынан жанрларга бөлүнүп берилген болсо, оозеки адабиятта фольклордук жанрларды бөлүштүрүү башкачараак принциптерди талап кылат. Алсак, баяндоонун кара сөз

формасында айтылган жомок, уламыш, санжыра жана башка жанрлардын дидактикалык түргө киргизилиши, биринчи кезекте бул чыгармалардын элдик эпостордун жанрдык критерийлерине толук жооп бере албагандыгы менен түшүндүрүлөт. Атап айтканда, форма менен мазмун бирин-экинчиси көркөмдүк жактан шарттап, кезегинде алар баяндоонун синкреттик (ыр менен баяндоо) формасын ишке ашырат. Ал эми жомок, уламыш, санжыра, накыл, учкул сөздөр, ж.б. өздөрүнүн формалык жана мазмундук түзүлүшү жагынан алганда эпостун жанрдык критерийлерине толук жооп бере албайт жана бул фольклордук жанрлардын бардыгы эпостун мазмунуна сиңип, кезегинде анын көркөм мазмунун ар тараптуу арттырып турат.

Ал эми сөз искусствосунун андан ары жазма формасында өнүгүшү, эпостук тектин жанрдык жактан байып, өз ичине кичи (очерк, аңгеме, новелла ж.б.) жана орто (повесть) жана чоң (роман, роман-эпопея) жанрларды камтый алды. Бирок ушул эле кичи, орто жанрлардын эпостук текке киргени менен, кезегинде эпостук чыгармага коюлган бир катар адабий нормативдүүлүктөн улам, прозалык чыгармаларга карата мезгил – мезгили менен бир катар илимий концепциялардын иштелип чыгылгандыгы да белгилүү.

Маселенин мындай жагдайда коюлушуна ылайык, эпос жана проза терминдеринин жанрдык категорияларын илимий негизден карай турган болсок, эпос (гр.epos-сөз, баяндоо, ыр), ал эми проза (лат.prosa-кара сөз) деген маанилерди берет. Адабияттаануу тарыхында жалпысынан бирдей түшүнүк катары колдонулуп жүргөн бул терминдер бардык эле учурда бири экинчисинин маанисине дайыма эле толук түрдө жооп бере албайт. Биринчи кезекте, эпостук баяндоо өзүнүн түпкү маанисине жараша кара сөз (проза) формасына караганда ыр формасында болуп, прозалык (кара сөз) жанрга көбүнесе өзүнүн жазма адабияттык этабында ээ болгондугун көрөбүз, ошол эле учурда прозанын ыр формасында жазылган жанрларылары (романдар) жок эмес. Мындайча айтканда, прозалык чыгармачылыктын өзүнүн түпкү теги болгон эпостук мазмунуна толук түрдө роман жанрында ишке ашкан десек

жаңылыштык болбойт.

Мындан улам эпикалык чыгармачылыктын дүйнөлүк тажрыйбасы көрсөткөндөй, бирдей жанрдык түшүнүк катары колдонулуп жүргөн проза жана эпос делинип жүргөн адабий жанрдык терминдерге илимий негизде мамиле этүү үчүн, биринчи кезекте чыгарманын повесть, роман экендигине карабай, эпостук жүктү көтөрүп турган жанрдык категориясын эсепке алуу кажет. Мындайча айтканда, фольклордук адабиятта «Манас» үчилтиги сыяктуу, жазма адабиятта эпостук статуска проза түрүндө жазылган кичи, орто, ал гана эмес романдардын бардыгы эле ээ боло албайт, тагыраак айтканда, классикалык эпостун жанрдык критерийлерине жооп берүүгө тийиш.

Ошондуктан, адабият таануунун илимий контекстинен алып караганда, адабияттын эпостук тегине кирген эссе, очерк, аңгеме, новелла, повесть, роман жана роман-эпопея жанрларынын бардыгын бирдей негизде эпостук жанр катары кароого болбойт. Алсак, адабияттын кичи жанрларына жаткан эссе, очерк, аңгеме, новелла, повестти прозалык жанрга, ал эми роман, роман-эпопеяны эпостук жанр катары кароо менен, ошол эле учурда новелла жанры бир гана эпикалык жанрга тиешелүү болбогон, башкача айтканда, адабияттын лирикалык жана драмалык тектеринде, ал гана эмес фольклордо да кездеше турган синкреттик жанр болуп эсептелет. Ошондуктан, новелла жанры бардык текте кездеше турган синкреттик жанр катары, эпостук эмес, тескерисинче орток адабий жанрдагы чыгарма болуп эсептелет. Ошол эле учурда адабияттаануунун дагы бир маселеси катары, белгилүү адабият окумуштуусу Ч.Т.Жолдошева Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы өз алдынча сюжеттик окуяларды «чыгармага киригизилген новеллалар» деп атап жүргөнү да бекеринен эмес, анткени, жазүүчунун бул романындагы ар кыл сюжеттүү чакан окуялар жанрдык жактан новелланын (жаңылык) жүгүн көтөрүп тургандыгын көрөбүз. Албетте бул жанрларды мындай түрдө классификациялоо үстүртөн шарттуу болуп көрүнгөнү менен, мисалы, фольклортаануу илиминде «Эр Төштүк», «Курманбек», «Эр Табылды» жана

башка эпосторду кичи эпосторго, ал эми «Манас» үчилтигин улуу эпос катары кароонун өзү бекеринен эмес. Жогорудагы кыргыз эпосторунун ар бири эпостук чыгарма даражасында каралууга толук татыктуу экендигине карабай, ошол эле учурда бул эпосторду көп циклдүү «Манас» үчилтиги менен бир жанрдык категорияда кароого болбойт. Бул маселеге карата кыргыз фольклор таануучуларынын арасында «Манас» үчилтигин эпос, ал эми кичи эпостордун катарына кирип жүргөн чыгармаларды дастан жанрындагы элдик чыгармалар катары кароо маселелери талкууланып жүргөндүгү да белгилүү. Мындан улам, «Эр Төштүк» баштаган «Курманбек», «Эр Табылды» жана башка элдик чыгармаларды элдик дастандар катары кароо туура болчудай. Анткени, жанрдык контексттен алып караганда, негизинен бир каармандын образынын тегерегинде уюшулган окуялардан турган бул элдик чыгармалар, көп катмарлуу, көп кылымдык окуялуу эпостук чыгармачылыктын жанрдык критерийлерине толук жооп бербейт. Албетте мунун өзү кезегинде дастандарга киргизилип жүргөн элдик чыгармаларды да кайрадан карап чыгуу зарылчылыгын туудурат. Бул өз алдынча изилдене турган маселелерден экендигин айта кеткибиз келет.

«Манас» үчилтигинин кыргыз адабиятына, анын ичинде эпосуна тийгизген таасирин, жанрдык поэтиканын контексттинен карай турган болсок, анын жазуу (китеп) формасына айланышы өзүнүн бир катар маанилүү факторлорун алып жүрөт.

«Кайсы бир элдин оозеки поэтикалык чыгармачылыгынын тарыхый өнүгүшүнүн белгилүү этабында пайда болгон Тил жөнүндөгү китеп сыяктуу («Брауншвейганын тургуну Тил Уленшпигел тууралуу кызыктуу окуулар» деген немец элдик китеби жөнүндө сөз болуп жатат. Алдын сызган биз – С.М.) өзгөчө кубулуштарды табууга болот. Чынында немец баяны өзгөчө тагдырга тушугуп – ал эрте жазылып алынган, ал гана эмес басылып чыккан…өз учурунда жанрдык белгилердин бекемдешине, алардын туруктуулукка ээ болушун шарттаган. Башка бир элдерде «фольклордук романдар» оозеки

салттуулукта кала берүү менен, туруктуулукка, өз алдынчалыкка ээ болбостон, кээлери дайынсыз жок болуп кетишкен» - деп, орус адабиятчысы В.В.Кожинов баамдагандай, адабий романдардын башатында элдик эпостордун тургандыгы, кезегинде алардын кыргыз жазма адабиятынын роман сыяктуу эпостордун калыптанып, алардын жанрдык категориясынын бекемделишине «Манас» сыяктуу эпостордун китеп катары жарык көрүшү да өз ордуна ээ. Албетте, жогорудагы пикирди улай, кыргыздардын элдик эпостору, китепке көз каранды болбой туруп эле, эпоско коюлуучу бардык критерийлерди жанрдык жактан өнүктүрүп, кезегинде өзүнүн туруктуу поэтикалык мазмунун көркөм бийиктикке жеткизген. Фольклордук чыгармачылыктагы мындай феномен, дүйнөдө өтө сейрек кезедеше турган, мүмкүн такыр кездешпей турган кубулуш десек болот.

Эгерде, элдик эпостор өзүнүн тарыхый өнүгүү жолунда барган сайын прозадан арылып отурган болсо, кезегинде роман жанры, тескерисинче прозалык тил аркылуу эпостук чыгармага айлангандыгын эске алсак, эпос жанры тилдик көркөм каражаттарды, жанрды тандоодо канчалык денгээлде көп кырдуу, универсалдуу экендигин байкайбыз.

Кыргыз жазма адабиятында романдар XX кылымдын 30-жылдарында эле М.Элебаев, Т.Сыдыкбеков, К.Жантөшевдер тарабынан жазылып, дээрлик «Манас» эпикасы кагазга түшө баштаган мезгилге туура келет. Бирок, бул сүрөткерлердин бардыгы, «Манас» сыяктуу эпостордон жана элдик фольклордон китеп аркылуу эмес, көбүнесе оозеки формасында таасир алгандыгы белгилүү. Ошол эле учурда кыргыз жазма адабиятынын ар кайсы этабында жаралган романдарды эпостук чыгарма эмес деп айтуу акыйкатка жатпайт, анткени, кыргыз романдары дагы дүйнөлүк адабий практика көрсөткөндөй, өзүнүн жанрдык эволюциясында калыптануунун, өнүгүүнүн жолун басып өткөндүгү белгилүү. Бул этаптагы жана андан кийинки романдар кыргыз жазма адабиятындагы нукура эпостук романдын жаралышын шарттаган чыгармалардан эле десек болот.

Эпостук чыгармачылыктын жанрдык поэтикасы болгон ыр түрүндө жазылган романдар кыргыз адабиятында адегенде А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», А.Токтомушевдин «Алтын Тоо» сыяктуу чыгармалары, ыр менен эпостук чыгарма жаратуу кыргыз элинин мурдатан бери калыптанып келген улуу чыгармачылык салты экендигин белгилеген эле. Албетте мунун өзү эпостук чыгарма ыр формасында гана болууга тийиш дегендик эмес, тескерисинче роман жанры форманы (ыр, проза) тандоодо эркин экендигин тастыктаган маселе.

Жазма адабияттагы эпостук чыгармачылыктын ичинен турмуштук, тарыхый ж.б. объективдүү, субъективдүү фактылардын мейкиндик процессин чектебеген жанр катары да роман көрүнө алды. Бул багытта кыргыз романынын өзгөчө этабы катары Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын кароого болор эле. Эгерде кыргыз адабиятынын 30-40-жылдарында аңгемени повесттен, повестти романдан ажыратуу кыйынчылыктарды туудуруп келген болсо, XX кылымдын экинчи жарымында ал гана эмес «повесттердин романдашкан» (К.Асаналиев) мезгили башталгандыгын көрөбүз. Мунун түздөн-түз далили болуп Ч.Айтматовдун «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт» сыяктуу повесттерин атоого болот. Жазуучунун бул чыгармаларында чындык менен миф катар коюлуп, ал аркылуу ар башка мезгилдердин (кылымдардын) окуялары параллель түрдө бир идеянын бүтүндүгүндө көркөм сүрөттөөгө алынган эле. Бул болсо кезегинде мурдатан эле кыргыз элдик эпостук чыгармачылылыгынын жанрдык критерийлерине кеңири мүнөздүү көрүнүш катары, «…жазма адабий тил, ар түрдүү жанрлар жана формалар, реалисттик көркөм ойлонуу жаңыдан калыптанып, жетилүү процесси жүрүп жатканда, кокустан эле, дүйнөлүк көркөм дөөлөттөргө тете чыгармаларды жараткан жазуучунун чыга келиши бул чыны менен бир укмуш. Ошондой эле мунун өзүндө ички законченемдүүлүк бар.

Көрсө, кыргыз эли мурдатан эле жалпы адамзаттык искусствонун даражасындагы улуу эпосту «ыр океанын» жараткан эл экен. Мына ушул улуу

поэзия кумга сиңгендей дайынсыз жоголот беле, же кандайдыр бир жаңы формада кайрадан жаралат беле, маселе ушунда» - деп, белгилүү адабияттаануучу К.Асаналиев белгилейт.

Ошентип, байыркы эпос жана азыркы замандын жазуучусу келип адабий жаңы эпостун жаралуусуна жанрдык шарт түзүлүп, Ч.Айтматов кыргыз жазма эпикасында өзүнүн «Кыямат», «Кылым карытар бир күн», «Касандара тамгасы» сыяктуу романдарды жазып, жаңы доордун чыныгы эпосун жаратты. Жазуучунун улам кийинки романдары, адамзаттын тарыхый жашоо жолундагы туңгуюкка кабылган суроолорго жооп издеп, окурманды эпикалык масштабдагы ойлонууга алып чыкты. «…бир мезгил бир класс үчүн көркөмдүү жана адабий болсо – башка бир учур жана класс үчүн көркөм да, адабий да болбой калышы мүмкүн» - деп, орус адабият таануучусу И.Беспалов XX кылымдын 30-жылдары эле жазгандай, эпостук-романдын эң негизги жанрдык белгиси болуп, ал чыгарманын окуясы, идеясы жана образдары бардык мезгилдер үчүн баалуулугун жоготпогон, тескерисинче бардык мезгилдер үчүн түбөлүктүү адабий-эстетикалык мааниси улам артылып отурган чыгармалар болот.

Ч.Айтматов өзүнүн эпосторунда, «Адамга – ар күнү адам бойдон калуу» «Кыяматка» кабылгандыгын эскертип, «Кылым карытар бир күндө» адам ал сапаттарынан ажырагандыгын көрсөтүп, «Кассандра тамгасы» романында бул дүйнөгө «адам» болуп жаралуунун зарыл эместиги тууралуу жалпы адамзатына үч башка суроо таштады. «Айтматовдун жазуучулук философиясы Адамдын улуулугуна, Жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, Ыйык гуманизмге, Асылдык идеясына барып такалат» -деп, белгилүү айтматовтаануучу А.Акматалиев жазгандай, элибиздин «Манас» үчилтиги сыяктуу Ч.Айтматовдун аталган үчилтик романы - адам менен жексурдун ортосундагы күрөштү сүрөттөп, кезегинде бул адамдык трагедия туңгуюкка барып такалганын планетардык, ал гана эмес ааламдык маселе катары көрсөттү.

Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч.Айтматовдун эң башкы кредосу -

профессионалдык жазма адабиятта элибиздин улуу эпостук салтты байытып, «Манас» эпосунун улуу көчүн уланткан, ага дүйнөлүк аброй алып берген уникалдуу бардык мезгилдердин кайталангыс чыгаан жазуучусу. Адабият поэтикасынын тарыхын классикалык эпостор менен байыткан кыргыз элинин «Манасы» менен Айтматовунун таасиринен улам улуттук эле эмес, дүйнөлүк искусствонун бардык тармактары жанрдык жактан байып жатканы да бекеринен эмес. Ошентип, кыргыз элдик эпосу менен адабий эпосунун бүтүндүгүндө - Адам баласынын алдындагы түбөлүктүү суроолоруна жооп таап, анын нукура чындыгын бузбаган нарктуу чыгармалар катары жаралышты. Мына ушул кайталангыс дүйнөлүк эпостордун арасынан кыргыз элинин эки эпосу – «Манас» жана «Айтматов» күн санап улутубуздун аброюн арттырып турган, дүйнөлүк адабияттын алтын казынасын баа жеткис Улуу Сөз менен байыткан бүткүл адамзатынын көөнөрбөс байлыгы катары кала берет.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат: Макалалар, маектешүүлөр, сүйлөнгөн сөздөр. /Түз. С.Тургунбаев; Сүрөтчүсү С.Ямгырчиев. - Ф.: Кыргызстан, 1988, 13-б.
2. Акматалиев А. Кыргыз тили «Манас» жана Айтматов = Кыргызский язык «Манас» и Айтматов. – Б., 2013, 4-б.
3. Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф.: Кыргызстан, 1988, 129-б.
4. Беспалов И. Проблемы литературной науки. – М.,1930, 71-б.
5. Кожинов В.В. Присхождение романа. – М.: Советский писатель, 1963, 86-б.
6. Кыдырбаева Р.З. В начале было Слово. – Б., 2013, 20-б.
7. Пропп В.Я. Фольклор и действительность: Изб.статьи. /Сост.Б.Н.Путилов. – М.: Наука, 1976, 19-20-б.б.
8. Пропп В.Я. Поэтика фольклора. /Сост. А.Н.Мартынова. – М.: Лабиринт, 1998, 24-25-б.б.

Кармыштегин Макелек Өмүрбай уулу

«МАНАС» ЖАНА КЫТАЙ

«Манас» жомогун Кыргызга сиңимдүү кылып, урпактардын рухуна уютууда, улуттун энциклопедиясы деген баалуулугун көтөрүп чыгуунун зарылчылыгы бар. «Манас» качан жаралган, кандай тарыхы арка көрүнүштө болгон? Манастын жоосу ким? ал тарыхта болгон окуябы же адабияттык көркөмдөштүрүлгөн гана жомокпу? Ушулардын жообун издөө, биринчиден, улуттун басып өткөн тарыхын билүүгө, экинчиден, «Манас» Кыргыздын баалуулуктарын чыныгы чагылдырган эпос дегенге ишенүүгө алып барат. Бул макала ошону көздөп ортого түшүп туру.

1. Манастын жоосу Кытай (Кидан) болгон, себеби, «Манас» жаралган доордо Кидандар гана күчтүү империя болуп турган. «Манас» эпосунда «Кытай» аталган сөз жана азыркы Орусыя баштаган мурдагы Советтер ынтымагы мамлекеттеринде «Кидай» болуп айтылган сөз, ханзу тарыхында «чидан» деген сөз менен жазылып келет. Ал мурдагы ханзу жазма булактарда (Кыта, Кида) деген сөздөр менен котормолонуп жазылган. «Кыта, кида» сөзү Туңгустун өзүнүн тилинде «Катуу темир» деген маани берген. Ал кандайдыр бир улуттун, уруунун энчилүү аты болбой, кадыресе бир тукумдагы 8 уруу бирикмеси [«дыра, ише, түлөп, пын, түжү, дут, укуй, ныра» болуп аталган Туңгустун уруулары]. 10- кылымдын башында, алардын баатыры Жолой Абоке (өз тилинде «Жолой Амбагай») кагандык куруп, бийлик атын «темирдей катуу бололу» деп ырымдап, «Кидан» (катуу темир) деп коюшат. Ошондуктан бул макалада автор эпосто айтылган «Кытайды» Кидан деген атоо менен атап түшүндүрүүнү туура көрдүк.

Кидандин түбү тарыхтагы Ыбыр - Сыбырдын тукумдары Туңгустан болгон. Кидан биздин санактын 907-жылы хандык курган, 947-жылы бийлигинин аталышын «Лыявга» өзгөртүп атаган. Кидан таануучулардын айтымында, «Лыяв» сөзү дале «темир» деген маанини берет экен. Ошондуктан,

Кидандардын кийинки урпак хагандары бирде «Кидан хаганат» атаса, бирде «Лыяв хаганатына» которуп атап келишкени тарыхта жазылган. Кидандардын генин (DNA) текшергенде (КНР Жылын универистети чек ара архология изилдөө борбору текшерген) Орто Азыялыктардын генине эмес, алар байыркы сыбырлар, азыркы Моңгулдарга жакын экени аныкталган. Кидандардын ал бийлигин 1125-жылы, Туңгустардын дагы бир тукуму Жүржүттөр кулаткан. Ал Жүржүттөрдүн баатыры Агуда бийлигнин атын «Кидандар өздөрүн темир атагандыкган темир чирип кетти (бийлик кулады), биз бийликти чирибес алтын атайбыз» деп ырымдап, «Алтын хандык» койгон.

Кидандардын каганаты кулаштын алдында, абдан күчтүү империя болуп, чыгышы Бохай деңизине тирелген, батышы Алтай тоо кыркасына чейин болгон чоң чөлкөмдү ээлеп; беш ордолуу дубан чөлкөм куруп; ал чөлкөмдө 155 аймак, 209 районго бийлигин жүргүзгөн; 60 мамлекетти багындырып, алардан төлөм алып, чириген бай, аттуу согушка маш, каруу күчү абдан күчтүү мамлекет болгон.

1114- жылы, Кидан бийлиги өздөрүнүн жек-жааты болгон Жүржүттөрдөн жеңилгенден кийин да, Кидандардын Жолой Абоке ханынын 8-урпагы Жолой Тайчы калды. Ал жоокерлерин чогултуп, батышка карай жортуул жасап, оболу, Эне-Сайдагы кыргыздарга катуу соку урат. Эне-Сай кыргыздары каруу кайтарып, Жолой Тайчыны кууп чыгат. Бирок, ал аны менен жөн болбой, батышка жортуулун улантып, жолдо кээ бир түрк улуттардын колдоосуна ээ болуп, Алтай-Каңгай тоолору аркылуу Орто Азияга жетип, ал жердеги Караканийлар мамлекет бийлигин багынтып, Орто Азияга ээ болуп алат. 1130-жылы жалган куран айында, Жолой Тайчы Кидандардын жөрөлгөлүү түлөө өткөрүү салты боюнча ак боз бээ, көк бука түлөөгө чалып азем өткөрүп, Орто Азияда «чоң хагандыгы» аталган (Кара Кытай хагандыгы, ханзу тарыхында) хагандыкты кургандыгын жарыялап, ордо шаарын Кыргызстандын Токмоктогу Баласагынды «Күч ордо» аталган борбор кылат.

Ал эми «Манаста» «Кытай» (Кидан) бир күчтүү эл болуп, анын беш

Бээжин ордосу бар экени, ал Кыргыздар турган жерден алты айлык жол экени сүрөттөлөт. Биз ушул эпосто айтылган баянды тарыхка көздөштүрсөк, тарыхта, Кидандар Кыргыздарга чын эле эпосто айтылгандай ыдык өткөргөн. Көрсөтүп айтканда, Кидандардын Кыргыздарга эки жолу жасаган оторчулугу «Манас» эпосундагы Кытайлар менен болгон согуш окуясы болуп айтылган. Кидандардын биринчи оторчулугу, тарыхта жызлышынча, биздин санактын 924-жылы Кидандардын Жолой Абоке баатыры Кыргызга чабуул коюп, 80 жыл түндүктө «Кыргыз улуу каганаты» аталып бийлик жүргүзгөн, атап айтканда, «тыягы Бешбалык, Кучарга чейин бийлиги жеткен, Моңгул гоби талаасында соңку түрк тектүү бийлигин»[1] багынтып, Кыргыздарды көз каранды мамлекетке айландырып, кыргыз жергесине «Кыргыз хандыгы» деген өзүнө баш ийме бийлик куруп, ага өз адамдарынан көзөмөлдөөчү жиберип, Киданга төлөм төлөөчү жана согуш болгондо жоокер чыгаруучу мамлекет кылып алган [2]. Бул окуя кыргыз тарыхында каганат бийлигинен айрылган эстен кеткис окуя болуп, «Манас» эпосунун жаралуусуна себепчи болгон. Кидандардын Кыргыздарга жасаган экинчи чоң жортуулу, Жолой Тайчы Кидан бийлигинин калдык жоокеринен 40 миңди үй-бүлөсү менен чогуу айдап, кыргыздарга басып келип, Орто Азия кыргыздарын 1218-жылга чейин, 95 жылдан артык убакытка басып жатканын көрсөтүүгө болот. Бул «Манас» эпосунда баяндалган Кытайлар, Жолойлор (Кидандар менен) болгон эки жолку 300 жылга жуук (924-1218-жылга чейин) күрөштүн сүрөттөлүш чындыгы эле. Ушул тарыхый чындыктан көрүнгөнү, «Манас» эпосунда жоолошкон Манастын жоосу Кидандар болгон дегендин тарыхий негизи боло алат. Себеби, «Манас» жаралган ошол Кидандар гана күчтүү оторчу каганат болуп турган.

Ушул жерде өзгөчө эскертип айта турган бир сөз, Кытайды (Киданды) азыркы Ханзулар деген түшүнүктө түшүнүүгө, же Кыргыздын Кытай уруусу ошол Кидандардын тукуму деп жорууга таптакыр болбойт. Кидандар бийлиги кулагандан кийин эле Кидан деген атты тутунган адам калбай (Кидан) деген аталыш аты өчкөн. Алардан чалдыбарлар, тоомдор, маданий мурастар гана

калган. Азыркы Жуңгодогу 56 улуттун ичинде Кидан аталган улут жок. Ал эми гендик текшерүү жана уламыштарда айтылыштарга сөөнүп, Кидандардын кийинки тукуму Дагур улуту болушу мүмкүн деген жоромол бар. Кидан 10 - 12-кылымда ошондой күчтүү бийлиги, жазуусу, тили, маданияты бар эл эмнеге жер бетинен «кайып болду?». Менин көргөн тарыхый материалыма сөөнүп айтсам, бийлиги бүт элин жоокер (аскер) катары урунган. Алардын 17 жаштан 55 жашка чейинки бардыгы жоокерлик милдетти аткаруу жана жоокерлик мамиледен баар алууну мамлекеттик эрежеге киргизген [3]. Ошону менен, алар черүүгө элин кошо «айдама кол» кылып алып жүргөн. Кийин Жүржүттөр Кидан бийлигин кулатканда, эли да жоокер катарында кырылып кеткен, же Кидан бийлик аталышын таштап кеткен болуу мүмкүн. Тарыхта айкын жазылганы, кийин батыштагы «Кара Кытай» хандыгын Чыңгызкан кулатканда, алар да жоокер катары кырылып түгөнгөн, же жан соогалап, «Кидан» бийлигинин (Кытай) атын колдонбой, мурдагы уруулар (8 урук) өз алдынча кеткен болуу мүмкүн экен.

2. Манас Кидандын баатырлары менен согушкан, себеби, Манас кезинде эң күчтүү баатырлар Кидандар болгон.

«Манас» эпосуңда, Манас баатырды теңдешсиз баатыр, ашкан акылман (айкөл) катары баяндайт. Бул жөн эле образ жаратуу үчүн чыгарылган сүрөттөөлөр эмес, Манастын баатырлыгы чынында ашаан экенин айтуу үчүн, Манастын сайышкан жоосунун канчалык күчтүү экенин көрсөтсөк ынанымдуу болот. Тарыхта жазылган маалыматгарда, Манастын баатырлыгын көрсөтүп турган жоосу Кытайлар (Кидандар) экенин түз эле айтууга болот. Мисал үчүн айтсак, Кидан бийлигин курган баатыры Жолой Абоке төрөлөшү, жетилүүсү өзгөчө баатыр болгону тарыхта жазылып калган. Ал төрөлгөндө, энеден жерге түшкөндө, үч жашар баланын чондугундай болуп, жерге түшүшү менен эле жөрмөлөп кеткен. Үч айда баскан. Ал баатыр болуп балтыр эти катканда 150 килограмм жаа менен миң метирге тийгизип аткан баатыр экени жазылган [4]. Биз ушул тарыхый баянды билгенден кийин, Манастын төрөлүшү жана анын 9

жашарында жоого аттанышын адабияттык апыртма дегенге баш чайкап калдык. Айтайын дегенибиз, Манастын жоосу, жоо баатыры демейдеги адамдар эмес экенин билип, ошого жараша Манас баатырды ченемсиз баатыр кылып сүрөттөгөн эпостук баяндарды чындыкка оодуруп түшүнүүгө өзүбүздү шыкап барсак болгудай. Чын эле, Манастын жоосу 150 килограммдык жаа урунса, аны жеңген Манас кеминде 200 килограммдык жааны урунганына ишенбей болбойт. Манастын ашаан баатырлыгын, «Манас» эпосунда, жоо жактын баатырларынын абдан күчтүүлүгү менен баяндаганын да айтса болот. Көрсө, ал Манастын жоосу:

Барган кайра катпаган,

Тирүү киши катпаган,

Барса келбес жер (С.Каралаев варианты боюнча).

Искендер изин салбаган,

Илгертен киши барбаган.

Чарыяр чаркы жептеген,

Чакташып пенде жеңбеген (Ж.Мамай варианты боюнча).

Мындагы эң күчтүү салыштыруу «төрт чарыяр» изи баспаган, «барса келбес» жоого Манастын барганын, Коңурбай баштаган баатырлары, керик минген алп, дөөлөрү бар теңдешсиз жоону корголотуп кайтканы менен жеткирилген.

3. Манас «Чоң Казатка» Кидандардын жерине барган, себеби, анда айтылган «Беш Бээжин» Кидандардын «Беш Ордосу» болгон.

«Манас» жомогунун жөрөлгөлүү окуяларынын бирөө «Чоң Казат» ар кандай манасчынын айтымында бар. Алсак:

Амир Темир көргөн,

Ай ааламдын баарысын.

Алдына салып күрөгөн,

Ошол Бээжин шаарында,

Өтүптүр жалган дүйнөдөн (Ж.Мамайдын варианты боюнча) - деп

сүрөттөйт. Анда Манас «Чоң Бээжин» аталган ордо калаага киргендиги сүрөттөлөт. Ал тургай, беш Бээжиндин ар бирин бирден сүрөттөп айткан саптар кезигет. Анда тарыхта «Беш Бээжин болгонбу? Ал кайсы чөлкөм болгон? Аны кайсыл бийлик ээлеп турган? деген суроо «Манастагы» чоң окуя Кидандар менен байланыштуу экенин ачыктай алат.

«Бээжин» деген сөз ханзу тили болуп, Бейжиң деп жазылат жана айтылат. Ал «бей» түндүк жак, «жиң» ордо деген эки сөздөн куралган. Жалпы маанiси түндүк ордо, түндүктө ордолор деген маанини берет. Бул сөз, өз кезиинде, кидан тили аркылуу «Манаска» кирген. Себеби кидан тили жана жазуусу Ханзулардан көптөп кабыл кылгак. Кидан жазуусун карасак, сызым-чийимдери ханзу жазуусунан кабыл кылынганы көрүнөт. Атап айтканда, ханзу тилинин таасири Кидандарда өтө күчтүү болгон. «Манас» эпосундагы ханзуча сөздөрдүн көбү ханзу тилинен түз алынбай кидан тили аркылуу «Манаска» кирген десек, тарыхка түз караган болобуз. Себеби Манас доорунда, Кидандар Кыргыздарды 300 жылдан ашуун оторлоп, каранды мамлекет кылып турган. Ушул «Беш Бээжин» деген сөздөгү «жың» сөзү кидан тилинде да «ордо» деп айтылган. Бирок тарыхый жазмаларында «жиң» боюнча жазылган. Ошого өз кезинде Кидан орток тилинде ханзуча сөздөр көп, ал тургай мансаптуулары бүт эле ханзу тилин билгендер экенин тарыхый жазмалардан окудук.

Биздин санактын 916-жылы Кидандар бийлик курган кезде өз бийлигин «беш ордо» дубанга бөлүп башкарган. Ал тарыхта «Лыяв хаганатынын беш ордосу» деп жазылып калган. Ал беш ордонун беш чоң шаары (баш калаасы) болуп, ал тарыхта : «Түп ордо, Чыгыш ордо; Батыш ордо, Орто ордо, Түштүк ордо» болуп аталып, ханзуча тарыхый жазмалар болуп жазылган. Тарыхта, «беш ордо» жана «беш дубан» аталышы, ар бир ордо өзүнүн белгилүү жер чөлкөмүнө бөлүнүп, ал ордого караштуу чөлкөмдөр дубандар деп атаган. Ошого түп Бээжинге караштуу чөлкөмдү «Түп Бээжин дубаны» деп атаган. Ушундан айтууга тийиштүүсү, беш ордо, беш дубан болуп башкарылган да, дубандын аттары ордонун аты менен аталган. Биздин бул жерде өзгөчө

көрсөтүп айта турганыбыз, ушул Кидандардын бийлиги тушундагы «беш ордо (дубан)» боюнча бийлик жүргүзүү айтымы «Манас» эпосунда түз эле «Беш Бээжин» болуп айтылышы жазма тарых менен бирдей чыкканына таң калып жана чын бүтүп турабыз. Бул «Беш Бээжин» «Манас» эпосунда: «Түп Бээжин, Чет Бээжин, Чоң Бээжин, Орто Бээжиң, Бэзжин» деп баяндалат. Эпостогу сүрөттөөлөр, окуядагы баяндардан караганда, эпосто айтылган ал беш Бээжиндин ордуларын тарых менен беттештирсек: 1. Эпосто «Түп Бээжин» аталганы тарыхтагы Шаңжың болуп, ал Ички Моңгулдун Линдоң шаарчасындагы [чыгыш узундук 43°57 ~ 44°00, түндүк кеңдик 119°21 ~ 119°25], Лынхуаңфу болгон. Анын «Түп Бээжин» болуп аталуусу, Кидан хагандыгы курулганда биринчи ордо шаар болуп курулган. Ал Кидандардын уюктаган жайы болуп, Кидан бийлигине караган бардык чөлкөм жана андан кийинки курулган төрт ордо, дубандар ошол «Түп Бээжинге» караган. Анда Кидандардын хаганы Жолой Абоке жана андан кийинки хагандар турган борбор ордо болгон. Азыр ошол ордо шаардын тоому Жуңго мамлекеттик коргоочу орун деген такта таш орнотулуп корулуп турат. Ал бүгүнкү күндө Ички моңгулдун Чыфың шаары Линдуң базарына карайт. 2. Эпосто «Чет Бээжин» айтылганы тарыхтагы Доңжың аталган, Лыявяң шаарындагы [чыгыш узундук 122°35 ~ 123 °41, түндүк кеңдик 40°42 41°36] Лыявяңфу болгон. Анын Чет Бээжин аталышы жердин чыгыш четине, болуп да тыштагы Кыргыздар үчүн айтканда, эң четте (деңизге жакын) курулган ордо болуп чет Бээжин алган. Манас «Чоң Казатка» ошол Чет Бээжинге оболу барып, ал Чет Бээжинге Эсенхан Түп Бээжинден келип, Бакай менен сүйлөшүү жүргүзгөнү айтылат. Чет Бээжиндин коргону, анын дарбазасы ушул күндө мамлекеттик коргоо курулушу катары корулуп турат. 3. Эпосто «Чоң Бээжин» аталган тарыхтагы Нанжың Шижинфу азыркы Бээжин шаарында [чыгыш узундук 116°25, түндүк кеңдик 39°54] болуп, анын Чоң Бээжин болуп айтылышы, Кидан бийлиги кезинде адам көп, шаары чоң салынганы баяндалат. Манастын Чоң Бээжинге киргени, андагы кээ бир көчөлөрдүн аты аталганы тарых менен айкалышып

турат. Мисали, «Ваң базары» Жүсүп Мамайдын айтымында гана эмес, Сагымбай Орозбаковдун айтымында да («баштан- аяк күнчүлүк\ Ваң базары дээр экен» С. Орозбаков. 2010, 1775- бет) айтылат. 4. Эпосто «Орто Бээжин» айтылганы, тарыхтагы Жоңжың болуп, ал Дадиңфу деп айтылган. Ал азыр Ички Моңгулдун Чыфың шаарына караштуу Ныңчың ооданы Дамың кыштагында [чыгыш узундук 118°26 ~ 119°25, түндүк кеңдик 41°17 ~ 41 °53] болуп, шаар коргонунун дубал чалдыбары мамлекеттик коргоо орду деген тактай таш орнотулуп корулуп турат. Бул Орто Бээжиндин тарыхтагы аталышы менен эпостогу айтылышы (орто деген сөзү) окшоштугуна таң калса болот. 5. Эпосто «Бээжин, Туңша» аталганы, тарыхтагы Шижиң Датоңфу болгон. Ал Датоң шаарында [чыгыш узундук 112°34 ~ -°33, түндүк кендик 39°03 — 40°44] батышка эң жакын ордо болуп, Саншынын Датоң шаарында, азыр байыркы шаар коргонунун дубалынын бөлүктөрү кадимкидей корголуп турат. Эпосто Алмамбет Тоңшадан батышка аттанганы жөнүндөгү көптөгөн баяндар айтылып калган.

Андан бөлөк, Манастын өз кезинде «Кантон» аталган, азыркы Жуңгонун чыгыш түндүгүндөгү айтылуу Кидандын «Беш Бээжин» дубанына баргандыгын эпосто баяндалган жер - суу жана сүрөттөлгөн көрүнүштөргө чын бүтүүгө болот. Биз андан бир канчаны мисал катары көрсөтө кетсек, манасчылар как эле ошол жерлерди көрүп андан соң айткандай сезим берет. 1. «Кантон» деген жер аты эпосто өтө көп айтылат. Ал тарыхта бүт эле түндүк чыгыш жакты «Гуандоң» деп айтканы менен окшош болгон. Ал «Беш Бээжин» негизинен ошол Кантондун ичинде болгондуктан, Кантон жер аты көп кезигет. 2. «Саястын тоосу». Бул Саястын тоосу деп аталган тоо эпосто көп айтылган. («Саяс тоосу улуу тоо» С. Орозбаков). Бул чыгыш түндүк жактагы дүйнөгө белгилүү тоо кыркасы болуп, «Саяс тоосу» тоңгус тилинде «Саян» айтылып, (ханзуча тарыхта жазылганы жана чанчан) маанисси «Ак тоо» деген болот экен. Ошого кийинки кездерде «Чаңбейсан» аталып калган. Ушул атактуу тоону Кидандар, андан кийин Жүржүттөр «ыйык тоо» катары түлөө - тооп иштерин

жасаган жер болгон. 3. «Каспаң тоосу» эпосто «Каспаң тоонун оюнда, Кара суунун боюнда» (С. Орозбаков) сыяктуу өтө көп баяндалат. Бул тоо чыгыш түндүктүн батышындагы кыркасы болуп [чыгыш узундук 16°128 ~ 40 °127, түндүк кеңдик 25°42 ~ 35°41,] тарыхта «Кинган тоо» аталган. Ал тоңгус тилинде «өлө суук» деген мааниде болуп, тоонун ушул аба ырайын эпосто минтип сүрөттөйт:

Каспаңдын улуу тоосунан,

Кара шамал күркүрөп.

Айбан менен адамы,

Аязына зиркиреп.

Борошосу басылбай,

Жааган күнү ачылбай [5].

4. Эпосто «Кара-Суу» айтылган бул дайра таңгут тилинде «Эжина» аталып «кара дайра маанини берген. Таңгут кезинде ушул дайранын аты менен «Кара-Суу шаары» салынган. Таңгуттардын атактуу борбору болуп, азыркы күндө, Ички Моңгулдун Эжна ооданында ал чалдыбары коргоого алынып турат [чыгыш узундук 7° 103 ~ 10°97 , түндүк кендик 47°42 - 52° 39°]. «Манас» эпосунда, «Чоң Казаттагы» жолдо Кара-Сууга барып, черүү өргүткөн баян айтылат. Ушулардан караганда, Манас «Чоң Казатка» Кидандын «Беш ордо» чөлкөмүнө барганы байкалат.

4. Алмамбет Кидан ханзаадасы болгон, себеби, ал жашаган жерлери, турмушу Кидандардын чөлкөмүндө болгон.

Алмамбеттин өмүр баяны эпосто «Беш Бээжинди» таанытууга алып келгенин баарыбыз билебиз. Алмамбет «Манас» эпосунда акыйкат издөөчү адам катары баяндалат. Кидандар бийликке уюшкандан кийин, эки чоң фамилия колдонгон. Анын бири, «Жолой» (йэлүй), дагы бирөө, «Со» болгон. Ал Алмамбет Кидандардын ошол эки чоң фамийласынын ичиндеги «Со» фамийлалуу Соорандик аттуу мансаптардын окуган маалыматтуу баласы. Кидандардын бийлик мыйзамы хандык тактыга «Жолой» фамийлалуулар гана

мурастуу болоруун белгилеген. Ошого Алмамбет сыяктуу «Со» фамилиялуулар бийликтен да четтетилген, зээнинде акыйкатты жактаган Алмамбет аркылуу акыйкатты жүргүзүүгө мүмкүн болбогон, өз жергесинен басынуу, кордолууну акыйкаттын жоктугунан көрүп, акыйкат издеп, жер кезген. Манасчылардын айтымдарында, Алмамбеттин мусулманчылыкты кабылдоосун эки түрдүү ыңгайда: бирөө, энесине мусулманчылык белгилери аян берип мусулман болгондугу; дагы бирөө, Алмамбет Көкчөгө кезиккенден кийин анын нускоосу менен мусулман динине киргендиги жөнүндө баяндар айтылат. Ал эми тарыхты карасак, Кидандардын ишеними шаман дини болуп, Кидан бийликке чыкканда, шаман дини менен будда динин айкалыштырып алып жүргөн. Кидандар мусулманчылыкты кабылдабаган. Бирок көөн бура турган бир жайыт, 10-кылымда, Кидандардын заманында болгон «Беш Бээжин» аталган ордолордо Араб кезерлери мечит кургандыгы жөнүндө тарыхый маалыматтар жана мечиттердин көзү бүгүнкү күндө турат. Ушундан ой улаганда, Алмамбеттин жана анын энесинин мусулманчылыкты билүү жана кабылдоосундагы башкы негиз ошол жерлерде мусулманчылык динин тутунгандар болгонун ырастайт. Алып айтсак, Алмамбеттин тушунда, таң доорунда эле эпосто «Бээжин, Тоңша» азыркы Датоң шаарында бир мечит курулган. Ал мечит бүгүнкү күндө да кадимкидей сакталып турат. Ал Жуңгодо эң эртеден курулган эки мечиттин бирөө катары эсептелет экен. Андан бөлөк, эпосто «Чоң Бээжин» аталган азыркы Бээжин шаарында да «ниюже мечити» (уй көчөсүндөгү мечит) 10 - кылымда (996 - жылы) Кидан бийлиги маалында курулуп болгону жазылуу турат. Андан да Кидандардын ордо - дубандары болуп турган «Чет Бээжин» аталган Лыявяң шаарында, «Түп Бээжин» аталган азыркы Линдоң шаарында 16 - кылымдан мурда салынган мечитгер бар. Ушул жагдайдан караганда, Алмамбет жана анын энесине Алмамбет батышка келип, Көкчө менен көрүшүүдөн мурда мусулман динининин таасири болгондугун тарых менен көрсөтүүгө болот. Ал жагдайды залкар манасчы Сагымбай Орозбаков Алмамбеттин оозунан мындай айтгырат:

Улук Какан шаарында,

Учкан куштай жүрчү элем.

Мусулман деген бир элди,

Мурун дагы көрчү элем [6].

Ушул баян тарых менен бирдей болуп, Алмамбеттин мусулман болушундагы тарыхый арткы көрүнүштү эпосто төп айтканына дагы бир жолу таң калуу менен ынансак болчудай.

«Манас» жомогуна ханзу тилинен сөздөрдү Алмамбет киргизген. Биз манасчылардын баянында чет эл тилин биле турган манасчы бар экенин билбейбиз. Болуп да ханзу тилин билген манасчы жок. Бирок «Манас» эпосунда «Беш Бээжин» окуясына байланыштуу баяндарда ханзу тилинен кирген сөз - атоолор абдан арбын айтылат. Аны биз изилдөөлөрүбүзгө таянып, Кидан заманында, Кидан бийлигинин тил- жазуусу ханзу тили менен кошо жүргөнүн, бийлик башындагылар ханзу тилин жакшы билгендиги менен түшүндүрүүгө болот деп карайбыз. Алып айтсак, Кидандын «баш ордо» (эпосто «Түп Бээжин») калаасынын жашоочуларын эки бөлүк боюнча жайгаштырып, түндүк жагында Кидандар турса, түштүк жагында Ханзулар турганы тарыхый маалыматтарда жазылган. Мындан көрүнгөнү, Кидан бийлигинде иштеген Ханзулардын көп экенин, Кидандар Ханзулар менен барды - келдиде көп болгонун туюнтат. Ал тургай, 10-кылымда Кидан бийлиги жараткан кидан жазуусу ханзу жазуусунун негизинде жасалганы да, ханзу тил – жазуусунун Кидан бийлигиндеги ордун керсөтүп турат. Арийне, «Беш Бээжин» аталган ордолордун ысымдары ханзуча аталып турат. Алар кидан тилинде кандай аталганы жөнүндө тарыхый маалымат таба албадык (мисалы, «Түп Бээжинди» эмнеге «Лынхуаңфу» атаган? анын кидан тилиндеги мааниси эмне? деген суроолор менен Кидан изилдөөчү мамандарга кайрылсак, алар да айтып бере албады).

«Манас» эпосунун «беш Бээжин» жөнүндөгү баяндарында көптөгөн ханзу тилиндеги сөздөрдү манасчылар айтып бизге жеткирген. Манасчылардын

башкасын коюп туруп, 1922-жылдардан баштап кагаз бетине (башка манасчылардан эрте) түшкөн (эч ханзу тилин билбеген) Сагымбай манасчынын айтымында кезиккен сөздөрдөн көрсөтсөк. **1.Демейдеги сөздөрдөн:** хоома («салам айттым хоома деп / алик алды ооба деп), таталап («таталаган кытайлар...»), жыгы- жыгы («жыгы- жыгы, жыгы деп), мөндү («мөндү- мөндү деп»), жабуу («жабуу- жабуулап»), лоя («лоясы менен шоясы») сыяктуу демейдеги сөздөр азыркы ханзу тилинде колдонулган маанилери бар. **2. Мансап аттарынан:** суңдуң, калдай, ваңваң (баңбаң), дотай, чыйтай, тыйтай, дуу - дуу, жаңжуң» бул мансап атоолору да ханзу тилинде маниси бар сөздөр болуп эсептелет. **3. Жер - еуу аттарынаш:** «Салаңгу, Саңша, Таңшаң, Кулаты, Туңша, Каспаң, Саяс, Бутала, Кантун, Жыяңча, Будача, Анжы-Манжы, Каңгай, Аңгир, Иңгир, Ачалы, Маңгуба, Сыңша, Чыңко, Кереш, Жуңгар» сыяктуу аттар ошол эле Кидандар тушундагы жер жана тоо - суулардын аталыштары болуп, ушул ар бир аталышты бирден чечмелеп, алардын ордун белгилеп олтурсак, «Манас» эпосунда адамды таң калтырарлык тарых жатканын байкайбыз. Дагы бир айтар нерсе, эпосто жер аттарынан кээ бирөөлөрүн түз эле кыргыз тилине которуп атагандары да бар. Мисалы, Боз-Бэл, Кара-Суу, Ит-Кечпестин кечүүсү, Көл-Кечүү деген сыяктуу. Дагы бир кызыктуу сөз Сагымбай айткан эпосто кезигип; «шыта кечүү - таш кечүү\ Алмамбет билген маш кечүү» деген сапта «шыта» сөзү азыркы эле ханзу тилинде (шыту) «таш» деген маанини берип, ошол кездин өзүндө кечүүнүн түз которуп колдонгону көрүнөт. **4. Уруу, эл аттарынан:** «Бакбурчун, Чынмачын, Чебечаап, Эгил, Төгүл, Эңкил, Чеңгил, Сазаңшаң, Каканчын, Кеден, Моюл, Ачаң» сыяктуу уруулардын аттары айтылат. Уруулардын аттары кидан тилиндеги аталышы боюнча аталганы, ошол кездеги Кидандардын курамындагы урууларды түз эле атаганы нарктуу көрүнүш катары байкалат.

Майнаптай айтканда, жогорудагы мисалга тарткан сөздөр Алмамбеттин оозу менен «Манаска» киргени өтө айкын. Биз ушуга карап эле Алмамбетти Ханзу улутунан болгон деген жоромолго кетсек, тарыхтагы баянга көөн

бурбаган болобуз. Алмамбеттин оозу менен ханзуча сөздөрдүн кирүүсү Алмамбет өзү ханзу тилин билген, айтор, өз кезинде ханзу тилинде окуу бүтүргөн Кидандын бир төрөсүнүн баласы болуусу абдан мүмкүн. Мындай абал өз кезиндеги Кидан бийлигинде демейдеги көрүнүш болуп, Кидан мамлекетин курууучу Жолой Абокенин чоң баласы ханзуча окуган, ал турган Конфуцичилык таалиматын үйрөнгөн деген маалымат тарыхта жазылуу турат. Кандай эле болбосун, Кидандардын тушунда кыргыз тилине кирген ханзуча сөздөр кидан тили аркылуу киргендигин жоромолдосок, тарыхтан анын арткы көрүнүшүн көрсөтүп бергени болот. Эпостун жаралуу доору Кидандардын бийлик жүргүзгөн доорун байлап түшүнгүсү келген кишиге мындай түшүндүрүү жеңил эле болот го деп ойлойбуз.

Соңку сөз катары көөн бурдура айта турганыбыз, «Манасты» тарых менен көздөштүргөндө, анан анын адамзатка пайдалуу наркы ого бетер ашып, элибиздин дилине бар нерселери менен дем болуп берет. «Манасты» тарых менен көздөштүргөндө, бул жолу биз кеп салган, эпосто Кытай аталган, Кидандардын тарыхын көбүрөөк баракатасак көптөгөн ачылыштарга жетишебиз. Арийне «Манас» ошол бир гана доорду арткы көрүнүш кылбайт, андан кийин Жүржүттөр, Моңгулдар (Калмактар) Кыргыздардын тарыхына унутулгус издерди калтырган. Алар да эпосто чагылдырылганы чын. Бирок бул макалада атайын көрсөткөн Кидан (Кытай) Манас дооруна туш келгендиктен эпосто айтылган баяндар менен Кидан тарыхы тике көздөшө алат деп каралды.

Пайдаланган адабияттар

1. Караңыз: Ваң Жийенин «Кыргыздардын улут аты, теги, жайгашкан жери жөнүнүндө аттуу макаласына. //«Ички моңгул коомдук илимдери» журналы. – ханзуча, 2008- ж., 1- сан

2. Караңыз: «Кызылсуу кыргыз областы тезкиреси». - 2004- жылдык Шинжаң эл чыккан ханзуча нускасынын 314- бетине.

3. Караңыз: «Жуңго мамлекеттик тэлеси» 10- канал, 2013- жылы аяк оона айынын «изденүү жана табылгалар» арналуу филиминин «Кидан

хагандыгы» аттуу 5 бөлүмдүү көрсөтүүсүнө.

4. Караңыз: жогорку эле шилтемени.
5. Караңыз: С. Орозбаков. - Бишкек, 2010, 1769- б.
6. Караңыз: С. Орозбаков. – Бишкек, 2010, 1726- б.

Бакчиев Талантаалы

“МАНАС” ЭПОСУ ЖАНА УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯ

Советтер Союзунун кыйрашы жана бул өлкөнүн курамына кирген элдердин азаттык алышы менен ар бир элдин өз башатына болгон кызыгуусу арта баштайт. Анткени, ар бир эл өзүнүн келечегин өз алдынча куруу үчүн ал өзүнүн ким экендигин б.а. дүйнөдөгү өз ордун, озуйпасын, мүмкүнчүлүктөрүн таануу абзел. Ал өзүнүн өткөн-кеткенин кайрадан карап чыгып, келечекке татыктуу кадам ташташы керек. Бул түшүнүктүү маселе, анткени “постсоветтик мамлекеттерде интеллектуалдык элиталар, өз элинин кайра жаралышын, жалпы улуттук идеологиянын иштелип чыгышы менен байланыштырып келет. Ал идеологиянын өзөгүн адатта, адамзат маданияты менен цивилизациясынын өнүгүшүндө тарыхый ордун аныктаган, элдин тарыхый эс тутуму түзөт” [1. 114-115-б.].

Ал эми толук эркиндикке демин ичине ала түшкөн Кыргызстандын интеллектуалдык элитасы, улуттук тарыхтын башатына кайрылып, өз элинин эң байыркы тарыхын иликтөөгө аракеттенип жатат. Өзгөчө кийинки жылдар ичинде: “улуттук үрп-адат, каада-салт, фольклор ж.б.ларды реанимациялоодон тартып, өзүнүн улуттук мамлекетин түзүү же калыбына келтирүү” [1. 109-б.] боюнча аракеттер көрүлүүдө. Кыргыз эли эле эмес, бардык этникалык топтор, белгилүү бир этносаясий максаттардан улам, өздөрүнүн өткөн тарыхын дүйнөлүк тарыхтагы кайсы бир мазмундуу жана маанилүү учурлар менен байланыштырууга аракет кылышат.

Мындай мамиленин айрым бир компоненттери тууралуу, В.Шнирельман төмөндөгүдөй түшүндүрөт: “1. өзүнүн этникалык маданияты менен тилинин эң байыркылыгы (эзелки болбосо деле) жөнүндө ырастоо; 2. азыркы этносаясий чек араларды мүмкүн болушунча, мурда ушундай болгон деп, долбоорлоого аракет кылуу, өзүнүн этникалык тобунун байыркы жайгашуу аймагын

максималдуу түрдө кеңейтүү (байыркы мекени жөнүндөгү миф); 3. байыркы булактар боюнча, өзүнүн этникалык ата-бабаларын, эң белгилүү кайсы бир эл менен идентификациялоого аракеттенүү (даңктуу ата-бабалары жөнүндө миф); 4. байыркы кездеги этникалык консолидациянын деңгээлин ашыкча жогорулатуу жана уруулук бөлүнүүлөрдүн ролун жана калыптанып жаткан коомчулуктун көп компоненттүүлүгүн аңдап туруп эске албоо (этникалык бир өңчөйлүк жөнүндөгү миф); 5. коңшу элдердин ата-бабалары менен салыштырмалуу өз ата-бабаларынын жетишкендиктеринин тарыхый артыкчылыгын (мамлекеттүүлүгүн) талап кылуу (культуррегерство жөнүндө миф)» [2. -б.].

В.Шнирельмандын бул айткандары, азыркы Кыргызстанда жүрүп жаткан процесстерге да мүнөздүү десек болот. Деген менен, тарыхый чындыкты да четке кагууга болбойт. Ал эми тарыхый чындык дегенибиз, совет мезгилинде, андан мурда дагы, айрым тарыхчылар тарабынан кыргыз тарыхынын белгилүү бир тарыхый катмарлары атайлап айтылбай, а түгүл бурмаланган, элдин өткөнүнө байланыштуу чындыкка шек келтирилген учурларды да кездештирүүгө болот. Тарыхый фактылардын атайын айтылбагандыгынын же бурмалоолорунун натыйжасында, “кыргыздардын изилдөөгө татыктуу олуттуу тарыхы болгон эмес” деген жалган пикир түзүлүп, “кыргыздардын тарыхы варвардык тарых” деген ой, кыргыздардын өздөрүндө да калыптанган. “Андыктан, кыргыздар тарыхый чыгармачылыкка жөндөмсүз, демек алар экинчи сорттогулар” дегенге чейин барышкан. “Аларды башкарып жана көзөмөлдөп туруш керек”. “Алар үчүн атайын эрежелер белгилениши керек, моюн сунбаган же баш ийбеген учурларда күч колдонуу керек” (ал эми зомбулуктун ар түрдүү формалары бар). Бул концепцияны “илимий жактан” бекемдеш үчүн: “бул артта калган этностун илимий (таза теориялык) ой жүгүртүүсү өнүккөн эмес, ал эми интеллектуалдык жөндөмү, кадимки күнүмдүк аң-сезимдин деңгээлинен жогору турбайт” деген, атайын программалар, теориялар, доктриналар иштелип чыккан. Мисалы: “Октябрь

революциясына (1917) чейин кыргыздардын өзүнүн расмий жазмасы болгон эмес. Алардын адабий тили, улуттук философиялык ой жүгүртүүсү сыяктуу атрибуттары өнүккөн эмес, анткени философия илими жана дүйнөлүк маданияттын өнүгүшү үчүн кошумчалай турган салымы болгон эмес" [3. 27-28-б.] деген чечимге келишкен.

Ал эми "Манас" эпосу, кыргыздын эс тутумунда сакталып келген улуттук-генетикалык коду, улуттун тарыхы, өнүгүү этаптары, жашоо шарттары жана этникалык потенциалы жөнүндөгү маалыматты камтыган руханий дөөлөт. Ал эми К.Молдобаев белгилегендей: "адамдын тукум куучулугун бузуу менен барабар болгон, бул улуттук-генетикалык код бузулган учурда, биздин этникалык жалпылык жоголот" [1. 112-113-б.].

Азыркы күндө: "улуттук идеологиянын өзөгүн "Манас" эпосу түзсүн!" деп, улам бирөөнүн айткан пикирине күбө болуп келебиз. А түгүл кыргызстандык айрым атуулдар, өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан улуттук идеологиянын, улуттук программанын долбоорлору да сунушталып келет. 2007-жылы "Кыргыз цивилизациясынын "Туран-Алтай-Күнэл" Коомдук уюму тарабынан "Кайра жаралуу программасынын" долбоору жарык көргөн [4. 5-28-б.]. Бул долбоордо улуттук программанын зарылдыгы, жолдору жана багыттары, негизги иш-чаралары белгиленген.

Аталган программанын зарылдыгына келгенде: "Көчмөн турмуштун жандуу энциклопедиясы – "Манас" баштаган өзгөчө дүйнөтааным системи түзүлгөн. "Манас" деген аталманын бир мааниси өзү эле "Дүйнөлүк Адам" дегенди билдирип турарын эстесек, анда, көчмөн кыргыз элинде "Жараткан – Адам" ("Бытие – Сознание – Человек") философиясы канчалык эртеден тарта иштелип келаткандыгы баамга түшөт... Адамзатка алдыда, XXI кылымда, системдүү кризистин туюгунан чыгарып, бир Жалпы Идеяда ийире алар, руханий-маданий эки өңүттү шай ТЕҢдеген жаңы цивилизациясынын философиясы зарыл. Ал... көчмөн дүйнөтаанымдын потенциалында уюган. Ал, эми айтсак болот, "Манас цивилизациясы" гана болушу мүмкүн!" [4. 10-11-б.]

деп белгиленет. Долбоордун автору азыркы ааламдашуу доору өкүм сүрүп жаткан учурда, “Манас философиясы” планетардык мааниге ээ, жалпы адамзатка багытталган философия деп өз пикирин билдирет.

Аталган коомдук уюм тарабынан улуттук идеологиянын урунттуу учурларынын долбоору да сунушталган. Долбоордо улуттук идеологиянын жалпы принциптери катары: идеологиялык жана экономикалык программалар белгиленген. Долбоордо мамлекеттин жашоосунун негизи катары – жер эсептелинген. Ал эми идеологиялык программага: адам фактору, улут жана мамлекет маселелери кирген. Долбоордо, улуттук кайра жаралуу идеясы да каралып, ага: 1. Улуттук тил; 2. Улуттук тарых; 3. Улуттук дүйнөтааным; 4. Улуттун жансоолук-денсоолугу – ички-тышкы экология жана генофонд маселеси; 5. Мамлекеттик символдор кирген [4. 29-40-б.].

Аталган долбоордун кириш сөзүндө, мындай делет: “Сталиндин тушунда Өлкө Башчысы адилет, калыс бийлик жүргүзүп, “Коммунизмди куруу” идеясы күчтүү идеологияга айланганы үчүн СССР империясы 30 жылдын ичинде (1922-1953-ж.ж.) соко айдаган өлкөдөн, улуу атомдук державага айланган болчу... Совет идеологиясынын зор армиясы болгон. Ага пионердик уюмдан тарта комсомолдук жана партиялык уюмдардын жетекчилери, лекторлор, пропагандисттер жана кезек-кезеги менен ар кандай саясий темаларда лекция окуган “Билим” коомунун кызматкерлери, андан сырткары илимий-чыгармачыл интеллигенциянын ар кандай катмардагы өкүлдөрү тартылган. Күчтүү идеологиясыз жана анын ишин тынымсыз ырааттуу жүргүзгөн зор армиясыз СССР мамлекети мындай деңгээлге эч качан жетмек эмес... Эгер биздин мамлекет Улуттук идеологияны жүргүзгүсү келсе, анда биздин да ушул сыяктуу күчтүү армиябыз болушу керек...” [4. 29-б.] деп, долбоордо сунушталат.

Айрым көп улуттуу мамлекеттерде улуттук идеология үстөмдүк мүнөзгө ээ. Тагыраак айтканда, андай өлкөлөрдө аз сандуу улуттарга салыштырмалуу, улуттук идеология титулдук улутка көбүрөөк укук берип койгон. Мындай

шартта, ал, жалпы коом тарабынан толук кабыл алынбай калышы мүмкүн. Андыктан улуттук идеология, өлкө ичиндеги бардык улуттардын кызыкчылыктарын канагаттандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийиш. Ал, бийлик менен коомдун ортосундагы көпүрө кызматын аткаргандыктан, эң оболу өлкөнүн жана элдин кызыкчылыгын биринчи орунга коюуга тийиш. Улуттук идеология – мамлекеттин көз карандысыздыгын аныктайт. Демек ал, мамлекеттин тышкы саясаттагы кызыкчылыгын дагы аныкташы керек. Бул жагынан алып караганда, идеологиянын эки түрү келип чыгат: биринчиси – мамлекеттин ички саясаты үчүн; экинчиси – мамлекеттин тышкы саясаты үчүн. Албетте, улуттук идеология бийликке келген кайсы бир саясий топтун же саясий режимдин оюнчугу болуп калбашы керек. Идеология менен мыйзамдын айырмачылыгы мына ушунда, идеология, мамлекеттин туруктуу, бирдиктүү нормасы катары кабыл алынса, мыйзам, өлкөдөгү тигил же бул шартка жараша өзгөрүүгө дуушарланат.

К.Байбосуновдун айтуусу боюнча: “Идеология – бул эң оболу элдин интеллектуалдык жана руханий мурасынын жаңы моделге салынып, кайрадан иштелип чыккан ойлордун жыйындысы. Азыркы жашоо көрсөтүп жаткандай, өтө тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө, демократиянын батыш моделине гана таянуу эч мүмкүн эмес. Анткени, дүйнөлүк мейкиндикте демократиянын батыш моделинин өзү тийиштүү деңгээлде өнүгүүгө жетише алган эмес. Андыктан адамзат, жалпынын кызыкчылыгын канагаттандыргыдай демократиянын жаңы моделине муктаж болуп турат. Азырынча мындай үлгү жок” [5. 91-б.] дейт автор.

Кылымдар бою дүйнөгө үлгү болууга жана ээлик кылууга умтулуп келген Батыш дүйнөсү, өзү жараткан “дүйнөлүк системанын” же “Батыш цивилизациясынын” курмандыгы болуп, туңгуюкта турат. Балким, биздин бул айтканыбыз аша чапкандык болор, бирок, жашоо өзү даана көрсөтүп тургандай, мындан ары бул системада өмүр сүрүүгө мүмкүнчүлүгү жок жараксыз болуп калды. Батыш дүйнөсү жараткан системага өзү белчесинен батып, башка

өлкөлөрдү да өзүнүн аркасынан сүйрөп бара жатканын көрүп жатабыз.

Буга чейин Кыргызстандын жетекчилери кыргызстандыктарга өздөрүнүн бир катар идеологиялык мүнөздөгү белгилерин сунуштап келди, алсак: “Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз”, “Кыргызстан – адам укуктарынын өлкөсү”, “Манастын жети осуяты”, “Кыргызстандын идеологиялык Хартиясы”, “Кыргызстан элинин демократиялык кодекси”, “Өркүндөөнүн улуу – түбөлүк наркы”, “Кыргызстандын улуттук идеологиясы” (КР Маданият министрлиги тарабынан сунушталган долбоор), “Кыргызстан жаранынын адеп-аклактык кодекси” [5. 109-б.] ж.б.

Философ, коомдук ишмер К.Байбосуновдун пикири боюнча: “Мүмкүн, Кыргызстандын идеологиялык концепциясынын өнүгүү пайдубалынын түзүлүшүн, Конституцияны толуктай тургандай кылып иштеп чыгуу керектир. Балким, мындай пайдулбалдын түйүндүү пунктары катары төмөндөгүлөр кызмат аткарып бере алат: 1. Элдин биримдиги жана жалпы асыл максаттар; 2. Территориалдык бүтүндүк жана өлкөнүн бөлүнбөстүгү; 3. Табийгат менен адамдын жакындыгы; 4. Салттын ыйыктыгы жана келечекке болгон үмүт; 5. Ден соолук, узак өмүр жана калктын саламаттыгы; 6. Өлкөнүн эл аралык жагымдуу образы жана ишенимдүү өнөктөштүгү; 7. Күчтүү мамлекеттүүлүк жана мыйзамдын турмушка ашырылышы; 8. Демократиялык идеялардын жолун жолдоочулук жана дүйнөлүк цивилизациянын сабактары; 9. Адамдын-жарандын нарк-насили, укуктары жана эркиндиги; 10. Экономикалык жетишкендик жана социалдык туруктуулук.

Бир сөз менен айтканда, идеология, ар жарандын жүрөгүн козгоп, акылын ойготуп, ар-намысын жана нарк-насилин көрсөтүп, эбегейсиз ишмердүүлүккө үндөй турган, демилге көтөрө турган деңгээлге жетиши керек. Калганы – Конституция жана өлкөнүн башка мыйзамдарынын иши” [5. 110-111-бб.] дейт, К.Байбосунов.

Албетте, К.Байбосуновдун сунушунда калет жок. Улуттук идеологияда, өлкөнүн ар бир жаранын козгой тургандай идеялар болушу керек экендигин ар

муундун өкүлдөрү жакшы түшүнүп турат. Маселе, ошол деңгээлге жеткидей идеологиялык концепция качан жана ким тараптан коомго сунушталат? Эгер сунушталса, эмне үчүн ал элге жетпей жатат? Жогоруда, идеологиянын пайдубалы катары он пунктан турган К.Байбосуновдун сунушунда негизги өзөк менен чечкиндүү так ойлор көп байкалбайт. Өзү белгилеп өткөндөй, азыркы шартта, Кыргызстан, “жалпынын кызыкчылыгын канагаттандыргыдай демократиянын жаңы моделине муктаж” болуп турат. Тилекке каршы, анын жогорудагы бул сөзүнө жооп бере турган ойду кездештире алган жокпуз.

Ал эми “бизге кандай идеология керек?” деген суроого, белгилүү социолог, коомдук ишмер, учурунда Кыргызстандын улуттук идеологиясынын долбоорун түзүп, “Улуттук идеология түзүү боюнча мамлекеттик комиссиянын” мүчөсү болгон – К.Исаев, мындай деп жооп берет: “Урууларды бириктирип, улутту түзүүдө дин жана идеология чечүүчү ролду ойнойт... Биз Батыш менен Чыгыш цивилизацияларынын кесилишинде турабыз. Азиянын чок ортосундабыз. Батыштын негизги идеологиясы – акча, байлык, ырахаттарга бериле жашоо гана. Калгандары аларга жетүүнү саясий, моралдык, мыйзамдык жактан тейлөөчү гана нерселер... Чыгыштын цивилизациясында булар тескерисинче. Абийир, ар-намыс жана тукум улантуучулук, жакындык, жамааттык сыяктуу сезимдер, жазылбаган мыйзамдар күчтүү... Чыгыш цивилизациясына негизделген өлкөбүздөгү бардык этностордун өсүп-өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн мамлекетти куруубуз керек. Ал үч нерсеге, биринчи – жарандык коомго, экинчи – улуттук акыл-эске жана ар-намыска, үчүнчү – улуттук духка таянууга тийиш. Идеябыз да, идеологиябыз да мына ушул үчөөнөн келип чыгуусу зарыл” [6. 176-б.].

Ал эми себептен, Кыргызстандын жетекчилери тарабынан, учурунда идеологияга багытталган концепциялары элге сиңбей койгон деген суроого К.Исаев, төмөндөгүдөй жооп кайтарат: “Себеби биздин шартка ылайык келбеген либералдуу идеологиялар таңуулана баштады. Экинчи президенттин тушундагы “Биримдик аркылуу өнүгүү” деген концепцияда улуттук

философия, дүйнөтааным камтылды эле, бирок аны ошол убактагы президент өзү түшүнгөн жок. Айланасындагы кыргыздын улуттук маселелерин таптакыр билбегендердин, ага кызыкпагандардын тилдерине кирип, аны иш жүзүндө жокко чыгарып таштады... Биз идея менен идеологиянын айырмасын ажыратып алуубуз керек. Кандай гана идеология болбосун ал идеянын негизинде калыптанат... Биздин социалдык идеология Батышта сыналгандардан тышкары улуу Манастын духуна, адатка айланган каада-салттарга, дүйнөтааныбызга, улуттук мүнөзүбүзгө негизделүүсү зарыл. Мына ошондо гана элге жеткиликтүү жана түшүнүктүү боло алат" [6. 178-б.].

Аны кантип ишке ашыруу керек дегенде, К.Исаев, төмөндөгү ойду айтат: "Манастагы" биримдик, өз алдынча эркин, бакубат жашоо, табият менен шайкештик сыяктуу өзөктүү идеяларга кайрылып, аларды азыркы реалийлерге ылайыкташтырып, конкреттүү иш аракеттерге айландырсак гана эртеңкибиз ишенимдүү, келечегибиз кең болот. Биз адагенде "Манастагы" философияны, социалдык маңызды, дүйнөтаанымды, айлана чөйрөдөгүлөр, башка элдер менен болгон мамилени наристелерден тартып, ардагерлердин аң-сезимдерине чейин жеткирип, бекемдөөбүз, алардын билимдерине жана түшүнүктөрүнө айландырып, ички саясатыбыздын өзөгү катарында расмий кабыл алуубуз зарыл" [6. 179-б.] дейт.

Ушул эле маселе боюнча. Э.Маанаев, мындай деген ойду айтып өтөт: "Улуттук идеологияны түзүүдөгү кошумча өзгөчөлүктөр болгон республикадагы көп улуттун, этностун өкүлдөрү жашаганын ар багыттагы диндердин орун алышы сыяктуу маселелер түзүлүүчү улуттук идеологияны жалпы кыргызстандыктар колдойбу деген суроону жаратат. Ушулардын баарын эсепке алуу менен, Кыргызстандын шартында улуттук идеологияны түзүүдөн мурда мамлекеттик идеологияны түзүү реалдуу болуп, ал аркылуу Кыргызстандын жалпы калкынын өнүгүүсүнө шарттарды түзүү коомубуздун алдыга өнүгүүсүнө өбөлгө болот деген ойдобуз" [7. 10-б.].

Кийинки учурларда, биздин өлкө жетекчилери жана коомубуз Орусия

мамлекетин үлгү тутуп, аны менен тыгыз мамиле түзүп, шериктеш болууга аракеттенип келет. Орусия, дүйнөдөгү эң чоң жана эң көп улуттуу мамлекет. Биз Орусиядан үлгү ала турган жактарыбыз көп, анын үстүнө Орусия менен биздин өлкөнү, ары дегенде эле 150 жылдык тарых бириктирип турат. Улуттук менталитетибиз да көп жагынан окшошуп кетет. Албетте, территориалдык жактан алганда, биздин өлкө Орусиянын бир кичинекей областындай эле болот. Ал эми калктын саны жагынан алганда, Кыргызстандын калкы, Москва шаарынын калкынын жарымындай. Кылымдар бою Батыш цивилизациясы иштеп чыккан Батыш идеологиясынын жолуна түшүп-түшпөй, Орусия Федерациясы да эми гана өзүн таанып, дүйнөдөгү өз ордун, өз жолун аныктоого далалат кылып жатат. Андыктан, бул маселе боюнча Орусиядагы абалды салыштырып көрсөк. 2012-жылдын 12-декабрында, Орусия Федерациясынын Президенти В.В.Путиндин, Федерация Кеңешинин мүчөлөрүнө, Мамлекеттик Думанын депутаттарына кайрылып, сүйлөгөн сөзүнөн улам байкасак болот: “Глобалдык өнүгүү күчөгөндөн күчөп, дүйнө текши, бир кылкада болбой калды. Өлкөнүн мындан аркы ийгиликтүү өмүр сүрүшү экономикалык мүмкүнчүлүктөрү менен эле аныкталбай калды. Өлкөнүн көз карандысыздыгы азыркы күндө элдин эркине, анын ички энергиясына, Лев Гумилев айткандай, пассионардуулугуна, алдыга умтулган кыймылына жана өзгөрүү мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу болуп калды... Жөн эле ишенимдүү өнүгүү менен эле бирге, биз өзүбүздүн улуттук жана руханий окшоштугубузду сактап, эл катары өзүбүздү жоготуп албоого тийишпиз. Орусия – Орусия бойдон кала бериши керек... Биздин саясаттын өзөктүк базасын, мен жарандык жоопкерчиликтен жана патриотизмден көрүп жатам... Ал эми эл өзүн сактап, көбөйө албаса, элдин ындыны өчүп, жашоого болгон үмүтү үзүлүп, идеалы болбосо, анда мындай элге, сырткы душмандын деле кереги жок, ал өзүнөн өзү кыйрап, жок болот” [8] деп, баса белгилейт.

Буга карата тарыхчы Э.Маанаев төмөндөгү оюн билдирип жатып: “СССРдин таралышы жана коммунисттик идеологиянын КМШ өлкөлөрүндөгү

басымдуу орду жоюлганы менен, азыркыга чейин Орусиянын “Единая Россия” партиясы кабыл алган мамлекеттик идеологиянын так багыттары, башкача айтканда мамлекеттин социалдык-экономикалык, саясий жана руханий өнүгүү нугун так аныктап, коомчулуктун колдоосуна алынып, бүгүнкү күндүн суроосуна жооп берүү менен коомдун жаңы шарттагы реформаларына эриш-аркак түзүлгөн мамлекеттик идеология жарала элек” [7. 6-б.] дейт.

Буйлаш уулу Арстанбек олуя айткандай: “устаранын мизинде оодарылган дүйнөдө”, Орусия сыяктуу бир катар мамлекеттер, өлкөнү да, элди да материалдык баалуулуктар сактап кала албай тургандыгын билип турушат. Адамзат мурда туу тутуп келген “керектөөчүлүк” менен “ач көздүк” саясаты акыры кыйроого алып келе тургандыгын барган сайын көпчүлүк түшүнүп калды. Мына ушундай шартта, Орусиянын Президенти В.В.Путин, мындай дейт: “Азыркы орусиялык коом руханий баалуулуктардын тартыштыгын башынан кечирип жатат. Мурдагы бардык тарыхый учурларда бизге кайрат, күч-кубат берип, ар дайым биз сыймыктанып келген – мээримдүүлүк, жароокердик, колдоо көрсөтүү, жардам берүү сыяктуу адам сапаттарынын сүзүлүп бара жатышы мени кайдыгер калтырбай койбойт. Азыркы күндө, салттуу баалуулуктарды алып жүргөн бардык институттарды, биз ар тараптуу колдоого алышыбыз абзел. Ооба, мыйзам, коомдогу адеп-аклакты коргой алат, керек болсо милдеттүү түрдө коргошу да керек. Бирок мыйзам, адеп-аклакты негиздей албайт... Биз коомдук адеп-аклакты, руханий негиздерди бекемдешибиз керек... Улуттук аң-сезимдин кайра жаралышы үчүн биз Орусиянын тарыхый доорлорун бөлүп карабай, бир бүтүндүк катары карашыбыз милдет. Орусиянын тарыхы 1917-жылы же 1991-жылы башталган эмес, миң жылдык тарыхыбыз бар деген улуу бир чындыкты эстен чыгарбастан, ошого таянып улуттук өнүгүүгө жана күч-кубат, кайратка ээ болушубуз керек” [8] дейт, Орусиянын Президенти – В.В.Путин.

В.В.Путин, Орусиянын элин өткөн тарыхка бет алышына үндөө менен, элдин тарыхый эс тутумуна кайрылып жатат. Ата-бабалардан бери келе жаткан адеп-

аклакты коргоого чакырып, элдин руханий негиздерин бекемдөөгө аракеттенет.

Ошол эле мезгилде, Э.Маанаев Кыргызстандын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөндөгүдөй пикирге келет: “Олку-солку өткөөл мезгилде так иштелип чыккан улуттук идеяга негизделген мамлекеттик идеологиянын жоктугу кандай гана мамлекет болбосун анын өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизээри анык... Каада-салтка негизделген, кылымдан-кылымга сакталып келген улуттун өзгөчөлүгүн сактаган адеп-аклактык идеялар дагы таалим-тарбия багытындагы айрым терс көрүнүштөрдү жаратып, ар кандай прогресске тоскоолдук кылган шарттарды түзүү менен айырмалануда” [9. 6-б.] дейт.

Ал эми Кыргыз Республикасы үчүн “Манас” эпосу улуттук идеологиянын өзөгү катары кызмат аткара алабы? Аткара алса, мурда сунушталган варианттын (А.Акаевдин) тагдырын кайталап калбайбы? Ал эми анын тагдырын кайталап калбашы үчүн келечектеги улуттук концепция кандай мүнөзгө ээ болушу керек деген сыяктуу суроолор аргасыздан жаралат.

Кыргыз эли жараткан “Манас” эпосу, өзүнүн баалуу идеялары менен кыргыз элине эле эмес, бүткүл адамзатка карата сунуштала турган руханий дөөлөт. Анын негизги озуйпасы да мына ушунда. Кайсы гана доор же кандай гана мезгил кыйдамы болбосун, “Манас” эпосундагы идеялар, ар дайым заманбап болуп келген. Себеби, ал идеяларда түбөлүктүү жана жалпы адамзаттык ойлор камтылган. Бул жагынан алып караганда, “Манас”, улуттук идеологиянын милдетин аткарууга потенциалы жетмек.

“Манас” эпосундагы ар бир кейипкер кыргыз элинин улуттук мүнөзүнө таандык сапаттардын алып жүрүүчүлөрү болуп эсептелинет, маселен: Манас – айкөлдүк, Кошой – кеменгерлик, Бакай – даанышмандык, Канықей – мээрмандык, Алмамбет – акыл-эстүүлүк, Чубак – ар-намыскөйлүк, Сыргак – берендик, Семетей – атуулдук (атанын уулу), Айчүрөк – аруулук ж.б. Мына ушул адамдык улуу сапаттардын бардыгын өзүнө камтып, алардын келип чыгышын жана озуйпасын айтып берген “Манас” эпосу.

Улуттук идеологиянын кандай гана варианты сунушталбасын, ал эң

оболу улуттук маданияттын, улуттук тилдин, рухтун, адеп-аклактын, улуттук ар-намыстын коопсуздугу, улуттун саясий көз карандысыздыгы, улуттун биримдиги эске алынган учурда гана жашап кете алат. Мындан тышкары, улуттук идеология, улуттук эс тутум менен улуттук мүнөздүн биримдигин эске алышы милдет. Ал эми “Манассыз” улуттук эс тутумду, улуттук мүнөздүн биримдигин элестетүү мүмкүн эмес. Башкача айтканда, улуттук идеология, кыргыз элинин улуттук баалуулуктарынын негизги көрүнүштөрүн сөзсүз түрдө өзүнө камтышы зарыл. Анткени, кечээ эле жаралып, бүгүн солгундап калган, сырттан таңууланып жаткан либералдык мүнөздөгү саясий идеологияларга салыштырмалуу, миңдеген жылдар бою өмүр сүрүп келген, бир нече миң жылдык тажрыйбасы бар, кагылып-согулуп отуруп жедеп бышып жетилген кыргыз элинин улуттук баалуулуктары, келечекте да өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алат. Албетте, аларды мурда кандай болсо, дал ошондой турпаты менен азыр тартуулоо эч мүмкүн эмес. Андыктан, алар азыркы мезгилге жана азыркы турмуш талаптарына ылайыкталып, заманбап болушу зарыл.

Колдонулган адабияттар:

1. Молдобаев К. К исследованию национальной идентичности и этносоциальной памяти [Текст] / К.Молдобаев // Социальная память: сущность, место и роль в обществе. Сборник материалов республиканской научно-практической конференции. – Б.: - БГУЭП. – 2004. – 216 с.
2. Шнирельман В. Ценность прошлого: этноцентристские исторические мифы, идентичность и этнополитика [Текст] / В.Шнирельман // Реальность этнических мифов. Моск. Центр Карнеги. – М.: Гендельф, 2000. С. 12-33.
3. Бакчиев Т. СВЯЩЕННЫЙ ЗОВ. Мнемоническое творчество джомокчу [Текст] / Т.Бакчиев. – Б.: 2005. – 116 с.
4. Күнэл. Илимий, адабий-көркөм жыйнак [Текст]. – Б.: “Бийиктик”, 2007. – 304 б.
5. Байбосунов К.С. (Тянь-Шань). Нациогенез новой эпохи:

(Интегральное исследование современного нациообразования) [Текст] / К.С.Байбосунов. – Б.: Турар, 2012. – 500 с.

6. Исаев Кусеин. Кыргыз таануу маселелери: илимий-публ. макалалар жыйнагы [Текст] / Кусеин Исаев. – Б.: 2012. – 476 б.

7. Маанаев Э. Улуттук идеологиянын уңгусу кайда? [Текст] / Э.Маанаев // Кыргыз Туусу. – 2012-ж. – 3-февраль.

8. Послание Президента РФ В.В.Путина Федеральному Собранию РФ от 12 декабря 2012 года.

9. Маанаев Э. Улуттук идеологиянын уңгусу кайда? [Текст] / Э.Маанаев // Кыргыз Туусу. – 2011-ж. – 20-декабрь.

Дүйшөнбиев Сүйүн

«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ АТА МЕКЕН ИДЕЯСЫ

Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири болгон кыргыздардын эпикалык маданияты, көпчүлүк башка элдердикине салыштырмалуу көчмөн турмушунун жана оргуштаган тарыхый окуялардын таасирлеринин негизинде бир кыйла айырмачылыкка ээ. Эгерде башка элдер өздөрүнүн ой-мүдөө, салт, дүйнө-тааным, мүнөз, жашаган жеринин ландшафтын, географиялык чөлкөмүн, көз караштарын, кол жазмаларында, жазма эстелик, сүрөт, скульптура, архитектуралык курулуштарда чагылдырышса, кыргыздар аларды оозеки чыгармаларында берген. Ошого байланыштуу жогорудагы көтөрүлүп жаткан маселенин чечилиши бир кыйла татаалдыкты, талаш-тартыш, карама-каршы көз караш, пикирлерди түзөөрү белгилүү. Ошондон улам, Мекен түшүнүгү биздин бабаларыбыздын аң сезиминде кандай форма түшүнүктө болгон, эпикалык чыгармалардагы Мекен түшүнүгүнө айкалышабы же жокпу ушул сыяктуу суроолорго жооп берүүгө далалат кылып көрсөк. Көрүнүктүү окумуштуу С. М. Абрамзон өзүнүн эмгегинде «Манас» эпосун иликтеп жатып «он представляет собой в целом чрезвычайно сложный «сплав» по происхождению времени возникновения сюжетов и жанров. Это было вызвано тем, что трилогия имела и свою предисторию и складывалась на протяжении длительного времени в условиях бурных политических событий, причем процесс её сложения протекал, очевидно, на нескольких территориях»[1] - деп, туура баамдоосун айтып кетет. Эгерде биз кыргыз элинин басып өткөн жолун, тарыхын баректап көрсөк, анда сөзсүз түрдө эпостун айрым сюжеттери менен анын окшоштугун, параллелдүүлүгүн байкайбыз. Бул жогорудагы эпос бир эле убакта жана территорияда калыптанбагандыгын айгинелеп турат. Кандай

[1] Абрамзон С. М. Киргизский героический эпос «Манас» как этнографичеекий источник // Манас географический эпос киргизского народа. - Фрунзе, Илим.— 1968. 205-6.

болгон күндө да албетте эпос - тарыхка жатпайт, бирок, эпостун кыргыз элинин тарыхына эч кандай байланышы жок деп да жыйынтык чыгаруу туура эмес. Ошол себептүү тигил же бул проблеманы көтөрүп, тастыктап иликтөөдө эпос менен тарыхты салыштырып, параллель кароо - маселенин чечилишине кедергесин тийгизбейт деген ойдобуз. Бизге белгилүү болгон көпчүлүк тарыхый булактарда байыркы кыргыздар Түштүк Сибирь жана Борбордук Азияны мекендеп турушкан деген маалымат бар. Белгилүү окумуштуу Ө. Караев «Енисейлик кыргыздар 840-жылдары Тянь-Шанга келген деп белгилеп, аны 843-жылы Кытай өлкөсүнө келген элчи Табу Алп мындай кабарды айткан: кыргыздар Аньси (Куча), Бейтин (Беш-Балык), дара (татар) жана беш аймакты (Урууну) баш ийдирип алышты. Бул маалымат 840-жылдары Кытай императорунун биринчи министри болуп иштеген Ли-Дэ-Юйдун өмүр баянында да жазылып калынган. 843-жылы ажонун ордосуна барып келген императордун элчиси Чжао Фань кыргыздардын Куча жана Беш-Балыкка чабуул коюп жаткандыгын кабарлаган»[2] деген маалымат менен далил келтирген.

Бул ойду илимпоз Кляшторный да кубаттап ал «Манас» менен байланыштырууга аракет жасаган[3]. Ушу ойго эле каршы тарыхчылар арасында Енисейлик кыргыздар менен Тянь-Шандык кыргыздардын эч кандай этногенетикалык жактан байланыштары жок, бул тек гана «улуу кыргыз каганаты» мезгилинде кыргыз этнополитонимге айланып турган учурда айрым уруулар өздөрүн кыргыз деп аташып, адаштыруулар ошондон келип чыгууда деген пикирлер да бар. Бирок, кийинки К.Ташбаеванын археологиялык изилдөөлөрү: «Тянь-Шандагы жайгашкан топурак дөбөлөрдүн конструкциялары, петроглифтер Алтай, Монголия жана Байкалдагы ошол сыяктууларга болгон окшоштугу алардын тарыхый, маданий жана

---

[2] Караев Ө. Энисей кыргыздарынын Тянь-Шанга көчүп келиши. БКТАП. - Бишкек, 2001.7-6.

[3] Кляшторный С. Г. Древнекыргызская письменность и эпос «Манас»БКТАП. – Б.,2001,22-б.

этногенетикалык жактан бекем байланыштуулугун көрсөтөт»[4]. Демек, кыргыздар Түштүк Сибирде жашаган жана кай бир тарыхый шарттар менен Тянь-Шань чөлкөмүнө орун которуп келишкен жана бул тарыхый процесс эпосто да өз ордун таба алган болуу керек. Албетте «Манас» эпосу тарыхый эстелик эмес, тарыхый окуялардын натыйжасы да эмес, ал биринчиден көркөм чыгарма, ошондуктан тарыхый шарт, кырдаалдар элдин мүнөзүнө, фантазиясына, муктаждыгына ылайык өзгөрүүлөргө дуушар болуп чагылдырылган, ошентсе да аны алар кандай деңгээлде болбосун эпостун аброюн жогорулатпаса, эч төмөндөтпөйт. Жогорудагы маалыматтар көрсөтүп тургандай, кыргыздар бир нече территорияны мекендеп турушкан. Ушундан улам көчмөн салтын унутпаган бабаларыбыздын туруктуу бир Мекени болгонбу, ага кыргыздардын мамилеси кандай эле? деген собол жаралат. Бул суроого жооп берүү үчүн улам тастыкталып келаткан тарыхый маалыматтардан сырткары, «Манас» эпосунун сюжетинен да табылат.

К. Рахматуллин «Манас» эпосуна «Ата Мекенди сүйгөн чыгарма» деп аныктама бергендей, эпос мекен темасына байланыштуу идеяларга баштан аяк сугарылган. Ата Мекенди сүйүү, аны сырткы жана ички душмандардан коргоодо, чыңоодо, келечек жыргал турмуш үчүн каармандардын кары-жашына карабай күрөшүүлөрү өзгөчө патриоттук духта ширетилген.

Өзгөчө Ногой кандын көзү өткөндөн кийин анын тукумдары туш-тушка баш калкалап, эли тентип, душманына жем болуп, өз ата конушу, жайыттарынан ажырап «бири кетип эренге, бири түшүп тереңге» көрбөгөнү көр болуп, элдин көзүнөн Ата Мекен элеси учуп турган мезгилде карайлаган элдин багына Манас баатыр төрөлөт да:

Ордо бузуп олжо алып,

Оргун журтту байытты.

---

[4] Ташбаева К. О. О связях древнего населения Тянь-Шаня с Саяно-Алтаем по данным археологии. БКТАП. – Бишкек, 2001,75-б.

Телегейин тең кылды.

Катылганды тең кырды.

Кара калмак, манжуга

Кырк үйлүү кыргыз шордууну

Ошол журтка тең кылды[5].

Ошентип, бул мисалдан, эл үмүтүнүн жерде калбастыгы - элдик чыгарманын салттык көрүнүшү экендиги көрүнүп, эл башы жаралды. Эпос кандай гана доордун күрөшүн чагылдырбасын, кандайдыр бир каармандардын жеке кызыкчылыгы үчүн жүргүзгөн тар мүнөздөгү күрөшүн сүрөттөбөстөн, эл массасынын ошол доордогу максаты, идеалы үчүн болгон күрөшүн сүрөттөп, андагы душманга берилген сокку Ата Мекенди сүйүү жана коргоо позициясынан каралат. Ушул жагдайдан, алып караганда, окумуштуу М. Богданова «Манас» эпосун башка коңшу өлкөлөрдүн эпостору менен салыштырып олтуруп төмөндөгүдөй акыйкат пикирин билдирет: «...оно выступает то в форме борьбы за объединение разрозненных киргизских племен, то в форме борьбы за сохранение единства. И в этом отношении киргизский эпос «Манас» отличается от эпических произведений других народов Средней Азии и Казахстана в которых обороны и объединения разрозненных племен разрабатывается не в столь широком плане»[6]. Чындыгында Манас баатыр жеке эле атасы бай Жакыптан жана башка уруу башчыларынан айырмаланып, ал элдин жалпы кызыкчылыгын, ой - санаасын көрө билип, аны барктап, жаш өзгөчөлүгүнө карабастан ата-бабасынын түпкү жерин, мекенин териштирип, аны кандай гана болбосун душмандарынан бошотуп, элин азаттыкка чыгарууну эңсейт. Бир катар душмандарынын мизин кайтарып, элинин жүзүн жер каратпай, өзгө элге теңегиси келет:

Эндегей жүрбөй мүнөтүп

---

[5] Каралаев С. Манас. 1-к.–Фрунзе:Кыргызстан, 1984, 104-б.

[6] Богданова М. 0б особенностях киргизского героического эпоса «Манас» // Киргизский героический эпос «Манас» - М., Изд. АН СССР,1961, 211-6.

Аяк жагы Үч-Арал,

Тарбагатай, Кыңгырдан

Алтыбайдын Тармал-Саз...

Капталы Кара-Кум болсун

Марал-Кечүү Уркунда

Башы жатсын ошондо.

Арада Аңырыты,

Кара-Эмилди, Кыжырты

Как ошону жердеңер[7] - деп, эли-жеринин коопсуздугунун аракетинде болуп, Эсенкан сыяктуу каардуу жоо келсе, көк найзасы бойлогус кылып чек араны бекемдеп, арбытып айыл жыйнап, аманат жанга бир өлүм деп, намыс үчүн душманга кыр көрсөтүп, Мекенин душманынан келечекте бошотуп алаарынан да алдын ала кабар берет.

Манастын Алтайдан Ала-Тоого көчүшүнүн ийгилиги катары анын калк башына «кан» шайланышы да бирден-бир себеп деп айтсак жаңылышпайбыз. Себеби кандык бийликтин аркасы менен гана ал көптөн көп эңсеген Ата Мекенин душмандарынын кордугунан бошотууга, элинин эзелки үмүтүн аткарууга мүмкүнчүлүк ала алган. Муну биз эпосто:

Алтайда кантип туралык,

Арбын аскер куралык.

Атышкандан баш тартпай

Ата жолун кубалык[8] - деп, кан Манастын демилге көтөргөнүнөн байкайбыз. Бирок көчүү жеке кандын буйругу же кай бир уруунун демилгеси менен эле жүзөгө аша койгон эмес. Себеби көпчүлүк уруулар ал жерден өнүгүп-өсүп, Алтай ата жерине айланып калган. Мунун бирден бир дагы себеби, элдин көчмөн шартына байланыштуу болуу керек. Анткени көчмөн эл көпчүлүк учурда өзүн бир туруктуу жерге таңуулап, ага көз каранды болбойт,

[7] Орозбаков С. Манас 1-к. – Фрунзе: Кыргызстан, 1979, 211-б.
[8] Орозбаков С. Манас 2-к. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982, 23-б.

анын Мекенинин ролун тиешелүү бир территория эмес, үй-бүлө, жашоо шарты, урук тууганы аткарып, түпкү ата-баба жери аларды көп кызыктырбай калат. Ошондуктанбы:

Көрбөгөн жерге баргын деп,
Зордобосмун силерди
Алтайда ата жериңер
Андижанга барууга
Бизге уруксаат бериңер!
Калганыңар калыңар,
Каалаганың барыңар[9] - деп, Манас күчкө салып буйрук кылбастан Мекен тандоо мүмкүнчүлүгүн өз ыктыярына коет. Демек, Мекен тандоо мүмкүнчүлүгү болгон.

Бирок сырткы душмандардан коркунуч күн санап өсүп, уруунун коопсуздук келечеги белгисиз болуп турган учурда, кандын сунушуна көнүп, баш калкалоо бара-бара алдыңкы планга чыккан. Ата Журтуна кайрылып келүү бул тек гана жер которууну түшүндүргөн эмес, ал кыжылдаган сансыз душман менен күн-түн дебей атадан калган мурас - жер үчүн канынын суудай төгүлгөнүнө карабастан салгылашып, жеңишке ээ болуусун талап эткен. Мындай максатка жетүү үчүн ар уруулар бир туунун алдында болуп, бирөөнө баш ийип, кол курашы шарт эле. Эпосто бул көрүнүштү:

Башчылары бар экен,
Баштап келип калыптыр,
Чабырларын айлына,
Таштап келип калыптыр.
Бай Жакыптын кызыл туу,
Аштап келип калыптыр[10] - делип, уруулардын Жакыптын туусунун алдында биригишип, этникалык Мекенин душмандардан бошотууга болгон

[9] Ошондо. 2-к. – 152-б.
[10] Ошондо. 2-к. -39-б.

аракетинен көрөбүз.

Манас баатыр да өзүнүн жеке кызыкчылыгын жалпы элдик кызыкчылыкка айландырып, элдин келечектен коркпой жашоо үчүн үмүтүн тутандырып өзү теңдүү бек, төрө, баатырлардын Ата Мекенге болгон сүйүүсүн, патриоттук духун көтөрө алган улуу кол башчы. Анын ар бир эрдиги, иш-аракеттеринин баары Ата Мекен үчүн, элинин жыргал турмушу үчүн жасалат. Биз мындан, жалгыз эле Манастын иш-аракетинин астында гана эл эркиндикке жетип, ата конушуна ээ боло алат деген ойдон алыспыс. Себеби кыргыздар жоонун кылычынан кыйрап, азып тозуп, төгөрөктүн төрт бурчуна чачыраганда, Кошой баатыр да далай жоонун мизин кайтарып, Ала-Тоонун кучагында өз уруусун душманга чаптырбай, Манастын Алтайдан келишине чейин Ата Журтун коргоп, намысын алдырган эмес. Манастын Алтайдан келишин зор кубаныч менен тосуп, өз уруусу менен ага кошулуп, жергиликтүү душмандар менен тайманбастан салгылашын чыныгы элинин патриоту катары кароого болот.

Кошой өндөнгөн баатырлардын ар бири Ата Журттун алдында кандай жоопкерчиликте экендигин түшүнүп, ага жараша болушунча эл жүгүн жеңилдетүүгө аракет кылышып, өз көз караш мүмкүнчүлүктөрүн эл кызыкчылыгына айкалыштырып, келечекте журтунда эрдиктин, айкөлдүктүн, адилеттиктин, акылмандуулуктун үлгүсү, символдору болуп калышууда. Булар тарабынан аткарылган дээрлик ар бир иш көз жаздымда калбай даңазаланып, элдин патриоттук духун көтөрүүгө көмөктөш болуп турат. Натыйжада, жалпы эл Манас, Кошой, Бакай сыяктуу эле кайрадан баатырдык касиеттерге ээ болушуп, тактап айтканда, жөн эле массаны түзбөстөн пассионардык коомду түзүшүп, катылгандын катыгын берген «журтка» айланат:

Кыргыздын келген колунан,
Көл менен тоонун арасы,
Көп көрүндү карасы,
Эсеп жеткис эл экен,

Каарданса бир жолу,

Каптап кетер сел экен.[11]

Мында, кыргыздардын кайраты таш жарган журт экени айтылып, алардын молдугу кыргыз уруулары чындыгында эле «бир жакадан баш, бир жеңден кол» чыгарып, Ата Мекенин душмандарынан тазалап, өзү элинин эркиндиги үчүн кашык каны калганча жан аянбай жоо чабары, анын «жоокер элге» айлангандыгынан кабар берип турат. Демек, кыргыз урууларынын Ата Мекенин душмандарынан бошотуу — эми убакыттын гана иши:

Ата уулулар, малдуулар,

Алайды барып жайласын.

Башы Жылдыз, Каркыра,

Байкаган жетер баркына,

Баш тартпаган өлүмдөн

Бабаңдын калган наркына[12] - деген, Манастын чакырыгы элинин башын көтөрүп, намысын колго алып, эми оңой менен душманына алдырбастыгын тастыктап, журттун кайратка толгонунан кабар берет. Ошондой эле Бакайдын жери чыбыр, майда, адыр, Көтөлөк деген жерге «Таласым» деп ат коюп аны Манаска ыйгарышын бир жагдайынан алганда элдин көчмөн жашоосун токтотуп, аны бир жерге байыр алдырып, ата конушунун аброюн дагы бир тепкичке өйдө көтөрүүгө болгон аракети катары караса да болот.

Экинчи жагдайынан алып караганда эмне себептен Манас өзүнүн киндик кан тамган жери Алтайды же түп Мекени Анжиянды мекендебеди? Биз жогоруда собол койгондой көчмөн элдин туруктуу Мекенинин болушу мүмкүн беле же жогорудагы мисал аны жокко чыгарабы, айтор биздин аң-сезимибиздеги жашаган мекен менен эпикалык чыгармадагы, эпостогу мекен түшүнүгүнүн айкалышы айырмачылыгы барбы, болсо кандай деңгээлде? Биздин оюбузча, жогорудагы айтылган пикир, факт, аргументтердин ар

[11] Ошондо. – 78-б.
[12] Ошондо. – 157-б.

биринин өзүнө тиешелүү орду бар. Албетте, окумуштуу Богдановanын «пережитые народом болыние и малые события, периоды могущества и лихолетий, жизнь на разных территориях на Енисее и Тянь-Шане в многом обусловившие особенности исторической жизни народа так или иначе оставили свой след в народном эпосе»[13] - деп, айтканындай Енисей, Тянь-Шандагы шарт эпосто чагылдырылбай койбосо керек. Бирок биздин азыркы собол тарыхый Мекен түшүнүгү канчалык деңгээлде эпоско сиңгендигинде эмес, ал кандай кабыл алынып, канча деформацияга ээ болгондугунда.

Биздин оюбузча эпостогу Ата Мекен түшүнүгү аң - сезимибизге сиңип калгандай бир жактуу кароо туура эмес. Муну эки жагдайдан кароо абзел.

Биринчиден, бизди ар дайым өзүнө өзгөчө күч менен тартып, мекенге болгон сүйүүбүздү, патриоттук духубузду көтөрүп турган бул шарттуу баатырдык Мекен, тактап айтканда саясий эпикалык борбор. Баатырга, баатырдык мүнөзгө туура келген, көп окуялардын ордосу болуп, маселенин чиеленишине жана чечилишине түрткү болгон аймак. Мындай көрүнүш жеке биздин эпостон эле эмес, башка элдердин чыгармаларынан да орун алган. Маселен: орустардын баатырлары Илья - Муромдо, Добрыня - Рязаньда, Алексий Попович - Ростовдо[14] төрөлсө да Мекенин Киев деп билишип аны коргоодо жан дилин аяшпай күрөшөт. Мына ушундай көрүнүштү биздин эпостон да көрүүгө болот. Манас баш болуп, Алмамбет, Чубак, Сыргак ж. б., ал жерде киндик кандары таамп өсүшпөсө да Талас үчүн жанын курмандыкка чалышууга даяр. Ушундай жагдайдан алып караганда, эпикалык чыгармалардагы баатырлар, коргогон мекен - бул окуялардын чиеленишкен саясий борбору жана ал салыштырмалуу түрдө гана элдики деп айтылат, болбосо жалпысынан негизги каармандарга гана таандык шарттуу мекен болушу керек. Бул кубулуш өзгөчө, баатырдык эпостордун табиятына ылайык.

---

[13] Богданова М. 06 особенностях киргизского героического эпоса «Манас» // Киргизский героический эпос «Манас» — М.,изд. АН СССР, 1961, 213-б.

[14] Мифологический словарь. – М.: Советская энциклопедия,1990.

Башкача айтканда, эпостогу магистралдык негизги идея (мамлекеттүүлүк) шарттуу Мекенди пайда кылып, ага баатырларды топ-топ, окуялар анын айланасында өтөт. Бул Мекен маселесинин биринчи жагдайы. Экинчи, чыныгы биздин туулуп өскөн жерибиз. Киндик кан таамп балалык, өспүрүм курагыбыз өткөн жер. Эпосто бул жагы көз жаздымда калган эмес, өзгөчө, ал - Алмамбеттин Сыргак менен туулуп өскөн жайы атасынын сарайына келип:

Агып жашы бурчактап,
Кирди чыкты жаштыктан,
Кишиликке жанган жер,
Дүнүйөсү курусун,
Киндик каным тамган жер,
Адамдыкка турган жер,

Ар ишке моюн сунган жер[15]-деп, заманасы курулуп, ботодой боздоп күйүтү дартка айланып, «Көйнөк кийбей жылаңач, көзгө жетпей биздин чач, ойногон жерим - ушу жер» деп зар какшаган «Кичи Ата Мекен» көк шибери, жайкалган, абасынын салкын илебин сагынып, эңсеп, тууган жерине болгон толгонуусунан көрүнөт. Негизинен, экинчи жагдай эпостун магистралдык идеясына шайкеш келбейт, ошого байланыштуу, ал экинчи планда калып олтурат, бирок белгилей кетчү нерсе - шарттуу мекендин пайда болушуна өбөлгө-шарт түзүп берет. Демек биздин оюбузча эпосто Ата Мекен жөнүндө кеп козголгондо биз ал саясий эпикалык борбор (шарттуу баатырдык Ата Мекен) жөнүндөбү же туулган жер жөнүндө болуп жатабы, ошол маселени чечип алышыбыз абзел. Эпос боюнча Манас ыйык туткан жер - «Талас», ал - саясий эпикалык борбордун (шарттуу баатырдык Ата Мекен) милдетин аткарып, эпостогу окуялардын циклдешүү процесси ошого ылайык жүргөн.

Ошентип, кыргыз уруулары өздөрүнүн саясий-социалдык абалын оңоп алган соң, өздөрүнүн этникалык мекенине келүүнү эңсешип, ага жетүү үчүн кара жанын карч урушуп, кандай жоосу болбосун кашык каны калганча

[15] Орозбаков С. Манас IV к. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982, 272-б.

беттешип, өзүнүн көз карандысыздыгы, ата-бабадан калган мекенин сакташ үчүн күн-түн дебей күрөшүшүп, өз алдынча аз да болсо кандуу журт болуп, атагы ааламды маң кылып турган келишпес душманы Эсенкандын кандыгына тең ата болуп камчы чаап, эл бийлешип эми эсептешээр толук кандуу журт болууга бет алып калышты.

Абакиров Курманбек

МАНАСТААНУУНУН ЭЛДИК БАШАТТАРЫ

XX кылымда эсепсиз көп тармактанып кеткен табигый, техникалык, гуманитардык илимдер түпкүлүгү адамдардын узак жашоо тирлиги менен азыктанып, алардын чарбалык жана руханий ишмердиктеринин натыйжасында ар кайсы мезгилде келип чыккан сыяктуу эле манастаануу илиминин башаты да элдик сөз таануу эстетикасында жатат. Манастаануу илимине Ч.Валиханов, В.Радлов сыяктуу айрым окумуштуулардын XX кылымга чейинки эмгектеринде, жыйнаган материалдарында чыйыр салынганы менен Октябрь революциясынан кийин гана кыргыздардын сабатсыздыгы жоюлуп, билим берүүнүн ыкчам өнүгүшү менен ал адабият-фольклор таануунун бир салаасы катары акырындап өнүгүү, калыптануу жолуна түшүп, бир далай кыйын кезендерди башынан кечирди. Бул жөнүндө адабиятчы-фольлористер, тарыхчылар, атүгүл саясатчылар да көп жазышты.

«Өнөр алды - кызыл тил» деген кыргыздардын сөзмөрлүгү, айрыкча көркөм сөзгө жакындыгы, ага жатыктыгы чындыкка туура келет. Ошондуктан алар ким эмнени, кандай сүйлөйт деген маселеге дыкат баам салып, байкоо жүргүзүп, тиешелүү бүтүм чыгара билишкен. Дегеле сөз өнөрүнө болгон элдик талаптын өтө жогору экендигин ондогон, жүздөгөн макал-лакаптар, сөзмөрлүк, чечендик, төкмөлүк, манасчылык тууралуу көптөгөн оозеки аңгемелер,аңыз кептер айгинелеп турат. Кыргыздардын сөз баалоо сапаты өтө мыкты экендигине В.Радлов атайын көңүл буруп, мактанууга да, мактоого да жарамдуу ойлорун ортого салып, «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» аттуу он томдугунун 1885-жылы жарык көргөн V томундагы кириш сөзүндө буларды жазат:«Кара-кыргыздар казак-кыргыздар сыяктуу эле өзүлөрүнүн түрк тектүү уруулаштарынан бөтөнчө сөзмөрлүгү менен айырмалана тургандыгын мен мурда эске салган элем. Чынында эле кыргыздардын сүйлөй билгендигине таң калбай коё албайсын. Кыргыз дайыма

токтобой жана мукактанбай кырааты менен сүйлөйт. Өз ойлорун так жана түшүнүктүү билдирүү менен ал өз кеп-сөзүн көркөмдүктүн кайсы бир үлүшүнө эгедер кылып, ал түгүл кадыресе эле баарлашып, фразаларды жана тыныгууларды түзгөндө айкын ритмикалык өлчөм келип чыгат да, сүйлөмдөр биринин артынан бири ырлар жана куплеттер түрүндө куюлушуп, ыр сындуу таасир калтырат»(1, 27-б.). Мындай пикирди В.Радлов жөнсалды эле айта салбагандыгы түшүнүктүү. Түрк элдеринин көбүн айлап-жылдап кыдырып, тилдерин мыктылап үйрөнүп, турмуш-тиричилигинин чар тарабына кылдат байкоо салган бул залкар окумуштуу аларды салыштырган учурлары арбын. Ал саясий жактан болбосо да, жалпы аракеттери менен идеалдары бир бүтүн кылып бириктирген кыргыздар башка түрк урууларынан (элдер деген мааниде) элдик аң-сезиминин өскүлөңдүгү менен айырмаланарын атайын белгилеп өтөт.

В.Радловдун ой-толгоолору менен ишеничтүү бүтүмдөрүнүн мааниси өтө зор жана биз сөз кылалы деп жаткан манастаануу илиминин элдик булак-башаттарына, дегеле элдик сөз таануу эстетикасына тикелей тиешеси бар. Мындан бир жарым кылым мурдагы «чыныгы эпикалык доорду» баштан кечирип жаткан кыргыз коомунун тирлигин өз көзү менен көрүп, атайын иликтеген окумуштуунун ой-пикирин кээде талашууга болсо да жокко чыгаруу кыйын. Себеби ошол кез туралуу бизде башка материал аз, дээрлик жок десек да болот. Андыктан ага ишенбей коюуга эч бир негиз да, себеп да жок. Андан ары В.Радлов кыргыз сүйлөгөндү жакшы көрөрүн, жеткиликтүү жана ойлонуштурулган кеп-сөз менен элге таасир этүүгө аракет кыларын, өз кезегинде угармандар да ага кылдат назар салып, мыкты сөздү баалай билээрин, кыскасы, кыргыздар өзгөчө сөзмөр экендигин айта келип: «Чечендиктен ушунчалык ырахат алган эл ритмикалык кепке дүйнөдөгү эң жогорку искусство катары карай тургандыгы түшүнүктүү. Ошон үчүн кыргыздарда элдик поэзия өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен», - деп жазат (1, 27-б.).

Демек, кыргыздардын ритмикалык речке өзгөчө кастарлуу мамилеси өз

кезегинде ага болгон керектөө-талаптын өскүлөңдүгүн шарттап, анын үлгүлүү искусство катары ыкчам өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Талап жана керектөө материалдык гана эмес, көркөм-рухий маданий процесстерди ыкчамдаштырып, аны көзөмөлдөөчү туруктуу күчкө айланары белгилүү. Мындай шартта ошол көркөм-маданий көрүнүштөрдү б.а. оозеки айтылып келген түрдүү чыгармаларды жана алардын аткаруучуларын, жаратуучуларын баалоонун жазылбаган, бирок элдин аң-сезиминде отурукташкан эреже-критерийлери иштелип чыккандыгы да табигый иш болот. Ал эреже-критерийлер катып калбастан, коомдук прогресс менен удаалаш жүрүп, иш жүзүндө угуучу эл менен аткаруучулардын (жомокчу, манасчы, төкмө акын, чечен, куудул ж.б.) ортосундагы көзмө-көз тикелей байланыш, ал аркылуу аткарылып жаткан чыгарманын көркөм-идеялык дүйнөсү менен таанышуу, нравалык-тарбиялык маалымат алуу,ал дүйнөгө виртуалдуу формада аралашуу түрүндө ишке ашкандыгы да шексиз. Мындай эки тараптуу чыгармачылык процесс угармандардын аткарылган чыгармадан эстетикалык рахат алып (же андан куру калып, же канааттанбай), тиешелүү тыянак чыгарышы б.а. ага баа берүүсү менен аягына чыгарылган. Элдин сынынан өтүп, татыктуу баага арзыган чыгарма гана ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп, андан ары узак жашоо укугуна ээ болгон да, алымча-кошумчаларга дуушарланып, улам шөкөттөлө берген. Бардык фольклордук чыгармалардын жашоо мыйзамченеми ушундай. Элдик баа-ченем ошол бүткөрүлгөн чыгарманын өзүнө киргизилген учурлар кыргыз фольклорунда сейрек болсо да кездешет. Анын бири - «Манас» эпосу.

«Манас» эпосунда «Жомок башы» аттуу көркөм адабий чыгармалардагы пролог сындуу таңгаларыктай мазмундуу жана терең кириш бөлүм бар. Элдин көрөгөч жана баамчыл, учкул жана чексиз ойломунун туундусу болгон бул киришмеде эпосто сөз боло турган каармандардын, окуялардын, болмуштардын ачык жана туюк, сырдуу жана каймана чоо-жайы кыска сыпатталат да, чыгарманын эл турмушундагы мааниси, салмагы ошол эле элдин көзү, элдин сөзү менен берилет. Мазмундуулугу айтып бүткүс,

сыйымдуулугу кулач жеткис мындай гениалдуу пролог дүйнөлүк эпикалык поэзияда дээрлик кездешпейт.

Байыркынын жомогу,
Баштаса келер оролу,
Эзелкинин жомогу
Эстесе келер оролу (2, 1-бет).

Бул саптар эпостун эскилигин, кайсы заманда жаралгандыгын эч ким билбестигин, андан ары «жармы төгүн, жармы чын …, жанында болгон киши жок» деп эл башынан кечирген чыныгы окуялар, ааламга даңкы угулган Манас сыяктуу чыныгы эр-азаматтар тууралуу баяндар кыялый көрүнүштөр менен жуурулушуп кеткенин эсибизге салып кетет. Дагы да:

Абалтан калган бул кепти
Айта келсек бул кезде,
Айланып сансыз жыл өттү, - делип (1,2-б.) улуу жомоктун байыркылыгына басым жасалып, андан ары анын чындыгы так, кыска жана таамай далилдер менен бекемделет:

Ошол күндөн ушул күн
Төккөн кумдай күн өттү.
Түгөнбөс нечен түн өттү,
Санжыргалуу шер өттү,
Эчен түркүн эл өттү.
Элүү жылда эл жаңы ,
Жүз жылда барып жер жаңы …
Ошол күндөн ушул күн
Коо бузулуп сай болду,
Асты үстүнө айланып,
Сай бузулуп тоо болду,
Тоо бузулуп коо болду.
Калдайып жаткан бул жердин

Кайсы жери соо болду?!
Аты калып, өзү жок,
Ар кандай элдер жоголду,
Деңиз соолуп, чөл болду,
Чөл бузулуп көл болду,
Түз бузулуп, төр болду (3, 15-б.).

Бул кыска, нуска жана кең панорамалуу саптарга табият менен эл тарыхынын миңдеген жылдары сыйдырылып, фантасмагориялык фильм түспөлүнө келтирилсе да, айтылгандардын чындыгына шек жаратпай турган маанай орун алган. Ошол көркөм ынаным угармандарды эпосто баяндалгандардын бардыгын өтө олуттуу кабылдоого психологиялык жактан даярдап коёт, бир саам болсо да «кумдай өткөн күндөргө, аты калган-өзү жок элдерге», «деңиз чөлгө, чөл көлгө» айланган,“сай бузулуп, тоо болгон” эзелки доорлорго жетелеп, көз ирмемчелик ой элегинен өткөрүүгө аргасыз кылат. Көз жетпесе да, сөз жеткен, кол жетпесе да, ой жеткен илгерки-илгерки замандар тууралуу угарманды бир саам ой калчаганга аргасыз кылган бул саптарда керемет күч катылган. Манасчынын шаңгыраган же коңур, салмак-сабырдуу же кейиштүү үнү менен айтылып, мимика, жест менен коштолгон учурда бул саптардын эмоционалдык-экспрессивдик таасири ого бетер күчөп, угуучуну толкундантып же нес кылган даражага жеткирерин да болжосок болот. Мындан тышкары «Жомок башында» «Ааламга даңкы угулган … Манас», «көпкөк темир кийинген, жоо дегенде жүгүргөн» баатырлар баяны чыгарманын өзөгүн түзөрү, ал «жоого аттанган баатырдын жан-жөкөрү болгон сөз” экени да унутта калтырылбайт. Булардын баары биригип келип, ага бүткөрүлгөн поэтикалык эссе сапатын тартуулап турат. «Жомок башы» - учу-кыйырсыз тарыхтын, эсепсиз жылдардын көркөмдөлүп, гиперболизацияланган философиясы. Бирок ал ушул жагы, ушул сапаты менен эле чектелбейт. Анын маани-маңызы менен көркөм-эстетикалык функциясы алда канча терең жана кеңири. Вариантарда азыноолак айырмачылыктары бар «Жомок башында» ириде «Манастын» өзүнө

берилген баа-ченем бар. Ал баа-ченем өтө жогору. «Ритмикалык речти искуствонун эң жогорку» үлгүсү (В.Радлов) катары баалаган эл үчүн «Манас» кудурети, сыйкыры ченемсиз, «ат көтөргүс болгон, уккандардын курсагы ушунчалык тойгон Сөз» иретинде берилет. Бул жерде «курсак» кадимки курсак эмес, угуучунун жан-дүйнөсү, сезим-туюму, ой чабыты экенин ким болсо да түшүнөт. Демек, «Манас» адамдын жан-дүйнөсүнүн бүтпөс азыгы болоруна элдин ишеничи бекем.

Уламадан уккан сөз,
Угуту өнүп чыккан сөз,
Карылардан алган сөз,
Калк ичинде калган сөз (3,2-б.).

Бул жерде «Манас» далай заманды карытып, атадан балага, муундан муунга өтүп, угуттан өнгөн өсүмдүктөй, тамырлап, жайылып келгени тууралуу айтылса:

Арбын-жомок толгон сөз,
Ат көтөргүс болгон сөз,
Арсыздарга токтолбой,
Азамат-эрге конгон сөз –деген кийинки саптар анын нарк-насили бийик адамдарга гана багытталганын туюнтатат. Ушундан улам «Манас»

Баласына атасы
Энчи кылып берген сөз
Жайнап түшкөн мөндүрдөй

Жалпы журтум терген сөз – делет да, жашоо-тирликтин учугун улап, тынымсыз кайталанып келген, адам өмүрүндөгү эң керектүү мураскорлук салты менен тең коюлат. Болгону «Манас» материалдык мурас эмес, билим, акыл-эс, таалим-тарбия сыяктуу атадан балага өтчү рухий байлыктын ирдүүсү катары мүнөздөлөт. Эпосту жараткан эл мындай терең жана талашсыз бүтүмгө келүү үчүн ошол чыгарманын өзү ошончолук бийик даражага жеткен рухий-көркөм байлык катары кабылданышы керек болчу. Мындай болбосо, жогоркудай,

мамлекеттик маанидеги документке коюлган мөөр сындуу сөздөр айтылмак эмес. Кыргыз фольклорундагы маани-мазмуну терең, бөтөнчө көркөм эсепсиз чыгармалардын ичинен аны айрыкча кастарланган, аздектелген чыгарма катары бул саптар менен сыпаттоо үчүн аларды айткан жомокчунун өзүндө да бир саам шектенүү, күмөнсүнүү болбош керек. Ошон үчүн жомокчу жогорку таасын сыпаттоолор «жетишсиз» көрүнүп калгандай:

Белес - белден бороондоп,
Беш удургуп өткөн сөз.
Кызыл бороон кыр менен,
Кыйкырык-чуу сүр менен
Сүрдүкпөгөн тил менен
Кардыкпаган үн менен
Аркар баскан бел менен,
Булут шашкан жел менен
Катар арыш керген сөз,

Кошо жашап келген сөз, -деп (3,3-б.) анын мейкиндик-мезгилдик «өмүр жолуна», оңой эмес татаал тагдырына серп салып, эл турмушу менен эриш-аркактыгын, андан бөлүнбөстүгүн дагы бир ирет бекемдеп салат. «Жомок башында» «Манастын» өзүнө мына ушундай кыска, бирок маниси өтө терең, олуттуу жана салмактуу, философиялуу баа берилет. Мындай баа-ченем адеп элдин өзүндө тамырлап, анын көркөм-рухий аң-сезимине сиңип, биротоло орун-очок алгандан кийин гана ачыкка чыгарылганы айгине. Эстетикалык керектөөсү, туюм-сезими өскүлөң эл гана жомок сымал айтылган чыгарманы ошол жомоктуулугунан ажыратып, өзүнүн өткөнү, учур турмушу жана келечеги менен өтмө катар байланышкан көркөм-эпикалык чындык иретинде кабылдап, жогоркудай таасын жана терең баа бере алат. Демек, манастаанунун башаты качан жаралганы белгисиз мына ушул саптарда жатат десек болот. Бул саптар ага чейин элдин аң-сезиминде бүчүрлөп, узак мезгилде бузулгус болуп калыптанган баа-ченемдердин поэтикалык концентрациясы экендиги да талаш

туудурбайт. Кайсы бир заманда кайсы бир манасчы-жомокчу аны ушундай керемет саптарга сыйдырып койгондугу, эл аны айныгыс чындык катары кабыл алганы да шексиз. «Рухий-көркөм байлыктардын ар кандай сапаттык белгилери жөнүндө объективдүү пикир түзүп, туруктуу пикир калтырууга болгон жөндөм элдик чыгармачылык саламаттыгы таза экендигин; жалпы шык ийкемин, табигый эстетикалык табитин, сергек интуициясын, миңдеген маданий түзүмдөрдүн ичинен эң башкысын, эң баалуусун, өзүнүн чыныгы асылдык, кооздук, үлгү тутар талант ээси тууралуу түшүнүктөрү менен идеалдарына дал келчүлөрүн жаңылбай айырмалап алууга толук жарамдуу экендигин көрсөтөт», - деп залкар сынчы, адабиятчы К.Даутов белгилегендей (4, 20-б.)«Манастын» бөтөнчө чыгарма экендигин эл байкабай койгон эмес.

Бирок өзгөчө мазмундуу жана образдык системасы орошон чыгарма катары «Манас» даяр түрүндө асмандан түшкөн жок, кайсы бир арбактар аны бүткөрүлгөн абалда тигил же бул манасчынын оозуна салып да берген жок. Миңдеген жылдар аралыгындагы адамдын жашоо-турмушунун мыйзам ченемине да, логикасына да сыйбаган мындай көз караштар караманча илимий негизге, тырмактын агындай ынанымдуу фактыга ээ эмес. Кай жагынан карабайлы, «Манас» эпосунун жаралышы, калыптанышы узак мезгилди, жүздөгөн, балким миңдеген жылдарды ичине камтыйт. Өзүнчө олуттуу иликтөөлөрдүн объектиси болуп, өз чечилишине ээ боло элек бул маселени сырта калтырганда да, манастаануунун башаттары эл сөзүндө, элдин ага болгон кастарлуу мамилесинде экендиги куралсыз көзгө деле айкын көрүнүп турат.

Жогортодо сөз болгондой «Манаска» берилген элдик баа-ченем анын өзүндөгү «Жомок башында» орун алган. Аны «Манастын» кыскача резюмеси жана поэтикалык мүнөздөмөсү катары да кароого болот. Бирок ал мүнөздөмө бош жерде жаралбайт эле, анын ага чейин элде жашаган негизи, жок дегенде ошол баа-ченем өсүп чыга турган кыртышы болуш керек эле. «Манастын» өзү кандай жайдак жерде жаралбасы бышык болсо, ага карата элдик эстетикалык баа-ченем, сынчыл ой пикир да ошондой мурдатан жашап келген салттардын

кыртышында өнүм алып, акырындап калыптанган. Анткени «Манаска» дейре жалпы деңгээли ага жетпеген болсо да эсепсиз көп фольклордук чыгармалар элде жашаган, ошондой баатырдык ырлардын калыптанган салты болгон. Мунсуз «Манасты» жаратуу мүмкүн болмок эмес. Ошол сыңары ал качан баатырдык ыр же айрым окумуштуулар айткандай мифтик баян иретинде адеп жаралып, улам кеңейип, канат-бутагы жайылган сайын ага берилген элдик баа-ченем да өзгөрүп жүрүп отурганы анык. Ал эми «Манас» монументалдуу эпос катары калыптанып бүтүп, анын ирдүү бөлүмдөрү көбүнэсе өз-өзүнчө айтылып келсе да, В.Радлов айткандай элдин аң-сезиминде бир бүтүн чыгарма катары жашай баштаган кезде, ага болгон элдин мамилеси, көз карашы, позициясы же баа-ченеми да толук, бүткөн абалга келип, жогоркудай «Жомок башы» жаралган болуу керек. Элдик аң-сезимден биротоло орун албаган, аздектелбеген чыгармага «Жомок башындагыдай» поэтикалык ажары жаркын, эмоционалдык-экспрессивдик деми күчтүү баа ыйгарылмак эмес. «Чын-чынына келгенде эстетикалык сезим-туюму керең, өз чыгармачылык тажрыйбасына сынчыл мамиле жасап, туура жыйынтык чыгарууга жөндөмсүз эл көркөм сөзгө ушундай ташка тамга баскандай таамай аныктама, таасын баа бералмак эмес» (4, 23-б.).

Демек, «Манасты» «Манас» кылган элдин өзү болуп эсептелет. Элдин өзгөчө кадырлап, барктоосу аны аткаруучуларга болгон талаптын эбегейсиз бийик болушуна, эпостун өзүнө да, өзгөчө таланттуу жомокчу-манасчыларга сакралдуу касиет-сапаттарды ыроолоого жол ачып, манасчылар ортосунда кадимкидей атаандаштык атмосферасын түзгөн. Натыйжада кийин профессионал илим катары калыптанган манастаануунун элдик башаттарын эл өзү жаратып, негизги багыттарын айкындап койгон. Анын бири эпостун өзүнө көркөм сөз өнөрүнүн көз кайкыткан бийик үлгүсү катары жасалган мамиле, берилген баа болсо, экинчиси аны аткаруучулардын алдына коюлган эң бир катаал талап болчу.Бул экөө жанаша жашап, бири-биринен дээрлик ажырабас түшүнүк болгон. Элге манасчы катары (жомокчу, чоң жомокчу деп да аташкан)

таанылып, кабыл алынган акын (анткени манасчылардан баары акын, болгондо да төкмө акын болушкан) бул өнөрдүн туу чокусуна чыккан адам болуп калган. «Башканы коюп Манасты айт» деген учкул сөздөй лакап мына ушул себептен келип чыгып, башка бир да чыгарма ага теңдеше албайт дегендей элдик бүтүмдү чагылдырып турат.

Демек, элдик манастаануунун башатында көчмөн турмуш, жоокердик заман шарттарында узак мезгилде калыптанган адамдын сүйлөө, сөз кадырын, анын ичинен көркөм сөз наркын баалоо жөндөмүнө, ага удаалаш оозеки поэтикалык чыгармалардын идеялык-мазмундук жана эстетикалык нарк-насилине коюлган бийик жана кыйла катаал элдик талап, ошого ылайык аларга берилген ар тараптуу баа-ченем же сынчыл мамиле жатат. Бирок элдик баа-ченем да катып калбай, турмуш менен кошо алгалап, өзгөрүп, жаңыланып келгени да талашсыз. Элдин аң-сезими кандай кыймылдуу, ийкемдүү болсо, элдин көркөм сөздү баалоо жөндөм-шыгы да ошондой эле сезимтал, ийкемдүү болгон.

Ошентип, манастаануу дегенибиз жөнөкөйлөтө айтканда - эпосту баалоо, ага болгон мамиле жана көз караш болсо, анын генезиси элдик сөзтаануу эстетикасына барып такалып, ал кийинки илимий манастаануунун келип чыгышын, өрүш алышын кадыресе азыктандырган көркөм нарк, рухий көрүнүш болуп калган. Себеби окумуштуулардын дээрлик бардыгы «Манаска» карата элдик көз карашты, баа-ченемди эске алып, аларды айныгыс факт катары тутунган учурларын жыш кездештирүүгө болот.

«Жомок башындагыдай «Манаска» берилген элдик баа-ченемдин өзгөчө салмак-оордугу, бийиктиги жана алардын шексиздиги манасчылык өнөрдү камчылап , тынымсыз кыймылда болушун, үзгүлтүксүз алгалоосун, алардын ар дайым элдин назарында турушун шарттаган.Алардын чабал жана мыкты, карапайым жана өзгөчө жактары эл оозуна алынып, тиешелүү баа берилип, бүтүм чыгарылып турган. Ортодо манасчынын талант-шыгына берилген баа эпостун ал аткарган вариантына да берилген баа болуп, экөөнүн тең кийинки

тагдырын чечкен. «Элден өткөн сынчы жок» экендиги мына ушул жерде да далилденген.«Манастын» ченемсиз популярдуулугу, андагы окуялардын жана каармандардын реалдуулугуна элдин терең ишеничи өз кезегинде манасчылардын чыгармачылыгына да бийик, кыйкымчыл, катаал талаптардын калыптануусуна алып келген,эки ооз ыр чүргөгөндөрдүн баары эле «Манас» дүйнөсүнө баш бага албагандай маданий-этикалык кырдаал түзүлгөн. «Манаска» өзү билемдик мамиле жасоого, ой-келди бурмалоого жол берилбеген. Бул ишке угуучулар менен бирдикте элге таанымал манасчылардын өзүлөрү дыкат көз салышып, кылдат байкоодон өткөрүшүп,өсүп келе жаткан дараметтүү манасчыларды тарбиялай келишкен. Ошентип, «Манас» аны жараткан эл тарабынан ыйык, асылзаада көрүнүштөй коргоого да алынган. Ашкере таланттуу манасчылар элдин рухий-маданий турмушундагы устат-насаатчы даражасына жеткирилип, кастарланып, алар жөнүндөгү аңыз кептер, уламыш-легендалар эл аралап кеткен.

«Манасчылык чеберчиликтин калыптанышына жана өнүгүшүнө «редактор» катары угуучулар аудиториясы зор роль ойногон. Манасчылар үчүн … эл алдына чыгуу, ...өзүнүн эпикалык окуялардын баяндоосун угуучулардын реакциясы менен текшерүү өз алдынча экзамен катары кызмат кылган. Эпостун салттык окуяларына өтө көп кошумча киргизүү жаш, жаңы баштаган манасчы эмес, атактуу, эл сыйлаган,эмгек сиңирген манасчы болсо да угуучуларды нааразы кылган”, -деп белгиленгендей (5,43-б.) кезегинде В.Радлов да кыргыз ырчылары өз публикасын канчалык мыкты биле тургандыгына таң калгандыгын жазган жери бар. Демек, Манасчы дайыма элдин маанайы, угуучулардын талаптары жана социалдык статусу менен эсептешип, ага ыңгайлашуу керектигин эсинен чыгарган эмес. Ошол эле учурда ал өзү айткан чыгарманы эл кандай баалайт деген ойду көңүлүндө дамамат кармап турганы, элдик сынактан өтүүгө зор маани бергендиги да эч бир күмөн туудурбайт. Манастаануунун элдик башаты так мына ушул эки жактуу чыгармачыл мамиле тогошкон жерде жаралып, акырындап эки жакка тең коюлуучу талаптар

өркүндөй берип, кайсы бир мезгилде анын толук бүткөн түрү эпостун өзүнө «жомок башы» деген аталыш менен жайгаштырылган.

Адабияттар

1. Радлов В.В. Предисловие. – Китепте: Энциклопедический феномен эпоса «Манас»: Сб. статей. Сост.: С.Алиев и др. – Б., 1995.
2. Манас. Биринчи бөлүк. I китеп: Кыскартылып бириктирилген вариант. – Ф., Кыргызмамбас, 1958.
3. Манас: Кыргыздардын баатырдык эпосу. Үчилтиктин биринчи бөлүгү. Тыкандап түзгөн Бексултан Жакиев. –Б., 2007
4. Даутов К. Адабий сын кантип жаралган: кошумча окуу куралы. I китеп. –Б., 2002.
5. Асанканов А., Бекмухамедова Н. Акындар жана манасчылар кыргыз элинин руханий маданиятын түзүүчүлөр жана сактоочулар. –Б., 1999.

Абдалиева Гүлзада

«ЮАН ТАРЫХИЙ» ЖАЗМА БУЛАГЫ, ФУ-ЙУ КЫРГЫЗДАРЫ ЖАНА ЖУСУП МАМАЙДЫН «МАНАС» ЭПОСУНУН БАЙЛАНЫШТАРЫ

Укпайын деп онтогонун эненин,
Көрбөйүн деп чабылганын эл-жердин.
Эне-Сайдын эрке уулу кыргыздар,
Азап менен журт которуп Батышка,
Уккансыңбы кайрылбаска келгенин.
Тек калганы эстөө экен түтпөгөн,
Андан башка ушул ыр бар бүтпөгөн.
Фу-йу кыргыздарынын «Сагынуу ыры».

«Юань тарыхы» 1369-1370-жылдары жазылып бүткөн. Бул тарыхий булакты Суң лан жазган. Жалпы 210 оромдон турат. Ал мезгилдеги сарай тарыхнаамэлеринин көчүрүлгөн мазмундун куну абдан жогору.

XIII кылымдагы кыргыз өлкөсү Селенгиден Алтайга чейин созулуп жаткан чоң өрөөн. Кыргыздар ыраакы түндүктөгү Ангара менен Эне-Сайдын кошулуп кеткен чатында Кикас деген шаар болгон. Көтөрүлгөн кыргыздарды басууга чыккан Чынгызхандын уулу Жучи «тоңуп калган Селенга жана башка дайралардан өтүп, анан кыргыздардын атырабын басып алган. Кыргыздар түндүктөгү моңгол тилинде сүйлөшкөн уруулар менен чектеш болушкан же чогуу жашашкан». Туматтар «кыргыз өлкөсүнүн чегинде жашаган өтө эле согушчан уруу болгон». «Кыргыздардын өлкөсүнүн чет жагында» булагачиндер менен кэрэмучиндер жашаган. «Кыргыздар менен Кэм-Кэмжиуттардын өлкөсүнө чектеш токойлордо» урасуттар, теленгуттар, куштемдер жайгашкан. Чынгызханга тууган тайчжиуттардын «моңгол, кыргыз, баргуттардын өлкөсүнүн ичинде» өздөрүнүн турган жери болгон.

Чынгызхандын бийлиги орногондон кийин кыргыздар да моңголдордун

кол алдында болуп калат, ошентип, кыргыздар да Чынгызханга уйгурлар менен карлуктар сыңары эле ыктыярдуу түрдө баш ийет. Моңголдорго кыргыздардын, дагы башка «токой элдериндей» эле баш ийиши «Моңголдордун жашыруун тарыхынын» («Сокровенное сказание») 239-бөлүмүндө минтип жазылат: «Коен жылында (1207) Жучи оң канатынын аскерлери менен токой элдерине каршы жортуулга жөнөтүлөт. Ага Буха жол көрсөтөт. Элден мурун Худуха-беки өзүнүн түмөн-ойроттору менен баш ийет. Чжочигс андан ары ошол Худуха-беки жол көрсөтүп ... Жучи түмөн-кыргыздарга жакындап келет. Ошондо Жучиге кыргыз нойондору Еди, Инал Алдиер, Олебек-дигин баш ийгендерин билдиришип, ак шумкарларын, ак боз тулпарларын, суусарларын падышага тартуулайт. Жучи токой элдеринин баарын моңголдорго баш ийдирет. Ал өзү менен кошо кыргыздардын миң башы, он миң башыларын, токой элдеринин нойондорун ээрчите келип Чынгызханга кезиктирет да, падышага ак шумкарларын, ак тулпарларын, апакай калтарларын тартуу кылууларын тигилерге буйурат. Чынгызхан Жучиге ыраазы боло карап: «...Баары тең өзүңө баш ийсин» - дейт. «Юань шидеги» Чынгызхандын өмүр баянында Чынгызхан кыргыздардын элчилигине жана тартууларына жооп кылып 1207-жылы аларга эки кишини жибергендиги айтылат. Бул китепке таянсак мамиле түзүү жагы кыргыздардан башталганы көрүнүп турат. Жучинин өмүр баянында ага түндүк-батыштагы жерлер энчиленип берилгендиги туурасында жазылган. Бул жерлер борбордон ондогон ли аралыкта жайгашкан. Тез-тез ат которуп тынбай жүрүп отурганда да аякка жетиш үчүн 200дөй күн керек болгон. Сөз албетте кыргыздар же токой элдери жөнүндө эле эмес, бүтүндөй Жучинин улусу жөнүндө болуп жатат.

Моңгол китептерине караганда, 1207-жылдагы кыргыздар «түмөн кыргызуд» же «түмөн кыргыздар» эле эмес, бул өздөрүнүн он миң, миң башылары бар эл.

XII кылымдан баштап кыргыздардын тагдыры «токой элдери» менен, өзгөчө Байкалдан Алтайга чейин созулган жерлерди, Саян-Алтай тоо

кыркаларын мекендеген элдер менен тыгыз байланышкан. Кыргыздар Чынгызхан менен байланыш түзгөн 1206-жылы «токой элдери» Чынгызхандын жан - жөкөрү Хорчиге баш ийдирилген. Хорчи жаш кезинде Чынгызхандын ага 30 аял алып берем деген убадасы болгон: «Хорчи үч миң эле баарындерди башкарбай, миң башылар Тахай, Ашихтар менен бирге жаңы кошулган миңдеген адаркиндерди, чиностерди, тоолестерди, теленгуттарды да башкарган. Хорчиден уруксат болмоюн токой элдери көчө алчу эмес. Өз ойлорунча кетип калуу алардын оюнда да жок болгон. Ошентип, токой элдеринин Жучиден бөлөк дагы бир чоңу бар болучу. Хорчи оюн ишке ашырмак болуп туматтардан 30 кыз алыш үчүн барганда, туматтар кыздарын бермек тургай Хорчинин өзүн туткундап алышат. Мындан кийин туматтарга Дорбо-Докшин жөнөтүлөт, ал туматтарды жеңип, Хорчини бошотот. «Тумат элин экинчи козголгус кылып, Дорбо жүздөй туматтарды Борхулдун куну үчүн анын үй-бүлөсүнө берет. Хорчи өзүнө 30 кыз таңдап алат да, Ботохай-күйчөктү (туматтардын акимшасы) Худуха-бекиге берет». Ушуну менен эле баары бүтүп калбайт. Ращид-ад-диндин маалыматына караганда, туматтардын көтөрүлүшүнө кыргыздар да катышкан болот. 603-жылы (1206-07) Чынгызхан ушул кыргыздарга Алтан менен Букраны элчи кылып жиберет. Алар Алтан менен Букрага өзүлөрүнүн үч элчисин ак шумкарлары менен баш ийип беришет.

Ошондон 12 жыл өтпөй Баргужин-Токум менен Байлуктагы туматтар көтөрүлүшөт, алардын көтөрүлүшүн басуу үчүн моңголдор кыргыздардан аскер талап кылышат, анткени туматтар кыргыздарга жакын жерлерде турушчу. Кыргыздар моңголдорго аскер бермек түгүл өздөрү кошо көтөрүлүшөт. Чынгызхан аларга уулу Жучини аскерлери менен жөнөтөт. Кыргыздардын жол башчысы Курлун болгон. Моңголдордун Нока деген эмири өз аскерлери менен кыргыздарды багындырат. Ошентип, бизге кыргыздын үч акиминин аты белгилүү болду. Булар - Алдиердин иналы Еди-Орун (аны Курлун деп да аташчу, балким ал башкы аким болгон болуу керек), Урус

иналы, кандын ордун басуучу канзада тегин Олебек-дигин. Орлун 1219-жылы моңгол аскерлеринен жеңилишке учураган.

«Юань династиясынын тарыхын» (Юань ши) моңгол империясынын жерлерөн сүрөттөгөн бөлүгүндө, «Түндүк-батыш жерлери» деген тиркемесинде кыргыздар (цзилицзиси) жана аны менен коңшулаш турган элдер жөнүндө жазылган маалыматтар бар. «Кыргыздар жөнүндө айта турган болсок, адегенде жердин аты болуп айтылгандыгын белгилеп кетүүбүз керек. Кыргыздын жеринен түштүктү карай Дадуга (Пекин) он миң лидей (5миң чакырымдан көбүрөөк). Уламыштарга караганда мурун бул жерде (кыргыздардын өлкөсүндө) наймандар жашаган. Юань династиясынын бийликке келиши менен (1271-жыл) кыргыздарды майдалап 9 миң түтүн кылышкан. Кыргыздардын жеринин узундугу 1400 ли (700 чакырымдан көп), туурасы болсо ушунун жарымындай келет. Цзяньхэ дайрасы (Кэм, Жогорку Енисей) ушул жерди кесип өтөт да, түндүк-батышты карай агат. Андан бөлөк түштүк - батышта Апу дайрасы бар. Түндүк-батыштагы дайра Юйсюй деп аталат. Бул дайралардын баары тең эпсиз чоң. Алар Цянь менен Ангарага кошулуп, түндүктөгү деңизге куят.

Кыргыздардын каада-салты башка элдердикинен аябай эле айрымаланып турат. Алачыктарда, боз үйлөрдө жашашат. Жашаган жерлериндеги суу менен чөптүн молдугуна карай көчүп-конуп жүрүшөт. Дыйканчылыкты да жакшы өздөштүрүп алышкан. Кар түшкөндө лыжа тээп аң улашат. Бул элдин минген аттары таза кандуу жылкылардан болот, таптаган ак, кара шумкарлары болот.

Чынгызхан өлгөндөн кийин (1227) анын ордун Огодой (Угэдей, ал 1241-жылы өлөт) басат, анын аялы кыргыз болгон. Кыргыздар жашаган жерди бир топ мезгилге чейин Чынгызхандын кичүү уулу Тулуй (1232-жылы өлгөн) башкарып турган. Угэдей өлгөндөн кийин бийликке Чынгызхандын кичүү уулунун балдары келип, 1251-жылдан 1259-жылга чейин такта Тулуйдун тун уулу Мунке (1209-1259) отурат. Мунке өлгөндөн кийин такка Тулуйдун ортончу уулу Хубилай (1215-1294) келет. Бирок аны менен такты Тулуйдун

кичүү баласы Арык-Буга (1266-жылы өлгөн) талашат. Хубилай Дадуда (Пекинде), Арык-Буга Каракорумда турган. Согуш башталып, 1264-жылы Арык-Буга жеңилет. Кийинчерээк Хубилайга каршы Угэдейдин небереси Хайду (1255-1301) чыгат, ал Чынгызхандын башка укум-тукумдарына кошулуп жаңы согуш баштайт. Хайдунун күч алып, согушуп чыккан жери кыргыздар мекендеген Алтай, уйгурлардын мекени Хотан эле. Хайду ушул согушта алган жаратынан оңоло албай көз жумат. XIII кылымдын ортосунан баштап кыргыздардын тагдыры ушул жүрүп турган согуштар, коңшулаш турган ойроттор менен тыгыз байланышта болот.

Ошол мезгилде кыргыздар жашоо шартына жана чарба жүргүзүү мүнөзүнө карап эки топко бөлүнүшөт. Биринчиси - мал чарбачылыгы менен дыйканчылыкты кесип кылган талаа кыргыздары. Экинчиси-мал чарбачылыгын жана аңчылыкты кесип кылып, Эне-Сайдын баш жактарындагы тоолуу жерлерде жашашкан токой кыргыздары. Эне-Сайдын баш жагындагы кыргыздардын коңшулары ойроттор болгон, алар турматтарды сүрүп чыгып, сегиз суунун тегерегинде жашашкан. Кыргыздар менен жана башка түрк элдери менен болгон тыгыз байланыштар ойроттордун тилине да өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Алар жашаган жердин аты да түрк сөзү «секи» менен моңгол сөзү «мурен»ден турган. Эне-Сайга Кемчик дайрасы куйган жер «Кемчик-Бору». «Кемчик» түрк тилинен которгондо «аз суу» дегенди билдирет, «борук» болсо ойроттун «аска-тоолор» деген сөзү. Биз жогоруда көптөгөн жерлердин жердин шартына, ыңгайына карап, же ошол жерден агып өткөн суунун аты менен аталып калгандыктарына күбө болдук. «Кемчик-Борунун» жаратылыш өзгөчөлүгүн көрсөтүш үчүн ойроттор бул жерди «бору» деп аташкан. Кыргыздардын бир бөлүгүнүн «бурут» деп аталып калышы да, алар жашаган аска-зоолуу жерлер менен байланышкан болуу керек. Кийинчерээк «бурут» деген этноним менен ойроттор кыргыздардын баарын аташкан. Кыргыздарды кийин «бурут» деш манчьжурларга, Цин династиясынын маньчжур жана кытай тексттерине (XVII-XIX кылымдар) да

өтөт. Кыргыздардын өзүнүн ичинде да бурут деген ат бекеринен айбылып жүрбөсө керек. Манастын атасы «Жакып-кыргыз, ал - бурут». Манас жөнүндө карыган кытай минтип түкшүүмөлдөйт:

«Мобул бурут кимдин баласы»?

Бурут кайда, эл кайда?

Мындайчылык кезекте,

Урут келээр жер кайда?

Эгер ойроттор токойлордо жашаса, кыргыздар тоо арасын мекендеген. Бурут менен кошо эле моңголдор кыргыздарды «кэргют» деп да аташкан.

XIII-XIV кылымдардын аралыгында кыргыздар моңгол жана кыргыз жазуулары боюнча ойроттордун - угэлэт, балагут, хойт жана киргиз деген төрт түмөнүнүн ичинде болушкан. Кыргыздар ойрот конфедерациясынын курамында өз алдынчалыкка ээ болгон. Арык-Буга менен Хубилайдын кармаштарында Арык-Буганын аскерлеринин негизги бөлүгүн ойроттор менен кыргыздар түзгөн. Арык-Буга жеңилип Хубилайга кулдук уруп турганда, Хубилай ага Алтайдагы, Текедеги Кыргыздагы жерлерди калтырат. Ушул кезде кыргыздардын бир бөлүгү ойротторго кошулуп Енисей-Иртыш дайраларынын ортосундагы өрөөндөн Чыгыш-Тяншандагы Алтай-Хангай тоо кыркаларын карай көчүп кетиши да ыктымал. Согуш кыргыздарды ар кайсы тарапка ыдыратып чачат. 1275-1276-жж. кыргыздардын бир бөлүгү көтөрүлүп чыгат. Көтөрүлүш басылганда кыргыздардын чоң бөлүгү Батыш Маньчжуриядагы 1277-жылы негизделген округдун жаңы борбору Чжаочжоу шаарына көчүрүлгөн.

Хайду менен Хубилайдын ортосундагы согуш да кыргыздарга бир топ мүшкүлдөрдү кошо алып келет. Алтай-Хангай тоолорун мекендеген кыргыздар Хубилайдын буйругу менен 9 миң түтүндүү Баяндын (1236-1295) түмөнүнө бириктирилет да, Моңголиянын ички райондоруна көчүрүлөт. 1290-жылы моңголдордо кызмат кылган кыпчак Тутух Хубилайдын буйругу менен Алтайдагы Хайдуга каршы жортуулга чыгат да, бул жортуулдун натыйжасында

3 миң үй-бүлөө көчүрүп келет. Тутух андан кийин Эне-Сайдын башын мекендеген кыргыздарды баш ийдирет.

Хайду кыргыздарды куткарып алмакчы болот, бирок жеңилип калат. Кыргыздардын дагы бир бөлүгүн моңголдор Хубилайдын ички жерлерине көчүрүп алып келишет. 1289-жылы бийлик башындагылар Каракорумдагы жашаган кыргыздардын эсебин алат. Кедей-кембагалдарга жардам көрсөтүлөт. 1293-жылы кыргыздардын бир тобу Чжирхэхусотай деген жерден Маньчжуриянын түштүк-чыгышындагы Ляодун провинциясындагы Хэсыхе районуна көчүрүлөт. Алтайдагы кыргыздардын дагы бир тобу 1295-жылы күч менен Шаньдунга көчүрүлөт. Ляодунда да, Шаньдунда да кыргыздар аскер келгиндери катары отурукташтырылат. XIII кылымдын акырында кыргыздар ары-бери көчүрүлө берип аябагандай эле бытыраган. Кыргыздарды минтип зордуктап көчүрүү XIV кылымдын биринчи жарымынан 1389-жылы Юань династиясы кулаганга чейин деле улана бериши мүмкүн.

Элдин бытырап кетиши, ар кандай чачылып кетиши «Манас» эпосунун негизги лейтмотивдеринен десек болот. «Элибизди жоготтук», - дейт Жакып. Ал өзү да Котон (Катун дайрасы, Суушань (Суншань, Карагайлуу тоолордун жаны - ?) көлү тараптан көчүп келген. Ал бутпарас-сарттардын арыгын казат, ал кыргыздар мусулман динин биле элек мезгилде жашайт. Кыргыздардын Алтайды ашып кетишин Жакып минтип сүрөттөйт: «Ата-бабаларыбыз кыргыз уруусунан, жерибиз - кең Алтай». «Алтайдан келгендердин, башы болчу бай Жакып».

Жогоруда көрсөтүлгөн фактылардын көбү Эне-Сай кыргыздары менен Фу-йу кыргыздар ортосундагы байланыштын бар экендигин жокко чыгарбайт. Бүгүнкү күндө Кытай Эл Республикасындагы Хейлунжаң аймагында Манжуриянын фу-йү кыргыздары бар. 2001-жылдагы 5 жолку эл каттоо статистикалык маалыматтар боюнча Фу-йуда-1155, анын ичинде фу-йу мал фермасында- 289, Фу-йу базасында- 239, Таха айылында- 209, Лоң - эн-Чиао базарында- 46, Фу-хай базарында -30, Ардао- Ван-8, Ужасун айылында-276,

Чижасун айылында-151 адам жашайт. Фу-йуда негизинен кыргыздар эки айылда олтурукташкан У-жа-сун (Ужакент) - бул кытай тилинен 5 үй-бүлөө деп, ал эми кыргыздардын экинчи айылы Чи-жа-сун (Чижакент) 7 үй - бүлө деп которулат. Демек, фу-йу кыргыздарынын берген маалыматы боюнча У-жа-сунга 5 үй-бүлө, Чи-жа-сунга 7 үй-бүлө көчүрүлүп келгендиги жергиликтүү уламыштарда айтылып жана бүгүнкү күнгө чейин аталыштарын сактап калышкан. Чижасун айылында 1595 аянтты камтыган музей бар экен. Музейдин аянты кыргыздардын санына карата алынган. Ал музейди Манас айылы деп коюшат. Анда 348 метрлик коридору бар, Манастын айкели орнотулган. «Манас» эпосун айтышпайт. Кытайдагы Кызыл-Суу кыргызы Жусуп Мамайдын вариантынан окуп билишип, анын негизинде музей салынган. Ал жерден өтүп баратып, Манастын төрөлүшү, чоңоюшу, кыргызды бириктиргенине күбө болосуң.

Бирок Манас боюнча өздөрүнүн да санжырасы бар экен. Желунжан деген жерде көл бар. Жергиликтүү бийдин 9-уулу кайып болуп кеткен. Аны Манастын уулу Семетей байланыштырышат. Арийне, Фу-йу кыргыздары жана Шиңжан кыргыздары анын ичинен Жусуп Мамайдын эпосу менен тыгыз байланышкан жана фу-йу кыргыздарынын турган жерин үйрөнүү тарых таануучуларынын олуттуу милдети.

Колдонулган адабияттар:

1. Жусуп Мамай. Кыргыз элинин тарыхий эпосу. Манас. Айтуучу: Жусуп Мамай. - Үрүмчү,2004.
2. Мамбетасан Токтаалы. Жуңго кыргыздары. - Үрүмчү,2005.6.42.
3. Кычанов Е, Бейшеналиев Т. Юань-Мин доорундагы кыргыздар (XII-XIV кылымдар) \\ Ала-Тоо, №7,106-107-бб.

Алымкожоев Ө.

«МАНАС» ЭПОСУНДА «КЫРГЫЗ» ЭТНОНИМИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (ЖУСУП МАМАЙДЫН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА)

Кыргыз элинин улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов баса белгилегендей, “Манас” - кыргыз рухунун туу чокусу. Кыргыз элинин тарыхынын кылымдардан кылымдарга айтылып келе жаткан энциклопедиясы. Манас эпосунда кыргыздардын башынан кечирген тарыхы, маданияты, кыргыздардын дүйнө таанымы жана башка көрүнүштөрү кеңири чагылдырылган.

Өкүнүчкө карай, “Манас” эпосу эл оозунда, муундан-муунга оозеки айтылып сакталып келгендиктен, тарыхий фактыларга таяна албайбыз. Бирок эпостун ичиндеги окуяларды сүңгүп кирип изилдегенде, тарыхий окуялардын таасын берилгенине күбө болобуз.

“Кыргыз” этниминин келип чыгышы тууралуу өткөн кылымдардагы жана заманбап окумуштуулардын ой-пикирлери чиеленип, талаш-тартышка чекит коюлбай келет. Бул маселе боюнча кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгында да кеңири берилген.

Алсак, кытайлык кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын вариантында кыргыз элинин келип чыгышы, кыргыздардын жашаган аймактактары, “кыргыз” этниминин жаралуусу тууралуу кенен - кесир айтылат.

Ал эми Жусуп Мамайдын варианты боюнча “Манас” эпосунда кыргыздардын жашаган аймагы катары Эне-Сай көргөзүлгөн. Манасчынын айтуусундагы “Манаста” кырк уруу эл (кыргыздар - Ө. А.) Эне-Сай деген керемет жерге чогулуп ыңгайлашып калышкан.

Батыш, түндүк жактарда,
Эне-Сай деген жер болгон,
Жери сонун кең болгон,
Өзөнү токой чер болгон,
Төрлөрү тулаң күр болгон,

Эгин эксе мол болгон,
Аз айдаса көп болгон,
Ороонун баары жык толгон,
Азып-тозуп баргандар,
Байыр алып токтолгон,
Бай-жардысы билгисиз,
Баарынын карды ток болгон,
Эне-Сай элин башкарган,
Кал Мамай деген хан болгон.
Эне-Сайды хан Мамай,
Эч душманга бербеген.
Жылдан-жылга жыл өтүп,
Эли кетти көбөйүп,
Ар кайдан келип олтуруп,
Кырк уруу болду бөлүнүп,
“Кырк уруулуу элим”, - деп,
Хан Мамай ага ат койду [1].

Кайсы гана терминди же этнонимди албайлы, анын чын-төгүнү барып келип эле этностук ошол ысымды алып жүргөн элдин тилинде катталып, сакталып калган эн белгисине, а болбосо ал кайсы тилде айтылып, жазылып жүрсө, алардын үндөштүгүнө жана окшоштугуна карап тастыктала турганы белгилүү. «Кыргыз» этнонимине карата алганда ушул эки эреже тең эбеп боло алышат. Анткени кыргыз», «кыргыздар», «кыргыздык» ж.б.у.с. сөздөр, биринчиден, азыркы кыргыздардын өздөрүнө, экинчиден, тили жагынан аларга жакын турган түрктөр менен уйгурларга тиешелүү делинип жүргөн руникалык көрүстөн жазууларындагы тексттерде кездешет [2]. Мындан тышкары «кыргыз» деген термин башка тилдерде жазылган тексттерде да ар түрдүү вариантта, мисалы, грекче-херкис, араб жана фарс тилдеринде кыркыз, хырхыр болуп жолугат. Ал эми кытай тексттериндеги анын жазылышы булардан бир

кыйла айырмалуу. Анын бизге жеткен, колдо бар бардык варианттарынан негизгиси делинип төмөнкүлөр эсептелет: хань тексттери үчүн - цзянь-гунь, тан тексттери үчүн - сяцзясы, юань тексттери үчүн - цзилицзисы [5].

«Кыргыз» терминининн келип чыгышы жөнүндө окумуштуулар дагы ар кандай жоромолдошот. Орус окумуштуусу Ю.С.Худяковдун изилдөөлөрүнө таянсак «кыргыз» деген терминдин түпкү уңгусу аныk экени биротоло такталып бүткөн деп эсептөөгө болот. Анткени аны Европанын чыгышынан тартып, Азиянын чыгышына чейинки бардык өлкөлөр менен элдердин өкүлдөрү бир гана этносту атап белгилеш үчүн колдонуп келишкен. Демек, бул термин ошол этностун энчилүү аты болгон, анткени ал кыргыздардын өздөрүнө таандык делинген тексттерде учурайт. Ал эми анын түпкү уңгусунун аныктыгынан күмөнсүнө турган жагдайлар жазма даректерде дегеле жок [3].

Ал эми “кыргыз” терминининн келип чыгышы жана анын түшүндүрмөсү Жусуп Мамайдын вариантындагы “Манас” эпосунда мындай чагылдырылат:

Эне-Сайдын боюнда,
Хан Мамайдын доорунда,
Кырк уруу биздин эл эле,
Эне-Сай бою кең болду,
Эгин эксек мол болду,
Каптап калың короону,
Кайкалаган кой толду.
Жайылып жылкы төр-төрдө,
Суу бойлоп уйлар топ болду.
Өркөчтөрүн койкойтуп,
Сай-сайга төөлөр жык толду.
Төрт түлүк түтөп өрүштө,
Телегейи тең болду.
Кыдырып жүргөн ар кайда,
Кырк уруу келип топтолду.

Уруктап үрөн-бутактап,

Кырк уруу кырк жүз болду.

“Кырылбай жооңду кыргын”

Кырк уруулуу кырк жүзгө,

“Кыргыз” деп Мамай ат койду.

Ошол күндөн ушул күн,

Кырк уруу - кырк жүз элине,

“Кыргыз” деген ат конду [4].

Эпос боюнча чечмелей турган болсок, “кыргыз” термини “кырк уруу”, “кырк жүз”, “кырылбас” деген сөздөрдүн туундусунан келип чыгат.

Жусуп Мамайдын вариантындагы “Манас” эпосунда Эне-Сайды жердеген эл кыргыз болгондугу даана көрүнүп турат. Ал эми илимде Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын Орто кылымдардагы тарыхына, археологиясына арналган атайын адабияттарда Эне-Сай аймагында жашап өткөн калктын аты ар башкача аталып жүрөт. Окумуштуулардын көпчүлүгү аларды жазма даректерге ылайык «кыргыздар» деп атап келишет. Бирок бул пикирге каршы болгон окумуштуулар жок эмес. Алардын пикири боюнча “кыргыз” деген терминдин ордуна “байыркы хакастар” же « Орто кылымдагы хакастар» [5] деген терминдерди таңуулашат. Алардын ою боюнча, кыргыздар «байыркы хакастардын» бар болгону бир гана салаасын, атап айтканда, «династиялык аксөөктөр тукумун түзгөн имиш. Акырында аталган ушул эки терминди түгөйлөштүрүп, бир уңгуга бириктирип, «кыргыздар (хакастар)», «кыргыз - хакас» ж. б. ушул сыяктантып көрсөткөн эмгектер да бар [6]. Мындай эмгектердин авторлоруна Ю.С.Худяков өзүнүн эмгектеринде далилдүү жооп берип келет.

Юлий Сергеевич «хакас» аттуу жасалма терминдин илимде жана XX к. этносаясий аталышта колдонулуп калышынын жагдайын ырааттуу жана объективдүү негизде баяндап берген. Ал синолог С.Е.Яхонтовдун, арабист Ө.Караевдин, этнограф А.Бутанаевдин, тарыхчы Н.А.Сердобовдун жана башка

изилдөөлөрдүн “хакас” сөзү кыргыз этниминин кытайча “ся-цзя-сы” (“хя-гя-сы”) түрүндө жазылышынын эле бир түрү экендиги тууралуу пикирлерин да ортого салган. "Хакас" аталышын алган эл эзелтеден болгон, кыргыздар алардын төбөлдүк кылчу чакан уруусу гана болчу деген жоромолду айтып келген Л.Р.Кызласовдун жана аны колдогон окумуштуулардын көз карашы негизсиз экендигин дагы бир ирет тастыктап берет.

Ошондой эле, Юлий Сергеевич эмгектеринде Эне-Сайлык кыргыздар азыркы Теңир-Тоолук кыргыздарга, фуйү кыргыздарына, саха (якут), тува, хакас, башкыр, ногой, калмак сыяктуу бир катар улуттарга этностук компонент катары жуурулушканын баса белгилөө менен, Эне-Сай кыргыздарды бүгүнкү хакастарга гана байыркы ата-баба катары ыйгарып, энчилеп, ошонун негизинде тарыхтагы Эне-Сай кыргыздарын "байыркы хакастар" же "орто кылымдардагы хакастар деп кайра атоо таптакыр жарамсыз экендигин [7] өзгөчө баса белгилейт. Башкача айтканда, Юлий Сергеевич илимде белгилүү болгон бардык тарыхий даректерге ылайык, Орто кылымдарда Сибирдин түштүгүндө өздөрүн «кыргыз» деп атап, калган башка элдерге дал ушул ат менен таанылып, аттын кашкасындай белгилүү болгон түрк тилдүү эл жашагандыгын өзүнүн эмгектеринде баса көргөзөт.

Шилтемелер:

1. Жусуп Мамай Манас. - Б., 2014,9-10-бб.

2. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. - М.;Л.,1952,45,85 сс.

3. Худяков Ю.С. Кыргызы на Енисее. - Новосибирск, 1980, 10 с.

4.Манас эпосу Жусуп Мамайдын айтуусунда http://bizdin.kg/kitepter/html/ - manas/mana sim/sektion2.html#title5

5. Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын тарыхы. - Б., 2013? 23-24 бб.

6. Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах Азии. - Б., 1995, 17-18 сс.

7. Худяков Ю.С. Кыргызы на Енисее. - Новосибирск, 1980,76 с.

Казакбаев А.Д.

ЖУСУП МАМАЙГА ТААНДЫК «СЕМЕТЕЙ» ДАСТАНЫНДАГЫ «ООДАРЫШ» ЖАНА «КҮРӨШ» УЛУТТУК СПОРТТУН ТҮРЛӨРҮ ТУУРАЛУУ

Жусуп Мамайдын дүйнөлүк мааниге ээ, улуу мурасыбыз «Манас» дастанынын үчилтигинин «Семетей» бөлүгүндө кыргыздын улуттук спорту байма-бай чагылдырылган.

«Семетейден» ондон ашык расмий түрдө улуттук деп табылган: атчабыш, жамбы атмай, жорго салыш, кыз куумай, күрөш, оодарыш, ордо, улак тартыш жана башка. Андан тышкары азыркы күнгө чейин жетпей жоголуп-жоюлуп кеткен чатыраш, эр сайыш деген спорт оюндары жөнүндө баалуу маалыматтарды кездештиребиз. Мисалы, Хан Бакай Семетейге кайрылып атасы Манас жөнүндө:

«Кымызга бээни байлатып,
Эңишке эрдиш айлатып,
Тамаша кылып жатуучу,
Көк-бөрү тартып, ордо атып,
Эки жүз киши аттанса,
Эки жүз киши түшүүчү» [1, 104], - деген кыска, бирок нуска баянынан кыргыздар илгертеден спортко, оюн-зоокко жакын экенин, жана ар дайым спорту ардактап келгенин билсек болот.

Жусуп Мамайдын «Семетей» дастанынан атамзамандан бери кыргыздарда сүймөнчүлүккө ээ болуп, ар дайым баалуу дене-тарбия каражаты катары колдонулуп келген күрөш жана оодарыш жөнүндө илимий мааниге ээ маалыматтарды тапсак болот. Мисалы, феодализм доорунда манастаануучу К. Кырбашевдин бүтүмү боюнча «Семетей» дастанындагы көпчүлүк бөлүмдөр ушул тарыхий доорду чагылдырат [1,5-11]), кыргыздар эл аралык деңгээлдеги, азыркыга салыштырсак Азиялык оюндары менен теңдеш, мелдештерди

уюштуруп келгенин баамдасак болот. Буга далил катары кыргыздар турган чоң жыйындагы дүйнөнүн төрт бурчунан коноктор келип көз салып күбө болгон калмак Ороңгу менен кыргыз Кошойдун, кытайлык Нескара менен кыргыз Эр Агыштын мелдеш күрөшүн алсак болот.

Жусуп Мамайдын «Семетейиндеги» Ороңгу менен Кошой алптын бел кармашып күрөшкөнү [2, 39], же болбосо:

«Эр Агыш ичтен чалды эле,
Көтөрүп жерден алды эле.
Нескараны чандайтып,
Чалкасынан салды эле.
Нескаранын башынан,
Аттап кеткен эр Агыш» [2, 41], - деген саптарынан күрөштүн ыкмалары, эрежелери, балбандардын каада-салттары жөнүндө тарыхий маалыматтарды ала алабыз.

Андан тышкары Жусуп Мамай балбандардын образдарын тамаша-юмор менен коштоп кеткен жерлери анын чыгармасын өзгөчө байытат. Мисалы, калың элдин алдында кыргыздын намысын коргоп чыккан Эр Агыш Нескара менен күрөшүн оор, өтө курч жагдайда жүргүзөт. Күрөштө экөө тең тизеден жерге киришет, багалчектери кайышат. Бир маалда эмнегедир Эр Агыш өзүн бейкапар сезе баштап, мелдештен абстракцияланып калат:

«Күлкүдөн Агыш токтобой,
Нескарага жабышып.
Кыз-келин менен жаткандай,
Айкалышып канышып» [2, 40] – деп, ошол эпизод «Семетейде» чагылдырылган.

Күрөштөн бошоп, мөөрөйдү алдырганга окшонуп бараткан Эр Агышты Манас май куйрукка камчы менен чаап өзүнө келтирет.

Жусуп Мамайдын «Семетейинде» кыргыз жана алды түрк маданиятында алгач көчмөн урууларынан байырланган баатырдык «оодарыш» спорту дагы

абдан кызыктуу берилген.

Түрк элдеринин фольклордук булактары аркылуу бул баатырдык мелдеш согуш майданында жоокерлер найза, кылыч, айбалта, күрсү менен чабышып, алар жарактан чыккандан кийин аргасыздан жылаңач кол менен кармашууга өткөндөн келип чыкканын билебиз. Ошол себептен көчмөн сактар, кыргыздар, түрк уруулары ат үстүндөгү кармашты баалуу аскер-прикладдык каражат катары колдонушкан. Буга далил катары анын эпикалык жанрда чагылдырылышынан баамдасак болот. Жусуп Мамайдын «Семетей» дастанында чоң уруштун башында баатырлар кармашын алыстан найза сайыштан баштап, жакындап келип кылыч, айбалта менен чабышышат. Баатырлардын найзалары калканга урунуп бычырап сынат, кылыч зоотко тийип мокойт, айбалта болсо колдон тайып түшөт. Акыры келип баатырлар ат үстүндөгү эңишке өтүшүшөт:

Эр Толтой менен Күлчоронун кармашы:

«Күнү-түнү дем албай,

Оодарышып жанашып.

Жакасынан кармашып,

Барлык күчүн арнашып.

Баатырлар уруш салыптыр...

Жанашаатын бурушуп.

Тарткылашып тырышып,

Колдорунан чоюшуп...

Аянбастан эңишип» [2, 80] - деп, эңиш учуру сүрөттөлөт.

Баатырлар алышканда зор аттары да чыдабай кетишет. «Семетей» дастанында: «аттары соолуп жүрө албай» - деп, ал жөнүндө учкай айтылат.

«Суркоен менен Көкбука,

Аяк шилтер алар да,

Арга, медер калбады.

Колдорун тартып алышпай,

Кан ичип кайра жанышпай,

Кармашкан бойдон көктүзгө,

Ал кезекте баатырлар,

Катары менен түштү эле» [3, 79] - деп, баатырлардын ат үстүндөгү эңиштен алыстап, андан ары:

«Буттап темир курчанган,

Жан аяшпай ал экөө,

Белиндеги жынжырдан,

Былкылдатпай кармашты.

Балбандар чабышышты,

Бардык күчүн салышты» [3, 79] – деп, жөө күрөшкө өткөн учуру даана берилген.

Демек, Жусуп Мамайдын «Семетей» дастаны аркылуу жалгыз кыргыз эле эмес, жалпы түрк элдерине таандык болгон «оодарыш» менен «белбоо күрөшүнүн» генезисин иликтөөгө баардык жагдайлар бар деген жыйынтыкка келсек болот.

Жусуп Мамай «Семетей» дастанында баатыр-балбандардын образдарын абдан көркөмдүү, ошол эле учурда реалдуу кылып ачкан. Мисалы, ал эңиштен жана жөө күрөштөн чыгаан балбан болгон, душман Эр Толтойду: «Жеңилбес баатыр Толтойду, эңишип киши чыкпаган», -деп туруп:

«Каарлуу Толтой баатырдын,

Абдан жайык ээлеп ук.

Кара сакал, балбан эр,

Калмактан олжо алган эр.

Индыстан менен Ирандан,

Эч бир бенде албаган,

Эрегишкен эчендин,

Эсебин берип жалмаган,

Белдүү чочко эр Толтой» [2, 23-24] –деп, таасын сүрөттөйт.

Албетте айтуучу Жусуп Мамай калмак-кытай Толтойдун образын кыйытып юморго салып, бирок ошол эле учурда жогорку баа бергенинин бир максаты жалпы угуучуга душмандын жеңил-желпи эместиги, алардын арасында да Коңурбай, Жолой, Нескара, Толтой сыяктуу балбан- баатырлары бар экендигин жеткирүү. Ошол эле учурда кыргыз-казак бириккен эрлери мына ушундай амалкөй, оңой-олтоң болбогон, кара күч душмандардан эл-жерин коргоп келишкендигин көрсөтүү.

Жыйынтыктап келгенде, кыргыз улуттук спортунун изилдөөчүлөрү жана күйөрмандары Жусуп Мамайдын “Семетей” дастанына (башка «Манас» дастанынын вариантары менен катар) кайрылышса спорттун эрежелери боюнча, мелдешти уюштуруу жөрөлгөлөрү боюнча, балбандардын каада-салттары боюнча жана да башка илимий мааниге ээ болгон баалуу маалыматтарды сөзсүз табат.

Колдонулган адабияттар:

1. Жусуп Мамай. Семетей: Эпос, 1-китеп/ Түз. ж-а баш сөзүн жазган К.Кырбашев. - Б.:Шам, 1995, 268-б.

2. Жусуп Мамай. Семетей: Эпос, 2-китеп/ Түз.: К.Кырбашев, сүрөтчүсү Р.Исаков. - Б.:Шам, 1995,296-б.

3.ЖүсүпМамай.Семетей:Эпос,3-китеп/ Түз.: К.Кырбашев. - Б.. Шам, 1995, 284-б.

Орозова Гүлбара

ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ТУУРАСЫНДАГЫ УЛУТТУК ИДЕЯНЫН ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДАГЫ ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮ

(Элдик поэмалардын мисалында)

Эгемендүүлүк идеясы тарыхый түшүнүк. Эгемендүүлүккө умтулуу, көз карандысыздык үчүн күрөш фольклордук чыгрмаларда түрдүү формада берилет. Кыргыз фольклорундагы эпостордо, поэмаларда көз карандысыздык үчүн күрөш реалдуу окуялардын негизинде, тарыхый инсандардын иш-аракети аркылуу жана элдин кыялындагы эркиндикке, бөштондукка умтулуу аракети эл тарабынан түзүлгөн чыгармаларда көркөм чагылдырып келген.

Эгемендүүлүк идеясынын башаты кыргыз элинин уруучулук коомдук түзүлүшүнөн баштап бүгүнкү күнгө чейинки өнүгүшүнүн бардык тарыхый баскычтарында болуп, эркиндик үчүн эл дайыма күрөшүп келген. Эгемендүүлүк деген кеңири түшүнүк экенин, аны бүгүнкү күндүн гана саясий призмасынан эмес, көөнө дорлордон бери ата-бабаларыбыз элдин эркиндиги, Ата-журттун бүтүндүгү, керт башынын азаттыгы, Мамлекеттүүлүктү сактоо, улутту сактоо үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүп отурган тарыхый түшүнүк экенин эстен чыгарбоо керек.

Демек, эгемендүүлүк деген улуттун тагдыры, тарыхы, бүгүнкүсү жана келечеги. Башкача айтканда, эркиндикке умтулуу адам төрөлгөндөн баштап өлгөнгө чейинки жашоосунун негизги багыты болуп эсептелет. Ушул эгемендүүлүк деген тарыхый процесстин жүрүшү элдик оозеки чыгармачылыкта өтө ар тараптуу чагылдырылып, кыялый (ойдон чыгарылган), архаико-мифологиялык түшүнүктөрдөн тартып тарыхый баяндарга чейин сакталып келген. Айрыкча кыргыздардын Жунгар хандыгына, Цин империясына, Кокон хандыгына, Падышачылык Россиянын оторчулугуна каршы эркиндик үчүн күрөшү фольклордун эпикалык жанрында кеңири жана айкын чагылдырылган. Анткени алар али элдин эсинен чыга элек жаңы, жакынкы тарыхый окуялар болгон. Аталган жанрларда жеке адамдын, уруунун,

мамлекеттин эркиндиги үчүн күрөш биринчи планда болуп, ал чыгармалардын өзөгүн түзгөн.

Далай оор, оош-кыйыштуу окуяларга бай, көп катмарлуу тарыхый доорлорду өз ичине камтыган кыргыз тарыхы көчмөндүк жашоо образына жараша көбүнчө оозеки баяндарда сакталган. Алардын тулкусунда эгемендүүлүк деген улуттук идея кызыл сызык түрүндө баштан аяк өз багытынан жазбай турганы маалым. Бул концептуалдуу система, чыгарманын өзүмдүк семантикасы ар бир жанрдык түрдө өз мүмкүнчүлүгүнө жараша чагылдырылган. Мисалы, тарыхый-баатырдык деп аталган түрдөгү «Эр Эшим», «Шырдакбек», «Тайлак баатыр», «Гүлгаакы», «Сейитбек» сыяктуу поэмалардын дээрлик бардыгы кыргыз-калмак окуясын чагылдырат. Ошондуктан адегенде ошол тарыхый мезгилдин башатына кичине көз чаптырып, эсибизге түшүрүп алалы.

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын түрдүү жанрларында, айрыкча тарыхый фольклорунда «калмак доору» деп аталган мезгил өтө кеңири жана түрдүү формада орун алганы белгилүү. Калмактар менен согуш же Жунгар хандыгы болгону 123 жыл өкүм сүргөнүнө карабай, кыргыз элинин коомдук эс-тутумунда тээ алмустактан башталып XX кылымдарга чейин болуп жаткандай кабыл алынып, мезгил менен мейкиндиктин чегине сыйбай, «Манастан» баштап кечээги эле XX кылымдагы тарыхый поэмаларга чейин кыргыз, калмак согушунун түрдүү окуялары чагылдырылган. Мунун себеби кыргыздар бүткүл ички энергия, эмоция, ой жүгүртүү, дүйнө тааным потенциалын СӨЗ аркылуу иш жүзүнө ашырган өзгөчө эл болгондуктан аталган орчундуу, катаал тарыхый кырдаал негизги темага айлангандыгы чындык.

Кыргыз монгол мамилесиндеги алгачкы кагылышуулар XV кылымдын орто ченинен башталган. Калмактар (ойроттор-монг.) адегенде Чыгыш Тянь-Шань менен Түндүк Кыргыз жергесине баскынчылык жүрүштөрүн жасап турган. Жунгар мамлекети түзүлгөнгө чейин эле монголдорго, Түштүк Сибирге

барган Ф.А.Головин, Т.Петров, И.Куницин, И.Савельев, И.Унковский сыяктуу орус элчилери жана хошоут ноёну, агартуучу Зоя Пандита калмактар менен Жети-Сууда, Тянь-Шанда жашаган кыргыздардын саясий-экономикалык байланышы бар экендигин өздөрүнүн отчетторунда жазышкан. Бул орус архивдик материалдарынын негизинде тарыхчылар В.Бартольд, И.Я.Златкин, Е.И.Кычанов, В.С.Кузнецов, Ш.Б.Чимитдоржиев, Ч.Валихановдор тарыхый эмгектерин жазып [29. с. 104; 68.], мүмкүн болушунча ошол мезгилдердеги тарыхый чындыкты тактоого аракет кылышкан. Ошондой эле кыргыз-калмак мамилеси араб, перс тарыхый булактарында да айтылып, алар кыргыз тарыхына арналган эмгектердин дээрлик бардыгында эле баалуу булак катары пайдаланылган.

Кыргыз-калмак мамилеси XVII кылымдын 20-жылдарына чейин көбүнчө тынчтык келишим менен жүргүзүлүп, эл башылары кошуна элдер катары мүмкүн болушунча жылуу мамиледе болууну көздөгөн. Ансыз да Чынгызхан менен Аксак Темирдин династияларынын тынымсыз чыр-чатагы элди согуштан тажатып бүткөн эле. Акырындап эки элдин мамилеси саясий мүнөзгө ээ болуп, калмактар жайыт кеңейтүү, туткунга алуу, байлык-мүлк олжолоо, соода жолдорун көзөмөлдөө максатында кыргыздарга да кол сала баштайт.

Кыргыз калмак доорун өзбек, казак жана Чыгыш Туркестандын тарыхы менен бирге кароо зарыл. Анткени аталган элдер бири-бири менен географиялык жактан да, саясий, маданий, экономикалык жактан да өтө тыгыз байланышта жашаганы белгилүү. Анын үстүнө калмактар кандайдыр бир максатты көздөп жортуулга чыкканда жолундагы элдердин бардыгын кошо камтый согушуп, басып алып, ал элдердин согуштук күчтөрүн, мүлктүк мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланган.

Жунгар мамлекети түзүлгөнгө чейин эле 1340-жылдары Чагатай державасы экиге бөлүнүп, батышы байыркы маданияттын очогу болгон Туркестан, Бухара, Самарканд областарын ичине камтып, чыгыш бөлүгү Моголистан деп аталып, түштүк жагынан Туркестан (Кытай), чыгыштан

Фергана, Турпан, түндүтөн Балхаш талаалары, батыш жагынан кыргыз, казак жерлерин кошо камтып турган. Мындагы Чагатай урпактары түрктөшүп кеткен могол хандары Увейсхан (Вейс) (1418–1428), анын уулдары Юнус хан (1462–1487), Эсен-Бука (1434–1462), Юнустун уулу Ахмед хан (1462–1504), андан кийин Ахмед хандын уулу Мансур (1504–1544), Мансурдун уулу Шах-хан (1542–1570), Мансурдун бир туугандары Халил султан (1570–1514), Сейид хан (1514–1533), Сейид хандын уулу Абд ар-Рашид (1533–1560), анын уулдары Абд ал-Карим (1560–1592), Абд ар-Рахим (1595–1634), анын уулу Исмаил хан (1670–1682) көрсөтүлгөн жылдарда бийлик жүргүзүп [65. с. 65–67; 65. с. 25], монгол, калмактар менен тынымсыз согушуп турган. Ошол эле учурда Моголстандын өзүндөгү элдер, уруулар менен да бийлик, мансап үчүн кызыл кыргын, айгышкан кармаш болуп отурган. Мисалы, Тянь-Шань, Анжиян, Ошко өзбектерге каршы, Моголстанга казак, кыргызга каршы жана Кара шаарга, Турпанга, Болорго, Бадахшанга тынымсыз казат жасашкан. Ички карама-каршылыктардан калмактар пайда таап, улам бир тараптын кызыкчылыгын колдоп, өзүнүн бийлигин орнотуп, өкүмүн жүргүзүүгө жетишкен.

Жогоруда айтылгандар монгол баскынчыларынын Орто Азияга карай жүрүштөрүнүн айрымдары гана. Ал эми Жунгар хандыгынын түзүлүшү менен, тактап айтканда XVII кылымдын ортосунан XVIII кылымдын экинчи жарымына чейин (1635–1758) калмактар өз территориясын өтө тездик менен кеңейтүүгө жетишкен. Жунгар хандыгы адегенде хошоут, торгоут, дербет, хойт деген төрт уруунун биримдигинен түзүлгөн. XVII кылымдын аягында аларга торгоут, чорос уруулары келип кошулган [65. с. 33]. Күчтүү уруу биримдигинен түзүлгөн Жунгар хандыгы бир кылымдан ашуун мезгил бийлик жүргүзүп, Орто Азия, Борбордук Азия, Чыгыш Азия, Кытай, Тибет, Кашкар, Россия мамлекеттеринин тарыхында маанилүү роль ойногон. Айрыкча көптөгөн кылымдар бою коңшу жашап, ар тараптуу тыгыз байланышта болгон тектеш түрк тилдүү казак, кыргыз, өзбек, түркмөн, каракалпак, уйгур сыяктуу чакан улуттардын тарыхында калмак доору өзгөчө орунда турат.

Жунгар хандыгынын түптөөчүсү, негиздөөчүсү жана биринчи ханы Батур хан болгон. Батур хандын санжырасы тарыхый маалыматтарда төмөнкүдөй берилет: Оңцонун Абида-Булин тайчы деген уулунан Хара-Хула. Хара-Хуланын он уулунун эң улуусу Батур хунтайчы (Хуту-Коцин-Батур) болгон. Батур хунтайчынын тогуз аялы болуп, алардан тогуз уул, эки кыз (башка маалыматтарда 11 уул) табат. Алардын ичинен тарыхка белгилүүлөрү улуу баласы Цецен, үчүнчү баласы Батор, бешинчи баласы Сэнгэ, алтынчысы Галдан болгон. Булардын Цецен менен Батору бир аялдан, Сэнгэ менен Галданы бир аялдан төрөлгөн [105. с. 6.]. Жунгар хандыгынын ийгилиги да, гүлдөп өсүшү да жана кыйрап жоголушу да Батур хандын тукумдарына тиешелүү десек болот. Кыргыз тагдырына, тарыхына кара так салган калмак хандары төмөнкүдөй мезгилдерде хандык бийлигин жүргүзгөн:

1. Эрдене Батур хунтайчы (1634–1653)
2. Сэнгэ (1654–1670)
3. Галдан Бошокту хан (1671–1697)
4. Цеван Рабдан (1697–1727)
5. Галдан Церен (Цеван Рабдандын уулу) (1727–1745)
6. Цеван Доржи Аджа Намжил (Галдан Церендин уулу Аджа хан деген ат менен белгилүү) (1745–1750)
7. Лама Доржи (Галдан Церендин уулу) (1750–1752)
8. Дабачи (Даваци. Аджа хандын баласы) (1752–1754)
9. Амурсана (Цеван Рабдандын жээн небереси) (1754–1757)

Мына ошентип 123 жыл өкүм сүргөн жунгар хандыгы азыркы Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан жайгашкан аймактарга 1643, 1652, 1658, 1681–84, 1686, 1711–12, 1714, 1717, 1723–25, 1739–42-жылдарда өзгөчө катуу чабуул жасап, элди аёосуз кыргынга учураткан [101.].

Монгол, калмак тарыхы жана алардын Орто Азия, Кытай менен болгон өз ара байланышы тууралуу бир топ эмгек жазган Ш.Б.Чимитдоржиев “... Борьба киргизов с ойратами длилась многие десятилетия. При Цеван-Равдане и Галдан

Церене значительная часть территории Киргизии находилась под джунгарским господством и большинство киргизов, покинув кочевья в Северном Тянь-Шане, переселились на юг, в районы Ферганской долины и прилегающих к ней гор. Китайский источник “Географическое описание Западного края” сообщал, что киргизы, земли которых в Кегени, Каркоре и на Темирту (оз. Иссык-Куль) были захвачены джунгарами, переселились в Андижан и жили там до падения Джунгарского государства. Андижаном называли китайские авторы Ферганскую долину и соседние горные долины. Киргизские народные предания сохранили отголоски этих событий” [173. с.63] – деп жазат.

Ошентип XVII–XIX кылымдардагы Жунгар хандыгы, Цин империясы, Кокон хандыгы менен болгон карама-каршылыктар, тарыхый окуялар кыргыз тарыхы менен тыгыз байланышта болуп, ал окуялар баатырдык поэмалардан орун алып, тарыхый-баатырдык поэмалардын жаралышына өбөлгө болгон. Элдин акыл-эсинде сакталган тарыхый чындык көркөм чыгарманын сюжетин түзүп, ал сюжет поэма жанрынын жаңы түрүнүн пайда болушун, поэма жанрынын жаңылануусун шарттаган.

Жогоруда негизинен Жунгар хандыгынын башатын түзгөн, кийинки тарыхый окуялардын да жаралышына өбөлгө болгон тарыхый даректерге токтолуп алдык. Эми ушул Жунгар хандыгынын, элдик оозеки булактарда “калмак доору” делген мезгилдин кыргыз оозеки чыгармачылыгындагы эпикалык жанрдын өнүгүшүндөгү орду, ролу жөнүндө сөз кылалы. Эпикалык жанрдын ичинен биздин изилдөө ишибиздин негизги объектиси болгон элдик поэмалардын басымдуу бөлүгү ушул “калмак доорун” чагылдырып, поэма жанрынын өнүгүү мезгилиндеги күрдөөлдүү баскычты түзөт. Аларга “Эр Эшим”, “Шырдакбек”, “Гүлгаакы”, “Сейитбек”, “Ак Мактым” поэмалары кирет. Ал эми “Тайлак баатыр”, “Алп Тобок” Цин империясы менен Кокон хандыгына байланыштуу окуяларды чагылдырат.

Кыргыз поэмаларынын ичинде Тоголок Молдо айткан **“Эр Эшим”** поэмасы, Турсунбек Ибрагим уулунун “Эр Эшим” жомогу бар жана ушул

поэманын тарыхый негизин түзгөн көптөгөн тарыхый санжыралар, аңыз-аңгемелер арбын кездешет. “Эр Эшим” поэмасында XV–XVII кылымдардагы жогоруда айтылган Моголистан, Мавреннахр, Чыгыш Туркестанда болгон тарыхый окуялар, кыргыз, казак, өзбек, калмак элдеринин өз ара саясий мамилелери орун алган. Анда Жунгар мамлекети түзүлгөнгө чейинки тарыхый окуялардан баштап, калмак доорунун аягындагы окуяларга чейин камтылган. Адегенде поэманын сюжети жөнүндө сөз кылып, андан кийин поэмадан орун алган историзмге токтололу.

Кыргыздарда айтылган «Эр Эшим» поэмасы негизинен элдин, уруунун көз карандысыздыгы үчүн душмандар менен жана социалдык-саясий шарттар менен болгон кагылышууларды сүрөттөгөн, ыр түрүндө айтылган жана кагазга түшүрүлгөн тарыхый баатырдык поэма. Анда тарыхта «калмак доору» деп аталган доордун шартына жараша элдин эң жакшы жактары, баатырдык мыкты сапаттары типтештирилип, бир каармандын – Эр Эшимдин образы аркылуу берилген.

Поэманын сюжетин шарттуу түрдө үч окуяга бөлүп кароого болот: Түгөл менен Эшимкан жана Шарпкула баяны, Эр Эшимдин калмак менен согушу, Эшим хан менен Хан Турсундун окуясы. Бул үч окуянын башталышы, аякталышы бар жана буларды толуктоочу майда эпизоддор да орун алган. Булар бири-бирин улап, окуя-кырдаалдар алмашып, байланышып турат.

Каармандардын дээрлик бардыгы тарыхый адамдар. Алар жөнүндөгү тарыхый булактарга, маалыматтарга төмөндө кеңири токтолобуз.

Поэманын негизин элдик санжыралар, санжыраларда айтылган даректүү окуялар, тарыхый материалдар, аңыз-аңгемелер, уламыштар, тарыхый ырлар сыяктуу жанрдык жактан ар түрдүү материалдар түзүп, «Эр Эшим» аттуу тарыхый баатырдык поэманын жаралышын шарттаган.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы санжыралар, тарыхый уламыштар, тарыхый аңгемелер, легендалар жана белгилүү инсандарга карата айтылган кошоктор, жоктоо ырлары, тарыхый ырлар сыяктуу жанрларды аткарган

кызматына, багытына карата тарыхый фольклор деп атоого болот. Булар тарыхтагы белгилүү окуяларды, белгилүү инсандардын реалдуу иш аракетин баяндоо аркылуу эпикалык чыгарманын, конкреттүү айтканда баатырдык жана тарыхый поэманын (тарыхый баатырдык эпостун) жаралышына шарт түзгөн. Мында уламыштар менен легендалардын фантастикалык мүнөзүн да эстен чыгарбоо керек. Ошондуктан биз тарыхый легенда жана уламыштар деп баса көрсөтүп жатабыз. Эл өзүнүн фантазиясына, сүйгөн каармандын даңазалоого, көркөм ойлоп табууларга эркиндик берет. Айтуучу өзү укkан легендага, уламышка айланган аңгемелердин тарых менен байланыштуу жерин, чындыкка жакынын пайдаланууга аракет кылат. Чыгарманын сюжетин системага салууда бир топ чыгармачылык иш аракет жумшалат. «Эр Эшим» поэмасындагы чындыкты изилдөө үчүн искусство жаралган социалдык чөйрөнү, жүздөгөн жылдарды камтыган элдин тарыхын жана материалдын өзүндө баяндалган, сүрөттөлгөн окуяларды үйрөнүп билүү, изилдөө зарылдыгы турат. Ансыз абстрактуулукка жол берилет. Анткени фольклордун поэтикасында – фольклорго гана таандык өзгөчөлүк бар. Ал окуянын жүрүшүнө, өнүгүшүнө басым жасайт. «Эр Эшим» поэмасындагы окуялар жогоруда каралган такталган даталарды, белгилүү тарыхый мезгилди баяндап, негизги каармандардын иш аракети, башынан өткөн окуялары көркөм чагылдырган. Фольклордук чыгармада тарыхый фактылар, окуялар дайыма эле ийне жибине чейин так бериле бербейт. Окуялар өзгөрүлүп, элдин мүдөөсүнө жараша талкууланып, көбүнчө окуя болуп өткөн мезгил да өзгөрүлүп, мурдагы жана кийинки башка окуяларга кошулуп айтыла берет. Ошондуктан фольклордогу тарыхый негиз жана анын ролу тарыхый окуяларды, тарыхый личносторду көркөм сүрөттөп көрсөтүүдө турат. Мына ушул көз караштан алганда «Эр Эшим» поэмасында ошол милдеттер мүмкүн болушунча аткарылган. Анда окуя жай турмушту, Түгөл байдын эсепсиз төрт түлүк малы Жумгалдын сайына, Октoркой, Кызарт, Сандыкка, андан ары Соң-Көлгө, Суусамырга чейин жайылып, семирип, көбөйүп жатканын, байдын төрт тарабы төп келген жашоосун сүрөттөөдөн

башталат. Жер-сууга малы батпаган Түгөл бай мындан кенен жайыт издеп, «аягы Талас, башы Чүй» кеңирсиген кенен жерди көздөй көчөт. Ээн эркин, сурак-соболсуз, жерге батпаган малы менен көчүп келген байдын

Олуя-Ата, Таласта
Кыпчактын калың журту бар.
Элин тамам башкарган
Эр Эшимдей ханы бар.
Тоо туруштук бергисиз
Толкуну күчтүү шаңы бар –

элдин, жердин ээси Эр Эшим алгач малына тийип көрөт. Аны да кенебеген байга атайын барып таанышып, же достошуп, же касташып келүү үчүн жанына кырк жигит алып, акылман каарысын, талыкпаган чеченин, найзакерин, баатырын, адис мергенин, шайыр ырчысын, айбандын түрүн тааныган аяр сынчысын ээрчитип шаан-шөкөт менен жөнөйт.

Мал чарбачылыгы менен тиричилик өткөргөн көчмөн турмуш Түгөл байдын окуясы аркылуу чагылдырылып, жылкы тийүү, тулпар ат издөө сыяктуу типтүү, туруктуу көрүнүштөр келген жактын күчүн, үстөмдүгүн көрсөтүп, окуянын өнүгүшүнө жол ачат. Жоокерчилик турмуштун шартына ылайык келип чыккан аттын жашоодогу орду, мааниси эпикалык чыгармаларда да өзгөчө функцияны аткарып, анын образы эволюциялык жолду басып өткөнү белгилүү. Эр Эшимге буюрган Шарпкуланын төрөлүшүн кереметтүү окуялар коштоп, андан кийин ал кадимки жердик күлүк атка, ээсинин эң ишенимдүү жардамчысына айланат. Шарпкуланын тулпарлыгын белгилөөчү көрүнүштөр поэмада мынтип сүрөттөлөт. Жумгалдын Базар Турук чатында марал өңдүү сур неме таңга маал жылкыларды аралап кайкы кара бээни кууп, жылкыдан бөлүп кетет. Кебетеси темгил-темгил чаары бар, кыска куйрук экен. Кара бээ ошол бойдон кийинки жылы кышында тубарына аз калганда жылкыга кайра келип

кошулат. Кара бээ тууган кулагы тилик Сур кула тай туулары менен энесинин үстүнөн каршы-терши аттап, кишиден коркпогон өзгөчө белгилүү мал болот. Анын «башына нокто катылбай, кунанына чейин сүт ээмп, бышты болгондо гана ноктолоп аркан сүйрөтүп», минүүгө үйрөтүп жаткан учур болот. Поэмада Шарпкуланын сырткы кебетеси, тулпарлык касиети өтө көркөм сүрөттөлүп, идеялизацияланат.

Бир тулпардын жогунан
Чын колду баштап бир жакка,
Чыкпадым кыпчак тобунан.
Катылып жүргөн калмакты
Кайра чаап албадым.
Кыргызды чилдей тараткан,
Кытайга бүлүк салбадым,
Эч болбосо береги,

Казакка чалгын чалбадым – деп арманда жүргөн Эр Эшимдин көктөн издегени жерден табылып, Түгөл байдын бардык сыйына ыраазы болуп, атка көзү түшүп калган баатыр

Шарпкуланын күчүн бер,
Душманымдан сак болуп,
Кытай келсе барайын,
Кызыл кыргын салайын.
Калмак келсе камынып,
Калкымды аман багайын.
Мойнуна тумар тагайын
Жолборс үртүк жабайын.
Тулпар жайын көрөйүн
Душман канын төгөйүн –

деп суранат. Түгөл бай аттын башын кыя албай, күчүн берет. Айтуучу Шарпкуланын образын эпикалык тулпарлардын (“Манас” жана кенже

эпостордогу) образына тең сүрөттөп, баатырдыктын атрибуту, баш каарманды идеялизациялоочу мотив катары ачып берген. Мында көрүнүп тургандай “Эр Эшим” поэмасында эпостун табиятына мүнөздүү өзгөчөлүктөр сакталганы байкалат. Айрыкча, Эр Эшимдин калмактар менен согушу, душман башчысы Ажаан менен кармаш эпопеялык мүнөздө болуп, эки кошуун беттешип, айгышкан кандуу согуш жүрөт.

Калың калмак кечилди,
Карышкырдай аралап,
Кайдамына келгенде,
Кырып кетип баратат.
Жолугуша келгенде,
Жоюп кетип баратат.
Ортосунан Эр Эшим
Оюп кетип баратат.
Колу коонуп неченди
Союп кетип баратат.
Жаанын огу жамгырдай,
Жаап кетип баратат.
Чокморлуулар чокуга
Чаап кетип баратат.
Кылыччандар кыймалап,
Кесип кетип баратат –

деп, курал-жарактын бардык түрү колдонулуп, кан суудай агып, эки тараптын тең каармандык күчүн көрсөтүп, акыры душман туруштук бере албай качып, артынан Эр Эшимдин жоокерлери кууп, душманды аягына чейин кырып, качып бараткан Ажааны

Кашкар барды алдырбай,
Карагай найза салдырбай.
Турпан барды алдырбай,

Туурадан найза салдырбай.
Челек менен Чарымды
Улан-Батор, Талгарды
Үч айланып карматпай,

акыры арадан үч жыл өтүп, Ажаанды Текес-Кыяс белинен кыргыз колу тегеректеп,

Эр канаты Шарпкула
Үстүндөгү Эр Эшим
Эңкейип найза салды эле
Кыр арканын тоому деп,
Кый сүбөгө малды эле [183. 190,194-б.] –

деп капыр душманды кыйноого салып өлтүргөнү баяндалат. Согуш – элдик каармандыкты билдирүүчү негизги мотивдерден. Анын башында элдик баатыр туруп, согуштун жүрүшү, жоокерлердин эрдиги гиперболалык сүрөттөөлөр менен берилип, негизинде турмуштук реалдуу элементтер жатат.

Айтуучу бул апаат согушту мезгил менен мейкиндиктин алкагында сүрөттөп, дүйнөнү кабылдап-түшүнүүнү жана сүрөттөп туюнтууну эпикалык ой-түшүнүктөрдүн мыйзам-ченемине жараша баяндайт. Эбегейсиз чоң географиялык аймакта качып жүргөн Ажаандын артынан кууп жүргөн мезгил бир күндө болуп жаткан окуядай сүрөттөлүп, аралыктын эпикалык элеси тартылат.

Тарыхый материалдарда, санжыра-тарыхтарда, аңыз-аңгемелерде Эр Эшимдин калмак кол башчысы Ажаан менен согушу жөнүндө маалымат жок. Аларда Эр Эшимдин калмактар менен согушканы туурасында үстүрт айтылат. Ал эми поэмада “Калмактын Ажаан дегенинин кыргызга кол салышы” деген эпизод бар. Мына ошол Ажаандын тарыхый адам экендиги боюнча тарыхый даректүү материалдар, уламыштар сакталган. Калмактардын Орто Азияга жасаган баскынчылыгынын акыры Амурсананын (1722–1757) бийлиги менен бүтөт. Түшүнүктүү болсун үчүн тарыхка кайрылып, Ажаандын прототиби,

ошол мезгилдеги саясий, тарыхый кырдаал туурасында маалымат алалы.

Галдан Церенди Цин империясы менен болгон акыркы согуш катуу алсыраткан. Ошондой эле ойрот тайчылардын ички өз алдынчалыгын басып, Жунгар мамлекетин кармап турууга да көп күч сарптаган. Өмүрүнүн акырында тайчыларын, зайсандарын чакырып, «менин мурасчым уулум Цеван-Доржи-Аджа-Намжил болот» [91. 7-б.] – деп керээзин айтат. Ошол мезгилде Аджа 13 жашта болгон. Ал эл башкарууга али жаштык кыларын эске алышып, Галдан Церен өлгөндөн кийин (1745-жылы) анын кызы Улам-Баир ханыша б.а. регент болот. Улам-Баирдин күйөөсү Сайн-Белек да бийлик бутагын ээлеп, кол башчы болуп турат. Цеван-Доржи-Аджа-Намжил бийликтин даамын эрте сезип, жашынан эле өтө зулум, кара мүртөз болуп чоңоёт. Кутумдардын сөзүнө кирип жана өзүнүн кежирлиги менен далай тайчылардын, төрөлөрдүн жана зайсандардын башын кестирет. Ордодогу чыккынчылар «эженден сактан, күйөөсү экөө сенин ордуңду ээлеп алышы мүмкүн» деген сөздү шыбырашат. 17 жашка толгондо Цеван-Доржи-Аджа-Намжил «мамлекетти өзүм башкарам, эч кимдин камкордугунун (опекасынын) кереги жок» деп, эжеси Улам-Баирди зынданга салат. Ким кичине эле каршы сөз айтса, анын башы кесилген. Ошентип, ордодо бири-бирине ишенбөөчүлүк күч алат. Бийликти жалгыз өзү колго алат. Бүгүн болбосо эртең өздөрүнүн да башы кетерин сезген Сайн-Белек баштаган зайсандар Аджа ханды өлтүрөт [91. с. 8].

Жаштыгына карабай катаалдыгы менен бир эле калмак ичинде эмес, казак, кыргызга да белгилүү болгон Аджа ханды түрк элдери Ажаан деп атап алышкан. Ал кыргыз оозеки чыгармаларында Ажаан деген ат менен белгилүү [62. 97–98-б.]. Болжол менен 1756-жылдарда эски уйгур тилинде жазылган “Ислам намэ” деген ыр түрүндөгү хроникада Галдан Церен өлгөндөн кийинки ойрот-жунгар хандыгындагы ички дүрбөлөң баяндалган. Анда Аджа хандын (Цеван-Доржи Аджа-Намжил) кара мүртөз, канкордугу жөнүндө

Этот презренный мир был для Галдан Царена раем,

Когда (он) ушел в сторону огня, темный по природе,

Вместо него его любимый сын Аджан

Взошел на престол, стал нойоном.

Он поднялся тираном, не имеющим себе равных,

Народ был очень притеснен его тиранией.

Он принялся творить насилие,

Юрт не мог вынести его несправедливости [173. с. 67] – деп, андан ары анын акылга сыйбас иштери сүрөттөлөт.

Тарыхта Аджа хан 1732-жылы төрөлүп, болжол менен 1750–1752-жылдардын ортосунда өлгөн. Б.Солтоноевдин маалыматында Галдан Цереңден соң анын Цеван Доржу (Цеван-Доржи-Аджа-Намжил – О.Г.) деген уулу 1745–1750-жылдарга чейин хандык кылган [27. с. 68–134; 28. с. 119 - 210.]. Так талашуунун айынан калмак мураскорлордун дээрлик бардыгы жаш кеткен.

Тарыхта Эр Эшим менен калмак кол башчысы Ажаандын (Аджа хан) согушу мүмкүн эмес. Анткени жогоруда көрсөтүлгөндөй казак тарыхый маалыматтарда Эшим хан 1643-жылы өлгөн. Аджа ал өлгөндөн 85 жылдан кийин төрөлүп жатат. Чыгармада кыргыздардын XVII кылымдагы башынан кечирген окуясы баяндалып, негизги душман катары элдин эсинде калган кийинки окуя, кийинки каардуу душман Аджанын образы орун алган. Фольклор биринчи кезекте белгилүү бир көркөм ыкмаларды колдонгон сөз искусствосу болгондуктан, ага жалпылоочу, баяндалып жаткан окуяга жакындатуучу б.а. реалдуу тарыхый окуянын жалпы мазмунун берүү сыяктуу ыкмалар мүнөздүү. Ошондой эле реалдуу кишинин образына окшотуу (персонификация проблемасында), гиперболалаштыруу, окуяларды жана образдарды контаминациялоо да фольклорго тиешелүү көркөм ыкмалардан болот. Мындай ыкмалар фольклордун бардык эле жанрларында колдонулуп, ар биринде өзүнчө ролдо көрүнөт. Айрыкча эпикалык жанрда өзгөчө орунду ээлеп, чыгарманын сюжетин түзүүдө толугу менен колдонулат.

Поэманын кульминациялык чокусу – бул Эшим хан менен хан Турсундун окуясы. Мындагы негизги жана кызыктуу мотив – антташуу, өз ара келишим

түзүү мотиви. Аталган мотивдин башаты байыркы кыргыздардын тарыхый-этнографиясы менен байланыштуу. «Ант – эч качан бузулбас, салттык ыйык убада-бүтүм, шарт, касам. Ант жоокерчиликте, достукка бекем болууда, ар кандай жашыруун ишти аткарууда берилген» [109. 92-б.]. Бул салттык эреженин башаты байыркы доорлорго барып такалат. Ал өзүнчө ритуал катары аткарылган. Маселен, жоого казатка аттанганда эл, жердин эркиндиги, намысы үчүн жан аябай, биримдикте болуп душманды жеңүү, бири-бирине чыккынчылык кылбоо деген принципти бекем сактоо үчүн кылыч мизин өбүшүп, антташкан. Сөздүн, заттын магиялык касиетине ишенип “эгер анттан кайтсак төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун”, “ак темирдин даты урсун”, “көк милтенин чогу урсун” ж.б. деп жана аксак сары атты ортого коюп, асмандагы ай, күн, жылдыз, урунган курал-жаракка сыйынып касам ичип, бир эненин эмчегин ээмп туугандашып, чырпык кыркышып, ак боз бээни союп канына колдорун малып, колдорун кесип, колдорунун кесилген жерин дал келтирип, кандаш болдук деп ант беришкен. Байыркы политейисттик диний ишенимдерди туткан кыргыздарда анттын эң эле көп түрлөрү, формалары колдонулган. Аны ар түрдүү турмуштук ситуацияларга жараша колдонушкан. Мына ушундай тарыхый-этнографиялык көрүнүштөр фольклордо түркүн көркөм функцияларды аткаруу менен сюжет түзүүчү мотивдерден да болуп калган. Ошондой эле ант формула катары да жөө жомоктордон баштап эпостун, поэманын бардык жанрдык түрлөрүнөн орун алган.

Антташуу мотиви “Эр Эшим” поэмасында Эшим хан менен хан Турсундун окуясынан орун алып, достукка чыккынчылык кылган, антты, шертти бузган хан Турсун эл тарабынан катуу айыпталат. Элдин аң-сезимине ушул окуя өзгөчө таасир этип, ата-бабадан калган бузулгус, айныксыз аткарыла турган эреже эл башында турган журттун ээси тарабынан бузулгандыгы тарыхый окуяга айланган. Ошонун натыйжасында Эшим хан менен хан Турсундун окуясы тарыхта сакталып калган. Поэмада Эр Эшим:

Жыргап жаткан кыргызга,
Жылына тийген залалы,
Атпай элди кууруп,
Ажаан келди деп угуп,

калмакка каршы казатка аттанарда “кабыргалаш туруучу” катагандын элинен хан Турсунду чакырып достошуп, өз ара келишим түзүүнү чечет.

Калкы көчмөн аралаш
Катарлаш эле жерлери.
Кыпчактын төмөн жагында,
Күркүрөөнүн сайында,
Катаганды башкарган,
Хан Турсун бар тагында.
Бир чекеси элинин,
Ташкендин кыйдам тушунда.
Бир чекеси Сайрандын,
Талас жаккы тышында.
Ортосу Түлкү-Башыда,
Орчуну турат ушунда,
Ойротко дайын катаган,
Отурат жайы-кышында.
Хан Турсунду чакырып
Үлүш берди эр Эшим.
Этке аралаш тарттырып
Күрүч берди эр Эшим.
Алтымыш жамбы куржундан
Күмүш берди эр Эшим.
Достугу үчүн тогуздап,
Жорго берди эр Эшим.

Ойротту чаап келгендей,

Олжо берди эр Эшим.

Эр Эшим хан Турсун менен достошконунун салтанатына оюн-зоок уюштуруп, “ар санатын зор кылып” чоң той өткөрөт. Экөө “кылыч мизин жалашып, мылтык оозун өбүшүп” ант берип достошот. Жолугушууда Эр Эшим хан Турсунга

Каарын төккөн катуу жоо,

Камап кирип келиптир.

Казак менен кыргыздын,

Канын суудай төгүптүр.

Намыс үчүн ага каршы согушка барбаса болбостугун айтып, өзүнүн элин досуна тапшырат.

Айтарым ушу мен сага,

Калган элди бийлегин.

Журтум сенде аманат,

Кайтаргын жоодон саламат.

Каары катуу калмакка,

Карышкырдай аралап,

Кара курттай кечилди,

Каптайын барып камалап.

Кайрылып андан келгиче,

Калбасын журтум талаалап.

Канаттууга кактырба,

Кас душманга чаптырба.

Катын, бала алсызды,

Кул-күң кылып саттырба.

Тумшуктууга чокутпа,

Тырмактууга тыттырба.

Түрү суук жоо келсе,

Түшүрбөгүн туткунга, – дейт.

Хан Турсун досуна:

Акыретке барганча
Анты-шерттен кетпеймин.

Анты-шерттен мен жылсам
Аксак сары ат козголор –

деп берген тузун актап, достукту бекем сактоого ант берет.

Ушул жерден эпизоддогу өзөктүү маселеге айланып, сюжеттин андан ары жылышына, өнүгүшүнө, курчушуна шарт түзгөн негизги мотив келип чыгат. Ал **ээси жокто элин басып алып, жерге, элге ээ болуп, олжого тунуу** мотиви. Муну эпикалык чыгармалардагы типтүүлүк катары кароого болот. Баатырдык эпосторго мүнөздүү болгон типологиялык окшоштукту – поэмадагы Эр Эшимдин жогунан пайдаланган хан Турсундун окуясынан көрөбүз. Демек, айтуучу поэмага эпоско мүнөздүү салттуулукту сиңирген.

Эр Эшим үч жыл калмак менен согушуп келгенче, хан Турсун антына, убадасына турбай Эр Эшимдин элин чаап, кыргын салып, бала-бакырасын күң, кул кылып, кичүү аялына үйлөнүп алат. Эр Эшимдин эли көрбөгөн кордукту көрүп, чачылып, тозот.

Бул кабарды укkан Эр Эшим элине кайтып, ордосунан элин таппай, окуяны короо кайтарган аялынан угат. Хан Турсундун чебин соодагербиз деп амал менен ачтырып, хан Турсунду өлтүрүп, көп олжо менен элин кайрып келет. Көптөгөн эпикалык чыгармалардагыдай адилеттүүлүктүн жеңиши менен сюжет аяктайт.

Хан Турсун менен Эр Эшим туурасындагы окуянын тарыхый негизи бар экенин төмөндө фактылык материалдар менен далилдеп айтабыз. Экөө да тарыхта жашаган, белгилүү инсандар болгондуктан, алардын өмүр жолундагы даректүү окуя өз мезгилинде жалпы элдик мааниге ээ болгон. “Эр Эшим” кургак фактылардын жыйындысы эмес. Кадимкидей элдик көркөм чыгарманын

бардык критерийлери сакталган, окурмандын көркөм табитин канааттандыра ала турган көркөмдүгү жогору поэма. Анда эпоско мүнөздүү салттуулук менен бирге оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү шарттуулук да орун алган. Эшим кандын чыныгы турмуштагы иш аракетинин айрым учурлары эпикалык жалпылоо аркылуу берилген. Тоголок Молдо жаратуучу акын катары тарыхый фактылар анын чыгармачылык өнөрканасында интерпретацияланып эпикалык салттуулуктун негизинде чебер иштелип чыккан. Айтуучу тарабынан чыгармачылык инерция бошоңдобой, поэманын башынан баштап аягына чейин чыйралып отуруп, бир дем менен иштелгени ачык байкалат. Аны поэманын ыр түзүлүшүнөн, окуяларды баяндоонун системалуулугунан, көркөмдүгүнөн анык көрөбүз. Маселен, Түгөлдүн жайылып жаткан көп малын бир бирден сынап, сындан өткөрүп, үй ичинин жасалгасы, үйүлүп жаткан күмүш-зери, байлыгы, «түштүгүнө тай жешип, казы кертип май жешип» көргөн сыйы, Түгөлбайдын кең пейил, берешендиги, Шарпкуланын баяны, калмактар менен болгон согуш сценасы, Эр Эшимдин кайра Таласка келе жаткандыгы жол баяны, аялынын хан Турсундун чапканы туурасындагы кабары, эң эле көркөм, так-таасын баяндалып, сүрөттөөнүн элестүүлүгү поэманын көркөмдүгүн арттырып салган. Тоголок Молдо эпикалык чыгармаларды чебер айткан төкмө, жазгыч жана жаратуучу акын. Өз ишине үстүрт мамиле кылууга акындын таланты, тажрыйбасы жол бермек эмес. Ошондуктан поэма эпоско мүнөздүү көтөрүңкү маанай менен берилип, поэманын жаңылануу процесси ачык көзгө түшөт.

Тоголок Молдонун материалы менен Турсунбек Ибрагим уулунан жазылган «Эр Эшим» [59. 345–351-б.] жомогу негизинен окшош.

Бул материалдарда окуя толугу менен кыргыз жергесинде өткөндөй болуп баяндалат. Айрыкча, Хан Турсун Эшим хандын элин чаап алгандан кийин Ысык-Көл өрөөнүнө чеп куруп турушу, тарыхый чындыктан алыс турат. Бул бир жагынан көркөм чыгармадагы шарттуулук деген түшүнүккө дал келет. Экинчиден, айтуучулар тарыхый окуялардын чындыгын, так далилдерин билбеши мүмкүн. Тарыхый окуялар чындыктан алыстап, бара-бара башка

нукта интерпретацияланып, элдик чыгармачылыктын натыйжасында башкача формага, мазмунга ал эмес башка жанрга өтүшү мыйзамдуу көрүнүш.

Негизги каарман Эшим хандын тарыхына кайрылганда алгач Казак хандыгынын XV–XVIII кылымдагы мезгилине кыскача экскурс жасоо зарыл. Анткени көчмөн Казак хандыгынын башкаруу системасы бул мезгилде өтө татаал жолдорду басып өткөн. Казак хандарынын дээрлик бардыгына мамлекеттик борбордук башкарууга багынгысы келбеген күчтөр менен жана жергиликтүү султандардын, бийлердин сепаратизми менен күрөшүүгө туура келген. Салттык, укуктук, чарбачылык, идеологиялык жумуштарды жүргүзүүдө бийлердин ролу зор болгон. Көчмөн турмушта мындай институттун мааниси өзгөчө болуп, бийлик ээлери алар менен эсептешүүгө мажбур болгон. XV кылымдын аягында жана XVI кылымдын башынан баштап казак хандыгынын калыптанышына, андан ары өнүгүшүнө, Керей, Жаныбек хандын уулу Касым, Касымдын уулу Акназар [151. 83-б.] (Хакназар), Акназардын жээн небереси Тобокел, Эшим, Тооке, Абылай хандардын [110; 133; 114; 56; 155.] салымы өзгөчө болгонун тарых билет. Белгилүү тарыхчы-окумуштуу, коомдук ишмер М.Тынышбаев (1879–1937) казак хандарынын иш аракетин, кызматын мындайча баалаган: «Казак хандыгы Жаныбек хандын тушунда Алтын Ордо хандыгынын энчиси катары болсо, Акназардын тушунда өз алдынчалыкка жетишип, Эшим хандын мезгилинде толук түзүлүшкө ээ болгон [142. с. 67–74]. Чындыгында да, Казак хандыгы XV–XVII кылымдардын аралыгында кичинекей көчмөн мамлекеттен Борбордук Азиядагы көп калктуу ири мамлекетке айланып, башкырлар, орус казактары, түркмөндөр, кыргыздар, кокон хандыгы, калмактар менен согушуп, Оң Түштүк Сибирден Ташкентке чейинки, Волганын (Едилдин) төмөнкү агымынан Алтай тоолорунун этегине чейинки аймактар казактардын көзөмөлүндө болгон учурлар да болгон.

Бул мезгил дайыма эле ийгиликтер менен коштолуп, стабилдүү түрдө алдыга карай жылып отурган эмес. Андай болушу да мүмкүн эмес эле. Айрыкча улуттар аралык, уруулар аралык согуштарда, тирешүүлөрдө бирде

жеңип, бирде жеңилип, оош-кыйыштуу татаал тарыхый өнүгүш коштоп отурган. Мына ушул тарыхтын эпопеялык фонунда Эшим хандын хан катары, элдик баатыр, уюштургуч башкаруучу, өз элинин атуулу катары жасаган иштери туурасында казак тарыхы боюнча түрдүү тарыхый материалдарда сакталып калган жана изилдөөчүлөр тарабынан изилденип, такталган эмгектерде [110. 133; 114. с. 236; 56. с. 300] маалыматтар бар.

Эшим хандын санжырасы казак тарыхый булактарында мынтип жазылган: «Жуучу тукумуна кире турган казак хандарынын санжырасынын аркы теги Чынгызхандын тунгуч уулу Жуучудан башталат да, андан бери казак хандарынын ата-тегине негиз салуучу Орус ханга келет. Орус хан Жуучунун небереси. Орус хандын жети уулу болгон. Орус хандын улуу уулу Токтакиядан Болот, Болоттон алгачкы казак ханы Керей туулат. Орус хандын ортончу уулу Куйурчуктан Барак хан, Барак хандан Экинчи казак ханы Жаныбек туулган. Ошондо казактын эки ханы – Керей менен Жанибектин аталары бир тууган. Атактуу Жанибек хандын баласы көп болгон. Ошолордун тогузунчусу Жадыктан (Жадик) Шыгай хан туулат. Шыгай хандын экинчи аялынан казактын эки ханы – Тобокел менен атактуу «эңгезер бойлуу Эр Эшим туулган» [72. 440–441-б.].

Эшим хандын туулган жылы болжол менен 1575-жылдардын тегерегинде. Өлгөн жылы туурасында Махмуд ибн Валиде 1628-жылы калмактар менен согушуп жүрүп каза болгону, Казакстан улуттук энциклопедиясында [72. 440–441-б.] 1645-жылы көзү өткөнү, Кыргыз санжыраларында [62. 89–90-б.; 151. 107-б.] Эшим хан Хан Турсунду өлтүргөндөн кийин, кайрадан калмактар менен согушка аттанып, ошол жакта тез эле каза болгону жазылган.

Күмбөзү болсо Туркестан шаарындагы Кожо Ахмед Яссавинин мечит-күмбөзүнөн 12 метр аралыкта жайгашкан. Каза болгон мезгилде эле ошол жерге коюлган. Ал мезгилдин тарыхы жана Эшим хан, хан Турсун туурасындагы тарыхый материалдар ар кайсы булактарда сакталып калган

жана алар баалуу маалымат экенин баса белгилөөгө болот.

Эшим хандын бийлик сересиндеги айрым урунттуу учурлары “Эр Эшим” поэмасында кандай деңгээлде чагылдырылып, кайсы тарыхый моменттер, окуялар чыгармадан орун алган деген суроого төмөнкүдөй тарыхый материалдарды сунуш кылып, анан талдоого өтөлү. 1580-жылы Шейбанид Барак (Нооруз Ахмед) хандын балдары менен кармашта Хак Назар хан өлүп, анын ишин улантуучу Шыгай хан болот. Шыгай уулу Тобокел менен бирге Абдаллах хандын камчысын чаап, энчисине Ходжент, Афаринкет, Заравшанды алган. Көп узабай 1582-жылы Ходжентте Шыгай каза болот. Тобокел Бухарага болгон көз каранды мамилесин үзүп, көчмөндөр талаасына келип, ал жактан Абдаллахка каршы жортуул жасап, аны багындыра баштайт. Андан Мавераннахрга казатка аттанып, бир топ ийгиликтерге жетишет. Ушул кармаштарда Тобокелдин иниси Эшим султан тикесинен туруп, байкесин колдоп, өзүнүн 20 миң аскери менен Самарканды кармап турат. Тобокел согушта жарадар болуп, Ташкентке чегинип, алган жаракатынан 1598-жылы каза табат [39. с. 312–313; 322–330; 338–352].

Казак хандары, султандары мыйзамдуу, системалуу түрдө Моголстандын иштерине, айрыкча Чалыш (Карашаар), Турпан, Яркенд, Кашкар бийлөөчүлөрүнүн, Мухаммед хандын мураскорлорунун өз ара саясатына түздөн-түз аралашып турган. Мисалы, Чалыш менен Турпанга таянып Абд ар-Рахим хан Могол мамлекетинин бийлөөчүлөрүнө, 1591–1609-жылдары Жаркендин бийлөөчүсү Мухаммед хандын ордун басуучуларга каршы узак убакыт бою тайманбас күрөш жүргүзгөн. Ушул кармашта бир туугандар Тобокел менен Эшим Абд ар-Рахим ханды дайыма колдоп турган. Маселен, 1595–96-жылдарда Карашаарды (Чалыш) бийлеп турган Абд ар-Рахим менен Худабанда султандын согушунда казак ханы Тобокелдин жардамы менен Абд ар-Рахим жеңишке жеткен. Ушул окуя казак хандарынын, султандарынын Могол мамлекетинин андан аркы ички саясатына түздөн-түз катышуусуна негиз болгон. Ушул тарыхый окуялар туурасында Шах-Махмуд Чоростун

“Хроникасында” “на стороне Абд ар-Рахим хана всегда выступали казахи. Однако следует заметить, что поддержку ему оказывала одна из соперничавших группировок внутри казахского союза, поскольку известно, что казахский хан Турсун-Мухаммад, правивший в Ташкенте и признававшийся ханом значительным числом казахов в начале 10-х годов XVII в., установил тесные контакты с яркендскими правителями, а его сестра Ханым-падшах была замужем за сыном Мухаммад хана Шах-Шуджа ад-Дином Ахмад-ханом и приходилась матерью младшего сына последнего, Абд ал-Латифа, будущего Афак-хана... Спустя некоторое время в лагере Абд ар-Рахим хана появился известный **Ишим (Есим) хан** – соперник уже упомянутого нами Турсун-Мухаммад хана в борьбе за власть среди казахов. Ишим-хан по невыясненным причинам, видимо, откочевал со своими приверженцами в Восточный Туркестан и активно включился в борьбу между двумя владетелями. Причем, если Турсун-Мухаммад поддерживал дружеские отношения с яркендским двором и состоял с ним в родстве, то Ишим-хан, естественно, принял сторону правителя Чалыша и Турфана, а их военный союз был скреплен родственными узами. Так, Ишим-хан взял в жены дочь Абд ар-Рахима Падшах-ханым, от которой у него была дочь Айханым, а Абд ар-Рахим женился на дочери брата Ишим-хана Кучук султана. В результате более чем пятилетней упорной борьбы, заполненной постоянными походами, сражениями и стычками, наступило, видимо, определенное равновесие сил и положение стабилизировалось. После этого Ишим-хан чьей ставкой долгое время служил Бай, ушел в Ташкент, где убив в 1628 г. Турсун-Мухаммада, стал старшим казахским ханом.

Союз, заключенный между Абд ар-Рахимом и Ишим-ханом, видимо, не распался с их смертью, и их сыновья – Абдаллах-хан, ставший 1638-39 гг. подвластным правителем всего Моголского государства, и Джахангир хан – поддерживали добрососедские отношения и обменивались посольствами. Например, Шах-Махмуд Чурас замечает, что во главе одного казахского

посольства стоял сын Джахангира, знаменитый впоследствии Тауке-султан, а во главе другого – старший его сын Апак-султан. Он же сообщает, что дочь Джахангир-хана была выдана замуж за сына Абдаллах-хана Йулбарс-султана. По всей видимости, эта дипломатическая активность между соседями была вызвана значительным усилением экспансии калмаков, что представляло собой серьезную угрозу для обоих государств” [9. с. 128–129] – деп жазылган. Демек, Моголстан мамлекетинин бийлөөчүлөрү менен Эшим хан, хан Турсун жалаң эле саясий кызыкчылыктар менен эмес, ошол татаал союзду бекемдөөчү, ага кепил болуучу жолдорду да пайдаланышкан. Бул жогоркудай куда-сөөк союзунан, туугандык байланыштан ачык көрүнөт.

Эшим хан ошол эле мезгилдерде калмак баскынчыларына каршы да катуу кармаш жүргүзгөнү маалым. Мисалы, 1619–1620-жылдары казак ордосунан Ишим хан (Эсим хан) калмактарга кол салып, көп элди кырып, кысым көрсөткөнү, казак менен калмак ортосунда 1630, 1635, 1643, 1651–52-жылдарда катуу куралдуу кармаштар [65. с. 141–142, 196] болгону жазылган.

Дагы бир тарыхый маалыматты О.Ф.Акимушкин “Хроникага” жазган Түшүндүрмөлөрүндө (Комментарии) берген. О.Ф.Акимушкин келтирген тарыхый фактылар көптөгөн тарыхый булактардан алынганын көрсөтүп, “...В 1611 г. Ишим-хан во главе 5 тыс. казахов принял участие в междоусобице Вали-Мухаммада и Имам-Кули хана, приняв сторону последнего. В 1625 г. он сидел в Туркестане и к нему прибыл историк Абу-л-Гази – будущий хан – из Хорезма и прожил у него три месяца. Спустя немногим более двух лет Ишим-хан убил казахского хана Турсун-Мухаммада (около 1628 г.) и только с этого времени он смог распространить свою власть на Ташкент и стать ханом казахов. Считается, что он умер в 1628 г., вскоре после захвата Ташкента, однако этому противоречит сообщение о том, что в 1635 г. в войне с ним калмакский Ботор-хунтайджи захватил в плен его сына Джахангира, будущего хана. 1635 год приходится на 1044–1045 гг.х. У М.Л.Вяткина приводится также более поздняя дата его смерти – 1643 г., которая кажется нам

предпочтительней. Итак, после смерти своего брата по отцу Тевеккель-хана в 1598 г. Ишим-хан, видимо, не был признан всеми единственным ханом казахов. В 20-х годах XVII в. таковым был Турсун-Мухаммад хан, владевший Ташкентом. В этот период Ишим-хан удалился к Абд ар-Рахим-хану и более пяти лет принимал участие со своими отрядами в борьбе на стороне Абд ар-Рахим хана. К 1625 г. он вернулся на родину и овладел Туркестаном. Захватив Ташкент и уничтожив своего соперника в 1628 г., он стал ханом казахов и правил до самой смерти в 1643 г.” [177. с. 300] – деген маалыматты берет.

Эшим хандын 1643-жылдарга чейин жашагандыгын И.Я.Златкин Зоя Пандитанын биографиясындагы маалыматтарга таянып, калмактар 1643-жылы Туркестан шаарын бийлеген казак ханы Эсимге каршы казат жасайт. Ошол казатта Эсимдин уулу Жангирди (Жахангир) колго түшүрүшөт. Бирок, ал тез эле туткундан качып чыгат. Бул казат Г.Ильинанын тарыхый маалыматына караганда 1643-жылдын кышында башталып, 1644-жылдын жайында Батор хунтайчы, Очирту-Цецен жана Оцирту-Цецендин бир туугандары Аблай-тайчы, Чокур тайчылардын коалициясынан турган казаттын жеңилиши менен аяктайт [65. с. 197], – деп жазган. Бул жеңишке Бухара хандыгынын калмактарга каршы союзу зор көмөк көрсөткөн [65. с. 197].

Мында көрүнүп тургандай тарыхый маалыматтар Эшим хан менен Турсун хандын бейнесин, согуштук, саясий ишмердигин, өмүр жолун ар тараптуу, так чагылдырган. Эшим хан туурасында тарыхый маалыматтар сакталган. Ал эми жогорудагы Турсун хан (Турсун-Мухаммад хан) туурасындагы материалдар болсо анын тарыхый инсан экендигин тастыктап, казак, кыргыз, өзбек, могол тарыхындагы окуяларга түздөн-түз аралашкан мамлекеттик, коомдук ишмердин образын ачууда мааниси зор. Бул боюнча О.Ф.Акимушкин дагы “...Мать Абд ал-Латиф-хана приходилась сестрой Турсун-хану катакину. (Катагану. О.Г.) Благодаря Абу-л-Гази мы можем утверждать, что он является тем же лицом, что и Турсун-Мухаммад-хан, который по крайней мере в 20-х годах XVII в., признавался большей частью

казахов ханом и имел своей ставкой Ташкент, где чеканил монету от своего имени. В 1621 г., когда дважды потрепевший неудачу в борьбе с казахами Имам-Кули-хан (1611–1642) вынужден был начать мирные переговоры, представителем от всех казахских султанов выступил правитель Ташкента Турсун-Мухаммад” [65. с. 104; 177. с. 300] – деп, тарыхый фактыларды тастыктоочу оюн айткан.

Кыргыз оозеки сакталган булактарда Турсун хан туурасында маалымат аз. Негизинен “Эр Эшим” поэмасында Эшим хан экөөнүн чатагында гана айтылат. Ал эми тарыхый булактардагы маалыматтарда жогоркудай кызыктуу фактылар кездешет. Булардын бардыгы маанилүү тарыхый материал болору менен бирге фольклор менен тарыхтын катышындагы зарыл байланыштарды тактоого мүмкүнчүлүк берип, изилденип жаткан теманын актуалдуу жактарын аныктайт.

Көрсөтүлгөн тарыхый маалыматтарга таянуу менен “Эр Эшим” поэмасында баяндалган окуялар тарыхый окуялар менен дал келгенин айтууга болот. Мында оозеки чыгармачылыктын жаралуу мыйзамдарына ылайык терс каарман ошол мезгилдеги негизги душман аталып, тарыхтын фонундагы олуттуу тарыхый окуялар гана көңүлгө алынаары белгилүү. Ошондуктан чыгарма “Калмак доорунда” жаралып, негизги душман калмактар деп саналып, Эр Эшим да калмактар менен, калмак ханы Ажаан менен согушкан деп берилген. Чыгармада Эшим хан кыргыз, казак ханы делет. Тарыхта да ошондой болгон. Эшим хан менен Турсун хандын так, бийлик талашышы туурасындагы тарыхый чындык фольклордо интерпретацияланып, башкача өңүттө чагылдырылган.

Ошентип, Эшимхан агасы Тобокел өлгөндөн кийин, 1598-жылы жалпы казак ханы катары бийлик тактысына отурат. Ошол кезде казак хандыгынын борбору Туркестан шаары болуп, Эшим хан аталган шаарда туруп бийлик жүргүзгөн. Эшим султан кезинен баштап эле агасы Тобокел менен бирге Туркестандан Самарканга чейинки жерди Казак хандыгына кошууда чоң эмгек

сиңирген. Бухар хандыгы менен келишим түзүлүп, Ташкент шаары менен анын айланасы XVII кылымдын башына чейин Казак хандыгына карап турат. Эшим хан Чыгыш Туркестандын бийлөөчүсү Абд ар-Рахим (Абдрахман) менен ар тараптуу жакын мамиледе болгон. Эмнеси болсо да ошол кездеги Чыгыш Туркестандын ички жана сырткы саясатына түздөн-түз аралашып, Чыгыш Туркестандагы көптөгөн шаарларды кайрадан Абд ар-Рахимдин бийлигине багындырат.

Тарыхта Эшим хандын негизги иш-аракети мамлекеттин чек арасынын бүтүндүгүн сактоого, элдин тынчтыгын коргоого багытталган. Анын тушунда Ташкент үчүн Бухара бийлиги менен тынымсыз согуш болуп турган. Ошол эле учурда негизги жана коркунучтуу душман жунгарлар болуп, Эшим хан ал тарапты да көңүлдөн чыгарган эмес. Айрыкча жунгардын торгоут уруусунун князы Хо-Урлук [169. с. 116–160] башында турган армиясынын 1629-жылдары Есил, Тобол, Торгой, Ыргыз өзөндөрүнүн жогор жагын басып алышы жана Орто Азияга болгон калмактардын баскынчылыгы Эшим ханды тынчсыздандырган. Ал армиясынын негизги бөлүгүн мамлекеттин чыгыш бөлүгүнө жылдырат. Жунгарларга каршы согуш аргасыз, качып кутулгус иш экенин түшүнгөн. Тарыхта казак султандарынын, бийлеринин чектен чыккан амбициясы жана сепаратизми Казак Хандыгынын тагдырында трагедиялык ролдорду ойногон. Мындай учур ушул Эшимдин тушунда да болуп, Турсун хан келишимди бузуп, Туркестандагы Эшим хандын ордосун басып алып, элди кырып, аялдарын, балдарын колго түшүрүп алып кетет. Турсун хандын антты, шертти бузган, акылга сыйбаган иши бийлик үчүн болгон ич ара келишпестик гана эмес, мамлекеттик төңкөрүш катары саналган. Эшим хан бул кабарды угуп, өзүнүн аскерлери менен Ташкентке келип Хан Турсунду өлтүрүп, анын жолун жолдогон катаган уруусунун көбүн кырып салат да, Казак Хандыгынын бийлигин кайрадан толугу менен өз колуна алат [142. с. 71–72].

Эшимдин Орто Азияда Сары Арка, Туркестанды жердеген кыргыз, казакка 1598–1643-жылдарда хан болуп турганы тарыхта маалым. Эр Эшим

катардагы, бийликке бир келип кеткен хан эмес, кадимкидей абройлуу, тарыхта өз орду бар, кыпчак, кыргыз, казактын биримдигин, эркиндигин, тынчтыгын камсыз кылган таасирдүү тарыхый инсан болгон. Ошол доорлордогу коңшулаш жашаган башка элдердин башчылары Эр Эшим менен ар түрдүү саясий маселелер боюнча эсептешүүгө мажбур болгон.

Бул мезгилдеги саясий абал бир кылка болгон эмес. Кыргыздар бирде Кашкарды каратып бийлеп, кийин Ферганаңы өзүнө караткан. Казактар болсо Ташкенди бийлеген. Ошол эле учурда монгол, калмак, өзбек, казак, кыргыз, түркмөн ич ара бийлик талашып, тынымсыз чабышып турган. Мындай стабилдүү эмес мезгил тез-тез өзгөрө берген. Ошентип, кыргыз, казак бирде касташып, бирде достошуп дегендей XVIII кылымда Абылай хандын, андан кийин Кененсары, Ноорузбайлардын мезгилине чейин эле ушундай тынымсыз саясий окуялар жүрүп турганы тарыхта маалым. Мына ушул узун тарыхтын бүктөмүндөгү Эшим хан туурасындагы эң алгачкы жана баалуу тарыхый дарек Абулгазынын (1603–1664) «Түрк санжырасында» [5. с. 200] (Родословное древо тюрков. Сочинение Абулгазы хана Хивинского) жазылган. Абулгазынын атасы Араб Мухамед хандын жети уулу (Хабаш, Элбарс, Исфандияр, Абулгазы, Шарип Мухаммед, Хорезмшах, Ооган) аталары картайган чакта бийлик талашып, атасын өлтүрүп, өз ара чабышат. Акыры бирин-бири тукум курут кылганга чейин барат. Ошол оор согуштарда 1621-жылы Абулгазы жарадар болуп, агасы Исфандиярдан качып Аму дарыясын кечип өтүп, Мангышлактагы түркмөндөрдө, Эшим, Турсун хандардын алдында жашап турат. Бул тарыхый окуялар туурасында «Түрк санжырасында» Абулгазы мынтип жазат: «Мен казак ичине келип Түркстандын ханы Эшим хандын алдында үч ай турдум. Ошол мезгилде казактын ханы Турсун эле. Ал Ташкентте турчу. Бир жолу Хан Турсун Түркстанга келди. Эшим хан аны көргөлү барды, мени эшик алдына коюп, өзү барып, Турсун хан менен көрүшүп, кайтып келип мени колумдан жетелеп алып барды. Эшим хан мени коштоп Хан Турсунга келип, «Бул Йадгар хан уулу Абулгазы, эч убакыт бизге бул жамааттан киши келип конок болгон

жок эле, бизден баргандар көп болгон, бул сиздин кызматыңызда болгону жакшы» - деди. Турсун хан: «Жакшы, сенин айтканың болсун» деп, жакшы кабыл алып, өзү менен бирге Ташкентке алып кетти. Ал жерде Турсун хандын кашында эки жыл турдум. Эки жылдан кийин Эшим Хан Турсунду өлтүрүп койду. «Сиздерден, эки хандан пайда тиеби деп келдим эле. Сиздин ишиңиз мындай болду, эми руксат болсо Имамкули хандын кашына кетейин» дедим. «Жакшы айтасың, ошондой кыл» – деди [4. 182–183-б]. Бул окуя XVII кылымдын 1625–1628-жылдары болот. Тактап айтканда Хан Турсунду Эшим 1628-жылы өлтүрөт. Абулгазынын «Санжырасынын» үчүнчү б.а. акыркы бөлүгүндө түздөн-түз өзү катышып, өз башынан өткөн реалдуу окуялар, тарыхый фактылар жазылгандыктан Эшим хан менен Турсун хан туурасындагы баяндарды тарыхый чындык деп айтууга толук негиз бар.

Эшим хан узак жылдар (1598–1643) хандык доор сүрүп, уруулар арасындагы кагылышууларды, султандардын өз бетинчелигин жөнгө салып, жунгарларга каршы туруп, Казак хандыгынын стабилдүүлүгүн сактоого көп эмгек жасаган.

Б.Солтоноевдин маалыматы боюнча кыргыздардын түндүк тараптагы уруулары XVI кылымдын башынан баштап казак хандарына, тактап айтканда Касым ханга, Акназар ханга, Тайыр ханга, Эшим ханга, Тоокеге карап турган [151. 165-б.]. Ошол эле мезгилдерде айрым казак уруулары кыргыз хандарына, бектиктерге караган. Ал мезгилдерде жашоо, турмуш ошону талап кылып, феодалдык коомдун саясий түзүлүшүндө опурталдуу оош-кыйыштар боло берген.

Тарыхый маалыматтарда Ташкент менен Туркестандын саясий иштеринде казактар менен бирге кыргыздар да көп роль ойногону [151. 165-б.] айтылат. Алар жөн гана хандыкка караган эл катары эмес, жалпы элдин кызыкчылыгында өзүнүн үнү, орду, салымы бар эл катары, согушса согушуп, мамлекеттик иштерге аралашып турган. Башка элдер да кыргыздар менен эсептешүүгө аргасыз болушкан. Катаган Турсун хандын Ташкентти бийлеп

турганы да буга күбө.

Ошондой эле Мухамед Хайдар, С.М.Абрамзон, В.В.Бартольд, Л.Р.Кызласов, Сайфаддин Аксыкенти, Ө.Караев, Н.А.Аристовдун илимий эмгектеринде XV–XVI кылымдар кыргыз элинин этникалык курамдары такталып, уруулардын биримдиги күчөп, кыргыздар жаңы аймактарды багындырып, чек араны бекемдеп, кандайдыр бир деңгээлде кыргыз элинин түзүлүшүнүн жыйынтыктоочу этабы катары каралат.

Мына ошентип Эшим хандын ата-бабасынан баштап өз тукумдарына чейин бийлик мунарасында болуп, өз доору үчүн ак кызмат кылып келишкен. Бул айтылгандар тарыхый чындык. Эми ушул өз заманынын беделдүү тарыхый инсаны туурасындагы тарыхый чындыктын кайсы учурлары көркөм сөздө баяндалган деген суроого жооп издейли.

«Эр Эшим» поэмасында жана анын жаралышына негиз болгон санжыраларда, санжыра-тарыхтарда, уламыштарда, аңыз-аңгемелерде, жомок [151; 159; 62; 59; 67] Инв. №364(1165), 7(1017) деп берилген материалда дайыма туруктуу кезиккен негизги каармандар – Түгөл, Көкүм, Мангыт, Манап дегендердин бардыгы Тагайдын небере, чеберелери болуп, орто кылымда б.а. XVI–XVII кылымда жашаган тарыхый адамдар катары саналат. Ал эми Эшимдин санжырасы кыргыздарда жок, болушу да мүмкүн эмес. Хан Турсун менен Эр Эшим туурасында Тагайдын санжырасы айтылып жатканда тарыхый окуя катары орун алат.

Эми фольклордук материалдарга кайрылсак, Б.Солтоноевде Тагайды болжол менен 1460–1470-жылдардын аралыгында туулуп, 1535–1540-жылдардын аралыгында өлгөн, Тагайдын Адигинеден ажырап, Кетмен-Төбө, андан Тогуз-Торого келген мезгили 1505–1510-жылдар, Тагай Эреше ханга ак үйлүү болуп келген кез 1515–1525-жылдар [151. 86–88-б.] деп жазылган. Демек, биз тарыхый булактардан алган маалыматтар фольклордук материалдар менен да дал келип, “Эр Эшим” поэмасында да ушул окуялардын издери көркөм сүрөттөлгөн.

Санжыра демекчи, залкар ойчул Чыңгыз Айтматовдун «Санжыраларда философия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра – бул элдин улуттук эн тамгасы жана анын тааануу белгиси» деп айтканы санжыра деген түшүнүккө так мүнөздөмө берип турат. Санжыра десе эле кээде тар түшүнүктү – уруулардын бөлүнүшү, кайсы атадан таралганы туурасында деп түшүнгөндөр болот. Санжыра деген эң кеңири түшүнүктү камтыган ой чордону. Ал кыргыз элинин тарыхын, эң көөнө мезгилдерден берки ата-бабалардын келип чыгышын, уруу, урукка бөлүнүшүн, эл туурасындагы легенда, уламыш, миф, жомок, аңыз аңгемелерин, тарыхый окуяларын өз ичине камтыган тарыхый-философиялык түшүнүк. Ал элди таанып-билүүнүн, тарыхты тактоонун жолу. Көчмөн цивилизациясынын башкаларда кезикпей турган феномен эс тутумунун өзгөчө көрүнүшү десек болот.

Кыргыздарда санжыралардын жазма жана оозеки түрү бар. Оозеки айтылган санжыралар эң эле көп. Алар ар бир атадан таралгандардын, ар бир айылдын, ар бир уруунун санжырасынан баштап айткан майда санжырачылардан тартып, бүтүндөй кыргыздын келип чыгышынан бери айткан белгилүү, атактуу санжырачыларга чейин бар. Негизинен бардык эле санжырачылардын кыргыз тарыхы, кыргыз санжырасы боюнча айткан материалдары окшош болуп, пайдаланган булактарынын бирдейлигин көрсөтөт. Санжыранын окуялуу далилдери менен берилгени баарынан баалуу.

Биз изилдеп жаткан материалга тиешеси бар санжыра-тарыхтардан Сайфаддин Аксыкенти жана анын уулу Нурмухамеддин «Тарыхтардын жыйнагы», Абулгазынын «Түрктөрдүн санжырасы», Осмонаалы Сыдык уулунун «Кыргыз тарыхы», Б.Солтоноедин «Кызыл кыргыз тарыхы», Тоголок Молдонун «Тарых, түпкү аталары» жана Балык Кумар уулу, Алымбеков Тургунбек, Орунтаев Качкын, Акылбек, Рыскулбек, Сапарбек Закиров мындан сырткары кытайлык кыргыздардан Үсөйүн ажынын, Баймырзанын эмгектеринин маанисиси зор. Аталган байманалуу ойчул, акылы зирек, сөзмөр,

куйма кулак адамдар кыргыз санжырасын жыйнап, изилдеп, иретке салып кыргыз тарыхы үчүн кундуу эмгек жасашкан. Тарыхтагы ушул сыяктуу эмгектерди жетекчиликке алуу менен тарыхыбыздын айрым маселелерин тактоого мүмкүн болот. Албетте, элдик санжырада ар түрдүү варианттар жана кээде атасынын ордуна баласы, баласынын ордуна атасы же бир туугандар орун алмаштырылып айтылган учурлар кезигет. Бул оозеки сакталган сөз өнөрүндө жолуга турган мыйзамдуу көрүнүш. Ошого карабай «Эр Эшим» поэмасына негиз болгон окуялуу санжыраларда, аңыз-аңгемелерде Түгөл бай, Үчкуртка, Манап баатыр, Көкүм баатыр, Маңгыт сыяктуу каармандар негизинен бирдей айтылып, тарыхта жашаган тарыхый инсандар катарында берилген. Маселен, Көкүм Тагай бийдин Жангороз деген уулунун баласы (Б.Солтоноев), Тагайдын Орозбакты деген уулунун баласы (Тоголок Молдо), «Тарыхтардын жыйнагында» да Тагайдын насили, Тагайдан Карачоро, андан Багыш, Багыштан Көкүм, Көкүмдөн Кантейиш, Аккочкор, Каңкы деген үч уул (С.Закиров) деп берилген. Түгөл бай, Үчкуртка дагы негизинен бардык санжыраларда Тагайдан Саяк, Саяктан Чекир, Чекирден Үчкуртка менен Түгөл деп берилет. Мында анча-мынча так эместиктер (бир атанын көп же аз айтылышы ж.б.) маанилүү эмес. Эң негизгиси бул ысымдар кыргыз тарыхында өз изин калтырган белгилүү ысымдар экендигинде.

Тоголок Молдонун чыгармачылыгы башка акындарга салыштырганда башкача нукта өнүгүп, көбүнчө чыгармаларын кагаз бетине түшүрүүгө багыт алып, элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрларынын, түрдүү тематикаларынын үстүндө иштеген, элдик поэзияга багыт алган чыгармачыл акын. Ал кыргыз элинин тарыхын, санжырасын, элдик оозеки чыгармаларын эң мыкты билген тарыхчы, санжырачы. Тоголок Молдо Түгөлдүн тукумдарынын санжырасын «Түгөлдүн Жараш деген улуу аялынан төрт уул, экинчи аялынан Көчкөнөк деген бир уул, үчүнчү аялынан Маңгыт деген бир уул болгон. Маңгыттан Курманкожо, Кудайбакты, Сүйөркул, Казыгул, Эсиркемиш деген беш уул болгон [159. 292-б.] – деп берет. Кийин Маңгыттын балдары тың

чыгып, бардыгы эл башкарган бийлерден болот. Сүйөркул менен Казыгул баатыр болгон.

Тоголок Молдо Эшим хан жөнүндөгү тарыхый аңызды, Эшим хан менен Катагандын Хан Турсуну жөнүндөгү тарыхый окуяны, Түгөлдүн Шарпкула тулпары туурасындагы окуяны эл оозунан угуп жүргөн болуш керек. Мына ушул бүйүр кызыткан, али элдин эсинен чыга элек кызыктуу аңгемелерди Тагай бийдин санжырасына кошуп, даректүү окуя катары айтып жүрүп, 1920-жылы кагазга түшүргөн. Кийин аны ырга айлантып «Эр Эшим» деген поэма жараткан [160; 186.]. Акындын поэмасын да, санжырасын да ж.б. бир топ материалдарын кагаз бетине Абдыкалык Чоробаев түшүргөн.

Тоголок Молдонун санжырасында кайсы бир белгилүү инсандар туурасындагы даректүү окуялар кошо айтылып, баалуу тарыхый материал болгону талашсыз. Анын санжырасынын туура же бузук экенин анализдөө биздин максатыбызга кирбейт. Болгону анын ичиндеги «Эр Эшим» поэмасына тиешеси бар маалыматтарын гана анализге алабыз. Ал санжырасында Эшим хан жөнүндө эмес, Түгөл бай жөнүндө жазган. Тактап айтканда, Түгөлдүн санжырасы туурасында сөз болгондо, Түгөл менен Эшим хан, Эшим хан менен хан Турсундун окуялары айтылып, андан ары Түгөлдүн уулу Маңгыттын тукумдарынын санжырасы уланып кетет.

Белгилүү тарыхчы Белек Солтоноев (1878–1938) кыргыз тарыхын 1895-жылдан баштап 1934-жылга чейин изилдеп, тарыхый жана оозеки материалдарды чогултуп, мүмкүн болушунча так маалымат берүүгө аракет кылган. Тарыхчынын «Кызыл кыргыз тарыхында» [153; 152.] «Кыргыз менен катагандын согушу» деген материалды эл оозунан жыйнап жазганын айтат. Мында Эшим хан жөнүндө “Иле өрөөнүндө кыргыз, казактын ханы Эр Эшим кыргыз-казакты баштап калмак менен согушуп жүргөндө Ташкенде хан болуп турган катагандын хан Турсуну келип Талас менен Чүйдөн кыргызды чаап, малын талап, кыз-катынын олжолоп кетет. Иледе калмак менен согушуп жүргөн Эр Эшимге кабар жетип, калмактын бетине аскер коюп, (бир кабарда

аскер башчысы Манап болгон), өзү жарым аскери менен токтоосуз жүрүп отуруп, Сайрамга, бир кабарда Ташкентке жакын калган хан Турсундун артынан кууп жетет. Кошуунга жакын калганда аскердин артынан мал айдап бара жаткан, олжого түшкөн кыз-келиндердин ичинен 12–13 жаштагы кыргыз кызы:

Кой айдаган биздин кыз,
Уй айдаган биздин кыз,
Эңгечер бойлуу Эр Эшим
Эсен болуп соо келсе,
Болор бекен катаган
Биздин кыздай сиздин кыз? –

деп зарлап үн салат. Эшим хан угуп, кызга келип оң саамайын түйүп, «чечпегин» деп эскертип, мал айдаган кыз-келинди токтотуп коюп, аскеринин артын жыйып, күн бата хан Турсунга жетип, согушуп, аскерин кырып, хан Турсунду өлтүрөт. Ташкенге Тагайдын уулу Жангороздун Көкүм деген уулун улук кылып шайлап, көптөгөн мал, олжо менен кайтат.

Баягы ырдаган, чачы түйүлгөн кызды Эшим өз кызы катарында багып жүрөт. Бир, эки жылдан соң Түгөлдүн уулу Маңгыт Эшим ханга келет. Шарпкулага барса керек. Эшим атыңдын күч акысы деп жанагы бакма кызын каада-салты, себи менен узатат. Маңгыт кызга үйлөнүп, ошондон саяк ичиндеги катаган тараган. Түгөл менен Эшим хан жөнүндө болсо Түгөл менен Эшим хан дос болгондуктан, ал Түгөлдүкүнө барса, анын эки миң сары-кызыл жылкысы бар экен. Жылкыдан тандап күлүк, жорго болобу алыңыз дейт. Эшим хан малчы минип жүргөн арык кулабыштыны жактырат. Кулабышты артыкча күлүк болуп, Шарпкула аталат. Эшим хан менен бирге жүрүп, Турсунду жоологон саруу кыргыздарынан Муратаалы жана Тоңдурат деген кишилер болгон.

… Азыр да кыргызда «катагандын хан Турсун, хан Турсунду ант урсун» деген макал бар. Бул макалга караганда Эшим хан калмакты жоолордо хан

Турсун кыргыз менен казакка тийбес болуп антташса керек. Анттан тайып, кыргыз менен казакка чабуул кылгандыктан айтылса керек.

… Эр Эшим Иледе калмак менен урушканда жана Хан Турсун менен согушканда бүткүл кыргыздын аскерин Көкүм баштаган” [151. 106–109-б.].

Б.Солтоноевдин материалы тарыхка көбүрөөк жакын болуп, айтылган фактылар турмуш чындыктары менен көбүрөөк дал келет. Мындан сырткары Б.Солтоноевдин «Тарыхында» «Манаптын тарыхы» деген өзүнчө тема бар. Анда Тагайдын мезгилинде эл бийлиги Саруунун колунда болуп, Тагай менен Адигине ажыраганда бийлик Саруудан Катаганга өтүп, Тагайдан уулу Богорстонго андан Эштекке өтүп, андан кийин Богорстондун колунда болгон. Богорстондун иниси Кылжырдын Дөөлөс деген уулунун үйүндө кыпчактан, бир кабарда калмактан олжого түшкөн Жезбийке деген күңү болгон. Элдин айтуунда Жезбийкенин жаткан жерине жарык түшүп турчу экен. Дөөлөс ошол күң менен бой кошуп, анын боюнда болуп калат. Дөөлөстүн биринчи аялы Меңшек туубас экен. Кыздын ичин байкап калган Меңшек «боюмда бар» деп ичине кийиз байлап алат. Жезбийкенин ичи чоңойгон сайын ал да ичин чоңойтуп байлайт. Акыры Жезбийке уул төрөгөндө мен төрөдүм деп элге жарыя кылып, баланы алып алат. Жезбийкеге «элге айтпагын, айтсаң өлтүрөм» деп коркутат. Жээнтекке Токо, Жантай, Богорстон, Койлон, Саяк, Асыл, Черик, Моңолдор, Багыш, Коңурат жана Тагайга караштуу элдин баары келип, Меңшек энебиз каарыганда уул төрөдү деп, баланын бешигин манат менен ороп, төшөк, ороо-чулгоонун баарын манаттан жасашат. Ошол себептен аты Манат болуп, акырындап Манап атка өтүп кетет. Экинчи бир кабарда Жезбийкенин төркүнү кожолордун тукумунан болуп, «менин баламды тартып алдыңыз, эми жок дегенде атын өзүм коеюн» деп өз тукумуна тартып атын Манаф койгон. Себеби манаптар өз тукумун Мукамбет байгамбардын насилине байланыштырып, ислам улуктарынын атынан койгонго аракет кылышкан. Ошол Манаф кийин Манап болуп чоңоюп эс тарткандан баштап ууру, каракчы, талоончу, атка да конгон. Ошол эле учурда Эштектен кийин эл башкарып,

кайраттуу эр жүрөк адам болгону айтылат. Ага Абыланын улуу аялынын баласы Токо (С.Закировдун санжырасында Токо менен Манап бир тууган. Дөөлөстүн балдары деп берилген – О.Г.) кошулуп, экөө бирге эл ичине тынчтык бербей, жалаң талоончулук менен элдин эсебинен жашашкан Манап менен Токо эл башында турганда кедей-кембагалды катын алса калыңга төлөп, байгеге сайып, каалаганын жасаган. Бул тарыхтын 1615-жылдарына туура келет. Кийин кыргыз, казак ханы Эңгечер бойлуу Эр Эшим калмак менен согушканда, арка кыргыздарынын аскер башчысы Манап болгон. Калмактар менен согушта Токо менен Манап чоң эрдик көрсөтүп, курман болушкан. Бул болжол менен 1635–1638-жылдар болсо керек [151. 99–101-б.] деп жазат. Дагы бир маалыматта ушул Манаптан тарагандар Манап уруусу болуп калган. Бул уруудан манаптар, эл башылар, баатырлар көп чыккан деп айтылат.

XVII кылымдын башында болгон окуялар туурасында белгилүү фольклорист, кыргыз тарыхына байланыштуу санжыраларды изилдөөгө көп салым кошкон окумуштуу С.Закиров: “Эдил, Нурадагы ногойлордон эңеше бойлуу Эр Эшим чыгып, казак кыргызга келет. Ал хандын тукуму экен. Аны казак, кыргыз хан шайлап алышат. Ошондо Эр Эшим кеңешип иш кылалык деп, Сырдын боюна Ташкенден төмөн, Көк-Дөбө деген жерге кеңешме чакырат. Кеңешмеге Солтодон Чаа, сарбагыштан Сарысейит, саяктан Түгөл, Түнгатар, багыштан Көкүм, саруудан Төңтөрүк, Боркемик, кушчудан Кайназар, кытайдан Кангелди барган. Оторкан, Бараккандардын заң-законун калыбына келтирет. Ошондон улам “Эр Эшимдин эски эрежеси» деген лакап калат” [62. 88–89-б.] деп жазат. Эр Эшимдин иш аракетинин негизги багыты – Орто Азияны ээлеп, тынымсыз ар тараптан кол салып турган калмактарды сүрүп чыгаруу болгон. Ал казак, кыргыздан чоң кошуун курап, калмактарды талкалап, ал кездеги он эки капкалуу чоң шаар Ташкенди алып, алты капкасына казактардын улуу жүзүнөн чыккан Чангкулунун кара Байтиги, алты капкасына кыргыздардын багышынан Көкүм хан шайланат. Ал учурларда Ташкендин эли негизинен өзбектер болуп, кыргыз, казактын уруулары да кошо жашаган.

Бийлик талашуунун, өз ара келишпестиктин айынан казактын кара Байтиги Көкүмгө уу берип өлтүрүп, ордуна Көкүмдүн уулу Тейишти хан көтөрөт. Тейиш жаш болгондуктан негизги бийлик кара Байтиктин колунда болот. Андан ары С.Закировдун материалында Эр Эшим Самарканды алып, ыйык досум деп жүргөн катагандын хан Турсунун Самаркандын хан ордосуна коюп, өзү Алты шаарга калмакка согушка аттанат. Жолдон Соң-Көлдү жайлап жаткан саяк Түгөлдүкүнө конок болот. Түгөлдүн малы чатырап көбөйүп жаткан экен, Эр Эшимди кучак жайып тосуп алып, коноктоп, Шарып Кула деген тулпарды тартуу кылат. Арадан эки жыл өтөт. Хан Турсун антын бузуп, ордону талкалап, өзүн хан деп жарыялап, Эшимдин тукумун өлтүрүп, тирүүсүн колго түшүрүп, кул кылып кыйнайт. Хан Турсундун бул иши Кашкардагы Эр Эшимге жетип, өзүнүн тандамал жигиттерин алып жолго чыгат. Хан Турсунду талкалап, өз ордосун кайра алат [62. 90-б.] – деп жазылган.

Мында көрүнүп тургандай Б.Солтоноев менен Тоголок Молдонун материалдары негизинен окшош. Ошондон улам Тоголок Молдо Белек Солтоноевдин материалы менен тааныш болгон же экөө бир информатордон (мүмкүн бир топ информаторлордон) уккан деген жыйынтык айтса болот. Ал эми С.Закировдо деле *«Түгөл менен Эр Эшимдин тааныш, дос экени, Шарпкула деген күлүктү алышы», «Хан Турсундун убадага турбай Эшим хандын ордосун чабышы, Эшим хандын хан Турсунду өлтүрүшү», «Көкүмдүн Ташкенге хан болушу, өзүнөн кийин уулу Тейиштин такка отурушу»* сыяктуу негизги окуялар туруктуу айтылат. Демек, бул окуялардын тарыхый негизи бар. Ал эми айрым бир деталдардын кошулуп, түшүп калып же орун алмаштырылып айтылышы узун тарыхтын катмарларында ооздон-оозго өтүп, легендага, уламышка, аңыз-аңгемеге айланган тарыхый окуянын биздин күнгө жетишине байланыштуу. Кандай болгондо да бул окуялар тарыхты тактоого, толуктоого, синтездеп анализдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Эми казак фольклорунда кезиккен, Эшим хан туурасындагы көркөм чыгармаларды карап көрөлү.

Кезегинде Эшим хандын эрдиктери туурасында акындар ырга кошуп ырдап, чечендер сөзгө кошуп сүйлөгөндүр. Далай аңыз кептер эл арасында кулактын кумарын кандырып айтылгандыр. Биздин күнгө алардын айрым варианттары келип жеткен.

XVII кылымда жашаган казактын акыны Жиембет Бортогаш уулу алшын уруусун бийлеген илгерки ак сөөктөр тукумунан чыккан. Жиембет эңгечер бойлуу Эр Эшимдин Кичи жүздөгү эл башкаруучу бийи, аскер башчысы, баатыры кызматын аткарган. Эшимдин коңшу хандыктар менен болгон согуштарга катышып, эрдиги, ишкерлиги менен таанылган. Айрыкча, 1620-жылы ойроттор менен согушта казактардын жоону аесуз жеңишинде көп күч жумшайт. 1627-жылы Казак Ордосунун курамынан бөлүнүп, өз алдынча көз карандысыз хандык кургусу келген Ташкент ханы Турсундун көтөрүлүшүн басууда да негизги ролду аткарган. Андан көп узабай борбордук өкүмөткө сөз жүзүндө гана багынып, Кичи жүздө өзүнчө бийлик кура баштаган Жиембет, хандын каарына калат. Ырчынын иниси Жолумбеттин бир жеңил-желпи каталыгын сарайды кордоо деп санаган Эшим бул маселеге Жиембет акындын өзүн да күнөөлөйт. Ошентип акын ойроттор менен чек арага, чыгыш жакка айдалат. Бир даректерде Жиембет ошол айдалууда өлөт, экинчи бир даректерде 1643-жылы Эшим хан дүйнөдөн өткөндөн кийин туулган жерине кайтып келет [180. 130-б.].

Мына ушул Жиембет акындын «Еңсегей бойлы Ер Есим» деген ырын толук келтирели. Жогоруда айткандай өтө көп материал жок болгондуктан мындай үлгүлөр Эшим хандын доорун, мүнөзүн, кылган ишин көркөм чагылдырып, аз да болсо казак материалдарынан маалымат алабыз.

Еңсегей бойлы Ер Есим,
Есим, сени есирткен
Есилде меним кеңесим.
Ес билгеннен, Есим хан,
Колыңа болдым сүйесин,

Колтыгыңа болдым демесин.
Ертеңги күн болганда,
Елиң кеңес күрганда,
Айналып акыл табарга
Есиктеги ебесин,
Сонда, ханым, не десин?!
Мен жок болсам, Есим хан,
Ит түрткини көресиң.
Жиембет кайда дегенде,
Не деп жауап бересиң?..
Мени менен ханым ойнаспа,
Мениң ерлигимди сүрасаң,
Жолбарыс пенен аюдай.
Өрлигимди сүрасаң,
Жылкыдагы асау тайыңдай.
Зорлыгымды сүрасаң,
Бекире менен жайындай.
Бериктигимди сүрасаң,
Карагай менен кайыңдай.
Көруши едим, Есим хан,
Ханымды күним, сизди айымдай.
Сырым саган түзу-ди,
Садакка салган бүлыңдай.
Жүмыскериң мен едим
Сатып алган күлыңдай.
Жүруши едим араңда
Өзиңниң иниң менен үлыңдай…
Мен, өлсе, күнсыз кетер деме сен
Кешеги өзиңниң үрып өлтирген

Тилеуберди күлыңдай!
Тилеуберди күлың мен емес,
Мүның, ханым жөн емес.
Мениң ер екемди көргенсиң,
Ауелден бирге жүргенсиң,
Дегенимди кылгансың,
Кайратымды билгенсиң.
Агбытпа, ханым күннен соң,
Сиздиң естен кеткенмен,
Биздиң естен кеткен жок:
Калмактың Бөри ханы келгенде,
Сокыр бурыл байталга
Сонда бир жайдак мингенсиң…
Калмактың Бөри ханы келгенде,
Каланың касы бүлгенде,
Хандар калага кылаган,
Сүлтандар суга сылаган,
Каз мойынды ханша
Калада түрып жылаган…
Тал шарбакка мал сактап,
Тас калага жан сактап,
Таскан екен мына хан!
Кайрылып кайыр кылуга
Кылыгың жок үнаган.
Кайратым канша кайтса да,
Мүныңа, ханым, шыдаман!
Аркага калай көшермин,
Алашыма үран десермин,
Ат күйрыгын кесермин,

Ат сауырын берермин,
Алыста даурен сүрермин,
Карамасаң, ханым карама,
Сенсиз де күнимди көрермин! [180. 131–132-б.]

Бул ырдын мазмунунан Жиембет Эшим хандын жакын адамы болгонун, далай кыйын кезеңдерде жеңилин жерден, оорун колдон алып, айгышкан согуштарда эрдигин көрсөткөнүн көрөбүз. Эр жүрөк баатыр, таланттуу акындын Ханга болгон нарааазылыгын, элинен алыста, сүргүндө жашап, көңүлү чөгүп турган арманын сезүүгө болот.

Эшим хандын доорунда өмүр сүргөн дагы бир акын – Маркаска. Маркаска да XVII кылымда жашап өткөн. Акындын өмүрү тууралуу даректер сакталган эмес. Болгону Эшим хандын ырчысы экендиги, 1627-жылы Турсун хандын көтөрүлүшүн басууга катышканы туурасында учкай маалымат сакталган. Маркаска Эшим хандын өмүрүн жана эрдиктерин сүрөттөгөн *жети миң саптан турган "Еңсегей бойлы Ер Есим"* аттуу тарыхый ырды алгач ырдаган акын болгон. Анын ушул көлөмдүү чыгармасынан саналуу (12 сап) гана ыр саптары сакталган.

Ей, Катаганның хан Түрсын,
Ким арамды ант үрсын!
Жазыксыз елди еңиретип,
Жер таңрисип жатырсың.
Хан емессиң, каскырсың,
Кара албасты баскырсың.
Алтын такта жатсаң да.
Ажалы жеткен пакырсың!
Еңсегей бойлы Ер Есим
Есигиңде келип түр:
Алгалы түр жаныңды,
Шашкалы түр каныңды! [180. 133–134-б.]

Бул саптардан Маркаска казак поэзиясындагы көөнө салттарды жараткан таланттуу акын экени байкалат. Ырдын мазмунуна караганда кыргыз элдик ырларында туруктуу айтылып, лакапка айланган Катагандын кан Турсун, Кан Турсунду ант урсун – деген саптар казак арасында да айтылып, инсандын адамдык сапатына туура келбеген карамүртөз иши сындалган. Ошондой эле Эшим хан менен Хан Турсундун ортосундагы чыр-чатактуу иштерден кабар берет.

“Эңсегей байлы Ер Есимдин” казак эл акыны Казангап Байболов айткан көлөмдүү варианты 2009-жылы [23. 363-б.] жарыкка чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, «Эр Эшим» поэмасын тарыхый-баатырдык поэма катарында көрсөтө турган белгилери ал биринчиден, эл-жерди сырткы душмандан коргоочу, элдин биримдигин, мамлекеттин (хандыктын) бүтүндүгүн камсыз кылууга бүт күчүн жумшаган элдик эр жүрөк баатыр, кол башчы, тарыхый инсан Эр Эшимдин айланасында курулуп, анын баатырдык иш-аракетин көрсөтүүчү, толуктоочу окуялар, мотивдер менен камсыз болгон. Аларга калмактар менен согуш, анты-шерттен тайган чыккынчы хан Турсун менен согуш сыяктуулар кирет. Экинчиден, баатырдык жалаң эле оң каармanga эмес, терс каармандарга да мүнөздүү. Оң каармандын баатырдыгын таанытуу үчүн анын каршылашы да андан кем эмес, ага тете баатыр болуш керек. Бул жагынан Ажаан менен хан Турсун дал ошондой душмандардан. Ажаандын образынан баскынчы душманды көрсөк, хан Турсундан «өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман» дегендей чыккынчынын образы ачык сүрөттөлгөн.

Поэма XVI–XVII кылымдагы казак-кыргыз тарыхын, ойрот-калмак баскынчылыгынын маанилүү учурларын, жалпы эле Орто Азияда болгон тарыхый негизи бар окуяларды чагылдырган. Эр Эшимге байланышкан бардык тарыхый жана фольклордук материалдар реалдуу окуялардын негизинде жаралган.

«Эр Эшим» поэмасында көрсөтүлгөн коомдук мамилелердин деңгээли,

коомдук аң-сезим, көркөм ой жүгүртүү тарыхый өнүгүштүн калыптанган мезгили экенин, кыргыз элинин бирдиктүү эл, белгилүү аймакты ээлеп турган мамлекет экенин күбөлөп турат. Ушунун бардыгы көркөм жаратмандыктын негизинде каармандар, окуялар аркылуу жалпылаштырылган. Поэмада кыргыз элинин баатырдык духу, тарыхый жана маданий өсүшү, философиялык көз карашы, салттык жөрөлгөлөрү конкреттүү сүрөттөлгөн.

Таланттуу айтуучулар, ырчылар элдик оозеки чыгармачылыктын ышкыбоздору тарабынан фольклордук башат кайрадан иштелип, өз алдынча чыгарма катары жашай баштаганы элдик поэмалардын жаралышынан ачык баамга түшөт.

«Гүлгаакы» поэмасы элдик эпикалык салттуулуктун негизинде жаралган баатырдык поэма. Эпос жаратуу чоң чеберчилик менен улантылып, анда коллективдүү да, жекечилик да башталыштар бар экени сюжеттин түзүлүшүнөн байкалат. «Гүлгаакы» советтик түзүлүштүн мезгилинде жазылган зор үлгүдөгү көркөмдүгү жогору фольклордук чыгарма болуп эсептелет.

Поэманын башатын түзгөн нускаларын (Ы.Бейшекеевдин, Тоголок Молдонун, К.Сейдакматов жыйнаган нуска), О.Урмамбетовдун вариантын жана Ч.Нармырзаев жазган жаңы формадагы вариантты салыштырып изилдөө [124. 473–508-б.] жүргөн. Мында поэманын сюжети, образдар системасы, поэтикасы, айрым архаикалык мотивдер боюнча сөз болгон. Азыркы максатыбыз «Гүлгаакы» поэмасындагы историзмди аныктоо.

XII–XIII кылымдардагы Жунгар хандыгынын баскынчылык жортуулдары, андагы тарыхый окуялар «Гүлгаакы» поэмасынын негизги мазмунун түзгөн. Б.Н.Путиловдун «Эпос по-своему моделирует действительность, в рамках художественной традиции конструирует историческое прошлое, в котором многовековой опыт соединяется с народными идеями, с волей народа» [158. с. 14] – деп, эпоско карата айтылган жобосу элдик поэмалардын **тарыхый-баатырдык поэма** деген түрүнө да туура келе тургандай. Эгерде эпосто тарыхый чындык кеңири масштабда өнүгүп, көп линиялуу окуялардын,

мотивдердин, каарман-персонаждардын бай корунда түзүлсө, баатырдык поэмада бир сызыктуу жөнөкөй окуя баяндалып, сюжетке мүнөздүү мотивдер орун алып, негизги каармандардын башынан өткөн окуялары баяндалат. Баатырдык поэмада деле элдин өткөн тарыхы, элдик идеал чагылдырылат. Бирок, историзмдин мүнөзү ар бир жанрда ар башка болот. Чындыкты көркөм чагылдыруу ыгы, чындыкка болгон мамилеси ар түрдүүчө келет. Ушул ойду улантуу үчүн «Гүлгаакы» поэмасынын негизги сюжетине көз чаптырып алып, анан анализдөөгө өтөлү. Поэма калмак доорун, б. а. калмак, кыргыз жоолашып турган мезгилди баяндайт. Калмактын Карпык деген ханынын Коңтаажы, Бакаманжы деген эки уулу болот. Бакаманжынын тогуз кыз, беш уулу болуп, алардан мыкты чыкпайт. Улуусу Коңтаажы баласыз жүрүп, акыры кыргыз аялы Айымдан Гүлгаакы аттуу кыздуу болот. Кыз акыл-эстүү, баатыр болуп чоңоет. Жашы он төрткө келгенде атасынын ордуна хандык тактыга отурат. Гүлгаакы жөн эле хан болбой, илим-билимге, ар түрдүү өнөргө кызыккан, элинин жаңыча, жашоосуна кам көргөн көрөгөч, адилетүү, боорукер эл башы болот. Ханыша кыз бой жетип, төгөрөктүн төрт бурчунан жуучулар келе баштайт. Алардын катарында Көйкапты жердеген кыргыздардын Байдуулат деген ханынын жалгыз уулу Гүлжигит да бар. Байдуулат келечектеги мураскорун көзүнүн тирүүсүндө үйлөп, тактысын өткөрүп берүү максатында уулуна татыктуу колукту издейт. Гүлжигит Гүлгаакы кыздын кабарын угуп, издеп барып жолугуп, бири-бирин жактырып калышат. Калмактын Таргын, Догон деген баатырлары ич-күйдүлүк менен Гүлжигитке душман болушат. Акыры Гүлжигит менен Гүлгаакы калмактар менен согушта каза табышат. Мына ушул жалпылаштырылган эпикалык окуянын негизинде түзүлгөн, өмүр баян түрүндөгү баатырдык поэманын тарыхыйлыгын кайдан көрүп, кайсы принциптер менен аныктайбыз дегенде алгач историзмдин негизги критерийлеринин бири болгон чыгарманын идеясын алабыз. Анда элди, жерди сырттан келген баскынчылардан коргоо, элдин тынчтыкта бакубат жашоосун камсыз кылуу. Сүйгөн жар үчүн күрөш сыяктуу элдик идея орун алган. Экинчи,

сюжет эпикалык окуя жаралган реалдуу кырдаал-калмак доорун б.а белгилүү тарыхый доорду чагылдырган. Үчүнчү, чыгарманын окуяларынын түзүлүшүндөгү негизги компоненттерден болгон тарыхый реалиялар: топонимика, этноним, онамастика, кийим-кече, курал-жарак б.а. этнография. «Гүлгаакы» поэмасынын баардык нуска, варианттарында Кыргызстандагы, Кытайдагы, Казакстандагы реалдуу топонимикалар аталган. Мисалы, Ат-Башы, Нарын, Талас, Чүй, Ысык-Көл, Соң-Көл, Кемин, Кара-Кыштак, Кең-Суу (кыргыз жергесиндеги белгилүү, белгисиз жерлер, дарыя, өзөн, жайлоо, ашуу, кокту-колот, айтор өтө көп аталыштар бар), Кытайдагы Кашкар, Үрүмчү, Капкак, Жылдыз ж.б. Казакстандагы Сары-Арка, Челек сыяктуу жер-суу аттары баяндалып жаткан окуяларга реалдуу өң-түс берип, чындыкка жакындатат. Айтуучулар эпикалык каармандарды кайсы бир элге таандык кылып, кайсы жердик экенин так көрсөтүү менен чыгарманы белгилүү бир географиялык чөйрөдө болгон окуя катары көрсөтүүгө аракет кылышкан. Ошондой эле, кытай, калмак, кыргыз, казак деген этнонимдер да тарыхыйлыкты көрсөтөт. Баатырлардын кийим-кечеси, курал-жарагы жана башка материалдык маданияты элдин тарыхы менен тыгыз байланышта болуп,

Колдо **калкан, сыр найза**,
Билегинде **ай балта**.
Башына кийип **туулга**
Төшүнө таккан **чарайна**
Болот кылыч кынында,
Эр жигиттин сүрү бар,

Келбетинде, сынында [44. 432-б.] – деп доор менен үндөшүп, жоокерчилик замандагы жоокердин, баатырдын конкреттүү атрибуттары көз алдыңа тартылат. Булар дагы белгилүү бир тарыхый шартта жаралып, колдонулары чындык эмеспи.

«Гүлгаакы» поэмасынын онамастикасында эпикалык ысымдар менен бирге тарыхый инсандардын ысымдары да аталат. Негизги эпикалык

каармандар Коңтаажы, Бакаманжы, Гүлгаакы, Мисгаакы, Апал, Үпөл, Лилисин, Байдуулат, Гүлжигит, Күлүстөн, Догон, Таргын, Таран, Долухан ж.б. Ал эми поэманын эл арасында айтылган алгачкы башатынын окуясы кыска, уламыш катары айтылат. Гүлгаакыга ашык болгон Шаамашарап дубананын ак уруп, кызга кайрылуусу, ага үйлөнүшү, мусулман дининин актыгын, түпкүлүктүүлүгүн жайылтуу сыяктуу окуялар түзөт. Тоголок Молдонун «Шаамашрап дубана Гүлгаакы кызды алганы», Ы.Бейшекеевдин «Гүлгаакы», К. Сейдакматов жыйнаган «Дубана Машрап» деген уламыштык нускалар, Ч.Нармырзаевдин «Шаамашириб баяны» деген варианты [45. 168-б.] Гүлгаакы менен Шаамашраптын гана окуясын баяндайт. Тоголок Молдонун «Шамашрап дубана Күлкаакы кызды алганы» деген «айтыш ыр» деп аталган нускада калмактын Коңтажы деген каны ашкан сулуу Гүлгаакы деген кызын Шамашрап дубана жактырып калып, кызды өзүнө үйрөтүү үчүн жети жылы Коңтажынын төөсүн кайтарат. Бир күнү Гүлгаакы кырк нөкөрү менен сейилдеп жүргөндө Шамашрап кызга жолугуп, аны сүйүп жүргөнүн, мусулман дининин актыгын айтат. Экөөнүн диалогу алым-сабак айтыш өңдөнүп, суроо-жооп иретинде түзүлгөн. Элдик ырдын нугунда, уйкаш жазылган.

Жалгыз алла болбос,
Жаның кайдан жаралар.
Жаның кирип үй кылган,
Тениң кайдан жаралар,–

деп кыз мусулман динине кирип, Шамашрапка жубай болот.

Жети жылдык зарыңдан,
Жеткирди сага кудайым.
Шарияттан үйрөткүн
Шамашрап жубайым,–

деп окуя аяктайт. Тоголок Молдо ырды көркөм чыгарманын схемасында иштеген. Поэтикалык түзүлүшү да дурус чыккан. Тоголок Молдо акындык чыгармачылыгына жараша окуяны кеңитип, көркөмдөп, ойдун жүрүшүн

ырааттуу берген.

Ыбырай Бейшекеев айткан «Гүлгаакы» деген нускада Шаамашрүп олуя дубана кейпин кийип, жактырып калган Гүлгаакыны издеп келип, Коңтаажыга төө кайтарат. Гүлгаакыны сөзгө келтирип, мусулман дини, тозок, бейиш жөнүндө айтат.

Келме билип, динге кир,
Динге кирер бекенсиң.
Ар мураска жетерсиң,
Кирбес болсоң дининме,
Тозоку болор бекенсиң.
Падыша кызы Гүлгаакы ,
Пейил курган экенсиң.
Кырк кыз менен Үлкөн тоого,
Сейил курган экенсиң.

Гүлгаакы мусулман динин кабыл алып, Шаамашрүпкө күйөөгө чыгат. Акырында Шаамашрүп кызга «экөөбүз о дүйнөдөн кезигебиз. Сен уул төрөйсүң» -деп кайып болуп кетет. Гүлгаакы эркек төрөйт. Ушундай кыскача гана эпизод алым-сабак ыр түрүндө айтылат.

Касымбек Сейдакматов 1983-жылы жыйнаган «Дубана Машрап» деген кара сөз менен жазылган материал «болумуш» деп аталган. Айтуучусу белгисиз. Мерке, Луговой менен Кыргызстандын чектеш жеринде Кара-Кыштак деген жер бар. Ошол жерди бийлеп турган Коңтаажы деген калмак каны болгон. Эки, үч жыл удаа элде жут болуп, мал кырылат. Коңтаажы «кимде ким малымды аман асырап берсе, кызымды жана жарым хандыгымды берем» деп жар салат. Дубана Машрап мен кайтарып берем деп убадасын берип, карышкырга койду, аюуга уйду, жолборско жылкыны, илбирске эчкини кайтартып коюп, өзү болсо жылаңаяк, жылаң баш дубаналык кылып, эл кыдырып кетет. Бир жыл өткөндөн кийин Коңтаажы малын эсептеп, эки эсе көбөйгөнүн көрөт.

Мында айтуучу жырткычтарга мал кайтартып, жомоктук, апыртмалуу окуяларды кошуп жиберген. Андан ары убада боюнча Гүлгаакыны Дубанага берет. Кош бойлуу Гүлгаакынын ичиндеги баласы алты айлык болгондо «ата», жети айлык болгондо «ата, нан жейм» дейт. «Курсакта жатып «нан жейм» деген балага нан таап берем деп кудайга күнөөкөр болот турбайымбы андан көрө качып кутулайын» дейт. Жол жүрүп отуруп жүдөп, кирдеген дубана кейпи менен бир хандын үйүнө кирет . Хан жигиттерин чакыртып, башын кестиртет. Дубана Машрап жерде жаткан башын колтуктап, Мекени көздөй кетет экен. Мындан сырткары журналист Чотбай Нармырзаев 1996-жылы «Шаамаширибаяны» деген поэма жазган. Поэма Фергана өрөөнүндө өмүр сүргөн олуя Шаамаширап менен Гүлгаакы туурасында. Шаамаширап Намангандык тарыхый инсан катары мүнөздөлүп, тарыхта өмүр сүргөн белгилүү инсан Аппак кожонун шакирти деп берилет.

Чыгарма Шаамашираптын төрөлүшүнөн башталып, ал энесинин ичинде кезинде эле жаман, жакшыны түшүнгөн олуя сымал бала экени баяндалат. Бала төрөлүп, акыл эстүү болуп чоңоюп, Наманган шаарында медреседен окуйт. Билимин андан ары өркүндөтүү үчүн Кашкарга барат. Ал жерден сураштырып отуруп, Аппак кожо олуяны табат. Анын алдында көп жылдар окуп, билим алат. Аппак кожонун тапшырмасы боюнча Мекеге барып келет. «Олуя Шаамаширап» деген титулга ээ болот. Поэмада «Аппак кожонун Шаамаширибди Коңтаажыга жөнөтүшү» деген темада «Талас өрөөнүндө жашаган Коңтаажы байдын кызы акыл эстүү Гүлгаакынын никеси сага буюрган. Барып кызды, атасын мусулман динине киргизип, үйлөн,– деп жөнөтөт. Шаамашириб Таласка келет. Коңтаажынын малын багып, Гүлгаакы менен таанышып, акыры үйлөнөт. Экөөнүн ажылыкка Меккеге кетиши менен окуя аякталат. Ч.Нармырзаев Аппак кожо менен Бабарахим Машрабдын тарыхын жакшы билет. Биринчиден журналисттик кесибинин аркасы менен тарыхый окуяларды далай жолу угуп, экинчиден, түштүктө өзбектер менен тыгыз байланышта тургандыктан бул тарыхый маалыматтар менен ичкериден

тааныш. Ошол себептен анын вариантында тарыхый фактылар туура чагылдырылган.

Мына ушул материалдарда чагылдырылган Гүлгаакы менен Машраптын айланасында гана түзүлгөн окуяны «Гүлгаакы» поэмасынын башатын түзгөн сюжет катары кароого толук болот. Анткени уламыштык мүнөздөгү ушул сюжеттин негизинде тарыхый окуялардын изи жатат. Поэманын тарыхыйлыгын аныктоодо да бир топ кызыктуу фактыларды, окуяларды, тарыхый инсандар туурасындагы маалыматтарды ушул фольклордук сюжет менен бирге кароого туура келди.

«Гүлгаакы» поэмасын толук кандуу фольклордук көркөм чыгарма катары иштеп чыккан О.Урмамбетов болгон. О.Урмамбетовдун «Гүлгаакы» поэмасында бул окуя Гүлгаакыга ашык болуп, үйлөнүү максатында келгендерди баяндаган жерде айтылып, Шаамашрап да Гүлгаакыга ашык болгондордун катарында саналат. Ал аталган нускаларда айтылгандай кызга жагынуу үчүн малын кайтарып көп жыл жүргөн болот. Акыры Гүлгаакыга сезимин айтып, тескери жооп укканда аскадан боюн таштап өлөт. Мына ушул тарыхый инсан Бабарахим Машраб поэманын башатынан кантип орун алды, бул уламыштык окуянын тарыхый чындыгы барбы деген суроолорго жооп издеп көрөлү.

Шаамашрап тарыхый инсан. Өзбек элинин таланттуу классик акыны Бабарахим Машраб 1667-жылы (1640-жылы) [24. с. 3.] Андижанда төрөлгөн. Бала чагы Андижан менен Наманганда өткөн. Анын өмүр жолунун алгачкы этабы туурасында мындай маалыматтар менен таанышууга болот: « Существующие предания рассказывают о том, что он был очень талантливым человеком и в совершенстве овладел науками своего времени. Вместе с тем стремление Машраба к вольнодумству приводило к столкновению с ишанами и муллами. В начале Машраб учился в Намангане у ишана Мулла Бозор Охунда и прислуживал ему. Затем Мулла Охунд передает его самому влиятельному ишану Кашгара Офок Ходжа. Около семи лет прислуживал ему

Машраб. Пребывание у ишана закончилось трагически для поэта: узнав о его любви к одной из своих невольниц, ишан жестоко наказал Машраба. С этого времени начинается скитальческая жизнь поэта [24. с. 5]. «Ушул окуядан кийин Машраб тирүүлүктүн түрдүү жыргалчылыктарынан баш тартып, дээрлик 40 жыл бою башка өлкөлөрдө сапарда, мусапырчылыкта өмүр өткөрөт» [111. 4-б.]. Акын Орто Азия менен Жакынкы Чыгышты жөө аралап чыгат. Өз керт башын эркин алып, дербиш атка конуп, эл аралап жүрүп өмүр сүргөн илим, адабият, искусствонун адамдары жөнүндө маалыматтар көп эмеспи. Ошолордун бири сымал Машраб акын да жан дүйнөсүнө жакын болгон дербиштик жашоону баштан кечирген.

Бабарахим Машрабдын буга чейин жарыяланып жүргөн чыгармалары негизинен «Диван Машраб» деген аталышта XIX кылымда жыйналган кол жазмадан жана литографиялык жол менен басылып чыккан китептен алынып жүрөт. Бардык суфисттик акындар сыяктуу эле Машрабдын ырлары да элдин муң-кайгысын, үмүт тилегин чагылдырган жана түбөлүк тема болгон сүйүү лирикасына арналган. Анын коомдук-филсофиялык мазмундагы ырлары да өзгөчө орунда турат.

Я видел тех, чей дух и тело зажаты гнетом, как в тиски,

Я видел скорбных тех, чье сердце разбито болью на куски,

Я видел тех, что днем и ночью в плену безвыходной тоски [111. 8-б.]. Бабарахим Машрабдын өзбек лирикасынын өсүшүндөгү ролу чоң. Ал өзбек гана эмес, тажик, казак, уйгур, татарлардын арасында да белгилүү. Анын поэзиясы – Чыгыштын улуу акындары – Алишер Новои, Хафиз Ширази, Абдурахман Жами, Жалалидин Руминин чыгармаларынан таасир алып, элдик оозеки чыгармачылыктан сугарылган улуу поэзия.

Бабарахим Машрабдын чыгармачылыгын изилдөөчү, жыйноочу окумуштуу А.Хайитметов акындын поэзиясы туурасында «Его перу принадлежит много газелей, ряд удивительных мустазадов. Мухаммасы и мусаддасы Машраба являются образцами поэтического творчества.

Стихотворения Машраба отличаются совершенством художественной отделки, смелостью и оригинальностью мысли, музыкальностью. Многие газели и мустазады, мухаммасы и мусаддасы стали народными песнями» [112. с. 9.] – дейт. Машрабдын өлүмү жөнүндө бардык тарыхый булактарда окшош версиялар айтылат.1711-жылы мусулман динининин өкүлдөрү тарабынан сунуш кылынып, Балхтын башкаруучусу (правитель), Аштарханиддер династиясынын тукуму Махмуд Катаган өлүм жазасына буйрук кылат. Аны дарга асып өлтүрүшөт.

Тарыхый маалыматтар боюнча Бабарахим мусулман динин өтө колдогон эмес. Анын Мекеге баргандыгы жөнүндө маалымат жок. Бийлик ээлери, дин кызматкерлери менен саясий көз карашы туура келбеген. Ал өлгөндөн кийин акындын чыгармаларынын түп нускалары жок кылынган. Бирок эл Машрабды жакшы көргөн. Анын ырларын жатка билген адамдар кагазга түшүрүп, нускаларын көбөйтүп, эл арасына жашыруун таратышкан. Акындын өмүрү жөнүндөгү чындык легендага айланып, элден-элге көчүп унутулбай сакталып калган. Мурда эл, жер кыдырып жүргөн кишини кандай экенине карабай эле «дубана» деп коюшкан. «Машрап дубана» деген да анын дербиштик жашоо образынан калган аңыз ат.

Ал эми мына ушул тарыхый инсандын фольклордук чыгармадан орун алышына анын өмүр жолу туурасындагы толгон-токой уламыш, легенда, аңыз-аңгемелер себеп болгон.

«Гүлгаакы» поэмасынын бардык варианттарында орун алган туруктуу окшош окуя – Шаамашираптын Гүлгаакыны сүйүп, Коңтаажыга койчу болуп, кызды өз динине киргизип, үйлөнүшү. Айырмачылыгы: К.Сейдакматов жыйнаган уламыш менен Ы. Бейшекеевден жазылган нускада майды Гүлгаакынын денесине басып койсо боюна бала бүтүп калат. Ч.Нармырзаев менен К.Сейдакматовдо Мекеге кетет. Бул поэма, аңыз –аңгеме, уламыштарда бир канча катмарланган окуялардын, мотивдердин изи жатат. Мисалы, биринчиден амазонка тибиндеги Гүлгаакы жана анын кырк кызы эркектерден

бөлөк жашап өзүнчө ууга чыгышат, согуштук курал-жарактарды колдонууну жакшы билишет.

Амазонкалар жөнүндөгү легенда жалаң гана античный мирге мүнөздүү болгон традициялуу ойдун рамкасынан чыгып, жер шаарындагы элдердин бардыгында кездешүүчү уламыш, аңыз-аңгеме, көркөм адабият, фольклордук чыгармалардын башка жанрларында амазонкалар туурасындагы сюжеттер, образдар, белгилер кездешерин окумуштуулар илимий жана фактылык материалдардын негизинде далилдешкен. Тарыхчы, этнограф окумуштуу М.О.Косвен өзүнүн «Амазонка» деген көлөмдүү макаласында саякатчы, тарыхчы, этнограф, археолог, фольклорист окумуштуулардын материалдарынын, тезистеринин негизинде амазонкалар туурасында илимий көз караштагы такталган концепциясын берген [87. с. 44–46]. Амазонкалар [128. с. 170] античный жарым адабият, жарым фольклордук чыгармалардан баштап, биздин эрада чех, кавказ, америка, абиссин, түрк, иран тилдүү чыгыш элдеринин көркөм сөз өнөрүндө кеңири жолугат б.а образ катары калыптанган.

В.Г.Короленко, В.В.Бартольд, Л.Климович, А.Боровков сыяктуу орус окумуштуулары, жазуучулары, саякатчылары Орто Азия жана Казакстандагы түрк тилдүү элдердин элдик оозеки чыгармалары менен таанышып отуруп, «длительная борьба против нападений джунгаро-калмыцких ханов вытеснила из памяти народа многие другие важные факты их истории» [84. с. 228] деп негизинен бир түрдүү жыйынтыкка келишет. Чындыгында да, кайсы гана эпикалык чыгарманы албайлы сюжеттик өзөгүнө көптөгөн катмарланган архаикалык окуялар, мотивдер, образдар сиңирилген. Ошого карабай калмактар менен согуш негизги, басымдуу окуяны ээлеп, калгандары экинчи планда же көмүскөдө калган.

Гүлгаакы менен Машрап (Бабарахим Машраб) жөнүндөгү уламыш, аңыз-аңгемелерде кезиккен айрым көөнө мотивдер, эпизоддор жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Анткени булар чыгарманын башатына көз салууга жана жанрдын жаңылануусун аңдап билүүгө көмөк берет. Анализге алып жаткан

варианттардагы архаикалык мотив бул – *укмуштуу (сыйкырдуу) бойго бүтүү*. Кайыптан (никесиз) бойго бүтүү же болбосо илимде «партеногенез» деген термин менен аталган мотив көөнө доорго тиешелүү. Бул мотив дүйнө жүзүндөгү элдердин элдик оозеки чыгармаларында кеңири кездешет. Кайыптан бойго бүтүү мотивин окумуштуулар өздөрүнүн эмгектеринде [40; 132; 54; 88] кеңири изилдешип, пайда болгон доорун, көптөгөн түрлөрүн, өнүгүү эволюциясын кайсы элде эмнеден же кимден бойго бүтөрүн кеңири изилдөөгө алышкан. Укмуштуу бойго бүтүү мотивин негизинен баардыгы матриархат доорунда жаралган мотив катары таанышат. Академик А.Н.Веселовский «Общее, развившееся в пору матриархата, верование в партеногенез приурочивается позднее к рождению героя: он рожден сверхестественным путем, сравнение с отцом принизило бы его» [40. с. 538] – деп туура белгилеген. Кытай, Япония, Индия, Норвегия жана Чукоткада сакталган эски хроникаларда, источниктерде, легендаларда амазонкалар сууга түшкөндөн, шамалга боюн тоскондон же суудан ичип боюна болот [87. с. 44–46].

Сыйкырдуу бойго бүтүү көбүнчө амазонкаларда болот. Амазонкалар эркектерди жанына жолотпой, өзүнчө жашагандан улам эркектерсиз эле балалуу болсо болот деген ойдон чыгарылган мотив болуш керек. Улам мезгил өткөн сайын өзгөрүүгө учурап, чыгарманын кандай шартта жаралышына, сюжеттин өнүгүшүнө, элдин жашоо образына жараша модернизацияланган. Кайыптан (никесиз) бойго бүтүү алгачкы дооорлордо кадыресе көрүнүш катары кабыл алынса, коомдун өнүгүшүнүн, аң сезимдин өсүшүнүн натыйжасында ал кереметтүү, укмуштуу деп саналып, турмушта болбой турган жагдай катары сындалган. Демек, байыркы замандагы матриархат доорундагы тотемизмди карманган адамдардын бул ишеними карапайым мифтерге, аңыз-аңгемелерде, жөө жомоктордо кейипкерлердин укмуштуу бойго бүтүшү, өзгөчөлөнүп төрөлүшү туурасындагы мотивди жараткан. Бара-бара элдин сүйүктүү каармanынын айланасында түрдүү апыртмалдуу, сыйкырдуу өзгөчөлүктөр, кереметтүү окуялар топтолуп, фольклордо эпикалык жанрда

идеализацияланган образдар өмүр сүрүп келген.

Ушундай эле көрүнүш түрк-монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында, жомокторунда кеңири кездешүүчү мотив болуу менен сюжеттеги негизги эпизоддорду түзөт. Ошондой эле түрк элдеринин уламыштарында, легендаларында да (уруулардын келип чыгышында кырк кыз суудагы көбүктү ичип боюна болгон) көп жолугат. Эпикалык чыгармаларда жеген алмадан же башка мөмө жемиштен, жолборстун жүрөгүнөн, күндүн нурунан, булактын суусунан, кудайдын ырайымы менен, мусулман ыйыктарынын (олуя, кызыр, шайык) батасынан бойго бүтүп, төрөлгөн каармандар арбын кезигет. Мындай бойго бүтүүнүн өнүгүү, өрчүү стадиясы, эволюциясы да түрдүү катмарларга бөлүнөт.

Шаамашрап таманын каарыган майдан Гүлгаакынын боюна болушу бекеринен эмес. Мал чарба, аңчылык менен алектенген көчмөн эл малдын ич майын, куйругун түрдүү дарттарга дары катары көп колдонгон. Ошондой эле жаныбарлардын тотемдик ролуна жараша да пайда болгон болуу керек.

Никесиз бойго бүтүү менен бирге амазонкалык жашоо образынын айрым элементтери Гүлгаакы туурасындагы поэманын башатында аңыз-аңгеме катары сакталып калган.

Экинчи бир *көөнө мотив – өзүнүн кесилген башын көтөрүп жүрүү мотиви.* Бул мотив жогоруда мисалга алган кол жазмалардын ичинен жалгыз гана Касымбек Сейдакматов жыйнаган уламышта кезигет.

Мында Машрап самтырап, кирдеген дубана кейпи менен ак уруп, хандын үйүнө уруксатсыз кирип баргандыгы үчүн башы кесилет. Жерде жаткан башын колтугуна кысып Мекени көздөй жөнөп кетет.

Кесилген башын колуна алып, бир топко чейин өлбөй, кыймылдоо, басуу, ойлонуу, сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон ыйыктардын (святые) образынын түпкү башаты өтө көөнө доордон башталат. Бул мотив ислам, христиан диндери жаралганга чейин эле болгон. Байыркы өлтүрүлгөн жана кайра тирилген кудайлар жөнүндөгү античный мифтер менен генетикалык

байланышы бар экенин далилдеп келип, окумуштуу В.Н.Басилов ал мифтер менен каралып жаткан мотив гана эмес, ыйыктар жөнүндөгү легенда, уламыштар, аңыз-аңгемелер да сюжеттик түзүлүшү боюнча окшош, байланыштуу экенин айткан [31. 118–151-б.]. Адам кайра тирилсе болот деген примитивдик ишенимдердин, тотемдик түшүнүктөрдүн негизинде бул ыйыктардын культу пайда болуп, элдин аң сезиминде, ишениминде калыптана баштайт. Ошентип ыйыктарга сыйынуу, аларды пир тутуу парзы пайда болуп, христиан, ислам диндери жаралган доорго келип жеткен. Ушул диний агымдардын мезгилинде өзгөчө өнүгүп, аябагандай чоң аймакка – Европа жана Азияда жашаган элдердин (англис, немец, голланд, француз, индия, орус жана мусулман элдеринде) арасына кеңири таралат. Өзүнүн кесилген башын көтөрүп жүрүү мотиви архаикалык белгилери аркылуу бири-бири менен генетикалык окшош сюжеттерден орун алган. Айрыкча, орто кылымдагы саясий, тарыхый окуялар ыйыктардын өлүмү аркылуу «ишеним үчүн күрөш» деген идеянын жаралышына түрткү болгон. Ыйыктардын (азиздердин) өмүр баянына, жасаган иштерине, өлүмүнө байланыштуу сюжеттер көчмө сюжет эмес. Ар бир легенда, уламыш, аңыз ошол жергиликтүү элдин өзүндө жаралып, динге ишенген элдерде жалпы көрүнүш катары сакталган.

Ислам, христиан диндери өзүнүн көп кылымдык тарыхында бир тарыхый-маданий чөйрөдө пайда болуп, өз ара байланышта, жакындыкта өмүр сүргөн. Ошондуктан кайсы диндин өкүлү болбосун, ыйыктардын культунда окшош образ, мотив, сюжеттердин жолугушу эч кимди таң калтырбайт. Өзүнүн кесилген башын көтөрүп жүрүү мотив сикхизмде да кезигерин айта кетүү абзел. Айрыкча орус легендаларында, уламыштарында, аңгемелеринде кеңири тараган. Ал эми ислам динининин өкүлдөрү Гази –Мансур-Султан (татар), Самарканддык Куссам ибн Абас (өзбек, лакап аты Шахи-Зинда-Живой Царь), Хорезмдик азиз шейх Нажим ад-дин Кубра (суфий ордени Кубравияны негиздөөчү), Шир-Кевир-ата (түркмөн Шамсидин Тебриз (түрк) жана акын Дивана-и Машраб туурасындагы легенда, уламыштарда [156. с. 86; 148. с. 336;

34; 112; с. 144; 30] аталган мусулман ыйыктарынын баштары ар түрдүү жагдайда, ар кандай жазыксыз күнөөлөрү үчүн кесилет. Бардыгында ыйыктар кесилген баштарын көтөрүп алып, акыркы тилектерин аткарууга үлгүрүшкөн. Баштары кесилгендер оң каармандар. Мейли батыш, мейли чыгыш легендалары болсун ыйыктар ак жеринен жазага тартылганы баса белгиленип, ошондуктан өлбөй кыйналып, азап чегип, жабыркаган ыйыктар (страдающие божество) катары о дүйнөгө кеткени айтылат. Демек ишенген нерсеси үчүн (эгер бул дүйнөдө кыйналсаң, тиги дүйнөдө бейишке чыгасың. Чыныгы жашоо о дүйнөдө деген ишеним өкүм сүргөн) азап тартуу, жабыркоо идеясы (идея мученичества) акырындап отуруп христиан, ислам, сикх агиологиясынан кеңири орун алган.

Түрк элдеринде мусулман динине чейин эле шамандык жана элдик ишенимдердин башка формалары (түрдүү ритуалдар) суфизимге катуу таасир эткен. Суфизм болсо суфисттик ыйыктардын (шейх, шайык, олуя) культунун мусулман дининде жаралышына жана калыптанышына шарт түзгөн. Жогоруда аты аталган мусулман ыйыктарынын бардыгы суфисттер болгон. Суфист акын Шамашраптын (Бабарахим Машраб) өлүмү туурасындагы аңыз аңгемелердин, легендалардын сюжети негизинен окшош: Ша-Машраб бир жолу Балхтын падышасы Махмуд-хан берген палоону жебей «мен эмес менин итим дагы сен берген даамды жебейт» - дейт да падышанын тактысынын алдына даарат ушатат. Бул кылганын «падыша өз кол алдындагы элге кандай мамиле кылса, мен так ошого жооп бердим» –дейт. Махмуд-хан Машрабды өлүм жазасына тартуу боюнча буйрук берет. Машраб «мен өлгөндөн үч күндөн кийин падыша да өлөт» – дейт (ша-Машраб олуя, көзү ачык киши болгон). Дарга астына алып барышат. Ал баш кесерге (палач) өзүнүн устасы, акылчысы Сахиб-Кыран Кожо берген бычак менен гана өлтүрүүнү буйрук кылып, чапанын ичине катып жүргөн бычагын берет. Өзү барып жипке мойнун салат. Баш кесер келип Хазирети Ша-Машрабдын кекиртегине бычак урат. Машрабдын өлгөнүн угуп, Махмуд хан катуу нааразы болот. Себеби тамашалап өлтүргүлө деген экен. Ал

буйрук берип жатып көзүн кысканын кол алдындагылар этибарга албай калышат. Үч күндөн кийин падыша өлөт. Балхтын жашоочулары аза кайгысына батышат.

Машраб өлгөндөн жети күндөн кийин шаарга тогуз дербиш каландарлар келишет. Ша-Машраб өлдү деген кабарды угуп, дербиш каландарлар ачууланышып: «Эмне үчүн калп айтасыңар. Биз Ша-Машрабды Гератта кепинин көтөрүп, итин ээрчитип, Мекеге баратканын өз көзүбүз менен көрдүк» – дешет. Муну укkан Вазир Машрабдын мүрзөсүнө барып, мүрзөнүн кыбыла тарабы ачылып, ичи бош турганын көрөт...

Экинчи бир версияда дербиш-каландарлар Машраб өзүнүн кесилген башын колтуктап алып Мекеге баратканын көрдүк деп айтышат. Бул версия оозеки айтылган легендаларда көп жолугуп, дайыма туруктуу айтылат.

Мына ошентип, өзүнүн кесилген башын көтөрүп жүрүү мотиви дин ыйыктарынын культунда жашоо чөйрөсүнөн чыгып, башка көптөгөн мифологиялык сюжеттер, образдар, мотивдер сыяктуу эле фольклордук чыгармаларда жана профессионал адабиятта жашоосун улантып келе жатат.

Шаамашрап туурасындагы эл арасында сакталган мына ушундай толгон токой аңыз, аңгемелер, уламыштар, легендалар жогоруда биз сөз кылган сюжеттердин жаралышын шарттап «Гүлгаакы» поэмасынын башатын түзгөн.

Эми ушул алгачкы башат деп жаткан окуядан орун алган, Машраптын диний устаты Аппак кожо ким болгон, тарыхта орду барбы деген суроолорго жооп издеп көрөлү. Аппак кожо (Офок Ходжа) чындыгында да тарыхта жашаган адам. Ал Бабарахим Машраб менен замандаш. «Аппак кожо (өз аты Хидаяттола) 1681–1694-жылдардын аралыгында Кашкарды башкаруучу (аким) болуп турган [177. с. 32, 42, 49, 50, 54, 57, 59, 124, 317, 322, 323; 66. с. 169]. Могол мамлекетиндеги *накшбандийа-ходжаган* деген суфистик орденди жактоочу кожолор мамлекеттин ички турмушуна катуу таасир этип турган. Алар көптөгөн жылдар Кашкар, Жаркен, Бай, Уч, Чалыш сыяктуу чоң шаарларда бийликти бекем кармап турганы маалым. Кожолордун

ишенимдеринин негизин *дервишизмдин* идеялары түзүп, ошону менен бирге *зикр* чалуу да (кудайдын атынан ак уруп сүйлөө, ыйлоо, сыйынуу сыяктуу ритуалдарды аткаруу) эң негизги эрежелеринин бири болгон. Ал эми ислам дини алардын чыныгы жүзүн калкалоочу чүмбөтү болуп, эбегейсиз бийликти камсыз кылган. Мына ошол актоолук кожолордун башчысы, эң байы, таасирдүүсү Мухаммад Аминдин (ходжа Калан деген ат менен белгилүү болгон) небереси Хидаятталла (Аппак – Аффак кожо) болгон. 1681–1694-жылдары Кашкарды башкарган Аппак кожонун калмак хандары Сенге (1653–1670-жылдары бийлик жүргүзгөн) анын бир тууганы Галдан Бошокту хан (1671–1697-жылдарда бийлик жүргүзгөн) менен мамилеси дурус болгон. 1678–1683-жылдардын аралыгында бийликтен кулаган Исмаил хандын ордуна Галдан Бошокту хан Аппак кожону Жаркенди башкаруу үчүн тактыга отургузган [177. 323–324-б.]. Аппак кожонун өмүр баянына арналган Мир-Халь ад-дин ибн мавлона Казы-Шах Кучак Яркендинин (кыскача Мир-Халь ад-дин) 1730–1731-жылдарда жазылган «Хидайат-наме» [145. с. 133–139] деген тарыхый эмгеги Аппак Кожого, анын балдарына жана анын жолун жолдогон максатташтарынын тарыхына арналган. Эмгекте Кашкардын диний жана светтик бийлигин өз колунда кармап турган Аппак кожонун (азирети Эшен) бийлиги, мамлекеттин саясий иштериндеги хан тактылардын биринен экинчисине өтүшүндөгү ролу кеңири баяндалган. Ошол тарыхый инсан Аппак кожонун даңкы, аброю Мавереннахр менен Могол мамлекетинде өтө зор болуп, төгөрөктүн төрт бурчунан мюриддер агылып келишкен. Бир атадан тараган кожолор бийлик, байлык талашкан саясий оюндарда, кастыктын катаал таймаштарында эки топко – актоолук жана каратоолук деп бөлүнүп кетишет. Бул туурасында «Эта борьба перекинулась и за пределы собственно Мавераннахра и Могольское государство, в казакские и киргизские владения, где орден накшбандие усилиями этих двух враждующих групп проводил свои миссионерскую деятельность, расширяя сферы идеологического влияния и вербуя новых мюридов, а значит, и увеличивая доходы шейхов-руководителей»

[177. с. 276] – деп жазат өзүнүн «Комментарийинде» О.Ф.Акимушкин.

Мына ушул саясий кырдаалга тагдырдын буйругу менен таланттуу акын, акылгөй инсан Бабарахим Машраб да аралашып, кейиштүү себептер менен өмүрүнүн эң орчундуу бөлүгүн дербиш болуп жашап өткөн.

Аппак кожонун гареминдеги канизеги менен байланышы бар деген жалаа менен жапа чеккен Бабарахим Машрабдын өмүр чындыгы «Гүлгаакы» поэмасындагы Машрап дубана менен Гүлгаакы кыздын окуясын түзүшү да толук ыктымал. Анткени бардык варианттарда Машрап дубана Гүлгаакыны мусулман динин кабыл алып, аны карманууга үгүттөйт. Машраптын кызга болгон сүйүүсүнүн келечеги жок, бактысыз аяктайт. Бул окуяларда чындыктын изи сакталганы бир топ далилдүү.

Ал эми поэмадагы Коңтаажы, Бакаманжы деген эпикалык каармандардын тарыхта орду, изи барбы деген суроолорго айрым тарыхый окуялардын негизинде жооп издөөгө аракет кылалы. Албетте, биринчиден бул айтыла турган маалыматтар *гипотеза* түрүндө кабылданышы туура болот. Экинчиден, фактыларды салыштырып отуруп тарыхый жактан дал келген далилдерди сунуштап көрсөтүүнү туура таптык.

Коңтаажы деген термин калмак хандарынын атына кошулуп айтылчу хандык титул. Поэмага Гүлгаакынын атасынын аты б.а энчилүү ат болуп кирген. Тарыхый калмак хандарынын кимиси жөнүндө экенин аныктоо кыйын. Кыргыздар Галдан Бошокту ханды Коңтаажы деп атап алганы туурасында тарыхта, фольклордук материалдарда көп кезигет. Поэмадагы окуяларга, айрым тарыхый фактылырга карап да божомол ой айтууга болот. Мисалы, Аппак Кожо (1630–1694), Бабарахим Машраб (1640–1711), Галдан Бошокту (1644–1697) бир мезгилде жашап, Аппак кожо менен Галдан Бошокту саясий аренада бирге болгону тарыхый эмгектерде берилген. Бабарахим Машраб Аппак кожодон билим, тарбия алган жана жакын мюриди болгон. Машраб анын колунда жети жыл жүргөн. Ушул фактыларга карап поэмадагы Коңтаажы Галдан Бошокту да болушу мүмкүн же болбосо эпикалык ысым эле болушу да

толук ыктымал. Албетте, фольклордук чыгарма тарыхты жалпылаштырып берет. Ошол жалпы маалыматтарды тарыхый фактылар менен салыштырып, чындыкка жакын аргументтерди алып чыгуу илимдин милдетине кирет. «Гүлгаакы» поэмасындагы Машрап дубанага байланыштуу окуяда тарыхый реалдуулук бар. Бабарахим Машрабдын башынан өткөн окуялар трансформацияланып, оозеки жашап, фольклордук чыгарманын жаралышына негиз болгон.

Шаамашрап менен Гүлгаакынын окуясы Орузбай Урмамбетовдо кичинекей эпизодду түзөт. Шаамашрап Гүлгаакыга ашык болуп, көз арткандардын бири катары эле берилет. Айтуучу мына ушул кичинекей эпизодду элден уккан уламыштар менен жуурулуштуруп, баатыр кыздын образын түзүп, анын айланасына оң, терс каармандарды топтоп, мазмундук-композициялык курулушу көркөм, идеялык багыты аныкталган, бүтүндөй бир чоң поэма жараткан.

Кыргыздын эпикалык чыгармаларында Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Гүлгаакы, Барчын, Куялы сыяктуу эр жүрөк, баатыр кыздардын образы орун алып, ар түрдүү салттуу мотивдер менен жабдылып, баатыр кыздар жөнүндөгү эпикалык чыгармалардын галереясын түзүп турат. Булардын образынан доордун татаал, оор нравасын, элдин жашоо образын, аялзатынын назик, сүйүүгө болгон жан дүйнөсүн, энелик, зайыптык натурасын окууга болот.

Демек, жогоркудай алп кыздардын «образынын келип чыгышы жана салтка айланышы өтө узакка созулган татаал процесс» [50. 359-б.]. Бул типтеги образдар дүйнө элдеринин көпчүлүгүнүн эпикалык чыгармаларында кезигип, ал элдердин тарыхынын кээ бир баскычтарын, урунттуу окуяларын поэтикалык көркөм чагылдыруунун ыкмасы катары кызмат кылган.

«Гүлгаакы» поэмасынын сюжети өмүр баян тибиндеги эпикалык чыгармалардай баласыз атанын зарлап жүрүп балалуу болушунан баштап өрчүп отурат. Калмактын Карпык деген ханынын Бакаманжы, Коңтаажы деген уулдары болот. Коңтаажы 66 жашка келгени перзенттүү болбой жүрүп кыргыз

аялы Айымдан кыздуу болот. Поэмада баласыздык мотиви боюнча алтымыш ашып жашап, бала көрбөй «куу баш» аталган Коңтаажынын бала суранып сыйынбаган ыйык жери калбайт. Эпикалык салт боюнча зарыгып күткөн бала дайыма өзгөчө бала болуп, баатыр, ата мурасын уланткан эл башы болот. Ушул схема боюнча кыз төрөлүп, аны ырымдап жети күнү эч кимге айтпай, көрсөтпөй, акыры сүйүнчүлөп чоң той берип, ат коюу аземин өткөрөт. Сыйкырдуу карыя миң бир ооруруга дары, кышы, жайы гүлдөп турган «гаакы» деген гүл бар. Ошол гүл сыяктуу Гүлгаакы болсун деп ат коюп, көздөн кайым болот. Эпикалык чыгармаларда жөө жомоктордо ат коюу, көбүнчө сыйкырдуу абышка ат коюп, анан көздөн кайым болуп кетиши салттуу мотив катары орун алган. Фольклордук материалдарда Гүлгаакынын прототиби катары тарыхый Галдан Церендин кызы Улам-Баирды (Ламбайыр, кыргызча Олоңбайыр) айтып жүрүшөт. Бул уламыштык мүнөздөгү оозеки аңыздын тарыхый негизи бар. Улам-Баир агалары Цевань Доржи, Лама Доржи менен бирге бийлик бутагында жүргөн эрке ханыша болгон. Улам-Баир туурасында тарыхый материалдар арбын [114.]. С.Бейшембиевдин «Бөрү баатыр» деген романында да негизги каармандардын бири [32.]. Ушул тарыхый Улам-Баирдын өмүр жолундагы болгон окуялары, айрыкча өзүнө ылайыктуу жар тандап, туугандарын түйшүккө салган эрке төрайымдын жоруктары «Гүлгаакы» поэмасына негиз болгон дегенге да көптөгөн тарыхый фактылар жол ачкансыйт. Бирок О.Урмамбетовдун вариантында Гүлгаакы толугу менен фольклордук б.а. эпикалык образдын жүгүн аркалайт. Оозеки чыгармачылыктын мыйзамына жараша поэмадагы Гүлгаакы чоңоюп, суйкайган сулуу акыл эстүү кыз болот. Бир күнү атасы

Менин көзүм барында

Эл башкарып көнүп ал,–

деп, жашоодо жакшы менен жаман бирге жүрөрүн, адамдардын акылы жетик, тазасы жана карамүртөзү болорун аңдап бил,

Күлүк ойлуу адамдын

Көбүрөөк акыл сөз сурап,–

иш жүргүз деп кеңешин айтат. Көп өтпөй Гулгаакынын атасы өлөт. Каныша акыл менен эл башкарат.

Жар тандоо мотиви түрк-монгол элдеринин фольклорунда сюжет түзүүчү негизги мотивдердин бири болуп эсептелет. Айрыкча баатыр кыздарга ашык болуп, үйлөнүүгө далалат кылып келген жигиттерге кыз тарабынан атайын ойлонулган шарт коюлат. Эгер жигит шартты аткарса кыз ага турмушка чыгат, аткара албаса башы алынат. Сыноо күч, акыл эс сыяктуу эр жигитке тиешелүү баатырдыктын түрдүү ыкмалары боюнча жүргүзүлөт.

«Гүлгаакыны алам» деп жулунган калмактын зөөкүр батыры Ажым улуктан чыр чатаксыз кутулуу үчүн Гүлгаакы төмөнкүдөй шарт коет: «Биринчиси Сары-Журтка сандыктай таштардан сан жылкы кирсе баткыдай кылып короо курасың. Экинчиси карагай, отун кыйып, отун жыясың. Үчүнчүсү Соң-Көлдү кечип, аркы өйүз менен берки өйүзгө кулач уруп өтөсүң:

Аткарып келсең буларды

Алтын башым сеники,– дейт.

Акылсыз, көөдөк Ажым улук эки шартты аткарып, үчүнчүсүндө көлгө чөгүп өлөт. Ошентип калмак каны Гүлгаакы коңшу элдер менен жылуу мамиле түзүп, соода-сатык иштерин жүргүзүп, эли менен тынчтыкта жашап турат.

Ушуга чейинки окуя поэманын жалпы көлөмүнүн үчтөн экисин түзөт. Элдин жашоосу, Гүлгаакынын жасаган иштери мемиреген бейкут турмушта өтөт. Кылыч көтөрүлүп чабылбайт. Ал гана эмес үйлөнөм деп найза, кылыч көтөрүп келген баатырды да алдап, амал менен кутулат. Поэмада айтылгандай Гүлгаакынын кыдырбаган эли, баспаган жери, окубаган китеби, үйрөнбөгөн өнөрү калбайт. Поэма өзгөчө көркөм, лирикалык маанайда айтылат. Ар бир эпизод кенен баяндалып, жай турмуштук, пейзаждык, портреттик сүрөттөөлөр ийине жете көркөм иштелген.

Гүлгаакынын «Кыз төрөсү Гүлгаакы»:
Кичи пейил, жайдары
Өскөн сулуу Гүлгаакы.

Кембагал көрсө кейиген
Боорукер сулуу Гүлгаакы.

Судай таза кири жок
Тунук сулуу Гүлгаакы.

Акылы артык бул өңдүү,
Аялда жок Гүлгаакы.

Кичи пейил, кең акыл,
Кайран сулуу Гүлгаакы.

деген лирикалык образы көз алдыңа тартылат. Поэманын сюжетинде негизинен жай турмуш сүрөттөлгөндүктөн Гүлгаакынын образы дайыма акыл-эстүү, боорукер, элине камкор каныша катары мүнөздөлөт.

Бир кездерде калмактар кыргыздарга кызыл кыргын салып, чилдей таратып, көптөгөн жерлерин ээлеп алышкан. Жоокерчилик заман, бирде чабышып, бирде табышып, кээде жеңилсе, кээде жеңип, тынымсыз согушуп, ар кимиси өз кызыкчылыгынын аракетинде болгон.

“Гүлгаакы” поэмасындагы негизги каармандардын бири Гүлжигит. Көйкапты жердеген кыргыз ханы Байдуулаттын уулу болот. “Көйкап, Кап-Тоо – топоним. Элдин диний мифологиялык түшүнүгүндө бүткүл дүйнөнү курчап турган тоо. Түрк, иран элдеринин фольклорунда Көйкап жердин акыркы чеги катары сүрөттөлөт” [108. 334-б.]. Поэмадагы Гүлжигит эпикалык образ. Анын тегерегинде баатырдыкты даңазалоочу бардык касиет-сапаттар топтоштурулуп, элдик баатырдын образы жаралган.

Байдуулат жалгыз уулу Гүлжигитти өз ордуна кан шайлап, көзүмдүн тирүүсүндө жер кыдырып, кыз тандап, үйлөн дейт. Гүлжигит бир кезде калмактар тартып алган жерлерди бир айласын таап кайра алууну, ошол эле учурда калмактар менен жоолашпай тынч жашоону да ойлоп жүргөн болот. Буга Гүлгаакы гана себепкер болушу керек. Гүлгаакы сулуунун даңкын угуп, жактырып жүргөнүн досу Күлүстөнгө айтып, атасын элчиликке жөнөтөт. Атасынын:

«Кандай жан барып ала алат,
Кыздан чыккан төрөнү.
Улуту бөлөк башка элге
Кызын калмак береби –

деп, башка элге кыз издеп барып, бөөдө өлүм болбой, кыргыздан кыз алсын» дегенине болбой, Гүлжигит атасынын макулдугун алып, жүз жигит менен жолго чыгат. Гүлгаакы кабарсыз жатканда жылкысына тиет. Кайгуулга чыгып, мал уурдаган “каракчынын” кабарын билүү үчүн Мисгаакыны жөнөтөт.

Гүлгаакынын вазири, жакын курбусу Мисгаакынын образы Гүлжигит менен жолуккан жерде ачылат. “Вазирдин кызы Мисгаакы” деп айтылып, кырк кызды башкарып, машыктырып жүргөн аскер башчысы. Мисгаакы менен жигиттердин жолугушу бир топ курч берилген.

Карап турса карааны,
Көк жолборстой көрүнүп –

өзү жалгыз жигиттери менен күтүп жаткан Гүлжигитке келет. Мисгаакы «эки чалдын жылкысын уурдабай, анча кыйын болсоңор ордо чаппайт белеңер. Мал керек болсо эки үйүр жылкыны сурап келсеңер деле жолуккан калмак бермек. «Каракчы, ууру» дегендей бир топ ачуу сөз айтат. Мисгаакынын уу сөзүнө чыдабай жигит башы Күлүстөн “кутурган карыган кыздар”

Коломтосу турган жер
Кыргыздыкы экенин
Калмак эли ойлойбу,–

деп, айыбын таап айтышып, бирин-бири кордоп, чабышып кете жаздашат. Гүлжигит токтоолук кылып, бул жерге жакшы тилек менен келгенин, Гүлгаакыны сүйүп жүргөнүн,

Гүлгаакы издеп келер деп,
Жылкысын барып тийгенин

айтып, кыздан кечирим сурайт. Айдап кеткен жылкылар түгөлү менен турганын кабарлайт. Мисгаакы иштин жөн-жайын Гүлгаакыга айтып келет. Эки тарап: Гүлгаакы 40 кызы, Гүлжигит 40 жигити менен болжошкон жерден жолугушат. Баатырдык күч сынашуу достук, жылуу маанайда өтөт. Гүлжигиттин эрдигине суктанып:

Кыргыз элге Гүлжигит,
Хан экениң чын экен.
Эпсиз эрдик өзүңдө,
Бар экениң чын экен.
Найза тийсе солк этпес,
Таш экениң чын экен.

Алам десең баш мына,
Төгөм десең кан мына.

Сүйөм десең кан мына,
Сүйлөшөм десең биз мына.

Жердейм десең жер мына
Каз өрдөк сүзгөн көл мына –

деп, жеңилгенин билгизип, башын иет.

Калмактын Таргын деген баатыры Гүлжигиттин калмактын арасында ээн-эркин жүргөнүн, Гүлгаакынын жанынан чыкпаганын көрүп, ичи тарыйт. Гүлжигиттен жыгылып ызаланып калган Догонго келип:

Намысын жок, арың жок,
Көрөбүзбү кордукту
Түбү жүрүп кыргыздан,–

а көрөкчө ушунчасында Гүлжигитти жок кылбасак болбойт. Долуханга кабар кылып, кол жыйнап келип Гүлжигитти өлтүрүп, энеси кыргыз кызыталак Гүлгаакынын алдындагы тагын, башындагы багын тартып алалы. Калмактын каны сен болуп, Гүлгаакыны Долукан алып, толгон калмак жергесин, байлыгы менен экөөбүз энчилеп алабыз деп тукурат. Экөө макулдашып, бузуку Таргын калмактын Долухан деген баатырына барып, «Кыргызга кор болуп, баш көтөрбөй калдык. Гүлжигитти өлтүрүп, Гүлгаакы сулууну өзүңүз алыңыз» дейт. Сулуунун жайын уккан Долухан миңдеген аскерин кылкылдатып жолго чыгат. Соң-Көлгө жетишип, ыңгайлуу жерге бөгүп жатышат. Калмактардын куу Догон Гүлжигиттин сары изине чөп салып, баскан турганын аңдып жүрөт. Гүлгаакынын ордосуна келгенин билип, күтүп жаткан Долухан менен Таргынга жетет.

Гүлгаакынын Гүлжигит,
Төрүндө жатат деп уктум.
Эч адамдан жазганбай,
Көрүнөө жатат деп уктум.
Короолго койгон киши жок
Ээн жатат деп уктум –

дейт. Бардыгы атырылып жолго чыгат.

Бир шумдуктун болгонун жүрөгү сезген Гүлгаакы чочуп ойгонуп, Гүлжигит менен бирге душманга каршы чыгышыт. Жер жайнаган көп кол менен кырчылдашкан согуш болот. Гүлгаакы Догонду кылыч менен көк шилиден чаап салат. Муну көргөн Долухан чоюн баш менен Гүлгаакыны төбөгө коюп, жабалактаган көп калмак чачынан сүйрөп, туткундап алат. Гүлжигит таң атканча жалгыз кармашып, акыры бөгүп жаткан мергендер атына атышып, өзү жөө калганда мойнуна чылбыр салып кармап алышат.

Кабарсыз жаткан кырк кыз менен кырк жигиттин баштарын кесип өлтүрүшөт. Гүлжигитти Таргын сайып өлтүрөт. Суналып өлүп жаткан Гүлжигиттин жанына Гүлгаакыны алып келишет.

Көзүнүн жашы куюлуп,
Береним батыр деп жыттап,

жеңинин ичине катып келген канжарды алып, «как жүрөккө малып», «Гүлжигитти жазданып» өлүп калат.

Гүлжигит – кыргыз элинин баатыры, хан баласы, ата мурасы боюнча келечекте тактыны ээлемек. Анын түпкү максаты жактырган жары Гүлгаакыга үйлөнүү. Акырындап отуруп тынчтык жолу менен калмактар ээлеп турган кыргыздын жерлерин кайрып алуу. Эл, жери менен тынчтыкта, көз карандысыз жашоо. Гүлжигит – трагедиялуу образ. Анткени ал алдына койгон максатына жетпей, эртелеп жаны кыйылат.

Атадан алтоо болсо да,
Ар жалгыздык башта бар.

Жатындашым болбосо
Жалгыздыгым ким билет,–

деп арман кылат. Душман алдында, өлүм алдында анын жалгыздыгы билинет. Арачы болчу киши жок, бөөдө өлүмгө учурайт.

Эки жаштын трагедиялык өлүмү туурасындагы эпизод курч берилген. Экөөнүн өлүмүн тирүү жан эмес, булут, асман, жер, жел, көл бардыгы жоготууну көтөрө албай:

Ак булут бетке чүмкөнүп,
Азапты кошо тарткандай,
Ачык асман бүркөлүп,
Булуттун жашы тамчылап.
Кошо жашып көк дагы,
Муңканган дарты барчылап.

Ачуусу келип удургуп
Кошулуп ыйлап жел дагы.
Ачууланып толкундап,
Көбүгүн чачат көл дагы.
Жамгыр карга айланып,
Ак жайдын күнү кыш болду –

деп табият жанданып, жансыздын баарына жан бүтүп, сезип туюу пайда болуп, элдик аң-сезимдин өзгөчөлүгү баса белгиленген. Демек, табиятка карата фольклордук мамилени, жандандыруу (олицетворение природы) аракетин, көркөм ой жүгүртүүнүн шарттуулугун, табиятка болгон ишенимин көрүүгө болот. Айтуучу адам тагдырын табият менен кошо, бир катарга коет. Бул трагедия жалгыз эле пендеге тиешелүү эмес, бул – жаратылыштын дагы трагедиясы, кайгысы.

Эпикалык салт боюнча сюжет өч алуу, кун кубалоо мотиви менен аяктайт. Гүлжигит менен Гүлгаакынын өлүмү туурасындагы суук кабар Байдуулатка жетип, кыргыз, казактан мен деген эрлер чогулат. Эки жаштын өчүн алып, Таргынды өлтүрүшөт.

Казак, кыргыз биригип,
Эми түпкө жетет деп,
Тукумун үзүп калмактын,
Түгөл кырып кетет деп,–

калмактын баары качып, Үрүмчү менен Капкага кирип кетет.

О. Урмамбетовду өз алдынча чыгармачылык өнөрканасы бар феномен айтуучу, таланттуу жаратуучу десек ашык болбос. Ал айтып жатканда агынан төгүлүп, сюжетти баштан аяк ийлеп, бүт жан дүйнөсү менен берилип, сөз берметтерин терип айтат. Ал жаратуучу акын. Чыгармачылыгына үстүрт мамиле кылбайт. Ырдын ар бир сабы өз ордунда туруп, өзүнчө мааниге ээ. Кээ бир эпикалык чыгармаларды окуганда суу саптар, жел сөздөр көп кезигет. Айтуучу ойду жыйнай албай айланып,

чайналып жүргөнү байкалат. Орузбай Урмамбетов сөз баккан акын. “Гүлгаакы” поэмасына элдик оозеки чыгармачылыктагы алкыш, бата, учкул сөдөр, макал-лакаптарды элдик ырларды кеңири пайдаланган. Майда жанрлар чоң-чоң эпикалык чыгармаларга көрөнгө болгону, поэтикалык жактан байытканы белгилүү көрүнүш эмеспи. Ошолордун натыйжасында поэма эң эле көркөм, поэтикалуу чыккан.

Макалдар, учкул сөздөр элестүү айтымдар, туруктуу формулалар, айтыла турган ойго чындыкты, образдуулукту, так логиканы берип, ошол турмуштук көрүнүшкө болгон адамдын көз карашын жыйынтыктап, бекемдеп турат. Мындан сырткары элдик ырларда, эпикалык чыгармаларда жыш кезигүүчү туруктуу сөз айкаштары, так формалар айтуучу тарабынан таамай чыккан учкул, элестүү саптар, салыштыруу, баяндоо милдетин аткарган.

Бата жанрын эпикалык чыгармадагы негизги атрибут катары кароого болот. Бата айрыкча жоого, казатка аттанганда жол ачуучу, эрдикке шыктандыруучу, сактоочу магиялык күчкө ээ.

Байдуулат уулу Гүлжигитке
Кыдыр болсун жолдошуң,
Баарыңды арбак колдосун.
Саламат барып, эсен кел,
Садагасы кетейин
Жалаң баатыр жолборсум.

Кудай, арбак колдо деп,
Балдардын ишин оңдо деп.
Бара турган жолдо деп,
Кайып каскак болбо деп

батасын берип узатат. Алыс жолго аттангандар ар түрдүү кырсыктан алыс болуп, аман-эсен келишин тилөө, сурануу маанисин берет.

Каада-салт ырларынын бардык түрлөрүн (алкыш, бата, каргыш, тилек

тилөө, мактоо, кордоо, жоктоо, кошок ж.б) эпикалык чыгармалардын сюжеттик өзөгүнөн кеңири орун алып, ар бири кайсы бир мотивдин тутумунда кызмат аткарат.

Долухан Гүлгаакыны жеңип, аялдыкка алам деп жөнөгөн эпизоддо Долухандын аялы Дилдекен күйөөсүнө кайрылып,

Ак көйнөгүм алты кат,
Алганы айтат далай дарт.
Азапка салбай башымды,
Атыңдын оозун кайра тарт.

Көк көйнөгүм алты кат.
Күйүткө салбай башымды,
Күлүгүң оозун кайра тарт –

деп зырылдайт. Бакыт издебей эле, өлүмгө баратканын эскертет. Бул жерден элге кеңири тараган элдик ырдын контаминацияланышын көрөбүз. Башкача айтканда, кошок формасындагы элдик ыр каармандын сөзү катары текстке сиңирилип жатат. «Көк көйнөгүм алты кат» деген саптан кийин «Кымбатың (же күйөрүң) айтат далай дарт» деген сап түшүрүлүп айтылган. Дегеле түрк элдеринин элдик поэзиясы тропторго (метафора, метонимия, синекдоха, эпитет, салыштыруу, гипербола, литота, ирония) бай. О.Урмамбетов айткан кайсы гана поэтикалык чыгарманы албайлы айтуучунун тилинин көп кырдуу, түркүм түстүү байлыгына көңүл бурбай коюуга болбойт. Ал пайдаланган троптор сөздүн мазмунунун эмоционалдуулугун күчөтүп, ар бир образга, каармандын сөзүнө, баяндоого, сүрөттөөгө көркөмдүк, тактык, өзгөчөлүк берип турат. Жаратылышты, пейзажды сүрөттөөдө учурдагы көрүнүштү экинчи бир нерсеге окшоштуруп салыштыруулар образдуу чыккан.

Чөйчөккө куйган сууга окшоп,
Ченемдүү толкуп көл турат.

Туташ тулаң бетеге,
Тукабадай кулпурат.

Тоо талаанын баарысы
Жумурткадай ак болуп
Түн түндүгү тартылып.

Жыйынтыктап айтканда, «Гүлгаакы» поэмасы өзөгүнө көп кылымдык тарыхты камтып, бир кыйла эволюциялык өзгөрүүгө дуушар болгон. Аны архаикалык формалардан, көөнө мотивдерден түрдүү тарыхый дооорлорду басып өткөн сюжеттик катмарынан көрүүгө болот. Акыркы чоң тарыхый окуя – узак мезгилге (XVI–XVIII) созулган калмактар менен кармашуу элдин эсинде көбүрөөк сакталып, башка окуяларды, тарыхый фактыларды четтетип, сюжеттин басымдуу бөлүгүн ээлеп калган.

Изилдөөнүн башында анализге алынган материалдарга караганда матриархалдык жана амазонкалык мотивдердин, архаикалык социалдык институттун жана байыркы каада-салттын чагылышы «Гүлгаакы» поэмасынын көп катмарлуу түзүлүшүнөн кабар берет.

Эпикалык салт боюнча «Гүлгаакы» поэмасына тарыхый окуялар, коомдук формациялар, коомдук көрүнүштөр (диний), мезгил, географиялык чөйрө сыяктуу байыркы жана кийинки катмарлардын сиңирилиши чыгарманын деңгээлин көтөрүп турат. «Гүлгаакы» поэмасында дайыма оптимисттик дух жаңырып турат. Алдыга умтулуу, жакшы жашоого жетишүү идеясы биринчи планга коюлган. Поэманын негизги идеясы – мекенге, эл, жерге болгон сүйүү, анын келечегине кам көрүү, элдин, жердин эркиндиги үчүн күрөшүү. Гүлгаакы биографиялык планда түзүлгөн поэма. Окуялардын ырааттуу түзүлүшү турмуш чындыгынын логикасына туура келип, түрдүү салттуу мотивдердин системасынан курулган. Ошолордун баардыгы биригип келип поэманын тарыхый негизин аныктоого көмөкчү болгон. Негизинен поэмада белгилүү тарыхый доор турмуш чындыгы менен шайкеш келип турат.

Поэмалар мурда оозеки айтылып келсе XX кылымдан баштап кагазга түшүрүлүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Башкача айтканда, мурда фольклордук чыгармаларды таратуунун, муундан муунга калтыруунун жалгыз жолу аткаруучулук болгон. Эми чыгармачылыкта чыныгы фольклордук салтты сактап, миңдеген сап ырларды жадында тутуп, анын көркөмдүгү жогору, улуттук, элдик идеяны камтыган үлгүлөрүн түзө билген жаңы типтеги айтуучу жаратуучу акындар келди. Алар фольклордун жашашына мүмкүнчүлүк түздү. Мында аң сезимдүү чыгармачылык изденүү, жекечилдик да, оозеки эпикалык салттуулук да бар. Мындай синтез жазманын жаралышы менен шартталган.

Мына ушул жандуу чыгармачылык процесстин дагы бир туундусу – **“Сейитбек”** поэмасы. Бул поэма генеологиялык циклдешүү принцибинде түзүлүп, “Курманбек” эпосунун уландысы катары айтылат. “Сейитбектин” уландысы “Шырдакбек” болуп эсептелет.

“Сейитбек” поэмасынын О.Урманбетов [Инв. №545] жана Н.Адиев [Инв. №857] айткан эки варианты бар. Эки вариант дагы “Эл адабияты” сериясына [96.] жарык көргөн. “Сейитбек” поэмасын айтуучулар жогорку билимдүү, элдик оозеки чыгармачылыкка ышкыбоз, таланттуу инсандар. О.Урманбетовдун “Жаныш, Байыш”, “Гүлгаакы”, “Кыз Сайкал”, “Жоодарбешим” сыяктуу көркөмдүгү жогору варианттары бар экени белгилүү. Ал эми Нурдин Адиевдин да “Тариел менен Автандил”, “Семетей”, “Манас менен Алмамбет”, “Эр Табылды”, “Жортуул”, “Курманбектин уулу Сейитбек”, “Качкан кыздын баяны” сыяктуу элдик сюжеттердин негизинде иштеп чыккан чыгармалары бар. Айталы дегенибиз, эки айтуучунун да элдик сюжеттерди өздөштүрүүчүлүк, жаратуучулук тажрыйбасы мол. Ошонун натыйжасында көркөмдүгү жогору элдик поэма жаралган.

“Сейитбекти” изилдөөчүлөр (С.Закиров, Р.Сарыпбеков, Б.Кебекова, М.Мукасов ж.б.) жанрдык жактан тарыхый баатырдык поэма деп аташкан. Поэманын мазмуну, образдар системасы, окуяларынын бир сызыктуу жөнөкөй түзүлүшү мындай аныктамага туура келет. Поэманын сюжети төмөнкүчө:

Атасы Тейитбек Телторуну бербей, жанында кырк жигити жок, жоого жалгыз барган Курманбек Дөлөндүн колунан каза табат. Күйүтүнө чыдабай Канышай да өзүн канжар сайып өлөт. Артында жалгыз уулу Сейитбек жетим калат. Курманбек өлүм алдында жатып досу Акканга уулун табыштайт. Сейитбек Аккандын колунда өз баласындай эркелеп чоңоет. Күндөрдүн биринде куш салып, аңчылыкка чыккан Сейитбектин алдынан Курманбектин жигити, 12 жыл баатырдын мүрзөсүн кайтарып жүргөн Зайырбек чыгат. Ушул эпизоддон баштап поэманын окуясы өнүгөт. Сейитбек өз ата-теги боюнча билсе да, тарынтып албайын деп Аккандан ачык сурап, кеп сала албай жүргөн болот. Зайырбектен өткөн тарыхты билип, Аккандын уруксаты менен элге жөнөйт. Сейитбек өз жерине, элине келип, атасынын ордуна кан шайланат. Курманбектин кегин кууп, калмактар менен согушуп, Дөлөндү өлтүрөт. Калмактар ээлеп алган жерлерди кайтарып алат. Кашкарлык соодагер Вазилкандын кенже кызы Мөл сулууга ашык болуп, үйлөнөт. Поэманын негизги мазмуну ушул. *Сюжет баштан аяк эпикалык кыялый окуяларды чагылдырат. Сюжеттен тарыхта болгон окуяларды издөө мүмкүн эмес*. Поэмадагы окуялардын турмуштук негизи болгон чыгар, бирок тарыхый даректүү баян эмес. Ошондуктан сюжеттин историзми жөнүндө сөз болгондо, ал “калмак доорун” чагылдырган, белгилүү тарыхый мезгилди жалпылап берген фольклордук чыгарма катары карайбыз. “Сейитбектин” сюжетиндеги окуялар да эпикалык чыгарма жаратуунун салтында иш жүзүнө ашырылган. Андагы негизги идея – душман колдуу болуп өлгөн сүйүктүү каармандын өлүмүн эл кабыл алгысы келбейт. Анын артында калган туягынын өч алуусу шарт. Сейитбек ата уулу, баатырдын тукуму катары ошол вазийпаны эрдик, баатырдык менен иш жүзүнө ашырат. Чыгарманын пафосу дагы, кульминациясы дагы ушул идеяда жатат. Сейитбектин образы элдик баатырларга мүнөздүү бардык касиет-сапаттар менен жабдылып, идеалдуу оң каармандын деңгээлине жеткириле иштелген.

Ал эми поэмадагы негизги каарман Сейитбек тарыхта изи бар, XVII

кылымда өмүр сүрүп, казак ханы Эшим хан, Кашкар ханы Абд ал-Латифтер (Аппак хан) менен замандаш жашаган, Могол мамлекетинин саясий иштерине активдүү катышкан айтылуу Курманбек баатырдын уулу деп айтылат. Бул ой фольклордо, башкача айтканда, “Сейитбек” пэмасында гана айтылат. Ушул маалыматтын кандайдыр бир тарыхый негизи бар болду бекен деген ой менен Курманбекке байланыштуу тарыхый материалдарга кайрылдык.

Курманбектин саясий ишмердиги 1609–1619-жылдарда Моголстанда бийлик жүргүзгөн Шах Шуджа ад-Дин Ахмад хандын тушунда башталып, хандын бийлигин бекемдөөдө баатырдык жүрүштөрдү жасап, натыйжада Баржуктун акими болгон. Андан кийин Шах Шуджа ад-Дин Ахмад хан каза болуп, ордуна анын уулу Абд ал-Латиф (Аппак хан) тактыга келет. Абд ал-Латиф (Аппак хан) 1619–1631-жылдары бийлик жүргүзөт. Курманбек Абд ал-Латифтин тушунда согуштук иштерге өтө активдүү катышып, Абд ал-Латифтин оң колу, эң ишенимдүү адамы болгон. Хан тарабынан сунушталып, Сарыколго, Кашкарга аким болот. Абд ал-Латиф менен Абд ар-Рахимдин ортосундагы согушта Абд ал-Латифти Курманбек, Абд ар-Рахимди Эшим хан колдогон. Курманбек Могол мамлекетинин эң таасирдүү эмирлеринин бири болгон.

Абд ал-Латиф хан ооруп, көзү өткөндөн кийин, анын небереси, (Тимур султандын уулу) Султан Ахмадды хандык (тарыхта Фулад хан деген ат менен белгилүү, 1630–1632- жана 1635–1638-жылдарда бийлик жүргүзгөн) тактыга отургузууда Курманбек чоң күч жумшайт. Ахмад хан Курманбек мырзаны, Латиф мырзаны, Кара Бахадур мырзаны, Хабиб мырзаны хан ордого чакырып, ар бирине ылайыктуу кызмат берген. Курманбекти Жаркенге аким кылып шайлайт. Бул туурасында “Курманбек назначен хакимом Яркенда, многие чурасы заняли высокие воинские посты в столице. Курманбек руководил Центром армии во время сражения с Султаном Махмудом, в котором последний разбил своего брата и захватил престол” [177. с. 328; 28] – деп жазылган. Ага инилер Султан Махмуд (Кылыч хан) хан бийлик талашып,

Султан Махмуд (Кылыч хан) хан агасынан тактыны тартып алып, 1632–35-жылдарда бийлик жүргүзөт. Мына ушул учурда Султан Махмуд хан Курманбек, Латиф, Хашим, Кара Бахадур сыяктуу көптөгөн таасирдүү эмирлерди өлкөдөн кууп жиберет [177. с. 27, 36, 39, 182, 183, 185, 190, 196, 198, 200, 201, 203, 205–208, 302, 305, 327–329]. Көрсөтүлгөндөй Курманбектин Махмуд хандан (Кылыч хан) кийинки б.а. 1632–35-жылдан кийинки тагдыры белгисиз. Ал эми эпостогудай Курманбек калмактар менен согушкан эмес. Ал Могол мамлекетинин мураскорлорунун ички, өз ара бийлик талашуу ж.б. окуяларына активдүү катышкан. Бул тарыхый окуялар Жунгар хандыгына (1635–1758) чейин болгон. Демек, “Курманбек” эпосунун сюжетиндеги калмак менен согуш, Курманбек менен Дөлөндүн окуясы, Канышай туурасындагы окуялар тарыхый Курманбектин бейнесин шөөкөттөгөн көркөм ойлоп табуулар десек болот. “Курманбек” эпосу окумуштуу Б.Кебекова айткандай “өз доорунун тарыхый шартында калктын ой-сезимин ээлеп, үмүт-тилегин, учурдун проблемасын өз аймагына батырып турган реалдуу маселелерди, ичи ара бытырап, ата баланы, кошууну өз баатырын колдобой, ыдыраган калкты ынтымакташып биригүүгө, элдик каармандын тегерегине топтоп, калк эгемендүүлүгүн, өз алдынчалыгын коргоого чакыруу идеясын” [80. 171-б.] көздөгөн классикалык баатырдык эпос.

Негизинен Курманбек жөнүндөгү тарыхый маалыматтар Махмуд Ибн Валинин “Бахр ал-асрар”, автору белгисиз “Тарихи Кашкар”, Мухаммад Хайдардын “Тарихи Рашиди” жана Шах Махмуд Чоростун “Анис ат-Фалибин”, “Хроника” деген эмгектеринде жазылган. Бардык тарыхчылар ушул булактарга таянышкан. Жогоруда айтылгандай Курманбектин саясий ишмердиги, коомдогу орду жөнүндө маалыматтар учкай болсо да бар. Ал эми анын пенделик өмүр жолу, үй-бүлөсү, бала-бакырасы туурасында тарыхый маалымат кезикпейт. Ошондуктан, Сейитбек Курманбектин уулу экендиги жөнүндө тарыхый маалыматта табуу кыйын. Сейитбектин уулу деп эсептелген Шырдакбек туурасында да тарыхый даректер арбын. Мына ушуга карап

Сейитбектин прототиби болушу ыктымал деп болжолдоп, Курманбектин баласынын аты Сейитбек эмес, башка болушу да мүмкүн деп ойлоого туура келет. Себеби, фольклордо тарыхый онамастикалар эпикалык ысымдар менен, тарыхый топонимикалар эпикалык аталыштар менен алмашылып айтылышы кадимки мыйзам-ченемдүү көрүнүш. Тарыхый булактарда Курманбектин өлүмү кандай болгондугу туурасында маалымат жок. Ошондуктан баласынын калмактан өч алуусун, же атасынын кайсы бир ишин улантышы туурасында даректүү ой айтууга кыйын. Демек, Сейитбектин тарыхыйлыгы азырынча такталбаган маселе бойдон калат. Ал эми анын көркөм образы поэманын негизин түзөт. Дегеле, поэма жанрында эпостогудай монументалдуулук, фантастикалуулук же жомоктук элементтер орун албайт. Бул эпикалык жанрдын өзгөрүүгө учурап, реалисттик мүнөз ала баштаганын көрсөтөт. Ушул тенденцияны туура байкап, фольклорист илимпоз М.Мукасов “Сейитбектин элеси кыргыздын башка баатырдык эпосторундагы кадимки баатырлардын (Төштүк, Чубак, Сыргак, Курманбек ж.б.) деңгээлине көтөрүлө алган эмес. Көпчүлүк учурларда ал реалдуулукка жакын, жай турмуштун адамы катары сүрөттөлүп, эпикага мүнөздүү болгон буркан-шаркан түшкөн албуут дух көрүнбөйт. Согуштук сценалар, боталиялык айкаштар деле жайынча баяндалып, курч драмалык мүнөздөргө ээ эмес. Эпикалык салт талап кылган “баатырдык үйлөнүү” мотиви бул чыгармада өтө жөнөкөйлөштүрүлүп, романтикалуулукка, жумшак лиризмге ооп турат” [117. 336-б.] – дейт.

О.Урманбетовдун вариантында окуя кеңири баяндалган. Историзмдин принциптерин аныктай турган, азыркы мезгилде белгилүү географиялык жер, суу аттарынан 40 тай аталыш, каармандардан Сейитбек, Аккан, Зайырбек, Мөл сулуу, Вазилкан, Санжыргал, Бөрү баатыр, Эрке баатыр, Сана сынчы, Эмилбек вазир, Тейиш кан сыяктуу окуяларга активдүү катышкандарынан башка ар кайсы окуя, эпизоддордо аттары саналган 26, Сейитбек менен бирге жоого аттанган 38 жигиттин аты аталат. Жалпы 70 жакын каарман катышат. Эл, уруу, уруктардан 23 атоо бар экен. Ал эми Нурдин Адиевде окуя кыскараак

баяндалган. Ар бир окуя, эпизодго өзүнчө тема коюлуп, кара сөз менен ыр аралаш айтылат. Н.Адиевде 12 каарман, 10дон ашуун жер-суу аттары аталат. Реалиялардын поэманын талкууланышында, реалдуу жашоо шарттын мүнөздөлүшүндө көтөргөн жүгү болот. “Сейитбек” поэмасындагы бул көрүнүш эпикалык жанрдын жаңылануусун көрсөтөт. Башкача айтканда, коллективдүүлүккө караганда индивидуалдык чыгармачылык басымдуулук кылып, поэма жанрынын түптөлүшүн, калыптаныш этаптарын баамдоого болот.

Жыйынтыктап айтканда “Сейитбек” поэмасында белгилүү тарыхый доордогу олуттуу окуялар биринчи планда болуп, негизги баатыр каармандын иш аракети ошол тарыхый окуяларды, тарыхый фонду көркөм чагылдыруу үчүн шартка жараша ойлонулуп табылып, өзүнө ылайыктуу көтөргөн жүгү бар.

Поэмадагы историзм айрым мотивдерден (душмандан сактоо үчүн атадан калган туяктын башка жерде өсүп чоңоюшу, циклдештирүү принциби менен түзүлгөн чыгармалардагы атанын кечин, өчүн душмандан алуу, баатырдык үйлөнүү, элин, жерин душмандан бошотуп биримдикте, ынтымакта жашоо ж.б.), жалпы элдик идеядан, сюжеттин жаралышын шарттаган тарыхый окуялардан орун алган.

Поэмадагы топонимдер, этнонимдер конкреттүүлүккө, реалдуулукка ыктаган. Бул поэмадагы индивидуалдуу чыгармачылык салттын мүнөзүн көрсөтөт.

“Шырдакбек” поэмасы Кыргызстандын түндүк, түштүк аймагында кытайлык кыргыздарда айтылып, тарыхый уламыш, аңыз-аңгеме, поэма түрүндө жолугат. Мындан сырткары эл арасында Шырдакбекке жана анын Боз жоргосуна байланышкан окуялуу санжыра, ырдуу күү, ылакап сөз, аңыз кеп, мактоо ыр сыяктуу түрдүү фольклордук материалдар арбын. Аталган материалдардын дээрлик бардыгы КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Поэманын айрым варианттары жарык көргөн [182; 179].

“Шырдакбек” поэмасы боюнча белгилүү фольклорист окумуштуу Б.Кебекова менен тарыхчы О. Ахмедов биргелешип жазган “Шырдакбек” чыгармасынын фольклордук жана тарыхый негизи” деген илимий макалада [81. 5–28-б.] бир топ аргументтүү ойлор айтылган. Анда поэманын сюжетинин жана баш каармандын тарыхый негизин аныктоочу түрдүү фольклордук жана тарыхый материалдар каралып, поэманын бүгүнкү күндө сакталып калган бардык варианттарына, варианттык деңгээлге жетпеген нускаларына, уламыштык материалдарга, санжыраларга, аңыз кептерге, тарыхый ырларга кеңири токтолуп, өз ара салыштырылып, сюжеттеги окшош жана айырмалуу окуялар, эпизоддор талданып, жалпыланып берилген. Изилдөө “Шырдакбек” поэмасы боюнча бир топ кеңири изилденген эмгек болуп эсептелет. Буга чейин поэманын жазылган, жыйналган мезгили, нускалары, айтуучулары, варианттары, сюжети туурасында китептерге жазылган баш сөздөрдө [182. 154 б.], очерктерде [103. 706 б.], адабияттын тарыхында [100. 676 б.] айтылган. Ошондуктан биз бул проблемаларга кайрылбайбыз. Поэмадагы историзмдин принциптери кандай даражада чагылдырылганы туурасында жана поэманын сюжетинин өнүгүшүндөгү жаңылануу процессин карайбыз.

“Шырдакбек” поэмасынын негизинде тарыхый реалдуу чындык жатып, баш каарман Шырдакбек тарыхта жашаган белгилүү инсан катары берилет. Шырдакбек жөнүндөгү тарыхый жана фольклордук материалдардын бардыгында Шырдакбек XVII кылымда жашап, кичи мекени Андижан (Андижан чөлкөмү деп түшүнүү керек), уруусу кыпчак делинип, эл башында турган инсандын аткарган саясий иштерине байланыштуу Андижан, Кокон, Ош, Нарын, Фергана, Маргалан, Наманган өрөөндөрүн жана Чыгыш Туркестандын Кашкар, Уч, Карашаар, Турпан Аксуу, Жаркен аймактарын жердеп, бек, аким, хан деген жогорку бийлик орундарында отуруп өткөн деп айтылат.

Биринчи кезекте чыгарманын жаралышына негиз болгон баш каарман жана анын айланасындагы окуялар туурасында тарыхый маалымат, даректүү

материалдар сакталып калганбы деген жүйөөлүү суроого бир гана Шах Махмуд Мирза Фазил Чоростун “Хроникасын” көрсөтө алабыз. Ушул жерде айта кете турган сөз изилдөөчү О.Ахмедов өзүнүн “Шырдакбек – тарыхый инсан” [22.] деген макаласында *“Ш.Б.Чимитдоржиевдин “Взаимоотношения Монголии и Средней Азии в XVII-XVIII вв” (М.1979.) деген китебинин акырында “Ислам-намеден” (1756-жылы ыр түрүндө жазылган эски уйгур тилиндеги хроника) үзүндү келтирген. Хрониканын “Жолборс хандын калмактарга качышы тууралуу аңгеме” деген жеринде төмөнкүдөй маалымат орун алат”* деп, Шах-Махмуд Чоростун Хроникасынын 236–237-беттериндеги “Рассказ о прибытии Нур ад-Дин-хана из Аксу и о бегстве Йулбарс-хана к калмакам” деген бөлүмүндөгү маалыматты келтирген. Андан ары О.Ахмедов *“ШахМахмуд Чоростун хроникасында да дал ушундай маалымат кездешет”* деп жазат. Бул туура эмес маалымат “Шырдакбек” чыгармасынын фольклордук жана тарыхый негизи” [81. 23-б.] деген макаладан да орун алган. Ал эми туурасы Шырдакбектин өлүмү туурасындагы бул маалыматты Ш.Б.Чимитдоржиев аталган китебинин аягындагы тиркемесине Шах Махмуд Чоростун “Хроникасынан” алып киргизген. О.Ахмедов болсо *“Ш.Б.Чимитдоржиев “Ислам-Намеден” алган”* деп туура эмес жазган. Шырдакбек жөнүндөгү тарыхый маалымат бир гана Шах Махмуд Чоросто жазылган. Калган бардык тарыхчылар ушул “Хроникадагы” тарыхый булактарга таянышкан.

Ал эми Б.Солтоноев, Тоголок Молдо, Ы.Абдрахманов, А.Вышнегорский, Үсөйүн ажы жана башкалардын материалдары оозеки булактардан алынгандыктан аларды тарыхый материал катары кароого болбойт. Алардын өзүнө мүнөздүү маанилүү кызматы болорун эстен чыгарбоо керек.

Шах Махмуд Чорос түрктөшкөн моголдордун Чорос уруусунан болгон. Атасы согуштук көчмөн аскер кызматчысы катары Жаркенде кызмат өтөгөн. Шах Махмуд XVII кылымдын 20-жылдарында төрөлүп, 1696-жылы 70 жаштан өтүп өлгөн. Анын бүт ата-бабалары таасирдүү аскер кызматкерлеринен болуп,

жогорку чиндердеги кызматтарды ээлеп турган. Шах Махмуд өзүнүн даңазалуу “Хроникасын” 1673–76-жылдары Исмаил хандын тушунда жазып, Могол мамлекетинин жергиликтүү башкаруучуларына арнаган. “Хрониканын” биринчи бөлүгү толугу менен Мухаммад Хайдардын “Тарих-и Рашидисинен” көчүрүлгөн. Экинчи бөлүгүн автор өзү жазган [177. с. 12–43, 60–64, 68–102].

“Хроникада” Шырдакбек жөнүндө кыска-кыска гана маалыматтар берилген. Эми Могол мамлекетинин кайсы тарыхый мезгилиндеги кайсы тарыхый окуяларына Шырдакбектин катышы болгон деген суроого “Хроникадан” жооп издеп көрөлү. Шырдакбек мында жалаң гана саясий иштерге катышып, мезгилдин мыйзамына жараша жашап, иштегени ачык байкалат.

Шах-Махмуд Мирза Фазил Чоростун “Хроникасы” Моголстан мамлекетинин тарыхы жана кыргыз, казак, өзбек, калмак элдеринин тарыхынан маалымат берген биринчи булак (первоисточник), оригиналдуу материал экени тарыхта маалым. “Хроникада” Могол мамлекетинин Шейбаниддер, Аштарханиддер, казак хандары, султандары, кыргыз уруу башчыларынын, калмак феодалдары менен болгон өз ара мамилелери, ички жана сырткы саясаты туурасында так маалымат берилген. Баса белгилегенибиздин себеби, автор толугу менен өз башынан өткөрүп, көзү менен көргөнүн, өзү калыптанган, жашаган чөйрөнү жазган.

Могол мамлекетинин башкаруучулары менен казак, өзбектердин өз ара мамилеси көбүнчө сырткы саясий иштерден ачык байкалса, кыргыздар менен болгон байланышы сырткы саясий мамилелерден мамлекеттин ички маселелерине чейин өсүп жеткен. Бул туурасында көптөгөн араб, фарсы, түрк тилиндеги тарыхый булактардын ишенимдүү фактыларына таянып, белгилүү илимпоз тарыхчы О.Ф.Акимушкин Шах Махмуд Чоростун “Хроникасына” карата жазган “Введение в изучение памятника” деген илимий макаласында “Киргизы не только к началу XVII в. обосновалась на северных и северо западных границах Восточного Туркестана, но сделались предметом особых

тревог наместников Кашкара, Уча и Аксу. Испытывая все возраставшее давление калмаков и используя явно наметившееся ослабление центральной власти, киргизы начали проникать в районы Кашгара, Уча и Аксу и оседать там. И тот момент наиболее примечателен, потому что движение киргизов сопровождалось их массовым переселением в пределы Могольского государства. Последнего обстоятельства мы не наблюдаем у казахов или калмаков. В начале правители Яркенда пытались как-то противостоять этому движению. Но впоследствии, не справившись с ним, они решили использовать киргизские роды и племена в своих целях, увидев в них силу, способную укрепить ханскую власть в борьбе с могущественной военно-кочевой знатью" [177. с. 130] – деп баса белгилеген.

Мында көрсөтүлгөндөй XVII кылымдын башынан баштап эле Кашкардын, Учанын, Карашаардын, Турпандын, Аксуунун, Жаркендин бийлөөчүлөрү, хандары кыргыздар менен эсептешүүгө мажбур болгон. Анткени борбордук бийликтин начарлыгынан, күчтүү уюштурулган аскердик күчү болбогондуктан бийликтегилер кыргыз урууларынын күчүнө таянууга муктаж болушкан. Ордолордо кыргыздардын таасири күчөп, алар мамлекеттик жана аскердик чоң-чоң кызматтарга дайындалган. Мисалы, Абдаллах хандын (1638–1668-ж. бийлик башында турган) тушунда Ыдрысбек-бакавул Каргалыктын акими, Сатимбек-эмир Янги-Гисардын акими, Кушайбек армиянын борборунун йасаулу (административдик саясий иштерди аткаруучу), Кепекбек сол канаттын улуу эмиринин йасаулу, **Шырдакбек** шигаул (элчилерди, чет элден келген официалдуу өкүлдөрдү кабыл алып, эмирге, ханга көрсөтүп тааныштыруучу) болуп иштеген [177. с.134, 135, 237]. Ошол эле учурда "Миграция киргизов из районов Северного Тянь-Шаня в пределы Моголського государства повсеместно приводила к смене их политической ориентации. Например, киргизские роды и племена, боровшиеся с Абдаллах-ханом, когда он предпринимал грабительские набеги на Ош, Андижан и Ак-Сай, переселившись в пределы этого государства, уже считали себя его

союзниками (если не вассалами) и учавствовали в его внешнеполитических акциях. Такие киргизские бии, как Койсары, Кара-Кучук, Йол-Булды, Чон-кан, активно боровшиеся с ханом, впоследствии состояли у него на службе" [177. с. 133] – деп кыргыздар шартка, жагдайга жараша иш жүргүзүп, Могол мамлекетинин ички жана сырткы саясатына тыкыр аралашып, кээде союздаш, кээде каршылаш болгонун О.Ф.Акимушкин белгилейт.

Моголдордун аскеринин катарында кыргыз урууларынан түзүлгөн кошуундар пайда болуп, казаттарда чоң эрдик көрсөткөн. 1631–1632- жылдары кушчу уруусунан Сокур-бий өзүнүн жети миң аскери менен Султан Махмуд хан өзүнүн агасы Султан Ахмад хан менен согушканда жардамга келип, казат ийгилик менен аяктап, Султан Махмуд хан Жаркенди ээлеп, тактыга отурган [130. с. 61, 155]. Мындан сырткары чоң багыш, кушчу, кыпчак урууларынын таасирдүү эл башчылары жана алар баштаган аскер кошуундары Абдаллах хандын мезгилинде Кашкар менен Аксууну колдоруна кармап, иш жүзүндө дээрлик бийлеп турган. Ошол себептүү Абдаллах хан анын уулдары Жолборс хан менен Нур ад-Дин хан кыргыз бийлеринин ошепке күч алуусунан сактанып, монгол ак сөөктөрүнүн жана көчмөн феодалдардын нааразычылыгынан пайдаланып, 10 миңдеген кыргыз бийлерин, бектерин, байларын таасирдүү аскер адамдарын кырып салышкан [177. с. 130–135; 26. с. 216–226].

Могол мамлекетинде өз ара бийлик, так талашуу кадимки көрүнүш болуп, ата баланын, ага ининин (же тескерисинче) канын төгүп, коомду төө чачты тик тургузган катаал окуялар коштоп турган. Ошондой эле Ордодогу кутумдардын айынан 1638–1668-жылдардын ортосунда бийлик жүргүзгөн Абдаллах хан менен уулу Жолборс хандын (1668–1670) ортосундагы чатак да бир канча адамдардын тагдырына балта чапкан. Ошолордун бири **Шырдакбек** болгон. Шырдакбектин өлүмү туурасындагы эң алгачкы жана жалгыз тарыхый маалымат Шах-Махмуд Чоростун "Хроникасында" берилген. "Нур ад-Дин хандын Аксуудан келиши жана Жолборс хандын калмактарга качышы" деген

окуясында “Когда войско, что ушло в погоню за тем отцеоскорбителем, вернулось в Йарканд, хан милостиво обошелся со своими эмирами. Однако кашкарских же эмиров, а из своих и Шах-Баки-бека с сыновьями и **мирзу Ширдака шигавула** и еще некоторых бросил в темницу. Спустя несколько дней он выпустил (их) из темницы, потому что большинство из них, а именно мир Халил-шах с сыновьями и Шах-Баки-бек с сыновьями были сайидами по происхождению. Эти, ныне уже усопшие, эмиры были с головой выданы калмакам, и (хан) заставил их тем самым испить из рук калмаков около Бай-тюбе напиток мученической кончины” [177. с. 237] – деп айтылган. Окуя 1667-жылдарда болгон. “Хроникада” Шырдакбек туурасында мына ушундай гана эпизоддорду жолуктурууга болот. Булардан башка ал жөнүндө маалымат жок. Ушул тарыхый маалыматтар Шырдакбек туурасында оозеки айтылган, түрдүү жанрдагы материалдарда камтылган маалыматтардын тарыхый негизи бар экенин далилдейт. Шырдакбектин Жаркен, Кашкар хандыктарынын бийлик бутагында жүргөндүгүн, чоң окуяларга аралашкан саясий жана мамлекеттик ишмер болгондугун дагы бир ирет бекемдейт. Ошондой эле ал 1667-жылы каза болгону тарыхый “Хроникада” жазылган. Демек, Шырдакбектин XVII кылымда өмүр сүргөнү анык.

Шырдакбектин тарыхый байнесине түрдүү фольклордук окуялар – *Шырдакбектин Бозжоргосу, өзгөчө сүйүп, аздек мамиле кылган сулуу аялы жана анын чыккынчылыгы, калмак баскынчылары менен болгон согуштар* жуурулушуп, эпикалык багыттагы тарыхый баатырдык поэманын жаралышын шарттаган. “Шырдакбек” поэмасынын фольклордук жана тарыхый материалдарына карап, чыгарма тарыхта аты калган, XVII кылымда жашаган тарыхый инсандын өмүр жолун, саясий ишмердигин көркөм баяндаган баатырдык тарыхый поэма дейбиз. “Шырдакбек” поэмасындагы негизги каарман Шырдакбектин “генеологиясы такталган, тарыхта аты калган үзөнгүлөш замандаштары бар, XVII кылымда жашаган реалдуу тарыхый инсан экендиги” [81. 26–27-б.] изилдөөлөрдүн натыйжасында эчак такталган маселе.

Ал эми поэманын историзмин аныктоого көмөкчү боло турган, чыгармадан орун алган тарыхый инсандар жана окуя чагылдырылган тарыхый доор туурасында тактап айта кете турган маселелер бар. “Шырдакбектин” уламыш, санжыра, аңыз-аңгеме, тарыхый ыр, поэма түрүндөгү бардык нускаларында негизги душман калмак деп эсептелип, Шырдакбек элин калмак баскынчыларынан коргогон баатыр, эл башы, хан катары мүнөздөлөт. Жогоруда тарыхый даректерде көрсөтүлгөндөй чындыгында анын жаш курагынын акыл-эске, күч-кубатка толуп турган мезгили Могол мамлекетинин тарыхый жана саясий окуяларына жана калмак жапырыгынын алгачкы чейрегине туура келген. Фольклордук чыгармаларда, маселен Тоголок Молдонун “Шырдакбегинде” окуя “Шырдакбек бүткүл Анжиян, арканы каратып, калмак менен беттешип турган. Бул кезде калмактын ханы *Чагай* болуп, бүтүн Алты шаар, Кашкарды бийлеп турган. *Амурсан* деген Ат-Башыда туруп, бул арада *Коңтаажы* менен Чагай хандык талашып, калмактар да калаба салып, Чагайга келет. Буга Чагай орун бербей, Коңтаажыны Ала-Тоого айдап жиберет.

Коңтаажы ээн жер, ээн элге келип, Чүйдүн башы Кеминден орун алган. Башы Ысык-Көл, Кызыл-Кыяга чейин, аягы Талас, түн тарабы Иле, күн жүрүш тарабы Анжианга чейин хандык кылып калкын сурап турган. *Калдама* деген уулун Анжианды суратып койгон. *Ажаан* деген уулу Сары Өзөн Чүй, Кочкор, Жумгал Нарынды сурап турган. Коңтаажы өзү Иле, Ысык-Көлдү сураган” [179.] – деп башталып, “Шырдакбектен” орун ала турган окуяларга жалпы ремарка берилген. Ы.Абдрахманов жазып алган уламышта негизги душман *Калдан, Амурсан. Тооке* болсо Шырдакбектин замандашы катары айтылат. Ал эми 1974-жылы Жанжигит Казакбаев Өмүкеев Абдыдан (бул вариантты А.Өмүкеев Калык Акыевден угуп үйрөнгөн экен) жазып алган “Шырдакбек” поэмасында башкы душман калмак ханы *Шыгай* деп айтылат. Биз астын сызып көрсөткөн тарыхый инсандардын жашаган мезгили иш аракети тарыхта төмөнкүдөй болгон. Чагай, Шыгай эпикалык каармандар. Мүмкүн калмактын

кайсы бир хандарынын прототиби чыгар. Аны айтуу кыйын.

Казак ханы Тоокенин ысымы Тоголок Молдонун вариантында да жолугат. Тооке чыгармада негизги роль ойнобойт. Шырдакбек менен замандаш жашаган хан, пикирлеши, союздашы катары эскерилет. Тарыхта Тооке казактын Эшим деген ханынын уулу Жангирдин (Жахангир) уулу болот. Тооке 1680-жылы бийликке [142. с. 71–73] келген. Бул мезгилде Шырдакбек жок эле, б.а. көзү өткөн болот. Экөө бийлик сересинде жолуккан эмес.

Эми чыгармадагы Коңтаажы – Галдан Бошокту жөнүндө сөз. “Шырдакбектин” Тоголок Молдо айткан, Ы.Абдырахманов жазып алган ж.б. вариант, уламыштарында Калдан деген терс каарман бар. Калдандын өз аты Галдан Бошокту хан (1644–1697) чорос уруусунан болот. Батур Хунтайчынын уулу. Ал бийликке агасы Сенге өлгөндөн кийин келип, 1671-жылдан 1697-жылга чейин Жунгар хандыгын башкарган [105. с. 76].

Галдан Бошокту хан башында турган калмактар 1683, 1684, 1685-жылдарда кыргыздарга жана ферганалыктарга катуу сокку уруп, согушкан. Галдан өзүнө караткан жерлердеги башкаруу системасын өзгөртпөй, мурдагы боюнча калтырып, ал өлкөгө өзүнүн башкаруучусун, аскерин коюп, ошол аркылуу көзөмөлдөп турган. Ошол эле учурда жергиликтүү бийлик ээлери аны колдоп, өзүлөрүнүн ордун бекемдөөгө аракет кылышкан. Мисалы, Ысык-Көл аймагындагы кыргыз билермандары калмактарга колдоо көрсөтүп, керек болсо жардам берген [29. с. 93]. Жунгар хандыгынын тушунда кыргыз эли болуп көрбөгөндөй согуштук басырыктарга туш болуп, азып-тозуп жашоого аргасыз болгон. Кээ бир тарыхый жана оозеки маалыматтарга караганда Ысык-Көл аймагындагы кыргыздар гана калмак баскынчылыгына карабай Көл аймагында көчүп, конуп жашаган. Ал эми Тянь-Шань аймагындагы кыргыздар Андижан тарапка көчүүгө мажбур болгон. Кийин Жунгар хандыгы кулагандан кийин кайра көчүп келишкен. Галдан (Бошокту хан) өтө мыкаачы болуп, анын жолуна бөгөт болгондор менен аесуз күрөш жүргүзгөн. Ламаизм дини да ал басып алган жерлерге Галдандын мезгилинде тараган.

Галдан бийлик жүргүзгөн мезгилде алгач Чыгыш Туркестан, азыркы казак, кыргыз, өзбек элдери жашаган аймакка баскынчылык кылып, бүт багындарган. 1697-жылы 13-мартта 52 жашында өзү уу ичип өлгөн [65. с. 313].

“Шырдакбектеги” Коңтаажынын уулу деп берилген Калдаманын өз аты **Галдама**. Ал Жунгар империясынын биринчи ханы, Эрдене Батор Хунтайчынын кызынын баласы. Атасы хошоут уруусунун Очирту Цецен деген ханы болгон. Галдама 1635-жылы туулган. Ал өтө жаш кезинен согуш иштерине катышып, 17 жашында 1652-жылы колду жетектеп келип, Тянь-Шань кыргыздары менен согушуп, багындырат [189. с. 201]. Ошондо казактар менен да согушуп, казак султаны, 1640-жылдан баштап хан титулун алган [105. с. 28] Жангирди (Эшим хандын уулу) жеңет. Бул жеңиши аны легендага айландырат. Галдама алгачкы мезгилдерден эле таланттуу аскер башчы катары калмактарга, катаал душман деп кыргыздарга таанылып, тынымсыз баскынчылык жүрүштөрдү жасаган. 1658-жылы Таласка келип, кыргыз, казак менен согушуп, Таласка келген Бухаралык аскер башчы Абдышүкүрдүн 38 миң аскерине өзүнүн 3 миң аскери менен каршы туруп жеңип, Абдышүкүрдү өлтүрүп, туткундарды Жунгарияга жөнөтөт [173. с. 12]. Галдама Батор Хунтайчы менен анын уулу Сенгенин тушунда аскер башчы болуп турган.

Эми “Шырдакбек” поэмасындагы *Ажаан, Амурсан* ж.б. негизги душман, терс каарман катары орун алган калмак баскынчыларынын иш-аракети, кыргыз элинин тарыхына калтырган издери туурасында кыскача айтып өтөлү.

“Шырдакбектеги” Калдан ушул Галдан Цэрэндин прототиби болушу да мүмкүн. **Галдан Цэрэн** (1693–1745) Жунгар хандыгын атасы Цеван Рабдандан мурастап, 1727-жылдан 1745-жылга чейин хандык кылган. Галдан Цэрэндин тушунда Жунгар хандыгы ири өнүгүштөргө жетишип, тышкы саясаты кулач жайып турган. Ал 1732-жылы Кетмен-Төбө, анжиян кыргыздарын багындырып, 1734-жылы ташкент шаарын басып алган. Андан кийин анын улуу баласы Лама Доржи менен эр жүрөк нойондору баштаган күчтүү армиясы 1742–45-жылдарда Наманган, Кайнар, Коконду курчоого алып, Ташкентти

кайрадан басып, өзүнө каратат. Ошондо Абдулкерим хандын армиясынын составындагы кыргыздар калмактарга каршы тынымсыз күрөшүп, 1748-жылы лама Доржинин армиясына катуу сокку урат [173. с.64].

Галдан Цэрэнди Цин империясы менен болгон акыркы согуш катуу алсыраткан. Ошондой эле ойрот тайчыларынын ички өз алдынчалыгын басып, Жунгар мамлекетин кармап турууга да көп күч сарптаган. Өмүрүнүн акырында тайчыларын, зайсандарын чакырып, *"Менин мурасчым уулум Цеван-Доржи-Аджа-Намжил болот*" [91. с. 7] – деп керээзин айтат. Ошол мезгилде **Аджа** (1732–1750–52) 13 жашта болгон. Мураскорлордун так талашуу, ички карама-каршылыктын чексиздигинен хандар өтө жаш өлүп, бийлик тез-тез алмашып турган. Аджа да ошол себептүү 20 жаштан өтүп эле киши колдуу болгон. Аджа-Намжил өтө катаал, кара мүртөз болгон. Ал кыргыздарга аесуз мыкаачылыктарын көп көргөзгөндүктөн эл аны **Ажаан** деп атаган. Тактыны эреже боюнча Аджанын иниси он жаштагы Цеван-Даши ээлемек. Бирок, аны Галдан Цэрэндин улуу баласы Лама-Доржи (Бир Бухаралык соодагер Ташкендин кул базарынан сатып алып, Галдан-Цэрэнге тартуу кылган кыздан (наложница) төрөлгөн. Ал аял Галдан-Цэрэндин мыйзамдуу аялы болгон эмес) өлтүрүп, тактыны ээлөөгө жол ачат.

Бийлик тактысын ээлеген Лама-Доржи (эми Эрдене-Лама-Батур-Хунтайчы) бийликти талашуу, өзүнөн бардык жагынан кыйын **Амурсанды** [91. с. 175] эсине түшүрөт. Амурсан туурасындагы тарыхый маалыматтар белгилүү тарыхчы В.С.Кузнецовдун "Амурсана" деген китебинде кеңири берилген. Тарыхчы окумуштуу бул китебин орус, кытай, монгол жана ойрот тарыхый маалыматтарына, летописterине таянып жазган. Эмгек XVIII кылымда өмүр сүргөн монгол элинин улуттук баатыры, көрүнүктүү саясий ишмер, аскер башчы Амурсандын өмүр жолуна ишмердигине арналган.

Амурсан Цевань-Рабдандын жээн небереси. Демек ата тарабынан эмес, эне тарабынан мураскор болгон. Мына ушул күндөн баштап Лама-Доржи менен Амурсандын ортосундагы элдешпес кармаш башталат. Акыры көп

өтпөй, Амурсан Лама-Доржини өлтүрүп, 1752-жылы ордуна [173. с. 52] түз мураскор, Галдан Цэрэндин небереси 20 жаштагы Дабачини (Давацы) отургузат. Бирок, Дабачи Амурсандын эмгегин баалабайт. Ошонун айынан Амурсан менен Дабачинин ортосунда түбөлүк кармаш башталат.

Бийлик менен байлык адамдын маңызын аныктап, ар дайым адам өлүмү менен коштолуп отурган. Дабачи менен Амурсандын карама-каршылыгы да ушундан чыккан. Акылсыз, бүгүнкү күн менен жашаган, келечекке саресеп салалбаган Дабачи, Амурсандын кыжырын кайнаткан. Монголдордун келечегинен кабатыр болгон акылдуу, эр жүрөк Амурсан өзү бийликке отургузган Дабачини өлтүрөт. Амурсан тактыга отурууга ата тарбынан эмес, эне тарабынан хан тукуму болгон. Демек, Лама-Доржиге караганда мыйзамдуу мураскор.

Ойрот, Жунгар хандыгында сырткы душмандан да ички карама-каршылыктар, мураскорлордун ортосундагы так талашуу эң эле оор абалга жеткирип, ошонун айынан далай ордо акылмандарынын, тайчылардын, зайсандардын башы эч нерсеге арзыбаган кемчиликтер үчүн кесилип турган. Анын айынан карапайым эл эзүүдөн, түйшүктөн бошобой кыйноодо жашаган. Ошентип эки тараптуу согуш (ички жана сырткы) Жунгар мамлекетин саясий жана экономикалык жактан жардылантып, стабилдүүлүк бошоңдоп турган. Ошого карабай Жунгар мамлекети кошуна элдерге тынымсыз согуш жүргүзүп, бийлик сересин бекемдеп турууга аракет кылган. Жунгар мамлекетинин акыркы ханы Амурсан (1722–1757. 21-сентябрь) болгону 35 жыл жашап, өзүнүн кыска өмүрүндө монголдордун көз карандысыздыгы үчүн талыкпай күрөшкөн. Ал өмүрүнүн акырына чейин эң негизги душманы катары кытай-маньчжурларды эсептеп, тынымсыз согушкан. Ошол эле учурда казак, кыргыз менен да бирде эки тараптуу кызыкчылыктар үчүн келишип, бирде согушуп турган. Анын өмүрү легендага айланып, Кытайдан далай жылдар кордук көргөн монголдор үчүн элдик баатыр, улуу кол башчы, мамлекеттик ишмер катары тарыхта калган. Өмүрүнүн акырында Кытай биротоло артынан

түшкөндө орустарга өтүп, ооруп, каза болот [91.].

Мына ошентип “Шырдакбек” поэмасында чагылдырылган калмак төбөлдөрүнөн Батор Коңтаажы, Галдама, Галдан Бошокту Шырдакбек менен замандаш болгон. Ал эми Ажаан (Цеван-Доржи-Аджа-Намжил), Галдан Церень, Амурсан Шырдакбектин заманынан дээрлик бир кылым өткөндөй кийин, XVIII кылымда өмүр сүрүшкөн.

Эпикалык чыгармаларда тарыхтын хроникасы, бийлик ээлеринин, хандардын бийликке келүү катары дайыма эле так сактала бербейт. Оозеки чыгармачылыктын табиятына жараша кээ бир окуялар өзгөрүлүп, элдин мүдөөсүнө жараша талкууланып, окуя болуп өткөн мезгили да өзгөрүлүп, башка бир окуяларга кошулуп айтыла берет. Тарыхый инсандар өз доорунан алда канча кийин башка бир чыгармага каарман болуп катыша берген учурлар да арбын. Ошондуктан тарыхтагы реалдуулукту аныктап, фольклордук чыгарма менен катышын аныктоо историзмдин принциптерине кирет. Фольклор оозеки жаралган көркөм чыгарма болуу менен ишенимдүү, мыкты маалыматтардын булагы да болуп эсептелет. Фольклордук чыгармаларда бир гана айтуучу тарабынан сейрек кездешүүчү маалымат айтылган учурлар болот. Ал маалымат башка айтуучуларда жолукпашы мүмкүн. Башкаларда жолукпагандыгы үчүн аны четке какпай, тескерисинче, кылдат изилдеп, тактоо керек. Анткени анда маанилүү тарыхый факты жатышы толук ыктымал. Мындай жагдайлар кыргыз фольклорунда өтө көп. Тилекке каршы, бул маселеге өтө көңүл бурулбай жатат.

Мисалы, Тоголок Молдо кыргыз тарыхын, санжырасын, элдик оозеки чыгармаларын эң жакшы билген, энциклопедиялык билимге эгедер инсан болгон. Анын айтуусундагы “Шырдакбектин” вариантында “Эр Төлөк”, “Хан Төлөк”, “Санжыралуу Эр Төлөк”, “Оен Төлөк” деген эпитеттер менен берилген бир каарман бар. Шырдакбектин эрке айымы Боз жоргону минип, калмактын ханы Чагайга качып барат. Хан Шырдакты чанып качып келген айымдын сырын уккандан кийин Чагай, “Ушундай адамга чыккынчылык кылган аял мага

жакшылык кылмак беле. Ак никелүү күйөөсүнө жамандык кылгандарга сабак болсун” деп эрке айымды аябай кордоп иштетип, акыры эки бутунан эки төөгө байлап сүйрөтүп өлтүрөт. Боз жоргону 40 жигиттен Шырдакбекке берип жиберет. Душман да болсо жакшылыгын баалап, Шырдакбек Чагай менен достошуп калат. Ушул окуядан кийин көпкө чейин үйлөнбөй жүргөн Шырдакбекке

Анжианда Алыпбек
Баары журтка калыс бек,
Анын кызы Мыскалды
Айым кылып алгын деп,
Баатыр Шырдак баргын деп,
Кадыр салып кеп айтып,
Хан Төлөк мындай деп айтып.
Айтып сөзүн төндүрүп,
Хан Шырдакты көндүрүп.
Оен Төлөк өбөктү,
Оюна албай бөлөктү.
Жуучу кылып Эр Шырдак,
Хан Төлөктү жөнөттү.

Төлөк хан Анжианга барып Алыпбектин алдынан өтүп, той каадасын кылып калың-карасын төлөп, Мыскалды алып келет.

Санжыргалуу Эр Төлөк,
Хан Шырдактын алдына
Салтанат менен барыптыр.
Мыскалды алып берген соң,
Мына баатыр Төлөк – деп,
Төлөк мага жөлөк – деп,
Төлөктөн башка жарабайт,
Төлөктөн башка бөлөк – деп, [178. 80–82-б.]

Төлөктү кадырлап, сыйлап өткөн деп айтылат.

Кээде көңүл бурулбаган, негизги деп эсептелбеген, кичинекей илинчек маалыматардын да орду, мааниси болот. Ушул кичинекей эпизоддон орун алган Төлөк хандын прототиби деп 1619–1631-жылдарда бийликте турган Абд ал-Латиф (Аппак) хандын эмири болуп турган Төлөк бекти (Төлөк мырза) айтууга болот. Анткени, ошол мезгилден баштап Төлөк мырза иниси Мухаммед Амин менен бирге саясий аренадагы белгилүү инсандардан болгон. Андан кийин Абдаллах хандын 1638–1668-жылдарда бийлик жүргүзгөн учурунда Төлөк мырза анын мутаввалиси, ишеничтүү эмири болуп жүргөн. Ал Хотондун Йурун-Каша деген шаарына, Аксууга аким болгон. Кийин башкы (верховный) эмир, Кашкарга аким жана хан тактынын мураскору Нур а-Дин султанга аталык болгон. Абдаллах хандын баласы Нур а-Дин султан атасы менен бирге Анжианга жүрүш жасап, жолдо баратып, 1667-жылы июнь-июль айларында ооруп, 31 жашында каза болгон. Абдаллах хан уулунун ээлик кылган жерин, мүлкүн ошол мезгилде Кашкарда аким болуп турган Төлөк эмирге көздөп турууга тапшырат. Ушундан көп өтпөй Абдаллахтын бийлигин уулу Жолборс хан Сенге баштаган калмак хандарынын жардамы менен тартып алат. Төлөк ушул окуялардын ичинде 1667–68-жылдары дүйнөдөн кайтат. Төлөк мырза жогоруда айткандай Абдаллах хандын оң колу болуп, хандын көптөгөн таасирдүү эмирлери менен бирге хандын Болор, Бадахшан, Ош, Анжиан, Аксай, Чалыш, Турпанга болгон жүрүштөрүнө катышкан [177. с. 203, 210, 214, 216, 217, 221, 222, 227, 228, 323, 329]. Жогоруда сөз болгон, Шырдакбекти өлүм жазасына буюрганда кошо кармалып, бирок сеиддердин тукуму болгону үчүн балдары менен бошотулган Шах Баки-бек (Шах Баки-шах) Абдаллах хандын эмирлеринин бири болгон. Бай, Жаркен шаарларына аким болуп да турган. Хандын согуш иштеринде дайыма армияны жетектеп борбордук флангада турган [177. с. 220, 228, 230, 232, 237, 238]. Мына ушул Шах Баки-шах, Шырдакбек, Төлөк мырза замандаш жашап, саясий аренада үзөнгүлөш жүрүп, Абдаллах хандын тушунда Могол мамлекетинин саясий иштерине өтө тыгыз

аралашкан тарыхый инсандар. Демек, Тоголок Молдо айткан “Шырдакбек” поэмасындагы Төлөк хан ушул “Хроникада” кеңири сөз болгон Төлөк мырза болушу толук ыктымал. Муну жөн эле дал келүүчүлүк дейли десек өтө көптөгөн тарыхый фактылар күбөлөп турат. Ошондуктан Шырдакбектин өмүр жолундагы тарыхтын издери экенине ынанууга туура келет. Төлөк мырзанын даңкы, ишмердиги кыргыздарга да кеңири маалым болгон. Элдик аңыз кептерде сакталган. Айтуучу аны эл арасынан угуп жүргөн. Ошол себептүү Төлөктү Шырдакбектин замандашы катары поэмага киргизген болуш керек. Муну поэмадан орун алган жаңы тарыхый деталь, чыгарманын сюжетин толуктоочу, тарыхыйлыгын аныктоочу эпизод катары кароого болот.

Ушул келтирилген тарыхый маалыматтар Шырдакбек жашаган доордун тарыхый фактылары болуп эсептелет. Ал саясий окуяларга Шырдакбектин катышканын тарых такстыктап турат. Демек, “Шырдакбек” поэмасында тарыхый инсан Шырдакбек кыргыз элин сырттан келген душмандан коргоого өз салымын кошкон. XVII кылымдагы белгилүү, өзүнүн орду, сөзү бар үлкөн саясий жана коомдук ишмер. Анын керт башына тиешелүү даңазалуу Боз жоргосу, ашкан сулуу, чектен чыккан эрке аялы туурасындагы жана калмактарга каршы согуш сыяктуу окуялар биригип келип, тарыхый окуялар, Шырдакбектин саясий, коомдук аренадагы ишмердиги менен жуурулушуп, элдик көркөм чыгарма жаралган. “Шырдакбек” поэмасында Шырдакбек жашап өткөн конкреттүү топонимика, айрым тарыхый каармандар, тарыхый окуялардын издери эпикалык багыттагы логикага кызмат кылган. Чыгармада тарыхый чындык өтө так конкреттүү берилген эмес. Маселен, Шырдакбектин Бозжоргосу менен эрке аялы жөнүндөгү эпизоддун тарыхый чындыкка канчалык даражада катышы бар экенин далилдөө кыйын. Бул уламыштык окуялар чыгарманын негизин түзүп, тарыхый окуялар экинчи планга жылып калганы сюжеттин тулкусунан ачык байкалат. Башкача айтканда, эпикалык баян, кыялдан чыгарылгандар басымдуулук кылган. Ошондой болсо да тарыхый окуялардын маңызы, образдар менен прототиптердин ортосундагы

логикалык байланыш бузулган эмес. *Сюжетти анализдегенде XVII кылымдагы тарыхый окуялардын багыты, тарыхый мааниси жетишерлик даражада сакталганын көрөбүз. Мисалы, Шырдакбек өзү жашаган жерлерге чеп, коргон салдырганы, ата-бабасынын санжырасы, Кашкарда аким, Шигаул сыяктуу мамлекеттик кызматтарда турганы, түштүк жергесинде, Анжиян, Фергана, Маргалан, Чыгыш Туркестан аймактарында жашаган коомдук жана саясий ишмер болгондугу, тарыхта изи калган инсандар менен замандаш жашагандыгы, реалдуу тарыхый доордун тарыхый окуяларынын сакталышы анын тарыхыйлыгын аныктап турат.* “Шырдакбек” поэмасынын алгачкы башаты кандай айтылгандыгы бизге белгисиз. Мүмкүн башында Шырдакбектин эрдиги, аткарган иштери, тарыхый окуялар, турмуштук жагдайлар так берилгендир. Уламыштык окуялар кийин кошулгандыр. Же бозжорго менен эрке айымдын да тарыхый негизи, чындыгы бардыр. Азыр аны айтуу кыйын. Ошондуктан колдогу маалыматтарга, поэманын сюжетине карата гана ой айтуу, жыйынтык чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээбиз. “Шырдакбек” поэмасы мезгилдин өтүшү менен эпикалык пландагы көркөм жалпылоонун, чыгармачылык кайра иштөө процессинин натыйжасында өзгөрүүгө дуушар болуп, эпикалык формадагы тарыхый негизи бар чыгармага айланганы чын.

Жыйынтыктап айтсак, “Шырдакбек” поэмасында историзмдин принциптеринин критерийлерин аныктоочу: душмандан коргонуу, эркиндик үчүн күрөш деген эл мүдөөсү жана өзүнүн сүйүктүү каармандын ар тараптуу даңазалоо сыяктуу ***элдик идея*** орун алган.

* Сюжеттин башынан аягына чейин негизги каармандын элди-жерди, мекенди коргоо үчүн болгон иш-аракети өңдүү тарыхый мотив поэманын негизги өзөгүн түзөт.

* Чыгарманын сюжетинин жаралышын шарттаган тарыхый доор так аныкталган. Окуялар реалдуулукка өтө жакын.

* “Шырдакбек” поэмасынан орун алган Шырдакбек, Төлөк, Тооке жана терс каармандар деп эсептелген Коңтаажы (Батор Хунтайчы), Галдама, Галдан

(Бошокту хан), Галдан Церен, Ажаан (Аджа-Намжмл), Амурсан тарыхый инсандар. Алар поэмада көркөм образ катары талкууланган. Б.а. чыныгы окуялар, каармандардын бейнеси оозеки чыгармачылыктын ички мыйзамдарына баш ийип, интерпретацияланган.

* Элдик чыгармачылыктын натыйжасында башатында аңыз-аңгеме, уламыш түрүндө жашаган окуянын мазмунунда, идеясында жаңылануу жүрүп, элдик идея учурга, элдин эстетикалык суроо-талабына жараша талкууланып, иштиктүү чыгармачылык өнөрканада образдар кайрадан иштелип, уламыштык деңгээлден жаңы формага – тарыхый баатырдык поэмага (Т.Молдо, К.Акыев) өскөн. Демек, жанрда жаңылануу жүргөн деп ишенимдүү айтууга болот.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында тектеш башка түрк тилдүү элдерге караганда чындыкка, реалдуу турмушка жакын чыгармалар арбын учурайт. Бул өзгөчөлүктү өз убагында В.В. Радлов да белгилеп кеткен. Ошондой реалдуу турмуштан алынган, тарыхый инсандын өмүр-баянын, ата конушунун бөштондугу, элинин эркиндиги үчүн жүргүзгөн күрөшүн чагылдырган чыгарма бул – **“Тайлак баатыр”** поэмасы.

Поэманын А.Чоробаев айткан “Тайлак баатыр” [Инв. №28(221), 32 (225)] деген варианты жана Ы.Абдырахмановдун “Тайлак баатыр” [Инв. №20(323)] деп аталган уламыштык материалы бар. Аталган фольклордук чыгармалар “Эл адабияты” сериясынын 15-томуна жарыяланган [58. 155–290-б)]. Мындан сырткары эл арасында Атантай менен Тайлактын окуялары түрдүү фольклордук булактарда сакталып калган. 1981-жылы Тил жана адабият институтунун фольклордук экспедициясынын мүчөлөрү М.Урмамбетов менен К.Байжигитов Нарын областынын Ак-Талаа районунан жыйнаган материалдарда [Инв. №712(5350)] Тайлак баатыр жөнүндөгү баяндар арбын. Мисалы, Терек-Суу айылынын тургуну, 92 жаштагы (уруусу чоро) Шаанаев Эсеналыдан жазылган материалда Тайлак баатырдын Кытайларга, Кокон хандыгынын бийлөөчүлөрүнө, аскерлерине каршы күрөшү, Арап менен беттешүүсү жөнүндө айтылат. Тайлак баатыр Арапты уктап жаткан жеринен

жолуктуруп, “уктап жатканда өлтүргөн эрдик эмес” деп ойготуп, эртеси жекеме-жеке кармашабыз деп макулдашышат. Эртеси Макмалдын ары жагындагы Мунагелди деген жерде жолугуп**,** кармашат. Кармаштын түрүн (сайышып, кылычташып, эңишип) колдонушуп, бирин-бири жеңе албай коюшат. Акыры буктурмада жашынып жаткан Тайлактын жээни Ботобай деген көзгө атар мерген Арапты атып таштайт [Инв. №712(5350)].

Ленин селосунун тургуну, 77 жаштагы (уруусу басыз) Борбиев Умар “Атантай Тайлактан он эки жаш улуу эле. Мен муну А.Чоробаевге да айткам. Бирок ал киши жаратпай койду. Поэма жарык көрүп, Атантай Тайлактын иниси катары болуп жайылып кетти” [Инв. №712(5350). 26–27-б.] – дейт.

Жаңы-Талап селосунун тургуну, 79-жаштагы (уруусу саяк) Ибрагимов Турсунбек “Атантай,Тайлактын күмбөзүнүн алды көңдөйлөнүп, үстү арча менен жабылып, жер үй сыяктанып коюлган. Кийин Тайлак уругунун мыктылары өлгөндө ушул жерге коюп турушкан. Тайлактын табыты бийик текчеге коюлуп, кепиндин сыртынан кызыл булгаары менен капталганын өз көзүм менен көргөмүн” [Инв. №712(5350). 169–170-б.] деп айтыптыр. Мындан сырткары Т.Ибрагимов Тайлактын чоң атасы Жанболоттун Кытайга колго түшүп калышын, аны Алп Тобок чыгарып келишин, Жанболоттун уулдарын, Тайлактын санжырасын да айткан.

Ленин колхозунун Жерге-Тал участкасынын тургуну, 75 жаштагы (уруусу басыз) Матаев Эшназардын атасы Тайлак баатырдын замандашы болуп, Тайлактын окуяларын өтө жакшы билчү экен. Э.Матаев атасынан Тайлактын 40 кызды Кокон аскерлеринен ажыратып калышы, Арап менен сайышы, элди коргоп алык-салыктан куткарышы, кытайлар менен согушу, өлүмү [Инв. №712(5350). №1 дело. 80–90-б.] сыяктуу кызыктуу окуяларды укканын айткан.

Ак-Талаа районунун РТСинде жашаган, 91 жаштагы Байбагыш Аалы уулу Тайлак баатырдын Кокон хандыгынын аскерине каршы чабуул коюп, олжого айдалган кыздарды, аттарды ажыратып калганын, кытай аскерлери

менен согушуп, Арапты өлтүргөнүн, казак Эдиге менен урушуп аны өлтүргөнүн, карышкырлар менен кармашып багындырганын, акыры табыптын колунан өлгөнүн [Инв. №712(5350) №3 дело. 106–121-б.] кызыктуу, ырааттуу кылып айтып берген.

Ушул келтирилген материалдардагы фактылардын бардыгынын тарыхый чындыгы бар. А.Чоробаев айткан “Тайлак баатыр” поэмасында да Ы.Абдырахманов чогултуп жазган уламыштык материалда да булар негизинен көркөм чыгарманын ички мыйзамдарынын алкагында чагылдырылып, сюжеттин өзөктүү окуяларын түзгөн.

Мындан сырткары Б.Солтоноевдин [153. 448 б.], Тоголок Молдонун [159. 500 б.] санжыраларында Тайлактын ата-теги, окуя коштолгон санжырасы берилген. Ч.Валиханов [37. с. 463], С.Аттокуров [64. 94 б.], С.Закиров [64.], А.Акматалиев [11.], Т.Асанов [20.], Г.Орозова, О.Ахмедовдор [127.] илимий изилдөөлөрдү жазышкан. Бул илимий эмгектерде Тайлак баатырдын өмүр баяны, баатырдык иштери жана элдик көркөм чыгармадагы тарыхый фактылардын көркөм иштелиши туурасында ойлор айтылган. Көрсөтүлгөн эмгектерден сырткары деле кыргыз тарыхы туурасындагы изилдөөлөрдө тарыхчылар Тайлактын тарыхына, эрдигине кайрылып, сөз кылышкан.

Тайлак баатыр (1796–1838) XIX кылымда жашап, туулган, көзү өткөн жылы, жашаган жери, мезгили так белгилүү тарыхый инсан. Анын өмүр жолу, жасаган иштери, тарыхый саясий аренадагы ролу конкреттүү жана реалдуу. Тайлак баатырга байланышкан окуялар элдин эсинде, көз алдында кадимкидей сакталып, окуялардын учугу анын тукумдары аркылуу уланып турган мезгилде “Тайлак баатыр” поэмасы жаралган. Демек, ал жөнүндөгү окуяларды эл арасынан сурап-билип, маалыматтарды тактоо, иликтөө мүмкүнчүлүгү толук болгон. Бул жагдай көркөм чыгармалардагы окуялардын жалпы багыты менен реалдуу тарыхтын үндөштүгүн, логикалык ырааттуулугун жаратууга шарт түзгөн. Элдик эпикалык чыгармаларды чебер айтуучу А.Чоробаев тарыхый маалыматтарды өз орду менен поэманын өзөгүнө сиңирип, Тайлактын образын

эпикалык каармандын образына жакындатып, оозеки поэзиянын салттуу ыкмаларын арбын колдонгон. Натыйжада негизин чыныгы тарых түзгөн, бир топ жогорку деңгээлдеги идеялык-көркөмдүк баалуулукка эгедер чыгарма жаралган десек болот.

Поэманын жаралышына Цин империясы менен Кокон хандыгынын тушундагы тарыхый окуялар негиз болгон. Цин империясы 1758-жылы Жунгарияны, 1759-жылы Чыгыш Түркстанды багындырат. Андан ары өзүнүн чек арасын азыркы Казакстан аймагына, Россияга жана Орто Азияга карап жылдырат. Бул маселе оңой эле бүтө койчу иш эмес эле. Аны тынымсыз согуш, баскынчылык жүрүш жана ага каршы кандуу, куралдуу көтөрүлүш коштоп отурган. Кыргыздар бир эле мезгилде Цин империясынын жана Кокон хандыгынын баскынчылыгына дуушар болуп, өтө оор мезгилди башынан кечирген.

XVIII кылымдын аягындагы XIX кылымдын башында Кокон хандыгы Орто Азиядагы ири мамлекеттерден болуп калат. Бул мамлекеттин букаралыгына өзбек, тажик, казак ж.б. элдердин катарында кыргыздар да кирген. Аталган улуттардын өкүлдөрү хан тарабынан башкаруу системасына да тартылган. Айрыкча бизге жеткен тарыхый даректерге караганда “кыргыз-кыпчак” атаандашуусу, мамлекетти башкаруу же бийлик үчүн күрөш өтө курч мүнөздө өткөн. 19-кылымдын 20–30-жылдарында Нарын аймагындагы кыргыздар Кокон хандыгынын карамагына бириктирилип, өзүлөрүнүн жашаган аймактарына жараша хандыктагы бектиктерге, саркерликтерге катталып, белгиленген өлчөмдөгү салыктарды казынага төлөп турууга милдеттендирилет.

Ал эми кырыздардын Россия менен болгон союздук мамилелери Кокон хандыгынын ого бетер тынчын алган. XIX кылымдын 20-жылдарындагы Көл жээгиндеги курултайда кыргыздар Кокон хандыгы боюнча да, Россия туурасында да өз ойлорун ачык билдиришет. Курултайга катышкан Кокон хандыгынын өкүлдөрү бул кабарды Мадали ханга жеткиришет. Мындай

жагдайдан чочулаган Мадали хан 1831-жылы [115. с. 194] Ташкенттик аким Лашкар-Кушбекти аскери менен Чүй өрөөнү аркылуу Ысык-Көлгө, экинчи тарабы Ферганадан Көгарт аркылуу Борбордук Тянь-Шанды көздөй Казатка аттандырат. Жакшы куралданган жана саны жагынан да артыкчылык кылган Кокон аскерлери бул жерлерди ээлеп алышат. Тогуз-Торого, Курткага, Жумгалга, Ысык-Көл тарапка Барскоон, Коңурөлөң, Каракол сыяктуу өздөрүнүн коргонуучу сепилдерин курдурат. Бул сепилдер Кокон аскерлери үчүн коргонуучу жай катары жана «күнөөкөр» кыргыздарды жазалоочу да жай катары кызмат өтөгөн.

Нарын тарапта, Сырт жайлоосунда жашашкан кыргыздар Анжыян бектигине баш ийишип, Куртка, Тогуз-Торо, Жумгал чептериндеги бектер тарабынан башкарылган. Мындан сырткары сода жолдоруна, тоо арасындагы кыргыз урууларына көзөмөл кылуу максатында чакан коргондор курулуп, анда сарбаздардын аз сандагы топтору турушкан. Ошондой эле кыргыз айылдарында хандын *эл беги* деп аталган төбөлдөрү жашашып, алар айыл элинин бейкуттугуна көз салып турушкан. Кокон хандыгынын Теңир-Тоодогу мындай административдик саясаты кыргыздар үчүн үстүртөдөн көзөмөлгө алынып, иш жүзүндө кыргыздар, уруу манаптары, бийлери аркылуу башкарылган. Урууларды өз алдынчалыгы сакталуу бойдон калган. Теңир-Тоо кыргыздарынын Кокон хандыгына бириктирилиши Цин империясынын баскынчылык жүрүштөрүн ооздуктап турган. Анткени Омор хандын (1810–22), Мадали хандын (1822–42) тушунда Цин империясы менен Кокон хандыгынын ортосунда бир нече келишимдерге кол коюлган. Ошого карабай иш жүзүндө кытайлар менен түрк урууларынын ортосунда кагылышуулар дайыма болуп, катуу кыргынга алып келген учурлар көп болгон.

Кокон хандыгы өзүнүн экономикалык өнүгүү тарыхында дайыма куралдуу көтөрүлүш менен коштолуп турган. Анткени ири мамлекетке айланган ири державанын кирешесинин бир бөлүгү алык-салыктын эсебинен болгон. Мындай саясий жана экономикалык көз карандылыкка кыргыздар

башынан эле каршы болуп, боштондук көтөрүлүшкө чыгып турганы маалым.

Кокон хандыгынын зордукчулдугуна алык-салыгына чыдабаган эл, айрыкча Тянь-Шань кыргыздары (черик, саяк, чоро уруулары) улам баш көтөрүп, кандыктын аскери менен чабышып турат. Бул көтөрүлүштүн башында бир туугандар Атантай менен Тайлак турган.

Кыргыз көтөрүлүшчүлөрү менен Кокон аскерлеринин күчү бирдей болгон эмес. Кыргыздардын жигиттеринин аскердик, согуштук даярдыгы начар, саны аз, курал жарак жетишсиз, жокко эсе болгон. Ал эми Кокондун колун башкарган миңбашы Хаккуланын жети миңден ашуун аскердик даярдыгы мыкты, курал жарагы жетиштүү аскерине туруштук бере албай, жеңилип калышат. Атантай менен Тайлакты колго түшүрүп, жазалоо үчүн Коконго Мадали хандын алдына алып барышат. Мадали хан кеңешчилери менен акылдашып, кол башчы жигиттердин кыргыздар арасындагы кадыр баркын, ролун эске алып, саясат үчүн бошотуп, ал эмес Кокон хандыгынын чинин берип жөнөтөт.

Бул боюнча В.Плоских: «Нарынские киргизы племени саяк и черик под руководством Атантая и Тайлак организовали вооруженный отпор кокандцам, но в конце концов превосходящими силами регулярных войск - 7 тыс.сипаев Хак-Кулы и были взяты в плен и привезен в Коканд, но затем, освобождены. Однако, не желая подчиняться Кокандцам, они откочевали на Или к казахам старшего жуза. Позже, разоренные «миграцией», они по приглашению нового Ташкентского наместника Исы-датхи все же вернулись на свои земли» [131. с. 105] – деп жазат.

Мындан кийин Куртка сепилин алуу үчүн да Тайлак менен Атантай баштаган атчан көтөрүлүшчүлөрдүн тобу кокондук Ташматтын аскерлерин жеңип алат. Улам тынчын алган тоолук кыргыздарга Мадали хан катуу каарданып, даярдыгы күчтүү аскер бөлүгүн жөнөтүп, Куртканы кайра колго алат. Бийлигин күчөтүп жүргүзө баштайт.

Мына ушул узак мезгилди камтыган тарыхый окуялар Тайлак баатыр

жөнүндөгү поэманын жаралышына негиз болгон. Поэмада Кокон хандыгынын Тянь-Шань өрөөнүндөгү бийлигинин, ага карата тоолуктардын боштондук күрөшүнүн, Атантай менен Тайлактын аш аракетинин бир үзүмү, айрым бир көрүнүшү гана берилген. Демек, эл өз көзү менен көргөн, элдин эсинде көбүрөөк сакталган, аң-сезимине катуу таасир калтырган тарыхый кырдаалдар чагылдырылган. Албетте, оозеки көркөм чыгармада шарттуулук басымдуулук кылат. Ошондуктан окуялардын чордону, өзөктүү учурлары гана орун алат.

А.Чоробаев айткан “Тайлак баатыр” поэмасынын окуясы он сегиз жаштагы Тайлак, Кокон хандыгынын Курткага чеп куруп, бектери, шариятка үндөгөн молдо-кожолору жана аскерлери (сарбаздары) элди аесуз кыйнап, кыз-келиндерди ордого айдап, алык-салык алып, моюн толгогонду чептеги орго салып, дарга асып кордогонуна чыдабай, Куртка чебин талкалап, кокондуктарга кол салмак үчүн атасынан уруксат сурап турган эпизоддон башталат. Атасы баштаган аксакалдар “али жашсың,

Айланайым Тайлагым,
Атанын сөзүн кармагын.
Кокон деген кыйын жол,
Кол тийбеген ыйык жол.
Бадышалуу калың журт,
Баш аягы туюк жол,

аскери көп, бардык жагынан алганда бизден күчтүү, хандуу эл. Ага алышып алыбыз, күрөшүбүз жетпейт” дешет. Тайлак өз күчүнө ишенип, жигит курап, Курткадагы чепти чаап алат. Бектерин, кожолорун өлтүрүп, анча-мынча карапайым аскеринин кулактарын кесип, «ханыңа айтып бар, тоолук кыргыздарды өз эркине коюп, салык салганын токтотсун. Ордого айдалган кыз-келинди кайтарып берсин. Болбосо

Колуңдан келсе Курткага,
Кокондук келип туруп ал.
Көк чапандар сен үчүн

Жаз алды менен барамын,
Кокондогу тагыңды
Кордук кылып алармын” –

деп жолго салат. Алар азып тозуп жол жүрүп, Коконго жетип,

Тайлак деген жаш экен,
Найза алууга маш экен.
Камыныптыр билбепбиз,
Ханым сизге кас экен –

деп, болгон окуяны айтат. Хан баштаган жакшылар Тайлактын айтканына көнүп, арачы салып сүйлөшүп, тынч жашасакпы деп турганда, бир дамбылда түндө көргөн түшүн айтып, жорутуп, “Азирети падышам сиз Тайлакты он бир күндө жеңип, жолуңуз ачылат. Тез арада аскер жөнөтүп, Тайлакты карматып өлтүрүңүз” дейт. Андан ары Арап деген аскер башы баштаган кылкылдаган кокон аскерлери жоого аттанат. Бул бөлүм “Хан өкүмү боюнча Арап баатырдын жөнөгөнү” деп аталып,

Аламын деп Тайлакты,
Арап баатыр ант кылып.
Башын кесип келмекке,
Убадалуу кат кылып –

жолго чыгат. Жоокерлердин жүрүшү, сын-сыпаты, минген аттары кеңири сүрөттөлүп, акыры кокондун калың колу “Араптын колу келе жатат” деп угуп, жол тосуп турган Тайлак менен беттешет. Согуштун жүрүшү эпикалык планда сүрөттөлөт.

Жекеге Тайлак барам деп,
Жез айнектүү кылычты,
Колуна жарак байланып,
Үңгусу болот найза алып,
Амыркандын Арабы
Чакырган соң жекеге,

Чарайнасын кийинип,
Ээринин кашына
Айбалтасын илинип,
Ак калпактуу кыргыздын,
Арбагына сыйынып –

ортого чыгат. Эки баатыр кадимки эпикалык баатыр каармандардай бир-бирин жеңе албай “эт бышым” убакыт алышат. Акыры Тайлак Арапты өлтүрөт:

Жандап барып желкеге,
Кол кыбасын кандырды.
Кайта айланып, оңдонуп,
Карагай найза кан кылды,
Тоодой болгон чоң Арап
Тоголонуп сайдырды.

Кокондун колун кыргыздар тыйпыл кылып кырып, тирүү калганы качып кутулат. Чындыгында да мына ушундан кийин Кокон хандыгынын Теңир-Тоолуктарга болгон үстөмдүгү бошоңдоп, Тайлакты тымызын жок кылуунун аргасында болушат. Тайлактын даңкы далайга угулуп, “эл четинде жоо бетинде” турган элдик баатыр катары саясий абройу көтөрүлөт. Ошол учурда, тактап айтканда 1820-жылдардан баштап эки тарыхый инсандын – Жахангир (Жаангир) Кожо менен Тайлактын жолдору кесилише баштайт. Экөө дагы өз элинин эркиндигин, теңдигин коргоо максатын көздөгөн азаматтар болгон. Тарыхты жакшы билбеген киши Жахангир кожо ким болгон, анын кыргыз тарыхына тиешеси барбы, Тайлак баатыр экөөнүн жалпы кызыкчылыктары эмнеде деген суроо бериши табигый көрүнүш. Булар бир тарыхый шартта, турмуштук зарылдыктын жана тагдырдын буйругу менен үзөнгүлөш болгон адамдар.

Чыгыш Түркстанда XIX кылымда казак, кыргыз, уйгур, өзбек, дунган, монгол сыяктуу көчмөн жана отурукташкан элдердин абалы өтө оор боло баштайт. Цин империясы кандай болсо да өзүнө каратып алган Шинжаңды

(Синьцзян) өз колунда кармап туруу үчүн саясий жана экономикалык жактан катуу кысым жасайт. Ошонун айынан маньчжур – кытай администрациясы жергиликтүү феодалдардын колу менен карапайым элди баш көтөртпөй турууга бар мүмкүнчүлүгүн жумшайт. “Трудящиеся массы уйгуров, казахов, киргизов, дунган и других народностей Синьцзяна жестоко эксплуатировались как местными, так и маньчжуро-китайскими феодалами. Помимо уплаты многочисленных поборов крестьяне все чаще привлекались к различного рода трудовой повинности” [46. с. 245]. Айрыкча XVII кылымдан бери Чыгыш Түркестандагы бийлик сересинде бекем отурган кожолор бийликтен четтетилет. Мусулман динин туу туткан кожолордун саясий аренадагы орду өтө таасирдүү болгон. Цин империясы Орто Азиядагы бул агымдын өкүлдөрү биригип кетсе абалды башкара албай каларына көзү жетип, Кокон хандыгы менен өз ара келишим түзөт. Кокондун Нарбото бийинен (1770–1798) баштап Алимхан (1800–1809), Оморхан (1810–1822), Мадали ханга (Мухаммед Али, 1822–1842) чейин бийлик жүргүзгөн эл башылары менен кожолорду Орто Азиядан чыгарбоо үчүн өз ара макулдашып, Кокон хандыгынын бул кызматы үчүн өтө ири көлөмдүгү акчалай сыйлык берип турган [46. 247-б.].

Жогоруда айтылгандай Чыгыш Түркстандагы саясий жана экономикалык абал Цинге каршы тынымсыз элдик боштондук кыймылынын чыгышына себепчи болот. Көтөрүлүшкө түрк элдеринин дээрлик бардыгы катышкан. Булардын башында албетте бүткүл Орто Азиялык да, Чыгыш Түркстандагы Каратоолук дагы, Актоолук дагы кожолор турган. Актоолук кожолордун ири өкүлдөрүнүн бири Бурхан-ад-диндин баласы Сарымсактын Мэд-Юсуф-кожо, Бахаведдин-кожо, *Жахангир-кожо* деген үч уулу болгон. Жахангир кожонун аталары Кашкардагы катуу кармаштан кийин качып келип Кокон хандыгына баш калкалап туруп калышат. Жахангир 1783-жылы Кокондо туулат. Кожолор өздөрүн Мухаммед пайгамбардын тукумунанбыз, сейиддербиз деп эсептеген. Сейиддер мусулмандар арасында өзгөчө ыйыкталып, артыкчылыкка ээ болушкан. Мына ушул Жахангир кожо Омор хандын убагында өтө эркин

аракет кыла албай, Памирдеги Балх жана Бадахшанды башкарып турган кайнатасына качып барып баш калкалап, жардам алып турат. 1822-жылы Омор хандын өлгөндүгүнөн пайдаланып, өзүнүн жакындары аркылуу жаңыдан бийликке келген Мадали хандан аскер алып, согуштук даярдыгын күчөтөт. Ошондон баштап Кокон хандыгынын ишенимине кирип, алардан жана Алай, Тянь-Шандык кыргыздарынан аскердик, материалдык көмөк алып, 1820–1828-жылдарда Циндерге каршы тынымсыз согуш ачып турган. Акыры 1828-жылы Жахангир Кожо баштаган көтөрүлүшчүлөргө Цин армиясы тарабынан катуу сокку урулуп, Жахангир кожо колго түшүп, Пекинде өлүм жазасына тартылган [46. с. 253.].

Жахангир кожо Кытайга каршы көп жылдык жүрүштөрүнүн алгачкы мезгилинен баштап эле ички Теңир-Тоо чөлкөмүнө келип, саяк, чоро уруулары менен карым-катышта болуп, Атантай, Тайлак сыяктуу эл баатырларынын ишенимине кирет. Ошентип, кыргыздардын колдоосу менен Циндик кытай үстөмдүгүнө каршы күрөшүн баштайт. Жахангир кожо баштаган бул согушту Чыгыш Түркстандагы түрк элдери да колдоого алган. Саяк уруусунун баатырлары Атантай, Тайлак көп кол курап, Жаангер кожонун жеңишине зор көмөк көрсөтүшкөн. Ушул окуялардын жүрүшү жана Тайлак баатыр менен анын агасы Атантай туурасындагы тарыхый маалыматтар кытайдын “Чин тарыхы” [175. 402-б.] деген жылнаамасында жазылган. Тайлак менен кытайлардын ортосундагы чатак эмнеден башталган деген суроолорго ушул тарыхтан так жооп алууга болот. *“1820–1828-жылдары Жаангир Кожо кыргыздар менен бирге Кытайдын Үч-Турпан, Кашкар, Жаркен шаарларына кол салып, Цинь империясынын тынчын алып турган. 1825-жылдын 9-айында Жетек амбан Сянту 200 черүү баштап, чек арадан 400 чакырым илгерилей кирип барып, Жаангирди жолуктура албай, мал багып жүргөн (жашаган) кыргыздардын 100дөн ашуун катын-калач, бала-чакасын кырып таштап, кайра тарткан. Уруу башы Тайлак бийдин каары кайнап, өзүнө караштуу эки миңдей адам менен аскерлердин артынан куып жетип, капчыгайда*

талкандаган. Ошондон баштап Шинжаңда сегиз жыл токтобой согуш болгон” [168. 420-б.] Мына ушул болгон окуя Тайлак баатыр туурасындагы эл ичинде айтылган санжыра, аңыз-аңгеме, уламыш, поэма, казал, тарыхый ыр сыяктуу бардык оозеки сөз өнөрүндө бирдей айтылат. Болгону эмне себептен кытайлар Тайлактын айлын кырганы көрсөтүлгөн эмес. Анын себеби тарыхый булактарда айтылгандай Жахангирдин көтөрүлүшүнүн айынан болгон.

А.Чоробаевдин “Тайлак баатыр” поэмасында Жахангир кожо менен Тайлактын союздаш мамилесин, Жахангир тайлактын айлында өргүп жатканын өзүнүн эле аталаш жакын тууганы *Ырысменде* кытайларга айтып койгону жөнүндө

Ырысменде чыккынчы,
Дербиш экөө барышкан.
Келген кытай улугун
Кебинен абдан таанышкан.
Тымызын элге билинбей,
Жансыз болуп бир келген,
Кожону Тайлак бакты – деп,
Чагым менен тил берген [58. 204-б.] –

деп айтылат. Ушул эле окуя Ы.Абдырахманов жазып алган нускада “Жаангерди кармоо үчүн келген Кытайдын көп аскерине туруштук бере албай, мюриддери менен Кытайдан качып чыгып, Тайлак баатырга келет. Тайлак Жаангерди күтүп турат. Басыз уруусунан Дербиш деген киши Кашкарга барып, кытай төбөлдөрүнөн отогот, диңсе сайынып, сыйлыктар алып, “Мен Тайлак менен Жаангерди кармап берем дейт” [58. 285-б.]. Бул жерде да оозеки маалыматтар менен тарыхый чындык дал келет. 1825-жылы 10-айдагы маалыматта “Кыргыз эл башыларынан черик Напас, Телиш, *Ырысмендилер* жакшылыкты сезинип, бузукуларга берилбегени аныкталган. Ырысменди иштен мурун кабар жеткирип койгондуктан Тайлак аны каратагандын касында болгон” –деп жазылган. Андан ары кытайлар “жатты жаттын колу

менен башкарып, жок кылууга жетишүү керек” деп жогоруда аталгандарга жана бугу чоро, черик Мендикулдарга түрдүү сыйлык берип, Тайлакты колго түшүрүүгө жардам көрсөтүүсүн тапшырат [168. 663–664-б.]. 6-даражалуу отогуттуу кыргыз бийи Эсенгелди Тайлак кырган кытай аскер башы Байынбатунун сөөгүн кытайларга жеткирген. Ошондо ага, аны менен бирге кызматташкан кыргыздын бир топ бийлерине кытай бийлиги тарабынан сыйлык берилген [168. 665–666-б.]. Бийликтегилерге жагынып, бирөөлөрдү сатып, өзүнүн ордун бекемдеп, эптеп бийлик бутагына илешип жүрүү, ошол аркылуу материалдык абалын жакшыртуу ар качан көнүмүш иш болгон.

Тарыхый маалыматтарга караганда 1830-жылдардын 2-айларына чейин эле Атантай, Тайлак баштаган Эсен, Сатыбек, Сыдыкбек, Эминчек, Кудайберди сыяктуу кыргыз жигиттери өз жоокерлери менен Үч-Турпан, Жаркен, Кашкар шаарларына тынымсыз кол салып, Цин империясынын айласын кетирип турган [168. 685–700-б.].

Оозеки көркөм чыгарма өзүнүн табиятына жараша тарыхты дайыма эле ийне-жибине чейин камтып, чагылдыра бербейт. Фольклордо кээде гана тарыхый чындыктын бир үзүмү сүрөттөлөт, көбүнчө болгон окуялар жалпылаштырылып берилет. Буга мисал катары “Тайлак баатыр” поэмасында Атантай, Тайлак баштаган кол, Кытай аскерлери басып кирип, элди кырып таштагандан кийин аларды кууп жетип өч алгандагы окуяны карасак болот.

“Жахангир кожонун Кашкардан келиши, артынан кытай аскерлеринин келиши” деген бөлүмдө айтуучу А.Чоробаев адегенде кожолордун тарыхын, бул агымдын өкүлдөрүнүн динге болгон мамилесин бир топ так чагылдырган.

Жахангир кожо Цин империясына каршы кезектеги кармашынан кийин, чек арадан чыгып Тайлактын жерине келип, баш калкалап туруп калат. Артынан сая түшкөн кытай черүүсүнө чагым кабар жетип, түн ичинде келип Тайлактын айлын басып калат. Жахангир кожо бир топ кишиси менен качып кутулат. Калган эшен, кожолорду Тайлактын айлын бүт кырат. Ушул окуядан кененирээк мисал келтирип окуйлу.

Кырды жанды кытайлар,
Кылыч менен ургулап.
Кыл арканда байлалуу,
Кыйнап бутун сундурат.
...Кой сойгондой көрүнүп,
Коркурап каны төгүлүп.
... “Таа” дегенде тарс этти,
Боконо жүрөк болк этти,
Бой денеси солк этти.
Желкеден кылыч шоп этти,
Жерге башы топ этти.
Шаркырап агып кан чыкты,
Кыбырай түшүп жан чыкты.
Аягы өйдө кылычтап,
Кетирип ийди тамтыкты.
Ал аңгыча күн чыкты
Майыстан ылдый чаң чыкты
Чаңды көрүп ылдамдап,
Кырып салды кожону.
Алтымыш калпа, кырк эшен,
Айылга жапты жошону.
Айылдан кырды канчаны,
Аябай кумар таркады.
Абышкалар бүк түштү,
Жан соогалап чөк түштү.
Ыйын ырай кылган жок,
Ыбаа кылып турган жок.
Баш аягы жуз элүү,
Киши болду өлгөнү.

Тайлак түнү менен колун топтоп, таң ата кытайларга кара кыргынды салып, капчыгайга камап өч алат. Айтуучу бул согуш алааматын өтө кеңири, табигый түрүндө, фотографиялык көрүнүшүн берген сыяктуу сүрөттөгөн. Ушул алааматтан кийин Тайлак кол топтоп, даярданып Кашкарга кол салат. Поэмада Тайлак Кашкарды алып, ал жерге эр жүрөк баатыры, жан жолдошу Байбагышты бек кылып дайындап, өзү кайра мекенине кайтат деп айтылат. Тарыхта болсо Атантай менен Тайлак Жахангирдин колу менен бирге 1825-жылдан 1831-жылга чейин Кытай империясына каршы тынымсыз кол салып турган. Бирок дайыма басып кирип согушуп, кайра тез эле чек арадан чыгып кетип турган [168. 685–700-б.]. Ага-ини кожонун башкаруу кеңешине кирип, бийликте, саясатта ишенимдүү орунду ээлеп турушкан. “Тайлак баатыр” поэмасында Жахангир туурасында маалымат өтө кыска жана үстүрт берилген. Жогоруда айткандай кытайлардан качып келип Тайлактын айлында жашынып, өргүп туруп калат. Кытайдын аскери келгенде качып кетет. Мындан башка эч нерсе айтылбайт. Тарыхта болсо Тайлак экөөнүн мамилеси 1828-жылга чейин б.а. Жахангир колго түшүп өлгөнгө чейин бекем болгон. Тайлак мурда Кокон хандыгына каршы болуп турса, кийин Жахангир менен таанышкандан кийин

“Коконго кол салба деп,
Тыйып койгон Тайлакты”

деп поэмада айтылгандай, көбүнчө Циндерге каршы күрөшөт. *Анын Кокон хандыгынын тапшырмасы менен өлтүрүлүшүндө буйрук берүүчү Кытай болгон. Өз ара келишимдин негизинде ишти Мадали хан аткарат*. Атантай менен Тайлактын жаңы көтөрүлүшүн токтотуу максаты менен Кытай императору ортодогу келишимге ылайык “бири-бирибизди түшүнүү менен тынчтыкта жашайлы” деген мааниде бир топ ультиматумдарды камтыган билдирүү кат жөнөтөт. Бирок, *Жахангир кожону колдогону үчүн Атантай менен Тайлакты жазалап берүүсүн өтүнүп Цин империясы Мадали ханга тымызын кайрылган* [115.].

Ал эми Ыбрайым Абдырахманов жыйнаган нуска эл арасынан жыйналган

тарыхый уламыштан жана ар түрдүү тарыхый ырлардын үзүндүлөрүнөн турат. Бул жерде жыйноочунун эмгеги материалды чеберчилик менен бир чыгармага бириктиргендигинде.

Дегеле Тайлак баатыр туурасындагы тарыхый чындык ырга айланып, эл арасында ооздон-оозго өтүп, түрдүү варианттары менен элдик фольклорго айланган. Мисалдар менен таанышып көрөлү.

“Тайлакминди Буурулду,
Тамманы ташка туурулду,
Кылыч кындан суурулду,
Кылкылдаган көп кытай,
Заманасы куурулду.
Ак талга туусун аштады,
Аскерин Тайлак баштады.
Кожоберди, Байбагыш
Кошунду булар баштады,
Карап калды Кашкарды.
Туткалы Терек жердеген,
Туйгун Тайлак эр деген” [64.].

***

Майыстан Терек жердеген,
Баатыр Тайлак эр деген.
Бала жолборс атанып,
Паңсат келип жеңбеген.
Туткуй Терек жердеген,
Туйгун Тайлак эр деген.
Туулгандан туу кармап,
Душманга намыс бербеген.
Кококндун колун колоттуң,
Коктуга тыгып солоттуң.

Ак талга тууну аштадың,
Арапты сайып таштадың [8.].

***

Дөрбөлжүн, Терек жердеген,
Төрө Тайлак эр деген.
Туткуй Терек жер деген,
Туйгун Тайлак эр деген.
Баястан, Терек жердеген,
Баатыр Тайлак эр деген.
Тайлак минди Буурулду,
Куруп калган кытайдын,
Заманасы куурулду.
Төбөтөй минди чаар атты,
Сандап келген кытайды,
Чаң асманын чыгарып,
Бирин койбой таратты.
Токочор минди тору атты,
Токсон кытай кулатты.
Чолпонбай менен Жаркынбай,
Ак талга найза саптады,
Ак-Жар ылдый камады.
Көк талга найза саптады,
Көк-Жар ылдый каптады [Инв. №120(323)].

Демек, өз убагында бул тарыхый окуялар эл арасында кеңири ырдалып, ооздон оозго, муундан муунга өтүп сакталып келген.

Ыбрай Абдырахманов жыйнаган нускада чыгарма кара сөз түрүндө Тайлактын ата-теги, өмүр-баяны жөнүндө жана Кокон хандыгынын өкүлдөрү тарабынан тарткан элдин азап-тозогун баяндоодон башталат. Формасы

жагынан тарыхый уламышка жакын чыгарманы түзөт. Себеби тарыхый чындыкка жакын фактылар менен маалыматтар арбын учурайт. Ы.Абдырахманов жыйнаган материалда Тайлак жаш кезинен эле Кокон хандыгынын алык-салык жыйнап, ал турсун ордого деп кыз-келиндерди алып, элге көрсөткөн аесуз кордугун өз көзү менен көрүп чоңоет.

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын
Кырк кулач терең ор болду,
Маңдайга бүткөн шор болду.
Көчмөндүү биздин көй кыргыз,
Көк чапан сартка кор болду.

....Жазыгы жок адамды,
Башын жарып оруна,
Салып турат кокондук.
Тандап жүрүп кыргыздан,
Оймоктуудан уз алды.
Каркырасын сайдырып,
Беш көкүлдүү кыз алды.
Бирди албады, жүздү алды,
Карыштатып кулагын
Зекетиине кой алды.
Кызматына бой алды.

Эр жетип, турмушта болуп жаткан көрүнүштөргө болгон жеке көз карашы, саясий түшүнүгү жетилген мезгилде Кокон хандыгынын баскынчылык иштерине каршы күрөшө боштайт. Ы.Абдырахмановдун тарыхый-уламыштык материалында *Кокон хандыгынын Тянь-Шань аймагын каратып, чептерди куруп, өз бетерин, сарбаздарын жайгаштырышы, элди эзип, алык-салык*

алышы, Тайлактын алган кокон сарбаздарына каршы урушу, кол башчы Арап баатыр менен беттешип аны өлтүрүшү, Куртканын чебин талкалашы, кытай аскерлеринин Жахангир кожону изден келип, Тайлактын айлын чабышы, Тайлак баштаган кыргыз жигиттеринин кытай аскерлерин кыргынга учуратышы, Жахангир кожо менен Тайлактын мамилеси, Кашкарга кол салуу, Тайлактын өлүмү деген тарыхый окуялардын чынжыры ырааттуу түрдө ыр жана кара сөз менен кыскача баяндалган.

Ушул окуялар негизинен А.Чоробаевдин “Тайлак баатыр” поэмасында да орун алган. Ы.Абдырахмановдо А.Чоробаевдеги Тайлак менен казак баатыры Эдигенин кармашы, Тайлактын атасынын каза болушу, ага арнап аш бериши сыяктуу эпизоддор жок. А.Чоробаев поэмага Тайлактын балдары туурасында Алыбек баатыр менен Ормондун окуяларын, Тайлактын көзү өткөндөн кийин Кокон хандыгынын кыргыздардын үстүнөн толук бийлик жүргүзгөнүн киргизген. Бул айтуучунун, көркөм чыгараманы жаратуучунун чыгармачылык өнөрканасына мүнөздүү салттуулук болуп эсептелет. Айтуучу поэманын мазмунун толук жыйынтыктоого аракет кылган. Башкача айтканда, элдик чыгарма өзүнүн идеясын, эстетикалык тапшырмасын иш жүзүнө ашыра алган деп айтса болот. Абдыкалык Чоробаевдин варианты чыныгы көркөм чыгарманын жүгүн аркалаган көлөмдүү поэма. Тарыхый окуялардын же тарыхый инсан жөнүндөгү чындыктын фольклордо чагылышы көркөм чыгармалардын түзүлүшүнө, жаралышына негиз болушу кыргыз поэмаларына мүнөздүү көрүнүш. “Тайлак баатыр” поэмасын жаратууда А.Чоробаев эл арасында айтылып жүргөн аңыз-аңгеме, уламыш, ырлар менен кеңири таанышып чыгып, өзүнүн акындык талантынын күчүн, бүт чыгармачыл дараметин колдонгону байкалат.

Элдик эпикалык чыгармалардын табиятын бир топ тың өздөштүргөн А.Чоробаев “Тайлак баатыр” поэмасында Тайлактын образын эпикалык каармандын образына жакындатып, көркөм чыгарманын салттык традициясын сактагандыгы көрүнүп турат.

Ушундай эле даражада мүчүлүштүктөр бар экенин да айтуу керек. ф.и.д. А.А.Акматалиев “Автор баяндоо ыкмасын тандап алгандыктан, конфликт, кыймыл-аракет көрүнбөйт, ... каармандын ички дүйнөсү тууралуу сөз болбойт” [11. 157-б.] деп туура белгилегендей, образдар ар тараптуу ачылбай калган. Каармандардын кармаш үстүндөгү иш-аракети, кайраткерлиги кенен сүрөттөлөт. А бирок, психологизм мүнөзү, жай турмуштук көрүнүштөр жокко эсе. Поэмага Тайлак баатырдын өмүр жолундагы, эл үчүн жасаган иш аракетинин айрым гана учурлары камтылганын жогоруда айттык.

* Жыйынтыктап айтсак, поэмада тарыхый-баатырдык тематикадан орун алган бардык конфликттердин болушу, мекенди коргоочунун баатырдык иш аракети тарыхый реалдуулук менен дал келет. Феодализмдин өнүгүшү жана социалдык карама-каршылыктар, элдин турмушундагы социалдык проблемалардын үстөмдүгү тарыхый-баатырдык поэмалардын негизги белгилеринен болот. “Тайлак баатыр” поэмасынын сюжетиндеги баатырдык, улуттун көз карандысыздыгы үчүн күрөш, мекенчилдик дух биригип келип чыгарманын жанры тарыхый-баатырдык поэма экенин тастыктайт.

* Поэманын историзмин көрсөтө турган каармандардын тарыхыйлыгы, тарыхый чындык, окуя болуп өткөн мезгил, жер-суу аттары, сюжеттеги элдин башынан өткөн тарыхый окуялар, чыгарманын идеясы сыяктуу принциптер так, ачык орун алган. Ошондой эле кыргыз, казак, өзбек, уйгур, кыпчак, тейит, адигине, тагай, кызыл аяк, каңды кыдырша, муңгуш, кушчу, саруу мундуз, сарт, ногой солто, тажик, нойгут, кызыл баш, негр, кааба, чоро деген эл, уруу, урук аттары да поэманын тарыхыйлыгын аныктайт.

* “Тайлак баатыр” поэмасы жана “Тайлак баатыр” уламышы кыргыз турмушунан алынган жана тарыхый-баатырдык поэма деген аныктамага толук жооп бере алат. Поэма баатырдык эпикалык белгилер менен жасалып, сюжеттик системасына күчтүү улуттук духту, мекенчилдикти даңазалоо идеясын сиңирген.

* Поэманын башатын Тайлак баатыр туурасындагы тарыхый ыр,

тарыхый кошок, аңыз-аңгеме, уламыш, окуялуу санжыра түзгөн. Акырындап бул материалдар элдик оозеки чыгармачылыктын элегинен өтүп, эпикалык поэтикалык салттуулктун бардык касиет-сапатын өздөштүрүп, жанрдык жактан жаңыланып тарыхый-баатырдык поэманын жаралышы шартталган.

Жыйынтыктап айтсак, *тарыхый-баатырдык поэмалар* баатырдык эпикалык белгилер менен жасалып сюжеттик системасында күчтүү эрдикти, мекенчилдикти даңазалоо идеясын бекем сиңирген. Тарыхый-баатырдык поэмалар согуштук демократия гүлдөп турган мезгилде жаралып, сюжеттин негизги багыты – элди, жерди чет элдик баскынчылардан коргоо, эгемен жашоону камсыз кылуу болгон. Айрыкча XVII–XIX кылымдардагы калмак баскынчылары менен Цин империясынын, Кокон хандыгынын баскынчылык жүрүштөрү поэманын тарыхый-баатырдык түрүнүн жаралышын шарттаган. Демек, жалаң гана тарыхый инсандардын жеке иш аракети, айрым тарыхый окуялар чыгарманын багытын аныктабастан, жалпы кыргыз элинин тагдырын аныктаган эпохалдуу мезгилдер, эгемендүүлүк үчүн күрөш орчундуу тарыхый мааниге ээ.

Жогоруда сөз болгон тарыхый-баатырдык деген түрдөгү элдик поэмалардын бардыгына бирдей мүнөздүү болгон негизги идея – коомдук өнүгүштүн бардык баскычтарында, түрдүү тарыхый кырдаалдарда эл эгемендүүлүк үчүн күрөшүп, ошол аркылуу жалпы кыргыз элинин келечек тагдыры аныкталып отурган. Элдик чыгармалардын негизги багыты элди, жерди чет элдик баскынчылардан коргоо, элдин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн болгон талыкпас күрөштү, эрдикти даңазалоо болгон.

Сабыр уулу Амангелди

УЛУТТУК ИДЕЯ – МАНАСТА

Адамзат тарыхында жашап өткөн ар бир элдер дүйнөнү ар кандай жолдор менен таанышкан жана таанууга аракет жасаган. Дээрлик көпчүлүгүнүн ааламтаануусу жашоо образынан, географиялык-климаттык шартынан, кошуна жашаган элдерден, тогуз жолдун тоомундагы территориялык аймактар менен байланыштарынан көп нерсе көз каранды болгон. Ар бир эл дүйнөнү таанууда турмуштук тажрыйба, жашоо шарты, жүрүм-турум эрежелери, коомдук түзүлүш сыяктуу көрүнүштөр алдыңкы планга чыккан. Адамзаттын балалык мезгилиндеги (алгачкы коом болуп түзүлгөн мезгили) мифологиялык түшүнүктөрү, жомоктору, эпостору, ырым-жырымдары, жер аталыштары ж.б. нерселеринин баардыгы ошол мезгилдеги адамдардын дүйнөтаануусу кандай болгондунан кабар берет. Адамдын аң-сезиминин байыркы башат катмарындагы мифологиялык мейкиндиктен адам аалам сырларын өз көкүрөгүнөн өткөрүп, ой жүгүртүнүн жетишинче, аны ой чабытынан өткөрүп, иштеп чыккан. Ой жүгүртү ар тараптуу болсо да, аң сезимдин балалык мезгилиндеги адамдардын мезгилдик-мейкиндик жактан ой жүгүртүсү жеткен чек, маданий мейкиндик акыркы чындык катары кабылданган. Өзүлөрү эсептеген акыркы чындыкты өмүр бою өздөштүрүп, өнүктүрүп жүрүп олтурду. Кийин башка элдер менен маданий байланыштары, согуштук байланыштары дүйнөтаанымын дагы да болсо өнүктүрүп, өстүрдү, кеңейтти.

Ар бир адамдын акылына келген идеяны кайсы маданий чөлкөмдүн өкүлү болсо, ошол маданияттын салттуу мейкиндик чегинен өткөрүп, элине сунуштаган. Грек-эллиндик маданиятка тийиштүү болсо, эркин ой жүгүртүнүн шарданы менен дүйнөтаануунун рационалдуу уругу ташталган философиянын чегинде элге сунуштаса, семит элдеринин салттуу дүйнөтаанымында калптанган кудайдын осуяттарын жердеги элчилери (пайгамбарлары) аркылуу

чындыкты жеткирет деп ойлошуп, келечектеги пайгамбар түшүшүн чыдамсыздык менен күтүшкөн жана алардын ойлорун акыркы чындык катары кабыл алышкан. Ар бир коом адамдын аң сезимине келген идеяны мурда калыптанган салттуулуктун негизинде элге берген. Грек-эллиндик маданиятка тийиштүү адамдарга келген ойлорду акын болсо ырлары менен, сүрөтчү болсо колго жасалган скульптуралык жасалгалары менен, философ болсо диалог түрүндө илимий анализ жасаганга аракеттенсе, ал эми, семит элине келген чоң идеяны акыл-насаат ирээтинде пайгамбарлардын сөздөрү менен бергенге аракет кылган. Мезгил-убакыттын өтүшү менен гректердин пайдаланган идеяны берүү ыкмасы өз актуалдуулугун жоготпой, андан да кеңири жайылып, модернистик деңгээлге көтөрүлө алды. Эми бизге да сунушталып жатат.

Ошондой эле нерсени көчмөндөр кандай берген деген суроо туулушу мүмкүн. Адамдын акылына келген ойлорду көчмөндөр географиялык-климаттык жашоо шартынан, социалдык-экономикалык жиктелишүү чегинен жана эң негизги жоокерчилик духтун негизинде калыптанган маданий салттуулук менен бергенге аракеттенишкен. Евразия континентинде жашаган көчмөндөр анын ичинде өзгөчө белгилеп кою шарт, кыргыздар адамга келген идеяны ыр жандуулук менен образдуу көкүрөгүнөн өткөрүп, элине куюп берген. Көчмөн кыргыз эли уюшма жашоо образы, концервативдүү ой жүгүртүүсү, сырттан келген маданиятты сын көз караш менен кабыл алуусу жеке өзүнө тийиштүү салттуулуктун нугунда дүйнөнү образдуу сөз менен тааныганга дилгирленген. Ошондуктан материалдык байлыкты өз ченеми менен пайдаланса да кыргыз эли коомдук карым-катнашты материалдык байлыкка караганда, руханий байлык менен жөндөп үйрөнгөн болсо керек. Элибиз убаданы бек кармап, айтылган сөз атылган ок деп кабыл алган. Эпосубуздун көлөмдүү болушунун себеби да сөз баккан, сөз кадырлаган эл экендигибиздин далили.

Кыргыз элинин маданиятынын спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша дүйнөтаанымын салттуу маданияттын чегинде манасчылык, төкмөлүк,

сынчылык, кошокчулук өнөр аркылуу беришкен. Байыркы мезгилдерде дүйнөтаанымын образдуу ырга салып айтып көнгөн кыргыздын кудайтаанусу, алаамтаанусу дал ушундай салттуулук менен калыптанган. Азыркы мезгилдеги элибиздин кыйчалыш мезгилинде руханий тирек болгон улуттук идеяны эч бир жерден табалбай жаткан мезгилде эпосту, фольклорду туруш-турпаты менен философия, идеология кылган эр-азаматтар көбөйдү. Байыркы мезгилде от алып, орто кылымда түптөлүп, жоокерлик дух менен калыптанган эпосту жаңы модернистик мезгилде гуманистик идеяны башкы лозунг кылган 21-кылымда Манас атабыздын жасаган кээ бир жоокерчилик кадамдары азыркы мезгилге таптакыр шайкеш келбейт да. Ошондуктан эпос, фольклор туруш-турпаты менен эч качан мамлекетибизге жол көргөзүп бере албайт. Фольклор, эпостогу мазмундарды жаңы бийиктикке көтөрүп, модернистик калыпка салып, байтүп башатында жаткан идеяны азыркы тилдин, азыркы түшүнүктүн калыбына салып чыгыш керек. Залкар жазуучу Айтматовдун гениалдуулугу кыргыз элинин кылымдарда топтолгон мифологиялык жана фольклордук бай казынасын жаңы бийиктиктерге көтөрүп, модернизимдин калыбына салып, азыркы замандын тилине чеберчилик менен оодарганында. Фольклор да, эпос да, каада-салт, ырым-жырым туруш-турпаты менен азыркы мезгилдин талаптарына жооп бере албай калды, анан келсе, өсүп-өнүгүшкө бөгөт болуп жатат. Кыргыз элинин байыркы түшүнүгү уруу-уруучулук, трайбализм деген нерсе өмүр бою сактап келсе, эми минтип модерн мезгилинде өсүп-өнүгүшүнө тоскоол кылып жатат. Фольлордун, эпостун пайда болуш мезгили, пайдаланыш максаты башка болгондуктан, азыркы мезгилдин парадигмасына туура келбей жатат. Мисалы: эпосто да, фольклордо да адамга руханий азыкты акыл-насаат ирээтинде берет, түзмө-түз адам кандай болуш керек, эмне жаман, эмне жакшы экенин шыдыр айтып, акылмандар жолду насаат айтып үйрөткөн. Ал эми профессионал адабиятта адамга турмуш чындыгынын реалдуу көчүрмөсүн көркөм образда чагылдырып, башкы каармандын татаал карама-каршылыктарга туш келишин реалистик нукта

сүрөттөп, окурмандарына автордук гуманистик концепцияны кыйыр түрдө ээрчитип сунуштайт. Айтматов пайдаланган фольклордук-мифологиялык сюжеттер чыгарманын курамына кирип кетип, анын ажыратып алгыс бөлүгү болуп калды. Фольклордук-мифологиялык сожеттерди алып салсаң чыгарманын салмагы төмөндөп, берейин деген ойдун комплекстүүлүгү жоголот. Ошол эле фольклордук-мифологиялык сюжет эл катмарында туруш-турпаты менен тура берсе, эч качан Айтматовдун чыгармаларындагыдай эстетикалык ырахат тартуулап, адамзатты ойлондуруп, туура чечим чыгарганга түртмөк эмес. Ошондуктан фольклор, эпос, каада-салт, ырым-жырым туруш-турпаты менен азыркы мезгилдин талаптарына оңой менен жооп бере албайт. Биз канчалык жарым миллион саптан турган эпосубуз бар, биз күндүн нурунан бүткөн эл деп мактанбайлык, ошол эпос, фольклордук чыгармаларыбызды Айтматов сыяктуу модернизациялабасак, жарым миллион саптан турган эпосубуз ата-баба калтырган тарых бойдон эч пайдабатасыз кала берет. Ошондуктан фольклордо, эпосто жаткан сакралдык мазмунду азыркы мезгилдин түшүнүктөрүнө оодарып, элге сунуштоо зарыл. Айтматов кыргыз элинин бай казынасын замандын талабына жараша өзгөртүп сунуштаганын адабий аспектиден алып мисалга тарттым. Ошондой эле модернизациялоону саясатчылар, философтор, сүрөтчүлөр, скульпторлор, бийчилер, комузчулар ж.б. коомдун интелектуал катмары айтматовдук методду пайдаланса ийгиликтүү болмок.

Кыргыз элинин дүйнөтаанымынын спецификалык өзгөчөлүгүн жогоруда белгилеп өттүк. Элибиз алаамтаанусун, көркөм образдарды ыр менен чагылдырып берип келишкен. Кийин грек-эллиндик маданияттын идеяны системдүү, рационалдуу, эмприка-теориялык жактан берүү методу Кайра жаралуу доорунун өкүлдөрү тарабынан пайдаланып, өнүктүрүлүп, бир системага түшүп, негизделип, ошол эле долбоор Советтик системанын базасында бизге келди. Ошондо кыргыз элинин пайдаланып келген көркөм образдуу ыр менен берүү методу модерн долбоорунун алдында алсыз экенинин

көргөздү. Ошондуктан кыргыздын маданиятын модернизациялоо мезгилдин талабы болуп калды.

“Манас” эпосунун жаралыш, калыптаныш, өсүп-өнүгүш тарыхында далайлаган мезгилди башынан кечирди десек жаңылыштык болбосо керек. Эпостун жаралыш, калыптанышы боюнча союз мезгилинде көптөгөн илимий полемикалар болуп, талаш-тартыш жүрдү. Кыргыз эли эпосту ардактап, сыйлап, кадырлаганы “Башканы коюп Манасты айт” деген эл арасына сиңген лакап кептен эле байкаса болот. Ага элибиз идеал туткан чындыктын баары сюжетине сүңгүп кирип жүрүп олтурган. Манас баатырдын образынан бир прототибди издесек жаңылабыз, анткени анын образында кыргыз сыйлаган Барсбек баатырдын, Тагай бийдин, Атаке баатыр сыяктуу эл башчыларынын кыраакылыгы, айкөлдүгү, билгичтиги, билимдүүлүгү, тайманбас эр жүрөктүүлүгү сиңген. “Манас” деген аттын коюлушу эле өзүнчө идеалдуулукту берип турат. Анткени кыргыз эли байыркы дооpлордо аң сезимдин мифологиялык башаттарында “Манас” деген кудайы бар болушу мүмкүн деген ойду убагында А.Токомбаев, М.Мамыров сыяктуу окумуштуулар жазып кетишкен. Анткени байыркы элдердин диндериндеги түшүндүрмөлөрдө гректерде Монада (монас), буддаларда Атма Будхи Манас, исламда Манас – айкөл (Ас-сахаадаль жуут аль харам) жоомарт, энергия күч-кубат(ан-нашшаат), экинчи маанисинде манас – найзанын учу, учтуулардын учтуусу (аль-мансату мус сина) сыяктуу түшүнүктөрдү берип турган. Мезгил өткөн сайын адамдын акыл-эси, дүйнө таанымы өнүгүп, турмушка табигатка реалдуу мамиле жасай баштаганда, кыргыздын “Манас” деген кудайы кыргыздын баатыры болуп, элибиз эпостун калыбына салып кайра жараткан. Анткени элин бириктирип жаткан улуттук баатырга ааламдык түшүнүк берилиши шарт эле. Монгол элин бириктирген Чыңгыз хандын баштапкы аты Темучин болуп, эрдик жасап элин бириктиргенде (Чыңгыз - монголдордо асмандын каардуу, катаал кудайынын аты) ыйгарылган ат экенин М. Мамыров ортого салган.

“Манас” эпосу кыргыз элинин кан-жанынан бүтүп, кыргыз тарыхында

турмуштун көчүрмөсү катары параллель жүрсө, ага элибиз чындык деп эсептеген дүйнөтаанымын, кудайтаанусун баардыгын киргизип жүрүп олтурган. Мезгил-убакыттын өтүшү менен катмарланып жүрүп, билинер билинбес болуп, айзберг сымал калгандыр. “Манас” эпосунун сюжеттик-композициялык курулушунун эң негизги мотиви- «кулаалы таптап куш кылуу, курама жыйып журт кылуу» болгон. Мындай түшүнүк “Манас” үчилтигинин негизги өзөгү болуп калган. Айрыкча “Сейтек” эпосунда ачык айкын көрүнөт. Бакай, Канықей, Семетей, Күлчоро, Айчүрөк сыяктуу каармандар жашоонун азап-тозогун тартса да, аларга күч-кубат берген Манас тукуму Сейтек жана ошол адамдын алдындагы чоң милдет аларды өзүн-өзү өлтүрбөй кармап турган. Канықей журт энеси болуп жүрүп торпок бакса да, Күлчоро кечири кесилип, жылкычы болуп мазакталса да, Айчүрөк сүйгөн жарынан ажырап, курсагындагы баласынын атасын өлтүргөн топтордун кучагына кирсе да, булардын баары жашоодогу акыркы үмүт жана милдет менен жашап келе жатат. Бул адамдардын баардыгын бириктирген бир идея болгон – ал Сейтекке башкаруучулукту алып берүү, болгондо да жөн гана байлык-бийлик үчүн болгон күрөш эмес, кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү жөнүндө маселе болгон. Дал ушундай чоң милдетти жана жоопкерчиликти аткарган адам гана кайып дүйнөгө же азыркынын сөзү менен айтканда “бейишке” киресиң деп ишенген. Сейтекке чоң кыйынчылык менен бийликти алып бергенден кийин Бакай, Канықей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро байлык-бийликке мас болуп жашап жүрө беришкен жок. Ошондуктан материалдык байлык-бийлик маселеси жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес, бул жерде түбөлүктүлүк тууралуу ой турат.

Сапарыбыз карыды,
Өлө турган кез болуп,
Бу дүнүйө тарыды
Көбүрөөк туруп нетели
Адам көрүп, журт билгис
Жерге кирип кетели

Дешип Бакай, Канықей
Күлчоро менен Семетей
Айдай жеңең Айчүрөк
Бешөө кайып болушуп
Кетмек болду сапарга
Кайып болду каныбыз
Эми түк кезикпейт жаныбыз
Эр Семетей баш болуп,
Бешөө сапар жол жүрдү

(С.Каралаев. “Сейтек” Б. 1005.)

Сейтек аркылуу жалпы журттун алдындагы милдетти аткарыш үчүн беш каарман жашоонун азап-тозугун көрүп, кыйналып жүрүп, бийликти алып беришкен. Байлык менен бийликке умтулуу материалдык кызыкчылык менен каралган эмес, руханий өзөк менен башат алып олтурат. Кыргыз элинин маданиятында жогорку бийлик структурасында жалпы элдин үстүнөн бийлик жүргүзүү менен байлык топтоо түшүнүгү негизгилерден эмес экенин, алар үчүн элинин алдындагы чоң милдетти аткаруу ишениими турганын көргөзүп турат.

Эпостогу элинин алдындагы чоң жоопкерчилик маселеси орто кылымдагы Энесай жазмаларында да орун алган. Ал жазмалар кошок ирээтинде жазылып, өлгөн адамдын элесине арналган. Эң кызыгы элинин алдындагы жоопкерчиликти аткарып, элинин ыраазычылыгын алган адам гана теңирдин ыраазычылыгына татыды деп эсептеген. Е30-эстеликте “Он энеси, тогуз уулу бар (болгон) үчүн, Е31-эстеликте “Алптыгы үчүн, эрдиги үчүн түбөлүк ташы тургузду” деген сыяктуу ойлор менен берилген. Негизи тексттердеги ойлордо, кандай иш кылгандыгы үчүн дегенди сөзсүз жазышкан. Ал бул турмушта эмне иш кылды жана ошол иши эли үчүн пайдалуу болдубу сыяктуу ойлор чагылган. Кээ бир түркологдор тексте эч кандай милдет жөнүндө ойлор болушу мүмкүн эмес деген ойду карманышат. Анткени текстеги айтылган ойлордо бул дүйнөдөн эрте өтүп кеткенине канааттанбай,

дагы да болсо жашашым керек эле деген оптимистик ойлор менен гана турмуш кечиргендигин жана тургузулган эстеликтер бир гана элдин эсинде калтыруу максатында болушу мүмкүн деген ойдо. “Бөкмөдүм” деген сөз дээрлик көпчүлүк тексттеги сүйлөмдө кездешип, “канааттанбай калдым” деген сөз менен синонимдеш катары кабылдаган. Ошондо бир туугандарыма, аялыма, балдарыма, тоо-ташыма канааттанбай калдым деген ойду, аялым, туугандарым, балдарым менен турмуш кечирип, жыргап жашай албай калдым деген маани чөгөрүлгөнүн белгилешкен. Бул жерде бир гана материалдык муктаждык орун алып жатканын белгилегим келет. Бирок, “бөкмөдүм” деген сөздүн аркасында андан кең жана терең ой болушу ыктымал. Биринчиден, тургузулган таштар өлгөн адамдын элесине арналып, тиги дүйнөгө өтүү маселеси да бар экенин унутта калтырбаш керек. Эпостогу жана таштагы жазылган жана айтылган ойлордун маанилик чегин төмөндөтүп, Манас баатырдын жана эстеликтеги ата-бабалардын иштерин жөн гана даңазалоо максатында айтылган жана жазылган деп келишет, анын түпкү мазмунундагы сакралдык ойлорду рационалдаштырып кабыл алып жатканыбыз жаңылыштык.

“Бөкмөдүм” деген сөздүн мазмунунда көп жактуу болушу мүмкүн деген ойдомун. Анткени Е-21-эстеликте “Бегиме тойбодум”, Е-28-эстеликте “1. Жердеги барс тегиме (уруума) эрдемдүүлүгүмө (баатырлыгыма) тойбодум” деген ойду бегиме жана баатырлыгыма тойбодум дегени – бегиме дагы да кызмат кыла албай калдым жана “баатырлыгыма” деген ой Барсбек кагандын эстелигине чегилген. Ал эми Барсбек каган Суңга токоюнун алдында түрктөрдөн жеңилүү ызасын тартып, каза болгонун эске алсак. Ошондо кагандын эстелигинде “баатырлыгыма тойбодум” деп гана жазылган, башка нерсеге “тойбой калганы” жөнүндө жазылган эмес. Элин түрктөр басып киргенде баатырлык кылып, алдындагы чоң милдетти аткара албай калганына канааттанбай жатат. Ушуга окшогон эле ой Е47-эстеликте да айтылат. 11саптан туруп, кеңири ой айтылса да бир да жеринде тойбодум деп жазылган эмес, анткени “ 6. Иним жети, уулум үч, кызым үч эле. Үйлөндүрдүм уулдарымды. 7.

Кызымды (турмушка) калыңсыз бердим. Устатыма жүз эр, турак бердим” деп өз жашоосунда балдарынын, кыздарынын, устатынын алдындагы милдетти аткарганынан улам “тойбодум” деген сөздү жазбаса керек.

Бирок Е55-эстеликте “3.Үч жүз эркин онтогон жылкыма бөкмөдүм (тойбодум), Е98-эстеликте “1. (Эрдем) эрлер муңайууда (анткени, сиз эмгектенип) таптыңыз, (бирок) тойбодуңуз бек эркин бек”деген ойлордо материалдык мазмундагы жылкыларынан жана ак эмгек менен тапкан нерсеңизге канааттанбай калдыңыз деген сыяктуу ойлор чөгөрүлгөнүнөн улам, жашоого болгон канааттанбагандык да көрүнүп турат. Ошондо “бөкмөдүм” деген сөздүн аркасында көп маанилүү ой жатканын билсек болот. Болгондо да бир туугандары, жоро-жолдоштору, энелери, эли болгон үчүн эстелик ташы тургузулуп жатат, тактап айтканда, эрдиги менен алардын алдындагы милдетти аткаргандагы үчүн тургузулуп жатканын белгиси. Болбосо Е30-эстеликте “Он энеси, тогуз уулу бар (болгон) үчүн” деп айтылып жаткандай, алардын алдындагы милдетти аткарбаса, он энеси, тогуз уулу тургузбайт эле да.

Барсбек кагандын эстелегинде “3.Сакчыларымдан айрылдым (аркы дүйнөгө) тандалып кеттим мен” деп айтылган. Дал ушул айтылып жаткан Бакай, Канык ей, Семетей, Канчоро, Айчүрөк сыяктуу каармандардын Сейтек алдындагы милдетти аткарганы, Барсбек ажонун “каган” деген титулду алып, көз карандысыз мамлекет кура алгандыгы менен элинин алдындагы милдетти аткарып, кайып дүйнөгө беш каарман сыяктуу тандалып кетти деп айтылып жатса керек. Барсбек кагандын жана башка эстеликтеги кишилердин жасаган эмгектерин урпактарга даңазалоо менен кошо теңирдин кайып дүйнөсүнө өтүү же кошуу негизги максат болгон.

Ошондо Манас баатырдын Алтайдан Ала-Тоого душмандар басып жаткан жерди бошотуп, кыргыз элинин көз карандысыз каганатын негиздеп, куттуу жашоону орнотуу анын милдети болгон чыгар. Манас баатырдын олжого алган аялдары акылсызыраак болуп, Жакыптын салт менен алып берген аялы акылдуу чыкканы, Акункан менен бел куда болгону атасынын баласынын

алдындагы милдетти аткарып жаткан чыгар. Кыргыз элинде атасы баласынын алдындагы чоң жоопкерчиликти жазап, чоңойтуп, өстүрүп, тарбия берип, аял алып берсе, баласы атасынын алдындагы милдети пайда болуп, карыганда багып, небересин жыттатып, келинининин колунан чай ичирип, баккан баласына өтүп бараткан энеси “ак сүтүмдү кечтим” деп айткан. Ошондо гана ата-энесинин алдындагы милдет аткарылып, түбөлүк ташын тургузган.

Семит элдеринде кылымдарда калыптанган салттуулукту сактап Мухаммед пайгамбар ислам динин негиздеген. Ислам динининин түркүгү катары бир кудайга ишенүү, беш маал намаз окуу, зекет берүү, садака берүү жана ажылыкка баруу сыяктуу милдеттемелерди киргизген. Дал ушул милдеттемелерди аткарган адам гана бейишке кирет деп белгилейт. Ал эми көчмөндөрдүн табиятына, жашоо шарты, жөнөкөйлүгүн эске алуу менен үй-бүлөнүн алдындагы, бир туугандарыңдын алдындагы жана эң негизги мамлекетинин алдындагы милдетти аткарган адам кайып дүйнөдөн орун алат деп ишенишкен. Ошондуктан “Манас” эпосунда милдет жөнүндө көркөм образдар менен айтылып, кийин ислам дини киргенде катмарланып кеткен.

Турмуш-тиричилик, жашоо образдык жактан алып караганда, башка диний системага караганда жөнөкөйлүгү менен өзгөчөлөнгөн. Көчмөндөргө беш маал намаз окуган, эс алуу күндөрү чиркөөгө барып, күнөөлөрүнүн кудайдан кечирилишин өтүнгөн сыяктуу система табиятына шайкеш келген эмес. Ошондуктан андай системаны жараткан жок, кийин маданий карым-катнаш, согуштук байланыш, цивилизациялык симбиоз жана тарыхый шарт гана кабыл алууга түркү берди. Табияттын койнунда желип жүргөн элдерге бир күндө беш маал намаз окуп, чиркөөгө тобо кылып барып, кудайдын ыраазычылыгын алуу ишенимине караганда, үй- бүлөнүн, бир туугандын, мамлекеттин алдындагы милдетти аткарып кудайды таануу практикалык жактан ыңгайлуу болгон. Көчмөн баласы жашоосун кадимкидей эле жашап жүрүп, жараткан кудайды тааныганга аракеттенишкен. Кыргыз да жамаат түшүнүгүн жогору койгон. Жамааттын эң кичине бирдиги үй-бүлөнү андан

жогору урууну жана эң башкы мамлекеттик намысты ыйык туткан. Демек, жеке керт башына караганда, үй-бүлөнү, үй-бүлөгө караганда, урууну, уруунун намысына караганда, мамлекеттин кадыры жогору болуп, бирине караганда, экинчисинин укугу жогорулап жүрүп олтурган.

Эпосто : “ Кундактай бели ийилип,

Тизеси жерге тийилип,

Каныкей басып барганы” - деп, Кошойго барган абалы сүрөттөлөт. Каныкейдин кайынагасынын алдындагы жүрүм-туруму менен ханышалык ийкемдүүлүгүн жана күйөөсү Манас баатырдын намысын жогорулатып жатат. Дегеним аялынын тартиптүүлүгү да, тартипсиздиги да үй-бүлөнүн намысы менен теңме-тең болгон, т.а. үйдүн жетекчиси ата болгондон кийин атанын намысы менен байланышкан. Бирок мындан да жогору улуттун намысы турган.

«Көкөтөйдүн ашында» Коңурбай Бокмурундан Мааникерди өкүм менен сураганда, Кошой баш болгон уруу башчылары Манас менен кеңешкени келет. Ошондо:

“ Ойронуң Манас өлгөндө,

Оо, дүйнөнү көргөндө,

Ошондо тартуу берсеңчи.

Тагыңда Манас турганда,

Таалайыңдан көрсөңчү ” деген сүрөттөсүндө Манас – бул хан. Хандык бул мамлекет. Мамлекет - эл менен барабар каралат. Ошондо мамлекеттин, элдин кадыры жөнүндө сөз болуп жатат.

Көчмөн кыргыз элинде үй-бүлөгө караганда, уруунун, урууга караганда, мамлекеттин кадыры жогоруу бааланып, аз көпкө, жапыз өйдөгө, кичи улууга баш ийип турган. Керт башына караганда, үй-бүлөнү, үй-бүлөдөн жалпы элдин укугун жогорулатсаң, жеке керт башка караганда, жалпы жамааттын иши үчүн көкүрөгүн окко тоскон адамдардын жан дүйнөсү калптанса, анда Аристотелдин сөзү менен айтканда “ Мораль в смысле способности человека к разумному

контролю над своими страстями ... что человек преодолевает сам себя ради пользы общего дела. ... Этот высший разумный уровень индивидуального бытия, Аристотель, по видимому, считал сохраняюшимся в посмертном сушествовании души. Но в нем, собственно, уже не остоется того, что обычно определяет индивидуальность. Высшая разумная часть души соприкасается здесь со всеохватывающим божественным разумом". Демек элибиздин жогорудагыдай моралдык-этикалык нормалары акыры барып Теңирди таанууга, чындыкка жетүүгө болгон турмуштук-практикалык жөнөкөй аракети десек куюлуп түшчүдөй.

Кыргыз элинин кудайды таануу формуласы [индивид – коом – теңир] болсо, ал эми ислам дининде [индивид - кудай] түшүнүгү болуп, коомдун алдындагы милдет экинчи планга чыгып, кудайдын алдындагы милдет биринчиге чыккан. Намаз окууса, битир-садакасын берсе жана ажыга барып келсе, баардыгы жеке өзү үчүн жасап, адамдын кудай алдындагы жекелик орду көбөйүп жүрүп олтурган. Кудай алдындагы милдет биринчи планга коюлуп, жамааттын алдындагы жоопкерчилик экинчи планга ыргып кеткен. Арабдар менен согушкан элдер намаз окуп олтурганда аскерлерди кырып кетип турушкан. Намаз кудай алдындагы милдеттүү аткарылчу талаптарга киргенин түшүнгөн душмандар дал ушул мезгилди пайдаланган. Бул жерде коомдун алдындагы милдетке караганда, кудайдыкы жогору турат дегенге барабар.

Мезгил-убакыттын өтүшү менен коомдун аң сезими өзгөрүп, өнүгүп турары жашыруун деле болбосо керек. Элдин талаптары жаңы бийиктиктерге көтөрүлүп, кудайдын талаптары эски бойдон калып, ошол түшүнүктү жаңы мезгилге карата өзгөртүү зарыл болуп калган. Дүйнөлүк тенденция жаңы бийиктиктерге чыгып, кино, живопис, скульптура, бий, классикалык музыка сыяктуу искуствонун ар кыл жанрлары менен адам жан дүйнөсүн байытып жатса, ислам динин модернизациялаганга чейин ушулардын бири да араб мамлекеттеринде өнүккөн эмес. Ал эми кыргыз элинин маданияты коомчулуктун алдындагы жоопкерчиликти, милдетти аткарса гана кайып

дүйнөдөн орун алат деген формула менен жашаганы мезгил-убакыттын өтүшү менен коомдук баалуулукка карата кудай алдындагы милдет да өзгөрүп, индивид, коом, кудай түшүнүгү гормониялык шайкештикте болгон.

Мезгил-убакыт эч качан бир нукта турбайт, өзгөрүү секунд сайын болуп турат. Кыргыз коомчулугу да өзгөрүүгө секунд сайын учурап жатат. Жогоруда сөз кылдым эле “Манас” эпосу азыркы туруш-турпаты менен эч качан мамлекеттүүлүктүн негизи боло албайт деп. Андагы өзөктүү ойлорду Айтматов сыяктуу азыркы гуманистик замандын тилине оодарыш керек. Кыргыз эли орто кылымда (манасдоорунда деп шарттуу алалы) болгон энергиясын коомдун алдындагы милдетти аткарууга арнаган, тактап айтканда, душмандар менен салгылашып, каганатын негиздеп, кылыч кармап, жоо менен салгылашкан. “Манас” эпосундагы Манас баатыр жана анын жоро-жолдоштору, жубайы кыргыз эли үчүн чоң миссияны аткарган. Эми гуманизм доорунда кыргыз коомуна эпос менен фольклорду турушу менен өзөк кылган адамдар азыркы мезгилде Манас баатыр сыяктуу Пекинге чоң чабуул уюштур деген акылсыз кеңеши сыяктуу эле. Кыргыз коомунун жоокерчилик замандагыдай согушуу муктаждыгы жок. 19-кылымда кыргыз уруулары коомдун (уруунун) алдындагы милдетти аткарып, уруу аралык чабыштар байма-байма болуп турган. Советтик мамлекет бири-бири менен болгон согуштарды жоюп, алардын жоокерчиликке арнаган энергиясын бүт баарын искуствого, экономика, маданиятка багыттаган. Мүмкүн 20-кылымдын 60-70-жылдарындагы “Кыргыз кереметинин” жаралышына формалык жактан Совет мамлекети жардам берсе, мазмундук жактан кыргыздын өзөгүндөгү дың жаткан фалсафий маңыз түртkү болсо керек.

Азыр кыргыз элинин алдындагы милдетти манасжандуулар киного, балетке, көркөм адабиятка, этномузыкага, этнобийге, сүрөткө, мамлекеттин экономикасын өнүктүрүүгө ж.б. искуствонун ар кыл тармактарын өнүктүрүүгө арнаса, кайып дүйнөдөн орун аласың деген руханий азык жетпей жаткан сыяктуу.

Мырзабеков Э.Ы.

“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮН СИМВОЛИКАЛАРЫ (БЕЛГИЛЕРИ)

Океан сымал “Манас” эпосу элибиздин тарыхынын, этнографиясынын, маданиятынын түгөнгүс булагы экендиги талашсыз. Үстүбүздөгү жылдын “Мамлекетти бекемдөө жылы” деп жарыяланышы, “Манас” эпосун ар тараптуу терең окуп үйрөнүүнү күн тартибине коет. Анткени, эпостогу негизги башкы идеялардын бири - кыргыз мамлекетин бекемдөө, сактоо жана өнүктүрүү болгон. Эпосто байыркы кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн белгилери, атрибуттары даана чагылдырылган. Демек, “Манас” эпосу элибиздин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын окуп үйрөнүүдө да маанилүү тарыхий булак боло алат. Бул маселени, элибиздин белгилүү илимпоз-этнографы И.Молдобаев учурунда кеңири изилдеген.

Эпосто, мамлекеттүүлүктүн белгилери болгон: башкаруу бийлиги - хан, анын атрибуттары такты, таажы, мамлекет башчысынын титулу, мамлекетгик казына, салык (алман), бажы, желек, туу, мөөр сыяктуу терминдер камтылган. Мисалы, эпостун Саякбай Каралаев айткан вариантында кездешкен:

Намыз кылбай, кеп кылбай,

Алтын такка мингизип,

Андан тууган баланы

Кан көтөрүп алалык - деген саптарда мамлекет башчысы “хан” жана анын жогорку бийлигинин символу болгон “такты” жөнүндө сөз болууда.

Ал эми, Сагымбай Орозбаковдун вариантында болсо:

Хан өкүмүн тийгизди,

Хан таажысын кийгизди

Хан Манастын башына

Жыгалуу бөрктү кийгизди – деп айтылып, мамлекет башчысы хан Манастын башына кийгизилген, жогорку бийликтин белгиси болгон таажы -

жыгалуу бөрк жөнүндө сөз болууда. Мында жыгалуу бөрк деген термин, хандын баалуу таштар жана алтын менен кооздолгон баш кийими.

Улуу манасчы Саякбай Каралаевдин вариантындагы:

Канкор Манас өлгөндө,

Калк жыйылып көмгөндө,

Карагай ыйлап, тал ыйлап,

Калың журттун баары ыйлап,

Алтымышта кары ыйлап,

Акылы жок жаш ыйлап, - деген саптарда кездешкен “канкор” терминин, белгилүү чыгыш таануучу Кусеин Карасаев: биз түшүнгөндөй “кан ичкич Манас” деп которуу туура эмес экендигин жазып, “канкор” термини фарси тилиндеги “худавонгер, хуандгер” деген сөз экендигин, ал, кыргыз тилине ылайыкташтырылып, “канкор” деп айтылып калгандыгын, анын маанiси которгондо “Кудайдан кийинки бийлөөчү, жеке бийлөөчү” маанисин берээрин белгилейт [1]. Демек, бул термин тактылык наам, мамлекет башчысы хандын кошумча титулу, анын бийлигинин кадыр-баркын дагы жогору көтөргөн наам. “Манас” эпосундагы:

Ак асаба, кызыл туу,

Айгайлаган ызы чуу.

Көк асаба, кызыл туу

Көк тунуткан ызы чуу,-деген саптар, байыркы кыргыз мамлекетинин туусу болгондугун жана ал кызыл түстө экендигин кабарлайт. Манас баатырдын атасы Жакыптын туусу жөнүндөгү төмөнкү саптар:

Бай Жакыптын кызыл туу Байкаганга сөзү бар:

Кыргыздын кыйла тобунан

Байыркыдан калган туу

Башкы атасы Бабыркан

Андан калган ушул туу, жогоруда айтылган ойду толук далилдейт.

Ошондуктан, азыркы учурдагы айрым бир саясатчы сөрөйлөрдүн

эгемендүү өлкөбүздүн мамлекеттик туусунун түсүн өзгөртүү жөнүндөгү ойлоруна эч кандай негиз жок. Бул аракеттер, биздин пикирибизче, жөн эле элдин көңүлүн негизги көйгөйлөрдөн буруу аракетгери.

Эпостогу маалыматтар туу кыргыздарда байыркы мезгилден эле колдонулуп келгендигин жана алардын түстөрү ар кандай болгондугун кабарлайт. Туу көп учурда согуштук жүрүштөрдө колдонулган. Бирок, тынчтык мезгилде да туу колдонулган.

XIX кылымдын ортосунда Ысык-Көл өрөөнүндө болуп кеткен казак окумуштуусу Ч.Валиханов кыргыздарда аза күткөн боз үйдө туу сайылып тураарын, анын түсү маркумдун жаш курагын көрсөтөөрүн белгилеген: Аза күткөн кыргыз үйдө сайылган туунун түсү кызыл болсо, маркум жаш экендигин, кара түс орто жаштагы адам экендигин, ак түстөгү туу өлгөн адам карыя экендигин кабарлаган [2].

Белгилөөчү жагдай, эпоско таянсак, туу элди ойлогон, элди тышкы душмандардан коргогон, оор учурларда элдин ар намысын коргой алган баатырлар, башкаруучулар тарабынан колдонулган. Алар элдин таянычы болгондуктан, көп учурда алардын өздөрүн тууга теңешкен. Мисалы, Манас баатыр эпосто “Бурутка (кыргызга) бүткөн туу экен” деп сыпатталат.

Мамлекетгүүлүктүн дагы бир белгилери болгон мөөр, салык (алман), казына терминдерин эпостогу төмөнкү саптардан кезиктирүүгө болот:

Катчыга катын жаздырды,

Кандык мөөрүң бастырды.

Бул жерде мөөр өз алдынча, көз карандысыз башкаруунун, б.а., эгемендүүлүктүн белгиси. Кыргыз элинде мөөр качан пайда болгондугу белгисиз. Бирок, эпос жаралган доордо кыргыз башкаруучулары мөөрдү колдонгондугун белгилөөгө болот. Ошол эле учурда, кыргыздарда байыркы мезгилден эле уруулук тамга колдонулуп келгендигин айта кетүү абзел. Уруулук тамга ар уруунун өз алдынчалыгынын, анын менчигинин белгиси болгон. Белгилүү кыргыз таануучу В.Бутанаев орустардын “таможня” термини

байыркы кыргыздардын “тамга” деген сөзүнөн алынган деп эсептейт. Эпостун:

,

Кан казына, дүнүйө

Карк алтын, кымкап, дүрүйө -

Казынадан зар келди,

Бууп дилде артгырган ,

Алтымыш төрт нар келди,

Азык-түлүк кылар - деп,

Алиги жаткан көп элди, - деген саптарында мамлекетгүүлүктүн негизги белгилеринен болгон мамлекеттик казына жөнүндө айтылууда.

Казына бул мамлекеттин байлыгы, менчиги болгон. “Манас” эпосундагы маалыматтарга таянсак, аскерди каржылоого мамлекеттик (хандык) казынадан каражат бөлүнгөн. Казына термини араб тилиндеги хазина - байлык деген сөздөн алынган [3].

Хан (мамлекетттин) казынасы жоодон түшкөн олжодон, баш ийген элден, соодагерлерден алынган алман аркылуу толтурулган. Ошол эле учурда алман элден да жыйналган. Мисалы, Манас баатырдын күмбөзүн курдурууга кеткен каражаттын бир бөлүгү элден жыйналган. Эпостогу:

Алман салып кыргыздан,

Алты миң эркеч" бир жыйып,

Кыш кайнатып бек салып

Алты кылым өткөнчө

Кетилбесин деп салып, - деген саптар мунун далил.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда келтирилген эпостон алынган мамлекеттүүлүктүн белгилерин билдирген терминдер байыркы доордо кыргыз элинде мамлекеттүүлүктүн болгондугун далилдеп жана кыргыз мамлекетинин тарыхын изилдөөдө “Манас” эпосу тарыхий булактык милдетин аткараарын тастыктайт.

Колдонулган адабияттар:

1. Карасаев Х. Хусеин наама. - Б., 2002,427-6.

2. Чокан Валиханов Избранные произведения. - М., 1986. С.ЗЗ.

3. Молдобаев И. Эпос “Манас” как источник по истории государственности кыргызов. – Б., 2004, 45.

4. Акмолдоева Ш. Древнекыргызская модель мира (на материалах эпоса «Манас»). - Б., 1996.

Мазмуну:

1. **Бегалиев Сапар**

   Чыңгыз Айтматов жана «Манас»……..

2. **Байгазиев Советбек**

   Айкөл Манастын руханий, адептик - ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрү - ата журтубуздун асыл кенчи жана тиреги…….

3. **Байгазиев Советбек**

   Бакай–борбордук азиянын акылманы, кыргыздардын руханий жол башчысы жана улуу патриоту

4. **Байгазиев Советбек**

   “Манас” эпосу, Каныкейдин триумфу жана трагедиясы

5. **Байгазиев Советбек**

   «Манас» эпосу,Кошой баатыр – даанышмандыктын, улутмандыктын жана мекенчилдиктин өлбөс-өчпөс өрнөгү

6. **Медетов Аскар**

   «Манас» ысымынын келип чыгышы жөнүндө

7. **Орозобекова Жылдыз**

   “Манас” – улуттук идеологиянын уңгусу эпос жана мезгил

8. **Темирова Бактыгүл**

   Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүндө «Манас» эпосу

9. **Усеев Нурдин**

   “Манас” эпосу менен Орхон-Энесай жазма эстеликтериндеги окшош каармандар: Алмамбет –Тунйукук, Күлчоро – Күли-чор

10. **Жумаева Гүлгаакы**

    Керээз ырларында улуттук идеологиянын камтылышы

11. **Токтонур Аамат**

«Манастап ураан чакыруу» жана «туу» сөздөрүнө жоромол

12.Садырова Замира

“Манас” эпосу этномаданият өзөгүнүн муундар аралык өткөргүчү катары

13.**Амантур Абдырасул**

«Манастын» Жүсүп Мамай вариантындагы кыргыз этноними

14.**Жоошбай тегин Маметасан уулу Жоро**

«Манас» эпосу жана Шинжаңдагы Манас шаары

15.**Садыров Мурат**

«Манас» жана Айтматов эпосунун жанрдык маселелери

16. Кармыштегин Макелек Өмүрбай уулу

«Манас» жана Кытай

17. **Бакчиев Талантаалы**

“Манас” эпосу жана улуттук идеология

18.Дүйшөнбиев Сүйүн

«Манас» эпосундагы ата мекен идеясы

19.**Абакиров Курманбек**

Манастаануунун элдик башаттары

20.Абдалиева Гүлзада

«Юан тарыхий» жазма булагы, фу-йу кыргыздары жана Жусуп Мамайдын «Манас» эпосунун байланыштары

21.Алымкожоев Ө.

«Манас» эпосунда «кыргыз» этниминин чагылдырылышы (Жусуп Мамайдын варианты боюнча)

22.Казакбаев А.Д.

Жусуп Мамайга таандык «Семетей» дастанындагы «оодарыш» жана «күрөш» улуттук спорттун түрлөрү тууралуу

23.**Орозова Гүлбара**

Эгемендүүлүк туурасындагы улуттук идеянын эпикалык

чыгармалардагы тарыхый өнүгүшү (Элдик поэмалардын мисалында)

24. ***С*абыр уулу Амангелди**

Улуттук идея – манаста

25. Мырзабеков Э.Ы.

“Манас” эпосундагы мамлекеттүүлүктүн символикалары (белгилери)